М А З М У Н У

Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 5321
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Башкы сөз

Фонетика
Фонетиканын үч аспектиси
Фонетиканын акустикалык аспектиси
Фонетиканын анатомио-физиологиялык аспектиси (сүйлөө орга
жана алардын милдеттери)
Фонетикалык лингвистикалык аспектиси
Үндүү жана үнсүз тыбыштар
Үндүүлөр
Үндүүлөрдүн мүнөздөмөсү
Созулма үндүүлөр
Үнсүздөр
Үнсүздөрдүн мүнөздөмөсү
Үндүү жана үнсүз тыбыштардын речтик агымда өзгөрүшү
Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм)
Үнсүздөрдүн өзгөрүшү
Ассимиляция
Диссимиляция
Үнсүздөрдүн жумшарышы
Үндүүлөрдүн түшүп калышы
Үндүүлөрдүн кошулуп айтылышы
Муун
Басым
Интонация
Морфология
Морфологиянын обьектиси
Грамматикалык категориялар жөнүндө түшүнүк
Грамматикалык маани жана грамматикалык форма
Сөздүн составы
Татаал сөздөр
Кошмок сөздөр (азыркы татаал сөздөр)
Бириккен сөздөр (байыркы татаал сөздөр)
Кыскартылган сөздөр (аббревиатура)
Кош сөздөр
Сөздөрдүн жасалышы
Сөз жасоонун ыкмалары
Сөз жасоонун лексико-семантикалык ыкмасы

Сөз жасоонун синтаксистик (аналитикалык) ыкмасы
Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы (аффиксация)
Сөз түркүмдөрү
Зат атооч
Зат атооч жөнүндө жалпы түшүнүк
Зат атоочтун лексико-грамматикалык тобу
Жамдоо маанисиндеги (собирательные) зат атоочтор
Буюмдук зат атоочтор
Конкреттүү жана абстракттуу маанидеги зат атоочтор
Зат атоочтордун жасалышы
Сан категориясы
Көптүк маанинин лексикалык жол менен берилиши
Көптүк маанинин морфологиялык жол менен берилиши
Көптүк маанинин синтаксистик жол менен берилиши
Таандык категориясы
Таандык маанинин мүчөлөр аркылуу берилиши
Таандык категориясынын илик жөндөмөсү менен жакчыл-таанды
мүчөнүн айкалышы аркылуу берилиши
Таандык категориясынын илик жөндөмөдө мүчөнүн түшүп калыш
аркылуу берилиши
Таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөнделүшү
Жөндөмөлөр категориясы
Атооч жөндөмөсү
Илик жөндөмөсү
Барыш жөндөмөсү
Табыш жөндөмөсү
Жатыш жөндөмөсү
Чыгыш жөндөмөсү
Жардамчы атоочтор
Заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчү жардамчы атоочто
Заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчү жардамчы атоочтор
Заттын ич-аралыгын көрсөтүүчү жардамчы атоочтор
Сын атооч
Сын атооч жөнүндө жалпы мүнөздөмө
Сапаттык жана катыштык сын
Сын атоочтун даражалары
Салыштырма даража
Күчөтмө даража
Сын атоочтордун жасалышы
Сын атоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы
Сын атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу (суб

Сан атооч

Эсептик сан атооч

Иреттик сан атооч

Жамдама сан атооч

Чамалама сан атооч

Бөлчөк сан

Топ сан

Ат атооч

Ат атооч жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Ат атоочтун түрлөрү

Жактама ат атоочтор

Шилтеме ат атоочтор

Жактама ат атооч менен шилтеме ат атоочторду

Сурама ат атоочтор

Аныктама ат атоочтор

Таңгыч ат атоочтор

Белгисиз ат атоочтор

Тактоочтор

Тактоочтор жөнүндө жалпы маалымат

Тактоочтордун түзүлүшү жана жасалыш жолдору

Морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор

Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор

Тактоочтук фразеологиялык бирдиктер

Тактоочтордун маани жагынан бөлүнүшү

Бышыктагыч тактооч

Мезгил бышыктагыч тактооч

Орун бышыктагыч тактооч

Аныктагыч тактооч

Сын-сыпат аныктагыч тактооч

Кыймыл-аракеттин өтүш өзгөчөлүгүн билдирүүчү

Мамиле категориясы

Мамиле жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Өтмө жана өтпөс этиштер

Негизги маселе

Кош мамиле

Өздүк мамиле

Туюк мамиле

Аркылуу мамиле

Ыңгай категориясы

1. Баяндагыч ыңгай

2. Буйрук ыңгай

3. Шарттуу ыңгай

4. Каалоо ыңгай

5. Ниет ыңгай

Чак категориясы

Учур чак

Жөнөкөй учур чак

Татаал учур чак

Келер чак

Айкын келер чак

Арсар келер чак

Өткөн чак

Айкын өткөн чак

Жалпы өткөн чак

Капыскы өткөн чак

Адат өткөн чак

Жак категориясы

Атоочтук жакталыш

Этиштик жакталыш

Кыймыл атоочтор
Табыш тууранды жана элестүү сөздөр
Табыш тууранды сөздөр
Элестүү сөздөр
Сырдык сөздөр
Сырдык сөздөр жөнүндө түшүнүк
Сырдык сөздөрдүн жасалышына карай бөлүнүшү
Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү
Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү
Жандоочтор
Нака жандоочтор
Функционалдык жандоочтор
Барыш жөндөмөнү талап кылуучу жандоочт
Чыгыш жөндөмөнү талап кылуу жандоочто
Байламталар
Жөнөкөй байламталар
Татаал байламталар
Багындырбас байламталар
Багындырма байламталар
Байламталардын сүйлөм тизмегинде колдон
тыныш белгилери
Бөлүкчөлөр жана модаль сөздөр

ФОНЕТИКА

Фонетика (грек. *phone* – тыбыш) – тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.

Тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн татаал табияты аны ар кандай көз караштын негизинде изилдөөнү талап кылат. Биринчиден, адамдын кеби тыбыштардан түзүлгөндүктөн, башка бардык тыбыштык кубулуштар сыяктуу, физикалык жаратылышка ээ, ошондуктан ал физиканын бир бөлүгү акустикалык жактан изилденет. Экинчиден, кеп адам тарабынан айтылып, адам тарабынан кабыл алынгандыктан, адамдын организминин белгилүү даражадагы функциясы болуп эсептелет. Ошондуктан аны анатомо – физиологиялык жактан үйрөнүү талап кылынат. Коммуникация процессинде тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн аткарган функциясы лингвистикалык максатта үйрөнүү маанилүү. Фонетика лингвистикалык илим болгондуктан, тыбыштын лингвистикалык аспектисин изилдейт.

Адамдын кебинин тыбыштык түзүлүшүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн, кубулуштарын, жаратылышын толук жана кеңири ачуу максатында акустика менен физиология тарабынан алынган жыйынтыктарды пайдалануу лингвистикалык аспектинин негизин түзөт.

Фонетика тилдин тыбыштык түзүлүшү менен катар сөздөгү басым, интонация, үндөштүк закону, муун жана анын типтерин да изилдейт.

ФОНЕТИКАНЫН ҮЧ АСПЕКТИСИ

Фонетиканын акустикалык аспектиси

Кебибиздеги тыбыштар бардык башка тыбыштар сыяктуу айланадагы абанын кыймылынын дирилдөөсү болуп саналат. Кептеги тыбыштар үн түйүндөрүнүн дирилдегени менен өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын сүйлөө органдарыбызга сүрүлүшүнөн пайда болот. Кептеги тыбыштар үндүн бийиктиги (тон), интенсивдүүлүгү, үн узундугу жана спектри менен мүнөздөлөт. Акустикада тыбыштын үн узундугу, секунддун миңден бир өлчөмүндө ченелет (миллисекунд).

Тыбыш физикалык жактан айланадагы серпилгичтин кыймылы болот. Үн кандай заттан (камертон, кыл ж.б.) чыкпасын айланага дирилдөөсүнүн толкунун таратат. Абага таралган үн толкуну биздин угуу органыбызга жетип, тыбышты билдирет.

Ар түрлүү заттан чыккан тыбышты угуу органыбыз аркылуу кабыл алганда, андан музыкалык тон менен шыбышты ажыратабыз. Муну термелүүнүн мүнөзү аныктайт. Ритмалуу термелүү белгилүү убакытта болгондуктан, музыкалык тонду пайда кылса, ритмасыз термелүү шыбышты пайда кылат. Адамдын кебинде ритмалуу термелүүдөн үндүү, ритмасыз термелүүдөн үнсүз тыбыштар жасалат.

Тыбыштын бийиктиги үн түйүндөрүнүн дирилдешинин кыймылына байланыштуу. Дирилдөө канчалык ылдам болсо, үн ошончолук бийик (катуу угулат) чыгат. Дирилдөө канчалык жай болсо, тыбыш ошончолук пас чыгат. Тыбыштын бийиктигин өлчөө герц (гц) дирилдөөнүн бир секунддагы толук термелүүсүнө барабар. Эгерде тыбыш секундасына 250 жолу термелсе, анда 250 гц бийиктиктеги тыбыш пайда болот.

Адамдын кулагы секундуна 16 дан 20000 герцке чейинки термелүүнү кабыл алат. 16 гц бийиктик угулуунун төмөнкү чегин түзсө, угуунун жогорку чеги адамдын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, бетөнчө улгайган адамдарда төмөндөп, өзгөрүп турат. 16 гц бийиктиктен кем сандагы термелүү (мисалы, жер титирөө) инфра тыбыш, 20000 гц бийиктиктен жогору термелүү ультра тыбыш деп аталат. Кебибиздеги тыбыштардын бийиктигинин өзгөрүшү интонацияга тыгыз байланыштуу.

Кебибиздеги тыбыштар белгилүү даражадагы интенсивдүүлүк (күч) менен мүнөздөлөт. Тыбыштын күчү термелүүнүн көлөмүнө (амплитудага) байланыштуу. Термелүүнүн көлөмү канчалык чоң болсо, тыбыш ошончолук күчтүү, канчалык кичине болсо, тыбыш ошончолук алсыз

болот.

Тыбыштын күчүн аны обьективдүү мүнөздөгөн белги катарында үндү көтөрүңкү (катуу) сүйлөөдөн ажырата билүү зарыл. Үндү көтөрүп сүйлөө адамдын үгүү органынын тыбыштын интенсивдүүлүгүн кабыл алышы. Тыбыштын интенсивдүүлүгү менен үн көтөрүп сүйлөөнүн карым-катышы тыбыштын бийиктиги аркылуу аныкталат. Күчү боюнча бирдей, бийиктиги боюнча ар башка тыбыштар түрдүү катуулукта сүйлөгөн сыяктуу кабыл алынат. Үндүн күчүнүн деңгээлин ченөөнүн бирдиги-децибел (дб). Тыбыштын күчүнүн деңгээлин ченөөгө шарттуу түрдө нөлдүк деңгээл күч катарында алынат да, ал 1000 гц бийиктигинде угулат. Тыбышты үн көтөрүп (катуу) айтуу обьективдүү түрдө өлчөнүшү мүмкүн эмес, ошондуктан ал тыбыштын күчү менен бирге өлчөнөт. Мисалы, адамдын кебиндеги тыбыштардын бийиктиги 100 гцтен 8000 гцке чейинки диапазондо болот. Ошондуктан үн көтөрүп сүйлөө тыбыштын күчү аркылуу гана аныкталат.

Тыбыш жөнөкөй гана термелбестен, татаал термелүүнү да пайда кылат. Комузду черткенде анын кылы бүтүндөй, аны менен бирге анын бир гана бөлүгү: жарымы, үчтөн бири, төрттөн бири, бештен бири да термелет. Мындай татаал термелүүдөн өтө татаал тыбыш пайда болот. Татаал тыбыш бүтүн нерсенин термелүүсүнөн пайда болгон негизги тондон жана анын айрым бөлүктөрүнөн чыккан обертондон түзүлөт. Обертон негизги тондон бүтүн бирдикке жогору турат. Негизги тон 100 гц термелсе, кылдын жарымынын термелүүсү 200 гц, үчтөн бири 300 гц, төрттөн бири 400 гц термелүүнү берет. Тыбыштын негизги тону баарынан күчтүү болгондуктан тыбыштын бардык сапатын негиздейт, обертон тыбышка белгилүү даражада кошумча сапат берип турат. Негизги тондун күчүнүн катышы менен ага кошулган обертон тыбыштын гармоникалык структурасын түзөт, ал тыбыштын тембрин (фр. *timbre*) аныктайт.

Ар бир тыбыштын кандай затка, музыкалык инструментке таандык экендигин ажыратуу тембр аркылуу аныкталат.

Кебибиздеги тыбыштар - үн түйүндөрүнүн дирилдөөсүнүн жыйынтыгы. Тыбышты айткан учурда сүйлөө органдарыбыздын кыймылына байланыштуу алкымдан жогору турган мурундун, ооз көңдөйүнүн көлөмү менен формасы өзгөрүп турат. Мурун көңдөйүнөн башкасы ар бир тыбышка жекече тийиштүү белгилүү абалга келет. Ал алкымда пайда болгон татаал тондун резонансын өзгөртөт. Бул учурда алардын айрымдары күчөсө, кээ бирлери начарлайт. Тыбыштык энергиянын интенсивдүү бөлүгү формант деп аталат. Тыбыштын форманттык структурасын анын спектри түзөт. Спектр тыбыштын негизги мүнөздөмөлөрүнөн.

ФОНЕТИКАНЫН АНАТОМО-ФИЗИОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИСИ

Сүйлөө органдарынын түзүлүшү. Кептеги тыбыштарды жасоого кекиртек, алкым, көмөкөй, ооз көңдөйү, тил, жумшак жана катуу таңдай, кичине тил, тиш, эрин жана мурун көңдөйү кирет. Тыбыштарды жасоого өпкө да катышат. Булардын кыймылын борбордук нерв системасы башкарып турат.

Дем алуу органдары. Дем алуу органдары негизинен өпкө болуп эсептелет жана ал көкүрөк көңдөйүнүн ичинен орун алган. Өпкө бронхолор менен биригип, эки бутакты пайда кылат, алар кекиртекке өтөт.

Тыбыштарды жасоодо дем алуу жана дем чыгаруунун ролу чоң. Дем алганда кабырганын арасындагы булчуңдардын кыскарышы өпкөнү өзү менен кошо тартса, диафрагманын (боор эттин) кыскарышы, төмөн түшүшү өпкөнү кеңейтет. Бул эки процесс аркылуу көңдөйдүн көлөмү кеңейип, аба өпкөгө кирет. Дем чыгарууда өпкө кичиреет да, абанын айрым бөлүгү кекиртек аркылуу сыртка чыгат.

Кыймылды тартипке салып турган булчуңдардын иштеши аркылуу дем алуу тез, дем чыгаруу жайыраак болот. Бул кебибиздеги тыбыштардын күчүнүн өзгөрүшүн, же басым түшүп жана басымсыз айтылышын белгилөө менен тыгыз байланыштуу.

Кекиртек. Трахеянын жогорку бөлүгү кеңейип кекиртекти пайда кылат (лат. *larynx*). Кекиртек трахея менен бирге абанын өпкөгө кирүү жана өпкөдөн чыгуу жолун түзөт. Кекиртек ыйлаакчалар менен капталган чемирчектерден түзүлгөн. Бул чемирчектин бирөө (калканча чемирчек) кекиртектин алды жагынан орун алып, анын алга чыгып турган урчугу коко деп аталат. Коконун ички бурчундагы калканча чемирчекке бекилген эки булчуңча бар, аны үн түйүндөрү (лат. *chordal vocales*) дейт.

Кекиртектин чемирчектери булчуңдар менен капталып, ал бүтүндөй үн аппараттарын кыймылга келтирип, анын кыймылын башкарып турат.

Үн түйүндөрү. Үн түйүндөрү үндүн пайда болушуна активдүү катышат. Үн түйүндөрүнүн арасында жылчык орун алган, ал үн жылчыгы (лат. *glottis*) деп аталат. Калканча чемирчек жана ага бекитилген үн түйүндөрү үн жылчыгын ачып, абаны эркин өткөрөт, же үн жылчыгынын өтө кысып, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы өтүшүн кыйындатат, үн жылчыгы таптакыр жабылса абанын сыртка чыгышы дээрлик токтолот.

Үн чыгарууда үн түйүндөрү негизги ролду ойнойт. Үн чыгардан мурун үн жылчыгы жабылып, үн түйүндөрү тартылып турат. Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба жабылып турган үн түйүндөрүнүн жылчыгын жарып, сыртка чыккан үн пайда болот. Үн жылчыгынын кыймылы ийкемдүү болгондуктан, тез эле кайра алгачкы абалына келет, б.а. кайтадан жабылып калат. Ушундай жол менен үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдеп, ачылып жана жабылып турат. Аба кекиртек аркылуу

мезгил-мезгили менен чыгып тургандыктан, сүйлөп жаткан учурда үн толкуну, б.а. үн пайда болот. Үн түйүндөрүнүн дирилдеши канчалык күчтүү болсо, үн ошончолук бийик чыгат. Дирилдөө күчү аз болсо, үндүн пас чыгышына алып келет, бирок бардык адамдардын үнү бирдей болбойт.

Кептеги айрым тыбыштарды айтууда үн чоң роль ойнойт. Үндүү тыбыштардын жасалышында үн түйүндөрү дайыма иштейт. Үн жалаң гана үндүү тыбыштарга катышпастан, кээ бир үнсүздөргө (жумшак үнсүздөргө) да катышат. Үн катышкан үнсүздөр жумшак үнсүздөр деп аталат. Каткалаң үнсүздөрдүн жасалышында үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдебейт, ошондуктан аларда шоокум, шыбыш гана пайда болот.

Шыбыш жана шоокум чыгарууда үнгө караганда үн түйүндөрүнүн абалы такыр башкача, бул учурда абанын агымы үн түйүндөрү аркылуу өтпөстөн, ачылып турган калканча чемирчек аркылуу сыртка чыгат, экөөнүн ортосундагы (үн түйүндөрү менен калканча чемирчектин арасындагы) жылчыкчанын ички бетине аба сүрүлүүдөн шыбыш пайда болот. Бул шыбыш каткалаң үнсүздөргө катышып, каткалаңдоонун негизин түзөт.

Алкым. Ооз көңдөйү жана эриндер. Кекиртектин үстүнөн кулкун орун алган. Алкымдын алды жагы ооз көңдөйү менен жогору жагы мурун көңдөйү менен катышат. Алкым көңдөйү менен ооз көңдөйү жана мурун көңдөйү резонатордук кызмат аткарып, тыбышты үн жагынан күбүлтүп турат.

Ооз көңдөйүнүн алдыңкы бөлүгү тиш менен эриндерге такалат. Эриндер алга жүткүнүп, төгөрөк же сүйрү формада болушу үндүүлөрдү артикуляциялоодо белгилүү ролду ойнойт. Ачык (эриндүү эмес) үндүүлөр жаак кең ачылып, тилдин үстүнкү бети менен катуу таңдайдын аралыгы кенен болуудан жасалат. Кууш үндүүлөр тилдин жогору карай бийик көтөрүлүү, катуу таңдайга өтө жакындашуусу менен

жаактын кууш болушу аркылуу жасалат.

Таңдай жана тиш. Ооз көңдөйүнүн үстү жагы таңдай менен чектелет. Анын алдыңкы жана ортоңку бөлүгү кыймылсыз болгондуктан, катуу таңдай деп аталат, арткы бөлүгү кыймылдуу келет, ошон үчүн ал жумшак таңдай делет. Ооздун арткы бөлүгүндө катуу таңдай жумшак таңдайдан кийин (бери көздөй) жайгашкан жана анын чеги төмөн саландаган кичине тил менен аяктайт.

Ооз көңдөйү алды жагынан астынкы жана үстүнкү тиштер менен чектелген, кийинкилери болсо бүйлөлөргө бириктирилген. Кептеги тыбыштардын жасалышында тиштерибиз да, катуу таңдайыбыз да негизги ролду ойнойт. Тилдин тиш менен катуу таңдайга жакындашуусунан же тийишинен тыбыштардын ар түрдүү фонемалык варианттары (аллофондору) пайда болот. Мисалы, тил деген сөздөгү тыбышын айтканыбызда тилдин учу тишке же тиштин бүйлөсүнө тиет, жалпы (т) тибиндеги үнсүздү пайда кылат, бирок алардын үгүлүшү бир кыйла даражада ар түрдүү келет.

Тил. Ооз көңдөйүндөгү өтө маанилүү, абдан активдүү орган тил болуп эсептелет. Ал ар кандай багытка карай кыймылдап, ар түркүн формага келе алат, б.а. жооноёт, ичкерет, таңдайды көздөй көтөрүлөт, артка тартылат, алга жүткүнөт. Тилдин тигил же бул бөлүгүнүн таңдайга, тишке, бүйлөгө жакындап же тийишүү менен жылчыкты, тоскоолду пайда кылышы үнсүз тыбыштарды жасалуу орду, жасалуу ыгы боюнча классификациялоодо негизги белги болуп эсептелет.

Мурун көңдөйү. Мурун көңдөйүнүн түзүлүш формасы абдан татаал. Өтө кыймылдуу келген жумшак таңдай жогору көтөрүлүп, алкымдын арткы керегесине тийип, ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүн ажыратып турат. Мурун көңдөйүнө кетүүчү жылчыкты жана эриндерибизди бекем жапсак, дем ала албас элек, анткени аба өтүүчү бардык жол жабылып калат. Ооз жабылып, бирок кичине тил төмөн түшүрүлүп,

таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын ачса, дем алууну уланта берүүгө болот, себеби аба мурун көңдөйү аркылуу кирип-чыгып турат. Дем алуу учурунда оозубуз ачык болсо, анда аба ооз жана мурун көңдөйлөрү аркылуу эки жол менен өтө берет.

Кыргыз тилинде мурун көңдөйү мурунчул уяң үнсүздөрдүн жасалышына катышат. Бул тыбыштар таңдай көшөгөсү төмөн түшүп, абанын агымы мурун көңдөйү аркылуу сыртка чыгуусунан пайда болот. Кичине тил жогору көтөрүлүп, таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнүн жылчыгын жаап турса, мурунчул эмес таза тыбыштар жасалат, анткени ал учурда абанын агымы ооз көңдөйү аркылуу сыртка чыгат. Эгерде жылчык бир аз ачык калса, "киңкилдеген" (мурунчул) добушту пайда кылат.

ФОНЕТИКАНЫН ЛИНГВИСТИКАЛЫК АСПЕКТИСИ

Фонетиканын лингвистикалык аспектиси тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн коммуникация процессиндеги функциясын изилдейт. Ошондуктан лингвистикалык аспектинин функционалдык аспекти деп атоо мүмкүн.

Лингвистикалык изилдөөнүн бөтөнчө түрү катарында фонетиканын функционалдык аспектисин изилдөө өткөн кылымдын 70-жылдарында орус тил илиминде башталган. Буга көрүнүктүү орус лингвисти И.А.Бодуэи де Куртенэ (1845-1929) негиз салган. Бодуэн биринчиден, тыбыштардын материалдык жаратылышын (акустикалык жана физиологиялык аспектилерин), экинчиден, тыбыштардын функционалдык жагын (кийин муну психо-фонетика деп атаган) изилдеген. Муну көбүнчө морфология менен байланыштырган.

Бодуэндин фонетиканын эки аспектиси жөнүндөгү идеясы лингвистикада кеңири таанылган. Бодуэндин идеясына таянып, аны андан ары карай өнүктүргөн анын окуучусу Л.В.Щерба (1880-1944) болгон. Ал фонема жөнүндө оригиналдуу теорияны берди. Бул теориянын

негизи тыбыш маани менен байланыштуу дегенде турат, анткени тыбыш морфеманын тыбыштык оболочкасын түзөт.

Тыбыштын маани менен байланыштуулугунан, биринчиден, кептин айрым тыбыштарга ажыратуу мүмкүнчүлүгү, экинчиден, фонологиялык карама-каршы коюу системасында фонема көз каранды эмес бирдик деген түшүнүк келип чыгат. Мына ошентип, фонеманы 1) потенциалдык жактан маани менен байланышкан эң кичине тыбыштык бирдик; 2) фонема кептеги тыбыштарды бөлүштүрүүнүн чеги жана 3) фонеманы фонологиялык карама-каршы коюунун көз каранды болбогон бирдиги деп эсептөөгө болот. Тилибиздеги ар бир тыбыш фонема боло бербейт, бирок ар бир фонема өз алдынча тыбыш. Ошондуктан сан жагынан алганда тыбышка караганда фонема алда канча аз. Фонема морфеманы, сөздү, грамматикалык формаларды мааниси боюнча ажыратуучу касиетке ээ, тыбышта мындай касиет жок.

Фонема өз ара байланышкан жана бири-бири менен бекем шартталган аспектилерден (акустикалык, физиологиялык жана социалдык) турат, алар фонеманын материалдуулугу, объективдүүлүгү, коммуникативдик функциясы жана абстракцияланышы менен ишке ашат.

Фонеманын материалдуулугу тилибиздеги ар бир фонема тигил же бул конкреттүү артикулятордук, акустикалык жана структуралык жагынан андан ары бөлүнбөй турган дифференциалдык бирдик катарында фонетиканын белгилүү негизги аллофону түрүндө жашайт.

Тилдеги фонема бир тилде сүйлөгөн коллектив тарабынан түзүлгөн, коллектив иштеп чыккан кептик тыбыш, анын коомдук мааниге ээ болушу фонеманын объективдүү жагы болуп эсептелет. Фонеманын объективдүүлүгү ошол тилде сүйлөгөн коллективдин эркин менен аң-сезимине багынбайт.

Фонеманын функционалдуулугу анын белгилүү даражада лингвистикалык, социалдык функцияны (милдетти) аткарышы. Фонеманын бул

функциясы эки жактуу. Фонема кептеги конкреттүү тыбыш болгондуктан, сөздүн материалдык оболочкасын түзөт. Бул - фонеманын сөз жана форма түзүүчү функциясы. Муну менен катар фонемалар өз ара карым-катышта болуп, сөз менен сөздү, форма менен форманы бири-бирине карама-каршы коюу аркылуу сөз жана грамматикалык формалардын материалдык оболочкаларын чектейт. Бул фонеманын сөз жана форма ажыратуучу функциясы.

Фонеманын абстракцияланышы жана жыйынтыктоосу кепте толук аныкталган конкреттүү көп сөздөрдү ажыратуу максатында карама-каршы коюлган тыбыштардын өзү гана болбостон, аны менен бирге кептеги тыбыштардын, анын аллофондорунун абстракцияланышы, ал аллофондорду жыйынтыктоо, б.а. тилдин ээси болгон коллективдин ар бир мүчөсүнүн аң сезиминде айрым алынган түшүнүк түрүндө чагылышы.

Кыргыз тилиндеги кыска жана созулма үндүүлөрдүн ар бири өз алдынча фонема: тан-таан, эн-ээн, кон-коон, жүн-жүүн, өн-өөн, ук-уук ж.б. Мында карама-каршы коюлган ар бир сөз өз алдынча мааниге ээ болуп турат.

Ошондой эле бал-тал-кал-сал-жал-чал деген сөздөрдүн башкы тыбыштары фонемалык касиетке ээ болуп, ар бир сөздү мааниси боюнча айырмалап турат. Ушул сөздөрдүн аяккы тыбыштарын бак-так-как-сак-жак-чак же ортоңку тыбыштарын бек-тек-кек-сек-жек-чек деп алмаштырсак, алардын ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөрдү пайда кылып, үндүү жана үнсүз тыбыштардын ар биринин фонемалык касиети бар экендиги ушундан айкын көрүнүп турат.

ҮНДҮҮ ЖАНА ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

Тыбыштарды айтканыбызда өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыз тарабынан эч кандай тоскоолдукка учурабай

сыртка эркин чыгып, үн түйүндөрүнүн дирилдөөсүнөн пайда болгон тыбыштарды үндүүлөр дейбиз. Үндүүлөргө а, аа, е(э), ээ, и, о, оо, ө, өө, у, уу, ү, үү, ы кирет.

Үнсүз тыбыштарды айтканыбызда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыздын бирөөнүн тоскоолдугуна учурап, аны жарып чыгуудан, же ага сүрүлүп чыгуудан пайда болот. Жумшак үнсүздөрдү айтканда үн түйүндөрү дирилдесе, каткалаң үнсүздөрдө үн түйүндөрү дирилдебей, шыбышты гана пайда кылат. Анын үстүнө үндүү тыбыштар мүүн түзүү касиетине ээ болсо, үнсүз тыбыштарда бул касиет жок. Үнсүздөргө б, г, ж, т, д, л, ш, р сыяктуу тыбыштар кирет.

ҮНДҮҮЛӨР

Кыргыз адабий тилинин үндүүлөр системасы 14 фонемадан турат. Алар үн үзүндүгү боюнча өз ара а) кыска (а, е(э), и, ы, о, ө, у, ү) жана б) созулма (аа, ээ, оо, өө, уу, үү) үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөр эринге, жаакка жана тилге карата эриндүү-ачык, кең-куушу, жоон-ичке болуп айырмаланат. Үндүүлөрдү ушул белгилери боюнча схема түрүндө төмөнкүдөй берүүгө болот.

Тилге карай				Эринге карай				Жаакка карай			
жоон		ичке		жоон		ичке		жоон		ичке	
а	аа	е(э)	ээ	о	оо	а	аа	а	аа	ы	
о	оо	ө	өө	ө	өө	е(э)	ээ	е(э)	ээ	и	
у	уу	ү	үү	у	уу	а	аа	о	оо	ү	үү
ы		и		ү	үү	ы	и	ө	өө	у	уу

Үндүүлөр тилдин артка тартылышы же алга жүткүнүшү боюнча

жоон жана ичке болуп бөлүнөт.

Жаактын ачылышына жана тилдин жогору көтөрүлүшүнө карай үндүүлөр кең жана кууш, эриндин алга жүткүнүп чормоюшу же бейтарап абалда турушуна карай үндүүлөр ачык (эриндүү эмес) жана эриндүү болуп бөлүнөт.

ҮНДҮҮЛӨРДҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Дүйнө жүзүндөгү башка тилдер сыяктуу эле, кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштарды классификациялоо артикулятордук жана акустикалык өзгөчөлүктөрүнө негизделет.

Кыргыз тилиндеги үндүү фонемалар жасалышы боюнча төмөндөгүдөй мүнөздөлөт. 2. Ачык үндүлөр 2

Кыргыз тилинде тилдин арткы бөлүгү менен жасалган ачык үндүү /а/ фонемасын айткан учурда тилдин арткы бөлүгү кийин тартылып, тилдин учу тиштин бүйлөсүнө тийбейт, жаак кең ачылат да, мурун көңдөйүнүн жылчыгын таңдай көшөгөсү жаап турат. тил толук тартылат

/а/ фонемасы башка тыбыштар менен айкашканда алардын таасири астында артчыл, орточул, ал гана эмес мурунчулдашкан түрдө да айтылат (кáрган, мáл).

Кыргыз тилинде /ə/ фонемасынын жасалышында тилдин алдыңкы бөлүгү катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы тиштердин ички бети менен бүйлөлөрүнө тийип, астыңкы жаак төмөн түшөт. Аталган фонеманын жасалышына да эриндер катышпайт, таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнүн жылчыгын жаап турат. тилдин алдыңкы бөлүгү катуу таңдайга жакындайт

/ə/ фонемасы түпчүл үнсүздөр менен айкашканда тил арты, мурунчул үнсүздөр менен айкашканда мурунчул аллофондорго ээ болот (кең, мəн).

/и/ фонемасы айтылганда тил бүт бойдон алга жүткүнөт да, анын арткы бөлүгү катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы тишке жана анын бүйлөлөрүнө тиет.

Таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнүн жылчыгын жаап турат. Ушуга байланыштуу резонатор узарат, бирок ооз көңдөйүнүн борбордук жана алдыңкы бөлүгүндө резонатор кыска да, кууш да болот. Жаак кууш ачылат, эриндер бир аз жыйрылгандыктан, маңдай тиштер көрүнүп, резонатордун алдыңкы чегин ошол тиштер түзөт.

Кыргыз тилинде [и] фонемасы менен айкашкан үнсүз тыбыштар дайыма таңдайлашып (ичкерип) айтылат. Мурунчул үнсүздөр менен айкалышында тил арты аллофонго ээ болот (кийик', к'илем, миң, эк'и ж.б.).

ЭРИНДҮҮ ҮНДҮҮЛӨР

Азыркы кыргыз адабий тилинде [у] фонемасын айткан учурда тил бүтүндөй артка тартылат, ушуга байланыштуу анын учу астыңкы маңдай тиштен бир кыйла алыстайт. Тилдин эң арткы бөлүгүнүн үстүнкү бети катуу таңдай менен жумшак таңдайдын чегин көздөй жогору көтөрүлүп, тыңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоюп, тегерек формага келет.

Кепте эринчил эмес, үнсүздөр менен айкашканда аларга таасирин тийгизип, эриндештирет (т°ук°ум, ук°ук°).

[о] фонемасы айтылган учурда тил бүтүндөй артка тартылып, арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлөт, бирок таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнүн жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Уччул, орточул үнсүздөр менен айкалышканда алга жүткүнөт, мурунчулдар менен айкалышканда мурунчул аллофондорго ээ болот. Өзүнөн мурда жана кийинки келген эринчил эмес үнсүздөргө таасири тийип, аларды эриндештирет (т°о к°о й, к°он°ок).

Кыргыз тилинде [ү] фонемасы жасалганда тил бүт тулкусу менен алга карай жүткүнөт, анын ортоңку бөлүгү катуу таңдайды көздөй жогору көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы маңдай тишке жана анын бүйлөсүнө тиет: тилдин эки капталы үстүнкү тишке такалат

да, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Тилибиздеги [ө] фонемасы айтылганда да тил алга карай жуткунуп, тилдин эки жагы каптал тиштерге тиет да, ортоңку бөлүгү катуу таңдайды көздөй жогору көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы маңдай тиштердин түбүнө жана бүйлөсүнө такалат, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Бул фонема өзү менен айкалышкан үнсүздөргө таасирин тийгизип, аларды бүт эриндештирет. Мурунчулдар менен айкашып, мурунчул аллофонго ээ болот (экөө, көк, төкмө, көмөлдүрүк ж.б.).

Азыркы кыргыз тилинде [ы] фонемасы тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдай менен катуу таңдайдын чегин көздөй көтөрүлүп, тилдин учу алга жүткүнүп, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер бейтарап абалда турушу аркылуу жасалат. Бул фонеманы айткан учурда тилдин учу астыңкы маңдай тиштердин ички бети менен анын бүйлөсүнө тиет да, тилдин түбү артка тартылат. Жамажай артка бир аз жыйрылгандыктан, кең жалпак жылчыкты пайда кылат. Сүйлөө органдарынын ушундай абалдагы турушунан жасалган фонема [ы] да кууш. Жалаң гана артчыл (үвулярдуу терең түпчүл) үнсүздөр менен айкалышкандыктан жоон үндүүлөр менен сингармонизмдик бир катарды түзөт. Мурунчулдар менен айкашканда, алардын таасири астында мурунчул аллофонго ээ болот (мына, нык).

СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

Созулма үндүүлөр созулуп айтылат. Алар созулуп айтылышы боюнча кыска үндүүлөргө карама-каршы, мындайча айтканда кийинкилеринин сан жагынан узартылган түрү болуп эсептелет. Созулма үндүүлөр фонемалык касиетке ээ, сөздөрдү маани жагынан ажыратып жибере алышат, салыштыр: ор-оор, жон-жоон, эн-ээн, мал-маал, сан-саан, жан-жаан ж.б.

Түрк тилдеринде созулма үндүүлөр шарттуу түрдө байыркы жана кийинки созулмалар болуп экиге бөлүнөт. Байыркы созулмалар аздап эски түрк жазма эстеликтеринде, азыркы түркмөн, якут, гагауз тилдеринде жана өзбек тилинин Кара-Булак говорунда сакталган, фонемалык касиетке ээ, көбүнчө сөз башында жана сөз ортосунан учурайт, сөз аягынан кезикпейт.

б. түркчө: аатлыг - (баланча деп) аталуу, атынан айтуу маанисинде, атлыг - аттуу, аты бир маанисинде; бааг - зоолу, байлама, түйүн, түйүнчөк, баг - кара, бак (башбак) (ДТСл.); аал - алдамчылык, ал - (бир нерсени ал) (этиш);

түркмөнчө: аак - ак (өң, түс маанисинде), ак - этиш (мисалы, суу акты); аач - карды ачуу, ач болуу, ач - этиш (мисалы, эшик ач; аарт - арт, арка (дене мүчөсү), арт - этиш (мисалы, жүк арт) ж.б.;

якутча: кыыс - кыз, кыз бала, кыс - этиш (бычак менен жон, кыр маанисинде); хаас - каш (дене мүчөсү), хас - канча; биил - бөл, бил - бил ж.б.;

гагаузча: аара - изде, ара - бир нерсенин арасы; аарт - бир нерсенин арты, арт - артып калуу, артык; кааз - каз, (канат-түүнүн бир түрү), каз (этиш) ж.б.

Кийинки созулмалар деп аталчу үндүү тыбыштар түрк тилдеринин ичинен кыргыз, алтай, хакас, тува, шор жана гагауз тилдеринде бар.

Созулма үндүүлөр азербайжан менен түрк тилинде, негизинен, араб-иран тилдеринен кирген сөздөрдөн жолугат, ошондой сөздөрдөгү кээ бир тыбыштар алардын фонетикалык системасына ылайык келбегендиктен созулма үндүүлөргө айланып кетишкен. Азербайжан, түрк, түркмөн адабий тилдеринде (төл сөздөрдө) созулма үндүүлөрдүн болушу мүнөздүү эмес.

Енисей топчосу деп аталчу тилдер менен (кыргыз, алтай, хакас, тува, шор) гагауз тилдеринде кийинки созулма үндүүлөрдүн бар экендиги жогоруда эскертилген эле. Бирок бул экөөнүн ортосунда созулмалардын жаралышы боюнча айырма бар. Башкалардагыдай эле, гагауз тилинде да созулмалар эки үндүүнүн ортосундагы "г" жана "h" тыбыштарынын түшүшүнөн пайда болот: оолу (< оглы) - уул; боодай (< богдай) ж.б.; гагауз тилинде мындан тышкары үнгү менен мүчөнүн айкалышкан жеринде да созулма үндүүлөр жаралат: (баалыым (< балыгым < балык + -ым) - балыгым, танээр // таныэр (< таны + -эр) - тааныр, йазмаа < йазмага (< йазмак + -а) < жаз, сөзмө сөзү: жазмага ж.б. Үнгү менен мүчөнүн айкалышынан жасалган созулма үндүүлөр кыргыз тилинде өтө эле аз; жекелик сандагы жактама ат атоочтордун жөндөлүшүнөн жана "п" тыбышы менен аяктаган бир муундуу этиштерге чакчыл -ып мүчөсү жалганганда гана кездешет: маа < мага, чаа + -ып > чаап ж.б. ~~(бул жөнүндө төмөндө кеңенирээк сөз болот).~~

Кыргыз тили азыркы кезде территория жагынан алтай, хакас, тува жана шор тилдеринен алыста тургандыгына жана тыгыз байланышынын жоктугуна карабастан, бир же эки муундуу үнгү сөздөрдөгү созулма үндүүлөр боюнча ошолор менен биримдикти түзөт, анткени кыргыз тилинин созулма үндүүлөр катышкан сөздөрү жана алардын тыбыштык курулуштары аталган тилдердикине жакын келет. Мына ушул окшоштуктун өзү эле тилибиздин, демек, элибиздин, тарыхына байланыштуу көп нерселерден кабар берет. Баарынан мурда аталган тилдердин өкүлдөрүнүн бабалары качандыр бир убакта өз ара тыгыз карым-катышта болушканын көрсөтөт. Кыргыз тилинде бул жалпы окшоштуктар менен бирге аны Енисей тобундагы кээ бир түрк тилдеринен айырмалай турган өзгөчөлүктөр да бар. Мындай бөтөнчөлүктөр катарында ачык муундагы эринчил созулмаларды (суг > суу ж.б.)

Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
5321
Инв. №

жана мүчөдө да созулма үндүүлөрдүн орун алышын атоого болот. Бул жагынан жана үндүүлөрдүн эринге карата бөлүнүшү боюнча да кыргыз тили сибирдеги түрк тилдеринин ичинен алтай тили менен биримликти түзөт. Жогорудагыларга окшогон бирди-жарым бөтөнчөлүктөр енисей тобундагы түрк тилдеринин созулма үндүүлөр боюнча болгон негизги жалпылыктарын жокко чыгара албайт, ал эми аталган айырмалар болсо ошол тил топторунун өз ич ара тарыхий конкреттүү өнүгүшүнөн келип чыккан кийинки кездеги кубулуш.

Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр менен айтылуучу сөздөрдүн ичинде төл сөздөр менен бирге монгол жана араб-иран тилдеринен кирген сөздөр да бар. Монгол менен түрк тилдериндеги (маселен, кыргыз тилинде) созулма үндүүлөрдүн фонетикалык жасалыш шарты окшош. Монгол сөздөрү, негизинен, кыргыз тилине созулма үндүүгө айланган калыбында кирген, б.а. даяр түрдө кабыл алынган. Анткени монгол тилинин жазма эстеликтеринде кыска үндүүлөр менен айтылган сөздөрдүн ордуна азыр кыргыз тилинде созулма үндүүлөр колдонулат. Тыбыштык ушул бөтөнчөлүккө карап, алар качандыр бир убакта, монголдор менен түрктөрдүн, маселен, кыргыздардын, ар кыл карым-катыштары күчөгөн учурда, кабыл алынган дешке болот. Муну менен катар монгол сөздөрүнүн кээ бирөөлөрү, созулма үндүүгө айланчу шартка туура келгендери, енисей тобундагы тилдердин "лабораториясында" иштелип отуруп, созулмаларга өтүп кетиши да ыктымал. Мисалы: мон. богоч, кыр. бооч, боочу; эски мон. сагат, азыр садга, саад, кыр. саат (кырсык маанисинде: саат-сабырынан сактаса...) ж.б.

Араб-иран тилдеринен оошкон сөздөр да, жалпы эле четтен кирген сөздөр сыяктуу, кабыл алган тилдердин тыбыштык системасына ылайыкташтырылган. Ушуга байланыштуу алардан кирген сөздөр кээ бир түрк тилдеринде кыска үндүүлөр менен айтылса, кайсы бирөөлөрүндө дифтонг формасында колдонулуп калган, кыргыз тилинде болсо созулма үндүүлөр-

гө өтүп кеткен. Алар кыргыз тилине тектеш тилдердеги варианттарынан, биринчи кезекте, тыбыштык курулушу боюнча созулма үндүүлөргө айлануучу жакын тургандарынан жасалган.

Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдү баштагы тыбыштык курулуштары боюнча төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө болот:

I. Үч тыбыштык тизмектен пайда болгон созулма үндүүлөр.

Бул ыкма боюнча созулма үндүүлөр эки үндүүнүн ортосунда турган кээ бир үнсүз тыбыштардын түшүп калышынан жаралган. Алар эрте кезде үндүү+үнсүз+үндүү тыбыштык тизмектери бар сөздөр болушкан. Муну схема боюнча мындайча көрсөтүүгө болот: V + C + V (V- үндүү, C - үнсүз дегенди билгизет). Ушул типтеги тыбыштык тизмектен, эки үндүүнүн ортосунан, адатта терең түпчүл гъ (ɣ) , жакын-түпчүл (гь (ɣ) жана уяң й, н тыбыштар орун алышкан эле. Андан ары өнүгүшүндө эки үндүүнүн ортосундагы аталган тыбыштар түшкөн; анын эки жагындагы үндүү тыбыштар болсо да өз ара биригишип созулмага айланган. Эгерде үнсүз тыбыштын эки жагындагы үндүүлөр окшош, бирдей болушса, созулма үндүүгө өтүүгө оңой болгон, үндүүлөр өз ара бир муунга биригүү менен чектелишкен. Эгерде алар эки башка болушса, айталык, эриндүү-эринсиз же кең-кууш болушса, үндүүлөр өз ара алга же артка ээрчишүү жолу менен бир бирине окшошкон да, тыбыштык курулушу жагынан мурдагы эки муундун ордуна созулма үндүү катышкан бир муунду түзүп калышкан. Мындан тышкары ортодогу үнсүз тыбыш түшкөн соң, анын эки жагындагы үндүү тыбыштардын арасы кээде согуулуу науза менен айтылган. Созулма үндүүлөр ушуга окшогон машакаттарды кечтик практикада башынан өткөрүп отурушуп, азыркы абалга жетишкен.

2. Эки тыбыштык тизмектен куралган созулма үндүүлөр.

Бул типтеги созулмалар башта үндүү, үнсүз тыбыштардын тизмектеринен турганда, аягы адатта терең түпчүл гъ же жакын түпчүл гь менен бүткөн, муну схема боюнча мындай белгилөөгө болот:

V + С . Тизмектин аягындагы түпчүлдөрдүн дифтонгдорго айланышынан улам созулма үндүүлөр келип чыккан. Бул ыкма кыргыз тилинде бир муундуу сөздөрдүн аягында же алардын биринчи муунундагы созулма үндүүлөрдүн пайда болушунда негизги жолдордун бири.

3. Созулма үндүүлөр кыска үндүүлөрдүн созулушунан да пайда болот: деңгел - деңгээл, күнө - күнөө, дакы - даакы, далда - далдаа, дала - далаа, даба - дабаа, дабан - дабаан, булгары - булгаары, бет арчы - бет аарчы, бурчак - бууруак, тажал - тажаал, долбор - долбоор, бүлө - бүлөө (үй-бүлөө) ж.б.у.с.

ҮНСҮЗДӨР

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыздын тигил же бул жеринде кандайдыр бир тоскоолдукка учурап чыгышынын натыйжасында пайда болгон тыбыштар үнсүздөр деп аталат. Үнсүз тыбыштардын жасалыш негизин шыбыш түзөт да, алар бири биринен өздөрүнө мүнөздүү шыбыш аркылуу айырмаланат. Кыргыз тилинде 25 үнсүз бар.

Үнсүз тыбыштар жасалганда кездешчү тоскоолдуктар сүйлөө органдарыбыздын булчуңдарынын кыскарышынан келип чыгат. Анын үстүнө тыбыштардын тоскоолдукка учурашы, аны абанын агымы бузуп чыгышы да бирдей болбойт. Бир катар үнсүздөр сүйлөө органдарыбыздын булчуңдарынын күчтүү кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту, абанын агымы күч менен жарып чыгышынан (мисалы: т, к, п); бирөөлөрү сүйлөө органдарынын булчуңдарынын алсыз кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту жарып чыгышынан (мисалы: б, г, з); кээ бирөөлөрү булчуңдун абдан алсыз кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту жарып чыгышынан (мисалы: м, н, л, р) жасалат.

Үнсүз тыбыштар ушул жасалыш бөтөнчөлүктөрүнө карата үчкө бөлүнөт:

I) каткалаң (күч менен айтылган) үнсүздөр: п, т, с, ш, ч, к, қ, х, ф, ц, щ;

2) жумшактар (алсыз айтылчулар): б, в, д, з, ж, г, ғ;

3) уяндар (абдан алсыз айтылчулар): л, м, н, р, й.

Кыргыз тилиндеги үнсүздөр системасы артикуляциялык жактан жасалуу орду жана жасалуу ыгы боюнча бөлүштүрүлөт. Мындай бөлүштүрүү активдүү сүйлөө органдарынын (тил, эриндер) катышуусуна ылайыктуу жүргүзүлөт, анткени үнсүз тыбыштардын жасалуу орду жана жасалуу ыгы сүйлөө органдарыбыздын кызматы менен аныкталат.

Жасалуу ордуна карата үнсүз тыбыштар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

I. Эрин — эринчилдер: б, п, м;

2. Эрин — тишчилдер: в, ф. Бул үнсүздөр кыргыздын төл сөздөрүнүн составында кездешпейт. Жалаң гана орус тилинен кабыл алынган жана интернационалдык сөздөрдүн составында келет.

3. Уччулдар: т, д, с, з, ш, н, л, р, ц.

4. Орточулдар: й, ж (жол, жаңы).

5. Түпчүлдөр: к (көпөлөк), г (гүл), ц, х.

6. Артчылдар: қ (кара), ғ (коргошун).

Жасалуу ыгына карай үнсүз тыбыштарды төмөнкүдөй бөлүштүрөбүз:

I. Жарылмалар: б, п, д, т, к, (көк), қ (кар), г (гүл).

2. Жылчыкчылдар: з, с, ж (жүри), ш, й, ғ (карга), в, ф, х.

3. Мурунчулдар: м, н, ң.

4. Капталчыл: л.

5. Дирилдеме: р.

6. Татаал үнсүздөр: ч, ж (жаңы), ц, ш.

Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар шыбыш менен үндүн катышына карата эки топко бөлүнөт:

I) Шуулдама үнсүздөр: б, в, г, ғ (карга), ж (жаңы), ж (жүри), з, қ (кар), с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.

2) Уяң үнсүздөр: м, н, ң, р, й, л.

ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Үн менен шоокумдун басымдуулугуна карай	Жасалуу ыгы	Жасалуу орду / Үн түйүндөрүнүн иштешине карай	Эринчилдер: кош эринчилдер	Эринчилдер: эринтишчилдер	Тилчилдер: үчүлдар	Тилчилдер: ортоңулдар	Тилчилдер: артчылдар	Тилчилдер: түпчүлдөр
Шоокумчул тыбыштар	жарылмалар	жумшак	б		д		г	
		каткалаң	п		т		к	қ (къ)
	жылчыкчылдар	жумшак		в	з с			ғ (гъ)
		каткалаң		ф	ж ш		х	
	ширешкендер (аффрикаты)	жумшак				ж(дж)		
		каткалаң			ц	ч		
Уяң тыбыштар	мурунчулжарылмалар		м		н		ң	
	капталчыл жылчыкчылдар				л	й		
	дирил деме жылчыкчыл				р			

ҮНСҮЗДӨРДҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Кыргыз тилинде /б/ фонемасы жасалган учурда астыңкы эрин үстүңкү эринге тийип, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жабат да, үн түйүндөрү бири бирине жакындашып, кыймылга келет. /б/ фонемасы - эрин-эрин-

Бул артикуляция органдарында дем берилген
билдиро турат.

чил, жарылма, жумшак үнсүз. Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ооз көңдөйүнө жеткенде, абанын басымынын күчү менен бири бирине тийишип турган эриндер ачылып, аба сыртка чыгат.

/п/ фонемасы үстүнкү эринге астынкы эриндин чыңалган булчуңдары бекем, тыгыз тийишип, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ал тоскоолдукту күч менен жарып чыгышынан пайда болот. Эриндерди аба агымынын күч менен жарып чыгышы анын күчтүү, жарылма, эринчил үнсүз экендигин билдирет. Бул тыбышты айтканда таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, тил катышпайт, үн түйүндөрү кыймылга келбейт.

Кыргыз тилинде /т/ фонемасын айтканда тил алга жүткүнүп, учу үстүнкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, тоскоолдук пайда болот. Бул тоскоолдукту абанын агымы күч менен жарып чыгат. Үн түйүндөрү кыймылга келбейт, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап турат. Тилдин учунун жогору кайрылышы анын апикалдуу экендигин билдирет.

Кыргыз тилинде /д/ фонемасы жасалышы боюнча өзүнүн түгөйү каткалаң /т/ фонемасына окшош келет. Бирок муну айтканда үн түйүндөрү кыймылга келип, тоскоолдук кылган сүйлөө органдарынын булчуңдарынын ~~кыскарышы~~ алсыз болушу менен андан айырмаланат. Бул фонема-да /т/ сыяктуу апикалдуу фонема.

/м/ фонемасы астыңкы эрин менен үстүңкү эрин бири бирине тийишип, таңдай көшөгөсү төмөн түшөт да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы эриндердин тоскоолдугун жарып, ооз жана мурун көңдөйлөрү аркылуу сыртка чыгышынан пайда болот. Бул фонеманын жасалышында тил катышпайт, бирок үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдейт.

/н/ фонемасын айтканда тил алга жүткүнүп, анын учу үстүнкү маңдай тиштердин түбүнө жана бүйлөсүнө тиет, таңдай көшөгөсү төмөн түшүп, мурун көңдөйүнүн жылчыгы ачылат да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы тилдин тишке тийгендеги тоскоолдугун бузуп, ооз жана

мурун көңдөйлөрү аркылуу сыртка чыгат. Үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдейт.

/ң/ фонемасы тилдин арткы бөлүгү жогору көтөрүлүп, абанын агымы мурун көңдөйү аркылуу сыртка чыгышынан жасалат. Тилдин арткы бөлүгү жана жумшак таңдайдын (кичине тилдин) бири-бирине тийиши аркылуу жасала тургандыгы менен мүнөздөлөт.

/л/ фонемасы жасалган учурда тил алга карай жүткүнүп, тилдин учу үстүнкү маңдай тиштерибиз менен анын бүйлөсүнө тиет, тилдин түбү таңдайдын арткы бөлүгүн көздөй көтөрүлүп, бир аз артка тартылып, тилдин орто жеринде кашык сыяктуу чуңкурча пайда болот. Тилдин ортоңку бөлүгүнүн капталдары төмөн түшүп, жылчыкты пайда кылат, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыктар аркылуу сыртка чыгат. Тилдин учу үстүнкү маңдай тиштерибизге жана алардын бүйлөлөрүнө тийип тургандыгына карабастан, тилдин эки капталы аркылуу аба сыртка эркин чыгат. Үн түйүндөрү дирилдейт, тыбыш жасоочу органдарыбыздын булчуңдарынын кыскарышы абдан алсыз болот.

Кыргыз тилинде /й/ фонемасы тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайды көздөй бийик көтөрүлүп, тулкусу менен алга карай жүткүнүп, эки капталы капталдан тиштерге, учу астыңкы маңдай тиштерге тийишинен пайда болот. Жасалышы жагынан көп учурда тилибиздеги үндүү /и/ фонемасына өтө жакын келет.

/р/ фонемасы айтылган учурда алга умтулган тилдин учу үстүнкү маңдай тиштерди көздөй көтөрүлөт да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын басымынан дирилдейт, эриндер артка тартылып, маңдай тиштер ачылып, тилдин дирилдегени көрүнүп турат. Тилдин учунун дирилдеши /р/ фонемасына тийиштүү шыбышты пайда кылат.

Кыргыз тилинде /с/ тыбышы - күчтүү, каткалаң, үчүл, эпикалдуу бир фокустуу үнсүз. Муну артикуляциялаганда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы тилдин учунда пайда болгон тегерек жылчыкча ар-

кылуу сыртка чыгат. Тилдин капталдары тиштерге тийип турат. Ошону менен бирге тилдин учу астыңкы маңдай тиштин учуна жакын туруп, аба тегерек жылчыкка сүрүлүүдөн тыбыш пайда болуп, тилдин ортосу жана учу жогору көтөрүлгөндүктөн резонатор кууш болот.

Ооз көңдөйүнүн алдыңкы бөлүгүндө бир фокустуу жылчык болушу менен үн түйүндөрүнүн кыймылга келбегендиги с тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

/ш/ фонемасы айтылган учурда тил алга карай умтулуп, анын учу үстүңкү маңдай тиштердин бүйлөсүнө жакындап, жылчыкча жасалат да өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыкча аркылуу күч менен сыртка чыгып, ышкырык пайда кылат. Тилдин учунун үстүңкү маңдай тиштердин бүйлөлөрүнө жакындашы, анык эпикалдуу, бүйлөчүл, уччул, жылчыкчы, ышкырыкчыл болушуна алып келет.

/с/ фонемасына салыштырганда тил бир аз арттараак болуп, анын түбү жумшак таңдайга жакындашат, фокусу да андан кеңири болот, үн түйүндөрү кыймылга келбейт, таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнө кетүүчү жылчыкты жаап турат.

/з/ фонемасы жасалышы боюнча каткалаң /с/ фонемасына окшош, бирок андан үн түйүндөрүнүн дирилдеши, сүйлөө органдарынын бүлчүңдарынын кыскарышынын алсыздыгы менен айырмаланат. Азыркы кыргыз тилинде /з/ - уччул, эпикалдуу, тегерек жылчыкчыл, бүйлөчүл, алсыз жумшак үнсүз. Ооз көңдөйүнүн алдыңкы бөлүгүндө бир фокустуу жылчыктын болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши /з/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

Кыргыз тилинин тыбыштык системасынын составында өзүнчө өзгөчөлүктү түзгөн жумшак таңдайдын учу (кичине тил, увула) тилдин эң арткы бөлүгүнүн тийишүүсүнөн жасалган /қ/, /ғ/ фонемалары бар.

Кыргыз тилиндеги /қ/ тыбышын артикуляциялаган мезгилде жумшак таңдай менен кичине тил төмөн түшүп, тилдин арткы бөлүгүнө

тийишет. Кичине тилдин түпкү бөлүгүнө тийишинен жасалгандыктан муну увулярдуу, жарылма, күчтүү, каткалаң үнсүз дейбиз. Бул өзгөчөлүк рентгенограммадан даана көрүнөт.

|к| тыбышын артикуляциялаган кезде катуу таңдайга көп учурда тил изин калтырбайт. Айрым учурда калтырган из түпкү бир гана азуунун жарымына чейин келет.

Тилдин түпкү бөлүгүнүн кичине тил (увула) менен тийиши жана үн түйүнүнүн дирилдебегендиги |к| тыбышынын фонетикалык белгиси болуп саналат.

Тилибиздеги |ғ| тыбышын айткан кезде жумшак таңдай менен кичине тил (увула) төмөн карай түшүп, жогору карай көтөрүлгөн тилдин түпкү бөлүгү менен абдан жакындашып, күуш жылчыкчаны пайда кылып, өпкөдөн чыгып жаткан абанын агымы ал аркылуу өткөндө бир аз добуш пайда болот, үн түйүндөрү дирилдейт.

Ошондуктан |ғ| тыбышы - увулярдуу, жылчыкчыл, жумшак, алсыз үнсүз.

Тилдин бүт артка тартылганы, анын учу менен ортоңку бөлүгү төмөн түшүшүнөн ооз көңдөйүндө эң чоң резонатор пайда болорун рентгенограммадан даана көрөбүз. Мында жумшак таңдай менен кичине тил мурун көңдөйүнө кете турган каналды жаап жана төмөн түшүшү шыбыш пайда кылуучу жылчыкчаны жаратуу аркылуу эки функцияны аткарат.

Жылчыктын эң эле күуш болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши, кичине тилдин катышы |ғ| тыбышынын фонетикалык негизги белгиси болуп саналат.

Азыркы кыргыз адабий тилинде |к| тыбышы - артчыл, каткалаң, күчтүү үнсүз, артикуляциялык жактан орус тилиндеги |к| тыбышына жакындашат, бирок өтө таңдайлашып айтылгандыгы менен андан айырмаланат.

Бул тыбышты рентгенограмма боюнча талдаганда тилдин түпкү

бөлүгү жумшак таңдайга тийип, тилдин учу төмөн кайрылат да, ортоңку бөлүгү бир аз жогору көтөрүлөт.

/к/ тыбышын артикуляциялаган кезде тил өзүнүн изин экинчи азуудан баштап, жумшак таңдайга чейин калтырат. Бул анын түпчүл экендигинин көрсөткүчү.

Тилдин түбүнүн катуу таңдайга тийиши жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегендиги /к/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

Рентгенограмма менен палатограмманын көрсөткөнүнө караганда /г/ тыбышы артчыл, жарылма, таңдайлашкан, жумшак жана алсыз үнсүз болуп саналат. Ал тилдин түпкү бөлүгүнүн жумшак таңдайды карай көтөрүлүп, ага өтө тыгыз жакындап, тилдин учу артка жыйнактуу тартылып, үн түйүндөрүнүн дирилдешинен пайда болот.

Калька! /г/ тыбышын артикуляциялаганда катуу таңдайда калган из /к/ тыбышына салыштырганда өтө кууштугу менен айырмаланат да, из экинчи азуу тиштен башталып, түпкү азууга чейин жетип, жумшак таңдайга тийбейт. Ал эми катуу таңдайдын алды жагында жылчык өтө кеңеет.

Тилдин түпкү бөлүгүнүн жумшак таңдайга тийген абалга чейин көтөрүлүшү жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши - /г/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз тилине /х/ тыбышы башка тилдерден кабыл алынган сөздөр менен келип кирди. К.К.Юдахиндин пикири боюнча революцияга чейин түштүк кыргыз говорлорунда /х/ фонемасы болгон. Түндүк говорлордо революциядан кийин өздөштүрүлдү.

Бул тыбышты артикуляциялаганда тил артка тартылып, тилдин түпкү бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүп, капталдары түпкү каптал тиштерге тийип, тилдин түпкү, ортоңку бөлүгү менен жумшак таңдайдын арасында жылчык пайда болуп тилдин учу төмөн түшүп, ал алдыңкы маңдай тишке жакын турат. Аба жылчыктан өткөн кезде шыбыш

пайда болот. Үн түйүндөрү дирилдебейт.

Жылчыктын ооз көңдөйүнүн түп жагында пайда болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегени /х/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилиндеги /ч/ тыбышын артикуляциялаган учурда рентгенограмма менен палатограмманын берген маалыматына караганда тилдин алдыңкы, ортоңку бөлүгү үстүңкү тиштерибиздин бүйлөлөрүнөн -тартып, тилдин капталдары түпкү азуурга чейинки тиштер менен тийишип, учу төмөн кайрылгандыгын көрөбүз. Тилдин тийген орду уччул, дорсалдуу үнсүздөргө салыштырганда бир аз артта, кичине азуу тиштерден башталат.

Жарылуу болбостон акырындык менен жылчыкка өтөт. Тийишкен жердин ачылып, анын жылчыкка өткөн моментинде негизги артикуляцияга тилдин ортоңку бөлүгүнүн артикуляциясы кошулат.

Тил катуу таңдай менен ортоңку бөлүгү аркылуу тийишкендигин көрөбүз. Үн түйүндөрү дирилдебейт. Бул тыбышты айтууда адегенде тилдин ортоңку, алдыңкы бөлүгүнүн катуу таңдайга тийишип, андан жылчыкка өткөн артикуляциясына ылайык аффриката дейбиз. Тилдин бүт ортосунун катуу таңдайды көздөй жогору көтөрүлүшү, анын дайыма таңдайлашкан үнсүз экендигинин көрсөткүчү.

Тийишүү менен жылчыктын пайда болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегени /ч/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилинде /ж/ тыбышы орточул, шыбышчыл, жумшак, алсыз аффриката болуп эсептелет.

Бул тыбышты айтканыбызда тилдин ортосу жогору карай көтөрүлүп, катуу таңдайга тиет, тилдин учу төмөнкү маңдай тиштерди көздөй кайрылат, бул анын дорсалдуу үнсүз экендигин билдирет.

Бул тыбышты артикуляциялаганыбызда адегенде тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайга тийишип, ал акырындык менен жылчыкка өтүшү

анын татаал артикуляциядагы тыбыш экендигинин көрсөткүчү болуп эсептелет.

Адегенде тилдин ортоңку бөлүгүнүн катуу таңдайга тийиши, анын акырындык менен жылчыкка өтүшү, үн түйүндөрүнүн кыймылга келип дирилдеши /ж/ тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилинин тыбыштык системасында башка тилдерден болгон кабыл алуунун натыйжасында жаңыдан пайда болгон тыбыштар бар экендигин көрөбүз. Алар: ж, в, ф, ц, щ тыбыштары. Бул тыбыштар боюнча түрколог-фонетисттердин арасында бир түрдүү пикир, бирдей көз караш жок экендиги белгилүү. Айрымдары бул тыбыштарды фонема катарында карашса, айрымдары өз алдынча тыбыш экендигин көрсөтөт.

/ж/ тыбышын айтканыбызда ооз көңдөйүнүн алдыңкы жана арткы бөлүгүндө тыбыш чыгуучу эки жылчык пайда болот. Мунун алдыңкы фокусу тилдин учу катуу таңдай менен тиштин бүйлөлөрүн көздөй жогору көтөрүлүшүнөн жасалат, ошондуктан /ж/ какуминалдуу үнсүз; арткы фокусу тилдин арткы бөлүгүнүн жумшак таңдайды көздөй жогору көтөрүлүшүнөн түзүлөт. Тилдин ортоңку бөлүгү төмөн түшкөндүктөн, тил кашык сыяктуу формага келтирилет, эриндер бир аз алга жүткүнөт, үн түйүндөрү дирилдеп, үн катышат. Абанын агымы арткы жана алдыңкы жылчыктар аркылуу өткөндө ышкырык сыяктуу шыбыш пайда болот, мындай шыбыш ышкырыкчыл тыбыш экендигин көрсөтөт.

/ц/ тыбышы айтылганда тил алга жүткүнүп, тилдин учу үстүңкү маңдай тиштерге, алардын бүйлөсүнө тиет да, кайра ачылгандыктан, жылчык пайда болот, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыкка аркылуу сыртка чыгып бара жатканда шыбыш пайда болот. Жасалышы татаал болгондуктан аффриката же болбосо татаал тыбыш деп аталат.

Башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуу аркылуу өздөштүрүлгөн в, ф, ж, ц, щ тыбыштары кыргыз адабий тилинин төл сөздөрүндө

дээрлик колдонулбайт. Булар көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдүн жана ал аркылуу өздөштүрүлгөн интернационалдык терминдердин составынан кездешет. Аталган тыбыштар кыргыз адабий тилинде фонема болө албайт, анткени алар төл сөздөрдө маани ажыратуучу касиетке ээ эмес, б.а. бул тыбыштар аркылуу сөздөр бир биринен маани жагынан ажырашпайт.

| щ | тыбышын айтканда орус тилиндегидей бирде шщ, же шч түрүндө артикуляцияланат. Мунун биринчисинде жылчыкчыл болсо, экинчисинде жылчык менен башталып жарылмага, андан жылчыкка өтөт. Бул тыбыш кабыл алынган гана сөздөрдө кездешет. Орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдө | в | , | ф | тыбыштары колдонулат.

| в | тыбышы астыңкы эрин үстүңкү маңдай тишибиздин учуна жакындап, өпкөдөн келе жаткан аба сыртка чыгып, үн түйүндөрү кыймылга келип, дирилдеши аркылуу жасалат. Ал кыргыз тилинде фонемалык касиетке ээ эмес. Себеби кабыл алынган сөздөрдө гана колдонулушу менен түшүндүрүлөт.

Тилибизде | ф | тыбышын артикуляциялаганыбызда өпкөдөн келе жаткан абанын агымы үстүңкү тиш менен астыңкы эриндин өтө жакындашкан жеринен катуу күч аркылуу сыртка чыгат.

Кыргыздын төл сөздөрүндө | в | тыбышы сыяктуу эле кездешпейт. Башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн составында гана колдонулат. Ошондуктан муну кыргыз тилинде өз алдынча фонема дешке мумкун эмес.

Башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуу аркылуу өздөштүрүлгөн, в, ф, ж, ц, щ тыбыштары кыргыз адабий тилинин төл сөздөрүндө дээрлик колдонулбайт. Булар көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдүн жана ал аркылуу өздөштүрүлгөн интернационалдык терминдердин составынан кездешет. Аталган тыбыштар кыргыз адабий тилинде фонема болө албайт, анткени алар төл сөздөрдө маани ажыратуучу касиетке

ээ эмес, б.а. бул тыбыштар аркылуу сөздөр бир биринен маани жагынан ажырашпайт.

Азыркы кыргыз адабий тилинде сөз башында, сөздүн аягында үнсүз тыбыштардын колдонулушу боюнча айрым өзгөчөлүктөр учурайт.

Кыргыздын төл сөздөрүндө (туураны сөздөрдөн башкасында) төмөнкү үнсүз тыбыштар сөз башында дээрлик колдонулбайт: л, р, ң, й.

Булардын ичинен л, р, й тыбыштары менен башталган сөздөр негизинен башка тилдерден кабыл алынган. Мисалы: расписка, йод лак ж.б.

Кыргыздын төл сөздөрүнүн аягында б, г, з, д, ж тыбыштары келбейт. Кабыл алынган сөздөрдө келе берет. Мисалы: муктаж, отряд, митинг, дуб, пуд ж.б.

Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм)

Соңку муундагы үндүү тыбыштар өздөрүнүн жасалышы боюнча алдыңкы муундагы үндүүлөр менен окшошот; биринчи муундагы үндүү тыбыштар соңку муундагы үндүүлөрдүн сапатын аныктап, кийинкиси алдыңкысына көз каранды келет. Ошентип, сөздүн составындагы үндүү тыбыштар сапаты жагынан бир кылка болот, бири-бири менен үндөшүп турушат. Тыбыштык ушул кубулуш, үндөшүү законунун (сингармонизмдин) маңызын түзөт. Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм) түрк тилдеринин бөтөнчөлүктөрүнүн биринен болуп эсептелет да, бир сөз ичинде болот, ал сөз морфологиялык түзүлүшү боюнча тубаса же туунду болушу мүмкүн. Тубаса сөздөрдө соңку муундагы үндүү тыбыштар биринчи муундагы үндүүлөр менен үндөшсө, туунду сөздөрдө мүчөдөгү үндүү тыбыштар уңгудагы үндүүлөр менен үндөшөт.

Сөздүн составындагы үндүү тыбыштар баштан аяк жоон, ичке же эриндүү-эринсиз (ачык) болот: өн-дүр-үш-тө-гү-лөр-үбүз-дөн (~ дүн), кол-дон-мо-лор-дон (~ дун) (сөз эрин үндүүлөр менен айтылды); таң-дай-лаш-тыр-ыл-ган-ы-нан, ил-мек-теш-тир-ил-ген-и-

нен (сөз жоон, ичке үндүүлөр менен айтылды) ж.б.

Составындагы үндүүлөрдүн жогорудагыдай текши, бир кылка болушу аркылуу сөз тыбыштык курулушу жагынан ырааттуулукка жетишет.

Кыргыз тилинде үндөшүүнүн (сингармонизмдин) эки түрү бар:

а) тилдин күүсү (же таңдай күүсү);

б) эрин күүсү.

I. **Тилдин күүсү**. Сөздүн биринчи муунунда жоон үндүү болсо, андан кийинки муундагы үндүү тыбыштар алар менен үндөшөт да, жоок үндүү болушат; эгерде сөздүн алдыңкы муунунан ичке үндүү орун алса, соңку муундагылар ичке болушат, б.а. сөз баштан аяк жоон же ичке үндүүлөрдөн куралат; биринчи муундагы үндүү тыбыштар соңку муундагы үндүүлөрдүн сапатын аныктайт, кийинкиси алдыңкысына көз каранды келет. Үндүүлөрдүн тил күүсүнө карата ээрчиши төл сөздөрдө негизинен сакталат. Төл сөздөрдүн составында жоон үндүүдөн кийин адатта ичке үндүү келбейт.

Сөздөгү жоон үндүүлөр төмөндөгүчө үндөшөт:

Үндүү "а" тыбышынан кийин "а" же "ы" келет: ата, баба, саман, таман, чайқана, айда (< ай + де); самын, салкын, зайып, кайып, жалкы, чалкы, чакырык.

Ошондой эле "ы" тыбышынан кийин "ы" же "а" келет: кыркын, кыпын, тыпын, кыргыз, кырмызы, зымырык, кыйкырык, кыймыл, кырман, жыргал, сырга, жылаңач, жылаңайлак.

Үндүү "у" дан кийин "у" же "а" колдонулат: куйкум, куйрук, буйрук, кулун, куржун, курулуш; кумай, субай, куурай, куйка ж.б.

Үндүү о'нун соңунан "о" же "у" колдонулат: отор, котор, коржогой, коргон, боконо, долоно, коломто, кокус, коолу, корутунду, комузчу ж.б.

Эринчил кең үндүү о'дон кийин эринчил күүш "у" тыбышынын жанаша айтыла тургандыгы келтирилген мисалдардан ачык болуп турат:

(төмөндө)

кочкул, комуз, мойун, койун (орф. моюн, коюн) ж.б. Бирок эринчил күүш у' дан кийин кыска о'нун колдонулушуна жол берилбейт; созулма "оо" менен аяктаган кыймыл атоочтор бул эрежеден сыртка чыгып келет: бура-буроо, кура-куроо, доола ж.б.

Жоон үндүүлөрдүн үндөшүн схема түрүндө мындайча көрсөтүүгө болот:

биринчи муунда	соңку муундарда
а	а же ы
ы	ы → а
у	у → а
о	о → у, кээде "а" (созулма "оо" дон кийин).

Сөздүн составында ичке үндүүлөр төмөнкүчө үндөшөт; "э" тыбышынан кийин "э" же "и" жаналш айтылат: эрмен, эрешен, терме, эрмек; эриш (эриш-аркак), эрин, эрик, эпкин, элкин ж.б.

э'нин "ээ" менен бирге айтылышы сейрек кездешет: эрээл (жеке-жекеге чыгуу маанисинде): Эрээлге чыгып сайыш. Эрээлге чыгып эрендер ("Манастан"); демээр ж.б.

и'ден соң "и" же "э" тыбыштары айтылат: ийин, кийин, чийим, чимкирик, жиник, билик, жилик, илик, кийлик, жипкир, китеп (< ар. китаб), ителги, искек, ичмек, ичиркен, ичкер, ичкери, ишен, ишенич, ишмер, ишмерлик ж.б.

"ү" тыбышынын соңунан "у" же "ө" колдонулат: түйүн, түтүн, жүлүн, мүмкүн (< ар. мумкун), күйдүргү, күзгү, күлүк, күкүк, күкүм, күлдүр (-шалдыр), күмүш, күндүз, күнүн; күмөн, түмөн, күбө, күйкө ж.б.

"ө" тыбышынан кийин "ө" же "у" жаналш айтылышына жол берилет: көргөзмө, көөдөн, көөкөр, көпөлөк, көнөк, көпкөлөң, көрпө, көшүл, көркөмдүү, көңүлсүн, көрүк, көптүр, көптүрмө, көкүл,

көлкү ж.б.

"ө" же "ү" менен башталган көп муундуу сөздөрдүн аяккы үндүүлөрү кээде айтылганда эринсиз ичке үндүүлөргө өтүп кетет, бирок орфографияда аларга жол берилбейт: чөмөлө чөмөле, көзөнөк көзенек ж.б. (бул жөнүндө "Эрин күүсүндө" толугураак айтылат).

Ичке үндүүлөрдүн үндөшүн схема түрүндө мындай көрсөтүүгө болот:

биринчи муунда	соңку муундарда
э	э же и (кээде "өө")
и	и же э
ү	ү же ө
ө	ө же ү (оозеки ~~рөчтө~~ кепте кээде "э").

Кыргыз тили өзүнүн кылымдар бою өнүгүшүндө ар кандай системадагы тилдер менен карым-катышта болгон. Ушунун натыйжасында анын лексикасына башка тилдерден сөздөр кирген; алар, негизинен, өздөштүргөн тилдин, кыргыз тилинин, тыбыштык системасына ылайыкташтырылган, ошону менен бирге кээде кабыл алынган тилдин изи да калтырылган.

Үндүү тыбыштардын тилдин күүсү боюнча (жоон-ичкелигине карата) бузулушу, негизинен, араб-иран жана орус тилинен кирген сөздөрдөн кезигет: маселен, аңгеме, апийим, бейбаш (булар араб-иран сөздөрү); кино, газета ж.б. (орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр).

Бир сөз ичинде жоон-ичке үндүүлөрдүн катар колдонулушу кээде кыргыздын төл сөздөрүнөн да жолугат, бирок кеңири тарай алган эмес: байге, байтик (буудайды боолап туруп, тикесинен чөк-чөк кылып жыйнап коюу), кантип, канткенде, кечкурун, акырек, бирок ж.б. Жалпысынан алганда кыргыз адабий тилинде тилдин күүсү (үндүүлөрдүн жоон ичкелигине карата бир сөз ичинде ээрчиши) эрин күүсүнө

салыштырганда бир топ туруктуу.

2. Эрин күүсү. Сөздүн составында баштан аяк эринчил үндүү тыбыштардын болушу эрин күүсүнүн өзөгүн түзөт. Башка түрк тилдерине салыштырганда кыргыз тили эрин күүсү боюнча айрыкча орунду ээлейт, түрк тилдеринин ичинен ага алтай жана тува тилдери гана тектеше алат.

Мисалы:

кыр.	тув.	кыр.	алт.
колду	холду	колдо	колдо
көлдү	көлдү	көлдө	көлдө
күдүктү	күдүктү	күдүкта	күдүкта
күлдү	хүлдү	көлдө, күлдө	

Сөздүн биринчи муунунда эрин үндүү болсо, андан кийинки муундарынан эрин үндүүлөр орун алат да, сөздүн составындагы фонемалар баштан аяк эринчил болушат. Кыргыз тилинде тыбыштык ушул бөтөнчөлүк төл сөздөрдө, негизинен, сакталат. Мисалы: борбор, оңко, коломто, жоолук, түйшүк, түкүрүк, түкшүмөл; жуу-ру-л-уш-тур-гун, көрсөт-күч-төр-ү-бүз-гө, өн-дүр-үш-тө-гү-лөр-үбүз-дөн, үр-түк-тө-л--гөнү-н ж.б.

Үндүүлөрдүн эрин күүсү боюнча үндөшүүсү бардык учурда эле сактала бербейт. Сөздүн биринчи муунунда эрин үндүү турса да, соңку бөлүгүндөгү үндүүлөр аларды ээрчибей калган учур кездешет. Мындай сөздөрдө эрин күүсү бузулат, анткени сөздүн составынан эрин үндүүлөр менен катар ачык (эринсиз) үндүүлөр орун алышат. Бирок ошондо да үндүү тыбыштардын үндөштүгү сакталат. Анткени эрин күүсү ар дайым тилдин күүсү менен бирге коштолуп жүрөт. Ушуга байланыштуу андай сөздөрдө эрин күүсү менен тилдин күүсү (көбүнчө ачык кең үндүүлөр катышат) жанаша орун алышат да, үндүүлөрдүн жалпы үндөштүгү (жоон үндүүлөр боюнча) сакталып, сөз тыбыштык курулушу боюнча ырааттуулугунан ажырабайт.

Кыргыз тилинде эрин күүсү төмөндөгүдөй учурларда бузулат;

I. Сөздүн биринчи муунундагы эринчил у өзүнөн кийинки муунда турган кең үндүү а га таасирин тийгизе албайт. Бул өзгөчөлүк үнгү сөздө да жана туунду сөздө да сакталат: кумай, кумалак, улан, удар, упай, умай (эне), кундак (мылтыктын кундагы), тузак, узак, куюшкан ж.б.

у'нун эринчилдигинин кең үндүү а'га тарабагандыгы байыркы тилдерге да мүнөздүү болгон: сал. б. түркчө кулгак - кулак, тумагу - (сасык) тумоо, б. түрк. туйгак, туяк. ж.б.

2. Эрин күүсүнүн бузулушу биринчи муунда "о" катышкан сөздөрдөн да учурайт.

(1) Эрин күүсүнүн бузулушуна тарыхий жагынан созулма үндүүлөрдүн чыгышы да таасирин тийгизген. Созулма үндүүгө айланган тыбыштык тизмекке көбүнчө алгач түпчүл /г/, /ғ/ тыбыштары катышкан; андан аркы өнүгүшүндө булар "жумшарып" эринчил чормогой /ѡ/ га өткөн; өзүнүн жаратылышы боюнча тыбышы эринчил жана жылчыкчыл болгондуктан өзүнүн тегерегиндеги (алдындагы) ачык үндүүлөрдүн эринчилдерге айланышына түрткү болгон, өзү болсо созулма үндүүгө айланып кеткен, а сөздүн соңку бөлүгүндөгү ачык үндүүлөр мурдагы калыбында ачык бойдон кала берген. Ушунун натыйжасында сөздүн составынан эрин үндүүлөр менен катар ачык (эринсиз) үндүүлөр орун алып калышкан. Мисалы: байыркы түркчө аглак, кыр. (диа.) оңлак, ад. т. оолак; үйг. баг, багла - кыр. боо, боола, боо байла; өзб. совгат, кыр. соогат; эски жазма монг. тогудак, кыр. тоодак; б. түрк. йагыла - жоола. Байыркы тилдерде эрин күүсүнүн начар өнүккөндүгүнүн калдыгы болуу керек, азыркы кыргыз тилинде кээ бир эринчил сөздөр тилдин күүсү менен айтыла берет: тоодо-тоода (орф. тоодо) ж.б.

(2) Эрин күүсүнүн бузулушу мүчөдө да кезигет, бирок аз: доо-

доола (дооло эмес), доолаш, оолаш, жоо-жоола (жооло эмес), жоолаш ж.б.; сал. доого каласың. Демек, кыргыз тилинин азыркы өнүгүү этабында эринчил созулма "оо" катышкан сөздөрдө эрин күүсү ("ө" катышкан көп мүүндүү сөздөрдү айтпаганда да) бир кылка эмес.

3) Башка түрк тилдериндеги сыяктуу эле, кыргыз тилинде да сөздүн аякы мүүнүндагы үндүү, үнсүз тыбыштар үндөшүү жана ээрчишүү үчүн чечүүчү ролду ойнойт. Мүчөлөрдөгү үндүү тыбыш сөздүн аякы мүүнүндагы үндүү тыбышты ээрчийт, алардын жоон-ичкелигине, эриндүү-эринсиздигине карата өзгөрөт. Кыргыз тилинде өзгөрбөй турган мүчөлөр да бар. Алар өздөрү жалганган сөздөрдөгү үндүүлөр менен үндөшпөйт, ошондуктан андай мүчөлөр "ээрчибес" (кээде "кербес") мүчөлөр деп аталат. Ушул типтеги мүчөлөрдүн тыбыштык бул бөтөнчөлүгү да эрин күүсүнүн бузулушуна себеп болгон. Ээрчибес мүчөлөрдүн көпчүлүгү араб-иран сөздөрү аркылуу кирген, алардын кайсы бирөөлөрү түрк сөзү, бир канчасынын теги али белгисиз. Ээрчибес мүчөлөр эрин күүсү боюнча да, тилдин күүсү боюнча да уңгудагы үндүүлөр менен үндөшпөйт: -кор, -кер, -ман, -стан, -кеч (иран тилдеринен кирген), -ий (араб тилинен кирген сөздөрдөн сын атоочту жасайт); -тай, -ке, -ек (эркелеткенде, урматтаганда колдонулуучу мүчө), -бай ж.б. Мисалы: канкор, чайкор, койчуман, уйчуман; аткеч, төөкеч, арабакеч, асылкеч; пахтакер, жоокер, талапкер; атаке, апаке, Тооке: акетай, Какетай, Ростай (< Роза), күлчөтай (күлчө + тай), койонек (орф. коёнек), кыргыйек (орф. кыргыек); Түркменстан, Өзбекстан ж.б.

4. Кыргыз тилинде эрин күүсү башка тилдерден кирген сөздөрдүн эсебинен да бузулууда:

I) монгол тилинен өздөштүрүлгөн сөздөргө: жута (мон. зута), жунгак (мон. зунгаг), күнан (мон. гунан), күнажын (мон. гунжин), күяң (мон. хуян), шумкар (сал. мон. шонхор), куда (мон. худ), кудагый, куйка (мон. хуйх), куйкала (мон. хуйхла), кулан (мон.

хулан), куймак (мон. хуймаг) кула мон. хул: хул азрага - кула айгыр, сал, түрк. адгыр / азгыр / айгыр) ж.б.

2) араб-иран сөздөрү аркылуу; куса, убал, кумарпоз, курман, козопая, козек; Абди, Кожокмат, Муракмат, Муралы ж.б.

3) орус жана интернационалдык сөздөрдө да эрин күүсү сакталбайт: пионер, вожатый, комитет, командир ж.б.

Жогоруда эскертилгендей, кыргыз тилинде сөздөгү үндүү тыбыштар тилдин күүсү (жоон же ичке), эрин күүсү (эрин үндүүлөр) боюнча эки түрдүү өзгөчө. Кыргыз тилинин азыркы мезгилдеги өнүгүш этабында эки-үч муундуу төл сөздөрдө тилдин күүсү да, эрин күүсү да, негизинен, сакталат. Бирок булардын ичинен көп муундуу сөздөрдө эрин күүсү боюнча, сейрек болсо да, бузулуу тенденциясы бар. Анткени кээ бир сөздөр үндүү тыбыштары боюнча, айрыкча ичке эрин үндүүлөр боюнча эки түрдүү айтылып жүрөт. Мисалы: үйлөрүбүзгө дегендин ордуна үйлеримизге деп айтылган учурун үгүүга болот. Ушу сыяктуу эле умуткөрбүз - умуткербиз | умиткербиз -түрүндө айтылышына жол берилип жүрөт. Эрин күүсүнүн иреттүүлүгүнүн сакталбагандыгына дагы төмөндөгүдөй фактыларды келтирүүгө болот. Мындай сөздөрдүн оозеки кепте эриндешүүсү олку-солку, бирок орфографиялык эреже боюнча аларды эринсиз (ачык үндүүлүү) варианттарына көбүнчө жол берилбейт: чөмөлөлө - чөмөлөлө, бузукулук - бузакылык, дүйшөнбү - дүйшөмби, жылуулук - жылуулук, күнөс - күнес, күмөндөр - күнөмдөр, өкмөт - өкмөт, түгөй - түгөй, чулгоо - чылгоо, чөгөлө - чөгөлө, дөөпөрөс - дөөперес, доорон - дооран, үйлөн - үйлөн, өйдөлө - өйдөлө, көкүрөк - көкүрөк ж.б. (мындай дублеттер аз эмес).

Мүчөлөр грамматикалык табияты боюнча жардамчы морфема болгондуктан, алардын көбү сөздүн маанилүү бөлүгүнө өздөрүнүн үндүү менен үнсүз тыбыштары боюнча окшошууга аргасыз болушат.

Сөздүн жардамчы морфемалык бөлүгүнүн тыбыш жагынан өзгөрүүгө дуушар болушу мүчө менен бүтүн сөздүн негизги белгилеринин бири болуп саналат. Эгерде ал өзүнчө бүтүн сөз болсо, алдыңкы сөздү тыбыш жагынан ээрчибейт. Эгер ал мүчө болсо, тыбыш жагынан өзгөрүп кетет: б. түрк. су башы бен - кыр. аскер башымын (мында бен - өзүнчө сөз, алдында турган башы деген сөз менен тыбыш жагынан үндөшкөн жок; баяндоочтук орунда турган ошол ат атооч бен кыргыз тилинде, алдындагы сөзгө тыбыш жагынан өзгөрүп, -мын формасында мүчөгө айланып кеткен; же: каз. -тын / -тин, алт. - тан / -тен (< турган): каз. баратын киси - алт. Баратан кижи, кыр. бара турган киши; кыргыз тилинде турган сөзүнүн мүчөгө айлана электиги анын тыбыштык составынын өзгөрбөгөндүгүнөн эле көрүнүп турат.

Уңгу сөздөрдө тыбыштар өз ара көбүнчө үндүүлөрү боюнча үндөшсө, мүчөдөгү тыбыштар сөздү үндүү жана үнсүздөрү боюнча ээрчийт. Уңгу менен мүчөнүн айкалышындагы ээрчишүү эки жактуу (үндүү жана үнсүздөрүнүн өзгөрүшү боюнча) болот.

Сөздүн составындагы үндүүлөр да, үнсүздөр да ар бири өз ара эриш-аркакта болушат. Бирде алдыңкы тыбыш арткы тыбышка таасир этсе, бирде тескерисинче, соңкусу алдыңкысына таасир этет. Тыбыштардын эриш-аркагы бир сөз ичинен же жанаша айтылган эки сөз ортосунан да кезигет.

Соңку муундагы үндүү тыбыштар, адатта, алдыңкы муундагы үндүүлөр менен үндөшөт, ошолорду ээрчийт. Кыргыз тилинде муну катар алдыңкы муундагы үндүүлөр арткы муундагы үндүүлөргө карата өзгөргөн учурда кездешет. Бирок ошондо да үндүүлөрдүн үндөшүүсү сакталат, сөз үндүүлөрүнүн составы боюнча бир кылка болот.

Кыргыз тилинде мындай кубулуш анчалык өнүгө алган эмес, айрым туунду сөздөрдөн жана тарыхий бириккен сөздөрдөн кезигет: бир + өө > бүрөө, эки + өө > экөө (орф. бирөө, экөө), заман

(< ар. заман), сарай (<пер. сарай);

үн + чык > үнчүк, бү + күн > бүгүн, о + күнү > өгүнү, (күндөрдүн) бириси + күнү > бүрсүгүнү, (күндөрдүн) бир күнү > бүргүнү (орф. бир күнү), бү + йыл > быйыл, бү + йылдыз > былтыр, о +йүз > өйүз, бү + йүз > бүйүз ж.б.

Үнсүздөрдүн өзгөрүшү

Үнсүз тыбыштардын бир сөз ичиндеги же жанаша айтылган эки сөз ортосундагы өз ара айкашуу абалына (комбинатордук шартына) жараша бири-бирине таасир этип өзгөрүшү негизинен ассимиляция (окшошуу) жана диссимиляция (окшошпоо) деп аталган эки түрдүү фонетикалык закондуулукка баш иет. Үндүүлөрдүн тилге жана эринге карай үндөшүп өзгөрүшү жалпысынан алганда сөздүн бардык муундарына текши тарай турган тыбыштык күбулуш экендиги белгилүү. Үнсүздөрдөгү өзгөрүү болсо бул сыяктуу кеңири аймакка тарай албайт. Ал негизинен бири-бирине катар келип айкалышкан эки тыбыштын чегинен чыкпаган тар чөйрөнү гана камтыйт.

Үнсүздөрдүн ассимляциясы менен диссимиляциясынын ар бирине тиешелүү болгон ички айырмачылыктары бар. Ошондуктан бул эки маселеге айрым-айрым токтолууга туура келет.

Ассимиляция

Үнсүздөрдүн ассимиляциялык күбулушу жогоркудай шартта айтылган үнсүз тыбыштардын бирөө экинчисине таасир этүүдөн улам келип чыккан жана алардын белгилүү бир деңгээлде өз ара окшошуп калышын көрсөткөн фонетикалык өзгөрүү болуп саналат. Мындай өзгөрүү жалпысынан эки түрдүү болушу мүмкүн. Анын биринчиси т о л у к, экинчи бир түрү т о л у к э м е с (жарым-жартылай) а с с и м и л я ц и я деп аталат. Эгерде эки башка үнсүз тыбыштын бири экинчисине таасир этип, анын бардык белгилери боюнча абсолюттук

окшоштугу бар (башкача айтканда, дал өзүндөй болгон) тыбышка өткөрүп жиберсе, мындай фонетикалык кубулуш толук ассимиляциялык өзгөрүү болуп саналат. Толук ассимиляцияга төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүлөр мисал боло алат. Уңгу менен мүчөнүн же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда з + с же болбосо н + м сыяктуу тыбыштык айкалыштар учурап калса, бул тыбыштардын өз ара таасиринен улам з > с жана н > м болуп өтүшөт да, сс жана мм түрүндөгү эки окшош үнсүз катар колдонулуп калат: 1) тузсура > туссура, сөзсүз > сөссүз, азсын > ассын, жазса > жасса, көз сал > көс сал, муз сыяктуу > мус сыяктуу ж.б.; 2) жанмай > жаммай, тунма > тумма, карын май > карым май, күн мурун > күм мурун ж.б.

Бирок кыргыз тилиндеги ассимиляциялык өзгөрүүлөрдүн бул сыяктуу толук түрүнө караганда, анын толук эмес (жарым-жартылай) ~~деп аталган~~ түрү басымдуулук кылат. Анткени ассимиляциялык кубулуштардын жалпы негизи үнсүздөрдүн бири-бирине толук окшошуп өзгөрбөстөн, айрым бир белгилери боюнча гана өз ара жакындашып, жарым-жартылай окшошуп калуу өзгөчөлүктөрүнөн турат. Мындай окшошуунү, маселен, үнсүздөрдүн эриндешүү же мурундашуу жолу менен болгон өзгөрүшүнөн, ошондой эле каткалаң үнсүздөрдүн жумшарып же жумшак үнсүздөрдүн каткаландашып кетүүсүнөн ачык көрүүгө болот. Буга төмөнкүлөр мисал боло алат: 1) н + б түрүндөгү тыбыштык айкалышта б тыбышы н тыбышын эриндештирип, н > м сыяктуу ассимиляциялык өзгөрүүгө алып келет: түмбү (< түн + бы), түмбады (< түн + ба + ды), мүмкүм бекен (< мүмкүн бекен); 2) тапан, тепин, буун, кабан сыяктуу бир катар сөздөрдөгү п, б тыбыштары сөз аягындагы мурунчул н аркылуу м тыбышына өтүп (п > м, б > м болуп өзгөрүп), ал сөздөр таман, темин, муун, каман түрүндө колдонулуп калган; 3) каткалаң үнсүздөр менен аяктаган сөздөргө айкашканда, мүчөнүн башындагы жумшак үнсүз тыбыш өзүнүн каткалаң түгөйүнө өтүп өзгөрөт: ташка (< таш + га), суук-

тан (суук + дан), бышыкпы (< бышык + бы), бастыр (< бас + дыр) ж.б.

Үнсүздөр сөздүн алды жаккы багытын көздөй да жана арткы багытын көздөй да өзгөрүп айтыла берет. Эгерде үнсүз тыбыштар өзүнөн мурдагы тыбыштын таасири менен өзгөрүп айтылса (башкача айтканда, өзгөрүү сөздүн алды жагын көздөй багытталса), үнсүздөрдүн прогрессивдүү ассимиляциясы деп аталат. Өзүнөн кийинки тыбышка карата болгон өзгөрүү үнсүздөрдүн регрессивдүү ассимиляциясына жатат. Мындай учурда өзгөрүү сөздүн арткы багытын көздөй оойт.

Прогрессивдүү ассимиляция. Үнсүздөрдүн мындай багыттагы өзгөрүшү үнгү менен мүчөнүн айкалышкан жеринде же бири-бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда каткалаң + жумшак болуп кабатталып келген абалда өзгөчө айкын сезилет. Эгерде сөздүн аяккы тыбышы каткалаң үнсүз менен аяктался, ага жалганган мүчөнүн же жанаша айтылган экинчи бир сөздүн башындагы жумшак үнсүз да өзүнүн каткалаң түгөйүнө өтөт. Мисалы:

I) б > п: жаш + бы > жашпы, тарт + ба > тартпа, ук + ба > укпа, жооп бер > жооп пер.

2) д > т: жумуш + дан > жумуштан, түндүк + да > түндүктө, класс + да > класста, тарт деди > тарт теди.

3) г > к: бак + га > бакка, саат + га > саатка, ат + гыч > аткыч, тыш + гаары > тышкаары, көк гүл > көк күл.

Бирок мындай өзгөрүүлөрдүн бардык түрү тең эле адабий тилдин орфографиялык нормасынан орун ала берген эмес. Булардын ичинен үнгү менен мүчөнүн чегиндеги каткалаң + каткалаң болуп кабатталган тыбыштык айкалыштар гана (ук-па, класс-та, ат-кыч) ушул түрүшүндө жазылат. Ал эми сөз ортосунда учураган жогоркудай тыбыштык айкалыштар (жооп пер, тарт теди, көк күл) жазууда берилбестен, оозеки айтылышта гана боло турган тыбыштык өзгөрүүлөргө жатат.

Эгерде үнгү менен мүчөнүн же эки сөздүн өз ара айкалышкан

чегинде жалаң жумшак үнсүздөр, же болбосо жумшак үнсүз менен кандайдыр бир үндүү тыбыш кабат келип айтылып калса, анда мүчөнүн да, ошондой эле бири-бирине жанаша айтылган эки сөздүн кийинки сөзүнүн да башкы үнсүз тыбышы өзгөрбөстөн кала берет. Жазууда да ал үнсүз тыбыштын ушул айтылган түрү толук сакталат. Мисалы: мал + бы > малбы, бар + бы > барбы, жаз + ба > жазба, сура + ба > сураба, жакшы бекен, жаан + дан > жаандан, шаар + да > шаарда, кел + деди, алма + га > алмага, карма + гыч > кармагыч, кызыл гүл ж.б.

Каткалаң түгөйлөрү жок болгондуктан, р, л, м, н, ң, й сыяктуу уяң үнсүздөр өзүнөн башка жумшак үнсүздөр менен да, каткалаңдар менен да жанаша келип айтыла берет. Демек, уяң үнсүздөрдүн лб-лп, лд-лт, лг-лк, рг-рк, рб-рп, рд-рт, мг-мк, мд-мт, йг-йк, нд-нт, ңг-ңк, ңд-ңт ж.б. сыяктуу болуп айкалыша берүүгө толук шарты бар. Мисалы: калбыр - калпак, жалгыз-жалкы, балдак - балта, коргон - коркок, чарбак - чырпык, жарды - жарты, тамга - томкор, сомдо - коломто, тайгак - тайкы, кайдан - кайтар, жандык-жантык, мөңгү - мөңкү, каңда - каңтар ж.б. Уяң үнсүздөр менен аякталган сөздөргө кээ бир мүчөлөр эки түрдүү болуп жалгана бериши да мүмкүн. Анын бирөө жумшак үнсүз менен башталса, экинчи бир түрү каткалаң үнсүз менен да келе берет. Мисалы: адамгерчилик - адамкерчилик, жайгар - жайкар, өңгөй - өңкөй, былтыргы - былтыркы, бейгүнөө - бейкүнөө, соңгу - соңку, таңгы - таңкы, балтырган - балтыркан, бир гыйла - бир кыйла.

Ал эми -дыр мүчөсүнүн л тыбышы менен аякталган этиш сөздөргө жумшак же каткалаң үнсүз менен башталып, эки түрдүү жалганышы мындан алда канча кеңири. Буга этиштин төмөнкүдөй аркылуу мамиле формасы мисал боло алат:

ал-дыр кал-тыр
бил-дир кел-тир

кул-дур	тол-тур
жул-дур	өл-түр

Регрессивдүү ассимиляция. Үнсүз тыбыштардын бул багыт боюнча өзгөрүшү да бир сөз ичинде (уңгу менен мүчөнүн чегинде) жана бири-бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда кездеше берүүчү тыбыштык кубулуштардан болуп саналат. Алар төмөнкүдөй тыбыштык айкалыштардын негизинде пайда болот, бирок жазууда берилбей, оозеки айтылышта гана учурайт.

I) Уңгу менен мүчөнүн же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда н + г, н + к болуп кабатталган үнсүздөрдүн кийинкиси (г, к) өзүнөн мурдагы үнсүзгө (н тыбышына) таасир этип, аны н > ң түрүндө өзгөртөт: көрүнгөн > көрүңгөн, мүүнгө > мүүңгө, жүүнган > жүүңган, кубанган > кубаңган, кийин келди > кийиң келди, мен гана > мең гана, түнкү > түңкү, мурунку > муруңку, он гектар > оң гектар ж.б.

2) Жогоркудай комбинациялык абалда з + с түрүндө кабат келип айтылган эки үнсүз тыбыштын каткалаңы (с тыбышы) өзүнөн мурдагы жумшак үнсүзгө (з тыбышына) таасир этип, з > с түрүндө каткалаңдаштырып жиберет: сөзсүз > сөссүз, түзсүз > түссүз, созсо > соссо, азсынт > ассынт, көз сал > көс сал, боз сымак > бос сымак ж.б.

3) Бир сөз ичинде же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда н + б, н + м болуп кабатталып айтылган үнсүз тыбыштардын экинчи түгөйү (б,м) кош эринчил болгондуктан, ал өзүнөн мурдагы н тыбышын кош эринчил м тыбышына өткөрүп, анын натыйжасында нб > нм, нм > мм сыяктуу өзгөрүү пайда болот: танба > тамба, тонбу > томбу, ынанбайт > ынамбайт, тунма > тумма, жүүнмайынча > жүүммайынча, түн бою > түм бою, карын май > карым май ж.б.

Кээде бири-бирине жанаша колдонулган эки сөздүн арасында үнсүз тыбыштардын алга карай (прогрессивдүү ассимиляция боюнча) жана артка карай (регрессивдүү ассимиляция боюнча) өзгөрүп айты-

лышы кабат келип калышы да мүмкүн. Маселен, бири-бирине жанаша айтылган эки сөздүн чегиндеги н + к болуп кабатталган тыбыштардын кийинкиси мурункусуна жана мурункусу кийинкисине бир эле учурда өз ара таасир этүүнүн натыйжасында алар ң + г сыяктуу башка тыбыштарга өтүп өзгөрөт. Бирок мындай өзгөрүү оозеки айтылышта гана учурайт, жазууда ~~анын өзгөрбөгөн түрү толук сактала берет~~. Мисалы: түң гирди (< түн кирди), аман гелди (< аман келди), тоң гийди (< тон кийди), ээң галды (<ээн калды) ж.б.

Диссимиляция

Кыргыз тилиндеги бир катар үнсүздөр артикуляциялык белгилери боюнча анча окшоштугу болбогон башка бир үнсүз тыбышка да өтүп өзгөрө берет. Бирок мындай тыбыштык кубулуштарды тил практикасында туш келди эле учурай берүүчү чаржайыт көрүнүштөр катары түшүнүүгө болбойт. Булар айрым гана үнсүздөрдүн бири-бирине кабат келип айкалышкан комбинациясында учурай турган жана ассимиляцияга караганда анча активдүү өнүкпөгөн тыбыштык кубулуштардан болуп саналат.

Үнсүз тыбыштардын мындай диссимиляциялык кубулуштары негизинен төмөнкүдөй учурларда байкалат.

I) Бир катар мүчөлөрдүн (мисалы: -ла, -лар, -луу, -лык, -ны, -нын, -ныкы) башкы л, н тыбыштары сөз аягында колдонулган жумшак үнсүздөргө кабат келип айтылган учурда л > д жана н > д болуп өзгөрөт. Жазууда да булардын ушул сыяктуу өзгөргөн түрлөрү толук сактала берет. Мисалы:

а) -ла, -лар, -луу, -лык мүчөлөрүнүн з, л, н, ң, м менен аяктalган сөздөргө жалганышы:

-ла: көз+ла > көздө

пул+ла > пулда

жан+ла > жанда

кам+ла ➘ камда

чың+ла ➘ чыңда

-лар: кыз+лар ➘ кыздар

жыл+лар ➘ жылдар

сан+лар ➘ сандар

кийим+лар ➘ кийимдер

дөң+лар ➘ дөңдөр

-луу: муз+луу ➘ муздуу

мал+луу ➘ малдуу

жан+луу ➘ жандуу

ченем+луу ➘ ченемдүү

жең+лүү ➘ жеңдүү

-лык: семиз+лык ➘ семиздик

жыл+лык ➘ жылдык

кенен+лык ➘ кенендик

өкүм+лык ➘ өкүмдүк

калың+лык ➘ калыңдык

Аягы р тыбыш менен бүткөн бир катар сөздөргө жогоркудай мүчөлөр жалганган учурда булардын башкы д тыбышы өзгөрбөй да жана өзгөрүп, д тыбышына өтүп айтылышы да мүмкүн. Мисалы:

түрлө - түрдө

карла - карда

барлык - бардык

жерлик - жердик

тарлык - тардык

карлуу - кардуу

түрлүү - түрдүү ж.б.

---

*Бул терминди ред.мүчөлөрү кубатташпайт, фонетикалык кубулуштун өзү толук эмес ассимиляция катарында каралууга тийиш (ред.).

б) -ны, -нын, -ныкы мүчөлөрүнүн й, з, л, м, н, р, ң менен аяктalган сөздөргө жалганышы:

-ны: карагай+ны → карагайды
кагаз+ны → кагазды
канал+ны жаналды
чыгым+ны → чыгымды
кулун+ны → кулунду
тоң+ны → тоңду
таар+ны → таарды


-нын: сарай+нын → сарайдын
кебез+нын → кебездин
курал+нын → куралдын
коом+нын → коомдун
кырман+нын → кырмандын
кайың+нын → кайыңдын
жер+нын → жердин

-ныкы: үй+ныкы → үйдүкү
каз+ныкы → каздыкы
айыл+ныкы → айылдыкы
балам+ныкы → баламдыкы
жээн+ныкы → жээндики
атаң+ныкы → атаңдыкы
шаар+ныкы → шаардыкы

Эгерде жогоркудай л, н тыбыштары менен башталган мүчөлөр каткалаң үнсүздөр менен бүткөн сөздөргө жалганган болсо, анда л > д, н > д сыяктуу диссимиляциялык кубулуштун орду ассимиляциялык кубулушка өтөт. Анткени д сөз аягындагы каткалаң үнсүздөр менен катар келип айтыла албайт. Ошондуктан ал өзүнүн каткалаң түгөйү болгон т тыбышына өтүп кетет. Мисалы: кап + ла → капта,

тоок+лар > тооктор, чөп+лүү > чөптүү, көп+лык > көптүк, ат+ны - атты, күш+нын > куштун, көпчүлүк+нын > көпчүлүктүн ж.б.

Диссимиляциядан ассимиляцияга карай оогон мындай тыбыштык кубулуштун пайда болуу процессин проф. И.А.Батманов:



сыяктуу схема менен көрсөткөн[I].

2) Үнсүздөрдүн диссимиляциялык кубулуштарынын дагы бир көрүнүшү бир сөз ичинде (үңгү менен мүчөнүн чегинде) жана бири-бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда учураган ч+с, ч+т, ч+ч, ч+ж сыяктуу тыбыштык айкалыштардын негизинде пайда болот. Мындай айкалыштарда с, т, ч, ж тыбыштарынын таасири менен өзүнөн мурдагы ч тыбышы ч > ш болуп өзгөрөт. Бирок жазууда мунун өзгөрбөгөн түрүнө гана жол берилет. Мисалы: чач+са >чашса, кач+сын > кашсын, ач+ты > ашты, кеч+те > кеште, уч+чул > ушчул, жыгач+чы > жыгашчы, кеч чыкты > кеш чыкты, куч сынады > куш сынады, уч түн > уш түн, уч жаш > уш жаш, уч жүз > уш жүз ж.б.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн да жана үнсүз тыбыштардын комбинатордук өзгөрүүлөргө көбүрөөк учурап айтылышы сөз мүчөлөрүнүн да ошончолук деңгээлде көп варианттуу болуп калышына алып келген. Бул жагынан алганда кыргыз тили кээ бир түрк тилдеринен (мисалы, өзбек, түркмөн, уйгур ж.б. тилдерден) белгилүү деңгээлде өзгөчөлөнүп турат. Бирок көп варианттуулуктун өлчөмү кыргыз тилиндеги бардык эле сөз мүчөлөрүндө бирдей калыпта эмес. Маселен, үнсүз тыбышы да жана үндүүсү да көп түрдүү болуп өзгөргөндүктөн, төмөнкүдөй мүчөлөр он эки варианттуу болуп колдонулат:

[I] И.А.Батманов. Современный киргизский язык, вып. I, Фрунзе, 1963, стр. 147.

16 вариант

а) -ла, -ле, -ло, -лө; -да, -де, -до, -дө; -та, -те, -то, -тө;

б) -лар, -лер, -лор, -лөр; -дар, -дер, -дор, -дөр; -тар, -тер, -тор, -төр;

в) -лык, -лик, -лук, -лүк; -дык, -дик, -дук, -дүк; -тык, -тик, -тук, -түк;

г) -ны, -ни, -ну, -нү; -ды, -ди, -ду, -дү; -ты, -ти, -ту, -тү;

д) -нын, -нин, -нун, -нүн; -дын, -дин, -дун, -дүн; -тын, -тин, -тун, -түн.

Бул келтирилген мүчөлөрдүн үнсүз үч түрдүү, ал эми үндүүсү төрт түрдүү болуп колдонулган үчүн жалпы варианттарынын саны он экиге чейин жетет.

Үндүүсү төрт, үнсүзү эки түрдүү болуп колдонулган сегиз варианттуу мүчөлөргө г, д, б тыбыштары менен башталган -га, -да, -дан, -бы, -ба, -быз сыяктуу сөз мүчөлөрүн кошууга болот. Булардын үнсүздөрү г-к, д-т, б-п, ал эми үндүүлөрү болсо а-е-о-ө жана ы-и-у-ү сыяктуу түрлөргө өтүп өзгөрө берет.

Үнсүзү л-д-т, үндүүсү уу-үү болуп өзгөрүп айтылган үчүн -луу мүчөсү алты гана вариантка ээ (-луу, -лүү; -дуу, -дүү; -туу, -түү). Үнсүз тыбышы өзгөрүлбөй айтылып, жалаң үндүүсү аркылуу гана төрт варианттуу болуп колдонулуп жүргөн сөз мүчөлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот: -чы, -сыз, -мын, -сың, -ар, -ы (-сы). Булардын үндүүлөрү ы-и-у-ү жана а-е-о-ө түрүндө өзгөрүлө берген үчүн ар бири төрт варианттуу болуп колдонулат. Жалаң үндүүлөрдөн гана турган эки варианттууларга -уу (-үү), -оо (-өө) мүчөлөрү кирет. Ал эми -гер (-кер) мүчөсү болсо үндүүсү туруктуу айтылып, үнсүзү аркылуу гана эки варианттуу болуп колдонулат (соодагер, кызматкер), -чу,(-чү) мүчөсү, мунун тескерисинче, үнсүзү туруктуу келип, үндүүсү өзгөрүлүп, айтылган үчүн эки

варианттуу болуп колдонулат (барчу эле, келчү элек).

Сөз мүчөлөрүнүн жогоркудай көп варианттуу болуп колдонулушу кыргыз орфографиясына да толугу менен чагылдырылган. Ошондуктан алар фонетикалык принципке негизделип, бардык варианттары толук бойдон жазыла берет. Орфографияда алардын белгилүү бир вариантын гана калтырып, калгандарына орфографиялык укук бербей коюуга, башкача айтканда, бардыгын бир формага келтирип, бириктирип, жазууга эч мүмкүн эмес. Маселен, -дар мүчөсүнүн I2 вариантта колдонулуп айтылышын бир гана түргө келтирип коюуга туура келсе, анда таштар, аттар, малдар, жолдор деген сөздөр ташлар, атлар, маллар, жоллар болуп жазылууга тийиш эле. Бул тилдик норманы бузгандыкка гана жатмакчы. Ошондуктан -лар мүчөсүнүн сөзгө жалганып айтылган бардык I2 варианты жазууда толук берилүүгө тийиш. Мисалы: аталар, энелер, тоолор, көчөлөр, айбандар, кийимдер, үнсүздөр, балыктар, жемиштер, тооктор, бөжөктөр.

Кыргыз тилиндеги бир катар мүчөлөр тыбыштык түрүн өзгөртүү гана эмес, кээде тыбыштык составын кыскартып, толук формада айтылбай калуу аркылуу да көп варианттуулукка ээ боло берет. Тактап айтканда, мүчөлөрдүн тыбыштык составынын бул өңдүү кыскарып кетиш өзгөчөлүгү жогоркудай варианттуулуктун санын дагы арттырат. Буга этиштин биринчи жак менен айтылган өткөн чагын уюштуруучу -ган+мын (барганмын) формасынын кээде -гамын (баргамын), -гам (баргам) түрүндө кыскарып кетүүсүн мисал кылсак болот. Кээде илик, табыш жөндөмөлөрүнүн формалары да таандык мүчөдөн кийин жогоркудай кыскарууга дуушар болот: атымдын > атымын, атымы ж.б. Ал эми барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү болсо ошол эле таандык мүчөдөн кийин -га эмес, -а түрүндө жалганып калат: балама, үйүмө, инилериме, короомо. Фонетикалык принцип сөз мүчөлөрүнүн мына ушундай өзгөчөлүктөрүн да толук камтып, буларды

айтылышы боюнча жаза берүүгө жол берет.

Үнсүздөрдүн жумшарышы

Каткалаң үнсүздөрдүн жумшарышы алтай, хакас, тува сыяктуу бир катар түрк тилдеринде өтө эле кеңири өнүккөн. Аларда үндүү тыбыштардын таасири аркылуу бардык каткалаң үнсүздөр комбинатордук өзгөрүүгө учурап, өзүнүн жумшак түгөйлөрүнө өтүп айтыла берет. Түркмөн тилинде болсо к, к, п, т, ч тыбыштары гана жумшарат, калган каткалаң үнсүздөр үндүүлөрдүн таасирине баш ийип өзгөрө бербейт. Ал эми кыргыз тилинде болсо үндүүлөрдүн таасирине карай жумшарып айтылуучу тыбыштардын саны өтө эле аз. Алар: к, к, п, Бул тыбыштар казак тилинде да ушул сыяктуу комбинатордук өзгөрүүгө учурайт.

Булардын үндүүлөр аркылуу жумшарып өзгөрүшү көбүнчө регрессивдүү ассимиляциялык кубулуштарга жатат, прогрессивдүү ассимиляция боюнча өзгөрүшү анча кеңири өнүккөн эмес. Эгерде башкы тыбышы үндүү менен келген мүчөлөр жалганса, сөз аягындагы к, к, п тыбыштары жумшарып, к > ғ , к > г, п > б болуп өзгөрөт. Демек, мүчөдөгү үндүү тыбыштар өзүнөн мурдагы каткалаң үнсүздөргө таасир этет. Жазууда да булардын ушул сыяктуу өзгөргөн түрү сактала берет. Мисалы: бак+ым > бағым, жук+уу > жуғуу, чык+ар > чығар, тек+ы > теги, тик+уу > тигүү, көк+ар > көгөр, топ+ым > тобум, чап+уу > чабуу, сеп+ыл > себил ж.б.

Бири-бирине катар келип айтылган эки сөздүн биринчиси каткалаң к, к, п тыбыштарынын бири менен аяктап, андан кийинки сөз үндүү тыбыш менен башталса, ал каткалаңдар өзүнөн кийинки үндүү тыбышка карата өзгөрүп, ғ , г, б тыбыштарына өтөт, бирок мындай өзгөрүү жазууда берилбейт. Мисалы:

айтылышы:	жазылышы:
ағала	ак ала
көгала	көк ала

турағүй	турак үй
жоғеле	жок эле
бегекен	бек экен
тобойно	топ ойно
кебүк	кеп үк
чөбүймөк	чөп үймөк
сатыбал	сатып ал

Бул айтылган тыбыштардын прогрессивдүү ассимиляция боюнча өзгөрүшүн төмөнкүдөй мисалдардан көрүүгө болот (бирок мындай өзгөрүү эки сөз ортосунда гана учурайт).

айтылышы:	жазылышы:
алагийиз	ала кийиз
карағарға	кара карға
соогелди	соо келди
сууғүйду	суу күйду
барағой	бара кой
алдағачан	алда качан
эртегел	эрте кел
карагүрөң	кара күрөң
тоогийик	тоо кийик

Үнсүздөрдүн жогоркудай өзгөрүүсү эки сөз ортосунда үяң үнсүз+ каткалаң үнсүз болуп кабат айтылып калган учурда да боло бериши мүмкүн. Жазууда булардын өзгөрбөгөн түрүнө гана жол берилет. Мисалы: таңғалды < таң калды, меңгим < мен ким, жөңғой < жөн кой, шамгүйду < шам күйду, каргетти < кар кетти, тоңгийди < тон кийди ж.б.

Бирок жогоркудай каткалаң үнсүздөр бардык учурда эле үндүүлөрдүн таасирине баш ийип өзгөрө бербейт. Айрым учурда булар эки үндүүнүн ортосунда келип айтылганына карабастан, өзүнүн каткалаң абалында кала бериши да мүмкүн. Маселен бек, кек, шек деген сөздөр мүчөлөр

аркылуу беки, бекем, кекен, шекин түрүндө айтылып калса, аяккы үнсүз тыбышы каткалаң боюнча кала берет. Аягы к, к, п, тыбыштары менен келген туураңды сөздөргө -ылда мүчөсү айкашкан учурда да бул каткалаң үнсүздөр жумшарбастан, мурдагы калыбынча колдонула берет. Мисалы: бак+ылда > бакылда, шак+ылда > шакылда, как+ылда > какылда, күңк+ылда > күңкүлдө, дүк+ылда > дүкүлдө, топ+ылда > топулда, дүп+ылда > дүпүлдө ж.б.

Ушул каткалаң үнсүздөр менен аякталган адам аттарынан (Карымшак, Өмүрзак, Жоробек, Жусуп, Жакып ж.б.) жасалган фамилияларда -де к, к, п тыбыштары эки үндүүнүн ортосуна келип айтыла бериши мүмкүн. Бирок мындай позицияда да бул каткалаң үнсүздөр жумшарбай, мурдагы түрүшүнда айтылат. Мисалы: Карымшаков, Өмүрзаков, Жоробеков, Жусупов, Жакыпов.

Үндүүлөрдүн түшүп калышы

Кыргыз тилинде эки же андан ашык муундуу сөздөргө айрым сөз мүчөлөрү уланганда, ал сөздүн аяккы муунундагы үндүү тыбыштын түшүп калуу учурлары кездешет. Бул, көбүнчө, басым башка муунга оошуп кетишинин натыйжасында келип чыгат жана түшүп калуу ы, и, у, ү кууш үндүү тыбыштарына гана таандык болот.

I. Аягы -йыл, -йын, -йин, -юн (-йүн), -йим муундары менен бүткөн бир катар сөздөргө I,П,Ш жактын таандык мүчөлөрү уланганда, бул муундардагы ы, у, и үндүүлөрү түшүп айтылат. Мисалы: айыл+ым > айлым, айыл+ың > айлың, айыл+ы > айлы, айыл+ыбыз > айлыбыз, айыл+ыңыз > айлыңыз.

Таандык мүчөлөр уланганда сөздүн аяккы муунундагы үндүүнүн түшүп калышы башка бир катар сөздөрдө да учурайт. Мисалы: кайын+ы - кайны, дайын+ы > дайны, ийин+ы > ийни, моюн+ы > мойну, оюн+ы > ойну, коюн+ы > койну, кийим+ы > кийими.

Орфография боюнча бул сөздөрдүн кууш үндүүлөрү түшүрүлгөн түр-

дө жазылышына да, түшүрүлбөй сакталган түрдө жазылышына да жол берилет: айлы ≠ айылы, кайны ≠ кайыны, дайны ≠ дайыны, пейли ≠ пейили, ийни ≠ ийини, мойну ≠ моюну, ойну ≠ оюну, койну ≠ коюну, кийми ≠ кийими.

Бул сыяктуу мүүн түзүлүшүндөгү башка бир топ сөздөргө таандык мүчөлөр уланганда да ал мүүндагы күүш үндүүлөр мурдагыдай даана, ачык билинбей, жок катары айтылат, бирок жазууда түшүрүлүп таштабастан толук сакталат. Мисалы: басмайыл+ы → басмайылы, тыйын+ы → тыйыны союл+ы → союлу. Бирок булар: басмайлын тартты, тыйным жок, сойлу менен бир чапты түрүндө айтыла бериши мүмкүн жана мындай айтуу орфоэпиянын нормаларына да каршы келбейт.

2. Аягы -рын (-рин, -рун) мүүндары менен аякталган сөздөргө жакчыл-таандык мүчөлөр уланганда бул мүүндардагы күүш үндүүлөр түшүп да айтылат. Мындай учурларда үндүү тыбыш түшүп айтылуу менен бирге уңгу сөздүн составында да өзгөрүүлөр пайда болот. Мисалы: карын+ы → карды, эрин+ы → эрди, орун+ы → орду, мурун+ы → мурду.

Бул сөздөр карды - карыны, эрди - эрини, орду - оруну, мурду - мурууну болуп эки түрдүү айтылуу менен бирге, орфографияда ошол эки түрдүү жазылышына да жол берилет.

3. Жогоркуларга окшош типтеги мүүндар менен аякталган бир катар сөздөргө таандык мүчөлөр уланганда да күүш үндүүлөр түшүрүлүп айтылат. Мисалы: ысым+ы → ысмы, жарым+ы → жармы, үйүр+ы → үйрү. Мындай сөздөрдүн да эки түрдүү айтылып жана жазылышына жол берилет.

Таандык мүчөлөр уланганда аяккы мүүндагы күүш үндүүсүн түшүрүп таштаган сөздөрдүн бардыгында тең мүүн чеги өзгөрөт, башкача айтканда, үндүү тыбышын жоготуп жаткан түюк мүүндагы башкы үнсүз тыбыш өзүнөн мурдагы ачык мүүндүн составына өтөт. Мисалы: ка-йын, мо-юн (мо-йун), ки-йим, о-рун, му-рун, жа-рым. Бул сөздөргө таандык мүчөлөр уланган кийин мүүн составы бир аз өзгөрүшкө учурайт:

кай-ны, мой-ну, кий-ми, ор-ду, мур-ду, жар-мы.

4. Аз болсо да, айрым сөздөрдү этишке өткөрүүчү -а мүчөсү уланганда бул мүчөнүн алдынкы муундагы кууш үндүү түшүп калуу учурлары кездешет жана ал сөздөр ошол айтылышы боюнча жазылат: орун+а > орно, оюн(ойун)+а > ойно, кыйын+а > кыйна, жыйын+а > жыйна, жумуш+а > жумша.

5. Аягы -ру мууну менен келген ууру деген сөзгө этиш жасоочу -ла мүчөсү уланганда аяккы кууш үндүү түшүп калат да мүчөнүн башындагы л тыбышы д тыбышына өтүп айтылат жана жазылат: ууру+ла > уурда.

Кыргыз тилиндеги балдар деген сөздүн пайда болушун да бала деген сөздүн аягындагы үндүү тыбыш түшүп калып, ага көптүк -лар мүчөсү улануунун натыйжасында келип чыккан өзгөчө учур катарында кароо керек: бала+лар > бал(а)лар > баллар > балдар.

6. Аягы -йыр, -йир, -юр, -йүр муундары менен аяктаган этиш сөздөргө чакчыл -ып мүчөсү уланганда ал муундагы кууш үндүү тыбыш түшүп да айтылат. Мисалы: кайыр+ып > кайрып, ийир+ып > ийрип, буюр+ып > буйрун, чүйүр+ып > чүйрүп.

Жазууда мындай сөздөрдүн эки түрүнө тең жол берилет.

7. Башкы тыбышы үндүүлөр менен башталган же жалаң үндүү тыбыштан турган -ым, -ың, -ыш, -ып, -оо, -уу сыяктуу сөз мүчөлөрү аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө уланганда мүчөдөгү үндүү тыбыш түшүп айтылат жана жазууда да ошол түрү сакталат: ата+ым > атам, ини+ым > иним, эне+ың > энең, сана+ыш > санаш, иште+ыш > иштеш, күрө+ып > күрөп, тире+ып > тиреп, алты+оо > алтоо, жети+оо > жетөө, карма+оо > кармоо, чене+оо > ченөө, оку+уу > окуу, калкы+уу > калкуу, чири+уу > чирүү.

8. Жанаша айтылган сөздөрдүн биринчиси үндүү менен аяктап, ага удаалаш айтылган экинчи сөз да үндүү менен башталса, көбүнчө, биринчи сөздүн аяккы үндүү тыбышы түшүп айтылат. Бирок жазууда алар-

дын толук формалары сакталат. Мисалы:

айтылышы:	жазылышы:
каруй	кара уй
кулат	кула ат
алөпкө	алаөпкө
баралбайт	бара албайт
колуналды	колуна алды
айталек	айта элек
көрөлек	көрө элек

9. Кыргыз тилинде эки же андан ашык муундан турган сөздөрдө бир катар учурларда басым түшкөн муундан мурда келген кууш үндүүлөр өтө күңүрт, басмырт, жок катары начар айтылат, башкача айтканда, үндүү тыбыштар редукцияланат. Мисалы: кызыл, билим, корутунду, көпүрө деген сөздөрдүн кы, би, ру, пү муундарындагы ы, и, у, ү кууш үндүүлөрү өзүнөн кийинки муундагы үндүүлөргө же жалпы эле бул тыбыштардын артикуляциялык катышы жагынан болгон нормага караганда күчсүз, начарланып айтылат. Бирок жазууда ал кууш үнсүздөр сакталат.

10. Аягы кууш үндүүлөр менен аяктalган бир катар сөздөргө -кы мүчөсү уланганда сөздүн аягындагы кууш үндүү түшүп калат жана ошондой түшүп калган түрү адабий норма болуп эсептелет. Мисалы: тышкары+кы ➘ тышкаркы, илгери+кы ➘ илгерки, жогору+кы ➘ жогорку, эми+кы ➘ эмки.

Бул редукция анча көп эмес кууулуу эмеспи.

11. Орус тили аркылуу кабыл алынган кээ бир сөздөрдө ошол орус тилиндеги негизги формасы сакталуу менен бирге, аяккы үндүү тыбышы түшүрүлүп айтылган түрү да бир кыйла кеңири колдонулат жана ошол түрүндө жазууга да жол берилет. Мисалы: секунда - секунд - секунт, минута - минут - мүнөт.

Орус тилинде көптүк санда гана колдонулган же аягы үндүү менен бүткөн каникулы, макароны, октябрята, папироса, одеяло деген сөздөр

кыргыз тилинде аяккы үндүүлөрүн түшүрүп, каникул, макарон, октябрят, папирос, одеял формасында кабыл алынган жана жазууда ошол түрүндө берилет.

Сын атоочтук формада туруп аягы үндүүлөр менен аяктап, зат атоочтук милдет аткарган столовая, мастерская деген сөздөрдүн аяккы үндүүсүн жоготкон столовой, мастерской деген формалары кабыл алынган. Сөз мүчөлөрү да ушул формаларга ылайык уланат: столовойго, столовойдун, столовойдо, мастерскойго, мастерскойдун, мастерскойдо.

Үндүүлөрдүн кошулуп айтылышы

Кыргыз тилинде сөзгө үндүү тыбыштардын кошулуп айтылышы сөздөгү үндүү тыбыштардын түшүрүлүп айтылышына караганда алда канча аз.

Кыргыз тили үчүн сөздөрдүн р, л тыбыштары менен, ошондой эле эки үнсүздүн айкалыша келиши менен башталышы мүнөздүү эмес, андай сөздөр дээрлик башка тилдерден кабыл алынган.

Ошондуктан р, л тыбыштары жана ст, пл, пр, тр сыяктуу эки үнсүздүн айкалыша келиши менен башталган сөздөрдүн колдонулушун кыргыз тилинин өнүгүш процессине жараша эки мезгилге бөлүп кароого туура келет. Кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнүн алгачкы мезгилинде мындай тыбыштар менен башталган сөздөрдүн алдында бир үндүү тыбыш кошулуп айтылып жана ошол түрүндө жазылып да келген. Мисалы: ырадио (радио), ырайон (район), ыраскот (расход), ылампа (лампа), ыстыкан/истакан (стакан), истанок (станок), истанса (станция).

Бирок, кийинчерээк, кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнүн бир кыйла калыптанган мезгилинде, ошол орус тилиндеги айтылышын жана жазылышын сактоо басымдуулук кылып, ушул күндө орус тилиндеги негизги формасы толук бойдон кабыл алынып кетти да ~~Улуу~~ Октябрь революциясына чейин эле кыргыз тилине кирип, эл арасына кеңири сиңип кеткен орус, ирет (ряд), устөл (стол) сыяктуу бирин-экин сөздө гана алдына үндүү тыбыш кошулуп айтылышы сакталып калды.

Ал эми кыргыз тилине р, л тыбыштары менен башталып араб, иран тилдеринен кирген сөздөрдүн айтылыш жана жазылышында эки түрдүүлүк бар. Ыраазы, ырай, ырайым, ырас, уруксат сыяктуу басымдуу түрдөгү көпчүлүк сөздөрдүн башында үндүү тыбыш кошулуп жазылса, кийинки мезгилдерде раис, рамазан, рухий, ракмат, лакап деген сыяктуу сөздөрдө р, л тамгалары менен баштап жазуу сунуш кылынып жүрөт. Албетте алардын кандайча окулушун жана айтылышын жөнгө салуу орфоэпиялык норманын маселелерине кирет.

Орус тили аркылуу кирип, аягы -ск, нк, -фть, -кт, -нг, -нд тыбыштарынын же -нск, -льск сыяктуу үч үнсүз тыбыштын айкалышы менен бүткөн сөздөргө мүчөлөр уланганда, ал сөздөр менен мүчөлөрдүн ортосунда алдынкы муундагы үндүүгө карай бир үндүү тыбыш кошулуп айтылып, жазууда да ошол түрү сакталып кала берет. Мисалы: киоск - киоскиге, танк - танкага, танкыга, нефть - нефтиге, акт - актыга, митинг - митингиге, фонд - фондуга, Минск - Минскиге, Пржевальск - Пржевальскиге.

Бир катар сөздөрдүн негизгиси катарында аягы үнсүз менен аяктаган сөздөр эсептелүү менен бирге, үндүү тыбыш кошулуп айтылган формалары да катар колдонула берет жана алар көбүнчө стилистикалык мааниге ээ болот: дайым - дайыма, далбас - далбаса, тик - тике, наал - наалы (өтүктүн наалы, өтүктүн наалысы).

Кыргыз тилинде өз алдынча турганда да, мүчө уланган түрүндө да, сөз ортосунда р тыбышы же ст айкалышы катышып үч үнсүз катар келген сөздөр бар. Мындай учурларда ал сөздөрдөгү р тыбышынан кийин жана ст айкалышынан мурун кууш үндүү тыбыш кошулуп айтылат, бирок жазууда берилбейт.

Мисалы:

жазылышы	айтылышы
арстан	арыстан
барскан	барыскан

барктуу	барыктуу
эрксиз	эриксиз
Кыргызстан	Кыргыз[ы]стан

Үнсүздөрдүн түшүп калышы

Азыркы кыргыз тилинде үңгү сөздөрдө да, сөзгө мүчө уланган түрүндө да, үнсүз тыбыштардын түшүп калуу фактылары учурайт. Үңгү сөздөрдүн кайсы үнсүз тыбыштары түшүп калгандыгын тарыхий жол менен салыштыруу, ал сөздөрдүн диалектилик формаларынан сакталып калышы аркылуу гана билүүгө мүмкүн болсо, сөз мүчөлөрү уланганда түшүп калышы ошол фактынын өзүнөн эле көрүнүп турат. Мисалы, жалпы эле түрк тилдеринин азыркы өнүгүш деңгээлинде бир катар сөздөрдө г тыбышынын түшүп калгандыгы белгилүү. Бул факт ушул күндөгү кыргыз адабий тилинде элек, орок, тарак түрүндө колдонулуп жүргөн сөздөр айрым диалектилерде элгек, оргок, таргак түрүндө сакталып калгандыгы менен да ырасталат.

Эгерде кээ бир сөздөр бир үнсүз тыбышын түшүрүп коюп, азыркы мезгилде адабий тилде ошол түшүргөн калыбында гана кирип калган болсо, бир катар сөздөр ушул күнгө чейин үнсүз тыбышын түшүргөн түрдө да, сактап калган формасында да, параллелдүү түрдө колдонула берет.

Үнсүз тыбыштары түшүрүлүп айтылган формада, толук сакталган түрдө же эки формада тең колдонула бериши, негизинен г, к, л, м, н, т тыбыштары катышкан сөзжөрдө ар кандай позицияда турган абалында учурайт.

Үнсүз г тыбышы жогоруда айтылгандай элек, орок, тарак деген сөздөрдө түшүрүлүп айтылган формасында адабий тилдин нормасы катарында калыптанып кеткен. Бул сөздөрдүн элгек, оргок, таргак түрүндө айтылышы диалектилерде гана кездешет. Бул тыбыш энгилчек деген сөздө сакталып калгандыгы байкалат, анткени адабий тилде бул сөздүн энгил-

чек түрүндө айтылышы кабыл алынып кеткен. Ал эми кээ бир сөздөрдө г тыбышынын түшүрүлүп айтылган түрү да, сакталып айтылган түрү да колдонула берет: эмиз - эмгиз, тамыз - тамгыз.

Сөз ортосунда болсун, сөз аягында болсун к тыбышынын түшүрүлүп айтылган учурлары кездешет. Ошону менен бирге түшүрүлбөй айтылган формасы да колдонула берет. Мисалы: жымыр - жымкыр, көмөр - көмкөр, көмөрөсүнөн - көмкөрөсүнөн, кыңай - кыңкай, тара - тарка, уруй - уркуй, чуму - чумку, телчи - телчик, чачы - чачык, тепке - тепкек.

Ал эми сөз башында к тыбышынын түшүрүлүп айтылышы, диалектилик көрүнүш катарында, өтө сейрек учурайт. Мисалы: окус, окустан, окусунан. Жазууда кокус, кокусунан, кокустан деген толук формасы гана колдонулат.

Бир катар сөздөрдө л тыбышынын түшүрүлүп айтылган түрү да, түшүрүлбөй айтылган түрү да бирдей эле даражада колдонула берет: күлкүчү - күлкүчүл, күңкү - күңкүл, отур - олтур. Ошондой эле ал, ошол, тигил деген ат атооч сөздөрдүн л тыбышы түшүрүлүп, а, ошо, тиги түрүндө да көп колдонулат.

Жекелик сандагы П жактын таандык мүчөсүнөн кийин көптүктү көрсөтүүчү -дар мүчөсү уланганда мүчөнүн башкы л тыбышы түшүп калат. Мисалы: ат+ың+лар → атыңар, китеп+ың+дар → китебиңер, үй+ың+лар → үйүңөр.

П жактын жак мүчөсүндө турган этиш сөздөрдөн кийин көптүк -дар мүчөсү уланса да мүчөнүн башындагы л тыбышы түшүп калат. Мисалы: бар+а+сың+лар+бы → барасыңарбы (барасыңдарбы болбойт), ал+ды+ң+лар+бы → алдыңарбы (алдыңдарбы болбойт).

Сөз ичинде үнсүз м тыбышынын түшүрүлүп айтылышы бир кыйла аз учурайт. Ошону менен бирге анын түшүрүлбөй толук айтылган формасы да параллелдүү түрдө колдонула берет. Мисалы: күлүндө - күлмүндө, оромпой - оропой, тырмыш - тырыш, тытала - тытмала.

Үнсүз тыбыштардын ичинен көбүрөөк түшүрүлүп айтылышы н тыбышына туура келет. Айрым диалектилерде, говорлордо сөз башындагы н тыбышын түшүрүп айтуу өтө күчтүү. Натыйжада ачар (начар), ике (нике), өшөр (нөшөр), уска (нуска), айза (найза), асыя (насыя) сыяктуу н тыбышынын сөз башында колдонулушу айкын болуп турган сөздөрдө да н тыбышын түшүрүп айтуу учурлары бар. Бирок булар диалектилик көрүнүш болуп гана эсептелет да, адабий тилде н тыбышы толук айтылган формалары сакталат. Ошону менен бирге ноопаз, нук, ноюбас, ноокас, нокто, ным деген сыяктуу сөздөрдө да башкы н тыбышын сактоо адабий тилдин нормаларына ылайык келет. Ал эми сөз башында н тыбышы түшүрүлүп да, түшүрүлбөй да айтылышынын бирдей өлчөмдө таралышына жараша бир катар сөздөрдө эки түрдө тең колдонулушуна жол берилет: эбак - небак, эче - нече, эченчи - неченчи, уку - нуку, укуй - нукуй, укум - нукум, ыксыра - ныксыра, ыкыс - ныкыс. Ичке, оён, окоро, ыпта, эмне сыяктуу бир катар сөздөрдүн н тыбышы менен ничке, ноён, нокоро, ныпта, немне (немине) түрүндө айтылышы адабий тилдин нормаларына туура келбейт.

Айрым сөздөрдө сөз аягында н тыбышынын түшүп айтылышы менен катар толук сакталган түрү да кездешет: атайы - атайын, өрүү - өрүүн.

Байыркы өткөн чактын -ган мүчөсүндө турган этиш сөздөрдөн кийин I-жактын жак мүчөсү уланганда -ган мүчөсүнүн аягындагы н тыбышы түшүп калып да айтыла берет. Мисалы: өскөн+мын → өскөмүн, көр-гөн+мын → көргөмүн, укан+мын → уккамын. Жазууда н тыбышы түшүп айтылган түрүнө да, түшүрүлбөй толук сакталган түрүнө да жол берилет: өскөнмүн - өскөмүн, көргөнмүн - көргөмүн, укканмын - уккамын.

Бир катар сөздөрдө эң аяккы т тыбышы сакталып айтылып да, түшүрүлүп да колдонула берет. Мисалы: саргылт - саргыл, буйгат - буйга, соогат - соога, калдырт - калдыр, күлдүрт - күлдүр, дүбүрт - дүбүр.

Диалектилик сөз жана кээ бир оозеки чыгармалардын, казалдардын тил өзгөчөлүгү катарында аягында т тыбышы сакталуу менен дост деген сөз учурайт. Бирок адабий тилде бул сөздүн т түшүрүлгөн дос деген формасы гана кабыл алынып, калыптанып кеткен.

Ал эми ст тыбыштарынын айкалышы менен бүткөн орус тили аркылуу кабыл алынган артист, тракторист, машинист, капиталист деген сыяктуу оозеки кепте аяккы т тыбышы жок сыяктуу артис, тракторис, машинис, капиталис болуп айтыла берет. ~~бирок жазууда т толук сакталат.~~

Метатеза

Тилде кээ тыбыштардын орун алмашып айтылуу учурлары кездешет. Бир сөз ичиндеги тыбыштардын орун алмашып айтылышы метатеза деп аталат.

Эгерде жанаша турган тыбыштар орун алмашып айтылса жанаша метатеза болот. Мисалы: бөксө - бөскө, мыкчы - мычкы, чепкен - чекпен, чекмен, кешпир - кепшир, сарымсак - сармысак, кырмычык - кырымчык, күрмүшү - күрүмшү.

Бир катар учурларда метатеза жанаша айтылган тыбыштардын орун алмашуу чегинен чыгып, аттамактап орун алмашып айтылышы мүмкүн. Мындай аттамактап орун алмашуу обочо метатеза болот. Мисалы: кыргый - кыйгыр, зоболо - золобо, кыйнал - кыйлан, мыйык - мыкый, күртку - күртүк, телегей - тегелей, тегирмен - темирген, көңтөр - төңкөр, күмөн - күнөм, жылаңач - жыңалач, жылаңбаш - жыңалбаш.

СЫДЫКОВ Ж.К.

МУУН ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Баарыңарды!

М у у н ж ө н ү н д ө т ү ш ү н ү к. Адамдын ооз-эки кеби тыбыштык агымдан турат. Аны шарттуу түрдө эң майда, андан ары бөлүнбөй турган фонациялык (артикуляциялык) бирдикке - муунга ажыратууга болот. Ал эми тыбыштык бирдиктерге (фонемаларга) ажыратуу лингвистикалык талдоонун натыйжасы болуп эсептелет.

Муун, негизинен, үндүү тыбыш аркылуу гана түзүлөт, бирок кээ бир тилдерде (мисалы: чех, англис) айрым позицияларда үнсүздөр - дүн-сонанттардын (мисалы: m, n, ŋ, l, z) да муун түзүүчүлүк касиетке ээ болору белгилүү.

Муундун түрлөрүн аныктоодо анын татаалдыгына байланыштуу талдоого көбүнчө бир муундуу сөздөр алынат. Алардын негизинде, эгер муун бир гана үндүү тыбыштан турса V-(CVC)*, толук (абсолют - туу) а ч ы к м у у н деп аталат. Мисалы: а-(та), и- (рик) , у - (туш) ж.б.

Эгер муун үнсүз менен башталып, үндүү менен аяктаса (CV), баштапышы жабык а ч ы к м у у н, мисалы : же, ме, жаа, тоо, боо ж.б., эгер муун үнсүз менен башталып, үнсүз менен аяктаса (CVC) т о л у к ж а б ы к (туюк) м у у н, мисалы, төрт, бет, керт, так, ток ж.б., эгер муун үндүү менен башталып, үнсүз тыбыш менен аяктаса башталышы а ч ы к ж а б ы к м у у н (ус) деп атоого болот (мисалы, ат, ит, эт, ык ж.б.). Ошондой эле басымдын түшүшүнө карата басымдуу же басымсыз муун, үндүүлөрдүн түрүнө карай - созулма же кыска муун деп атаса болот. Сөздөрдүн муундарга бөлүнүшү, алардын морфологиялык принциптеги бөлүнүштөрү менен дайыма эле туура келе бербейт. Мисалы морфологиялык бөлүштүрүүдө б.а. сөздөрдү үнгү, мүчөгө ажыратуу менен аларга муунга (фонетикалык) ажыратууларынын туура кел - ген учурларына кыргыз тилинен: кой-чу, уй-чу, ат-кыч, ач-кыч ж.б.,

* С - үнсүз тыбыш
V - үндүү тыбыш

англис тилинен:

Ал эми сөздөрдүн муунга ажыратылышы морфологиялык принцип менен туура келбеген учурларга

кыргыз тилинен: о-куу-чу, жу-муш-чу, э-не-лер, а-та-лар ж.б.

англис тилинен:

сыяктуулар кирет. Мындай учурлар, б.а. муундардын фонетикалык планда ажыратылышы көпчүлүк тилдерде басымдуу.

Кийинки кездердеги экспериментгик фонетиканын ыкмаларын колдонуу менен муундун типтерин изилдөөнүн жыйынтыктары ачык муундардын бөлөк типтерге караганда басымдуулук (мисалы: орус тилинде) кылдыгын көрсөттү[I].

Тилчилердин көпчүлүгү муунду тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн эң маанилүү бирдиги деп эсептешет. Бирок анын табиятын жана муунга ажыратуунун физиологиялык (артикуляциялык) механизмдерин аныктоо изилдөөлөрү, тил илиминин өнүгүшүнүн алгачкы учурларынан тартып ар түрдүү өлкөлөрдүн тилчилери тарабынан үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келсе да, азыркыга чейин муун маселеси боюнча бирдиктүү жобо толук кабыл алына элек.[2].

Тил илиминде муун проблемасын чечүүгө арналган бир топ теориялар бар. Аларга байыркы индиялыктардын жана гректердин муун жөнүндөгү пикирлеринен тартып Ф. де Соссюрдин имплозивдик-эксплозивдик теориясын[I], Б.Халдын - комплекстүү теориясын[4], А.Россетти - нин абачылдык теориясын [5], О.Есперсендин - сонордук теориясын [6], М.Граммон, Л.Руде, А.Абеле, Л.В.Щерба ж.б. - сүйлөө органдарынын

I Кара: Бондарко Л.В. Структура слога и характеристики фонем. 1967. №I, стр. 35

2 Кара: Зиндер Л.Р. Вопросы языкознания. Общая фонетика.М., 1979, стр. 256.

3 Кара: Соссюр Ф.де.Курс общей лингвистики.М., 1933, стр.71-72.

4 B.Hala Slabica, jedi podstata a vyvvi. Praha, 1956.

5 Rosetti A. Surla theorie de la syllable. Hague, 1963.

6 Espersen O. Lerhbuch der Phonetik. Leipzig-Berlin, 1932

булчундарынын чыңалыш (кыскарыш)[1] теориясын ж.б. колдонууга болот. Жалпысынан алганда, жогорудагы теорияларда муун проблемасынын айрым маселелери реалдуу чагылдырылганы менен, негизги проблема бир жактуулукка, абстрактуулукка дуушар болуу менен объективдүү мүнөздөмөлөрдө (жыйынтыктарда) ээ боло алган эмес.

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МУУН ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Азыркы кыргыз адабий тилинде, дүйнөнүн башка көп тилдериндегидей ~~(алардын ичинде — англис тилиндегидей)~~ эле муундардын төрт тиби бар:

I) толук ачык муун, мындай муун бир гана кыска же созулма үндүүдөн турат. Мисалы: а, э-(не), у-(ку), уу-(ру), оо-(ро) ж.б.;

2) башталышы жабык, – ачык муун, ал – үнсүз тыбыш менен башталат, мисалы, же,зоо,ме, тоо, боо ж.б.;

3) толук-жабык (туюк) муун – үндүү эки жагынан үнсүз менен бекителет, мисалы, бак, зор, кор, тек. ж.б.

4) башталышы ачык-жабык муун,бул муун үнсүз тыбыш менен аяктталат, мисалы, от, эс, эл, өт ж.б.

Ушул муундук типтердин арасынан – толук (туюк) жабык муун (CVC) менен башталышы ачык-жабык муундун (VC), структуралык жакан эки түрү – (CVCC) жана (VCC) бар. Алар жогоркулардан ~~(VC, (C C)~~ муундун үнсүздөрүнүн сан боюнча гана көбөйгөндүгү менен айырмаланышат. Мисалы: CVCC – журт,карт,даңк,шарт ж.б.

VCC –алп, эрк, ырк, орто ж.б.

Муундардын ушул түрлөрүнөн – (CVCC) гана кыргыз тилинин төл сөздөрүнө мүнөздүү, анткени (VCC) сыктуу типтер кыргыз тилинин саналуу гана сөздөрүндө жолугат.[2].

---

[1] Щерба Л.В. Фонетика французского языка. М., 1963

[2] ~~Кара.~~ Юдахин К.К. Киргизско = русский словарь. М., 1968.

Кыргыз тилине орус тили жана башка тилдер аркылуу өздөштүрүлгөн сөздөрдө башталышы – жабык ачык муундун (CV), башталышы ачык жабык – муундун (VC), жана толук жабык (туюк) муундун CCV, VCCC, CCVCC, CCVC, CCCVC, CVCCC сыяктуу, негизги алты подтиптери жолугат.

Кыргыз тилинин төл сөздөрүнө мүнөздүү муундун алты түрүн – V, VC, CV, CVC, VCC, CVCC жана кыргыз тилине өздөштүрүлгөн сөздөрдөгү кездешүүчү – CCV, VCCC, CCVCC, CCVC, CCCVC, CVCCC – типтердин саны менен бириктирсек, азыркы кыргыз тилинде муундун негизги 12 түрү бар деп эсептөөгө болот.

Кыргыз тилинин төл сөздөрүнүн муундарга ажырашы негизинен эки үндүүнүн ортосундагы үнсүз тыбыштын кийинки муунга+үндүүгө таандыктыгы менен мүнөздөлөт, мисалы, о–бон, у–кук, о–ро, оо–ру ж.б.

Эгер эки же андан көп муундуу сөздөрдө үнсүз тыбыштардын айкалышы интервокалдык позицияларга туура келсе, анда муундардын ажырашынын чеги ошол эки үнсүзгө туура келет да, алар эки муунга бөлүнүшөт. Мисалы, үй= чү, эр= кин, тор=пок=чу, а=та=лар=га, ти=ри=чи=лик=ке.

Эгер үч үнсүз тыбыштардын айкашы интервокалдык позицияга туура келсе, анда акыркы үнсүз кийинки муунга жалгашат. Мисалы, журт=ту, эрк=ти, өрт=тү, алп=ка+ра=куш, шар=тар=га ж.б.

Ал эми кыргыз тилине башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдү муунга ажыратууда негизинен жогоруда белгиленгендей, же айрым учурларда ошол өздөштүрүлгөн сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу, ошол тилдерге мүнөздүү муунга ажыратуу принциптери эске алынышы мүмкүн.

Б А С Ы М

БАСЫМДЫН ФОНЕТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Дүйнөнүн тилдериндеги басымдын табиятын жана анын түрлөрүн аныктоо фонетиканын эң татаал маселелеринин бири. Анткени, бул кубулушту кеп кылганыбызда, айрым сөздүн белгилүү муундунун (же муундарынын) башка муундан (же муундардан) бир топ физикалык касиеттер (мисалы, күч,убакыт,үй-бийиктиги-тон) менен айырмаланганын гана эмес, сүйлөө процессиндеги тыныштык изгектин айрым сегменттеринин (муундарынын) жогорудагы фонетикалык каражатар менен башка тилдик бирдиктерден өзгөчөлөнгөндүгүн да эске алабыз. Ошондуктан, ар түрдүү тилдердин басымдарын, анын сөздүк, фразалык (синтагматикалык), айырмалоочу - логикалык жана эмфатикалык (же эмоционалдык) типтерине ажыратабыз. Бул типтердин акустикалык (физикалык) жана артикуляциялык каражаттары бирдей, ал турсун турсун синтаксисттик бөлүктөрдүн (фразанын, структуралык, семантикалык жана функционалдык өзгөчөлүктөрүнө жараша, айрым айырмачылыктарды кошпогондо) интонациясынын компоненттери да жогорудагы басымдардыкы сыяктуу мүнөздөмөлөргө ээ[I].

Басымдын артикуляциялык негизине дем чыгаруунун күчү (басымы) фонациялоо (айтылыш) убакыты, сүйлөө органдарынын чыңалышы, үн түйүндөрүнүн кыймылынын (диллдирешинин) жыштыгы кирет. Ошол физиологиялык процесстердин натыйжасы катары, басымдын акустикалык мүнөздөмөсү - муундун (же аны түзүүчү тыбыштардын) интенсивдүүлүгү (күчү), узундугу жана негизги тону боюнча белгилүү көрсөткүчтөрдөн турат.

Ар бир тилдеги басым,ошол тилдин өзгөчөлүктөрүнө карай, жогорудагы артикуляциялык жана акустикалык касиеттердин жалпы бирим - дүүлүгү менен, же айрымдарынын гана татаал комбинациясы менен

[I] Сыдыков Ж.К. Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов.Фрунзе" Илим" 1990,130-140бб.

аныкталат.

Мына ушул фонетикалык каражаттардын айрымдарынын тигил же бул тилдин басымын мүнөздөөдөгү " салмагына " жараша дүйнөнүн тилдеринин сөздүк басымын төмөнкүдөй негизги төрт түргө бөлүүгө болот:

I. Динамикалык же экспиратордук басым. Мындай басымдын негизин муундун күчү (басымы (түзөт.

2. Музыкалык (тоналдык) басым. Мында муундун айырмаланышы тондун жогорулашына же төмөндөшүнө жараша болот.

3. Сандык басым. Буга үндүүнүн (Муундун) үн узундугу боюнча айырмаланышы негиз болот.

4. Сапаттуу басым. Аны аныктоодо үндүүлөрдүн спектралдык мүнөздөмөсү (тембри) негизги маанилүү. Өз учурунда Л.В.Щерба орус тилиндеги басымдуу үндүүлөрдүн, басымсыздардан артикуляциялык жана спектралдык жактан катуу айырмаланышарын белгилеген [I].

Тилдердеги басымдын түрлөрүн ажыратууда, негизинен жогорудагы басымдын динамикалык, музыкалык жана сандык типтери эске алынат. Дагы бир жолу белгилеп кете турган нерсе, жогорудагы аталган басымдардын негизги компоненттери, эч бир тилде басымды мүнөздөөгө жекече катышпайт, ал башка компоненттер менен бирдикте же айрымдары менен белгилүү деңгээлдеги байланышта басымдын фонетикалык табиятын түзөт[2].

Ошондуктан, кыргыз, англис, немец жана орус тилдеринин сөздүк басымдары динамикалык басымдын түрүнө жалпы кошулгандары менен алардын басымдык компоненттеринин составы жана өз ара байланышы ар башкача. Кыргыз тилинин сөздөгү басымы, негизинен интенсивдүүлүк жана үн узундугу менен аныкталса [3], англис [4] жана

I Щерба Л.В. Избранные работы по русскому языку.М.,1957.163-б.

2 Сыдыков Ж.К. Кыргыз жана англис тилдеринин салыштырма фонетикасы. "Илим " басмасы, Фрунзе, 1984. 80-89 бб.

3 Орузбаев А. Киргизская акцентология. Фрунзе. 1974,б. 163.

4

немец[1] тилдериники – үн узундугу жана негизги тондун өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Ал эми орус тилинин сөздүк басымы айрыкча, үн узундугу менен айырмаланат[2].

Дүйнөнүн тилдери сөздүк басымдын түшкөн ордуна карата дайыма бир орунга (муунга) түшүүчү (туруктуу) жана ар башка (орундарга) муундарга түшө берүүчү (эркин) басымдын эки тибин камтыйт.

Дайыма бир орунга (туруктуу) түшүүчү басымды, ал дайыма сөздүн белгилүү бир гана позициясында жолугат. Мисалы, кыргыз жана башка түрк тилдеринде, сөздүк басым сөздүн аякы муунуна гана түшсө, эстон тилинде – сөздүн эң башындагы позицияга (муунга), ал эми поляк тилиники – сөздүн акыркы муунунун алдындагы муунда гана кездешет.

Ал эми ар башка позицияларга (муундарга) түшө берүүчү эркин басым, ошол тилдердин фонетикалык системасына байланыштуу сөздүн түрдүү муундарына түшө берет. Мындай, эркин сөз басымы – орус, англис тилдерине мүнөздүү.

---

[1]Кравченко М.Г. и др. Ударение и интонация в немецком языке, Л. 1973, 8 = бет.

[2]Златоусова Л.В. Фонетическая природа русского словесного ударения. кн. II. Казань, 1956, т. 3.

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗ БАСЫМЫНЫН ОРДУ

Кыргыз тилинин сөздүк басымы - сөз уюштуруу функциясын реализациялоодо, негизинен, сөздөрдүн аягындагы - акыркы муундарга түшөт (мисалы: ата́, жайло́о, көпөлө́к, жатакана́, тиричили́к). Айрым бир төмөнкүдөй морфологиялык шарттарда гана сөздүк басымдын сөздүн акыркы муунунан мурунку муунга түшкөн учурлары кездешет. Мисалы, таандык мүчөнүн биринчи жана экинчи жагынын мүчөлөрү =мын, =сын, =быз, =сыз атооч сөздөргө жалганган учурларда (учку́чмун, окуучу́суң, күчтүүбүз, жашсыз).

Сөзгө =бы жана =чы мүчөлөрү уланганда (сө́нбү, э́лби, же́рби, ба́рчы, эмгекте́нчи, жа́зчы).

Этиш сөздөргө = айым, = алы, = алык мүчөлөрү уланганда (кайтажа́йын, аткара́лы, жөнөкөйлүк).

Кыргыздардын фамилияларына = ов, = ев, = ова, = ева мүчөлөрү уланганда (Султа́нов, Эсенама́нов, Келгенба́ева, Ала́шова), басым сөздүн аягындагы муундун алдынкыларына түшөт. Ошондой эле, сын атооч менен кээ бир тактоочтордун бирикмесинен түзүлгөн сөздөргө да (а́пак, ко́пкок, жапжа́кыл) басым алдынкы муунга түшөт. Бирок этиштин терс формасынын = ба мүчөсү уланган сөздөрдө, басым ошого түшөт да, акыркы муун(калган мүчөлөр) басымсыз айтылат. Мисалы: барбагын, урушпагын, кечикпегин, унутпагын.

Кыргыз тилине орус тилинен жана башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдөгү басым ошол тилдердин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу түрдүү муундарга түшө бериши ыктымал (о́пера, афи́ша, эстра́да, футбо́л).

Кыргыз тилинин көп муундуу сөздөрүнүн жана орус тили аркылуу кабыл алынган көп составдуу сөздөрдүн акыркы муундарыгдагы негизги басым менен бирге ошол эле сөздүн муундарына кошумча (же жардамчы) басымдын болушу ыктымал. Кыргыз тилинин көп муундуу сөздөрүндөгү кошумча басымдын орду негизинен ошол сөздөрдүн үнгуларындагы (негиздериндеги) муунда белгиленет[I].

I. Сыдыков Ж.К. Безударный вокализм в киргизском языке. Фрунзе: Илим, 1978, 93 б.

ИНТОНАЦИЯ

Жалпы түшүнүк. Интонация (лат. тилинен сүйлөө, көтөрүңкү сүйлөө) – тил илиминдеги азыркы учурга чейин кеңири изилдене элек эң татаал тилдик кубулуштардын бири. Бул маселе жөнүндө көптөгөн тилчи окумуштуулардын бирдиктүү ой пикири жана аныктамасы жокко эсе. Проф. Н.Д.Светозарова белгилегендей интонация боюнча канча көп аныктамалар болсо, анын функциялары боюнча андан да аз эмес пикирлер бар. Бирок интонация ооз эки көптин (речтин) реалдуу белгиси жана мүнөздөмөсү экендиги талашсыз. Ансыз ооз эки көптин реализацияланышы (айтылышы) мүмкүн эмес. Анткени интонация ооз эки көп аркылуу айтылуучу ойду, ар түрдүү ички сезимди толук жана кылдат билдирүүдө өзгөчө ролду аткарат. Сүйлөмдөр интонация аркылуу гана фразага айланышат. Интонация ооз эки көптүн эң маанилүү каражаты болуу менен бирге бир топ функцияларды аткарат. Биринчиден, ооз эки көп интонациянын жардамы менен синтагмаларга[2] ажырайт. Синтагмалар синтагматикалык (фразалык) басымдын, үн ыргагынын (мелодиканын), убакыттын (үн узундугу) жана динамикалык каражаттардын жардамы менен мүнөздөлүшөт. Синтагмалардын бөлүнүшүнө фразанын синтаксистик мааниси менен бирге жогорудагы аталган интонациялык компоненттердин (өзгөчө, синтагматикалык басымдын, үн ыргагынын, паузанын) катышуусу жана алардын татаал байланыштары негизги ролду ойнойт. Синтагма интонациянын эң кыска бирдиги болуп эсептелет. Мисалы: Бүгүн биздин "Алга" ойнойт. Стадионго күйөрмандар көп чогулушат. Ушул фразадагы синтагмаларды ажыратууда үн ыргагынын

---

1. Зиндер Л.Р. Общая фонетика. М. 1979 267–273-б. Светозарова Н.Д. Интонационная система русского языка – Л., 1979, 1982
2. Синтагма тууралында кара: Щерба Л.В. Фонетика французского языка. М.,1955; Брызгунова Е.А. Практическая фонетика и интонация русского языка. М.,1963; Виноградов В. Понятие синтагмы в синтаксисе русского языка. Вопросы синтаксиса современного русского языка.М.,1950; Сеидов Д.М. Словосочетание в азербайджанском языке.Автофрев. Докт.дисс.Баку,1965; Турсунов А.Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары. Фрунзе. 1976.

жана паузанын активдүү катышкандыгын сезүү кыйын эмес.

Экинчиден, интонация синтаксистик бирикмелерди - сүйлөмдөрдү уюштурууга, бири-биринен айырмалоого жана аларга кошумча маани берүүдө негизги тилдик каражат. Сен билесиң. Сен билесиң? Сен билесиң! Ушул бирдей синтаксистик структурадагы сүйлөмдөрдүн жай, илептүү же суроолуу экендиги ооз эки сүйлөөдө (кепте) тийиштүү интонация аркылуу гана билинет.

Үчүнчүдөн, сүйлөп жаткан адамдын ой-пикирин, чындыкка болгон мамилесин угуучуга кылдат билдирүүдө интонация синтаксистик жана лексикалык каражаттар менен бирге негизги мааниге ээ. Рахмат, деген фразаны ооз эки кепте интонация аркылуу ыразычылыкты, нааразычылыкты, кубанычтуулукту, өкүнүүнү, какшыктоону жана мыскылдоону билдирүү маанилеринде билдирсе болот. Орус тилинде мындай интонациянын 20 дан ашуун түрү белгилүү. Ушул себептен кээ бир тилчилер интонациянын өз алдынча мааниге ээ болуучу тилдик кубулуш экендигин жогору баалашып, аны лингвистиканын фонетика бөлүгүнө кошпойт. Ал синтаксистин, психологиянын жана башка илимдердин изилдөө объектисине да кирет. Бирок интонациянын компоненттери тыбыштык кубулуштардын мүнөздөмөлөрү бийиктик, интенсивдүүлүк, үн узундугу (убакыт) сыяктуу эле өзгөрүп, ооз эки кепте өтө тыгыз байланышта реализацияланышат. Интонациянын материалданышы тыбыштык (сегменттик) жана суперсегменттик кубулуштар сыяктуу жалпы бир гана тилдик артикуляциялык базанын кыймылдарынын негизинде ишке ашат. Ошондуктан, интонация фонетиканын маселелерине да кирерлиги жана аны тыбыштык кубулуштардын татаал өзгөрүүлөрү менен тыгыз байланышта изилдөө зарылчылыгы талашсыз.

Төртүнчүдөн, интонация фразадагы белгилүү бир маанинин башка маанилер менен байланыштуулугун айкындоочу жана билдирүүчү функцияларга ээ. Аны менен ойдун толук айтылып бүткөндүгүн же айтылбагандыгын; айрым маанинин атайын белгиленгендигин же күмөндөр калгандыгы сездирилет.

ИНТОНАЦИЯНЫН КОМПОНЕНТТЕРИ

Интонациянын компоненттерине үн ыргагын (мелодика), синтагматикалык (фразалык) басымды, паузаны, интенсивдүүлүктү (күч), үн узундугу (темп) жана тембрди кошууга болот. Интонациянын бул каражаттары ооз эки кепте бекем байланышта жана биримдикте айтылышат. Бирок, бул компоненттер интонациянын составында бирдей деңгээлде кызмат (функция) аткарышпайт. Ошентсе да, жалпысынан алганда интонациялык компоненттердин лингвистикалык маанилүүлүгү алардын категориялык касиетке ээ болушу эквиваленттүү акустикалык мүнөздөмөлөрдүн деңгээлдери менен негизделет (Николаева, I977. I4).

Интонациянын эксперименттик фонетиканын ыкмалары менен изилдөөнүн натыйжасында үн ыргагы, синтагматикалык басым жана тынымдар (пауза) интонациянын эң негизги компоненттеринен экендиги байкалган[I].

ҮН ЫРГАГЫ (МЕЛОДИКА)

Интонациянын көп кырдуу функциясына эң маанилүү жана негизги каражат болуп үн ыргагы (мелодика) эсептелет[2]. Ал негизги тондун сүйлөмдөгү же анын бөлүктөрүндөгү ар түрдүү (жогорку, ойдо), төмөн (ылдый), жогору——төмөн, төмөн——жогору ж.б.), багытта өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Үн ыргагы ооз эки сүйлөмдү синтагмаларга (же сөз айкаштарына) ажыратат жана лексика, грамматикалык каражаттар менен бирге жалпы бир маанини билдирүүгө катышат. Сүйлөмдөрдүн коммуникативдик типтерин ажыратууда (мисалы, суроо, жай, илептүү), үн ыргагы эң негизги тилдик каражат. Ал синтагматикалык (фразалык) басым, тембр менен бирдикте ооз эки кептин логикалык мамилесин, анын эмоциялык жактарын кылдат билдирет. Үн ыргагы адамдардын ооз эки кебинин жекече (индивидуалдык) өзгөчөлүктөрүнө жараша өз-

1. Цеплитис Л.К. Анализ речевой интонации. Рига 1974
2. Кээ бир лингвистикалык адабияттарда интонация деген терминдин ордуна мелодика (үн ыргагы) колдонулуп жүрөт. Кара: Матусеевич М.И. Современный русский язык. Фонетика, М., 1976.

гөрүлмөлүү болсо да, белгилүү бир тилдик коллективге гана мүнөздүү болгон үн ыргагынын (мелодиканын) негизги түрлөрү кездешет. Интонациянын фонетикалын обьективдүү ыкмалары менен изилдөөнүн жыйынтыктары, үн ыргагынын негизги типтеринин калыптанышы түрдүүчө боло тургандыгын көрсөттү. Мисалы, айтылган ойдун аяктагандыгын билдирүүчү үн ыргагында (завершающая мелодика), акустикалык мүнөздөмөлөрдүн (тондун) синтагманын акыркы басымдуу муундарында төмөндөшү байкалса, суроо үн ыргагында (вопросительная мелодика) негизги тондун фразанын аягында жогору көтөрүлгөндүгү байкалат. Ал эми ойдун бүтө электигин билдирүүчү үн ыргагында акустикалык параметрлердин, өзгөчө негизги тондун азайышы суроо мелодикасындагыдай тенденцияга ээ болсо да, ага салыштырганда тондун көбүрөөк төмөндөгөнү көрүнөт. Белгилөө үн ыргагында (мелодика выделенности) негизги тондун эң маанилүү синтагманын басымдуу муунунда эң бийик көтөрүлгөндүгүн атайын акустикалык изилдегич аппараттар көрсөтөт. Ушул үн ыргагынын түрлөрү кыргыз тилине, ошондой эле бардык тилдерге мүнөздүү болсо да, алардын калыптанышына жана айтылышына катышуучу тондун жана башка акустикалык параметрлердин (мүнөздөмөлөрдүн) диапозондору, орун алмашуулары ар бир тилде айырмалуу болот.[I]

СИНТАГМАТИКАЛЫК (ФРАЗАЛЫК) БАСЫМ

Жогоруда белгиленгендей, сөздөр басымдуу жана басымсыз муундардан турат. Сүйлөмдөрдүн (фразанын) составындагы сөздөр да ооз эки кепте түрдүү деңгээлдеги басым менен же басымсыз айтылышат. Эң маанилүү сөздөрдүн бири же бир нечеси өзгөчө күчтүү басым менен белгилениши мүмкүн. Фразадагы маанилүү сөздү же сөздөрдүн айкашын (же синтагманы) баса көргөзгөн басым синтагматикалык же фразалык басым деп аталат. Мисалы, Анын аты Асек, Асек менин бир

I. Сыдыков Ж.К. Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов. Фрунзе, "Илим", 1990, 130-163 бб.

тууганым. Бул сүйлөмдөрдөгү "Асек","бир тууганым" деген сөздөр синтагматикалык басым аркылуу бөлөк сөздөрдөн айырмаланат. Синтагматикалык (фразалык) басым фразанын лексика-грамматикалык структурасына андагы билдирилүүчү ойдун маанилүүлүгүнө жараша болот. Бул басым айрым сөздүн басымы сыяктуу физикалык параметрлер (негизги тон, үн узундугу, интенсивдүүлүк) менен мүнөздөлөт.

ПАУЗА

Ооз эки сүйлөө учурундагы тынымдар пауза деп аталат. Пауза ооз эки кепти (үн ыргагы менен бирге) фразага жана синтагмаларга (сөз айкаштарына) ажыратат. Бул паузанын физиологиялык функциясына дем алуу кирет.

Паузанын фразалар арасында же алардын элементеринин (синтагмаларынын) арасында кыска же узак болушу билдирилүүчү ойдун маанилерине байланыштуу болот. Пауза ойдун толук бүткөндүгүн билдирген фразалардан кийин узакка созулат, ал эми бири-бирине мааниси боюнча байланышкан фразаларда же анын бөлүктөрүнө кыска болот. Мисалы, Кыш.// Балдар /коньки /, лыжа жана чана/, тээп жүрүшөт. Биринчи фразадан кийинки пауза, экинчидеги паузаларга караганда узакыраак созулат.

ҮН УЗУНДУГУ

Интонациянын түрлөрүн изилденгенде фразадагы же синтагмадагы тыбыштардын (көбүнчө үндүүлөрдүн) узундугун (айтылыш убактысын) эске алуу (эсептөө) менен синтагмалардын жалпы айтылыш темпин же алардын кайсы бөлүктөрүнүн көтөрүңкү айтылгандыгын аныктоого болот. Синтагматикалык (фразалык) басым түшкөн сөздүн тыбыштары бул параметр боюнча башка тыбыштардын көрсөткүчтөрүнөн бир топ жогору турат.

ИНТЕНСИВДҮҮЛҮК (КҮЧ)

Синтагманын фразалык басым түшкөн муундарындагы тыбыштар интенсивдүүлүк көрсөткүчү боюнча башкалардан айырмаланат. Үн үзундугу менен бирге интенсивдүүлүк да үн ыргагынын түрлөрүнө жараша ар башка көрсөткүчтөргө ээ болот. Интенсивдүүлүк өз алдынча үн ыргагы же пауза сыяктуу кандайдыр бил тилдик функцияга ээ эмес. Ал жогорда айтылган интонациянын компоненттеринин татаал биримдигинде гана белгилүү мааниге ээ.

ТЕМБР

Тембр- тыбыштын негизги тону жана анын обертондорунун жыйындысы менен аныкталат. Ал ооз эки функцияны аткарат. Биринчиден, тембр аркылуу сүйлөп жаткан адамдардын үндөрү айырмаланат. Экинчиден, сүйлөөчүнүн эмоционалдык абалы анын тембри аркылуу билинет. Тембрдин экинчи функциясы интонация менен байланыштуу, анткени ооз эки кептеги эмоционалдык сезимдердин кылдаттыктары тембр аркылуу сездирилет. Бирок азырынча тембрди тыбыштык татаал түзүлүштөн жекече бөлүп, талдоо методикасы жана ал үчүн колдонуучу атайын прибор түзүлө элек. Тембрди үгүү сезими жакшы өнүккөн аудиторлор аркылуу гана болжолдоп мүнөздөөгө (аныктоого) болот. Эксперименталдык жол менен тембрди изилдөөдө техникалык аппараттарды кеңири пайдалануу азыркы учурдагы кыргыз тил илиминин актуалдуу маселелеринен экендиги шексиз.

Кийинки жылдарда кыргыз тилинин жай, суроолуу жана илептүү (буйрук) сүйлөмдөрдүн интонациясы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлүп, жалпы эле кыргыз тилинин интонациясынын табияты, анын физикалык компоненттери, алардын функционалдык касиеттери боюнча бир топ маанилүү маалыматтар алынды[I].

[I] Дүйшеев Ж.Т. Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском литературном языке (экспериментально-фонетическое исследование. Автореф. канд. дисс., Фрунзе. 1980.

Мисалы, интонация боюнча көп сандаган изилдөөлөрдүн негизинде иштелип чыккан профессор В.А.Артемовдун интонацияны изилдөөдөгү структурадык методу[2] кыргыз тилинин ар түрдүү типтеги комуникативдүү сүйлөмдөрдүн интонациясын изилдөөгө пайдаланылды.[1] Лингвистикалык материалдарды тандап алууда, аудитордук эксперименттерди жүргүзүүдө жана электроакустикалык приборду (интонограф И-67) пайдалануда, ал аркылуу алынган маалыматтарды интерпретациялоодо экспериментик тил лабораторияларынын тажрыйбалары эске алынды. Мисалы, суроолуу сүйлөмдөрдүн түрлөрүнөн: ачык суроолуу; формалдуу суроолуу, альтернативдүү суроолуу, карама-каршы суроолуу, ойлонтмо суроолуу, тандырма жана божомолдоо суроолуу сыяктуу типтер тандалып алларга иликтөө жүргүзүлдү.

Суроолуу сүйлөмдөр, ошондой эле жай, буйрук сүйлөмдөрдүн да түрдүү коммуникативдүү маниге ээ болуп, конкреттүү жана бир-биринен ажыратылыштарындагы интонациянын белгилүү орду жана анын компоненттеринен релеванттуу функцияларынын (модификациялары) анализденип жаткан сүйлөмдөрдүн лексикалык, грамматикалык каражаттары менен болгон байланыштары белгиленди. Интонациянын акустикалык индикаторлору - негизги тондор, күч (интенсивдүүлүк) жана алардын диапозондору, интервалдарды, алардын өзгөрүү деңгээлдерин жана жалпы эле фразаны айтууга кеткен энергияларынын татаал байланыштары анализденди. Алар фразанын лексикалык, синтаксистик өзгөчөлүктөрү менен бирге темпке жана ритмге жараша үн ыргагынын коштоосу менен синтагматикалык басым жана пауза аркылуу белгилүү бирдиктерге ажыратылып кабыл алынары байкалды. Негизинен, кыргыз тилинин суроолуу жана буйрук сүйлөмдөрүнүн интонациясын эксперименттик фонетиканын комплекстүү ыкмалары менен изилдөөнүн натыйжасында алардын акустикалык компоненттеринин ичинен үн ыргагынын (негизги тондун)

[1] Чанаков Н. Интонация вопросительных предложений в современном киргизском литературном языке.Автореф.канд.дисс.,Фрунзе, I980.
Сыдыков Ж.К. Интонация в современном киргизском литературном языке и диалектов. Изд. АН Кирг ССР, Фрунзе, I989.
Артемов В.А. Метод структурно-функционального изучение речевой интонации. М.: Изд-во МГПИИЯ им. М.Тореза, I974.

өзгөрүүлөрү маанилүү функцияга ээ экендиги көбүрөөк байкалды. Жалпысынан, акустикалык параметр,мисалы суроолуу сүйлөмдөрдө, сүйлөмдөрдүн аягында көтөрүлүшү мүнөздүү. Би рок тондун которулушу, сүйлөмдүн суроолуу предикатына көз каранды болорлугу белгилүү болду. Мисалы: сурама ат атоочтор аркылуу түзүлгөн суроолуу сүйлөмдөрдө: Бул ишти ким жазыптыр? Алар кайда жашашат? негизги тондун бийик көтөрүлүшү ким? кайда? деген сурама ат атоочто байкалат. Ал эми синтагматикалык басым фразадагы эң маанилүү сөздө кездешет. Интонациянын башка компоненттеринен - үн узундугу негизги тонду коштой турган - дыгы, ал эми үн интенсивдүүлүгү кыскара тургандыгы белгиленди. Суроолуу сүйлөмдөр - "бы" жана "чы" мүчөсү аркылуу түзүлгөн учурларда, негизги тондун жана бөлөк интонациялык элементтердин өзгөчө активдүү катышкандыктары байкалат. Интонациялык компоненттердин комплексинин белгилүү деңгээлдеги туруктуу өзгөрүүлөрүн эске алуу менен негизги тондун суроолуу сүйлөмдөргө тийиштүү, төмөнкүдөй үч негизги багыттагы өзгөрүшү (кыймылы) аныкталды.

I. Негизги тондун жогорудан - төмөнкү деңгээлге ылдыйлашы сурама ат атооч сөздөр башында келген бардык типтеги суроолуу сүйлөмдөрдө байкалат.

Мисалы: Кимдер келишти?
Кайда бара жатасыңар?
Канчага чыктың? ж.б.у.

2. Бирдей деңгээлдеги негизги тондун акырындап ылдыйлап,кайра көтөрүлүшү суроолуу афикстүү сүйлөмдөргө көбүрөөк мүнөздүү.

Мисалы: Иште бүтүрдүңөрбү?
Биз талап кылганды бересиңерби?
Райондук китепкана ачыкпы?

Негизги тондун жогору-төмөн-жогору багыттагы кыймылы сүйлөм башындагы сурама ат атооч сөздөрдөн башталып, суроолуу аффикстүү предикатта жогорулай баштайт.(№ I,2 таблицаны караңыз).

Мисалдарды китептеги беттеги таблицадан китеп бетинен калып: кур алардын ордуна жаңы беттер керек. →

№ I таблица

Адабий кыргыз тилинин суроолуу сүйлөмдөрүнүн жалпылатылган акустикалык белгилери

Акустикалык параметрлер	Акустикалык анализдин белгилери
I. Фразадагы негизги тондун интервалдары	I60-I80 гц. анык кварта
2. Негизги тондун интервалы, суроолу мүчөлөр менен	I50-I70 анык кварта
3. Фразанын жыштык диапозону	I30-I80 гц, бийик секста, 65процент
4. Муундардагынегизги тондун [illegible]	I,2,3,4,5,6,7,8,9 муундар I40,I60,I40,I30,I60,I60,I60,I80, I70 гц.
5. Жалпы убакыт белгилери	750 м.с.
6. Орточо убакыт	I60 м.с.
7. Орточо басым	24,25,25,23,22,28 дб
8. Темп	0,40 гц, м.с.

№ 2 таблица

Түштүк говорлордогу суроолуу сүйлөмдөрдүн жалпылатылган акустикалык мүнөздөмөсү

Акустикалык параметрлер	Акустикалык а ализдин белгилери
I. Фразадагы негизги тондун интервалдары	I80-I70 гц.анык кварта 30
2. Негизги тондун интервалы	I80-200 гц,ири секунда
3. Суроолу сөздөгү тондун өзгөрүшү	I80-200 гц.кичи секунда,5
4. Фразанын жыштык диапозону	I50-200 гц.кичи септима,2

Мисалы: Ким келгенин билбейсиңби?

Кайда барганыңды айтпайсыңбы?

Эмне кылнаныңды унуттуңбу?

Кыргыз тилинин жай сүйлөмдөрүнүн интонациясы анын негизги компоненттеринин структуралык өзгөрүшү ошол сүйлөмдөрдүн коммуникативдик түрлөрүнө жараша,андагы семантикалык, стилистикалык грамматикалык каражаттар менен байланышта бири-биринен белгилүү деңгээлде айырмаланган мүнөздө боло тургандыгы,ал айырмачылыктар (мисалы ооз эки кепте) байланышуу процесси (ситуациясы) менен да негизделери аныкталган.

Кыргыз тилинин жай сүйлөмдөрүнүн түзүлүшүндөгү роллдор түрдүү формадагы баяндоочторго, сөздөрдүн белгилүү бир иреетине жана интонацияга таандык. Бирдей составдагы фразалардын түрдүү модалдык мааниге ээ болушу да интонациянын коммуникативдик ар башка типтеги сүйлөмдөрдүн калыптанышын камсыз кылуучулук, маанилүү сөздү белгилөөчүлүк жана маанисине жараша ажыратуучулук функциясы менен байланышкан. Ошондуктан төмөнкү эки сүйлөм интонация аркылуу ар башка коммуникативдүү сүйлөмдөрдүн тибине кирет..

Мисалы: Мен эмне болуп турат?

Мен эмне болуп турам?

Бул сүйлөмдөрдөгү интонациялык каражаттарды талдоонун натыйжасында төмөнкүдөй акустикалык маалыматтар алынган (№ 3.№4 таблицаны караңыз).

а) " Мен эмне болуп турам?"

№ 3 таблица

интонациялык мүнөздөмөлөр	жыштык (частоталык) интервалдар				
	сүйлөмдөрдүн башталышы	басым алдындагы муун	негизги басым туу муун	басымдуу муундан кийинки муун	сүйлөмдүн аягы
негизги тон(гц)	II0-I30		II0-I30	II0-I20	II5-I20
интенсивдүүлүк (мм)	22		22	I8	20
сөздөгү муундун узундугу (созулуу убактысы) м.сек	420		420	I80	230

Сүйлөмдүн частоталык диапозону - 90-I30 гц.
Сүйлөмдөгү муундардын саны - 7

Сүйлөмдүн үн узундугу - 900 м.сек.

Таблицалардан байкалгандай, негизги өзгөрүүлөр өзгөчө негизги тон менен интенсивдүүлүккө жана үн узундугуна байланышат. Жыйынтыктап айтканда, жай сүйлөмдүн түрдүү типтеринин (6 мисалы: жекече билдирүү, рапорт, атама, каршы болуу, макулдук билдирүүчү сүйлөмдөрү ж.б.) интонациялык каражаттарын салыштырып талдоо кыргыз тилинин жай сүйлөмдөрүнүнм калыптанышындагы негизги интонациялык каражат катары негизги жана көмөкчү басымдуу муундардагы негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү, фонациянын интенсивдүүлүгү, үн узундугу диапозондук жыштыктын ичкериши эсептелмекчи.

Ал эми буйрук сүйлөмдөрдүн интонациясын аныктоодо өзгөчө, алардын буйрук, суроо, кечеш берүү жана чакыруу (үгүттөө) группаларынын калыптанышында жана бириебиринен айырмаланышында алардагы лексикалык жана грамматикалык каражаттар менен бирге акустикалык белгилер да бир топ маанеге ээ экендиги билинди. (№5,6 таблицаны карагыз).

Кыргыз адабий тилинин илептүү(буйрук) сүйлөмдөрүнүн негизги акустикалык мүнөздөмөлөрү

№5 Таблица.

Акустикалык параметрлер	Акустикалык анализдин жыйынтыктары
I.Фразадагы негизги тондун интервалдары	I60-I70 гц,чистая кварта 625
2.Негизги тондун интервалы суроолу мүчөлөр менен	I70-I90 гц,анык кварта 20
3. Фразанын жыштык диапозону	I80-200 гц.
4. Муундагы негизги тон	I,2,3,4,5,6,7,8,9 муундар - I70,I80,I70,I60,I90 200 гц.
5. Жалпы убакыт белгилери	I6000 м.с.
6. Орточо убакыт	I,2,3,4,5,6, I,2,3,4,5,6,7, муундар
7. Темп	0,30 гц м.с.

Таблица № 6

Түштүк говорлордогу илептүү (буйрук) сүйлөмдөрдөгү негизги акустикалык белгилер

Акустикалык параметрлер	Акустикалык анализдин белгилери	
I. Фразадагы негизги тондун интервалдары	I80–I70 гц. аныктыгы кварта	30
2. Негизги тондун интервалы	I80–200 гц, ири секунда	
3. Суроолу сөздөгү тондун өзгөрүшү	I80–200 гц. кичи секунда,	5
4. Фразанын жыштык диапозону	I50–200 гц. кичи септима	2

Кыргыз тилинин буйрук сүйлөмдөрүнүн бардык түрлөрүнүн интонациялык **түрлөрүнүн** контурунун негизги акустикалык мүнөздөмөсү негизги тондун жыштыктарынын жогору-төмөн жана жогору бир калыпта-төмөн багыттарындагы кыймылы эсептелмекчи.

Негизинен кыргыз адабий тилинин ошондой эле анын говорлорунун түрдүү коммуникативдик типтеги сүйлөмдөрүнүн интонациясын изилдөө көрсөткөндөй, интонациянын, белгилүү өлчөмдө болсо да, сүйлөмдөрдүн семантикалык (стилистикалык) мааниси жана синтактистик түзүлүшү менен байланышарын жана анын өз алдынча тилдик (интонемалык) касиетке ээ болорун, аны аныктоодо индикатордук милдетти негизинен, үн ыргагы, синтагматикалык басым, интенсивдүүлүк, темпоралдык диапозондор, интервалдар жана алардын деңгээлдери, ошондой эле фразаны айтууга зарпталган энергиянын аткарарлыгы жана алардын негизги өзгөрүү мүнөздөрүнүн адабий тилде да жалпылыгын белгилөөгө болот.[1]

---

[1] Сыдыков Ж.К. Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов. Фрунзе "Илим " 1990. б.I73.

Бишкек – 1996

МОРФОЛОГИЯ

Морфологиянын обьектиси

Грамматика – сөз формаларынын өзгөрүшү, курулушу жана сөз айкашы менен сүйлөм жөнүндөгү илим, тил илиминин бир тармагы. Адам баласынын акыл-оюнун узак убакыттар бою абстракцияланган ишинин жыйынтыгы тилдин грамматикалык түзүлүшүндө чагылдырылган. Тилдин грамматикалык түзүлүшү кылымдар бою түзүлөт жана жалпы элдик мүнөздө болот. Грамматика аркылуу тил адамдын ой-пикирлерин материалдык тил кадыбына салууга мүмкүндүк алат. Грамматика менен лексика өтө тыгыз байланыштуу. Сөз сүйлөмдүн курулуш материалы болуп эсептелет. Сүйлөмдөгү сөздөр грамматикалык каражаттар аркылуу гана (б.а. грамматиканын карамагына түшкөндө гана) ой жагынан ыраат-туулукка жетишет. Нуруя класстан курбуларына сабактан көмөк берет деген сүйлөмдөгү сөздөрдүн мүчөлөрүн алып таштап, Нуруя класс курбу сабак көмөк бер десек, кийинки сөз тизмеги кыргыз тилинде маани бере албайт. Грамматика жеке жана конкреттүү нерселерди, кубулуштарды алып отуруп, аларды абстракциялап, андан эрежелерди түзөт, тилдик кубулуштарды типке бөлүштүрөт жана жалпылайт. Мисалы: ат, эт, тоо, таш. Булардын ар бири конкреттүү, жеке заттын аты жана бири биринен айырмаланат. Булардын ар бирине -лар мүчөсү жалганат да, алардын көптүк түрү жасалат. Ушунун негизинде жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланып отуруп, "-лар мүчөсү аркылуу зат атоочтун көптүк түрү жасалат" деген грамматикалык эреже келип чыгат. Мындай учурда жогоруда аталган конкреттүү ар бир нерсе эмес, ошолордон абстракцияланган заттык жалпы түшүнүк эске түтулат.

Грамматика морфология жана синтаксис бөлүмүнөн турат.

Морфология – сөздөрдүн грамматикалык топтору менен түрлөрү, сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон грамматикалык категориялар, алардын

формалары жана система түрүндө өзгөрүшү (парадигма) жөнүндөгү илим, грамматиканын бир тармагы. Морфологиянын милдети сөз формаларын, алар аркылуу берилүүчү грамматикалык жалпы маанилерди үйрөтүү жана сөз түркүмдөрү жөнүндөгү окуу менен чектелбейт. Мындан тышкары, лингвистикалык традиция боюнча, кээ бир сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоо маселелери да морфологиядан орун алып келе жатат.

Морфология сөздүн грамматикалык табияты жана анын формалары жөнүндөгү окуу болгондуктан, ал баарындан мурда грамматикалык категория, грамматикалык маани жана грамматикалык форма сыяктуу түшүнүктөр жөнүндө кабар берет.

Грамматика категориялар жөнүндө жалпы түшүнүк

Сөздөрдүн формалары, же сөздөрдүн сүйлөмдөгү айкашы аркылуу берилүүчү жалпы маани грамматикалык категориянын маңызын түзөт. Грамматикалык категориялар тилдин тип жагынан түзүлүшүн, аны башка тилдерден айырмалоочу мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Грамматикалык категориялар тилдин узакка созулган тарыхый өнүгүшүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

Сөздүн сырткы түрү (формасы) боюнча берилген грамматикалык жекече маанилер жыйылып, жалпыланып келип грамматикалык категорияларга бириктирилет. Грамматикалык категория дегенибиз сөздөрдүн конкреттүү маанилеринен алынчу жалпыланган мүнөздөгү маани. Тигил же бул сөз топтору (сөз түркүмдөрү) мүнөздөөчү грамматикалык категориялардын жыйындысынан сөз өзү кирген топтук жалпы маани (категориялык маани) түзүлөт. Мисалы, ар бир жөндөмөнүн жекече маанилери жөндөмөлөр категориясына, этиштин ар бир чактык формаларынын маанилери чак категориясына бириктирилет. Грамматикалык категория – бир өзчөй грамматикалык маанилердин жыйындысы, буга сөз түркүмдөрүнүн лексика-грамматикалык ири топтору да кирет. Мисалы, этиш категориясы, тактоочтор категориясы ж.б. Грамматикалык категория

менен грамматикалык маанини бир бирине салыштырганда жалпы нерсени жекеге карата алгандай болуп калат.

Топтук жалпы маани сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири-бири менен карым-катышын (жөндөмөлөр категориясы), сүйлөөчү жакка карата болгон мамилени (жак категориясы), өкүнүн убакытка карата болгон мамилесин (чак категориясы) ж.б. билдириши мүмкүн. Бул сыяктуу жалпыланган мүнөздөгү маанилер жана алардын жыйындысы грамматикалык категориялардын маңызын түзөт.

Грамматикалык категория менен грамматикалык форманы аралаштырууга болбойт. Грамматикалык форма көбүнчө кошумча маанини билдирүүчү мүчөгө негизделсе, грамматикалык категориялар жалпы мааниге негизделет. Мүчөлөр өз алдынча маани бербеген жана колдонулбаган сыяктуу, тилде грамматикалык категориялар да сөз түркүмдөрүнөн тышкары жашай албайт. Алар белгилүү гана сөз түркүмдөрүнө таралат. Мисалы, зат атоочторго, негизинен, сан, жөндөмө, таандык категориялары, этишке, мамиле, ыңгай, чак жана жак категориялары мүнөздүү.

Тилдердин бир тобундагы грамматикалык категориялар тилдердин экинчи тобундагы грамматикалык категориялар менен туура келе бербейт. Мисалы, славян тилдеринде род категориясы бар жана алар зат атоочко мүнөздүү. Түрк тилдеринде болсо род категориясы грамматикалык жагынан өнүккөн эмес. Күндөлүк тиричиликке эң керектүү болгон кээ бир айбанаттардын аттары лексикалык (айгыр - бээ), синтаксистик (эркек мугоо - ургаачы мугоо) жана морфологиялык (Калый - Калыйпа, Сабыр - Сабира) жолдор боюнча жыныстык жагынан ажыратылат. Бирок адам жана айбанатка байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билгизген кээ бир заттардын аз да болсо жыныстык жагынан эркек жана ургаачы болуп бөлүнүшү түрк тилдеринде, славян тилдериндегидей, грамматикалык род категориясы жок. Анткени ал зат атоочтун башка категорияларына тарабайт. Грамматикалык категория болуш

үчүн мындай кубулуш ат атоочтун калган түрлөрүн да ичине алышы керек.

Бир тилдеги грамматикалык категория экинчи тилде өз алдынча категория болбой калып, анын мааниси грамматикалык башка каражаттар аркылуу берилген учуру да кездешет. Мындай кубулуш тилдердин топторунун арасында гана эмес, бир эле топтогу тилдердин арасында да болушу мүмкүн. Мисалы, орус тилинде творительный жөндөмө бар. Кыргыз тилинде мындай жөндөмө жок. Бирок кыргыз тилинде мунун мааниси көбүнчө атооч жөндөмөдөгү зат атоочторго менен деген жандоочтун айкалышы аркылуу, синтаксистик жол менен берилет (балка менен, балта менен). Кээ бир түрк тилдеринде болсо жандооч менен мүчөгө өтүп кеткен, ал жөндөмөнүн өзүнчө бир түрүн уюштурат. Мындай факт, бир жагынан, жалпы эле тилдерде бир өнчөй категориялардын санынын ар түрдүү болорун көрсөтсө, экинчи жагынан, тектеш тилдердин грамматикалык түзүлүшү бирдей болгону менен, алардын өсүү темптеринин ар башкалыгын көрсөтөт. Мисалы, казакча көмөктөс жөндөмө: атпен–ат менен әкесімен–акеси менен ж.б.

Грамматикалык маани жана грамматикалык форма

Ар бир сөздүн керт башына тиешелүү болгон материалдык мааниси лексикалык маани деп аталат: балапан (канаттуулардын баласы), балдак (буту оорулуу, же буту чолок адам колтугуна такап басып жүрүүчү таяк), балка (бир нерсени ургулоо, же кагып киргизүү үчүн колдонулуучу сабы бар, ар түрдүү салмактагы асбап).

Сөз грамматикалык жагынан өзүнчө мааниге жана формага ээ. Сөздүн грамматикалык мааниси дегенибиз – сөздүн тигил же бул сөз түркүмүнө таандык экендиги менен аныкталып келип, анын парадигмалык карым-катыштарынын (б.а. сөздүн өзүнүн формаларынын өзгөрүш системасынын) жана синтагмалык байланыштарынын (б.а. сөз айкаштары менен сүйлөмдөгү байланыштарынын) негизинде түзүлгөн абстрактуу көшүмча мааниси.

Грамматикалык маани төмөндөгүдөй эки нерсени ичине алат:

I) сөздүн жалпы топтук мааниси. Мындай маани сөз топторунун (сөз түркүмдөрүнүн) белгилүү бир тармагына мүнөздүү болгон маанини, мисалы, буюмдук-нерселик маани (зат атоочтордо), белгилик (сын атоочтордо), кыймыл-аракеттик (этиштерде) ж.б.у.с. жалпы маанини билдирет;

2) белгилүү бир топко кирүүчү сөз үчүн мүнөздүү келип, грамматикалык категориялардын бирөө аркылуу берилчү жекече маанини да ичине алат. Мисалы, зат атоочторго тиешелүү болгон жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөрдүн мааниси, этиштерге мүнөздүү болгон чак менен жактык маанилер грамматикалык жекече маани болуп эсептелет. Бир эле сөздө грамматикалык бир канча маани да болушу мүмкүн. Мисалга бардык деген сөздү алалы; сөз түркүмү жагынан этиш, кыймыл-аракетти билдирет; айкын өткөн чак (-ды мүчөсү), биринчи жактын көптүк түрү (-к мүчөсү). Ушу көшүмча маанилердин баары грамматикалык мааниге жатат.

Сөз речь тизмегинде башка сөздөр менен байланышта колдонулат. Мындай учурда сөздүн лексикалык маанисине грамматикалык ар кандай көшүмча маанилер кабатталып жүрөт. Грамматикалык маани тилдик каражаттар аркылуу берилет. Мисалы, эне-лер-ибиз. Мында көптүк маани -лар мүчөсү аркылуу, таандык маанинин биринчи жагынын көптүк түрү -ыбыз мүчөсү аркылуу берилди. Грамматикалык маанилердин тилдик каражаттар аркылуу билдирилиши грамматикалык форма деп аталат. Башкача айтканда, сөздүн грамматикалык формасы дегенибиз - грамматикалык маанилерди билдирүү үчүн сөздүн тилдик системага ылайык грамматикалык жагынан өзгөргөн түрү: грамматикалык маанинин материалдык жагынан билдирилиши болуп эсептелет. Грамматикалык бир да маани грамматикалык формадан сырткары жашабайт.

Сөздүн формаларынын системасы парадигма деп аталат.

Мисалы, бир сөздүн бардык жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү; бир сөздүн жак мүчөлөр менен баштан аяк өзгөрүшү ж.б.у.с.

Сөздүн бардык формалары жана анын грамматикалык бардык маанилери парадигмага бириктирилет. Мисалы, китеп-ти, китеп-ке, китеп-тен дегендер бир эле сөздүн грамматикалык формулалары: -ты -табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (формасы), -тен -чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (формасы) ж.б. Грамматикалык формалар универсалдык мүнөздө болгон учурда гана грамматикалык категориялардын морфологиялык көрсөткүчтөрү боло алышат.

Сөз жөнүндө жалпы түшүнүк

Тилдеги түшүнүктөрдүн бардыгы сөз аркылуу аталат. Ошондуктан сөз түшүнүктүн паспорту болуп эсептелет.

Сөз түзүлүшү, билдирген мааниси жана аткарган милдети жагынан тил илимининн лексикология, семасиология жана морфология деп аталган бөлүмдөрүндө изилдене турган обьектилерден.

Сөз - лексикологиянын обьектиси. Лексикология термини грекче *lexis* - сөз жана *logos* - илим, окуу деген сөздөрдөн турат да, сөз жөнүндөгү илим деген түшүнүктү билдирет. Демек, тил илиминдеги лексика деген терминди тилдеги бардык сөздөрдүн топтому деп түшүнүү керек. Ал эми лексема деген термин болсо сөз деген түшүнүктү туюнтат.

Сөздүн лексикологиялык категория экендигин төмөндөгүдөй мисалдардан ачык байкоого болот: үй - адамдар жашоого же иштөөгө ылайыкташтырылып жасалган имарат; кар - буунун кайра суугa айланышынан пайда болуп, асмандан жерге ак кристаллдар түрүндө түшүүчү зат; уйку - жандуу заттарда мезгил-мезгили менен кайталанып турууучу, сезимдин бүтүндөй же жарым-жартылай физиологиялык тынч абалга келүүсү; ой - адамга гана мүнөздүү, анын аң-сезимине байланыштуу психологиялык өзгөчө касиет.

Сөздөрдүн ушундай лексикалык касиеттери бир түшүнүктү экинчи түшүнүктөн айырмалоого мүмкүнчүлүк берет; ар бир түшүнүктү өз алдынча атоо үчүн айрым-айрым сөздөр алар үчүн биротоло бекитилип берилгендиктен, түшүнүктөрдү бири-биринен айырмалоо, аларды өз ара чаташтырбоо мүмкүнчүлүгү туулат. Демек, жогоруда сөз - түшүнүктүн атоосу (паспорту) дегенибиздин жөнү ушунда.

Сөз-семасиологиянын обьектиси

Грекче *semasia* — "атоо", *logos*—"илим, окуу" дегенди билдирет. Демек, сөздүн лексикалык (атоо) өзгөчөлүгү анын белгилүү маанини билдирүүчү тилдик каражат экендиги менен айкалышта. Мындай болгондон кийин сөздүн лексикологиялык касиети менен семасиологиялык (б.а. семантикалык) касиети бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирин шарттап, толуктап турат. Ошентип, тил илиминде семасиология-сөздүн, сөз айкаштарынын маанисин жана алардын өзгөрүш закончөнемдерин изилдөөчү бөлүмү.

Сөздүн ушул өзгөчөлүктөрүн көз алдыга айкын элестетүү үчүн анын төмөнкү касиеттерине кайрылсак ачык түшүнүктүү болот:

I) Ар бир түшүнүк үчүн дайыма жана сөзсүз өз алдынча лексема (сөз) колдонулабы?

2) Ар бир сөз дайыма жана сөзсүз өз алдынча мааниге ээби?

Бул эки суроого тең: "жок"! деп жооп берүүгө туура келет. Анткени бул суроого жарым-жартылай гана оң жооп берилет. Себеби ар бир тилдеги сөздөрдүн жалпы саны толук эсепке алынган эмес.

Бирок, ошондой болсо да, айрым тилдердеги сөздөрдүн активдүү, болжолдуу санын тактоого болот.

Мисалы, К.К.Юдахин түзгөн "Кыргызча-орусча сөздүк" (Москва 1965-ж.) кыргыз тилине тиешелүү 40.000че сөздү өз ичине камтыйт. Бирок бул эсепке көп маанилүү сөздөрдүн ар бир мааниси кирбейт. Аларды кошкондо жогорудагы келтирилген цифра бир нече эсе көбөймөкчү.

Мисалы, баш деген сөздүн эле II мааниси бар: баш сөөк - череп; буудайдын башы - колос пшеницы; суунун башы - исток, начало реки; иштин башы - начало работы; колдун башы - кончик

пальцев; тоонун башы - вершина горы сыяктуу маанилерде колдонулат.

Ошондой эле, уч деген сөздүн 2 мааниси бар: ийненин учу - кончик иглы; теректин учу - вершина тополя. Тилибизде мындай көп маанилүү сөздөр арбын.

Мындай болбогондон кийин, тилдеги түшүнүктөрдү билдирүүдө сөз каражаттары түрдүүчө ыкмалар менен колдонула тургандыгы жөнүндө айтууга туура келет. Башкача айтканда, ар бир сөздү жалаң гана алгачкы жана тике маанисинде эле колдонбостон, алардын бир кыйласын семантикалык (маанилик) жакындыгы бар бир нече түшүнүктү билдирүү үчүн колдоно берүү ар бир тил үчүн кадыресе жана көнүмүш болуп эзелден бери колдонулуп келе жаткан ыкмалардан. Натыйжада сөздөрдө өтмө мааниге ээ болуу касиети да пайда болот. Демек, жогорудагы абал тилдеги түшүнүктөр менен аларды билдирүүчү сөздөрдүн сан жагынан бирдей эместигин, алардын арасында ажырым бар экендигин көрсөтөт. Мындай абал тилде ар бир түшүнүк үчүн дайыма жана сөзсүз өз алдынча сөз колдонула бербей тургандыгына далил болот.

Экинчиден, тилдеги бардык эле сөздөргө өз алдынча маани (түшүнүктүн аты катары) мүнөздүү эмес экендигин айтууга туура келет. Эгер андай болбосо, айрым тилдерде орчундуу грамматикалык түшүнүктөрдү тилдик каражаттар менен ишке ашырууга мүмкүн болбос эле. Башка сөз менен айтканда, тилде пикирди билдирүү процессинде сөздөрдү сүйлөм түрүнө келтирип тизмектештирүүдө грамматикалык каражаттар менен бирге сөз түрүндөгү айрым кызматчы каражаттар (байламта, жандооч, бөлүкчөлөр) да өтө маанилүү ролду ойнойт. Алардын жардамысыз пикирди сүйлөм түрүндө билдирүүгө болбос эле. Мисалы: "Көктөм менен кошо көгөртүп, кийиндирип кокшту" (А.Токомбаев) же: "Жүрөгүмдү терең козгогон

көрүнүштү чын эле өзүнө аз да болсо окшоштуруп сүрөткө тартканым аныкпы же бул түшпү деп, күмөн санадым" (Ч.Айтматов) деген сүйлөмдөрдөгү менен, эле, да, же деген сөздөрдү бул сүйлөмдөрдүн составынан чыгарып таштасак, биринчи сүйлөмдүн мааниси таптакыр өзгөрүп, экинчи сүйлөм да бул каражаттарсыз сөздөрдүн мазмунсуз гана үймөгүнө айланып калар эле. Бул абал тилдеги сөздөр менен маанилердин жана түшүнүктөрдүн арасында сан жагынан туура келбегендик бар экендигин дагы бир жолу далилдейт.

§4. Сөз – морфологиялыктын обьектиси. Сөздүн тил үчүн курулуш каражаты экендиги баарыга белгилүү. Сөздөр тилдик каражаттын милдетин аткаруу үчүн түрдүүчө өзгөрөт, мүчөлөйт, өз ара айкалышат, тыбыштык-морфологиялык өзгөрүүлөргө учурайт. Мындай өзгөрүү белгилүү тилге мүнөздүү тыбыштык эрежелердин негизинде ишке ашырылат. Болгондо да ал өзгөрүү сөздүн составдык бөлүктөрүнүн - морфемаларынын өз ара таасирлерине дуушар болушу менен ишке ашырылат. Ошондон кийин гана сөз тилдин активдүү морфологиялык каражатына айланып, тилдик зарыл муктаждыкты аткаруучу курал катары кызмат кыла алат.

Сөз морфологиялык өзгөрүүгө учурагандан кийин гана синтаксистин обьектиси болууга жетишет. Сөз тизмектери жана сүйлөмдөр гана негизинен байланыштуу ойду, пикирди билдирүүчү каражат боло алат.

Бирок сөздөр тилдин морфологиялык каражаттары менен башаламан, туш келди эле өзгөрө да, айкалыша да бербейт.

Андай өзгөрүүлөр да белгилүү тартипте өз ара бирин-бири шарттоочу закондуу кырдаалдарда ишке ашырылат:

I) тиги же бу сөз белгилүү морфологиялык каражат менен өзгөрүлүү үчүн анын негизги маанисинде (семантикасында),

айталык, заттык, сындык, этиштик, аттык ж.б. ушуга окшогон түшүнүктү билдирүүчү өзгөчө касиетке ээ болушу зарыл. Ушул касиеттердин бирине ээ сөздөр жөндөлөт, экинчи тобуна тиешелүүлөрү жакталат; ар бир сөз топтору өзүнө гана тиешелүү, ошол сөз топторун жасоо касиетине ээ курандылар менен гана айкашат.

2) Сөздөр тиги же бу сөз топторуна тиешелүү болуу үчүн өздөрүнүн берген мааниси боюнча ошол сөз топторунун суроолоруна талабына (эрежесине) жооп бергидей касиетке ээ болушу зарыл.

3) Сүйлөмдүн тиги же бу мүчөсүнүн милдетин аткаруу үчүн белгилүү сөздүн сөздөрдүн тиги же бу тобуна тиешелүүлүгү да орчундуу мааниге ээ.

Мына ушул белгилердин бардыгы сөздөрдү морфологиялык жагынан мүнөздөөгө - сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүгө негиз боло алат.

Айталык, зат атоочтор:

а) маани жагынан заттык түшүнүктөрдү (нерсенин, буюмдун, кубулуштардын, абстрактуу аттарды) билдирген сөздөр.

Бул болсо зат атооч сөздөрдүн лексика-семантикалык жана грамматикалык мүнөздөмөсү;

б) морфологиялык жагынан зат атоочтор жөндөлөт, таандык, көптүк мүчөлөр менен өзгөрөт; аларды жасоочу атайын курандылар мүчөлөр да бар;

в) синтаксистик жагынан зат атоочтор сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн- болгондо да атооч жөндөмөдө турганда ээлик жана кээде баяндоочтук, калган жөндөмөлөрдө туруп, сүйлөмдүн тиги же бу айкындоочунун да милдеттерин аткаруу касиети менен мүнөздөлөт.

Этиштердин семантикасында кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирүү касиети бар. Бул белги этиштердин грамматикалык өзгөчөлүгүн да мүнөздөөчү касиеттерден. Этиштер жакталат, чактар боюнча өзгөрөт. Алар атайын курандылардын жардамы менен башка

сөз түркүмдөрүндөгү сөздөрдөн же этиштердин өздөрүнөн жасалат. Сүйлөмдө болсо баяндоочтук милдетти аткарат.

Ушул жогоруда саналган белгилер тилдеги сөздөрдү жалпысынан маани берүүчү сөздөрдүн тобуна кошууга мүмкүндүк берген белгилерден.

Ал эми кызматчы сөздөрдө болсо өз алдынча лексика-семантикалык маани жок. Алар мүчөлөп өзгөрө да алышпайт, сүйлөмдө мүчөлүк милдет да аткара албайт. Бирок мындай өзгөчөлүктөрү менен бирге, жалпы эле сөздөргө окшогон касиеттери бар. Кызматчы сөздөр менен маани берүүчү сөздөрдүн арасындагы айырмачылыктарды, ажырымдарды санап көрсөтүүдөн мурда, алардагы жалпылыктар кайсылар? Мына ошолордун чегин белгилеп алалы.

Ошентип, бардык сөздөргө мүнөздүү жалпы бирдейликтер төмөнкүлөр:

1) Сөз - тыбыш айкаштарынан турат. Болгондо да үндүү жана үнсүз тыбыштар айкашып сөз түзүшөт. Кыргыз тилиндеги төл жана өздөштүрүлгөн сөздөр негизинен ГС[1], СГ, ГСГ, СГС, ГСГГ, ГГСГ, СГСС, ГСГС, ССГССГС, ГСГС, СГГСГС, СГСГС, ГССГ(Мисалы, булар ат, же, ата, кел, окуу, уучу, калт, арпа, трактор, адам, буудай, семиз, ойно ж.б.) сыяктуу тыбыш айкаштарынан турган түзүлүштөр.

2) Тилге мүнөздүү тыбыштык закондор сөздөрдөн байкалат. Ал закондордун бири - ар бир сөз айтылганда анын составындагы бир үндүүсүнө басым түшөт. Демек басымсыз сөз болбойт.

3) Сөздөр сүйлөм түрүндө өз ара тизмектешип, белгилүү тартипте айтылат. Ошондо ар бир сөздүн аралыгы тыным (пауза) менен ажыратылып айтылат.

---

[1] Г - үндүү (гласный), С - үнсүз (согласный) - деген кыскартуулар.

Ушул үч белги бардык сөздөргө (мейли ал маани берүүчү сөз болсун, мейли ал кызматчы сөз болсун) мүнөздүү. Ушул үч белги бардык сөздөрдөгү жалпылыкты түзөт.

Эгер ушул үч белги ар бир тыбыштык тизмектен байкалса, ал — сөз алдынча сөз.

Ал эми кызматчы сөздөрдүн негизги касиеттери, өзгөчөлүктөрү кайсылар? Жогоруда көрсөтүлгөндөй:

1) аларда өз алдынча маани (семантика)жок.

2) грамматикалык гана милдет аткарылат (б.а. сөздөрдү же сүйлөмдөрдү байланыштырышат; алардагы ар кандай кошумча кырдаалдарды билдиришет же сүйлөм мүчөлөрүнүн өз ара байланыштарын жөнгө салып, алардын белгилүү грамматикалык форманы кабыл алышын талап кылып турат). Демек, кызматчы сөздөр тилдеги нускоочу, жөнгө салгыч каражаттар, грамматикалык маанини түзүүчү куралдардан.

Кызматчы сөздөр өздөрүнүн семантикалык маанисиздигине карабай маанилүү сөздөрдөй эле, өзүнүн басымына ээ, сүйлөм тизмегинде жанаша турган морфемадан тыным менен ажыратылып айтылат.

Кызматчы сөздөрдүн мына ушул белгилери аларды сөздүн катарына кошуп, өз алдынча сөз деп кароого мүмкүндүк берет. Тыбыштык түзүлүшү жагынан да баягы эле СГ (да, же), ГСГ (эле), СГСГС (кийин, менен), СГСГ (жана) сыяктуу тыбыш айкаштарынан турган түзүлүштөр.

Сөз – түзүлүшү (структурасы) жагынан татаал организм, тилдин күзгүсү, тарыхый өркүндөшүнүн изи. Андан тыбыш айкаштарынын закондорун да, тыбыштык өз ара таасирлерди да жана алардын жыйынтыктарын да, маанини (семантиканы) жана анын өзгөрүшүн да, морфемаларды жана алардын тизмектелишин да, алардын өз ара ширелишин, жаңы сапатка өтүшүн да жана ушуга окшогон толгон

токой тилдик кубулуштарды байкоого болот. Мындай көрүнүштөрдү конкреттүү далилдерден байкаш үчүн ар бир тилдин сөздүк байлыгын (лексикасын)түзүлүш (структуралык) жагынан талдап карооого туура келет.

Лексикадан морфологиялык жана лексикалык эскирген фактыларды да, жаңы пайда болгон түзүлүштөрдү да кезиктирүүгө болот.

Сөздөр түзүлүшү жагынан да бир кылка эмес, бардык учурда эле бирдей, окшош элементтерден (морфемалардан) тура бербейт.

Ошондуктан сөздөрдүн түзүлүшүн талдоо (жиктөө) үчүн дайыма жана сөзсүз анын маанилик касиети (семантикасы), морфологиялык түзүлүшү (структурасы), лексикадагы тарыхый орду жана тилге тиешелүүлүгү (б.а. төл сөзбү же өздөштүрүлгөн сөзбү?) сыяктуу касиеттери эсепке алынып каралышы керек.

Сөздүн түзүлүшүн талдоо анын жалаң гана морфологиялык түзүлүшүн (ун) ажытын ажыратууга жардам бербестен, жалпы эле алардын алгачкы тегин (төркүнүн) табууга да жардам берет.

Ошондой эле, маанилик касиеттердеги өзгөрүүлөр, тарыхый которулуштар ар бир сөздүн морфологиялык элементтеринин колдонулуу чегинин өзгөрүлгөндүгүн, кызматчы милдетинин пайда болуу себептерин да ачууга жардам берет. Ал гана эмес, ар бир морфологиялык каражаттын пайда болуу тарыхынын тегерегинде да ой жүгүртүп көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз тилиндеги сөздөр теги жагынан бир кылка эмес.

I) Тилибиздин лексикасында төл сөздөрдүн өтө байыркы катмарлары аз эмес.

2) Лексиканын составында жүздөгөн өздөштүрүлгөн сөздөр да бар.

3) Морфологиялык түзүлүшү жагынан ар түрдүүчө айкаштагы элементтерден (морфемалардан) турган сөздөр аз эмес (алгачкы

уңгулар, сенек болуп калган туунду түзүлүштөр, туруктуу айкаштар түрүндөгү лексемалар, түзүлүшү жагынан жиктөөгө кыйынчылык туулбаган түзүлүштөр, маанисинен ажыраган сенек сөздөр, алгачкы семантикасы сакталбай, жаңы мааниде колдонулуп жаткан сөздөр, маанилери таптакыр жакындашпаган - сыртқы окшош омонимдер, мааниси окшошуп, өздөрү теги жагынан ажырым синонимдер сыяктуу ар кыл касиетке ээ сөздөр).

Түзүлүшү жагынан ар бир сөздүн составдык элементтерге (тыбыш, муун, морфемаларга) ажыратууга болот.

Сөздөр тилдин тарыхый өркүндөшүнүн жыйынтыгы. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ар бир тилдин тарыхынын күзгүсү. Ал эми тил өзүнүн ээси - элдин (улуттун) тарыхый өмүгүшү менен тыгыз байланышта жашагандыктан,анын сөздүк составында ошол тарыхый өмүгүштүн кырдаалдары сөзсүз чагыла тургандыгы - из калтыра тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Ар түрдүү тилдерде сүйлөгөн элдердин өз ара карым-катнаштарынын натыйжасында башка тилдерден оошкон лексикалык элементтер аларды өздөштүргөн тилдин эрежелерине баш ийип, анын морфологиялык кызматчы каражаттары менен айкалышып, табигый өз сөз байлыктарындай эле муктаждыкка жараша кызмат аткара бере тургандыгы белгилүү. Мисалы, мектеп, китеп, калем деген арапча зат атооч сөздөр эне тилибизде анын бардык грамматикалык категориялары менен өзгөрүү касиетине ээ (мектептин, китебим, каламче, мектептик, китеп баштык, калем сап, калем уч ж.б.).

Кыргыз тилиндеги сөздөр морфологиялык түзүлүшү боюнча агглютинацияланма тилдердин тобуна кирет. Агглютинацияланган тилдерде сөздөр составдык бөлүктөрү (морфемалар) белгилүү тартипте гана тизмектешет. Ошондуктан алардын ар бир бөлүгүнүн чеги айкын ажырап турат. Мисалы: Молдо Кылыч мен атым, Болжолу

жок санатым. Айта бersем сабаган, Ак шумкардай канатым (Молдо Кылыч). Бул төрт сап ырда 8 сөз мүчөлөмө сөздөрдөн. Алар ат+ым, болжо+л, сан+а+т+ым, ай+т+а, бер+се+м, саба+ган, шумкар+дай, канат+ым деген морфема айкаштарынан куралган.

Бирок ар бир тилдеги төл сөздөр түзүлүшү боюнча өзү тиешелүү типологиялык топтун негизги жоболоруна, мүнөздемесүнө туура келгени менен, алардын арасында түзүлүш жагынан башка типологиялык топтун эрежелерине (схемаларына) туура келип калган сөздөр жок эмес.

Мисалы, түрк тилдерин, алардын ичинде кыргыз тилин алалы: ал сөздөрүнүн типологиялык мүнөздемесү боюнча, жогоруда көрсөтүлгөндөй, агглютинациялануучу тилдердин тобуна кирет.

Бул топтогу тилдердин негизги өзгөчөлүгү:

1) Сөз үңгүдан башталат (б.а. сөздүн башында үңгү турат): уч+кун, мал+чы, кий+им, тоо+до+гу+лар ж.б.

2) Үңгү дайыма өз алдынча маанiге ээ: үй, оюн, көңүл, арт, кес, көк, от, жыл ж.б.

3) Сөздүн кызматчы (маани бербөөчү) морфемалары үңгүдан кийин ага ирети менен тизмектешип, ар бири ага белгилүү лексика-грамматикалык маани киргизет: эл+ибиз+де: эл - үңгү зат атооч, -ибиз - таандык мүчөсүнүн I-жагынын көптүк түрү, -де - жатыш жөндөмөнүн өзгөргөн түрү; жай+лоо+нун: жай - "орун" жана "ага бир нерсени жайыттатуу, жаюу" маанисиндеги үңгү атооч жана этиш, -лоо < ла + оо: -ла - зат атоочтон этиш жасоочу мүчө, -оо - кыймыл атоочтун мүчөсү, -нын - илик жөндөмө мүчөсү.

4) Сөздүн ар бир морфемасынын чеги өз ара жеңил ажырап турат: катма+шуу+нун, ат кен+дер, арт+тыр+ыл+сын ж.б.

5) Үңгүдан мурда анын алдына кызматчы морфема келбейт.

Ошондой болсо да, ар бир тилде экинчи башка типологиялык топтун белгилери, б.а. аларга мүнөздүү түзүлүштөгү сөздөр жолукпа

койбойт.

Мисалы, кыргыз тили үчүн аморфтук (мүчөсүз) тилдердегидей уңгу түрүндө туруп омонимия жана көп маанилүү касиетке ээ сөздөр аз эмес:

кой (айбан); кой (этиш): кол кой; бир кой ("ур" маанисинде).

ат (мал); ат: баланын түрүнө жараша ат кой (ылакап); ат (этиш); мылтык ат, ок ат.

от: от жак; от: от жер; андан отоо чөп ж.б.

Өт (этиш): көчөдөн өт; суудан өт; өт (зат атооч): өт оорусу; өтү жарылуу ж.б.

2) Кыргыз тилине аз да болсо уңгунун башына кызматчы морфеманын келиши мүнөздүү. Мисалы: бейтаалай, наынсап, натуура, бейтааныш, бейбаш.

Мындай типтеги сөздөр кыргыз тилине фарсы тилинин таасири менен оошкон. Бирок алардын көпчүлүгү тилибизде эзелден бери колдонулуп келе жаткандыктан ар бир адам эле мындай сөздөрдүн иран тилдеринен өздөштүрүлгөндүгүн баамдай албайт. Ошого карабастан мындай сөздөрдү уңгу жана мүчөгө (префикске) ажыратуу кыйын эмес: на+туура, на+ынсап, бей+таалай, бей+тааныш, бей+баш ж.б.

3) Флективдүү тилдерде уңгу менен мүчөнүн чеги жылышып кеткен, алар өз ара ширешип калгандыктан жыктөөгө болбой калган түзүлүштөгү жана өз алдынча турганда маанисиз уңгулардын да болушу мүнөздүү.

Ушундай эле түзүлүштөгү сөздөрдү түрк тилдеринен, ошондой эле кыргыз тилинен да кездештирүүгө болот:

Ката: жолду ката < кара+та деген чакчыл этиш маанисинен ажырап, уңгунун аяккы мууну -ра сыйлыгышып түшүп, этиштик -т жана -а мүчөлөрү биригип, бир морфемага айланып, бул сөз жалпы-

сынан жиктелбеген бир бүтүн туунду морфемага айланып калган.

баам: баамдоо, байка, байыр алуу, бетбактырбоо деген сөздөрдүн алгачкы үңгусу ба " көрүү" деген маанидеги сөз менен салыштырылып, бул сөздүн үңгусу + -ым деген мүчөдөн тургандыгын айтууга туура келет.

Минт же ант, ошент, тигинт сыяктуу этиштер тарыхый жагынан мындай+эт, андай+эт, ошондой+эт, тигиндей+эт деген айкаштардан турат.

агайын деген кош зат атооч ага жана ини деген сөздөрдүн айкаштарынан түзүлгөн. Ушундай эле морфемаларга бүгүн<бу + күн, быйыл < бу + жыл, былтыр < бу + жыл + Ɔ-дыр, иштан < ич + тон, үстөмөн < жүз ("бет" маанисинде) + төмөн, ейүз < о (ол, ал) + жүз ("тарап" маанисинде), ичкыр < ич + кур морфемаларынан турат.

Буларга окшогон сөздөрдүн түзүлүшүнөн эмне үчүн фузия кубулушунун көрүнүштөрү байкалат?

Мындай учурларда үңгу менен мүчөлөрдүн тирешүүсүнүн, б.а. алга жана артка окшошуу кубулуштарынын натыйжасында кыскарып, сыйлыгышып түшүүнүн (ката < карата), баам < ба + -ым, минт < мындай + эт) натыйжасында үңгу жана мүчө же өз ара айкашкан эки сөздүн алгачкы түрү да, айтылыш өзгөчөлүгү да өзгөрүп, сөз жаңы кебетеге ээ болот. Мындай сөздөрдү составдык морфемаларга жиктөө атайын даярдыгы аз адамдар үчүн кыйынчылык туудурат. Ошентип, тилдердин типологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу касиеттери, бир жагынан тилдердин сөздүк составын жалпысынан мүнөздөөчү белгилерден болсо, экинчи жактан ар бир тилдин лексикасын белгилүү гана бир типологиялык белги менен чектөөгө болбой тургандыгын күбөлөйт. Ал гана тургай, типологиялык кубулуштар тилдердин бир калыпта, бир кылка өнүкпөй тургандыгын, тилдердеги мындай ар түрдүүлүк

тарыхый өнүгүштүн жыйынтыгы экендигин көрсөтөт.

Тилдердеги типологиялык белгилердин учурашы ар бир тилге мүнөздүү структуралык түзүлүштөрдүн бардыгын эсепке алып, алардын ар бир түрү жөнүндө маалымат берүүнү жөнилдетет.

Типологиялык өзгөчөлүктөр жөнүндө кыскача маалымат алгандан кийин тилибиздеги сөздөрдү төмөнкүдөй түзүлүштөрдөн турган морфологиялык структуралар катары карашыбыз керек:

I. Бир муундуу маанисинен ажырабаган (жоготпогон) уңгулар: ал, бер, кел, ат, мал.

2) Уңгу жана мүчөгө ажыратууга болбогон, эки муундан турган түзүлүштөр тибиндеги уңгулар: отур, жылкы, айт, байка, баам, байыр (ал), кызыл:

3) Уңгу жана мүчөгө жөнил жиктелүүчү туунду сөздөр: мал+чы, тон+чон, кий+им, окуу+чу ж.б.

4) Өз алдынча семантикасынан ажыраган сөздөр: кийин, менен, жана, дейре, чейин ж.б.

5) Тыбыштык ширешүүлөрдүн жана сыйлыгышуунун натыйжасында алгачкы формасынан таптакыр өзгөрүп кеткен, эки жана андан да көп муундан турган сөздөр: айер ажер, өшер, ошент, агайин, чандаяк, ката ж.б.

6) Теги жагынан башка тилдерден өздөштүрүлгөн, ошондуктан морфологиялык түзүлүш боюнча өздөштүрүп алган тилдин ички грамматикалык закондорунун чегинде жиктөөгө мүмкүн болбогон сөздөр: конкурент, бригада, космос, мектеп, гелий, молдо, орбита, эсеп, материализм, нан, автомат, гозо, даңк, кокозо, кереге, согон, улан ж.б.

7) Эки түгөйү биригип бир (жалпылоо; кайталоо, уйкаш ж.б.) маанини билдирген кош сөздөр: ата — эне, кийим — кечек, чай — пай,

оюн — күлкү, сорпо — шилен, тарс — турс ж.б.

8) Башка тилдерден өздөштүрүүнүн натыйжасы пайда болуп, уңгусунан мурда кызматчы морфемалар менен айкашып турган сөздөр: бейтааныш , бейбаш, натуура.

9) Туруктуу айкаштардан куралган кошмок сөздөр: ат үкүлүк, төө-куйрук, кол чап, карагат, басмайыл, каржилик.

СӨЗ ЖАСОО

Сөздөрдүн жасалышы деп кош жана кошмок сөздөрдүн, сөздөрдөгү лексикалык көп маанилүүлүктүн жана курандылардын жардамы менен жаңы сөздөрдүн түзүлүшү аталат. Анткени сөздөрдү түзүүчү каражаттар жалгыз эле мүчөлөр (курандылар) менен чектелбей, эркин (бир гана муундан же уңгудан турган) сөздүн көп маанилүүлүгүнөн да, сөздөрдүн туруктуу айкаштарынан да, ширешкен (бириккен) уңгулардан да түзүлүп,же ар түрдүүчө эрежелерге негиздеп бүтүн сөздөрдү кыскартып, жаңы сөздөрдү жасоо жолдору менен өз алдынча сөз деген түшүнүккө коюлуучу талаптарга жооп бере алуучу лексемаларды камтыган эрежелерден турат.

Ошондуктан жасалуу ыкмаларына ылайык сөздөр мүчөлөмө (морфологиялык), айкашуу (аналитикалык же синтаксистик), лексикалык (сөздөрдүн маанилерин өзгөртүү, экинчи терминология боюнча — семантикалык) жолдору менен жасалат да, ал ыкмалар ушундайча аталат.

Ошону менен бирге, кыргыз тилинде бардык тектеш түрк тилдеринин өткөн тарыхый мезгилинде кеңири колдонулуп келген [illegible] тыбыштык (фонетикалык) ыкманын да издери сакталып калган.

I) Сөз жасоонун айкашуу (аналитикалык же синтаксистик) ыкмасын колдонуу аркылуу лексикада татаал сөздөр деп аталган лексемалар жасалат.

Мындай ыкма менен эки же андан да көп сөздөр ажыралгыс бир

тизмекти түзүп, жаңы бир лексикалык маанiге ээ болот.

Эмне үчүн бул ыкма айкашуу (айкалышуу) деп аталат? Тиги же бу сөз тизмектери жаңы маанини билдирүү үчүн ажыралгыс бир сөз айкашын түзүп калат. Болгондо да тилибизге мүнөздүү, ар кандай синтаксистик сөз айкаштары негизделүүчү сөз байланыштары эле (ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу, кыйышуу) колдонулуп, туруктуу сөз айкаштары кошмок сөздөр да түзүлөт. Мисалы: төө+куйрук, көк+шибер, бодо+мал, беш+көкүл, өнөр+жай, калем+сап (ыкташуу), кол+кой, көз+сал (башкаруу), көк+асаба, сары+кар (кыйышуу) сыяктуу татаал (кошмок) сөздөрдүн жасалышы кашаанын ичинде саналган синтаксистик байланыштарга негизделип турат.

Ал эми татаал сөздөрдүн "бириккен сөздөр"[I] деп аталган түрлөру да ушул жогорудагы ыкмага негизделип жасалат. Айталык, былтыр < бир + жылдыр, басмайыл < басма + айыл, бүгүн < бу + күн, өйүз < о ("тетиги", "тиги" маанисиндеги ат атооч) + жүз ("беш", "тарап" маанисиндеги сөз).

Бул ыкманын аналитикалык деп аталышы – мындай татаал сөздөрдү өз алдынча айрым-айрым сөздөргө жиктеп ажыратууга мүмкүндүк бар. Ошондуктан да ыкма аналитикалык деп аталат.

Ошентип кошмок сөздөрдүн негизги өзгөчөлүгү:

I) түзүлүшү боюнча татаал, б.а. эки же бир нече сөздөрдүн айкаштарынан турат;

2) ар бир компонентинин элкин (жекече) тургандагы мааниси толук сакталбай, көбүнчө өтмө (жаңы) лексикалык маани пайда болот. Мисалы, жел+боо – боз үйдүн түндүгүнөн төмөн түшүрүлгөн боо (б.а.

I. Мындай сөздөр лексикага бүгүнкү күндүн баасында мамиле кылганда жөнөкөй сөздөрдүн эле катарына кошулат. Ал эми татаал сөздөрдүн катарына тарыхый-этимологиялык планда гана кошулат

катуу шамалга боз үйдүн туруштук беришин камсыз кылуучу боо-чуулардын бири; тээ+күйрук - адырларда, кургак каксоо жерде өсүүчү тикенүү караган, өсүмдүктүн аты; көк+кытан - саздуу жерлерде байырлаган канаттуу.

3) Сүйлөм тутумунда кошмок сөздөр да жөнөкөй сөздөрдөй эле анын бир эле мүчесүнүн милдетин аткарат. Мисалы; Жээрде айгырды камчыланып, ал суугa сала бергенде, биз баарыбыз дал болуп калдык (Ч.Айтматов). Мында "сала бергенде" - сын-сыпат бышыктооч. Суучул, оо суучул, кечирип ал! - дешип, алым сабак аткырышты (Ч.Айтматов). Бул сүйлөмдө да "кечирип+ал" - татаал баяндооч, "алым+сабак" - толуктооч.

4) Кошмок сөздөрдүн компоненттеринин тизмектин ичинде орду туруктуу. Мисалы, синтаксистик (сөз) байланыштарынын эрежелерине негизделгендиктен тизмектерди түзүп турган сөздөрдүн орундарын алмаштырууга болбойт. Мисалы: сала+коймо - элечектин бир деталы. Имерме+ободо - шырдактын бир түрү. Кол+жоолук - жүз аарчынын маанилеш түгөйү; ат+жабуу - ат жабдыктарынын бири. Жогоруда белгиленгендей, айкалышып турган сөздөрдүн орундары алмашылса, лексика-семантикалык маанилерди билдире албай калат.

5) Мындай туруктуу айкаштардын компоненттерин башка бир сөз менен алмаштырууга же башка бир мүчелерду жалгоого болбойт. Анда алар туруктуулук касиеттеринен - жаңы маанисинен ажырап, кошмок сөз болбой калат. Мисалы, бодо (уй) малга карата "көк кейнек алгыр" (ылаңдын аты) - деген каргыш бар. Аны, айталык, "кызыл кейнек, кара кейнек алгыр" - деп башка түстөрду билдирген сын атооч сөздөр менен алмаштырууга болбойт. Жогоруда айтылган "туруктуулуктун" бир өбөлгөсү ушунда, б.а. компоненттердин тизмектин ичинде орду гана эмес, лексикалык (семантикалык) жекече колдонулушунда да алмашылгыс туруктуулук бар.

6) Кошмок жана кош сөздөрдүн ар бир компоненти өз алдынча

басым, арасы тыным (пауза) менен айталат. Мисалы: мал-жан, көргөн-билгөн, коюу+кара.

Татаал сөздөрдүн дагы бир түрү - кош сөздөр.

I) Булар теңдеш байланыштын (б.а. аныктооч - аныкталгычтык өз ара байланыштарга негизделбейт) негизинде айкалышып, ар түрдүү эксперссивдүү, күчөтмө, жалпылама, кайталама ж.б. (бир гана) маанидеги сөздөрдү камтыйт. Мисалы, ата-бала, үй-бүлөө, улуу-кичүү, көргөн-билгөн, ойногон-күлгөн, чоң-кичине, чоң-чоң, жоон-жоон, сорпо-шилең, кир-кок, кызыл-тазыл, ызы-чуу, башма-баш, сөзмө-сөз, дың-дың, шарак-шарак, калдыр-шалдыр ж.б.

2) Кош сөздөр да сүйлөмдө анын бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: Мен жалаң той-тамашада гана ырдап, бака-шака түшкөн элдин шары менен жүрүп, ырдын маанисине түшүнбөптүрмүн (М.Абдукаримов). Бул сүйлөмдөрдүн составындагы той-тамашада - толуктооч, ал эми бака-шака түшүп - сын сыпат бышыктоочтук милдетти аткарып турушат.

3) Кош сөздөрдүн компоненттери бир сөз түркүмүнө гана тиешелүү болуп, экөө теңдеш бирдей морфемалар менен өзгөрөт. Мисалы: ата-эне (уңгу зат атоочтор); көргөн-билгөн (-ган мүчөсүнүн жардамы менен жасалган атоочтуктар), агарып-көгөрүп (-ып мүчөсүнүн жардамы менен жасалган чакчыл этиштер), атты-жөөлү (-ты / -лы мүчөлөрү жалганып жасалган сын атоочтор).

Эскертүү: Айрым бир жалпылама маанидеги кайталама кош сөздөрдүн жасалышы бул эреже менен түшүндүрүлбейт. Мисалы, башма-баш, колмо-кол, көзмө-көз, оозмо-ооз сыяктуу кош сөздөрдүн биринчи компоненттерине гана иран тилдеринен өздөштүрүлгөн -ма мүчөсү айкашып, жогорудагы маанидеги кош сөздөр жасалат.

4) Кош сөздөрдүн ар бир компоненти өз алдынча турган элкин сөздөрдөй эле жекече басым менен айтылып, арасы тыным менен ажырап турат.

5) Бириккен (тарыхый кош) сөздөрдөн айырмаланып, сыңар маанилүү кош сөздөрдүн компоненттеринин ар бири да ушундай эле өз алдынча басым, тынымдарга ээ. Мисалы: сорпо-шилең, илең-салаң, каргыш-илкиш, уят-сыйыт, өгөй-кагай, кул-күтан, катын-калач, жаанчачын ж.б.

6) Кош сөздөр семантикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

1) толук маанилүү жалпылама кош сөздөр. Мисалы, ата-бала, үй-жай, көргөн-билгөн, улуу-кичүү, ойноп-күлүп, кебүрүп-жабырып;

2) толук маанилүү, кайталама кош сөздөр. Мисалы, чоң-чоң, аз-аз, узун-узун, башма-баш, колмо-кол, сөзмө-сөз;

3) сыңар маанилүү, синонимдеш кош сөздөр. Мисалы, азык-түлүк, койчу-колоң, өгөй-кагай, кызарып-татарып, улан-ушак, бала-чака, ыйлап-сыктап, каргап-шилеп. Булардагы негизги өзгөчөлүк - эки компоненти тең бири-бирине маанилеш (синонимдеш) сөздөр. Алардын бири (көбүнчө биринчи компоненти) азыркы кезге чейин жеке лексикалык семантикасын толук сактап калган да, экинчисинин мааниси унут болгон. Алардын маанисин калыбына келтирүү үчүн тектеш тилдердин же түрк тилдеринин байыркы (тарыхый) абалына кайрылууга туура келет. Ошондой изилдөөлөрдүн натыйжасында жогоруда саналган кош сөздөрдүн (алардан башка да бир топ сөздөрдүн) маанилери аныкталып, алардын семантикалары биринчи компоненттери менен маанилеш экендиги далилденген. Булардагы дагы бир жалпы өзгөчөлүк - кош сөз түрүндө жалпылоо, күчөтмө (экспрессивдүү) семантика пайда болуп, жалпы эле синонимдердей эле, мындай кош сөздөр тилдин стилдик таасирин күчөтүү лексикалык каражаттар катары пайда болгондугу байкалат.

4) Эки компоненти тең өлкөн турганда маанисинен ажыраган, синонимдеш кош сөздөр. Мисалы, очор-бачар, алай-дүлөй, үрүл-бүрүл.

5) Табыш жана элес туураңды кош сөздөр. Булар көбүнчө бир эле

тууранды сөздү эки жолу гана эмес, бир нече жолу кайталоо аркылуу да жасалат: зың-зың-зың .

Алар өз ич ара: а) кайталама тууранды кош сөздөр. Мисалы, зуу-зуу, шалдыр-шалдыр, шака-шак, бака-бак, дүпө-дүп; б) айрым гана шайкеш келүүчү тыбыш айырмачылыктарына негизделген маанилеш тууранды сөздөр. Мисалы, шака-шук же шака-шука, дырт-дурт; в) уйкаштыкка негизделген (рифмаланган) сыңар маанилүү тууранды кош сөздөр. Булар да өз ич ара бир нече топко бөлүнөт.

1) Сыңар маанилүү тууранды кош сөздөр. Мисалы, тарс-турс же тарса-турс, шаңгыр-шуңгур, ызы-чуу.

2) Ушул принципте, бирок маанилеш түгөйлөрдөн турган тууранды кош сөздөр. Мисалы, тарса-турса, шаңгыр-дуңгур, бака-шака.

3) Ушундай эле принципте, эки компоненти тең өз алдынча маани бербей калган, бирок тууранды сөздөргө кирбесе да уйкаштыкка негизделген жалпылама (айрыкча эксперссивдүүлүк басымдуулук кылган) кош сөздөр. Мисалы, азан-казан, уңкул-чуңкул, эже-токо, акар-чакар ж.б.

4) Эки компонентинин биринин **таптакыр** мааниси жок, бирок биринчисинин уйкаш түгөйү катары пайда болгон түгөйлөрдөн турган кош сөздөр. Мисалы, эт-мет, үй-сүй, акча-макча, чапан-чупан, нан-пан, өтүк-сөтүк, көйнөк-көнчөк ж.б.

Сөз жасоонун лексика-семантикалык ыкмасы

Бир эле сөздү заттык жана этиштик мааниде колдонуу - сөз жасоонун эң байыркы ыкмаларынын бири болгон. Анын лексика-семантикалык ыкма деп аталышы да андай сөздөр ар кандай кызматчы морфемалар менен айкалышпай эле көп(түрдүүчө) мааниде колдонулушу менен түшүндүрүлөт. Бирок алардын заттык жана этиштик маанилеринин арасындагы жакындык ачык эле байкалып турат.

арт - этиштик мааниде: жүктү унаага жүктөө жана арт - "ашуу"

маанисиндеги зат атооч. Мисалы, топонимдерде (эчилүү географиялык аттарда): Кегарт, Кызарт, Торугарт, Балгарт ж.б.

ач – "ачка" маанисиндеги зат атооч: ач кадырын ток билбейт, ат кадырын жөө билбейт (ылакап) жана ач – этиши "ачка болгон", ачкалык тарткан адамдын (мал ж.б.) абалын билдирет.

өз – этиш жана өз – "өзме, ажыкыз; келесоо чалыш" деген жаман сапатты билдирүүчү атооч сөз.

жай – "жаюу" маанисиндеги уңгу этиш (малды от жерге жай) жана "жайылган, "жайлуу" маанисиндеги зат атооч: Жай жайлоосу, кыш кыштоосу – үчүл бир жаман там (Т.Сыдыкбеков).

жар – "жаруу" маанисиндеги этиш: (отун жар) жана жер рельефинин бир түрүн билдирген зат атооч: жарлуу капчыгай.

жук – этиши ("жугуу, жабышуу, булгоо" маанисиндеги этиш) жана жук – "жуккан нерсенин калдыгы" маанисиндеги зат атооч: жугу жок; жук болбойт ж.б.

көч – зат атоочу жана көч этиши да ушундай катардагы атооч–этиш уңулар: Көч жүрө-жүрө түзөлөт (ылакап). Көчүп кет. Өртең жайлоого көчөбүз. Көп маанилүүлүк бир эле сөздү бир нече заттык маниде колдонуудан да пайда болот
(күн – планетанын аты күн – күн чыккандан батканга чейинки убакты билдирүүчү түшүнүктүн аты; ай – жердин өзөрчимеси жана ай – 30 күндөн турган календардык түшүнүктү билдирүүчү атооч сөз.

Жел ("сыдырым" менен маанилеш) зат атоочтун этиш түгөйү жел (мисалы, чапсаң – чарчаарсың, желсең – жетөөрсиң); көк (түстү билдирүүчү сын атооч, андан көк ("асман") көк ("дат") жана көк (көк адам, кылы көк – "кыйык", "тил алгы эмес") өтме маанилери өнүккөн да, эр болсоң – көк бол; убадага бек бол; (ылакап). Өпкө –"дем алуу органы", өтме мааниде өпкө – оорунун аты: Ак өпкө болуп елсе, жоопту мен берем ("ЛЖ"). Кемпир картайып бүткөн, жетелгенде өпкө койдой онтоп, колунан бир келгени эле кудайга сыйынат (Ч.Айтматов).

Көп маанилүүлүк жеке эле үнгу сөздөргө гана эмес, туунду сөздөргө да кеңири мүнөздүү. Семантикалык жакындыгы бар түшүнүктөрдү билдирүү үчүн айрым сөздөрдү өтмө (жаңы) мааниде колдонуунун жолу менен тилде улам пайда болгон түшүнүктөрдү билдирүүгө болот. Ал болсо, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бир эле сөздү түрдүүчө маанини билдирүү үчүн пайдаланууунун (б.а. лексика-семантикалык ыкманы колдонуу аркылуу) натыйжасында ишке ашырылат. Сөздөрдөгү мындай маанилик (семантикалык) обочолонуу алардын жүрө-жүрө омонимдерге айланышын шарттайт.

Мисалы, тап - өңдөштүккө жараша бөлүнүштү билдирген сөз: бир табы-кызыл, бир табы - көк (шырдактын оюусуна карата ушундайча айтылат). Бул сөз совет доорунда өтмө мааниде коомдук катмарларды (класс) билдирген терминге айланып кетти: жумушчулар табы; тап күрөшүү; тапсыз коом ж.б.

Үнгу - темирден жасалган аспаптын (куралдын) сабы орнотулуучу жеринин атын билдирсе (найзанын үңгүсү, кетмендин үңгүсү, балтанын, керкинин үңгүсү), > андан атайын терминдик мааниси өнүккөн: сөз үңгүсү же үңгү сөз, үңгү атооч, үңгү этиш ж.б. - сөздүн маани берүүчү негизги бөлүгү. Ушундай эле көп маанилүү сөздүн бири - тамыр. Ал өсүмдүктүн жердин алдындагы, топурактан азыктандыруу заттарын сиңирип алуучу бөлүгү; жандуулар дүйнөсүндө - "денеде кан жүрүүчү көндөй түтүкчөлөр", өтмө мааниде - "антташкан дос, ашына", математикада да атайын термин катары алгебралык "корень" түшүнүгүн берет: тамырдан чыгаруу.

Кеңеш - туунду этиши затташтырылып, өтмө мааниде "совет" (бийлик органы) маанисин берүү үчүн колдонулуп жүрөт.

Алкак - челектин айрым чабактарын бириктирип кармап туруучу темир же жыгачтан атайын жасалган тегерек нерсе. Ал өтмө мааниде жер шарынын аба-ырайы боюнча өзгөчөлүктөрүнө жараша

райондоштурулушунун жалпы атын билдирүүчү термин болуп калган: жылуу алкак, суук алкак, мелүүн алкак. Өруш – кыштоо жайлоодо айыл орношкон жерге жакын жайыт жер: конуш алганча, өруш ал. Бул сөз да математикалык термин маанисинде "мейкиндик", "белгилүү аянт" түшүнүктөрүн билдирүү үчүн колдонулуп калган. Мисалы, бурчтун өрүшү.

Ийрим – агын суунун айлампа болуп аккан терең жери (көбүнчө "ирим" деп айтылат). Өтмө (жаңы) мааниде – тилектештердин, кесиптештердин бириккен (баш кошкон, уюшкан) уюмунун атын билдирет: комузчулар ийрими, өздүк көркөм чыгармачылык ийрими ж.б.

Баскыч – "тепкич" менен маанилеш сөз. Өтмө (жаңы) абстрактуу мааниде – коомдук ж.б. өсүштүн мерчимдүү жерлерин атоо үчүн колдонулат.

Жаныма – этиштик туунду зат атооч катары (жаны – "кайра, курчут" + –ма) кыймыл-аракеттин жыйынтыгын билдирген сөз. Ал кээде "бычак" маанисинде да колдонулган. Атайын термин катары геометрияда бул сөз катышып, жаныма сызык, жаныма мейкиндик сыяктуу татаал терминдердин составында "тийип туруучу", "тийип өтмө" (касательный) деген маанилерди билдирет.

Жарыш – ат чабуу же жөө жүгүрүү мелдешин, ошондой эле кыймыл-аракетти билдирүүчү туунду сөз. Өтмө (терминдик) мааниде "катар кеткен", "катар жаткан" деген маанини билдирүүчү сөз: жарыш сызык. Ушундай эле жол менен ээ + "кожоюн", термин иретинде – сүйлөмдүн ээси , чак – "мезгил" , термин катары – учур чак, келер чак, өткөн чак, чакчыл ж.б. , тыным + "эс алуу", термин катары – "пауза" дегенди билдирет ; агартуу – "актоо", "акка айландыруу", өтмө мааниде – "билим берүү", "сабатын ачуу" дегенди билдирет; Сунуш – "кол жалгоо","бир нерсени

берүү үчүн колду сунуу, берүү; термин катары - "пикир айтып, такилип киргизүү".

Ушундай эле жол менен жатыш, чыгыш, барыш, сөздүк, тамга, мүчө, кашаа, жак, ат, муун, басым сыяктуу терминдер лингвистикада; актоо, бүтүн, каралоо, кесүү (укук мааниде), сөгүш, керүнүш, ойлом, чечим (коомдук саясий илимдерде) сыяктуу термин сөздөр жасалган.

Сөз жасоонун тыбыштык (фонетикалык) ыкмасы. Сөздөрдүн мүчөлөп өзгөрүү менен же сөз айкаштары ширешип, өтмө мааниде жаңы лексика-семантикалык касиетке ээ болуу же болбосо айрым сөздөр элкин (б.а. сөз айкаштары түрүндө да эмес же мүчөлөбөй эле) туруп жаңы мааниге өтпөстөн, закон — ченемдүү тыбыштык кубулуштардын натыйжасында түзүлүшү жана мааниси тектеш (бир уяга бириктирүү өбөлгөлөрге ээ) сөздөрдүн жасалышы сөз жасоонун тыбыштык (фонетикалык) ыкмасы деп аталат. Болгондо да бул ыкма тектеш тилдердин байыркы мезгилдеринде көбүрөөк мүнөздүү болуп, азыркы учурда (б.а. тилдерге синхрония көз карашынан мамиле жасаганда) сөз жасоо ыкмасынын түрлөрүнө толук жатпоочу көрүнүштөрдүн катарына кирет.

Бул ыкма төмөндөгүдөй тыбыштык өбөлгөлөрго негизделет:

1) тыбыш шайкештиктерине.

Артикуляциялык (жасалыш) мүнөздөмөлөрү боюнча бири-бирине жакын үнсүз тыбыштардын сөздүн тиги же бу муунунда биринин ордуна бири келишинен улам мааниси жакын сөздөр жасалган. Мисалы, көз жана көр, кочкор жана козу (андан > кой); кош: Кошкош десе, куянкы кой кошокко кошулат (Шлакап) деген сөздөр р~з шайкештигинин натыйжасында (ушул эле эрежеге таянып өгүз жана өкүр да жасалган деген пикир бар). р~з тыбыштарына

кээде с~ч~ш (мында - з~с шайкештигин эске түшүрөлү) да туура келип калат. Ошондо тузак менен туша (андан< тушоо, тушамыш), тура (турасын түгөтүү) атооч — этиштеринин арасындагы тыбыштык — этимологиялык жакындык жөнүндө айта алабыз.

Белгилүү позицияда т~с шайкештиги жөнүндө да айтууга болот. Бул тыбыш законченеми -кте жа(на)ксе (алардан> өктөм ат, өкүттө калуу, өксүк этиштик атоочтор жасалган), токмок~сокмок (алардын алгачкы үнгулары - ток~сок этиштери). Тыбыш шайкештеринин дагы бири - д~з~й тыбыштык туура келүү. Муну байыркы түрк эстеликтериндеги адгыр ~ азгырга кыргыз тилиндеги айгырдын туура келишинен көрөбүз. Бирок д~з менен келген кээ бир сөздөргө таянып, анын тилибизде да кээ бир издеринин калганын учуратабыз. Мисалы, кыргыз урууларынын бир чоң тобу адигине деп аталат. Ал байыркы адыг (б.а. аюу) + эне же ини деген сөз айкаштарынан турат. Ал эми туунду азына этиши да айгыр (б.а. азгырга) карата гана айтылат, бодо малдын жашына карата айтылуучу асый (бир асый, үч асый ж.б.) да теги жагынан ушул сөздөргө жакындашат. Ушундай эле көрүнүштү айак ("бут" маанисиндеги), аны менен маанилеш адым (адымдоо, адым таштоо ж.б.) жана атта (мисалы, арыктан же да башка тоскоолдордон) сөздөрүнөн да байкалат. Булар түпкү тегинде байыркы адак~атак~азак (андан< айак) - "бут" маанисиндеги менен тектеш. Тыбыш шайкештигинин дагы бир көрүнүшүн туу жана тогол, тогош сөздөрүнөн байкалган - уу, оо ~ ог туура келүүлөрүнөн байкайбыз. Тилибизде созулма үндүүлөрдүн пайда болушу дифтонгулардын созулмаларга айлануу процесси менен байланыштуу экендиги белгилүү. Ага күбө - жогоруда келтирилген тектеш сөздөр. Мисалы: тууган айдай супсулуу жана ай тогошуу же беш тогол өтпөй, бел чечпейт - деген кеп

бар (эрте жаз айларынын жалпы аты). Аларда да уу~ог~уг шайкештигин көрөбүз.

Ошондой эле т~л тыбыш шайкештигине мисал - бөлөк жана бөтөн; к~й тыбыш шайкештигине - шайа жана шака, р~й тыбыш шайкештигине-бурча (бурчасы же мурчасы келбөө - "чамасы келбөө" маанисиндеги сөз) жана буяма (ошол эле мааниде), туйак жана тура (турасы түгөнүү, турасын түгөтүү). Тыбыштык туура келүү (шайкештик) кубулушунун көрүнүштөрү тилибизде сыңар маанилүү (синонимдеш) кош сөздөрдөн кыйла байкалат. Мисалы, р~з (с): төр-күн-төз, кыз-кыркын; с~ш: сорпо-шилең; т~л: катын-калач; ч~й: кийим-кечек, кийиз-кече; л~с (ч) келин-кесек же кемпир-кесек, белек-бечкек; ж~ч: жаан-чачын; т~л: кул-кутан; й~л: койчу-колоң; ң~л: коңшу-колоң ж.б.

Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы (аффиксация, тагыраак атаганда - суффиксация) жаңы сөздөрдүн куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрдүн жардамы менен жасалышын камтыйт.

I) Сөз жасоочу мүчөлөр сөз уңгуларына да, туунду сөздөргө да ылайыгына жараша тилибизде калып алып калган үлгүлөр боюнча айкалыша алат. Натыйжада уңгунун мааниси өзгөрүп, жаңы түшүнүктү билдирүүчү туунду сөз пайда болот. Мисалы, мал +- чы > малчы, оку +-ыр +- ман > окурман, тоо +- луу > тоолуу (жер, өлкө ж.б.) өтүк +- чан > өтүкчөн, бас +- ма > басма, өн +- ым > өнүм, жаш +- лык > жаштык, көн +- ык > көнүк, шыпыр +- гы > шыпыргы ж.б.

2) Курандылар (башка кызматчы морфемалардай эле) өз алдынча лексика-семантикалык маанисиз, тилдин кызматчы каражаттарынан болуп саналат.

3) Сөз жасоочу (куранды) мүчөлөр, башка кызматчы морфемалардай эле (айталык, жандооч, көө бир байламталар ж.б.), тарыхый

жагынан бир замандарда бүтүн, толук маанилүү сөздөрдөн болгондугу жөнүндө илимий пикирлер, аларды бекемдөөчү фактылар да жок эмес. Мисалы, келечек, болочок деген тактоочтор -ечек / -очок (< -чак / -чек) деген мүчөлөрдүн кел, бол үңгү этиштерге жалгануусунан жасалган. Ал эми бул мүчөлөр ушул убакта деле маанисин жоготпогон чак ("мезгил", "убакыт", "маал" маанисиндеги сөздөр) менен шектеш экендиги далилденген. Муну менен окшош, бирок келип чыгышы жагынан башка сөзгө барып такалуучу -чак/ -чык мүчөсү (келинчек, орунчук, селкинчек ж.б.) чак ("өлчөм" маанисиндеги атооч сөз) менен байланыштуу. Ошондой эле ынанымдуу илимий пикир барат, келет, жүрөт сыяктуу учур-келер чак этиштерин жана божомол туунду этиштерди жасоочу -дыр/ -ыт / -ат/ -т мүчөлөрү жөнүндө да айтылат. Ал болсо бир кездеги толук маанилүү турур / дурур туунду атоочтугунун -тур / -дур (бардыр, жоктур), андан ары -тыр / -дыр / -ый / -ат / -т мүчөлөрүнө айлануусу аркылуу жаралгандыгы далилденген. -лык (балалык, жаштык, өмүрлүк ж.б.) мүчөсү да бир кездеги нык же жык (жык толтура) сын атоочторунун ушул мүчөгө айлануусунан жасалган деген пикир бар.

Бирок куранды мүчөлөрдүн көпчүлүгүн белгилүү бир маанилүү сөздөн келип чыккан деп далилдөө мүмкүн эмес.

4) Курандылар үчүн туруктуулук мүнөздүү болгону менен ар түрдүү кырдаалдарга ылайык тилдин узакка созулган тарыхый жашоосунда аларды эч өзгөрүүсүз эле кала берет дешке болбойт.

5) Тескерисинче, айрым курандылар экинчи бир мүчө менен айкаша гана (мисалы, -ымта: барымта; -ылдырык:көмөлдүрүк, сагалдырык; -ааган жана -аанак: кабааган, кабаанак ж.б.) колдонулат; -чы + -лык, -чы + -ыл / -ал (> -чыл), -лаш (> -ла + -ыш / -аш) мүчө айкаштары болсо ар бири өз алдынча да, ажыралгыс

айкаштарда да кездешет: малчы жана малчылык, бирок эгинчилик, пактачылык; оюнчу, бирок суучул, чынчыл; байла (баг + -ла) > байлаш, ойло жана ойлош ж.б. Татаал курандыларга -ынды (таштанды, жуунду), -лан (камдан), -макчы (бармакчы), -сыра (кансыра, уюкусура), -ылдыр (көгүлтүр), -омук / -омтук (бозомук, бозомтук) ж.б. да кирет.

6) Курандылар өздөрү айкашып жасаган сөздөрдүн саны боюнча (демек, жаңы сөз жасоо арымы боюнча) да айырмаланат. Натыйжада аларды өнүмдүү, өнүмсүз жана сенек мүчөлөрге бөлүштүрүүгө туура келет. Бул кырдаал курандылардын сөз түркүмдөрүнө да алардын ар бирине тиешелүүлүгүн шарттайт. Сөз жасоонун кайсы ыкмаларынын басымдуу мүнөздүү экендигин аныктайт. Бул жагынан курандылардын көпчүлүгүн жардамы менен зат атоочтор жана этиштер жасалат; алардын бир тобу сан атоочторду жана тууранды сөздөрдү жасайт. Ал эми сан, ат атоочтор менен тактоочтордун жасалышына курандылардын бир азы гана катышат. Ошентип, бул кырдаалдар менен мүчөлөрдүн өнүмдүүлүк, өнүмсүздүк касиеттери түздөн-түз байланыштуу.

а) Өнүмдүү курандылар: -чы (кенчи), -лык (балалык), -сыз үйсүз, -луу (малдуу), -ма (басма), -ым (басым), -ла (иште), -т (иштет) ж.б.

б) Өнүмсүз курандылар: -чыл (ойчул), -гы (адыргы), -мта (барымта), -ылга (агылга, демилге), -сат (көрсөт) ж.б.

в) Сенек мүчөлөр: -гары (ичкери, сырткары), -ын (күнүн), -ты(Кырмөнтү, Кегети, Сөгөттү); -лы (эртели-кеч, эрди-катын) ж.б. мүчөлөр кирет.

7) Курандылардын катары белгилүү өлчөмдө башка типологиялык түзүлүштөгү тилдерден өздөштүрүлүп алган сөздөрдүн кура-

мында кабыл алынган морфемалардын эсебинен да арбыйт.

Эне тилибизде андай курандылардын катарына -поз (илимпоз, энерпоз), -кана (аткана, малкана), -изм (диалектизм), -ист (атеист), -кеч (арабакеч, кирекеч), -кор (пайдакор, паракор) ж.б. мүчөлөр кирет.

8) Тилибизде өз ара тектеш курандылар да бар: -чак / -ча: (оюнчук, эргилчек жана кудача, моюнча); -гы / -гыч жана -ыч: сузгу / сузгуч, чалгы / чалгыч, тегирич; -мак / -ма; -лык / -лы -ты жана -луу мүчөлөрү да бир уядан (б.а. байыркы < -лыг) тарагандыгын булар жасаган сөздөрдүн семантикалык жакындыгы күбөлөйт: балалык жана балалуу; топонимдерде Майлуу Суу жана Майлы Сай; Арчалы жана Бүргөндү, Кегети, Сөгөттү жана балаты. -ла / -а: жайла ("жайлаштыр" маанисинде) жана кана (< канда < канла).

9) Башка куранды морфемалар менен айкашпай, элкин гана колдонулуу мүчөлөр да бар: -ым, -дай, -оо, -уу, -чан ж.б. (чыгым, оюудай, баруу, ойлоо, атчан, тончон).

10. Сөз өзгөртүүчү жана форма жасоочу (сөзгө грамматикалык жана лексикалык маани киргизүүчү) кээ бир мүчөлөр жалганып турган сөздөрдүн лексикализацияланып (айталык, затташып) кетишинин натыйжасында курандылык милдетти аткарып калган мүчөлөр да сенек мүчөлөрдүн катарына кирет: -гару, -ын, -га, -да, -дан (илгери, мурун, өзгө, башта, эмитен ж.б.)

11) Шайкеш тыбыштардын алмай-телмей айкашуусунун натыйжасында пайда болгон түгөйлүү курандылар да бар: -ыш / -ыч: таарыныч жана таарыныш; өкүнүч жана өкүнүш; -ла / -на: жайна жана жайла; -ба / -ма / ( ) -мак / -бак: жашынмак жана жашынбак.

12. р ~ з, р ~ й тыбыш шайкештиктеринен негизделип пайда болгон тектеш курандылар: -ар / -ай (карар жана карай); -гар / -газ (жазгыр жана жазгыз), -гыр / -гыз (аткар жана атказ, тилмер

жана тилмеч).

13) Бирдей семантикадагы сөздөрдү жасоочу "маанилеш" мүчөлөр: -газ / -гыз, -сат / -сет, -дыр: көргөз жана көрсөт, жазгыз жана жаздыр.

14) Тыбыштык орун алмашуу (метатеза) кубулушунун таасири менен жасалган түгөйлүү мүчөлөр: -ааган/ -аанак: кабааган, кабаанак, тебээген, тебээнек, сүзөөген, сүзөөнөк. -ак / -ык жана -ка / -кы, -га / -гы жана -а / -ы: тара / тарка: -ыт / -ты / -чы: арыт ("тазала" маанисинде), арт жана ааркы (ошол эле мааниде), тенти, тени. -сык / -дык: жатсык / жастык (жаздык) ; -чак / -кач: урчук/ өркөч ; -га / -а: торо жана торго.

15) Тыбыштык жылышуу (опрощение, переразложение) кубулушунун натыйжасында жасалган курандылар: -гар (саргар)< байыркы сарыг + ар же сугар < суг + ар; -га (корго) <байыркы коруг + ла.

16) Айрым курандылар бир эле учурда атооч жана этиш сөздөрдү жасоого катыша берет. -ык: көнүк (туунду этиш) жана түнүк (сын атооч); каныk (туунду этиш) жана жабык (сын атооч).

17) Тыбыш составы (сырткы түрү) окшош, бирок аткарган милдети да, түпкү теги да ар башка курандылар бар: -ган (атооч-туктарды жасайт) жана -ган / кан: балтыркан, булдуркөн. -ын (байыркы табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү: кийин, чейин дейин ж.б.) жана этиштик -ын: кийин, ичин, урун ж.б.

18) Жалпысынан тиги же бу морфеманы куранды (ошондой эле уланды, форма жасоочу формантты да) деп эсептөө үчүн төмөндөгүдөй өбөлгөлөр сөзсүз эсепке алынышы керек:

1) Куранды айкашып турган үнгү же туунду негиздин өз алдынча лексика-семантикалык мааниге ээ болушу;

2) Тиги же бу куранды сөзгө жалгангандан кийин сөзсүз жаңы лексика-семантикалык маанинин пайда болушу;

3) Көпчүлүк учурда курандынын тилдин тыбыштык законченемдерине ылайык түгөйлөрүнүн пайда болушу (мисалы, -чы, -чи, -чу, -чү; -ма, -ме, -мо, -мө; -луу, -луу, -дуу, -дүү, -туу, -түү ж.б.) да тиги же бу кызматчы морфеманы сөз үндүсүнан ажыратып, аны мүчө деп эсептөөгө негиз болот.

19) Бир нече мүчө айкалышып келип (тыбыш составы кыскарып) жасалган курандылар да бар: -ооч (алдооч, сөрпөөч) < -ла + -гы + -чы / -чу, б.а. бул мүчө алдагыч-(у) туунду сөзүнөн байкалган мүчө айкаштарынан турат. Андоостон деген тактооч сөздөгү -оос (тон) татаал куранды болсо < -ды (анды) + -уу + -ыш + -дан / -тан мүчө айкаштарынан кыскарып куралган.

20) Сенек мүчөлөрдүн арасында кабатташып келгендери да бар: мурдатан (< мурда - жатыш жөндөмөсүндө турган тактооч + -тан / -дан - чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү), баштатан, баштадан, эзелтеден ж.б.

21) Курандылар (жалпы эле кызматчы морфемалар) муун түзүлүшү жагынан бир үндүүдөн (-а / -ы: кана, жута, ары), үндүү + үнсүздөн (-ым, -ак -ык: басым, конок, көнүк), үнсүз + үндүүдөн (-ма, -лы, -ка -кы ж.б.: имерме, атты — жөөлү, аркы-берки ж.б.), үндүү + үндүү + үнсүздөн (-ооч: алдооч), -оор (айтоор < айт + -оор), үнсүз + үндүү + үнсүздөн (-мак, -гак, -чык, -лык, -чыл, -сыз ж.б.: окумак, тоскок, суулук, өтүкчөн, бактысыз); үнсүз + үндүүдөн (-гы / -кы, -ла, -ма, -са / -сы: каргы, алгы, бакма, көчүрме, сууса, мөнөнси, адаксы, байла, ойдо); үнсүз + үндүү + үндүү + үнсүз (-раак / -ыраак (көбүрөөк, чоңураак); үндүү + үнсүз + үндүүдөн (-ыра: ажыра < ач - аж + -ыра); -ака: алака ("байланыш" маанисиндеги сөз), -аса: аласа, бересе ж.б.); үндүү + үнсүз + үндүүдөн (-ыкы: азыкы, көбүкү; ыткы: азыткы ("азгыруучу" маанисиндеги сөз); -ылда: ажылда, аңкылда, бажылда ж.б.; үнсүз +

үндүү + үнсүз + үндүүдөн:-дыра: алдыра, шалдыра; -сыра -жыра: алсыра, былжыра, ылжыра ж.б.; -гыча: баргыча, келгиче, аңгыча; үнсүз + үндүү + үндүүдөн: -луу (балалуу, кийимдүү) турат. Ошентип, мүчөлөр (алардын ичинде курандылар да) кандайдыр өлчөмде уңгулардын тыбыштык түзүлүшүнө окшошуп кетет.

СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

Грамматикада негизги орунду сөз түркүмдөрү жана сүйлөм мүчөлөрү ээлейт. Сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон маселелерди морфология ичине алса, сүйлөм мүчөлөрүнө тиешелүү болгон маселелердин синтаксис ичине алат. Грамматикалык категориялардын ичинде орчундуу орунду айрыкча сөз түркүмдөрү ээлейт. Сөз түркүмдөрү менен сүйлөм мүчөлөрүнө тиешелүү болгон маселелердин татаалдыгы тил илиминде эчак эле айтылып келе жатат. Сөз түркүмдөрүнө илимий жактан кароо тарыхый жактан кароого негизделет. Демек, ар бир конкреттүү тилдин сөз түркүмдөрүнүн маселеси ошол тилдин тарыхы менен байланыштуу каралууга тийиш. Тил илиминде айтылып келе жаткан көз караштар боюнча сөз түркүмдөрүнүн бардыгы бир мезгилдин ичинде пайда болбойт, ар бир сөз түркүмү татаал өнүгүү процессинин негизинде белгилүү тарыхий мезгилде пайда болуп өнүгөт. Мисалы, башка сөз түркүмдөрүнө караганда тактоочтор, байламталар кийинчерээк пайда болуп кийинчерээк өнүккөн. Мына ошондой эле грамматикалык категориялар да тарыхий өзгөрүүлөргө дуушар болот. Бир өңчөй эмес предметтер, түшүнүк төр категория боло албайт. Бир өңчөй предметтер же бир өңчөй түшүнүктөр гана "категория" деген түшүнүктү ичине алат. Тилдин түзүлүшүн аныктоочу же мүнөздөөчү сөздөрдүн өзгөрүшү жөнүндөгү жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкалышы жөнүндөгү грамматикалык жалпы түшүнүктөр грамматикалык категория болуп аталат. Ошондуктан сөз түркүмдөрү биринчи кезекте тилдеги негизги грамматикалык категорияларга жатат. Дүйнөдөгү чындыкты акырындык менен тааный билүү адам баласын предметтердин, көрүнүштөрдүн өз ара байланышын, алардын түрлөрүн жана бир-биринен айырмаланган касиеттерин, бөтөнчөлүктөрүн ажырата билүүгө алып келди. Бул жагынан алганда сөз түркүмдөрү грамматикалык категориялар катарында адам баласынын чындыкты тааный билүү процесстерин көрсөтөт. Сөздөрдүн сөз түркүмдөрүнө бөлүнүшүн

тилдин единицасынын негизги болгон сөздөрдүн табияты менен, сөздөрдүн семантикалык жана грамматикалык жактары менен тыгыз байланыштуу карoo керек. Мына ошондо гана сөз түркүмдөрүнүн өз алдынча грамматикалык категория экендиги ачыгыраак байкалат.

Түрк тилдериндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө карата бөлүштүрүү түркологиядагы кийин гана колго алынган жаңы маселе жатпайт. Чындыгында, бул маселе түркологияда мындан бир жарым кылым мурда башталып, традициялык классификация боюнча түрколог-окумуштуулар тарабынан түрк тилдеринде сөз түркүмдөрүнүн саны 8ден 9га чейин же тардиция боюнча 8 сөз түркүмү бар экендиги ачык эле белгиленип келген. Ырас, түрк тилдери боюнча алгачкы түзүлгөн грамматикалык эмгектерде түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрүнүн маселеси атайын талданып берилбестен, ар бир сөз түркүмүнүн кыскача мүнөздөмөсү берилген. Албетте, XIX кылымда түрк тилдери боюнча жазылган грамматикалык эмгектерде түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон маселелерди кеңири планда карoону авторлор өздөрүнүн алдына милдет кылып коюшкан да эмес.

Сөз түркүмүнүн маселеси XX кылымда, айрыкча совет бийлигинин жылдарында түрколог-окумуштуулар тарабынан кеңири планда каралып келе жатат. Анткени совет бийлигинин жылдарында эне тилинин грамматикасы боюнча окуу китептерин түзүү, мектептерде эне тилинде сабак жүргүзүү сыяктуу олуттуу маселелер сөз түркүмдөрүнүн илимий жактан тагыраак иштеп чыгууну талап кылган болучу.

1930-жылдардан мына ушул күндөргө чейин колдонулуп келе жаткан окуу китептеринде, окуу куралдарында, атайын илимий макалаларда кыргыз тилинде сегизден он экиге чейин сөз түркүмү бар экендиги жөнүндөгү пикирлер орун алат. Бул жерде бир маселени айрыкча эске алуу керек. Маселе кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн санын көбөйтүүдө же азайтууда эмес, маселе сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категорияларга жата тургандыгын тиешелүү фактылар-

дын негизинде туура тааный билүүдө.

Түркологиялык изилдөөлөрдө сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө негизинен, семантикалык принцип колдонулуп жана ал принцип сакталып да келе жатат. Андан кийинки негизги принцип катарында синтаксистик принцип колдонулуп келди. Кээ бир түркологдор сөздөрдү сөз түркүмүнө бөлүштүрүүдө синтаксистик принципти чындыгында тиешелүү даражада далилдей алышпады. Кээ бир тилчилер кийинки кездерде морфологиялык белгилерди биринчи орунга коюп келе жатышат.

Кийинки кездерде илимий эмгектерде болсун, мектеп грамматикаларында болсун түрк тилдериндеги сөздөрдү үч түрдүү принцип менен бөлүштүрүү кеңири орун алып бара жатат жана бул көз караш көпчүлүк тилчилер тарабынан кубатталууда.

Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө семантикалык принцип традициялык принцип болуп эсептелет. Ал принцип айрым окумуштуулар тарабынан тиешелүү даражада сынга алынып келе жатса да, түрк тилдери үчүн бул принцип негизги принциптерден болуп эсептелет, анткени түрк тилдеринде сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө сөздүн маанисин четке кагууга же анын ролун төмөн санооого болбойт. Сөздүн мааниси менен формасындагы бирдиктүүлүктү эске алуу керек. Чындыгында да, сөздүн маанисине жараша анын грамматикалык формалары болот. Жалаң гана семантиканы биринчи орунга койгондо сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу жана синтаксистик жол менен түзүүчү көп сөздөр классификациядан тышкары калышы мүмкүн. Мында ошондуктан маселеге бир жактуу кароого болбойт, атап айтканда, сөз түркүмдөрүн жалаң гана лексика-семантикалык топ катарында кароо туура эмес.

Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө морфологиялык белги негизги белгилердин бирине жатат. Сөз түркүмдөрү лексика-грамматикалык категория катарында каралууга тийиш деген көз караш жалпы эле тил илиминде, ошондой эле түркологияда көпчүлүк окумуштуулар тарабынан кубатталууда.

Түрк тилдеринде сөздөр башка сөздөр менен ар түрдүү синтаксистик байланышта болуу аркылуу субстандивдешет жана адвербализацияланышат, демек, сөздөрдүн мындайча кубулуп турушунун өзү синтаксистик белгинин ишенимдүү эмес экендигин көрсөтөт. Бирок бул айтылгандан синтаксистик белгини таптакыр эске албоо деген түшүнүк келип чыгууга тийиш эмес. Ырас, тиешелүү даражада сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө синтаксистик принцип да эске алынууга тийиш. Синтаксистик белги катарында сөздөрдүн сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарышын гана эсепке албастан, бир сөз менен экинчи сөздүн (бир сөз түркүмү менен экинчи сөз түркүмүнүн) бири-бири менен айкалышпай тургандыгын эске алуу керек. Мисалы, тактооч менен зат атоочтун өз ара айкалышып колдонулушу толук мүнөздүү көрүнүш эмес, "бат жазды" (тактооч, этиш), бирок "бат киши" (тактооч, зат атооч түрүндө колдонулбайт).

Сын атоочторду жана ат атоочторду ажыратууда алардын синтаксистик критерийлери эске алынууга тийиш. Жогорудагы көрсөтүлгөн принциптер же критерийлер - кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө колдонулуучу негизги белгилер (же критерийлер). Кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө бир эле белгиге таянбастан (мисалы, семантикалык), бардык белгилерге (семантикалык, морфологиялык; синтаксистик) таянып, ар бир белгини жеке алып карабастан, алардын бардыгын бирдиктүү түрдө алып карoo керек.

Жогоруда аталган белгилерге карата азыркы кыргыз тилиндеги сөздөр биринчи кезекте чоң эки топко бөлүнөт:

I. маани берүүчү же негизги сөздөр;

2. кызматчы сөздөр. Маани берүүчү же негизги сөздөр өз ара төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт: I) зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч.

Кызматчы сөздөр тобу өз ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: жандоочтор, байламталар, бөлүкчөлөр. Өзгөчө сөз түркүмү катарында сырдык сөздөр менен туураңды сөздөр эсептелет. Бул жагынан алганда, жогоруда

көрсөтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн тышкары, башка түрк тилдериндегидей кыргыз тилинде да өзүнчө бир топ болуп эсептелген модалдуу сөздөр да бар. Жогоруда көрсөтүлгөн негизги сөз түркүмдөрүнүн ар бири өзүнчө категория катарында эсептелинет, алардын ар бирине таандык болгон семантикалык, грамматикалык белгилери бар.

Зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч бардыгы биригип, сөз түркүмдөрүнүн чоң бир тобу атооч сөз түркүмүн түзөт. Тилде зат атооч кеңири орунду ээлейт, анын лексика-семантикалык мааниси кең, ар түрдүү грамматикалык категорияларга ээ болуп эсептелип, өзүнчө ири грамматикалык категориянын бирине жатат. Зат атоочтор семантикасы жагынан ар түрдүү топторго (энчилүү, жеке, ар түрдүү буюмдар, нерселер, жаратылыштык, коомдук күбулуштар ж.б.) бөлүнөт.

Зат атоочтун өзүнө таандык сөз түзүүчү жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрү бар. Жалпы эле мүчөлөрдү алып айтканда сөз түзүүчү мүчөлөрдүн көө бирлери зат атоочтун негизги маанисин сактап калса (темир-темирчи), көө бирөөлөрү зат атоочтун маанисин өзгөртүп, аны башка сөз түркүмдөрүнө жиберет (күлкү - күлкүчүл, булардын биринчиси - зат атооч, экинчиси - сын атооч). Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр сөздөрдүн маанисин өзгөртпөстөн, башка сөз менен болгон мамилесин (синтаксистик карым-катышын) гана өзгөртөт (бала-балага).

Зат атоочтун сөз түзүүчү мүчөлөрү эки түрдүү:

I) Атоочтордон зат атооч түзүүчү мүчөлөр (-чы, -лык, -лаш, -лык ж.б.).

2) Этиштерден зат атооч түзүүчү мүчөлөр (-ак, -гы, -ым, -ма, -ыш, -гын ж.б.).

Зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөрү сан, жөндөмө жана таандык категориялары менен байланыштуу.

Зат атооч синтаксистик жагынан сүйлөмдүн бардык мүчөлөрүнүн милдетин аткара берет, бирок башка сөз түркүмүнө өтүп кетпейт.

Үй тургузулуп жатат (үй – зат атооч, сүйлөмдүн ээси). Бул үйдү жумушчулар үчүн тургузуп жатышат (үй – зат атооч, толуктооч). Бул үйдүн кишилери мыкты иштешет (үйдүн – зат атооч, аныктооч). Бул – шаардагы эң бийик үй (үй – зат атооч, баяндооч). Бул чоң үйдө жаш жумушчулар турушат (үйдө – зат атооч, бышыктооч).

Жогоруда көрсөтүлгөн мисалдардан зат атооч сүйлөм мүчөсүнүн ар түрдүү кызматын аткарганы менен, өзүнүн зат атоочтук касиетин сактап кала тургандыгы даана байкалат. Бирок синтаксистик белги да зат атоочтун түзүлүшүндө тиешелүү даражадагы мааниге ээ боло алат. Сөз тизмеги менен татаал сөздөрдүн айырмасын даана ажырата билүү керек. Кыргыз тилинде кээ бир татаал зат атоочтор синтаксистик жол менен түзүлөт. Мындайча жол менен түзүлгөн сөздөрдүн ар түрдүү лексика-семантикалык мааниси бар. Алардын формалдык жагына карата, б.а. сөз түркүмдөрүнө карата айрым топтөргө бөлүштүрүүгө мүмкүн:

зат атооч менен зат атоочтон түзүлгөн татаал зат атоочтор (калем уч); сын атооч менен зат атоочтон түзүлгөн зат атоочтор (ак сакал – улгайган киши деген мааниде); сан атооч менен зат атоочтон түзүлгөн зат атоочтор (беш бармак – тамак-аш маанисинде); зат атооч менен атоочтуктардан турган зат атоочтор (орун басар) ж.б.

Татаал зат атоочтордун башка да толуп жаткан түрлөрү кезигет: Кыргыз Республикасы Жогорку Кеңеши, Москва Университети ж.б. ар түркүн типтеги татаал зат атоочторду сөз тизмектеринен өтө кылдаттык менен ажыратып, зат атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышын туура таануу билүү зарыл.

Лексика-семантикалык белгилери боюнча сын атоочтор заттардын (предметтердин) белгилерин, сапатын жана башка касиеттерин билдирет.

Сын атоочтун зат атооч менен, айрыкча тактооч менен кээ бир жакын жактары да бар. Лексика-семантикалык жагынан сын атоочту өзүнө жакын деген сөз түркүмдөрү менен салыштырып караганда, эгерде зат атооч предметти билдирсе, тактооч белгинин белгисин билдирсе,

сын атооч предметтин белгисин, сапатын жана башка касиеттерин билдирет. Ошону менен бирге сын атооч сүйлөмдүн аныктоочтук милдетин аткарган учурда сөз жасоочу мүчөлөр менен өзгөрбөстөн, өз калыбын сактайт. Бул жагынан сын атооч, мисалы, үч түрдүү изафеттик конструкциянын биринчи жана экинчи түрүнө туура келет.

Изафеттик конструкциялар	сын атооч
I-түрү темир жол	жакшы көйнөк
2-түрү колхоз малы	жакшы көйнөгү
3-түрү колхоздун малы	сын атооч түрүндө айтылбайт.

Изафеттик конструкциянын үчүнчү түрүн берүү, үчүн, сын атоочту субстантивдештирип (заттык маанига айландырып) колдонуу керек болот ("жакшынын көйнөгү" түрү сыяктуу).

Сын атооч сөз маанисинде колдонулган учурда көптүк, таандык жана жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Сын атоочко көптүк, таандык, жөндөмө мүчөлөр жалганса эле, ал субстантивдешип, өзүнүн маанисинен ажырап, заттык маанига өтүп кетет (кызыл - кызылдар, кызылга, кызылым).

Сын атоочтун тышкы жагынан өзүнө таандык морфологиялык белгилери да бар.

Ырас, сын атоочко улануучу кээ бир мүчөлөр башка сөз түркүмдөрүндө да колдонулат. Мисалы -луу, -ыраак, -омук ж.б. мүчөлөр сын атооч үчүн мүнөздүү. Ошентип, лексика-семантикалык мааниси жагынан, айрым морфологиялык белгилери жагынан сын атооч сөздөр өзүнчө сөз түркүмү катарында эсептелет. Көптүк, таандык жөндөмө, мүчөлөр менен өзүнүн маанисинде колдонулган учурда сын атоочтун өзгөрбөй тургандыгы да анын башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган бетөнчөлүгүн көрсөтөт.

Сын атоочтор морфологиялык белгиси жагынан сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Сын атоочтордун негизги морфологиялык белгилеринин бири өздөрүнө таандык даражалардын болушунда (жакшы-жакшыраак, эң жакшы).

Ошону менен бирге сын атоочтор гана күчөтмө сындын өзгөчө түрүн түзө алат (кызыл - кыпкызыл, жаш - жапжаш).

Синтаксистик жагынан сын атооч, негизинен, аныктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарат. Субстантивдешкен түрдө гана, башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, мисалы, зат атооч сыяктуу, бардык сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Бирок ал башка сөз түркүмүнө, мисалы, тактоочко өтүп кетпейт, сын атооч түрүндө эле сакталат: Жакшы уста иште жакшы аткарды (эки учурда тең "жакшы" - сын атооч, биринчи учурда - аныктооч, экинчи учурда - бышыктооч).

Синтаксистик жагынан сын атоочтун сүйлөм ичинде кандай сөз түркүмдөрү менен айкалышпоо мүмкүнчүлүгү эсте болууга тийиш. Сын атоочтогу эң эле орчун маселенин бири - анын заттык мааниде колдонулушу.

Ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн сөз түзүүчү мүчөлөрдүн жардамы менен сын атоочтор түзүлөт. Алардын көө бирлерин төмөндөгүдөй экиге бөлүп берүүгө мүмкүн: I. Атооч сөздөрдөн сын атооч түзүүчү мүчөлөр (-луу, -лык ж.б.); 2. Этиштерден сын атооч түзүүчү мүчөлөр (-гыч, -гын ж.б.).

Сын атоочто эң эле чаташкан да, талаш да маселе - татаал сын атоочтор маселеси.

Татаал сын атоочтор ар түрдүү сөз түркүмдөрү аркылуу жасалат. Көө бирлери төмөндөгүдөй: түп жана туунду сын атоочтор аркылуу (узун чачтуу кыз, терең ойлуу киши ж.б.).

Зат атооч менен сын атооч аркылуу; биринчи комплексти таандык мүчө менен колдонулуп (тили кооз, бою бийик); сан атоочтор менен туунду сын атоочтор аркылуу (жети жылдык план); зат атооч менен атоочтук аркылуу (эки иш билген киши).

Сын атоочтун өзүнчө сөз түркүмү экендиги көбүнчө анын сапаттык сын атоочтордун салыштырма даражасы аркылуу ажыратылат. Салыштырма

сын атоочтун негизги белгиси – -раак мүчөсү. Күчөтмө сын ар түрдүү жол менен түзүлүп (өтө жакшы, капкара, чоң-чоң) жалпы жонунан күчөтмө маанисин берген менен, анын ар башка түзүлүштөгү түрлөрү ар башка кошумча мааниге ээ.

Кызматчы сөздөр аркылуу түзүлүүчүлөрү ("эң жакшы" сыяктуулары) бир заттын экинчи заттан абсолюттук түрдөгү артыкчылыгын же кемчилигин көрсөтөт.

Мына ошондой эле мааниде "п" тыбышы улануу аркылуу түзүлүүчүлөрү ("кылкызыл" түрүндөгүлөр) колдонулат. Кайталанып айтылуу аркылуу түзүлүүчү (мисалы, "майда-майда" сыяктуу түрлөрү чындыгында күчөтмө сын эмес (мисалы, аз-аздап, көп-көптөн деген түзүлүштөгү сөздөрдүн маанилерине көңүл бурса болот). Буларга караганда "Агыш" (ак эмес), "каралжым", "кызгылтым", "көгүлтүр", "саргыч" түрүндөгү сын атоочтордо чындыгында салыштырма маани бар. Эгерде "-раак" формасы заттарды күчөтүп да, бошоңдотуп да көрсөтсө, бул аталган формадагы сын атоочтор заттардын белгилерин бошоңдотуп көрсөтөт.

Сан атоочтор лексика-семантикалык жагынан заттардын санын, иретин көрсөтөт. Өзүнчө сөз түркүмү болуу менен бирге, сан атоочтордун зат атоочко, айрыкча сын атоочко, жакын жактары да бар. Сан атоочтор бул айтылган сөз түркүмдөрүнөн, албетте, өзүнө гана таандык бөтөнчөлүктөр менен айырмаланат.

Сан атооч да белгини, бирок сын атоочтон айырмаланып, сандын белгисин, сандык белгини көрсөтөт. Синтаксистик жагынан, башка сөз түркүмдөрүнөн, албетте, өзүнө гана таандык бөтөнчөлүктөр менен айырмаланат.

Сан атоочтордун өздөрү башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлбөйт, бирок башка сөз түркүмдөрүн түзүүдө колдонулат (бир – бирдик, бирдиктүү). Бул – сан атоочтун негизги лексика-грамматикалык бөтөнчөлүгү. "Жарым", "чейрек" сыяктуу сөздөр сан атоочко кирбейт, зат атоочко кирет. Башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган морфологиялык белгиси

катарында иреттик жана жамдама сан атоочтордун жасалышы эсептелинет.

Синтаксистик жагынан сан атоочтор зат атоочтордон өзүнчөлүгү менен айырмаланат, атап айтканда, сан атоочтор зат атоочтордон мурда колдонулуп, аныктоочтук милдетти аткарган учурда, алар зат атоочко баш ийбестен, синтаксистик байланыштын ыкташуу жолун түзөт. Заттык мааниде колдонуу аркылуу сан атооч сүйлөмдүн ар түрдүү мүчөлүк милдетин аткара берет. Сан атоочтор субстантивдешпестен, өз маанисинде колдонулган учурда сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт; субстантивдешкен учурда зат атооч сыяктуу сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрө берет.

Ат атооч - тилде эртерээк пайда болгон, речибизде кеңири колдонулуучу сөз түркүмдөрүнүн бири. Лексика-семантикалык жагынан ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулуп, ошол сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон бөтөнчөлүктөрге ээ. Мисалы, сын атоочтун ордуна колдонулуп, сүйлөмдө аныктоочтук кызмат аткарган учурда ат атоочтор сөз түзүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Ошону менен бирге алар өздөрүнө гана тиешелүү болгон семантикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилери аркылуу башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланат.

Башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, ат атоочтор да сүйлөмдүн ар кандай мүчөлүк милдетин аткара берет. Лексика-семантикалык жагынан ат атоочтун башка атоочтор үчүн "орун басарлык" милдетин аткарышы - чындыгында так эмес маселе. Башка атоочторго салыштыра караганда ат атоочтор айтылуучу ойду же түшүнүктү жалпы мааниде билдирет. Бул жагынан ат атоочтордун чыныгы маанилери өзүнөн мурда айтылган сүйлөмгө же сүйлөмдүн жалпы контекстине карай белгилүү болот. Ошентип, ат атоочтор предметти же бир жакты (кишини), предметтин белгисин, санын түз атап көрсөтпөстөн, кандайдыр кыйыр түрдө көрсөтөт. Ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлбөйт. Бул - ат атоочтун лексика-грамматикалык жагынан болгон негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бири.

Бирок тиешелүү мүчөлөрдүн жардамы менен ат атоочтордон башка

сөз түркүмдөрүнүн жасалышы мүмкүн. Маани жактан ат атоочтор өз ара бир нече топко бөлүнөт (жактама, шилтеме, сурама ж.б.).

Сөздөрдүн лексикалык мааниси туруктуу болот. Тактоочтун лексикалык мааниси аны башка сөз түркүмдөрүнөн өзүнө таандык болгон бөтөнчөлүктөр менен айырмаланып турат. Тактоочтун семантикалык мааниси болуу менен бирге, анын морфологиялык белгилери да бар, анткени тактоочтор өзүнө таандык болгон сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу түзүлөт, жана морфологиялык жактан тактоочтор өзгербей турган же жарым-жартылай өзгөртүүчү сөз түркүмдөрүнөн болуп эсептелет. Башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон синтаксистик критерий тактоочко да тиешелүү.

Синтаксистик жагынан тактооч, негизинен, сүйлөмдүн бышыктоочтук милдетин аткарат, бирок ал сын атоочтон кескин түрдө айырмаланып, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарбайт. Бул – тактоочтун синтаксистик жагынан болгон негизги бир бөтөнчөлүгү. Мисалы, "Кеч келди" сыяктуу тактооч менен этиштен турган айкалыштар тактооч үчүн мүнөздүү; ал эми "кеч китеп" деген сыяктуу тактооч менен зат атоочтон турган айкалыштар тактооч үчүн мүнөздүү эмес. Ырас, "кечээ-жумушчу, бүгүн-инженер" сыяктуу айкалыштар кезигет. Бирок булардын бөтөнчөлүктөрү бар. "Мүмкүн", "сөзсүз" деген сыяктуу сөздөр такточ да, модалдуу сөз да болуп колдонулат. Тактоочтор маани жактан ар түрдүү (мезгил, орун ж.б.).

Тактоочтордун өздөрүнө гана таандык болгон сөз түзүүчү мүчөлөрү (-ча, -лата, -лай ж.б.) бар.

Морфологиялык жактан тышкары, тактоочтордун синтаксистик жак менен сөз түзүлүшүндө да бөтөнчөлүктөр бар. Тактоочтордун даражалары менен сын атоочтун даражаларынын арасында да маани жактан айырмачылыктар орун алат. Эгерде сын атоочтун даражалары заттын сапатын, белгисин ажыратуу үчүн колдонулса, тактоочтун даражалары кыймыл-аракеттин белгилерин ажыратуу үчүн колдонулат.

Сөз түркүмдөрүнүн ичинен зат атооч менен этиш сөздөр тилде кеңири орунду ээлейт. Мына ошондуктан этиш сөздөр тилдеги ири грамматикалык категориялардан болуп эсептелет. Ал лексикалык мааниси жагынан да, морфологиялык түзүлүшү жагынан да, синтаксистик кызматы жагынан да башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, калыпташкан негизги сөз түркүмдөрүнүн бири.

Зат атооч жалпы жонунан заттардын атын билдирет деген сыяктуу, этиш жалпы заттардын кыймыл-аракетин билдирет деп, этиштин лексикалык мааниси жөнүндө жалпылап айтуу традициясы бар.

Ырас, мына ошондой жалпылап айтканда, лексикалык мааниси жагынан этиш сөздөр кыймыл-аракетти (ал окуп жатат), ал-абалды (ал уктап жатат) билдирет.

Бирок чындыгында этиш сөздөр лексикалык мааниге эң эле бай, алардын лексикалык мааниси айтылып жүргөн "кыймыл-аракет", "ал-абал" деген түшүнүктөр менен чектелбейт. Ошондуктан бул түшүнүктөрдү кеңири мааниде, этиш сөздөрдүн жалпы эле процессти билдирүү маанисинде кароо керек. Лексикалык мааниси, морфологиялык түзүлүшү, синтаксистик кызматы жагынан болгон бөтөнчөлүктөргө карата этиш сөздөр атооч сөздөр менен антитеза (карама-каршы) түрүндө каралат. Этиш сөздөр грамматикалык жактан атооч сөздөрдүн өзүнө таандык терс түрүнүн (жаз-жазба) болушу менен айырмаланат. Башка сөз түркүмдөрүнө караганда этиш сөздөр сүйлөмдөрдү түзүүдө айрыкча мааниге ээ болот. Бир жагынан, этиштин өзү ири грамматикалык категория болуп эсептелсе, экинчи жагынан анын ар түрдүү грамматикалык категориялары (чак, жак, ыңгай, мамиле) бар.

Таза этиштерден башка, этиштердин тобуна атоочтуктар (жазган) менен чакчылдар (жазып) кирет. Ошону менен бирге этиштер менен атоочтуктардын аралыгындагы этиштик атоочтор (жазуу) бар. Этиштен этиш жасоо же башка сөз түркүмдөрүнөн этиш жасоо жолдору этиш категориясынын өзүнө гана мүнөздүү касиети болуп саналат.

Кызматчы сөздөр менен негизги сөздөрдүн табияты бирдей эмес. Кызматчы сөздөрдүн тобуна байламталар, жандоочтор, белүкчөлөр кирет.

Байламталар - сөздөрдүн, сөз тизмектеринин жана сүйлөмдөрдүн арасын байланыштыруу үчүн колдонулуучу, өзүнчө лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр. Алар, башка кызматчы сөздөр сыяктуу, өзүнчө жеке колдонулбайт. Бирок колдонулган байламталарга карата сүйлөмдөгү ойдун кырдаалы ар башка болушу мүмкүн. Бул жагынан байламталар татаал сүйлөмдө тең байланыштык жана багынычтуу байланыштык мамилелерди билдирет.

Түзүлүшү жагынан жөнөкөй жана татаал байламталар болуп бөлүнөт.

Кызматчы сөздөрдүн башка түрлөрү сыяктуу, жандоочтор да өзүнчө лексикалык мааниге ээ эмес, ошондуктан алар өзүнчө жеке колдонулбайт. Жандоочтор лексика-грамматикалык мааниге ээ сөздөр менен бирге колдонуу аркылуу жөндөмөлөрдүн синтаксистик кызматын толуктоо, тактоо жолу менен ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирет. Жандоочтор өзүнөн мурда колдонулган сөздүн тиешелүү жөндөмөдө турушун талап кылат. Бул жагынан алар башкарып турган сөздөр менен бирдикте гана лексикалык единица катарында каралат. Жандоочтор синтаксистик мамилени билдирүүдө мезгил, мейкин (чейин, дейре) максат, себеп (үчүн), салыштыруу, окшоштуруу (жараша, көрө) жана башка ар түрдүү мааниде колдонулат. Жандоочтор тактооч (кийин, мурун) жана этиш менен (көздөй, карата) карым-катышта болушат.

Жандоочтор сан жагынан анчалык көп болбогон менен, тилде кеңири колдонулат.

Белүкчөлөр жана модалдуу сөздөр лексикалык мааниге ээ болгон сөздөрдү жандап айтылат да, айтылуучу ойдун кырдаалын кубаттайт, бышыктайт, тактайт, нектейт, божомолдойт жана башка жактарынан кошумча түрдөгү модалдуулук менен берүүнү билдирет. Функционалдык жагынан белүкчөлөр бирдей эмес, алардын кээ бирлери сөз мүчөлөрүнө жакын (-чы, -бы), кайсы бирлери тактоочко жакын (эң, өтө). Төмөн-

дегү сүйлөмдөрдүн маанисине көңүл буралы.

1. Асан барсын. Асан эле барсын.

2. Сен бар. Сен барчы.

3. Сиздер жакшы иштединиздер. Биз эң жакшы иштедик.

4. Март келди. Март келген го.

Албетте, мүмкүн, балким, тийиш, кажет, ырас, бар, жок, экен, дейт, керек жана ушул сыяктуу бир топ сөздөр бар. Бул сөздөр модалдуу сөздөр болуп аталып жүрөт. Модалдуу сөздөр сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирет, атап айтканда, модалдуу сөздөр аркылуу сүйлөмдөгү айтылган пикирге карата кишинин мамилеси же көз карашы көрсөтүлөт.

Модалдуу сөздөр негизги сөздөр сыяктуу заттын атын, сын-сыпатын, санын, кыймыл-аракетин сыяктуу түшүнүктөрдү билдирбейт. Кызматчы сөздөргө салыштыра караганда модалдуу сөздөр – көп учурда өзүнчө мааниге ээ боло ала турган сөздөр (бар, жок, ырас, кажет ж.б.).

Ошентип, лексикалык мааниси жагынан булар негизги сөздөргө да, кызматчы сөздөргө жатпайт.

Модалдуу сөздөр синтаксистик жагынан көбүнчө кириндн сөз катарында же составдуу баяндоочтун бөлүгү катарында кезигет: Албетте, китепти көп окуу керек. Иш өз убагында аткарылууга тийиш. Ал бүгүн келген жок. Модалдуу сөздөр форма жагынан бирдей эмес, ар түрдүү: алардын кээ бирлери сөз мүчөлөрү менен өзгөрөт (бар-барын, керек-керегинче), кээ бирлери өзгөрбөйт (албетте, балким).

Модалдуулук мааниде айтылуучу ойдун кырдаалына карата эшим сөздөр да, бөлүкчөлөр да колдонулат. Бирок ал жалпы эле модалдуулукка тиешелүү маселе.

Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн өздөрүнө гана таандык болгон бөтөнчөлүктөрү бар (Ой-ай).

Сырдык сөздөр мааниси жагынан адамдардын эмоционалдык сезим-

дерин (өкүнүү, кайгыруу, чочуу, жактырбоо, кубаттоо ж.б.) билдирет.

Маани жактан жандуу жана жансыз заттардын табышын туурөө аркылуу чыккан сөздөр тууранды сөздөргө жатат. Алар маани жактан өз ара табыш тууранды сөздөр жана элестүү сөздөр болуп бөлүнөт (кырс-курс гхм...).

ЗАТ АТООЧ.

Зат атоочтун жалпы мүнөздөмөсү.

Зат атоочтор заттарды жана затташып кеткен ар түрдүү түшүнүктөрдү билдирет. Ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөрдүн баары зат атоочтордун тобуна кирет. Ким? деген суроо дайыма адамга, адам менен байланыштуу сөздөрге берилет; Эмне? деген суроо адамдан башка бардык жандуу, жансыз заттарга берилет.

Бирок айрым учурларда эмне? деген суроо адамга карата да берилип калат:

– Кеде турган киши эмнең болот? – Таякем болот.

– Зуура эмне терептүр? – Уул.

I. Зат атоочтор мааниси боюнча көбүнчө конкреттүү заттарды (дептер, үй, карандаш, терезе, стол), абстракттуу түшүнүктөрдү (ой, кыял, даңк, жыт), коомдук турмуштагы ар кандай көрүнүштөрдү (революция, көтөрүлүш, чогулуш), дагы ушул сыяктуу ар түрдүү заттык түшүнүктөрдү атап көрсөтөт. Ушуменен бирге зат атоочтор айрым учурларда жалпыланган (абстракттуу) маанидеги сапаттык, кыймылдык түшүнүктөрдү да атап көрсөтөт (токтоолук, жаңылык, жүрүш, сүйүү). Карагылык, жакшылык, жаңылык, сулуулук жана оруу-жыюу, жүрүш, окуу, согуш, агым деген сыяктуу зат атоочтор сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу сын атоочтордон жана этиш сөздөрдөн жасалгандыктан, алар билдирген заттык маани менен аздыр-көптүр сапаттык жана кыймыл-аракеттик маанини да камтып тургандыгы ачык сезилип турат. Бирок бул сыяктуу жалпыланган сапаттык, кыймылдык түшүнүктү туюндурган зат атоочторду чыныгы сын атоочтор менен этиш сөздөрдөн ажырата билүү керек. Алардын ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар: сын атоочтор дайыма белгилүү бир затка тиешелүү болгон сапатты, белгини билдирет: ——)

Мисалы: жакшы китеп, кайрымдуу адам, караңгы үй. Зат атоочтор болсо мындай сапатты кандайдыр бир зат менен байланыштуу көрсөтпөстөн, сапаттык белгинин өзүн зат катары атап көрсөтөт: жакшылык, караңгылык , кайрымдуулук.

Ошондой эле,этиш сөздөр билдирген кыймыл-аракет дайыма ал кыймылды аткаруучу жак менен жана белгилүү бир мезгил, убакыт(чак) менен байланыштуу айтылат: Биз быйыл да айыл чарбасына жардам беребиз. Керим заводдо иштеп жүрөт. Алар айылга көчүп кетишкен.

Кыймылдык түшүнүктү туюндурган зат атоочтор болсо бул сыяктуу кыймыл-аракетти жалпыланган (абстракттуу) түрдө,аткаруучу субъект жана убакыт (чак) менен байланышсыз, алардан тышкары атап көрсөтөт: жазуу,учуш,оруу-жыюу,күрөш,дүрбөлөң.

Бул өндүү сапаттык, кыймылдык, түшүнүктөрдү билдирүүчү сөздөр заттык мааниде болгодуктан, алар менен чыныгы сын атоочтор, атоочтуктар байланышып айтыла берет: чыныгы кайрымдуулук, тунжураган караңгылык, зор жаңылыктар.

Бул сыяктуу сөздөр заттык маанини билдиргендиктен, дайыма эмне? деген суроого жооп беришет жана сүйлөм ичинде, башка зат атоочтор сыяктуу эле, ээлик,толуктоочтук милдетти аткара алышат. Ал эми чыныгы сын атооч менен этишке бул функция мүнөздүү эмес. Мисалы: Ар кандай иште токтоолук керек. Товарлардын сапаттулугун жакшыртабыз.

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн ичинен зат атоочтор, этиш сөздөр менен катар, сөздүк составы жана семантикасы жагынан эң өтө бай, грамматикалык категориялары да татаал, ар түрдүү.

Зат атоочтор мааниси боюнча адам аттарын,фамилиясын ø билдирет: Дүйшөн,Зуура,Калыков,Асан Султан уулу,Керимкул кызы.

+ Айбандардын,канаттулардын,ар түрдүү жаныбарлардын,курт-кумурскалардын аттарын билдирет: карышкыр,жолборс,көгүчкөн,таан, чабалекей, элик, маймыл, балык,сөөлжан, каракурт, конуз.

+ Адамдын,айбандардын дене мүчөлөрүнүн аттарын билдирет: баш,кол,бут,моюн,арка,жамбаш,чач,туяк,тумшук.

+ Ар түрдүү өсүмдүктөрдүн, жемиштердин, жашылчалардын аттарын билдирет: таруу,буудай, жүгөрү,кызылча,шабдалы,жүзүм,дарбыз, коон, бадыран, помидор.

+ Буюмдардын, машина-техниканын, ар түрдүү шаймандардын, куралдардын аттарын билдирет: жууркан,төшөк,костюм,өтүк,машина, сеялка, комбайн,соко,мала,мылтык,пулемет.

+ Ар түрдүү заттардын атын билдирет: алтын,сымап,күмүш, май, сүт,айнек,болот, темир.

+ Мезгилди атап көрсөтөт: жекшемби,жума,жаз, жай,күз,кыш, январь, март.

Орундук,мейкиндик маанини билдирет: үстү,асты,ичи,тыш,ара, каршы, түш.

+ Географиялык жана астрономиялык аттарды билдирет: Ош, Чүй, Талас, Күн, Жер,Ай, Чолпон, Жетиген, Үркөр, Тоо,Деңиз, Көл,Арал.

+ Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү билдирет: бороон, чагылган, жамгыр, мөндүр, кар, күюн, шамал.

+ Коомдук көрүнүштөрдү,окуяларды, мекеме, уюмдардын аттарын билдирет: революция,парад,демонстрация,пединститут,эл агартуу министерствосу, колхоз, совхоз.

+ Коомдук - саясий иштерди, илимдин тармактарын, билдирет: Конференция, кеңешме, курултай (сьезд), физика, тарых,биология, адабият.

Ар түрдүү абстракттуу түшүнүктөрдү билдирет: акыл, ой, уйку, кыял, ачуу(ачуусу келди), азап, муң, мүнөз, кайгы.

Сапаттык түшүнүктү билдирет: жакшылык, жамандык, тазалык, жалкоолук, кайрымдуулук.

Кыймылдык түшүнүктү атап көрсөтөт: жүрүш,согуш,көтөрүлүш, сүйүнүч, кубаныч, жыйм-терим, жүрүш-туруш.

Ушинтип, зат атоочтор семантикалык белгиси боюнча дайыма затты билдирет. Бирок жогоруда белгиленгендей, "зат" деген сөзгө кеңири мааниде түшүнүшүбүз керек: ага конкреттүү жана абстракттуу заттардын, буюмдардын, адамдардын, жан-жаныбарлардын, сапаттык, кыймылдык маанидеги түшүнүктөрдүн ж.б. аттары кирет.

Зат атоочтор морфологиялык белгиси боюнча атайын грамматикалык категорияларга ээ.

Алар төмөнкүлөр: сан категориясы (бала-балдар), таандык категориясы (менин китебим, сенин китебиң), жак категориясы (окуучумун, окуучусуң), жөндөмөлөр категориясы (колхозчуга,колхозчунун).

Булардын ичинен сан жана жак категориясы этишке да тиешелүү (мен жаздым, силер жазгынар).

Ушуну менен бирге зат атоочтун өзүнө тиешелүү сөз жасоочу мүчөлөрү бар (-чы: жылкычы, -лык: ондук, -ма: сызма,-гыч: кескич ж.б.) Кыргыз тилиндеги зат атоочтор орус тилиндегидей род категориясына жана ал категорияны билдирүүчү грамматикалык белгилерге ээ эмес. Бирок адамга, айбан-аттарга тиешелүү бир катар сөздөр өзүнүн лексико-семантикалык мааниси боюнча эле заттардын жыныстык айырмачылыктарын билдире алышат:

I. Көпчүлүк зат атоочтор өзүнүн ички мааниси боюнча эле заттын кайсы жыныска тиешелүү экендигин билдирип турат: эркек-аял,ургаачы, ата-эне, апа, ага, байке-эже, ини-карындаш, синди, уул-кыз, балдыз,жеңе, чал-кемпир, кудагый,кудача; бука-уй,

кунаажын, кочкор-кой, теке-эчки, чебич, короос-тоок, мекиян, буура-инген, айгыр-бээ, кунан-байтал, борук, канчык ж.б.

2. Жыныстык айырмачылыкты билдирүүчү айрым сөздөр экинчи бир сөз менен айкашып айтылып, ал билдирген заттын кайсы жыныска тиешелүүлүгүн көрсөтөт: кайни (кайын ини) - кайын сиңди, кайын ата-кайын эне, кайын ага - кайын эже, таяке (тай аке) - таяже (тай эже), Асан уулу, Шарше кызы.

3. Жыныстык айырмачылык көө бир аффикстердин жардамы менен да берилет. Бирок андай мүчөлөр кыргыз тилинде өтө эле аз, өнүмсүз: -кеч: бий-бийкеч (бийдин кызы), -гый: куда-кудагый, - биче: бай-байбиче, -ым: хан-ханым (хан аялы), -ша: хан-ханыша, каныша.

Совет доорунда кыргыз тилинде орус тилинен айрым сөздөр роддук маанини билдирүүчү мүчөсү менен бирге оошуп кирген. Ошондуктан андай сөздөрдүн кайсы родго тиешелүү экендиги ошол аягындагы мүчөдөн белгилүү болуп турат: артистка, машинистка, студентка, лаборантка, акушерка ж.б.

Ошондой эле жыныстык айырмачылык фамилиянын аягына улануучу орус тилинен оошуп кирген -ович, - овна, -ов, - ова, мүчөлөрү аркылуу да билинип турат: Оморов, Керимова, Султан Азыкович, Зина Эсеновна.

Зат атоочтун синтаксисттик белгисине:

1) анын башка сөздөр менен айкаша алуу мүмкүнчүлүгү,

2) синтаксистик функциясы (милдети) кирет.

Ушул жагынан алып караганда, зат атоочтор менен сын атоочтор, атоочтук, айрым зат атоочтор жана ат атоочтор айкашып айтыла алат: кызыл алма, кайраттуу жигит; жыйырма кой, бешинчи класс; келген бала, көрөр күнү; темир дарбаза, түлкү тебетей; бул киши, тиги бала.

Синтаксистик функциясы жагынан зат атоочторго, негизинен, ээлик

жана толуктоочтук милдетти аткаруу мүнөздүү: Ушундай ой менен Чаргын районго жөнөдү (Т.С.). Окуу башталганча мектепти оңдоп бүтөбүз (К.Б.).

Эөлик, толуктоочтук милдетти айрым башка сөз түркүмдөрү да (мисалы, сын атоочтор, сан атоочтор жана башка) аткара алат, бирок мындай учурда алар көбүнчө субстантивизацияланып, заттык мааниде колдонулат: Жашыл оңбос болсочу, жаш карыбас болсочу (Токтогул). Онду бүткөндөн кийин жашылча бригадасында иштеп калдым. Зат атоочтор эөлик, толуктоочтук милдеттен башка аныктоочтук, баяндоочтук милдетти аткара берет: Жанында келе жаткан Нуркасым (К.Б.). Бир аздан кийин темир дарбаза да ачылды ("Кырг. аял"). Садык акемдин бул каты да Саратов шаарынан келиптир (Ч.А.).

Зат атоочтор морфологиялык составына карай тубаса зат атооч жана туунду зат атооч болуп бөлүнөт.

Тубаса зат атоочторго түзүлүшү жагынан морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон зат атоочтор кирет: ат, жер, кум, кыз, таш, аба, жел, жаан, бүркүт.

Туунду зат атоочторго сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган зат атоочтор кирет: кызматчы, айлакер, бычак, салык, чыгарма, жыйнак.

Зат атоочтор составына карай жөнөкөй жана татаал зат атооч болуп экиге бөлүнөт. Жөнөкөй зат атоочтор бир гана сөздөн туруп, заттык түшүнүктү билдирет: камыш, кирпич, сымап, тоок, мугалим. Татаал зат атоочтор эки же андан артык сөздөрдүн өз ара айкашынан, түзүлүп, лексикалык бир түшүнүктү билдирет. Татаал зат атоочтор бириккен сөз, жана кошмок сөз жана кыскартылган сөз түрүндө кезигет: алтыгат, каржылык (каруу жылык), карагат (кара кат (жемиш)), кызылгат; жарыш сөз, баш сөз, жол башчы, бет ааршы, Осмонаалы, колхоз, Кыргызмамбас, СТФ, АКШ, районо, айылатком, бала-бакыра, кийим-кечек, ата-эне, эт-мет.

ЗАТ АТООЧТУН МААНИСИ БОЮНЧА ТОПТОРГО БӨЛҮНҮШҮ.

Зат атоочтор маани жагынан болгон өзгөчөлүктөрүнө жана ага байланыштуу келип чыккан айрым грамматикалык бөтөнчөлүктөрүнө карай эничилүү ат, жалпы ат, конкреттүү зат атоочтор, абстракттуу (жалпыланган маанидеги) зат атоочтор, ошондой эле буюмдук (вещественные) зат атоочтор жана жамдоо маанисиндеги (собирательные) зат атоочтор болуп бөлүнөт.

ЭНЧИЛҮҮ АТ ЖАНА ЖАЛПЫ АТ.

Зат атоочтор мааниси боюнча жеке бир затты атап көрсөтүшүнө карай же бирөөнчөй (бирдей) заттарды жалпылап атап көрсөтүшүнө карай эничилүү аттар жана жалпы аттар болуп, эки топко бөлүнөт.

Жалпы аттарга бир түрдүү заттарга жалпылана коюлган аттар кирет. Алар айрым, жеке заттардын аттарын билгизбестен, бир өңчей затты жалпы жонунан атап көрсөтөт: адам, чыны, бала, терек, жууркан, килем, араба, чагылган, мөндүр, өткүн, кой, кулжа, илбирс, түлкү ж.б.

Эничилүү аттарга жеке заттардын керт башына эничиленип берилген аттар кирет. Эничилүү ат бир текке кирүүчү заттардын ичинен бирөөнү атайын айырмалап, бөлүп атоо үчүн кызмат кылат: Керим, Нарын, Чалкуйрук, Уркөр, Кумайык.

Зат атоочтордун басымдуу көпчүлүгү жалпы аттарга кирет, эничилүү аттар ага караганда сан жагынан азыраак келет.

Эничилүү аттар көбүнчө жалпы аттардан жасалат: Жибек-Жибек, темир - Темир, кенеш-Кенеш ж.б.

Эничилүү аттарга негизинен төмөнкүлөр кирет:

I. Адамдын аты, атасынын аты, фамилиясы. Адам аттары да жалпы аттардын, кээде сын атооч, сан атооч, этиш менен же болбосо ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн айкаштарынан жасалат: Болот, Алмаз,

Ширин,Татты, Алтымыш,Жетимиш,Жүрсүн, Турду, Айсулуу, Жаныбай, Өскөнбаевич, Осмон уулу, Сулайман кызы.

2. Айбандарга коюлган аттар. Булар да жалпы аттардан жана башка сөз түркүмдөрүнөн, сөздөрдүн айкалыштарынан түзүлөт: Жолборс,Короочу,Балтек,Учар,Берүбасар,Тайтору,Чалкуйрук, Тайбуурул, Койкүрөң.

3. Географиялык энчилүү аттар (жер,суу,тоо,көл,шаар, айыл-кыштак,район,колхоз,область,көчө,канал ж.б. аттары): Чыйырчык,Сары-Челек,Бишкек, Жаңы-Жол айылы, Талас облусу, Эркиндик көчөсү, "Кенеш" колхозу, Чүй каналы, Тынч океан, Азов деңизи.

4. Астрономиялык аттар: Ай,Күн,Жер,Чолпон,Жетиген,Үркөр, Алтын Казык, Жети Аркар, Алты Аркар.

5. Китеп,газета, журналдардын аттары: "Кек асаба", "Биринчи мугалим", "Кыргыз туусу", "Чалкан","Кыргызстан аялдары".

6. Тарыхый окуялардын, мамлекеттин, мекеменин, орден, медалдардын аттары: Ата Мекендик согуш, Кыргыз Республикасы, Кыргыз Мамлекеттик университети, Кызыл Туу ордени, "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы ж.б.

Энчилүү ат менен жалпы ат өз ара тыгыз байланыштуу, себеби энчилүү аттар көбүнчө ошол жалпы аттардын негизинде жасалат: Анар,Тилек,Жылкычы,Жибек. Тескерисинче, айрым энчилүү аттар бир түрдүү, бир өңчөй заттарды жалпылап атоо үчүн колдонулганда, жалпы атка өтүп кетет: ампер, боткин, рентген, браунинг, ом, калашников ж.б. - бул сөздөр түпкү теги боюнча адам аттары, кийинчерээк ал окумуштуулар тарабынан ачылган илимий түшүнүктөр, соруунун түрлөрү, курал-жарактар ошолордун ысмы менен аталып, натыйжада аталган алар бир өңчөй тектеш заттарды жалпылап атап көрсөтүп, жалпы атка өтүп кетишкен.

Минтип жалпы аттар энчилүү аттын маанисинде колдонулганда, тескерисинче, энчилүү аттар жалпы ат катары колдонулганда, алар өзүлөрүнүн түпкү маанисин да (жалпы жана энчилүү аттык маанисин) сактап калышат, бул болсо тилде омонимдердин пайда болушуна алып келет: Салтанат– Салтанат, ырыс– Ырыс, жолдош – Жолдош, Жеңиш – Жеңиш.

Жалпы ат менен энчилүү аттар бири-биринен маниси боюнча гана айырмаланбастан, айрым грамматикалык белгилери боюнча да айырмаланышат. Мисалы, жалпы аттар жекелик түрдө да, көптүк түрдө да айтыла берет (китеп–китептер, эчки–эчкилер, карандаш–карандаштар). Энчилүү аттар маниси боюнча бир текке кирген заттардын ичинен бирөөнү гана билгизгендиктен, дайыма жекелик санда айтылат, көптүк санда айтылбайт: Ош, Сузак, Орозалы, Зуура.

Ырас, кээде энчилүү атттан кийин көптүк – дар мүчөсү уланып айтылып калат. Бирок мындай учурда алар сөздүн үнүсү туюндурган заттын көптүгүн эмес, аны менен башка бирдейлердин да бирге, чогуу жүргөнүн экендигин билдирет. Мисалы: Дүгдүйүп Саадаттарга кыр көрсөтүп, Касейиндердин зоболосун көтөрдү (Т.С.) Ормуштар кечээ эле жөнөп кетишкен. Бул сүйлөмдөгү Саадаттар, Касейиндер, Ормуштар деген зат атоочтор ошол адамдарды гана эмес, алар менен бирге жүргөндөрдү да ичине камтып, жалпылап көрсөтүп турат.

Жазуу речинде жалпы аттар кичине тамга менен жазылат да, энчилүү аттар дайыма баш тамга менен жазылат: жалбыз, таш, жылаан, аркар; Турдубүбү, Кумайык, "Кыргыз маданияты", Ош педагогикалык институту.

КОНКРЕТТҮҮ ЗАТ АТООЧ ЖАНА АБСТРАКТТУУ ЗАТ АТООЧ.

Конкреттүү зат атоочтор,адатта, ар бирин жекече бөлүп-бөлүп карoого мүмкүн болгон конкреттүү заттарды, буюмдарды, чындыктагы ар түрдүү көрүнүштөрдү атап көрсөтөт. Сөздүктүн эле сезүү органдары (көз менен көрүү, кол менен кармоо) аркылуу билине турган заттарды же элесин, образын көз алдыга келтирүүгө мүмкүн болгон заттарды, нерселерди да билдирет: шакек, балта, там, чөмүч, таш, уй, балык, чымын,; түн, иш, чагылган, мүнөт, жыл, жардам, душман, дос.

Конкреттүү зат атоочтор санап айтууга боло турган заатрды грамматикалык жактан аларга -лар мүчөсү уланып, көптүк санда айтыла берет жана сын атооч, сандык маанидеги сөздөр менен айкаша алат: тоотоолор, эне-энелер, кыз-кыздар, кой-жүз кой, уй-жыйырма уй, мектеп-бир нече мектеп, киши-көп киши.

Абстракттуу зат атоочтор жалпыланган түшүнүктөрдү, затташып кеткен сапаттык, кыймылдык түшүнүктөрдү атап көрсөтөт. Мындай маанидеги зат атоочтор, адатта, көз менен ачык-айкын көрүүгө, кол менен кармап, билүүгө мүмкүн болбогон, бирок ой жүгүртүү аркылуу аныктала турган заттык түшүнүктөрдү билдирет:ой,акыл,уйку,кыял, азап, дарк, күлкү, кайгы, балаа, мүнөз, оору, салт, адат. Абстракттуу зат атоочторду жасоодо -дык, -чылык, - ыч мүчөлөрү кеңири колдонулат. Булар көбүнчө сын атооч, этиштерден, кээде атоочтордон, абстракттуу маанидеги зат атоочторду уюштурат: боорукерлик,кайрымдуулук,сапаттуулук,сулуулук,кайратуулук, баатырдык, каармандык, кыргалчылык, тоңчулук, кыргызчылык; коркунуч, сүйүнүч, мактаныч, таарыныч, өкүнүч ж.б.

Орус тилинен оошуп кирген -изм формасындагы коомдук-саясий, илимий терминдер да абстракттуу зат атоочторго кирет: социализм, коммунизм, интернационализм ж.б.

Грамматикалык жактан абстракттуу маанидеги зат атоочтор негизинен көптүк санда айтылбайт (-лар мүчөсү уланбайт) жана сан атоочтор менен айкашпайт. Мисалы, уйкулар, кайгылар, он мүнөз, беш кыял, деп айтуу анчалык ылайыктуу болбойт. Бирок кээде айрым бир абстракттуу түшүнүктөрдүн бирөө эмес, бир нече экендигин көрсөтүү керек болсо, аларга көптүк -лар мүчөсү жалганып, же сандык маанидеги сөздөр менен айкашып айтылышы мүмкүн.

Бирок мындай учурлар тилибизде өтө аз учурайт. Мисалы: Алардын күлкүлөрү алыстан угулду. Балдарымдын ар биринин мүнөздөрү ар башка. Айлыбызда көп жаңылыктар болду. Далай азаптарды башан өткөрдүм.

ЖАМДОО МААНИСИНДЕГИ ЗАТ АТООЧТОР.

Жалпы аттардын ичинен айрымдарын маанисине карай жана кээ бир грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай жамдоо маанисиндеги (собирательные) зат атоочтор деп өзүнчө бир топко бөлүүгө болот. Жамдоо зат атоочтор мааниси жагынан көп сандаган бир өңчөй (бирдей) заттарды бир бүтүнгө топтоп, бириктирип көрсөтөт. Ошондуктан алар өзүнүн ички мааниси боюнча эле (мал, эл, мүлк, адамзат ж.б.). көптүк түшүнүктү билдирип турушат. Бирок жамдоо зат атоочтор маани жагынан, канткен менен да, зат атоочтун -лар формасындагы көптүк түрүнөн айырмаланып турат: зат атоочтун көптүк түрү бири-биринен ажырап, өз ара бөлөк-бөлөк турган бир өңчөй заттарды билдирсе (койлор, үйлөр, төөлөр, балдар, кыштактар), жамдоо маанисиндеги зат атоочтор ошондой көп затты бирдиктүү бир топко, бир бүтүнгө бириктирип көрсөтөт: мал, эл, мүлк, адамзат ж.б.

Орус тилинде жамдоо (собирательные) зат атоочтор көбүнчө мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулат: -ство, -ество: учитель-учительство; -ник, -няк:ель-ельник, дуб-дубняк; -ия: пионер-пионерия. Кыргыз тилинде жамдоо маанисиндеги зат атоочторду жасоочу атайын мүчөлөр жок, жамдоо мааниси сөздүн лексикалык мааниси аркылуу гана берилет.

Кыргыз тилинде жамдоо маанисиндеги зат атоочторго төмөнкүдөй сөздөрдү кийирүүгө болот:эл,калк,мал,мүлк,дүнүйө,журт, (эл), айбанат,адамзат,үйүр,сүрөл,жемиш,жашылча,коллектив, үйүр ж.б.; жалпылоо маанисиндеги кош сөздөр: бала-чака, азык-түлүк, кийим-кечек, идиш-аяк,жууркан-төшөк,тамак-аш,курбу-курдаш,ага-тууган, курт-кумурска, кыз-кыркын,келин-кесек, чай-пай, көйнөк-көнчөк, каза-аяк, сүрөл-жарак,курбу-курдаш, жолдош-жоро, жан-жаныбар ж.б. Жамдоо маанисиндеги зат атоочтор тилибизде анчалык көп учурабайт.Жамдоо маанисиндеги зат атоочтордун грамматикалык белгилери (касиети) ар түрдүү. Алар лексикалык мааниси боюнча көптүк маанини түюндуруп тургандыктан: 1) айрым жамдоо зат атоочтор көбүнчө жекелик формада (- дар мүчөсү жалганбай) айтылат жана эсептик сан атоочтор менен айкашып айтылбайт. Мисалы: малдар,мүлктөр,адамзаттар,журттар, эл-журттар,чай-пайлар ж.б. деп айтуу стилдик жагынан туура келбейт; ошондой эле он калк,он беш дүнүйө, беш эл-журт, жыйырма курт-кумурска деп айтууга да болбойт. 2) Бирок бир катар жамдоо зат атоочторго көптүк - дар мүчөсү жалганып айтыла берет, ошондой эле сан атоочтор менен, же сандык маанидеги башка сөздөр менен да айкашып айтыла алат. Мындай учурда алар: а) жамдоо маанидеги көптөгөн затты билдирет: дүйнө жүзүндөгү элдер, Африкада жашаган калктар; б) жамдоо маанисиндеги сөз камтыган заттардын сан жагынан көп экендигин, ар түрдүүлүгүн баса белгилеп турат: келин-кесектер,бала-чакалар, айбанаттар, курбу-курдаштар; Көп эл чогулду. Бир топ дүнүйөсү бар;

в) жамдоо зат атоочтор тектеш заттардын бир нече түрүн ичине камтып тургандыгын билдирет: жашылчалар, жемиштер, идиш-аяктар, жан-жаныбарлар; г) сан атоочтуктар менен айкашып айтылганда жамдоо маанисиндеги зат атоочтордун конкреттүү санын көрсөтөт: Эки эл ынтымактуу жашашат. Ал он чакты жолдош-жоросу менен келиптир.

БУЮМДУК ЗАТ АТООЧТОР.

Жалпы аттар лексикалык маанисине карай буюмдук (вещественные) зат атоочтуктар деп да бөлүнөт. Буюмдук зат атоочтор составы, ички түзүлүшү бирдей болгон заттарды билдирет. Андай заттарды айрым бөлүктөргө бөлүүгө болот жана ал бөлүктөрдүн ал заттын бүтүн түрү кандай касиетке, сапатка ээ болсо, ошол касиетин, сапатын сактайт, ошондой эле аталат: алтын,жез,темир,айнек ж.б.

Буюмдук зат атоочторго көбүнчө айрым-айрым данага (экземпляр) бөлүнбөй турган бир бүтүн,туташ заттарды билдирүүчү зат атоочтор кирет: күмүш,трико,каймак, алюминий,сымап ж.б. Ошондой эле майда бөлүкчөлөрдөн турган чуурма заттардын аттары да зат атоочтун ушул тобуна кирет:кум,буудай,арпа,чай ж.б. Буюмдук зат атоочтор негизинен төмөнкүдөй заттарды атап көрсөтөт: ар түрдүү кендердин,металлдардын аттарын: алтын,күмүш,жез, нефть, коргошун,сымап,күкүрт,темир,болот,көмүр,олово; тамак-аш азыктарын:ун,май,кант,каймак,бал,туз,быштак,чай, айыл-чарба азык-түлүктөрүн: буудай,арпа,таруу, ж.б.; ар түрдүү материалдарды: цемент,гипс,кум,айнек,акиташ,саман,жүн; кездемелердин түрлөрүн: баркыт,чыт,жибек,нооту,трико,сукно,чийбаркыт, тукаба; химиялык элементтерди,дары-дармектерди:уран,суутек, кычкылтек, азот, пирамидон,кадеин,аспирин,пириципин ж.б.

Буюмдук зат атоочтордун грамматикалык белгилери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: алар конкреттүү маанидеги зат атоочтордон айырмаланып, саналып айтылбайт,ошол себептүү эсептик сан атоочтор менен айкаша албайт (эки цемент,беш жибек деп айтылбайт.)

Бирок бүтүмдүк заттарды айрым бөлүктөргө бөлүүгө мүмкүн болгодуктан, алар салмагы, көлөмү боюнча өлчөп айтууга болот: беш грамм алтын, бир тонна азот, эки метр сукно.

Бүтүмдүк заттарды бир нече данага (экземплярга) ажыратып санап айтууга мүмкүн болбогондуктан, алар көбүнчө көптүк санда айтылбайт(каймактар, сүттөр, кездер,жибектер деп айтуу ылайыксыз). Бирок айрым учурларда кээ бир бүтүмдүк зат атоочторго көптүк -лар мүчөсү жалганып айтылышы мүмкүн. Мындай учурда алар заттын ар кандай түрлөрүн, сортун билдирет: Майлар (ар түрдүү майлар: уйдун, койдун,пахтанын майлары); винолор (винонун ар кандай түрлөрү),суулар (минералдык суулардын ар кандай түрлөрү).

САН КАТЕГОРИЯСЫ.

Айрым зат атоочтор маанисине жана грамматикалык формасына карай жалгыз бир затты билдирсе, айрымдары заттардын көптүгүн билдирет (китеп-китептер, гүл-гүлдөр,араба-арабалар). Зат атоочтун категориясы атооч сөздөр туюндурган заттардын саны жагынан болгон айырмачылыгын билдирүүчү сөз өзгертүүчү грамматикалык категория болуп эсептелет.Сан категориясы бир затты же көп затты биддиришине карай жекелик сан жана көптүк сан болуп экиге бөлүнөт.

Жекелик сан бирдей, бири-бирине окшош заттардын ичинен жалгыз бир затты билдирет: мектеп,эне,балык,коён,керки,тоо.

Көптүк сан заттардын сан жагынан көп экендигин (экиден кем эмес экендигин) билдирет: окуучулар,мекемелер,пионерлер,коёндор, күректер.

Кыргыз тилиндеги зат атоочторду сандык маанини (жекелик,көптүк санды) билдириш өзгөчөлүктөрүнө карай төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот: I) Жекелик санда да, көптүк санда да айтыла берүүчү зат атоочтор. Бул топко санап айтууга мүмкүн

болгон,башкача айтканда, эсептик сан же сандык маанидеги башка сөздөр менен айкашып айтыла ала турган конкреттүү маанидеги зат атоочтор кирет: бала-балдар,аял-аялдар,окуучу-окуучулар, мектеп-мектептер, уй-уйлар, элик-эликтер,маймыл-маймылдар,дептер-дептерлер, көл-көлдөр,кыр-кырлар ж.б.

Бул сыяктуу конкреттүү маанидеги атооч сөздөрдөн башка санап айтууга мүмкүн болгон дагы ар түрдүү түшүнүктөр да жекелик жана көптүк санда айтыла берет: өлкө-өлкөлөр, мамлекет-мамлекеттер, жыл-жылдар, күн-күндөр,жолугушуу-жолугушулар,көнүгүү-көнүгүүлөр,полк-полктор,коллектив-коллективдер,токой-токойлор.

2) Айрым зат атоочтор өзүнүн лексикалык мааниси боюнча көбүнчө жекелик санда колдонулат. Эгерде аларга көптүк -лар формасын жалгап айтсак, стилдик норма бузулат. Мындай маанидеги зат атоочторго саналып айтылбай турган, демек, эсептик сан атоочтор менен айкашып айтылбай турган атоочтуу сөздөр кирет. Алар негизинен төмөнкүлөр: а) абстракттуу маанидеги айрым зат атоочтор: акыл, уйку, даңк,кайгы; сүйүнүч, мактаныч; өзгөчө -лык,-чылык, -мүчөлөрү менен жасалган абстракттуу зат атоочтор: боорукерлик, кайрымдуулук, жокчулук, жакырчылык, сезгичтик,уяндык, барктуулук;

б) айрым бөлүктөргө бөлүнбөй турган бир бүтүн туташ нерсени (туташ массаны) билдирүүчү буюмдук зат атоочтор: күмүш, жез, темир, айнек, бал,каймак, сымап,цемент;

в) энчилүү аттар,астрономиялык, географиялык аттар: Султан, Керим, Кумайык, Ай,Күн,Чолпон,Жетиген,Долон,Көгарт,Талас.

Көз бир зат атоочтор жекелик түрдө айтылса да, семантикасы боюнча көптүк маанини билдирет,башкача айтканда, бир нече (көп сандаган) затты бирдиктүү бир бүтүнгө бириктирип, жалпыланган түшүнүктү туюндуруп турат: эл, калак, мал, үйүр, коллектив, бала-бакыра,курал-жарак,идиш-аяк,кийим-кечек ж.б.

← Бирок бул өндүү жекелик формада турган зат атоочтордун айрымдарына кээде көптүк -лар мүчөсү уланып айтыла берет. Мындай учурда алар өз ичине камтыган заттардын ар кандай түрлөрүн жана алардын көптүгүн өзгөчө белгилеп көрсөтөт: идиш-аяктар, курал-жарактар, бала-бакыралар, тамак-аштар. Бирок белгилей кете турган нерсе: өзүнүн ички маанисине ылайык дайыма жекелик санда же көптүк мааниде колдонулуучу зат атоочтор тилибизде өтө аз жолугат.

Бир өңчөй, бирдей заттардын ичинен жалгыз бир затты билдирүү, же заттардын көп экендигин билдирүү- бул сан категориясынын негизги мааниси болуп эсептелет. Бирок сан категориясы бул негизги маанисинен башка зат атоочтордун лексико-семантикалык маанисине ылайык дагы ар түрдүү кошумча маанилерди да туюндурат.

Мисалы, жекелик сандагы конкреттүү зат атоочтор, жогоруда белгиленгендей, негизинен бир өңчөй, өзүнө окшош заттардын ичинен жалгыз бир затты бөлүп көрсөтөт: көйнөк, шым, козу, улак, үй, сарай, чана, соко.

Жекелик түрдө айтылган жамдоо зат атоочтор болсо бир өңчөй, бирдей заттардын ичинен биреөнү бөлүп көрсөтпөстөн, көптөгөн бир өңчөй заттарды бирдиктүү бир бүтүндүккө бириктирип турган зат атоочту билдирет: эл-журт, калк, эл, мал, мүлк, дүнүйө, жемиш, жашылча, тамак-аш, бала-бакыра, кийим-кечек.

Жекелик түрдөгү абстракттуу зат атоочтор конкреттүү жалгыз бир затты эмес, жалпыланган заттык түшүнүктү билдирет: атак, даңк, кайгы, акыл, чындык, жокчулук, тиричилик, шайлоо, сөгүш, келишим, окуу.

Жекелик сандагы буюмдук зат атоочтор да конкреттүү бир затты билдирбестен, бүтүндөй бир жалпылыкты түзгөн бир бүтүн затты, туташ массаны билдирет: жез, коргошун, темир, камыр, каймак, бал, пахта(кебез), цемент, баркыт, тукаба, кычкылтек, азот.

Көптүк сан жогоруда көрсөтүлгөндөй, негизинен заттардын сан жагынан көп экендигин билдирет: кыздар, инилер, булбулдар, ердектер, теректер, кетмендер.

Кыргыз тилинде көптүк маани эки түрдүү жол менен берилет: морфологиялык жол жана синтаксисттик жол.

КӨПТҮК МААНИНИН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖОЛ МЕНЕН БЕРИЛИШИ.

Зат атоочтун көптүк саны -лар мүчөсү аркылуу уюшулат. Бул мүчө уланган сөзүнүн үндүү же үнсүз тыбыш менен бүткөндүгүнө жана алардын артикуляциялык - акустикалык өзгөчөлүктөрүнө карай 12 түрдүү вариантта колдонулат (-лар, -дер, -тор ж.б.). Көптүк -лар формасы аягына II жактын жекелик жалгача (одоно) таандык мүчөсү жалганган сөздөн кийин уланса, көптүк мүчөнүн башкы тыбышы үнсүз тыбышы түшүп да, кээде түшпөй да колдонула берет: атаңдар//атаңар, апаңдар//апаңар, иниңер, малыңар, үйүңөр, короонор, кийимиңер.

Көптүк сандын -лар мүчөсү төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1) Заттардын санын көп экендигин билдирет.

Бирок алардын саны канча экендигин так көрсөтпөстөн, жалпылаштырып түюндурулат: Кайсы жерге келсек да, кишилер бизге досторчо мамиле кылышты (Т.С.). Сурмакан өзүнөн улуу аялдар сүйлөсө да, байбичелер сүйлөсө да, туурадан алардын кебин буза берди (Т.С.).

2) Кээде айрым бир буюмдук зат атоочторго көптүк -лар мүчөсү уланып айтылат. Мындай учурда алар заттын көптүгүн көрсөтүү менен бирге, алардын ар кандай түрлөрүн, сортторун билдирет: майлар (уйдун, койдун, пахтанын ж.б. майлары), нандар, винолор, коньяктар (ар кандай түрдөгү). Элет жеринде үстөлгө хрустал идиштерди, кымбат коньяктарды коймой жаңы гана мода болуп кирген учур. (Ч.А.) Дүкөндө ар түрдүү тукабалар жайнап турат.

3) Көптүк -дар мүчөсү айрым жамдоо маанисиндеги зат атоочторго жалганганда: -бир текке (топко) кирген бир өңчөй заттардын ар кандай түрлөрүн жана алардын көптүгүн билдирет: жашылчалар, жемиштер; Чакибаш кездемелердин ар түрдүүсүнөн тидап алды (Т.С.) Салпактап учкан канаттуулар көрүндү (Т.С.). Бир аздан кийин үстүндөгү кийимдери сыгып алма-кезек суу болду.

Жамдоо маанисиндеги көп сөздөргө жалганса да, жогорку дай маанини (бир топко кирген заттардын ар түрдүүлүгүн, көптүгүн) туюндурат: Бүбүш алда эмнелерди кобурап, кыз-келиндерди күлдүрөт (Т.С.). ....кооз идиш-аяктар көз жоосун алып жылтылдайт (Ч.А.). Бишкекке 10 тонна медициналык дары-дармектер келди ("КТ").

Жамдоо маанисиндеги зат атоочтардын айрымдары (эл,калк,улут,уруу, дивизия, полк,отряд) көптүк формада айтылганда бир өңчөй заттарды бир бүтүндүүлүккө бириктирип турган андай жалпылама заттардын өзүнүн сан жагынан көптүгүн туюндурат: эл-элдер,калк-калктар, уруу-уруулар, улут-улуттар. Мындай жекелик түрдөгү эл,калк,улут, уруу деген сөздөрдүн ар бири өз тутумуна кирүүчү бир өңчөй заттарды бир бүтүндүүлүккө бириктирип, жалпылаштырып атап турат. Ал эми буларды элдер, калктар,элдер,улуттар, уруулар деп көптүк формада айтсак, ал жалпылама маанидеги заттардын (эл,калк,улут, уруу) ар биринин сан жагынан көптүгүн туюндурат.

Мисалы:Дүйнө жүзүнүн элдери куралдуу күчтөрдү кыскартуу үчүн күрөшүүдө. ....атүгүл бүтүндөй калктар өз жерлеринен куугунтуктады (Ч.А.). Өлкөбүздөгү улуттар ынтымактуулукта жашашат. Ыктыярдуу отряддын, атайын армиялык полктордун командирлерине Алишер жөнүндө карама-каршы кабарлар угулду. ("КТ").

3) Көптүк -дар мүчөсү кээ бир абстрактуу зат атоочторго да жалгана алат. Мындай учурда: сөз болуп жаткан абстракттуу түшүнүктөрдүн сан жагынан көптүгүн (экиден кем эмес, бир нече экендигин, ар түрдүүлүгүн) билдирет:

Тансыкбаевдин көңүлүндө жүргөн бул ойлор кайрадан козголду (Ч.А.). Алардын көргөн азап-тозокторун айтпа! Ал элдин үрп-адаттары да башкача экен. К.айлында көп жаңылыктар, далай өзгөрүүлөр болду (Т.С?). Бригадада уюштуруу ишинде көп кемчиликтер бар. Шаардын башка салтанаттарынын да көрүштү (Т.С.).

4). Бир-бирден бөлүп санооого мүмкүн болбогон заттарды түюндургөн сөздөргө уланып, көп экендикти билдирет: Бул сөздөрдү айтышкандар-тигил тоодой-таштай Какемдер, молдокемдер (Т.С.). Бир жолу чыккан үндөр так кулактын түбүнөн кыйкыргандай болуп угулат (Т.С.). Россиянын аймагында ийне жалбырактуу токойлор көп. Кокту-колоттон агып чыкка суулар жоош булдурлайт (Т.С.).

5). Бүтүндөй бир жалпылыкты түзгөн заттарды билдирген сөздөргө жалганганда:

-көптүк маани менен бирге ал заттардын ар кайсы жерден орун алгандыгын билдирет: Талааларга жер семирткичтер чачылды. Жыл мезгили күзгө таяп, эл чоң жайлоолордон ылдый тарта көчө баштаган кез (Т.К.). Мария Кийизбайдын койлору жайылчу беттерди карады (Т.С.). Калың жамгырдан кийин ар кайсы жерлерге көлчүктөр пайда болду (Ч.А.) . Бийик тоонун бетиндеги эски кардар али эрий элек;

-бир бүтүндүктү түзгөн заттардын майда бөлүкчөлөрүн түшүндүрөт: Чач-чачтары, мурут-муруттары, сакал-сакалдары. Деркенбай муруттарын түксүйтүп тамшанып койду (Т.С.). Мария кезкезде ичтен сызып муңайганда өңү суз атып, көпиктери жылтырай түшөт (Т.С.). Ал, чачтары үрпөйүп, ого бетер арыктап, жүдөп калыптыр. Барпы молдо... саал күлүмсүрөй берсе, жалпак таноолору жайыла түшөт да, сейрек сакалдары бириндей түшөт (Т.С.)

6). Кол, көз, бут ж.б. деген сыяктуу сөздөр лексикалык мааниси боюнча эле жупталышкан (эки) дене мүчөлөрүн билгизет.

Бирок бүтүн өндүү сөздөр да кээде көптүк формада айтыла берет. Мындай учурда алар ошол жупталышкан заттардын эки бөлүгүн туюндурат: Айымжан байбичесинин беттери кызарып,көздөрү канталай түшүү (Т.С.). Соке каадасынча эриндерин жаланып койду (Т.С.). Жазыраак тарткан каштары аз көпүраак (Т.С.). ..... жылмая күлсө,таноолору жайыла түшөт (Т.С.).

6) Эгерде көптүк формадагы заттык түшүнүк бир топко кирген бир нече затка (бир нече кишиге) тиешелүү болсо, анда ал түшүнүк ошол топтун составындагы ар бир затка таандык экендигин билдирет: Алар мындай бир саамурда келинчектерин ээрчитип чыгып кетишкен (Т.С.). Баарынын колу-буттарында зоолу(К.Ж.). Алар үйлөрүнөн эрте аттанышты (Т.С.). Балдардын уйкулары келди окшойт. Үйдөгү кыздардын күлкүлөрү таш жарат.

Бул сүйлөмдөгү үй, уйку, күлкү ж.б. деген атоочтук түшүнүктөр "алар" ат атоочту билдирген адамдардын,балдардын, кыздардын ар бирине тиешелүү экендиги билинип турат.

7) Бир катар зат атоочтор маанеси жагынан бири-бирине окшош, бирдей заттардын бир бүтүндүүлүккө бириктирип, алардын бүтүндөй бир тегин (род) же ошол текке тиешелүү болгон конкреттүү бир затты да түшүндүрөт. Мындай сөздөрдүн бир текке кирүүчү заттарды бүт жалпылап туюндуруп тургандыгы же алардын ичинен бирөөнү гана билгизип тургандыгы сүйлөмдүн жалпы маанисинен (контекстен) белгилүү болуп турат. Мисалы: Берекелүү короо ак-кыган койго толтура (К.Тыныстанов).

Коктуда уй жайылып жүрөт. Алишер жаш кезинен туугандарынын кылкысын баккан (2 КМ"). Ысык-Көлдүн жээгиндеги эгиндей бир тилкеси кайың, бир тилкеси карагай (Т.С.). Бирок калыстыкка түшүп, ички талаш-тартышыбызды тыныштырып койгон оруска не деп кыралкетермекпиз?! (Т.Кас.).

Бул сүйлөмдөгү кой,уй,жылкы,кайың,карагай,орус деген сөздөрдүн ар бири өз ара окшош заттарды бир топко бириктирип, (род) текти билдирип турат. Ал эми:... менин жүнүм болбосо , кыргыз үйсүз калат, -деди кой (К.Тыныстанов). Менин сүтүм, этим болбосо, кыргыз күн көрө албайт-деп, уй да керектүүлүгүн сүйлөдү (К.Тыныстанов). Үйдүн жанына бир түп кайың отургуздум. Ыраматылык Чортек айткандай, бул карапайым жылкы эмес, асыл жылкы - тулпар эле ("КМ"). Башкаларга эч байкатпай бир орус акмалап жүрсүн (К.Кас.). деген сүйлөмдөгү ошол эле кой, уй, кайың, жылкы, орус деген сөздөр конкреттүү жеке затты туюндуруп турушат. Мындай маанидеги сөздөр бир текке киргүүчү заттарды бүт жалпылып түшүндүрбөй, алардын ичинен бирөөнү туюндуруп турса, аларга көптүк -дар мүчөсү уланып айтыла берет, Маниси боюнча заттардын айрым-айрым даанадан турган көптүгүн (санын көп экендигин) билдирет: Байдын койлору ар түрдүү эмес беле. Самтыр кайдага жалаң ак койлорду кайтарып жүрөт? (Т.С.). - Атаганат, ушул жылкыларды баккан кишиде эмне арман болсун (К.Б.). Кыргыздарга неси болсо да бир мингич керек (Т.С.). ...бирди эки, экини төрт кылып пайда таап жүргөн кытайлар, уйгурлар, арабдар, перстер менен бир-бирден, көзмө-көз шашпай сүйлөшүү (Ч.А.) Тескей тарабында тарбайган арчалар, шилбилер, шуудураган теректер, карагаттар, кээ жерде ыргайлар менен тең тайлашып чыккан табылгылар жана башка түркүм жыгачтар өскөн ./ Көптүк форма улуттун, уруунун атын билдирген сөздөргө жалганганда, ошол топко кирген элдердин көптөгөн өкүлдөрүн түшүндүрөт: Кыргызстанда орустар, өзбектер,казактар, уйгурлар, дунгандар, да жашашат. Солтолор Чүйдө, Бугулар Ысык - Көлдө жашашат.

8) Көптүк форма мезгил, убакыт, адамдын жаш өзгөчөлүгү менен байланыштуу түшүнүктөрдү билдирген сөз айкаштарына, сөзгө же айрым сан атоочторго уланып, андан кийин таандык жана жөндөмө мүчө уланып айтылса, көптүк маанини эмес, болжолдоо, чамалоо маанисин түзөндүрат: июнь айларында; августтун башында, майдын аяк ченинде; сентябрде келип калат; отуз жаштарында; кырыкынчы жылдарында; апрелдин он бешинде; шаарга тогуздарда келдик. Жашы отуздарга барып калган кара сур киши экен (К.Тын.). Январь айларында жолго чыгабыз.

9) Көптүк форма адамдын энчилүү атына жалганса, ошол ысым менен аталган кишини жанында жүргөн башка кишилер менен бирге коштоп түзөндүрат: Ал жалгыз эмес, жанында Бүбүштөр бар (Т.С.). Мариянын үнү алды жакта бараткан Зыйналарга аран угулду (Т.С.).

10) Көптүк -лар мүчөсү бир өңчөй мүчөлөрдүн эң акыркысына уланып айтылса, аларды бир топко бириктирип, жалпылап көрсөтөт: Батыш, Зарыл, тилмеч Бурмалар кириштн (Т.С.). Осмон, Капар, Жакыптардын келинчектери бирге (Т.С.). Бийик зоонун бетинде эчки, теке, аркар, кулжалар оттоп жүрүшөт.

11) Туугандыкты билгизген айрым зат атоочторго жалганганда, кээде көптүктү билдирсе (карындаштарым мектепте окуйт), кээде көптүктүн ордуна анын алысыраак туугандыгын билдирет: ини-инилерим, ага-агалар, эже-эжелерибиз, карындаш - карындаштар ж.б.

Бул жигит инилерибиз болот. Тигил олтурган киши жакын агаларыбыз.

12) Көптүк -лар мүчөсү экинчи жак жекелик сөзөнө түзөндөгү сен деген ат атоочко жалганганда, кээде көптүк идеяны эмес, сылыктык маанини түшүндүрүп калат. Мындай формanын жекелик сылык мааниде колдонулгандыгы контекстен белгилүү болуп турат: Айылга силер да бардыңар беле? ("сиз" деген мааниге жакын).

КӨПТҮК МААНИНИН СИНТАКСИСТИК ЖОЛ МЕНЕН БЕРИЛИШИ.

Мындай учурда көптүк маани зат атоочко экиден көп экендикти билдирүүчү сөздөрдүн айкашып айтылышы аркылуу берилет.

1) Сан атоочтор зат атоочтор менен айкашып айтылат да, өзүлөрүнүн маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай заттын санын тактап, чамалап, топтоп көрсөтөт. Заттын саны аны менен айкашкан сан атооч аркылуу белгилүү болуп тургандыктан, зат атооч көптүк маанисинде колдонулат: Он тоок, жүзөн үй, жыйырма дептер; отуздай киши, элүүчө ердек, беш-алты киши, он чакты бала, отуздан дептер алдык. Жетинчи сыныпты жыйырма жети бала бүтүрдү (Т.С.). Кошумча жыйырмадай майда жандык бар (Т.С.). Үч түмөн кол, ар түмөндө он миңден жоокер кенен жайылып алдыда баратат (Ч.А.).

2) Көп, далай, бир нече, бир канча, бир далай, бир топ, толгон деген өндүү көп экендикти билдирүүчү сөздөр айкашат: көп окуучу, бир нече киши, бир далай убакыт, далай убакыт өттү.

Мындай айкаштардын айрымдарына көптүк -лар формасы уланып айтыла берет. Бул учурда андай конструкциялар заттын санын көп экендиги менен бирге анын ар түрдүүлүгүн да туюндурат: Далай жаңылыктар болду. Бир топ жетишкендиктерге ээ болдук. Толгон иштер бүттү. Ал жөнүндө көп адамдар билишпейт.

3) Көптүк маани кош сөздөр аркылуу да берилет: кароо-кароо кой, үймөк-үймөк чөп; үйүр-үйүр жылкы ж.б. Иши-аяк, бала-бакыра, кыз-кыркын, жууркан-төшөк, кары-жаш, ата-эне деген сыяктуу кош сөздөр да семантикасы боюнча көптүк маанини туюндурат.

Көптүк -лар формасы заттанган түшүнүктү билдирген сөздөрго жалганып да, көптүк маанини билдирет: келиндердин ыймандуулары четке кымтына олтурушту (Т.С.). Эмне бул отургандар силерге каакы көрүнөбү? (Т.С.). Мен анык-айрым жүрсөм, көрө албастар артыман ушак тагышат (Т.С.). Кызылдардын гайлаларды күн сайын көбөйүү ("КМ").

ТААНДЫК КАТЕГОРИЯ.

Адатта, бир же бир нече зат кимдир бирөөгө (бир затка), же болбосо бир нече адамга, бир канча затка таандык болуп айтылышы мүмкүн. Мисалы: энем, энең, энеси - мында эне деген жекелик сандагы I,II,Ш,жакка таандык экендигин билгизип турат; энебиз, энеңер, энеңиздер десек, эне деген сөз көптүк сандагы I,II жакка тиешелүү болуп айтылып жатат; эгерде энелери деп айтсак, көптүк сандагы энелер деген зат III жактагы бир нече адамга тиешелүү экендигин туюндуруп турат.

Ушинтип, таандык категориясы дайыма бир же бир нече затты жекелик же көптүк сандагы үч жактын бирине таандык кылып көрсөтөт. Кандайдыр бир заттын, белгинин ж.б. үч жактын бирине тиешелүү болуп айтылышы кыргыз тилинде атайын мүчөлөрдүн жардамы менен берилет. Алар таандык мүчөлөр деп аталат.

Таандык категориясы негизинен зат атоочторго мүнөздүү. Бирок таандык формалар кээде затташкан (субстантивдешкен) айрым сын атоочторго, сан атоочторго жана атоочтуктарга, кыймыл атоочторго да жалгана берет: Алиге бетинин кызылы өчө элек. Жуйнакка окшогондордун ону кошулар, жүзү кошулар, мини кошулар (Ч.А.). Күндүн жаагаңы уламдан-улам калындады (К.Ж.). Пландын аткарылышы жама эмес.

Кыргыз тилинде таандык маани эки түрдүү жол менен берилет: 1) морфологиялык жол; 2) морфологиялык-синтаксисттик жол; ~~3) синтаксистик жол.~~

ТААНДЫК МААНИНИН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖОЛ МЕНЕН БЕРИЛИШИ.

Мында таандык маани ушу же тууңду сөздөргө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу берилет. Мындай учурда таандык мүчө уланган сөз ~~менчиктелүүчү~~ эленүүчү заттын атын билгизсе, таандык мүчө ээлөөчү жакты туюндурат.

Мисалы: Китебим десек, китеп -им ~~менчиктелүүчү~~ зат, ага уланган I жак жекелик түрүнүн -им мүчөсү ээлөөчү жакты (I жакты түюндуруучу менин деген сөзду) билдирип турат. Таандык маанинин морфологиялык жол менен берилишинде ээлөөчү жак таандык мүчө аркылуу эле белгилүү болуп тургандыктан, ~~лук үчүрүлө~~ ~~илик жөндөмөсүндө~~ туруучу ээлөөчү жак айтылбайт : Таягы колдон түштү (Т.С.). Милиса менен келип, энчимди бөлдүрүп алам(Т.С.). Же кафырга күчүңүз келбейби ? (Т.С.).

Кыргыз тилинде таандык мүчөлөр маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай жакчыл таандык мүчөлөр (-ым,ың,-ы,-ыбыз ж.б.) жана жалпы таандык мүчө (-ныкы) болуп, эки топко бөлүнөт.

~~Жакчыл~~ ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

Жакчыл таандык мүчөлөр бир же бир нече заттын үч жактын биринде бир же бир нече затка (адамга) таандык экендигин билдирет. Мисалы: уулум (жекелик сандагы I жакка -мага таандык), уулубуз(көптүк сандагы I жакка -бизге таандык), уулуң (жекелик сандагы, жайынча мамиледеги II жакка -сага таандык), уулуңуз(жекелик сандагы, сылык мамиледеги II жакка -сизге таандык), уулуңуздар (I көптүк сандагы, жайынча мамиледеги II жакка -силерге таандык), уулу (жекелик сандагы III жакка -ага таандык), уулдары (көптүк сандагы III жакка -аларга таандык).

Ушуну менен бирге таандык мүчөлөр жалганган сөз ~~менчиктелүүчү~~ ~~ээленүүчү~~ заттын атын билгизсе, таандык мүчө ээлөөчү жакты билдирет: дептериң - мында таандык формадагы дептер деген сөз ~~менчиктелүүчү~~ ~~ээленүүчү~~ зат, ага уланган II жак жекелик түрүнүн -иң мүчөсү ээлөөчү жакты (II жакты билдирүүчү сенин деген сөзду) билдирип турат. Жакчыл таандык мүчөлөр мааниси боюнча тиги же бул затты ээлөөчү (~~бир затты~~) (адамды) же бир нече затты билдиргендиктен, жекелик таандык мүчө жана көптүк таандык мүчө болуп бөлүнөт: үйүм - үйүбүз, үйүң-үйүңөр. Ал эми II жактын таандык мүчөлөрү менчиктөөчү бир же бир нече затты билдирүү менен

бирге, ~~ким~~ сүйлөөчүнүн ал заттарга (жактарга) карата болгон жайынча же сылык мамилесин да туюндурат. Ошондуктан ал мүчөлөр адаттагыдай ~~жайынчажанахсылык~~ (жекелик жана көптүк сандык) билдирүү менен бирге, жайынча жана сылык түрдө да айтылат: китебиң-китебиңер (жекелик сан, көптүк сан, жайынча түр); китебиңиз-китебиңиздер (жекелик сан, көптүк сан, сылык түр).

III жактын таандык мүчөсү менчиктөөчү үчүнчү жактагы затты билизет, бирок I,II жактын таандык мүчөлөрүнөн айырмаланып, көптүк жана сылыктык маанилерди туюндурбайт. Бул жактын таандык формасы жекелик (~~ның~~ түрү да), көптүк (түрү да) бирдей (-ы, сы): окуучунун китеби - окуучулардын китеби; анын китеби - алардын китеби. Эгерде III жакты көптүк мааниде айтуу керек болсо, анда таандык мүчө көптүк -дар формасынан кийин жалганат: Султандын балдары жакшы окуйт. I,II жактын таандык мүчөлөрү III жактыкынан айырмаланып, дайыма заттын адамга карата болгон катышын билдирет: Менин ишим, биздин малыбыз, сенин калем сабың, силердин колхозуңар. III жактын таандык мүчөсү болсо заттын адамга гана эмес, башка заттарга карата болгон катышын да билдирет: окуучунун китеби, мугалимдин жардамы; үйдүн чатыры, мектептин багы.


Ушинтип жакчыл таандык мүчөлөр уланган сөз бир эле учурда таандык болуучу затты, ээлөөчү жакты жана алардын сандык өзгөчөлүгүн (жекелик же көптүк түрдө экендигин) билдиргендиктен, конкреттүү таандык деп да аталат.

Жакчыл таандык мүчөлөр негизинен зат атоочторго, кээде затташып кеткен башка сөз түркүмдөрүнө, атоочтуктарга, кыймыл атоочторго жалганат; ~~жактама~~ атоочтөрдө уланбайт.

Кыргыз тилиндеги таандык мүчөлөр уланган сөзүнүн үндүү же үнсүз тыбыштар менен аяктагандыгына, алардын артикуляциялык - акустикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бир нече вариантта колдонулат.

ЖАКЧЫЛ ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

Сөздүн акыркы тыбышы үнсүз болсо:



ЖЕКЕЛИК ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

I - жак. -ым, -им, -ум, -үм;

2.- жак. -ың, -иң, -уң, -үң;

Сылык түрү: -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз.

3.- жак. -ы, -и, -у, -ү;

КӨПТҮК ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

I - жак. -ыбыз, -ибиз, -убуз, -үбүз;

2.- жак. -ыңар, -иңер, -уңар, -үңөр;

Сылык түрү: -ыңыздар, -уңуздар, -иңиздер, -үңүздөр;

3 - жак. -ы, -и, -у, -ү.

Сөздүн акыркы тыбышы үндүү болсо:

ЖЕКЕЛИК ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

I - жак. -м.

2 - жак. -ң.

Сылык түрү: -ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз;

3 - жак. -сы, -си, -су, -сү.

КӨПТҮК ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР.

I - жак. -быз, -биз, -буз, -бүз.

2. -жак. -ңар, -ңер, -ңар, -ңөр.

3 - жак. -сы, -си, -су, -сү.

Сылык түрү: -ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, - ңүздөр;

Бул таблицадан көрүнүп тургандай, уңгу сөздүн аяккы тыбышы үндүү болсо, таандык мүчөлөрдүн башындагы үндүү ы тыбышы түшүп калат (балам, балаңыз); 3-жактын таандык мүчөсү -сы формасында колдонулат (баласы).

Таандык мүчөнүн I жак көптүк мүчөсү менен жак мүчөнүн Iжак көптүк түрү, таандык мүчөнүн II жак жекелик сыпат жана көптүк түрүнүн мүчөлөрү менен жак мүчөнүн II жак жекелик сыпат жана көптүк түрүнүн мүчөлөрү сырткы түрү жагынан бири-бирине окшош кедет. Бирок алар мааниси боюнча жана басым боюнча бири-биринен айырмаланып турат: таандык мүчөлөр басым менен айтылат, жак мүчөлөрүнө басым түшпейт: биздин окуучу -бүз—биз окуучу -буз; сиздин ат -ыңыз—сиз ат-ыңыз; силердин ата-нар —силер алды -нар, силердин ата-ңыздар — сиздер алды - ңыздар.

Таандык мүчөлөр көптүк -лар формасындагы сөздөрдөн кийин да уланып айтылат. Мындай учурда алар -лар мүчөсү катышпаган таандык формадагы сөздөрдөн маани жагынан айырмаланып турат.

Мисалы, көптүк -лар формасы катышпаган таандык мүчөлөрдүн жекелик түрү, ээлөөчүү жак да , таандык болуучу зат да жалгыз бирөө экендигин билдирет: менин кызым, сенин кызың, анын кызы.

Ал эми көптүк -лар формасынан кийин уланган таандык мүчөлөрдүн жекелик түрү болсо ээлөөчү жак бирөө экендигин, таандык болуучу заттар көп экендигин туюндурат: Менин кыздарым, сенин кыздарың, анын кыздары.Көптүк -лар формасы катышпаган таандык мүчөлөрдүн көптүк түрү ээлөөчү жак көп экендигин, таандык болуучу заттын бирөө экендигин түшүндүрөт: биздин кызыбыз, силердин кызыңар, сиздердин кызыңыздар, алардын кызы.

Көптүк -лар формасынан кийин уланган таандык мүчөлөрдүн көптүк түрү болсо ээлөөчү жак да, ээлөөнүүчү заттар да көп экендигин билдирет: биздин кыздарыбыз, силердин кыздарыңар, сиздердин кыздарыңыздар, алардын кыздары.

теги

Таандык мүчөлөрдүн чыгышы жөнүндө. Айрым окуумуштуулардын пикири боюнча, таандык мүчөлөрдүн I жак жекелик түрүнүн -ым мүчөсү, көптүк түрүнүн -ыбыз (казак тилинде -ымыз, түркчө -имиз) мүчөсүнүн биринчи бөлүгү -ы6 мен деген ат атоочтун тыбыштык жагынан өзгөрүшүнүн натыйжасында келип чыккан; экинчи бөлүгү - ыз байыркы көптүк мүчө болгон (-ыбыз < -ы6 (ым) + ыз);

II жак жекелик түрүнүн мүчөсү -ың, сылык түрүнүн -ыңыз, көптүк түрүнүн -ыңар мүчөлөрүнүн биринчи бөлүгү -ың, сен деген ат атоочтун тыбыштык өзгөрүүсүнөн келип чыккан; экинчи бөлүгү -ыз байыркы көптүк мүчө, -ар азыркы көптүк -лар мүчөсүнүн өзгөргөн түрү (ыңыз < ың < сен + ыз) -ыңар < ың < сен + ар < лар).[1]

(3-жакка таандык -ы, -сы мүчөлөрү)

Профессор Н.К.Дмитриев III жакка таандык -ы , - сы мүчөсүнүн алгачкы формасы -ын, -ин (үнсүздөн кийин), -сын, -син, (үндүүдөн кийин) болгон болуу керек. Буга көпчүлүк түрк тилдеринде (өзбек, уйгур тилдеринен башка тилдерге) III жакка таандык формадагы сөз жөндөлгөндө кыйыр жөндөмөлөрдө бул мүчөнүн - ын, -сын формасында колдонулушу далил боло алат,[2] - дейт. Мисалы: кырг. ат-ын-да, атасында; түрк. баба-сын-дан (атасынан) ж.б.

---

1). Н.К.Дмитриев. Категория принадлежности. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, Ч. 2. Морфология, М., 1956, 32-б. А.Н.Кононов. Грамматика современного турецкого литературного языка, М.-Л., 1956, 74-б.

2. Н.К.Дмитриев. Жогорку эмгек, 32-33-б.

Жакчыл таандык мүчөлөр ар түрдүү маанилерди билгизе алат:

1). Жогоруда көрсөтүлгөндөй, негизинен таандык мүчө уланган сөз билдирген заттын үч жактын биринде ги затка таандык экендигин билдирет: Тили кырмээге келбей, колу, буту селейип, сүрөттөн бетер мелтиреди (Т.С.). Аны күрөөлдүү элибиз кура баштайт. (Т.С.).

2). Таандык мүчөлөр айрым бир жалпыланган маанидеги зат атоочторго (мекен, эл, өлкө, жер, талаа, мамлекет, Ата журт ж.б.) уланганда, ээленүүчү заттын ээлөөчү жакка таандык экендигин билдирүүгө караганда, көбүнчө ээлөөчү жактын ээленүүчү затка тиешелүү экендигин түшүндүрөт. Мисалы, аягына I жакка таандык мүчө жалганган мекеним, өлкөм, элим деген сөздөр мекендин, өлкөнүн, элдин I жактагы бир адамга таандык экендигин билгизип турган жок. Себеби бул өндүү кеңири маанидеги заттар жеке кишинин менчиги болө албайт. Бул жерде, тескерисинче, мекенге, өлкөгө, элге тиешелүү экендигин түшүндүрүп турат! Анткени бул сөздөр билдирген түшүнүктөр өзүнүн семантикасы боюнча бир гана кишиге таандык болуп айтылбайт, алар бүтүндөй журтка, калкка тиешелүү. Ошол себептүү мекеним – мен тиешелүү болгон мекен, өлкөм – мен тиешелүү болгон өлкө, элим – мен өкүлү болгон эл деген сыяктуу маанини түшүндүрүп турат.

Кош, касиеттүү Ата конушум! (Т.С.).

– Сөзүмдү кайра аламын жер-энем! (Ч.А.).

– Кош, биринчи мугалимим, кош, биринчи мектебим... (Ч.А.). Менин өлкөм бай өлкө (ыр). Мекеним – кең Тянь-Шань чадкып турган (ыр).

3) Эркелетүү маниси ндеги зат атоочторго I жакка таандык жекелик түрүнүн мүчөсү жалганганда, конкреттүү таандык маанисинен алыстап, көбүнчө ал затты өзүнө жакындатуу маанисин берип, эркелетип жакшы көргөндүктү, урматтагандыкты түшүндүрөт: Садагаларым, алтындарым! Эми ырысыңар болуп мен аман турғай элем (К.Б.). Жалгызым, секетим, эч кимге сени 61 краа көрбейм!... (Ч.А.).

– Кош, Алтынай! Кош, чырагым! деп кыйкырды ал. – кош, кагылайын агайым! – дедим мен (Ч.А.). – Балакетинди алайын шукшур бүркүтүм ий, эң эле кызыл камчысы, ээ ! ... (Т.С.).

Жамийла, менин алтын Жамийлам, сен кеткенде башыңды бийик көтөрүп, кылчайбай, тайманбай кең талаа менен кеткенсиң.(Ч.А.). (бул Сейиттин сөзү.).

Бир катар тактоочтук маанидеги сөз айкаштарынын, сөздөрдүн жана айрым бир ат атоочтордун аягындагы III жактын таандык формасы өзүнүн таандыкты билгизүү маанисинен ажырап, ошол сөздөр менен тыгыз байланышып, алардын ажырагыс бир бөлүгү болуп калган: буд күнү, ошо күнү, күндүзү, өгүнү; мунусу, тигиниси, ошонусу, кимиси (буларда таандык -ы кабатталып уланган).

ЖАЛПЫ ТААНДЫК МҮЧӨ.

Жалпы таандыкты көрсөтүүчү мүчө -ныкы. Уланган сөзүнүн аягындагы үндүү, үнсүз тыбыштардын артикуляциялык өзгөчөлүгүнө карай мүчөнүн башындагы үнсүз н тыбышы д,т тыбыштарына өтүп, үндүү ы тыбышы и,у,ү тыбыштарына өтүп айтылып, 12 вариантта колдонулат (бала-ныкы, кой-дуку, өтүк-түкү ж.б.).

Тарыхый жагынан бул мүчө илик жөндөмөнүн -нын жана сөз жасоочу -кы мүчөсүнүн кошулуп айтылышынан түзүлгөн: нын+кы=ныкы -иликтин мүчөсүнүн алккы н тыбышы кыскарып калган. Салыштыр. түркчө: бабанинки (баба-нин-ки), сенiки (сен-ин-ки),

Буга чейин белгилегендей, жакчыл таандык мүчөлөр уланган зат атоочтор бир эле мезгилде өзгөчүү затты да, өзгөчү жакты да жана алардын сандык маанисин да (жекелик же көптүк санда экендигин) билдирет. Мисалы: китебим -өзгөчүү зат китеп, өзгөчү жак - жекелик сандагы I жак (мен); дептериңер-өзгөчүү зат дептер, өзгөчү жак - көптүк сандагы II жак (силер). Жакты, сандык маанини билдире албайт. Ал тек гана таандык маанинин бар экендигин туюндурат. Мисалы: меники, колхоздуку, десек, кандайдыр бир заттын I жакка жана колхозго таандык экендигин , б.а. өзгөчү жакты билдирип турат, бирок ага эмне, кандай зат таандык болору билинбейт, ши кылып кандайдыр бир нерсенин таандык экендигин гана билдирет.

Жалпы таандык мүчө болбо

← Маани жагынан болгон ушул өзгөчөлүгүнө карай бул форма (-ныкы) жалпы (абстракттуу) таандык мүчө деп аталат. Жалпы таандыкта көрсөткүчтүү нерсе сүйлөмдө ошол затты билдирүүчү сөздү кошуп айтуу аркылуу же жалпы эле сүйлөмдүн мазмунунан белгилүү болот. Мисалы: Бул карагай өзүмдүкү (Т.С.). Кечиксең атамдыкына кетип калам (Т.С.). Кийинки сүйлөмдө көрсөткүчтүү нерсе үй деген зат экендиги контекстен белгилүү болуп турат. Жогоруда белгиленгендей, жалпы таандык -ныкы мүчөсү, жакчыл таандык мүчөлөр сыяктанып, жакты жана сандык маанини билгизе албайт. Бул мүчө уланган сөздүн кайсы жактык жана сандык мааниде экендиги ошол сөздүн өзү билдирип турган жактык жана сандык маанилерге ылайык аныкталат. Мисалы: мен(I жак, жекелик сан)—меники (I жакка, жекелик санга таандык), сен (II жак, жекелик сан) —сеники (II жакка, жекелик санга таандык), силер (II жак, көптүк сан)—силердики (II жакка, көптүк санга таандык). Жалпы таандык мүчө жакчыл таандыктан дагы төмөнкү белгилери боюнча айырмаланат:

1) Жакчыл таандык мүчөлөр негизинен зат атоочторго жана заттык маанидеги башка сөздөргө гана жалганат, I,II жактагы жактама ат атоочторго жалганбайт. Көбүнчө суроо-жооп ирээтинде айтылган сүйлөмдөрдө мен, ал ат атоочторуна II жактын таандык мүчөсү -ың уланып айтылышы мүмкүн:

Түн ортосу. Бир убакта эшик катуу такылдады.

- Бу ким? -Мен, апа, эшикти ачыңыз!

- Менин ким? Же: аның ким? деп да айтылат.

Жалпы таандык мүчө зат атоочторго гана эмес, I,II,III жактагы ат атоочторго да эркин жалгана берет. мектептики, байге-женгендики; меники, сеники, аныкы, биздики, силердики, сиздердики. Башкача айтканда, бул мүчөнүн колдонулуу чөйрөсү кенири:

2) Жакчыл таандык мүчөнүн ар бири өзү тиешелүү болгон конкреттүү бир жактын гана грамматикалык формасы болуп эсептелинет: I жак -ым, -ыбыз; II жак -ың, -ыңар, -ыңыз.., III жак -ы, -сы.

Ал эми -ныкы формасы үч жактын үчөөнө тең бирдей улана берет: биздики, сеники, аныкы.

3), -ныкы формасы жакчыл таандык мүчөдөн кийин да жалгана алат: китеп иниңдики, апапка эжемдики.

4), I,II жактын жекелик түрүнүн таандык мүчөсү уланган сөздөрдүн жөндөлүшүнөн айрмаланып, -ныкы формасындагы зат атоочтор Шжактын -ы формасындагы зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт:

Салыштыр:

А.	атым	атың	аты	баланыкы
И.	атамдын	атыңдын	атымын	баланыкынын
Б.	атыма,	атыңа	атына	баланыкына
Т.	атымды	атыңды	атын	баланыкын
Ж.	атымда	атыңда	атында	баланыкында
Ч.	атымдан	атыңдан	атынан	баланыкынан

ТААНДЫК МААНИНИН МОРФОЛОГИЯЛЫК - СИНТАКСИСТТИК ЖОЛ МЕНЕН БЕРИЛИШИ.

Мында таандык маани илик жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен таандык формадагы зат атоочтордун айкашып айтылышы аркылуу берилет: Менин уулум, сенин уулуң, мектептин имараты.
Бул жерде келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, таандык маани, биринчиден, морфологиялык каражаттардын (-ум, уң, -ы) жардамы менен, экинчиден, синтаксисттик каражаттардын жардамы менен, башкача айтканда иликтеги менин, сенин, мектептин деген аныктоочтордун жардамы аркылуу берилип жатат. Ушунтип, мында, бир жагынан морфологиялык жолдун, (экинчи чегинчек, синтаксистик жолдун) белгилери болгондуктан, бул жол морфологиялык - синтаксисттик жол деп аталат.

Таандык маанини морфологиялык жол менен берүүдө жакчыл таандык мүчө уланган бир эле сөз таандык болуучу затты да жана ээлөөчү жакты да билгизсе (атым, атың, атабыз), таандык маанинин морфологиялык-синтаксисттик жол менен берилишинде

ээлеечү жак менен ээленүүчү зат эки башка сөз менен белгиленип, өз ара аныктоочтук сөз айкашын түзүшөт. Андай сөз айкаштарынын биринчи түгөйү (компоненти) ээлеечү жакты, экинчиси ээленүүчү затты билдирет. Мындай аныктоочтук сөз айкаштарынын биринчи сөзү илик жөндөмөдөгү жактама ат атоочтордон, зат атоочтордон, заттанган башка сөздөрдөн, атоочтук жана кыймыл атоочтордон болот, экинчи түгөйү катары тиешелүү таандык формадагы жалпы зат атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор, заттык маанидеги башка сөздөр пайдаланылат. Морфологиялык-синтаксистик жол менен таандык маани өтө так жана ачык туюндурулат: менин кемседим, сиздердин үйүңөр, окуучунун күнделүгү, жакшынын шарапаты, күлгөндүн бийгеси бар, чөп чабуунун жүрүшү. Бул келтирилген мисалдардагы илик жөндөмөдөгү биринчи сөзү ээлеечү жакты, жакчыл таандык формадагы экинчи сөзү ээленүүчү затты билдирет.

Таандык маанини морфологиялык-синтаксистик жол менен берүүдө ушулган аныктоочтук айкаштын биринчи түгөйүнө жалганган илик жөндөмөнүн мүчөсү көпчүлүк учурда сакталып айтылат, кээде түшүп да калат. Негизинен төмөнкү учурда сакталат:

1). Эгерде ээленүүчү заттын кимге, эмнеге таандык экендигин ачык жана баса көрсөтүү керек болсо: окуучунун китеби, колхоздун малы, теректин жалбырагы.

2). Жакшы Таандык маанидеги айкаштын биринчи түгөйү жактама ат атоочтордон болсо: менин иним, сенин кийимиң, сиздердин айлыңар.

3). Биринчи түгөйү энчилүү аттардан болсо; көбүнчө мүчөлүү айтылат: Садыйдын китеби, Осмондун бригадасы, Керимдин үйү, Бишкектин көчөлөрү, Шабдандын айылы. Бирок иликтеги энчилүү ат конкреттүү ээлеечүнү билдирбей, таандык формадагы ээленүүчү затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалоочу белги катары колдонулса, же болбосо ээленүүчү зат конкреттүү затты эмес, жалпыланган түшүнүктү билдирип турса, иликтин мүчөсү түшүрүлүп айтылат:

Тилекмат айылы, Сулайман тоосу; Сатыбалды уулу, Канай уулу. Бул мисалдарда айылдын, тоонун түздөн-түз, конкреттүү түрдө Тилекматка, Сулайманга таандык экендигин билгизбестен,ошол тоону башка айылдардан, башка тоолордон ажыратып, айырмалап көрсөтүп турат. Сатыбалды уулу, Канай уулу деген айкаштардагы уулу деген баласы деген конкреттүү мааниде эмес, бир атадан тараган балдарды тундурган жалпылама мааниде. Ошол себептүү бул айкаштын тутумунда конкреттүү ээдөөчү жак жана конкреттүү ээленүүчү зат жок. Бул жерде Сатыбалды, Канай деген сөздөр бир атанын балдарын башка уруктардан айырмалоочу белгилик маанини берип турат.

4) Биринчи же экинчи түрөйү субстантивдешкен сын атооч, атоочтуктардан же сан атооч, кыймыл атоочтордон болсо да иликтин мүчөсү сактадат: Бергенин алган – жамандын иши, жегенин кускан – чабалдын иши (макал) . Көргөндүн көөнү төөт. Эгин тапшыруунун планы орундалды. Жыйырманын жарымы – он. Телевизордун жакшысы,мугалимдин айтканы; Тамырдын кагуусу начар ("ЛК"). Келгендердин он экиси жаш балдар экен.

5) Таандык маанидеги айкаштын илик жөндөмөдөгү биринчи түрөйүнө тиешелүү аныктоочу болсо, иликтин мүчөсү сактадат: Салыштыр: мектеп багы – жаңы мектептин багы, колхоз талаасы–биздин колхоздун талаасы, түлкү териси – кызыл түлкүнүн териси, мекеме башчысы – чоң мекеменин башчысы.

6) Таандык формадагы экинчи түрөйү тургандык, жолдоштук маанидеги сөздөрдөн болсо, иликтеги биринчи түрөйү мүчөлүү айтылат: куданын уулу, келиндин эжеси, кыздын иниси, кудачанын жээни, жигиттин жолдошу.

Таандык маанидеги аныктоочтук айкаштын илик жөндөмөдөгү биринчи түрөйү көбүнчө төмөнкү учурларда мүчөсүз айтылат жана маани жагынан айрым тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар.

I). Эселенүүчү заттын кимге, эмнеге тиешелүү экендиги конкреттүү түрдө эмес, жалпыланган мүнөздө түшүнүгөт. Салыштыр: мектептин окуучусу - мектеп окуучусу, колхоздун малы - колхоз малы, шаардын калкы - шаар калкы; булбул үнү, будак суусу, кой жүнү. Мектеп мугалимдеринин бул таймашы талапка ылайык өттү (ЖТ"). Улам жакындаган сайын музыка үнү таптак угула баштады (Т.С.). Өргөө эшигине кыралдуу эки күзөтчү түнү бою тик турушат(Т.Кас).

2). Иликтеги биринчи компоненту түгөйү кийинки компонентти өзүнө окшош башка заттардан айырмалап туруучу белги катары кызмат кылса да, мүчөсүз айтылат. Мындай учурда андай сөздөр иликтин суроосунан башка кайсы? деген суроого да жооп берет: мектеп бадары, Жантөшев көчөсү, жаштар багы, кыргыз адабияты, нан заводу, тил мугалими, жемиш бактары. Шаар багынын дал орто жеринде "Ударник" кинотеатры (К.Б.). Команда колхоз кыштагына келишти // (Т.С.).

Бул сөз айкаштарынын биринчи компоненттери кийинки аныкталып турган заттарды өзүнө окшош башка заттардан айырмалап турат. Көпчүлүк учурда таандык маанидеги сөз айкаштарынын экинчи түгөйүнүн аягындагы таандык мүчө түшүп калып айтылат. Мындай учурда аныш илик көндөмөдөгү биринчи түгөйү биз, силер, сиз, өзүбүз деген ат атоочтордон болот. Маани жагынан мындай структурадагы айкаштын тутумундагы мончиктелүүчү заттын бирөөгө таандык экендиги конкреттүү жана баса белгиленбей, жалпы планда көрсөтүлөт.

Салыштыр: биздин бригадабыз - биздин бригада, сиздин үйүңүз - ~~сиздин~~ сиздин үй, силердин малыңар - силердин мал. Ай, кандай эле эл камын көргөн биздин өкмөт өз сурагын бузсун (Т.С.). - Эне, ал бизге өзүбүздүн Самтыр эмеспи (Т.С.).

Таандык маанидеги сөз айкаштарынын биринчи түгөйүнө иликтин мүчөсү уланып, айтылганда, ал экинчи түгөй менен жаңаша да, же арасына бир нече сөз кошулуп айтылып, обочо да жайгаша берет. Компоненттери бири-биринен обочо жайгашканда, алардын ортосундагы синтаксисттик байланыш бузулуп кетпейт. Себеби компоненттерине жалганган иликтин мүчөсү менен таандык форма аркылуу алар грамматикалык жана семантикалык жактан өз ара бекем тутумдашкан болот: Ошол жылы күздө МТСте трактористтердин үч айлык курсу ачылды (К.Б.). Сырттык баланын бул кебине Эшендин жүрөгү титиреген (Т.С.).

Илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калганда, сөз айкашынын биринчи түгөйү менен экинчи түйгөйү дайыма жаңаша жайгашат. Мындай учурда алардын компоненттери бири-бир менен мүчөсүз айтылган илик жөндөмөнү, таандык форма жана компоненттеринин орун тартиби аркылуу (жаңаша орун алышы аркылуу) өз ара тыгыз байланышкан болот. Эгерде алардын арасына бир же бир нече сөздү кошуп айтсак, ортосундагы синтаксисттик байланыш бузулат. Мисалы: айыл мектеби, кыш мезгили дегендерди айыл жаны мектеби, кыш суук мезгили деп айтууга болбойт, антсек - компоненттер арасындагы байланыш бузулат. Байланышты калыбына келтирүү үчүн же биринчи компоненттерине жөндөмөнүн мүчөсүн жалгап айтуу керек (айылдын жаны мектеби, кыштын суук мезгили), же биринчи, экинчи компоненттин жаңаша жайгаштыруу керек: айылдын мектеби, кыш мезгили.

Ошондой эле, бул сыяктуу конструкциянын экинчи компонентинин алгындагы III жактын таандык мүчөсү да эки компонентти өз ара данакерлештирүүчү элемент катары кызмат кылат. Эгерде ал мүчөнү алып таштасак, компоненттеринин ортосундагы байланыш бузулат. Мисалы: айыл мектеп, кыш мезгил, Чүй талаа, Ош шаар.

Демек, таандык маанидеги сөз айкаштарынын түгөйлөрүн өз ара байланыштырууда илик көндөмөнүн мүчөсү, таандык форма, ал эми биринчи түгөйү мүчөсүз айтылса, компоненттеринин орун тартиби (жанаша орун алышы) жана экинчи компонентине жалганган Ш жактын таандык формасы негизги кызматты аткарат.

Биринчи компоненти иликтин мүчөсүз айтылган бир катар сөз айкаштарынын түгөйлөрү маани жагынан жана грамматикалык жактан өз ара өтө тыгыз байланышып, синтаксисттик ажырагыс сөз тизмегине айланып кеткен. Эгерде алардын компоненттеринин бири экинчисинен ажыратылса, бирдиктүү мааниси бузулат, компоненттеринин семантикасы начарлай түшөт. Ошондуктан бул өндүү айкаштардын түгөйлөрү синтаксисттик жагынан айрым-айрым талданбастан, сүйлөмдүн бир татаал мүчөсү катары каралат: шаар калкы, тоо бүркүтү, Нарын суусу, Каракол шаары, айыл адамдары, Сулайман тоосу, тыт жыгачы, сымап кени, жаңгак токою. Токой канаттуулары бутактан бутакка сайран куруп учуп жүрө беришет (Т.С.). Ала тоолук кыргыз элинен жалындуу салам! (Т.С.). Мен бир деңиз түбүндө өз күнүмдү көргөн жаныбармын (Т.С.). Самтырдын чакырылып кетишине айыл адамдары кооптуу (Т.С.). Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын айрымдары тилдин өсүш процессинде структуралык жана семантикалык жактан улам ширелишип, олтуруп, татаал сөздөргө өтө жакындашып кеткен, же татаал сөзгө өтүп кеткен: балдар бакчасы, төрөт үйү, сүйлөм мүчөсү, сөз мүчөсү, он башы, жүз башы, миң башы.

Айрым сөздөрдүн тутумундагы мүчө сыртқы түрү жактан Ш жактын таандык мүчөсү болгону менен, өзүнүн таандык маанисин жоготуп, кээ бир тактоочтордун, мезгилдик маанидеги сөз айкаштарынын, ат атоочтордун тутумунда сенек форма катары, алардын составдык элементи катары сакталып калган: жайы-кышы, кечээ күнү, күндүзү, түндөсү, бир күнү, бая күнү, эртеси, мурда күнү, акыры, эң алды, бүгүн түнү, ушул жолу; ар бири, ар кимиси, өзү, ар кайсы, эмнеси.

ЖАК КАТЕГОРИЯСЫ.

Жак категориясы зат атооч менен этиштин негизги грамматикалык категориясынын бири. Адам баласы өз ара пикир алышууда бир нече киши катышат. Алардын бири – сүйлөөчү жак, калгандары угуучу тарап болот. Сүйлөшүүдө сөз анга эмеге катышпаган адамдар жөнүндө же башка бир нерселер жөнүндө боло берет. Таандык категориясындагыдай, жак категориясында да үч түрлүү жак болот. Сүйлөөчү киши жана ал тараптагылар – I жакты, сөздү угуучу адам жана ал тараптагылар – II жакты, анга эмеге катышпаган, бирок ал (алар) жөнүндө сөз жүрүп жаткан адамдар же башка заттар III жакты билдирет.

Ар бир жактын өзүнө тиешелүү жак мүчөлөрү бар. Алар жакты билдирүү менен бирге, бир эле учурда сандык өзгөчөлүктөрдү (жекелик жана көптүк түрдү) да туюндурат. Жак категориясы боюнча зат атоочтор да, этиштер да өзгөрө берет. Жак мүчөлөрү сыртқы түрү жагынан экиге бөлүнөт: жак мүчөлөрдүн толук түрү, жак мүчөлөрдүн толук эмес түрү.

толук жак мүчөлөрү

Жекелик түрү.

I жак: -мын, -мин, -мун, -мүн;

II жак, жөнөкөй жайынча форма: -сың, -сиң, -суң, -сүң;

II жак, сылык форма: -сыз, -сиз, -суз, -сүз;

III жак: мүчөсү жок (ал окуучу); (этиштин айкын келерчагы менен учурчактан кийин -т: ал келе-т, ал ишке кетүүчү-т).

Көптүк түрү.

I жак: -быз, -биз, -буз, -бүз, -пыз, -пиз, -пуз, -пүз;

II жак, жөнөкөй жайынча форма: -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр;

II жак, сылык форма: -сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр;

III жак: мүчөсү жок (алар окуучу); (Айкын келерчак менен учурчактан кийин -т: Алар келише-т, алар ишке кетүүчө-т).

6-§. Толук эмес жак мүчөлөр.

Жекелик түрү.

I жак: -м;
II жак, кенекей форма: -н;
II жак, сылык форма: -ңыз;
III жак: мүчөсү жок. Бирок этиштин айкын келер чагы менен учур чактан кийин -т (ал келе -т, ал иштеп жата -т).

Көптүк түрү.

I жак: - к;
II жак, кенекей форма: -ңар;
II жак сылык форма: -ңыздар;
III жак: мүчөсү жок. Бирок айкын келер чак менен учур чактан кийин -т; (алар келише - т, алар иштеп жатыша -т).

Жак мүчөлөрүнүн эки түрүнүн толук жак мүчөлөрү негизинен адамдарга байланыштуу зат атоочторго, айрым сын атоочторго, кээ бир сан атоочторго, I,II жактагы жактама ат атоочторго жалганат: мен жумушчумун, мен кайраттуусуң, Сиз тизмеде алтынчысыз. Бул иштин негизги аткаруучулары бизбиз. Кечээ сиздикине телефон чалган менмин. Толук эмес жак мүчөлөр этиштерге уланат, бирок бир катар формалары толук жак мүчөлөр менен да өзгөрөт.

Толук жак мүчө этиштин төмөнкү формаларынан жалганат: өткөн чактын -ган, -ып, (-ынтыр), -чу формаларынан кийин (жазганмын//жазгам, алыпсың, алыптырсың, барчубуз), арсар келер чактын -ар формасынан кийин (барарсың), ниет мынайдын -мак формасынан кийин (окумакмын), айкын келер чактан кийин (барамын// барам), учур чактан кийин (окуп жатабыз//окуп жатамын//окуп жатам).

Толук эмес жак мүчөлөр болсо этиштин төмөнкү формаларынан кийин уланат: шарттуу ыңгайдын -са мүчөсүнөн кийин (барса-м, келсе -д), өткөн чактын -ды мүчөсүнөн кийин (ырдады - м), тилек ыңгайдан кийин (баргай эле - д). Жогорку таблицадан көрүнүп тургандай:

1) Атооч сөздөр I,II жакта атайын мүчөлөр менен жакталат, III жакка тиешелүү мүчөсү жок. Этиштин бир катар формаларында да, мисалы, этиштин өткөн чактарында, арсар келер чакта, ниет ыңгайда, III жакка тиешелүү жак мүчө жок (ал келген, ал окуптур, ал алмак). Ал эми учур чагы менен айкын келер чагында III жакка тиешелүү атайын -т жак мүчөсү бар (ал келе-т, ал иштеп жата-т).

2) Атоочтуктарга дайыма толук мүчө жалганса, этиштердин бир катар формаларында толук жак мүчө, айрымдарына толук эмес жак мүчө, кээ бирөөлөрүнө эки түрү тең улана берет (барыптырмын, көрдүм, барган - мын//барга-м, көрө-мүн//көр-м, иштеп жүрөмүн//иштеп жүрө-м). Этиштердин жакталышы жөнүндө толук маалымат "Этиш" бөлүмүндө берилет.

3) Этиштин айрым формаларына гана (шарттуу ыңгай менен айкын өткөн жакын чактын I жак көптүк түрү) жалгана турган, бирок атоочторго уланбай турган жак мүчөлөрү да бар (-к): биз келсе - к, биз окуду-к.

Кыргыз тилинде жана башка түрк тилинде жак мүчөлөр чыгышы жагынан бирдей эмес. Көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча I,II жакта -мын, -сын, -сыз, -быз деген жактама ат атоочтордон келип чыккан. Бул ат атоочтор жак мүчөгө өтүүдө айрым тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болуп (е→ы га өтүп), бардык аффикстер сыяктуу эле бир нече тыбыштык варианттарга ээ болгон жана өз бетинчелик басымын жоготкон. Жакт уландылардын жактама ат атоочтордон

1) Дмитриев Н.К. К истории афроазиатских сказуемостей. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, ч.2, М., 1956, 5-б.

келип чыгышына байыркы орхон-енисей жазмасында толук жак мүчөлөр менен катар кээде жактама ат атоочтордун да жак мүчөлүк функцияда колдонула бериши ачык далил боло алат. Мисалы: Иттиг уры огул үчүн тике бертимиз (Енис.48)- Жети уулум үчүн (эстелик) тиктик (орноттук). Бирок : Бутайымыз умай бег биз (Енис.28)-Бу атыбыз Умай бекпиз. Ошондой эле: Кыркыз оглы мен (Енис.47). - Кыргыз уулумун. Арык ок сен, ачсык, тосык емез сен (Күл - Тегин (кичине жазуу), 8) - "Арык, ачка болсоң да, токчулуктун себебин билбейсиң" деген мааниде).

Демек, байыркы түрк тилинде жактама ат атоочтордун негизинде жак уландыларынын түзүлүп чыгышы толук бүтө элек болучу. Азыркы түрк тилдеринде бул процесс толук аяктаган. Азыркы тува тилинде гана I,II жакта жактама

I. Дмитриев Н.К. истории аффиксов сказуемости. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, ч.2, 5 -сет. М., 1956.,

Ат атоочтордун жак мүчөнүн мидлетинде колдонулушу сакталган: мен олур мен (мен отурамын), сен олур сен, сиз олур сиз, биз олур бис (биз олтурабыз), силер олур силер [1]

Толук жак мүчөнүн II жак көптүк түрү тарыхый жагынан татаал мүчөлөр: -сыңар < -сың + (л)ар, -сыздар < -сыз + дар. Ушуну менен бирге I,II жактын толук эмес жак мүчөлөрү -м, -ң да мен, сен деген жактама ат атоочтордун тыбыштык жагынан кыскарууга, өзгөрүүгө учурашынын натыйжасында пайда болгон: -м < м(ен), -ң < (се)н -мында ен,се деген бөлүктөрү кыскарып кеткен, сен ат атоочунун аягындагы н тыбыш ң ге өткөн.

Кыргыз тилинде толук эмес жак мүчөнүн III жагынын -т мүчөсү (айкын келер чак менен учур чакта колдонулат) "тур" деген этиштин атоочтук формасы "турур" дун тыбыштык кыскарууусунан келип чыккан. Мисалы, байыркы уйгур тилинде: Бу таш ертинү агыр турур ("Золотой блеск", I.8)-Бу таш өтө оор. III жактын -т мүчөсү азыркы көз бир түрк тилдеринде -дыр, -ды болуп толугурбай формада сакталса (түрк. йазмакта-дыр -ал жазып жатат, каз бара-ды), кыргызча -т эле болуп калган (-т < т(урур), татар, башкыр тилдеринде сакталбаган (тат. бара. башк.ала).

---

[1] Исхаков Ф.Г., Пальмбах А.А. Грамматика тувинского языка, Фонетика и морфология, М., 1961, 360 -б.

Толук эмес жак мүчөнүн I жак көптүк түрүнүн -к мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө такталган пикир жок. Байыркы түрк тилинде атоочтуктун -дык формасы болгон: бардук ийирде (Күл-Тегин, чоң жазма, 24)-барган жерде; Магы Курган кыштадукда йут болты (Могулян эстелиги, 31)- Магы Коргондо кыштаганда жут болду.

Айрым окумуштуулар кыргыз тилиндеги Iжак көптүк түрүнүн -к мүчөсү атоочтуктун ошол байыркы -дык мүчөсүнүн тыбыштык жактан кыскаруусунан келип чыккан болуш керек деген пикирди айтышат [1] : -к ⟨ -(ды)к — барды-к, келди-к.

Толук эмес жак мүчөнүн II жагынын мүчөлөрү составы жагынан татаал (эки-үч бөлүктөн турат): -ңыз ⟨ -ң +ыз-байыркы көптүк мүчө; -ңар ⟨ -ң +ар -азыркы көптүк -лар мүчөсү; -ңыздар -ң+ыз+дар -байыркы жана азыркы көптүк мүчөлөр.

Айрым жак уландылар сырткы түрү жагынан таандык мүчөлөргө окшош келет. Бирок алар түзүлүшү маанисин боюнча жана басым боюнча бири-биринен айрымаланып турат. Тактап айтканда, жак мүчөлөр басымсыз айтылса, таандык мүчөлөр дайыма басым менен айтылат.

Салыштыр: Мен жазды - м — менин ата-м; биз бала́-быз-биздин бала-быз; сен жазды-ң-сенин ата-ң; сиз ат-ыңыз - сиздин ат-ыңыз; силер жазды-ңар - силердин ата - ңар; сиздер жаз - ды-ңыздар - сиздердин ата - ңыздар.

---

[1] С.Кудайбергенов. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы, Фрунзе, 1957, 78-б.

Адатта,зат атоочтор, айрым башка атооч сөздөр жана этиштер сүйлөмдүн баяндоочу болуп умтулуш үчүн аларга тиешелүү жак мүчөлөр уланып айтылышы керек. Ошол өзгөчөлүгүнө карай алар айрым илимий адабияттарда баяндоочтук мүчө (аффикси сказуемости) деп да аталат. Анын жак жана сан жагынан болгон өзгөчөлүгүнө карай баяндоочуна да тиешелүү жак мүчөлөрү жалганып, аны өө менен жак, сан боюнча тыгыз байланыштырып турат. Мисалы: Мен колхоздо малчымын. Силер жылдык планды мөөнөтүнөн мурда аткардыңар деген сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун аягындагы жак мүчөлөрүн алып таштасак.(Мен колхоздо мал... Силер жылдык планды мөөнөтүнөн мурда аткарды...), баяндоочтору толук умтулбай, өө менен баяндоочтун ортосундагы синтаксистик байланыш бузулуп, сүйлөм аяктуу маани бере албай калат.

Жак мүчөлөр атоош сөздөргө жалганганда, аянын кимдигин, эмнелигин, ар кандай белгисин билдирет:мен окуучумун, сен жатсың. Эгерде этишке уланса, кыймыл-аракеттин кайсы жак (субъект) тарабынан аткарылгандыгын туюндурат: Азыр ошого барабыз, жер (биз) (А.Т.). Атаң менен жолуктурамын (мен) (А.Т.).

Ушинтип, уланган сөздү туюндурган заттын, белгинин, кыймыл-аракеттин ээге (субъектиге) карата болгон мамилесин билдирген мүчөлөр жак мүчөлөр деп аталат.Сөздөрдүн жак мүчөлөр менен өзгөрүшү жакталыш деп аталат. Жак мүчөлөр эки түрдүү грамматикалык маанige ээ: биринчиден, уланган сөзүнүн кайсы жакка тиешелүүлүгүн билдирсе, экинчиден, алардын ар бири (III жактын -т мүчөсүнөн башкалары) сандык өзгөчөлүктөрдү (жекелик, көптүк санды)да туюндурат: инженер – мин (Iжак, жекелик сан), жакшы иштеди – нер (II жак, көптүк сан).

инженер-сиздер (II жак, көптүк сан),

Жак мүчөлөр маани жагынан бири-биринен белгилүү бир даражада айырмаланып турат.

I, жактын жекелик, көптүк мүчөсү сүйлөөчүнүн же сүйлөөчү менен анын тобундагылардын кимдигин, белгисин же кыймыл-аракетин билдирет (мен жумушчумун, биз жумушчубуз; мен жаздым, биз жаздык); II жактын жекелик жана көптүк мүчөсү тыңдоочунун же тыңдоочулардын, тыңдоочу тараптагылардын баарынын ким экендигин, белгисин же кыймыл-аракетин түюндурат (сен студентсин, сен назиксиң, силер студентсинер; сен жаздың, силер жаздыңар); III жак сөзгө катышпаган жактын же сөзгө катышпагандардын бүткүл тобунун кимдигин, эмнелигин, белгисин же кыймыл-аракетин билдирет (ал - окуучу, алар окуучулар, ал каарман; ал келе - т, алар келише -т).

Мындан тышкары II жактын көптүк түрүнүн -сыңар мүчөсү кээде көп кишинин эмес, бир эле кишинин кыймыл-аракетин сылык түрдө түюндуруу үчүн колдонулуп калат. Мындай учурда анын сылыктык мааниси жалпы контекстен белгилүү болуп турат: Кечээги чогулушка катыштыңарбы? (Кечээги чогулушка катыштыңызбы? деген мааниде). Бул ишке өзүңөр күнөөлүүсүңөр. (Бул ишке өзүңүз күнөөлүүсүз деген мааниде). I жана II жактын мүчөлөрү адамдарга карата гана колдонулат (колхозчумун, колхозчусуз, колхозчусуңар, барамын , бардың), III жак болсо адамдарга жана башка жандуу, жансыз заттарга колдонула берет: Керим бүгүн келет. Аркарлар бийик бетте жайылып жүрөт. Апрелде көп айдоо толук бүтөт.

Жогоруда айтылгандардан тышкары II жактын жекелик түрүнүн -сың мүчөсү айрым учурларда кыймыл-аракеттин конкреттүү II жакка тиешелүүлүгүн эмес, үч жакка тең бирдей тиешелүү экендигин билдирет.

Жак мүчөлөр маани жагынан бири-бирине белгилүү бир даражада айырмаланып турат.

I, жактын жекелик, көптүк мүчөсү сүйлөөчүнүн же сүйлөөчү менен анын тобундагылардын кимдигин, белгисин же кыймыл-аракетин билдирет (мен жумушчумун, биз жумушчубуз; мен жаздым, биз жаздык); II жактын жекелик жана көптүк мүчөсү тыңдоочунун же тыңдоочулардын, тыңдоочу тараптагылардын баарынын ким экендигин, белгисин же кыймыл-аракетин түрдүрат (сен студентсиң, сен назиксиң, силер студентсиңер; сен жаздың, силер жаздыңар); III жак сөзгө катышпаган жактын же сөзгө катышпагандардын бүткүл тобунун кимдигин, эмнелигин, белгисин же кыймыл-аракетин билдирет (ал - окуучу, алар окуучулар, ал каарман; ал келе - т, алар келише -т).

Мындан тышкары II жактын көптүк түрүнүн -сыңар мүчөсү кээде көп кишинин эмес, бир эле кишинин кыймыл-аракетин сылык түрдө түрндүрүү үчүн колдонулуп калат. Мындай учурда анын сылыктык мааниси жалпы контекстен белгилүү болуп турат: Кечээги чогулушка катыштыңарбы? (Кечээги чогулушка катыштыңызбы? деген мааниде). Бул ишке өзүңөр күнөөлүүсүңөр. (Бул ишке өзүңүз күнөөлүүсүз деген мааниде). I жана II жактын мүчөлөрү адамдарга карата гана колдонулат (колхозчумун, колхозчусуз, колхозчусуңар, барамын , бардың), III жак болсо адамдарга жана башка жандуу, жансыз заттарга колдонула берет: Керим бүгүн келет. Аркарлар бийик бетте жайылып жүрөт. Апрелде көп айдоо толуп бүтөт.

Жогоруда айтылгандардан тышкары II жактын жекелик түрүнүн -сың мүчөсү айрым учурларда кыймыл-аракеттин конкреттүү II жакка тиешелүүлүгүн эмес, үч жакка тең бирдей тиешелүү экендигин билдирет.

Мындай маани көбүнчө макал-лакаптар үчүн мүнөздүү: Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң. Эмгектен арыктасаң, түшүмүнө семиресиң. Башыңа иш түшсө, төбөң менен кудук казарсың (Макалдар). Арысланбаптын кооздугуна таң каласың ("КМ").

Ошондой эле III жактын -т мүчөсү да кээде кыймыл-аракеттин конкреттүү бир жакка тишелүүлүгүн эмес, жалпылыгын бардык жакка тишелүүлүгүн билдирет: Жаш кадырын карыгында билет. Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. Кушту салганына кубанбайт, алганына кубанат (Макалдар). Чүчүкту жылкынын казысынан жасайт. Жак уландылар төмөнкү формадагы сөздөргө жалганат:

I. Ушу же тууңду сөздөргө: чыбанмын, балбансың, окуучусуңар. кызматкерсиң.
2. Көптүк - формадагы сөздөргө: жүргүнчүлөрбүз, малчыларсыңар, жумушчуларсыздар.
3. Таандык формадагы сөздөргө: тарбиячымсың, окуучуларыбызсыңар, сыймыгыбызсың.
4. Жатыш жана чыгыш жөндөмөдөгү сөздөргө: жайлоодомун, шаардамын, айылдасың, Оштоомун, жыйырмадамын.

Жөндөмө КАТЕГОРИЯСЫ.

Зат атоочтор,башка атоочтор ~~атооч сөздөр~~ же заттык мааниде сөздөр ~~речибинде~~ сүйлөм ~~мүчесү катары~~ тургулукта келгенде, аларга дайыма тигил же бул жөндөмөнүн мүчесү жалганат да, уланган сөзүн өзүнөн кийинки сөз менен байланыштырып, зат атоочтун башка сөзгө карата болгон катышын билдирет. Мисалы: Бүгүн колхоздун малчылары жайлоого көчүштү деген сүйлөмдө илик жөндөмөдөгү колхоздун деген сөз аныктоочтук милдетти, барыш жөндөмөдөгү жайлоого деген сөз орун бышыктоочтук милдетти аткарып турат. Демек, бул мисалда жөндөмө мүчөлөр алды менен зат атоочтун синтаксистик функциясын билдирди, турат, экинчиден, "колхоздун" деген сөздүн аягындагы илик жөндөмөнүн —дун мүчесү уланган сөзүн өзүнөн кийинки "малчылары" деген сөз менен, "жайлоого" деген сөздүн аягындагы барыштын —го мүчесү жалганган сөзүн кийинки "көчүштү" деген этиш менен байланыштырып турат. Эгерде ал жөндөмө мүчөлөрдү (—дун, —го) алып таштасак, колхоз, жайлоо деген сөздөр менен байланышпай, синтаксисттик жактан белгилүү милдети аткара албай калар эле; үчүнчүдөн жогорку илик жөндөмө менен барыш жөндөмөнүн мүчесү уланган сөзүнүн кийинки "малчылары" деген зат атоочко жана "көчүштү" деген этишке карата болгон синтаксистик мамилени билдирип, таандык катышты жана орундук катышты, түзүндүрүп турат.

Демек, уланган сөзүн сөз айкашындагы же сүйлөмдөгү экинчи бир сөз менен байланыштырып, алардын ортосундагы синтаксистик катышты билдирүүчү мүчөлөр (жөндөмө мүчөлөр) деп аталат. Бир эле сөздүн жөндөмө мүчөлөрдүн бардыгы менен өзгөрүшү зат атоочтун жөндөлүшү болот.

Жөндөмө категориясы негизинен зат атоочко мүнөздүү, бирок андан тышкары ат атоочтор жана заттык мааниде колдонулган башка сөздөр да жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрө берет.

Түрк тилдеринде жөндөмөлөр сан жагынан бирдей эмес: кыргыз, алтай, татар, башкыр, азербайжан, түркмөн, түрк ж.б. тилдеринде – алтоо, казак, тува тилдеринде – жетөө, хакас, якут, чуваш тилдеринде – сегиз.

Жөндөмөлөрдүн сан жагынан ар түрдүү болушу негизинен төмөнкүдөй жагдайлар менен байланыштуу: адатта көпчүлүк жөндөмөлөрдүн көп маанини туюндурары белгилүү; айрым тилдерде андай маанилердин экөө-үчөө бир жөндөмө менен берилсе, айрымдарында ар бир мааниси өзүнчө жөндөмө менен берилет, натыйжада кээ бир тилде жөндөмөнүн саны азыраак болсо, экинчисинде көбүрөөк болуп калат. Мисалы: кыргыз тилинде "Китепти окуучуга бердим". "Ал шаарга кетти" деген сүйлөмдөрдөгү "окуучуга бердим" дегендеги об"ектилик маани, "шаарга кетти" дегендеги багыттык маани бир гана барыш жөндөмөсү аркылуу берилсе, тува, хакас тилдеринде мунун об"ектилик мааниси дательный падеж (барыш жөндөмө) аркылуу берилет. Якут тилиндеги орудийный падеждин (курал жөндөмө), совместный падеждин (биргелешүү жөндөмөсү) мааниси казак, хакас тилдеринде бир гана курал жөндөмөсү (орудийный, творительный падеж) аркылуу берилет. Якут тилиндеги сравнительный падеждин (салыштырма жөндөмө) мааниси кыргыз тилинде сын атоочтун салыштырма даражасы аркылуу берилет.

Баштык маал категориясынын түрлөрү (багыт көрсөтүү) аркылуу

ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮН МААНИСИ

Жөндөмө мүчөлөр менен негизинен зат атоочтор, андан тышкары ат атоочтор, субстантивдешкен сын атооч, сан атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор өзгөрөт. Жөндөмөлөрдүн туюндурган мааниси жөндөмө мүчөлөр жалганган сөздөрдүн жана ал сөздөр менен байланышкан кийинки сөздөрдүн лексикалык маанисине карай, ошондой эле сүйлөмдүн жалпы маанисине ~~карай~~ шайкеш аныкталат.

Атооч жөндөмө заттардын, көрүнүштүн, кубулуштун аталышын билгизет. Мунун өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр дайыма ким? эмне? деген суроолорго жооп берип, төмөнкүдөй түзүлүштө кездешет: унгу түрдө – үй, терек, кол, асман,

шамал, акыл, мөндүр;

туунду сөз түрүндө - койчу, кызматкер, сайма, сызгыч;

татаал сөз түрүндө- таш бака, туш кийиз, курт-кумурска, алп кара куш; таандык формада - иним, китебиң, атасы;

көптүк формада - окуучулар, жумушчулар, жылкылар.

Атооч жөндөмөдөгү сөз синтаксисттик жактан төмөнкүдөй милдеттерди аткарат:

1). Көбүнчө ээлик милдетти: ~~аткарат~~ Токтогул далайга чейин козголбой турду (А.Т.). Койчу элеңдеп тоодон түшүп келди (С.С.). Бир кезде атым тык токтой калды (К.Б.).

2). Баяндоочтук милдетти: Эмгек - акыл, эмгек - бакыт. ("КП"). Бул - Мурат жетим. (К.Б.).

3). Кээде атооч жөндөмөдөгү зат атооч экинчи бир зат атооч менен ыкташып байланышып, аныктоочтук милдетти да аткарат: Бурчта жалгыз жыгач кровать турат. (К.Б.). Тойчубек трайке кемселин даки куру менен курчанды (Ч.А.). Койчу жигит баккан малын айдап жөнөдү (К.Б.).

4). Каратма сөз катары колдонулат. Мындай учурда ал сүйлөм тутумундагы башка сөздөр менен синтаксисттик байланышта болбойт жана сүйлөм мүчесүнүн милдетин аткара албайт:

- О, Надежда байбиче, уулуңузду күлүп отуруп жөнөтүңүз (Т.С.). Менин кебимди да укпула, эжеке! (Т.С.).

- Ой, башкарма, токто ! (Т.С.).

5). Айрым учурда атама сүйлөм катары келет: Түн. Айлана каранғы (Ч.А.). Өрт! Суу чачкыла! Кийиз баскыла! (Т.К.).

Илик жөндөмө. Бул жөндөмөнүн негизги мааниси: кимдир-бирөөнүн, кандайдыр бир нерсенин кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет да, дайыма таандык формадагы зат атооч ~~менен~~, заттык маанидеги башка сөздөр ~~менен~~ жана атоочтук, кыймыл атоочтор менен айкашып айтылат; уюштуруучу мүчөсү -нын (варианттары менен):

Зууранын баласы, мектептин багы, булбулдун сайрагыны, самолеттун учуусу, материалдын кызылы.

Бул жөндөмөнүн мүчөсү орхон-енисей эстеликтеринин тилинде үндүүдөн кийин -ның, -нің, үнсүздөн кийин -ың, -ің түрүндө колдонулган: Чит йабаның (Чит йаба -ның) - чек аранын; бегің (бег-ің)-бектин.

Илик жөндөмөнүн мүчөсү азыркы түрк тилдеринин ичинен огуз тобундагы тилдерде да (азербайжан, түркмөн, түрк тилдеринде) үндүүдөн кийин -нын, -нин (-ның) түрүндө, үнсүздөн кийин -ын, -ин (-ың) түрүндө колдонулат. Кыпчак тобунан кирген кыргыз, казак, өзбек жана башка түрк тилдеринде болсо (көпчүлүк түрк тилдеринде) унгунун аягындагы үндүүдөн кийин да, үнсүздөн кийин да бир гана -нын, -нин, формасында (ар бир тилде ар түрдүү фонетикалык вариантта) колдонулат.

Сөзгө уланган илик жөндөмөнүн мүчөсү көпчүлүк учурда сакталып айтылат, кээде ар түрдүү жагдайга карай түшүрүлүп айтылып, кемускеде калат.

Негизинен төмөнкү учурларда сакталат:

I). Эгерде кандайдыр бир заттын конкреттүү бирөөгө, конкреттүү бир затка тиешелүү экендигин ачык, так жана баса көрсөтүү керек болсо: Султандын кол жазмасы, колхоздун малы, библиотеканын китеби, мектептин имараты.

Итике кечинде Жолбуновдун үйүндө болууга макулдугун айтты(А.Уб.).
Колхоздун короо-жайы менен таанышты (К.Б.).

Эгерде аныкталып турган заттын илик жөндөмөдө айтылган затка тиешелүүлүгү конкреттүү эмес, жалпы планда көрсөтүлсө, мүчөсүз айтылат.

Салыштыр: мектептин имараты - мектеп имараты, булактын суусу - булак суусу, кыргыздын жери - кыргыз жери.

Кечээ мектеп мугалимдеринин кенешмеси болду. Бир мингичти мамысына байлай жүрүү кыргыз баласына башынан салт (Т.С.). Улам жакындаган сайын музыка үнү жакындай баштады (Т.С.).

2) Иликтеги сөз энчилүү аттардан болсо, көбүнчө мүчөлүү айтылат: Аселдин көйнөгү, Ормондун бригадасы, Салыйдын үйү, Кара - Колдун көчөлөрү. Өштүн пахтачылары, Чуусамырдын малчылары быйыл зор ийгиликтерге жетишти.

Бирок кандайдыр бир заттын кимге таандык экендиги конкреттүү жана баса көрсөтүлбөй, жалпы планда көрсөтүлсө жана логикалык басым (көңүлдүн борбору) илик жөндөмөдөгү сөзгө түшүрүлүп айтылбай, аны менен айкашып турган таандык формадагы сөзгө түшүрүлүп айтылса, иликтеги сөз мүчөсүз айтылып калат. Салыштыр: Тилекматтын айылы - Тилекмат айылы, Эшбайдын кыштоосу - Эшбай кыштоосу; Калпакбайдын уулу - Калпакбай уулу, Кайназардын кызы - Кайназар кызы.

3) Иликтеги сөз жактама жана шилтеме ат атоочтордон болсо, дайыма мүчөлүү айтылат: менин китебим, сенин карандашың, алардын иши, тигинин көйнөгү. Менин авторитетимди кетиргени жүргөн турбайсыңбы? (А.Уб.). Булардын колунан баары келет (С.Ө).

4) Илик жөндөмөдөгү сөз субстантивдешкен сын атооч, сан атооч жана кыймыл атоочтордон болсо, дайыма мүчөлүү айтылат: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет. Өлгөндүн жазасы - көмгөн (макалдар). Отуздун жарымы - он беш. Дан эгиндерин себүүнүн планы орундалды.

5) Иликтеги сөздүн алдында ага тиешелүү аныктоочу болсо, көбүнчө мүчөлүү айтылат. Салыштыр: мектеп балдары - биздин мектептин балдары, көпөн териси - ак коёндун териси, класс жетекчиси - онунчу класстын жетекчиси.

б) Илик жөндөмөдөгү сөздүн жана ага менен айкашып турган сөздүн арасына экинчи бир сөз кошулуп айтылса, иликтеги сөз дайыма мүчөлүү айтылат. Себеби мындай учурда бири-биринен обочо жайгашкан аныктооч менен аныкталгычты өз ара байланыштыруу үчүн аныктоочтун аягына иликтин мүчөсү, аныкталгычтын аягына таандык форма сөзсүз түрдө жалганып айтылышы керек. Салыштыр: жай күнү-жайдын ысык күнү, кыргыз тоолору - кыргыздын бийик тоолору, булак суусу - булактын тунук суусу.

Илик жөндөмөдөгү сөз көбүнчө төмөнкү учурларда мүчөсүз айтылат:

1) Жогоруда белгиленгендей, кандайдыр бир заттын тиги же бул затка тиешелүүлүгү конкреттүү, ачык, так көрсөтүлбөй, жалпы планда көрсөтүлсө, мүчөсүз айтылат. Салыштыр: мектептин багы - мектеп багы, музыканын үнү - музыка үнү, кечтүн шаниси - кеч шаниси. Үй ээси Жангарач бий да келди.(Т.Кас.). Компас жебеси кыйшая баштады (Т.С.). Айыл калкы ун-- талканын камдашууда("КТ").

2) Илик жөндөмөдөгү аныктооч аныктагыч билдирген затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалап туруучу белги катары кызмат кылса, мүчөсүз айтылат. Мындай учурда андай сөздөр көбүнчө кайсы? деген суроого жооп берет: Тоо бүркүтү, кыргыз мектеби, шаар калкы, кыргыз адабияты, Тыныстанов кечесү.

Илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылган бир катар аныктоочтук сөз айкаштарынын компоненттери грамматикалык жактан жана маани жагынан өз ара тыгыз байланышып, синтаксисттик ажырагыс сөз айкаштарына айланган. Алардын компоненттери бири-бирин маани жагынан өз ара толуктап турат. Эгерде бирөө экинчисинен ажыратылса, алардын бирдиктүү мааниси бузулат, компоненттеринин мааниси начарлай түшөт. Ошол себептүү синтаксисттик талдоо мезгилинде бул өндүү айкаштардын компоненттери айрым-айрым талдан-баштан, сүйлөмдүн бир татаал мүчөсү катары каралат.

сарыбагыш уруусу, Алай району, Суусамыр жайлоосу, Кыргыз тили. Кыргыз эли көз каранды эмес мамлекет болду ("КТ"). Биз Чүй районуна бардык. Биздин мектеп окуу жылын ийгиликтүү аяктады.

Илик жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде дайыма аныктоочтук милдетти аткарат да, өзүнүн жана өзүнөн кийинки анык талып турган сөздүн лексикалык маанисине карай негизинен төмөнкүдөй маанилерди тундурат:

1). Анык талып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет: Бригаданын алдынкы трактористи ошол (Ч.А.). Кийизбайдын үй-ичи баштагыдай эмес (Т.С.). Окуучунун китеби ар дайым таза сакталыш керек ("ЛЖ").

2). Анык талгычы туугандык, жолдоштук маанидеги сөздөрдөн болсо, кандайдыр бир туугандык, жолдоштук мамилени билдирет: Чоконун келини үнүн баспады (К.Ж.). Саламаттын уулунан айрыкча Султанбайдын Сурмакана көзүн албады (Т.С.). Осмондун жолдошу колхозду иштейт.

3). Биринчи компоненти илик тер турган аныктоочтук айкаш бөлүктүн бүтүн нерсеге карата болгон катышын билдирет. Мындай илик жөндөмөдөгү сөз - бүтүн нерсени, анык талгычы анын бир бөлүкчөсүн билдирет: алманын теңи, пальтонун жеңи, үйдүн чатыры, теректин бутагы. Ажырашар дос өөрдин кашын сурайт (макал). Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу (макал). Тоонун баштарына кар түштү.

4). Иликтеги сөз орундук маанини, анык талгычы кесипчиликти туюндурса, анык талып турган заттын кайсы жерде иштегенин билдирет: мектептин директору, институттун ректору, ишкананын башчысы. Быйыл айылыбыздын агроному көп айдоону эрте баштаттырды (К.Б.). Колхоздун бухгалтери жаш эле жигит экен ("КТ").

5). Анык талып турган заттын эмнеден жасалгандыгын, тегин билдирет: буудайдын уну, пахтанын майы, жүгөрүнүн талканы. Зуура эже дайыма таруунун шагынан бозо салчу эле.

6). Иликтеги сөз орундук же мезгилдик мааниде болсо, аныкталгычы билдирген заттын, белгинин кайсы жерге, кайсы мезгилге тиешелүүлүгүн көрсөтөт: Оштун эмгекчилери, Жалал - абадын пахтачылары, тоонун гүлү, айылдын балдары, шаардын мектептери, жайлоонун абасы, жайдын ысыгы, кыштын суугу. Жондун жели аймалап, тоонун күнү кактайт (Т.С.). Айылдын балдары үйдөн чыга албайт (Т.С.). Жайдын салкын жели беттен сылайт.

7). Иликтеги сөз аныкталгыч билдирген сапаттын, касиеттин кимге, эмнеге таандык экендигин биддирет. Мындай учурда аныкталгыч сапаттык маанидеги сөздөрдөн болот: күндүн ысыгы, аттын начары, абанын тазалыгы, кийимдин жакшысы, табияттын сулуулугу. Жамийланын ошондогу сулуулугу ай! (Ч.А.). Сулайманкул Алишердин акыл-эстүүлүгүн муюп укту ("КМ"). - Мына, өшен, токойдун сонуну! (Т.С)

8). Аныкталгыч атоочтуктардан же кыймыл атоочтордон болсо, иликтеги сөз ошол аныкталгыч билдирген кыймыл-аракеттин логикалык субъектиси катары келет: мугалимдин айтканы, кошуналардын билгени, тамекичилердин иштеши, балдардын сууда сүзүүсү. Жайдарынын тергени эки жүз килого чейин жетти. Каныбектин жарактуу кирип келиши күтүлбөгөн көрүнүш болду (К.Ж.).

9). Эгерде аныкталгыч туюк мамиледеги кыймыл атоочтуктардан болсо, илик жөндөмөдөгү сөз кыймыл-аракетке дуушар болгон логикалык обьектини түюндурат: пландын аткарылышы, конктордун чакырылышы, кылмыштын билингени, ишканалын жоголушу. Чогулушта милдеттенменин аткарылышы талкууланды (=милдеттенмени аткаруу). Таластын тамекичилери түшүмдүн жогорулашы үчүн талыкпай эмгектенүүдө (=түшүмдү жогорулатуу үчүн).

10). Таандык формадагы аныкталгыч иликтеги сөз туюндурган заттын конкреттүү бир ордун билдирет. Мындай учурда аныкталгычы алды, арты, ичи, сырты, башы, аягы, үстү, асты, жаны, бою, арасы, айланасы, ортосу, тегереги, жаны деген сыпаттуу сөздөрдөн болот: үйдүн алды, короонун ичи, суунун башы, тамдын үстү, кыштактын айланасы, токойдун арасы ж.б. Ысык - Көлдүн боюнда дем алуу үйүбүз бар. Эл клубдун алдына толо баштады. Үйдүн ичи жакшы жасалгаланыптыр.

Эгерде илик жөндөмөдөгү сөз мезгилдик маанини билдирип, аныкталгычы башы, ортосу, аягы, ичи деген сөздөрдөн болсо, алар иликтеги сөз туюндурган мезгилдин конкреттүү кайсы бөлүгү (кайсы учуру) экендигин тактап көрсөтөт: майдын ортосу, июндун аягы, жылдын башы, кыштын ортосу. Мен август айынын ичинде барып калам.

11). Иликтеги сөз жалпыланган бүтүн түшүнүктү билдирген заттардан болуп, аныкталгычы ал заттын бир же бир нече бөлүгүн билдирсе, алар өз ара сандык катышты туюндурат, тактап айтканда аз сандык көп сандык түшүнүктү билдирген жамдоо маанисиндеги затка карата болгон катышын көрсөтөт: он кишинин бешөө, айдоо аянтынын экиден бири, окуучулардын көбү.
Аягынан кепичинин бирөө ыргып кетти (А.Уб.). Территориясынын үчтөн бирин токой ээлейт. Сүттү көбү желинде кала берет (А.Уб.). Көөде иликтеги аныктооч менен аныкталгычы сан жагынан бирдей келген түшүнүктү туюндурат: Койчулардын баары уй мүйүз тартып отуруп калышты (К.Ж.).

12). Аныкталгычы абалдык маанидеги зат атоочтордон болсо, иликтеги сөз менен бирдикте ал-абалдык катышты билдирет: Атасынын өлүмү... Сабырга чоң таасир кылды (К.Ж.). Сатылгандын соорусуна байланыштуу опо-зоок убактылуу токтотулуп калды (А.Т.). Баланын сүйүнүүсү койнуна батпай турду.

13). Иликтеги аныктоочтон кийин таандык мүчө жалганган ошол эле сөз аныкталгыч катары келип, бир сөз эки ирет кайталанып айтылса, күчөтүү маанисин берет: жигиттин жигити, күлүктүн күлүгү, сулуунун сулуусу, баатырдын баатыры. Адамкалый да жигиттин жигити, адамдын күлү эле (С.Каралаев). Ал ошол үчүн кыраандын кырааны (К.О.).

БАРЫШ ЖӨНДӨМӨ.

Кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге багытталгандыгын билгизет. Мүчөсү -га, -ге. Барыш жөндөмөдөгү сөздөргө кимге? эмнеге? кайда? каякка? деген суроолор берилет; сүйлөм ичинде толуктоочтук жана бышыктоочтук милдеттин аткарат. Орхон - енисей эстеликтеринде барыш (барыш-багыт) жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөнкүдөй формада кездешет: 1), -га, -ка, - зат атоочтон кийин: -ра, -ма; йагы - га - жоого; йыл - ка - жылга.
2), -а, -е, жактама ат атоочтон кийин жана I,II,III жактын таандык мүчөдөрүнүн жекелик түрүнөн кийин: маң - а - мага, сиз - е - сизге, каган - ым - а - ханым, йир-ин-е - жерине.
Бирок I жактын таандык мүчөсүнөн кийин барыш жөндөмөнүн -ка,-ке формасы да улана берген :оглум-ка -уулума, элим-ке - элиме.
3), -гару, -геру. Бул эки мүчөдөн турат: -га, -барыш жөндөмөнүкү, -ру -багыт жөндөмөнүкү: каган -гару - ханга, ханга карай, йир -геру -жерге.

Барыш жөндөмөнүн бул байыркы -га, -ка мүчөсү азыркы кыргыз, казак, алтай, өзбек, татар ж.б. тилдеринде колдонулат; -а, -е формасы азербайжан, түркмөн, түрк тилдеринде колдонулат. Барыштын байыркы -гару формасы азыркы түрк тилдеринде сакталган эмес. Ал калдык катары жогору , ичкери, тышкары, сыртары деген сыяктуу токтоочтордун тутумунда гана сакталып калган.
2 Барыш жөндөмөдөгү сөздөр өзүнүн жана аны башкарып турган этиштин семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1). Барыш жөндөмөдөгү сөз конкреттүү же жалпы маанидеги зат атоочтордон болуп, аны башкарган этиш айрым кыймыл этиштерден же сүйлөө, көрүү маанисиндеги этиштерден болсо, кыймыл-аракет багытталган, жеткен обьектини көрсөтөт: Бир күнү, апенди кандайдыр бир иш менен казыга келди. Булар бийик дубалга араң жетишти (К.Бек.). Сабитахун ал тилегине жетишти (К.Б.). Мен бир күнү ушул кепти Алийманга айттым(Ч.А.). Биз машинадан түштүк да, айланага көз чаптырдык (К.Б.).

2). Барыштагы сөз алуу, берүү, арноо, бирөө үчүн иштөө маанисиндеги этиштер менен байланышта айтылса, кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге арналгандыгын, кимдин, эмненин пайдасы үчүн аткарылгандыгын билдирет: Кан майданда жүргөн уулдарыңарга күл азык камдагыла (К.Б.). Ташкенбай мырзага эки көгүчкөн кармап келди (К.Бек). Алдыңкы пахтачыларга сыйлык тапшырылды.

3). Барыш жөндөмөдөгү сөз жазы же чуңкур формадагы затты билдирсе, аны башкарган сөз куюу, салуу, жайгашуу маанисиндеги этиштерден болсо, кандайдыр бир нерсе салынган, куюлган, жайгашкан обьектини көрсөтөт: Бала араң дегенде жанын үрөп арабага түштү (К.Бек.). Сүттү олтурган балдардын кружкаларына куюп берди (М.Ж.). Муса бош турган стулга олтурду.

4). Барыш жөндөмөдөгү сөз конкреттүү маанидеги зат атоочтордон болуп, аны менен айкашкан этиш бир нерсеге тийүү, илинүү, байлануу, жабышуу, маанисиндеги урун, тий, жабыш, жөлөн, сүйөн, сөйкөн, байла, бак, ил, ас ж.б. деген сыяктуу этиштерден болсо, барыштагы сөз экинчи бир зат тийишкен, урунган, жабышкан обьектини туюндурат: эшикке сүйөнүү, бутакка илүү, баканга асуу, кийимге жабышуу. Алар үйгө жеткенде, Алексейдин аялы эшикке жөлөнүп турду эле (К.Бек.). Калың аралаш чыккан уйгактар дароо эле кийимге жабышып жатты ("Жаш Ленин").

5). Бирөөнүн кандай кызматка дайындалгандыгын, кандай ишке, уюмга тартылгандыгын билдирет. Мындай учурда барыштагы сөз кызматты, уюмдун атын билдирүүчү зат атоочтордон болот, аны менен байланышкан этиш көрүү, өтүү, алуу, тартылуу, катышуу, шайлануу ж.б. деген өндүү этиштерден болот: президиумга шайлануу, партияга өтүү. Аларды ишке тартуу керек (К.Б.). Эртели - кеч кружокко катышат (К.Б.). Керим кооперативдин төрагалыгына шайланды.

6). Барыштагы зат атооч кыймыл-аракет ичине, ички терендигине кирген обьектини көрсөтөт; мындай учурда барыш жөндөмөдөгү сөз менен айкашкан этиш батуу, чөгүү, чөмүү, чүмкүү, сүңгүү, тыгылуу, кирүү, түшүү деген этиштерден болот: көлгө түшүү, сууга чөгүү, карангыга сүңгүү. Үчөө сууга кириштй (М.А.). Бир аз жүргөндөн кийин арабибиз сазга тыгылды. Жапар ушуга окшогон учсуз-түпсүз ойго батып келе жатты (К.Б.).

7). Барыш жөндөмөдөгү сөз аны башкарган этиш билдирген аракеттин, кубулуштун, ички сезимдин пайда болушуна себепчи болгон обьектини билдирет: желге ыргалуу, суукка тоңуу, сөзүнө кубануу, жоругуна капаланууй, ийгиликке сүйүнүү. Сугатчынын кетмени күнгө чагылышат (Т.С.). Бери жакта отургандар Акиштин сөзүнө күлүп калышты (А.Уб.). Апенди ысыкка ыңгайы баштады.

8). Кыймыл-аракеттин кандай заттын, кандай буюмдун жардамы менен аткарылгандыгын туюндурат: сууга кириңүү, тонго оронуу, атка сүйрөтүү, кагазга ороо. Майкачан муздак сууга жуунат (Т.С.). Чылк жибекке оролуп, шаани менен баратат (Т.С.).

9). Барыштагы сөз кездешүү, жолугуу, учуроо, туш келүү деген сыяктуу этиштер менен айкашса, субьект учураган, жолуккан обьектини көрсөтөт: Мен Данилге жолугам (А.Т.). Басмачылар кызылдарга күтүлбөгөн кыйынчылыкка учурашты (А.Т.).

10). Барыш жөндөмөдөгү сөз "киришүү" деген этиш менен айкашса, кандайдыр бир ишти аткарууга бел байлагандыкты,бир нерсеге кийлигишүүнү туюндурат: Жылдызкан уйду саап коюп,өз ишине кириште (Н.Б.). Бирөөнүн турмушуна киришпе;

"окшо" деген этиш менен айкашса, субъектинин кимге,эмнеге окшош,турпатташ экендигин көрсөтөт:

– О, мына, кадимки Шабыраалыга эми окшодуң! (Н.Б.).
Сапек тикенек чайнап алган, эчкиге окшош кетти (А.Т.). Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт (макал);

башка сапатка өтүү, өзгөрүү маанисиндеги "айлан" деген этиш менен айкашса,аракеттин натыйжасында пайда болгон обьектини туюндурат: Элдин күжүрмөн эмгеги какыраган чөлдү гүлгө айландырды ("СК"). Ал кыштак чакан шаарга айланган. Кичинекей өндүрүш чоң булгаары заводуна айланган (С.С.).

"тол" деген этиш менен айкашса,кандайдыр бир заттын эмне менен толгондугун билдирет: Жумушчулардын клубу адамга толду (Т.С.). Аймагыбыз төрт түлүк малга толду ("СК"). Эжөө тең жаш, булчундары күчкө толгон (Ч.А.).

11). Барыш жөндөмөдөгү сөз мейкиндик мааниде болсо, аны башкарган этиштин маанилик өзгөчөлүгүнө карай кыймыл-аракеттин башталган, жеткен же болгон ордун билдирет:

а). Барыштагы сөз менен байланышкан этиш кыймыл этиштерден болсо, кыймыл-аракеттин мейкиндик боюнча болгон багытын билдирет: Лажычылар бир аз жүргөндөн кийин батышка бет алышты(Т.С.). Булар Чымкентке бара жатыптыр (К.Б.). Сагынбек үн катпай үйү жакка басты (К.О.).

б). Мейкиндиктеги аракетти билдирүүчү (статикалык) этиш менен байланышса, кыймыл – аркеттин болгон ордун,заттын жайгашкан жерин туюндурат: Эртеси күн чыга эл кырманга жыйналды (К.Б.).

Таабалды чайханага жатып жүрдү (К.Бек.). Парктын бардык жерлерине электр лампалары орнотулган (К.Б.).

+ I2). Барыш жөндөмөдөгү зат атооч мезгилдик маанини туюндурса кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, анын канча убакытка чейин созуларын билдирет. Мындай учурда көбүнчө барыштагы сөздүн алдына сан же сандык маанидеги башка бир сөз кошулуп айтылат: кышка сактоо, жайга калтыруу, таңга жетүү, күүгүмгө калуу, күзгө күтүү. Анда эртеңкиге калмаксынар (С.Ө.). Алардын ысмы кылымдарга сакталат. Даярдык жыйырма күнгө созулду (Т.С.). Көздөрүбүз бир секундага чагылыша түштү(К.Боб.). Мамажан он жылга кесилди (К.Ж.). Буларды бир нече күнгө бошотуп алсамбы деп ойлонду (К.Б.).

+ I3). Кыймыл-аракеттин болуу максатын туюндурат. Мындай учурда барыштагы сөз көбүнчө кыймыл атоочтордон болуп, кыймыл этиш менен байланышта айтылат: Менин оюмча, ушул иштерди акылдашууга кетсе керек (К.Ж.). Бай аны издөөгө кетти (К.Б.). Оштогу төрөлөрдүн бардыгы ошол бактын арасына сейилдикке барат (К.Ж.).

+ I4). Барыш жөндөмөдөгү сөз сан атоочтон же сан атооч кошулуп айтылган сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракеттин санактык, мейкиндик, салмактык өлчөмүн билдирет: Ат чубатып болуптур, санаты миңге толуптур ("Манас"). Жылкыларыбыз бир жарым миңге барды (А.Уб.). Айдаган жери араң эки тешеге жетет (М.Э.). Көз бирөөлөрүнүн үстүндөгүү жүктөрү I8-20 килограмм килограммга жетиптир (Т.С.). Тамеки тапшыруунун планы I08 процентке орундалды("СК").

I5). Адамдын жаш өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Анда барыштагы сөз сан атоочтон (көбүнчө ага "жаш" деген сөз кошулуп айтылат), аны менен айкашкан сөз чык, кел, жакында, кара, бар, жет, тол деген сыяктуу этиштерден болот: Мен быйыл кыркка чыгам,-деди (Н.Б.). Мен он жетиге толуп, он сегизге карадым,- деди (К.Ж.). Сулайман жыйырма үч жашка чыкты (К.О.).

16). Барыштагы сөз сан атооч кошулуп айтылган сом,тыйын деген сөздөрдөн,аны менен байланышкан сөз сат,ал,бер,түш деген этиштерден болсо, бир нерсенин баасын туюндурат:элүү тыйынга сатуу,беш сомго берүү. Пальто эки жүз сомго түштү. Алтыга сатып бешке алган - соодагердин адаты (макал).

17). Жөндөмөдөгү сөз атоочтук болсо,аны менен ички психикалык сезимди билдирүүчү этиш байланышса, кыймыл-аракеттин чыгышына,пайда болушуна себепчи болгон нерсени туюндурат: келгенине сүйүнүү, айтканына капалануу, кутулганына ыраазы болуу. Барыш жөндөмөдөгү сөздөр сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук,орун, мезгил,максат жана сан өлчөм бышыктоочтук милдетти аткарат: Болгон иштерди директорго айтармын (К.Б.). Тыныбек алтымыш жашка жакындап калды (К.К.). (сан өлчөм бышыктооч)ж.б.

ТАБЫШ жөндөмө.

Кыймыл-аракет тике,түздөн-түз багытталган обьектини (затты) билдирет, суроолорго жооп берип, сүйлөм ичинде дайыма тике толуктоочтук милдетти аткарат; уюштуруучу мүчөсү -ны; Айтор, эмнеси болсо да, окуу башталгыча мектепти ондоп бүтөбүз (К.Б.). Орхон-енисей эстеликтеринде табыш жөндөмөсүнүн үч түрдүү мүчөсү болгон:

1). Зат атоочтон кийин -ыг, -иг, -г: ат-ыг—атты, күмүш-иг-күмүштү, элчи - г — элчини;

2). Ат атоочтон кийин -ны, -ни: бу-ны —муну, биз-ни—бизди;

3). Таандык мүчөдөн кийин -ын, -ин, -н: кызым - ын—кызымды, йегиним -ин—жээнимди, ташы - н — ташын.

Табыш жөндөмөнүн байыркы -ыг, -иг жана -ын, -ин формалары азыркы түрк тилдеринде сакталбаган.

Бул жөндөмөнүн байыркы -ы, -и формасы негизинен азыркы огуз тобундагы (тилдерге кирген) түркмөн, азербайжан, гагауз, түрк тилдеринде колдонулат, ал эми -ны, -ни формасы негизинен кыпчак тобундагы (кыргыз, казак, каракалпак, татар, башкыр, өзбек, уйгур) жана алтай, тува, хакас тилдеринде колдонулат.

Башка тилдердегидей эле, кыргыз тилинде да табыш жөндөмөдөгү сөздөр кээде мүчөлүү, кээде мүчөсүз айтыла берет. Көбүнчө төмөнкү учурларда мүчөсү түшпөй айтылары байкалат:

1). Тыбыштагы сөзгө өзгөчө көңүл бурулуп, логикалык басым менен айтылса, мүчөсү негизинен түшпөй айтылат: Бүгүн айыл чарба ишине студенттерди жөнөттүк. -Ишти бүтүрүп салдым (К.Бек.).

2). Тыбыштагы сөз энчилүү аттардан болсо: Токтогул Алымканды көрүүгө шашты (Ж.Б.). Жолдоштору Жеңишбекти коргоп калышты (С.Ө.).

3). Ат атоочтордон болсо: Эми мени эптеп кийиндиргиле (К.Ж.). Аны эч кимибиз тана албай турган болдук, чынбы, жолдоштор?! (А.Уб.).

4). Табыш жөндөмөдөгү сөз менен аны башкарган этиштин аралыгына башка сөздөр келип, экөө бири-биринен обочо турса, алардын ортосундагы синтаксистик байланышты сактоо максатында тыбыштагы сөз дайыма мүчөлүү айтылат. Салыштыр: Бүгүн биздин огородго да картошка тигебиз (С.Ө.). -Бүгүн картошканы биздин огородго да тигебиз. Асан тоодогу малга тоюнтуп тоюткор жеткирди (С.Ө.). - Асан тоюнткорду тоодогу малга жеткирди. Жеңем наңды азыр алып келет (К.Ж.).

5). Табыш жөндөмөдөгү сөз аягына таандык мүчө уланган зат атоочтордон болсо: Тапкан олжо-бүзду тең бөлүштүрдүк (М.Э.). Байдын малын аяба, суктун чайын аяба (макал).

6). Затташып кеткен сын атооч, сан атооч, атоочтуктардан болсо: Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе (макал). Уялбаган бүтүбаганды ичет (макал). Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат (макал).

7). Кыймыл атоочтордон болсо: Машиналар деле киши сыяктуу асфоону талап кылат (С.С.). "Салют" илимий станциясы учушун улантууда ("СК").

8). Табыштагы сөз кайталама кош сөздөрдөн болсо: Алар үй-үйдү кыдырып, ах жакшылык кабарды жар салышты (Т.С.). Түштөн кийин тоо-тоону туман чалды.

9). Табыштагы сөздүн алдында шилтеме ат атоочтон турган же -гы, -кы формасындагы орундук, мезгилдик маанидеги аныктоочу болсо: Мен бул китепти мурун эле окуп чыккам. Биз райондогу мектептерди текшердик. Кечээки баланы көрдүм (М.Аб.).

10). Табыштагы сөз инверсияланып, аны башкарган этиштен кийин келсе: Кары билет кааданы, карчыга билет сонону (макал). Биз андан аяган жокпуз жардамды (К.О.). Көп тексең кыкты, эгин болот мыкты. Көздө Табыш жөндөмөнүн мүчөсү ~~түшүп калып да айтыла берет.~~ Көбүнчө төмөнкү учурларда түшүп айтылат: ~~байкалат.~~

I). Табыш жөндөмөдөгү сөз өзүн башкарган этиштин дал жанынан орун алса, көбүнчө мүчөсүз айтылат. Эгерде алардын арасынан сүйлөмдүн башка мүчөлөрү орун алып, өзү менен байланышкан этиш сөздөн оолак турса, мүчөлүү айтылат.

Салыштыр: Бир аздан кийин балык бышырып жейбиз (К.Ж.). — Балыкты бир аздан кийин бышырып жейбиз. Мындан ары үзгүлтүксүз күжүрмөн баракчалар чыгаралы (К.Б.). — Мындан ары күжүрмөн баракчаларды үзгүлтүксүз чыгарып туралы.

2). Табыш жөндөмөдөгү сөз логикалык басым менен айтылбаса, ал ~~ийлдирген~~ зат конкреттештирилбей, жалпы, үстүртөн түшүндүрүлсө, мүчөсүз айтылат. Салыштыр: китеп оку - китепти оку, кагаз ал - кагазды ал.

Бүгүн биздин огородго да картошка тигебиз (С.Ө.).
Издеп тапкыла деп, туш-тушка киши жибердик (А.Уб.).

Тескерисинче, логикалык басым табыш жөндөмөдөгү сөзгө түшүп ,ал өзгөчө белгиленип айтылса, мүчөлүү айтылат: Күзгө чейин клубду оңдойбуз ("СК"). Бирок аларга баш-көз болгон кишилерди кармаш керек (К. Бек.).

3), Сүйлөм ичинде бир өңчөй тике толуктоочтор болсо, кээде табыштын мүчөсү эң аякты толуктоочко гана жалганып, калгандары мүчөсүзөө айтылат: Издеп жүрүп кепич, камчы, калпактарын таап алды (А.Уб). Кийиз,шырдак, жууркандарын жайып койгон (К.Б.).

4), Ырларда муундун саны ашып кетпесин үчүн, кээде табыштын мүчөсү түшүрүлүп айтылат: Асман жерди (учурду) аэроплан жүргүзөт. Ат ордуна жабыла, автомобиль мингизди (О.Б.).

Табыш жөндөмөдөгү сөздөр өзүнүн жана аны башкарган этиштин лексикалык маанисине карай негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1), Көбүнчө кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган жана анын таасирине толук дуушар болгон обьектини (затты) билдирет: Асалханды дубалын салдым (К.Ж.). Дарыяхан Анарханды ойготту (К.Ж.). Жел көйкөлгөн көк шиберди ыргайт (К.Бек).

2), Табыш жөндөмөдөгү сөз кыймыл-аракеттин тикеден-тике тийгизген таасиринин натыйжасында жаңыдан пайда болгон обьектини билдирет. Мындай учурда табыштагы сөздү башкарган этиш бир нерсени жаратуу, пайда кылуу маанисиндеги өтмө этиштерден болот: көйнөк тигүү, арык казуу, үй куруу. Алар совхоздун клубун курду. Ошол кызынын кийимдерин Анархан менен Дарыяхан тиккен.(К.Ж.)

3), Кыймыл - аракеттин таасири астында баштапкы түрүн,касиетин толук өзгөрткөн же өзү жок болуп кеткен обьектини билдирет. Бул учурда табыштагы сөздөрдү башкарган этиш жок кылуу, бузуу,кыйратуу, бүтүрүү маанилериндеги жана тамак ичүү,жутуу маанисиндеги этиштерден болот: калпагын жоготуу,эгинди чабуу, чачты алуу,өрттү өчүрүү,дубалды бузуу,жыланды өлтүрүү,

темирди эритүү,сууну буулантуу,наңды жеөө,кымызды жутуу.
Бир самоор чайды жалгыз өзү түгөттү (К.К.).
- Өзүңөр ойлоп көргүлөчү! - деди да, чөйчөктөгү чалапты жутуп жиберди (А.Уб.).

4). Кыймыл-(ккк) аракеттин таасири астында жарым-жартылай өзгөрүүгө учураган обьектини көрсөтөт. Мындай учурда табыштагы зат атоочту башкарган сөз бир нерсени жарым-жартылайөзгөртүү маанисиндеги этиштерден болот. Мында табыш жөндөмөдөгү сөз билдирген зат ххххх өзүнүн түпкү негизин,касиетин толук өзгөртүп жибербейт; анын формасы, көлөмү гана өзгөрөт: айрым бөлүктөргө бөлүнөт, көлөмү чоңоёт же кичireeт: этти тууроо, отунду майдалоо,чепкенди кыскартуу, көйнөктү узартуу, койду көбөйтүү , чыгымды азайтуу. Муслимахун сабиз туурады (К.Ж.). Айрым учурларда сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болгон обьектини билдирет. Бул учурда табыштагы сөз бир нерсенин сапатын өзгөртүү маанисиндеги этиштер менен байланышта айтылат: үйдү агартуу, көчөнү тазалоо,сарайды жылуулоо, клубду кооздоо, койду семиртүү,кездемени боёо.
Сакадй үйдүн ичин тазалады (К.Ж.). Көйнөктү сууга алып барып жууду (Ч.А.).

5). Табыштагы сөз бир орундан экинчи орунга которулган затты түюндурат. Мындай учурда ал бир нерсени экинчи жерге алып баруу, ордун которуштуруу маанисиндеги этиштер менен айкашып айтылат: китепти алып келүү, столду жылдыруу, ташты көтөрүү, дептерди берүү, килемди алуу, баланы эркитүү. Мен силерге тамак-ашты арбын алып келдим (К.Бек). Жумушчулар параходдон жүк ташып жатышат (К.Б.).

6). Кыймыл-аракеттин таасири менен бир абалдан экинчи абалга өткөн обьектини түюндурат; табыштагы сөздү башкарган этиш заттын мурунку абалынын өзгөрүшүн билдирүүчү этиш сөздөрдөн болот: конокторду отургузуу, баланы уктатуу,этти бышыруу,сууну кайнатуу, дүкөндү ачуу.

Күр-күр кулап иштөн көндүн табышы Мойнокту ойготту (Т.С.). Башкарган этиштин маанисине ылайык табыштагы сөз кээде ички абалы өзгөрүүгө дуушар болгон объектини туюндурат: энени кайрат-тандыруу, атты чарчатуу, элди ыраазы кылуу, апасын сүйүндүрүү.

7). Башкаруучу сөз бир нерсенин башталгандыгын, аяктагандыгын, созулгандыгын, билдирүүчү башта, колго ал (ишти), улант, аткар, бүт, орунда, аякта, токтот (ишти токтот) деген сыяктуу этиштерден болсо, табыштагы сөз жаңыдан башталган, улантылып жаткан же аяктаган кандайдыр бир нерсени туюндурат: ишти колго алуу, сөздү улантуу, планды аткаруу, окуу жылын аяктоо, концертти баштоо. Желбегейлене жеңил отургандар аңгемени улантышты (А.Уб.). Ал институтту былтыр бүтүргөн.

8). Табыш жөндөмөдүн башкаруучу сөз сезүү маанисиндеги (көр, кара, ук, тат (даамын), жытта, иске), ойлоо маанисиндеги (ойло, эсте, тааны), сүйлөөгө байланыштуу (сүйлө, айт, сура, кара), мамиле-ни билдирүүчү (сүй, жек көр, көрө алба, эркелет, жактыр, сыйла, урмат-та, ан, макта, шылдында) жана билүү маанисиндеги (бил, үйрөн ж.б.), этиштерден болсо, ошол сезүү, ойлоо, сүйлөө, билүү ж.б. аракеттен башталган объектини туюндурат: сөз айтуу, сырын билүү, энесин аёо, айылын мактоо. Койчу кызгылтым чаптын түбүнөн бир кара ташты көрдү (С.С.). Ырас, Акыл акенин аңгемесин угалык деди экинчиси (А.Т.).

9). Табыш жөндөмөдөгү сөз орундук мааниде болуп, (кеч, аш, кыдыр, арала, айлан, капта) аны башкарган этиштерден же орун менен байланышкан (кышта, жайда) болсо, анда табыштагы сөз субъект басып өткөн аралыкты же кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирип, б.а. мындай айкашта объектилик да, мейкиндик да маани болот: Чарчабастан сөн-кырын кыдыралы (К.Б.). Борошо уруп турган кезде белди аштык. Түш ченде Көкөмерен суусун кечтик. Адыкенин айылы Бүлөтүнү кыштайт (Т.С.). Суусамырды жайлады.

Биздин колхоздун малы

10). Табыштагы сөз мезгилдик мааниде болсо, мезгилдик маанидеги обьектини туюндурат: Колхозубуз кышты жакшы камылга менен тосуп алды. Бир айды Ош областында өткөрдүк. 1990-жылды эмгектеги зор ийгиликтер менен тосуп алдык.

11). Өлчөм-мейкиндик маанисиндеги обьектини билдирет: Беш чакырымды лыжа менен жүрдүк. Айыл чарбасына жарактуу жер аянты 24 миң гектарды түзөт ("СК").

12). Сан өлчөмдүк маанидеги обьектини көрсөтөт: Бир тоннаны бир эле сузат окшойт. Ал өз өмүрүндө көптү көргөн. - Жоок, болбойт, он сомду толук бергин (жомок).

13). Кыймыл-аракеттин бүтүн нерсенин бир бөлүгүнө жумшалгандыгын туюндурат: чачын тарады, жеңди чеч, бактын бутагын кыйды. - Эмне үчүн коросунун эшигин ачып таштайсың? -деди апенди. Бутунун башын карап, алаканын ушалай кетти (К.Ж.).

ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨ.

Белгини, сапатын, бүтүмдүн кимде, эмнеде экендигин, кыймыл-аракеттин кайда, качан болгондугун билдирет; кимде? эмнеде? кайда? качан? деген суроолорго жооп берип, сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук жана бышыктоочтук мидетти аткарат; укштуруучу мүчөсү -да; Туйгундун көркү түлкөтө, баатырдын көркү жүрөктө (Токтогул). Кышта мектептин отун-суусу кемчил, класстары суук болду (К.Б.). Андай эркектер дүйнөдө жок чыгар (Ч.А.). Орхон-енисей эстеликтеринде да бул жөндөмөнүн -да, -де формасында болгон: күн-те-күндө, йаш-да-жашда. Жатыш жөндөмөдөгү сөздөр негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1). Бир нерсенин, белгинин, аракеттин кимде, эмнеде болгондугун билдирет. ~~Бир нерсени белгини, аракеттин кимде, эмнеде болгондугун билдирет~~

Бул учурда жатыштагы сөз конкреттүү зат атоочтордон, аны менен байланышкан сөз статикалык этиштерден (орундук маанидеги этиштерден) болот: Жапарда да ушундан бирөө боло турган эле (К.Б.). Алардын алдындагы табакта күрүч турат (М.Аб.). Болор кулун желеде жулкунат, болор бала бешикте булкунат (макал). Ал макал газетада жарыяланган.

2) Кыймыл-аракеттин эмненин жардамы менен аткарылгандыгын билдирет. Мындай убакта жатыш жөндөмөдөгү сөз кыймыл-аракетти жүзөгө ашырууда колдонулган заттын атын билдирүүчү зат атоочтордон болот: арабада ташыды, радиодо сүйлөдү, самолетто келди, телефондо сүйлөшүү, машинкада басты, тамакты газда бышырды. Зуура комузда жакшы ойнойт.

3) Жатыш жөндөмөдөгү сөз өзү менен байланышкан этиш билдирген сапаттын өзгөрүүнүн келип чыгышына себепчи болгон обьектини көрсөтөт. Бул учурда жатыштагы сөз табийгаттагы кубулуштардын атын билдирүүчү зат атоочтордон, аны менен айкашкан этиш сапаттык өзгөрүүнү түюндуруучу этиштерден болот: ысыкта эриди, суукта тоңду, шамалда кургады, сууда жибиди. Мындагы жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдү барыш жөндөмөдө да айта берүүгө болот, анын билдирген маанисинде олуттуу өзгөрүүлөр деле болуп кетпейт: суукка тоңуу, ысыкка эрүү, шамалга кургоо.

4) Жатыштагы сөз мейкиндик маанидеги зат атоочтордон болсо, кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирет: Балдар батышта канкор жоо менен арстандарча алышып жатышпайбы! (К.Б.). Өрүштө колхоздун койлору кыштайт (К.Б.). Инилерин интернатта окушат (А.Т.).

5) Жатыш жөндөмөдөгү сөз мезгилдик маанидеги сөздөрдөн, сөз айкаштарынан же атоочтуктардан болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт: Бешимде Кызыл-Кыянын аркы бетине аштык (М.Э.). Басмачыларды уктап жатканда колго түшүрдүк ("СК"). Алар күздө калышкан.

Малчылардын кечешмеси саат онду башталат.

6) Жатыш жөндөмөдөгү айрым сөздөр кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн, сыпатын да билдирип калат. Мындай учурда жатыштагы сөз абстракттуу маанидеги зат атоочтордон болот: жыргалда жашады, кубанычта жүз көрүштү, боштондукта жашашат, эркиндикте күн көрүштү. Ар бир каламды кыйынчылыкта басып өтүүдө (Т.С.). Биздин футболчулар адегенде эле үшкандыкта ойной башташты.

Жатыш жөндөмөдөгү сөздөр сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук, орун, мезгил бышыктоочтук, баяндоочтук, кээде сыпат бышыктоочтук милдетти аткарышат: Азырынча бул он кой сенин мойнуңда (Н.Б). Бир туугандарым айылда. Алар узак өмүр сүрүп, жыргалчылыкта жашашты.

Чыгыш жөндөмө.

Негизинен кыймыл-аракет башталып чыккан нерсени (затты), орунду туюндурат; кимден? эмнеден? кайдан? деген сыяктуу суроолорго жооп берет, уюштуруучу мүчөсү -дан, -ден.

Орхон-енисей эстеликтеринде чыгыш жөндөмөсү көп кездешпейт. Анда көбүнчө жатыш жөндөмөсү чыгыш жөндөмөнүн маанисинде да колдонулган: Кыркыз-да йантымыз (Тон.29) - Кыргыздан кайтып келдик. ...табгач -да адырылды (Тон.2) - Табгачтан айрылды (элдин аты). Ушуну менен бирге Орхон-енисей жазмасында чыгыш жөндөмөсү аз да болсо азыркыдай эле -дан формасында жолугат: ...өк-дең каганга ру сү йорылым тимис (Тон 29). —

— Чыгыштан Каганга жортуулга чыгабыз дейт.

... кан-тан келип (КТб.23) - кайдан келип...

Чыгыш жөндөмө -дын, -тын формасында биринчи жолу байыркы уйгур тилинин жазма эстеликтеринде (Хк.) кеңири жолугат. Бул мүчө азыркы уйгур тилинде сакталып калган.

XI кылымдагы түрк жазма эстеликтеринде да ("Кутадгу билиг", "Девону луготит түрк") чыгыш жөндөмөсү өзүнчө жөндөмө катары кеңири колдонулган, аны 1), -дан, -ден, 2), -дын, -дин аффикстери укшутурган: Ол мени йол - дан эвүрди (ДЛТ.) - Ал мени жолдон кайтарды. Ол мени орнум-дын көпурды(ДЛТ). - Ал мени ордумдан тургузду. Бул эки форма (-дын жана - дан) семантикасы жагынан окшош болгодуктан, кийинчерээк -дан формасы -дин формасын акырындык менен сүрүп чыгарган. Чыгыш жөндөмөнүн -дин, -тин мүчөсү азыркы түрк тилдеринин ичинен уйгур тилинде гана сакталып калган, башка бардык түрк тилдеринде -дан, -тан формасы колдонулат.

Чыгыш жөндөмөдөгү сөзү өзүнүн жана аны башкарган этиштин маанилик өзгөчөлүгүнө карай төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1). Чыгыштагы сөз кимдир-бирөө, кандайдыр бир нерсе чыккан, четтеген, кеткен обьектини көрсөтөт. Бул учурда чыгыш жөндөмөдөгү сөз байланышкан этиш алыстоо, четтөө маанисиндеги кет, кач, кайт, чык, четте, алыста, уза, оз, аш деген сыяктуу кыймыл этиштерден болот: Жумуштан кайтты, үйдөн алыстады, кызматтан четтеди. Кенеңерден алыстасаңар, киндигиңер үзүлөбү?(К.О.). Баламды эртели-кеч азгырып отуруп, үйдөн бездирди (К.Ж.). Мен ашпозчудан кеттим (К.Б.). Аялдардын көздөрүнөн жаш чыкты.

2). Кимдир бирөө кутулган, ажыраган, арылган, куру калган обьектини туюндурат. Мындай учурда чыгыштагы сөз менен айкашкан этиш бошоо, кутулуу, куру калуу маанисиндеги айрыл, ажыра, кутул, куткар, бошо, айык, тазала деген сыяктуу этиштерден болот: душмандан тазалоо, оорудан айыгуу, энчисинен куру калуу ж.б. Баласынын кучагынан бошонуп, ордунан тура келди (К.Б.). Билими жок миң балага тутулат, бими бар миң балаадан кутулат. (макал). Түгөт моло сүттөн какшытты (К.Б.). Ашыккан аштан куру калат (макал).

3) Кыймыл-аракеттин бүтүн нерсенин бир бөлүгүнө тараган-дыгын туюндурат, бул учурда чыгыштагы сөз бүтүн заттын бир бөлүгүн билдирүүчү сөздөрдөн болот: башынан сылады, создуктан кармады, жакадан алды, бутунан тушады, жүзүнөн сүйдү. Кемпир баласынын бетинен өпкүлөдү (К.Бек). Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт (макал).

4) Кыймыл-аракетке жарым-жартылай, бир аз бөлүгү дуушар болгон обьектини билдирет: суудан ичүү, эттен берүү, нандан жөө. Өзү келе албаса, экинчиден жибәрип турбайбы? (К.Ж.). Балдардын эски-ускү кийимдеринен кийизди (К.Б.). Казанга суудан куя тушчу..(К.Ж.).

5) Ар кандай ички сезимдин, сапаттык өзгөрүүнүн, кубулуштун келип чыгышына себепчи, түртку болгон обьектини көрсөтөт. Мындай учурда чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч психикалык абалды билдирүүчү чарча, корк, уял, талыкшы, чочу, иренжи, жабырка ж.б. деген, сыяктуу сапаттык өзгөрүүнү билдирүүчү куура, үшү, тон, өл, семир, арык, арыктa ж.б. деген этиштер менен байланышта айтылат: иштен чарчады, ысыктан талыкшыды, элден уялды; сууктан үшүдү, сорудан өлдү. Эмгектен арыктасан, түшүмүнө семиресиң (макал). Мээ кайнаткан ысыктан чөптөр куурады. Чегирткеден корккон эгин экпейт (макал). Жайылып жүргөн жандыктар тентек кыздын капысынан чыккан үнүнөн чочуп кетишти (К.О.).

6) Кандайдыр бир маалымат, кабар, пикир, билим, тарбия алынган обьектини туюндурат. Бул учурда чыгыштагы сөз сура, бил, ук, үйрөн, оку деген сыяктуу этиштер менен айкашат: Ал дагы сен сыяктуу бир кемпирден окуган (К.Бек.). Асанбай колхоздун абалын Андрейден сурап алды (Н.Б.). Биз сиздин тажрыйбаңыздан үйрөнөбүз (К.Б.).

7) Кимдир бирөөнү,кандайдыр бир нерсени билүүгө,таануу-га негиз,жөлөк, түртку болгон обьектини билдирет. Мында чыгыштагы сөз бил,таань,сез деген өндүү этиштер менен айкашып айтылат: Дүйшөнкулдун мууну бошой түшкөнү үнүнөн сезилет (К.О.). Аттын ачуусу кулагынан билинет, иттин ачуусу куйругунан билинет. Бөрү атар уулду бөркүнөн таань (макалдар).

8) Кимден,эмнеден сактануу, жашынуу керектигин туюндурат. Бул учурда чыгыш жөндөмөдөгү сөз бир нерседен сактоо маанисиндеги корго, жашын, сакта,кору,кат,жашыр,далдаала,кайтар деген сыяктуу этиштер менен айкашып айтылат: балдардан жашынды,малдан коруу, уурудан катуу, карышкырдан кайтар, октон сактан. Ата журтубузду душмандан коргодук. Акырын баскан молдодон сактан,ала чапан кожодон сактан. (макал).

9) Кандайдыр бир нерсенин эмнеден жасалгандыгын,эмнеден пайда болгондугун билдирет. Мындай учурда чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр буюмдук зат атоочтордон (алтын,күмүш,темир,жыгач, ж.б.),аны башкарган сөз куруу,түзүү, жасоо маанисиндеги этиштерден болот: күмүштөн жасалган, кирпичтен курулган,чыттан тигилген. Ал текенин мүйүзүнөн жасалган саадагын алып, даярдана баштады. (А.Т.). Короонун дубалы таштан көтөрүлүп, дарбазасы темирден жасалыптыр. Бакыт эмгектен жаралат.

10) Кыймыл-аракеттин ким аркылуу, кимдин жардамы менен аткарылгандыгын билдирет. Анда чыгыштагы зат атооч адамга байланыштуу сөздөрдөн, аны менен байланышкан сөз бер,айт, арыкдуу мамиледеги алдыр,бердир деген өндүү этиштерден болот: Аны мына бул балдардан айтып жиберебиз (М.Аб.). Китепти Шаршенден алдырдым. Кийим-кечегин Керездеп берип жибердик.

II). Кыймыл-аракеттин эмне аркылуу, эмненин жардамы менен аткарылгандыгын көрсөтөт. Бул учурда жөндөмөдөгү сөз белгилүү бир иш-аракетти аткарууда колдонулуучу ар түрдүү каражаттын, куралдын атын билдирүүчү зат атоочтордон болот да, аны менен сүйлөө, көрүү маанисиндеги этиштер жана ат,өткөр ж.б. деген этиштер байланышып айтылат: телефондон сүйлөшүү, радиодон ырдоо, телевизордон сүйлөө; мылтыктан атуу, пулемётто атуу,унду электен өткөрдү. Ошондой эле: Апенди терезеден карады. Кулу эшиктен баш бакты (К.О.).

I2). Кыймыл-аракеттин эмне аркылуу өткөндүгүн туюндурат. Бул учурда чыгыштагы сөз өтүү, аттуу, кечүү, секирүү деген кыймыл этиштер менен айкашып айтылат: аңдан секирүү, жолдон өтүү. Улуу – кичүүнү сыйлайм десең, ашуусу бийик белден өт,агыны катуу суудан өт (макал). Тоо эчкилер бат эле кырдан ашып кетишти.

I3). Чыгыш жөндөмөдөгү сөз бир зат менен экинчи затты сапат жагынан салыштырууда колдонулат: уят өлүмөн катуу (макал). Анын алп карааны Казан-кулактан бийик да далылууда (К.Ө.).

I4). Ичинен кандайдыр бир нерсе ичилген,куюлуп алынган объектини билдирет: кудуктан ичүү, чакадан ичүү; арыктан ичүү, чайнектен куюу, кастрюлдан куюу. Өлбөгөн киши алтын аяктан суу ичет (макал). Идиш жок, кымызды чанактан эле жутушту (А.Т.).

I5). Чыгыш жөндөмөдөгү сөз мейкиндик маанидеги зат атоочтордон болуп, кыймыл этиштер менен байланышта айтылса,кыймыл-аракеттин башталып чыккан ордун көрсөтөт: Эл жалсодон жалпы түшүп болду (С.Карачаев). I942-жылдын август айында Кыргызстандан дагы көп аскер жөнөдү (У.А.).

I6). Кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирет; анда жөндөмөдөгү сөз статикалык маанидеги этиштерден болот (менен байланышып айтылат): базардан сатып алуу, алдынан чыгуу, жайлоодон жолуктум, киногодон көрдүм. Беш-алты жыл Фрунзеден окудум("ЖМ"). –Жок, тамакты кырмандан ичем (К.Б.).

17). Чыгыш жөндөмөдөгү сөз мезгилдик мааниде эат атооч-тордон болсо, кыймыл-аракеттин башталган мезгилин, качантан бери болуп келе жаткандыгын туюндурат: Дем алууга июлдан чы-гам. Ал жаш кезинен барга-жокко көнгөн. ("СК").

18). Кыймыл-аракеттин болгон себебин билдирет. Мындай учурда чыгыш жөндөмөдөгү сөз абстракттуу мааниде эат атооч-тордон болот: Тамак-аштын жетишсиздигинен бир туугандары каза болду ("СК"). Мен кубанычымдан жашып да олтурам. (АТТ.). Ал ачкалыктан жөөлүп жатпасын (К.Ж.).

19). Кыймыл-аракеттин ар түрдүү мүнөздөгү өлчөмүн көр-сөтөт. Ал учурда жөндөмөдөгү сөздүн алдына сан атооч айкашып айтылып:

- Сан жагынан болгон өлчөмдү билдирет: эки каптан алуу, үч чы-ныдан ичүү. Комиссия үч кишиден түзүлдү. Муздак ынак кымыздан бир кеседен тартып жиберишти. (Т.С.).
- Салмактык өлчөмдү көрсөтөт: Үч килодон алуу, элүү граммдан бөлүү, алты центнерден тийүү.

Алар өзлөрү үрөндү эки пуддан топтошту (К.Б.).

- Мезгилдик өлчөмдү туюндурат: Ар бирибиз кароолдо эки сааттан турдук. Курулушта сегиз сааттан иштедик.
- Мейкиндик жагынан болгон өлчөмдү билдирет: Күнүгө алтымыш километрден бастык. Машина саатына сексен километрден жүрдү.
- Баа, ак нарк жагынан болгон өлчөмдү туюндурат: Үч сомдон алуу, отуз тыйындан сатуу, Китепти эки сомдон алдым.

20). Кээде кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө болгондугун билдирет. Мындай учурда чыгыш жөндөмөдөгү сөз узуну, туурасы, чалкасы, көмкөрөсү, үстөмөн, чын жүрөк деген сыяктуу сөздөрдөн болот да, аны жат, кес, жыгыл, сүйүү деген этиштер башкарат:

туурасынан кесүү, чалкасынан жыгылуу, көмкөрөсүнөн жатуу, чын жүрөктөн сүйүү.Душман сыртынан күйүнөт, ичинен сүйүнөт (макал). Мен аны сыртынан тааныйм.

Чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр берген маанисине карай сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук,орун.мезги,себеп,сан өлчөм,сыпат бышыктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарат: Биз Оштобуз. Ал Таластан.

Зат атоочтун жасалышы

Зат атоочтор сөз жасоо ыкмаларынын бардыгынын жардамы менен жасалат.

1. Зат атоочтун лексика-семантикалык ыкма менен жасалышы

а) Бир эле үнгү же туунду зат атооч элкин түрүп же сөз тизмегинде алган орду жана аткарган грамматикалык милдети боюнча зат атоочтук же башка бир сөз түркүмүндөгү сөздүн милдетин аткарат. Мисалы: көк - алгачкы маанисинде түстү билдирген сын атооч, көк - ("асман" маанисиндеги зат атооч, андан көкөлө - "асмандап уч" маанисиндеги туунду этиш; көк мелжиген бийик тоо; көк асман (кош зат атооч сөз), көгүлтүр (түс) асман ж.б. сыяктуу сөздөр жасалган.

Той - үнгү этиш жана той - тамак-аш, оюн-тамаша менен коштолгон үлпөт маанисиндеги зат атооч: тойго барсаң тоюп бар (макал); тойло (туунду этиш), той-топур (кош зат атооч), той бер, той жаса ж.б.

Лексика-семантикалык ыкма менен зат атооч сөздөр тике жана өтме маанилерде колдонуунун натыйжасында да жасалат. Мисалы: тап - кулак кулаганда, оюм салганда түстөрдү айкалыштырып жайгаштырууга байланыштуу айтылуучу "белүк" маанисиндеги зат атооч сөз. Өтме мааниде - "коомдук катмар": жумушчу табы, тап күрөшү, таптык коом ж.б. Ушундай эле жол менен үнгү - металл кулалдын сабы аштаалуучу жери: балтанын үнгүсү, кепкинин үнгүсү; лингвистикалык термин: үнгү сөз, сөздүн үнгүсү, үнгү атооч, үнгү этиш , үнгүлөш (сөздөр); ~~аттуу~~ атчан; ата, атак, аттуу сыяктуу бир үнгүга тиги же бу кубандынын жалганышы менен жасалган сөздөргө карата колдонулуучу термин.

Алкак - тактай тилкелеринен жасалган буюмду(челекти) бириктирип

кармап туруу үчүн колдонулуучу тегерек нерсе > өтмө мааниде географиялык термин катары жер шарынын климат жагынан айырмаланууучу тилкелерин билдирүү үчүн колдонулат: жылуу алкак, суук алкак.

Өруш - мал жайыты катары пайдаланууучу жер > математикалык термин маанисинде "мейкиндикти" билдирет: бурчтун өрүшү; баскыч - "тепкич маанисиндеги" туунду зат атооч > өтмө мааниде коомдук-саясий термин катары коомдук өнүгүштүн белгилүү тепкичин атоо үчүн колдонулат. Ээ - "бир нерсенин кожоюну" > лингвистикалык термин катары сүйлөмдүн баш мүчөсүнүн биринин атоосу: сүйлөмдүн ээси; ээсиз сүйлөм; ээлик милдет ж.б. Тилибизде бул ыкма менен тиги же бу илим тармактарында терминдик мааниде колдонулуп кеткен көптеген унгу жана туунду сөздөр бар: агартуу, чак (учур чак, келер чак), тыным, сап (ыр сабы), өндүрүш, күрөш, кенеш, жарыш, мелдеш ж.б.

П. Зат атоочтордун синтаксистик ыкма менен жасалышы.

Зат атоочтор синтаксистик (аналитикалык) ыкма менен да жасалат. Мында бир же бир нече сөз айкашы ажыралгыс бир семантика-синтаксистик бирдикти түзүп, андай айкаш жаңы лексикалык мааниге ээ болот.

I) Аныктоочтук байланыштын ыкташуу жолунун негизинде суу-жоолук, көш⁀ооз (мылтык), жарыш⁀сөз, кара⁀жол, ишеним⁀кат, өнөр⁀жай, көк⁀шибер, темир⁀жол, ак⁀тилек сыяктуу татаал зат атооч сөздөр жасалат.

2) Бириккен зат атоочтор деле жогорудагы эрежеге негизделип жасалган, бирок алар ар түрдүү тыбыштык ширешүүлөрдүн натыйжасында жеңекей сөздөргө окшоп калган тарыхый татаал сөздөр: жарганат < жаргак канат; сокпилек < соку + билек; таяке < тай + аке; таеже < тай + эже; карагат < кара + кат; беркел < бери + кел.

3) Ушундай эле өбелгелерге таянып, татаал энчилүү зат атоочтор жасалган: Келдибек, Токтогул, Турдукан, Алымбүбү, Сексенбай, Мамбетаалы, Бердаалы, Сарыжаз, Кекемерен, Атбашы, Кочкората ж.б.

4) Зат атоочтордун өз алдынча тобуна кош зат атоочтор да кирет. Алар сөз айкаштарынын тең байланыш жолуна негизделип жасалат. Натыйжада толук маанилүү жалпылама зат атоочтор: (ата-эне, ата-бала, үй-жай), затташкан атоочтуктар: (көргөн-билген, ойногон-күлгөн), сыпар маанилүү уйкаш зат атоочтор: (үй-жай, отун-сотун), ошондой эле сыпар маанилүү синонимдеш (кир-кок, сорпошилең, кийим-кечек, бала-чака сыяктуу) зат атоочтор да жасалат.

Ш. Зат атоочтордун морфологиялык ыкма менен жасалышы

I. Курандылардын жардамы менен уңгу жана туунду зат(тан) жана башка сөз түркүмдөрүнөн зат атоочтор жасалат.

I) Уңгу жана туунду зат атоочтордон төмөндөгү курандылардын жардамы менен туунду зат атоочтор жасалат:

-чы (-чи, -чу, -чү) кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасайт: малчы < мал + -чы, тегирменчи < тегирмен + -чы, койчу < кой + -чу, дүкөнчү < дүкөн + -чү.

Айрым бир эки же көп муунду сенек зат атоочторду да этимологиялык жагынан ушул -чы курандысынын жардамы менен жасалган болуу керек деп болжолдоого болот: кайчы, топчу, камчы, жалчы. Ал эми айрым бир сөздөрдүн составынан болжол менен ажыратылуучу -шы курандысы да ушул эле -чы'нын тыбыштык шайкештик закону менен түшүндүрүлүүчү түгөйү болушу ыктымал: тепши.

-чы курандысы кийинки мезгилде бир кыйла өздөштүрүлгөн же калкаланган сөздөргө жалганып, алардан да кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасап калды: трактөрчү, моторчу, экскаваторчу, пактачы, кызылчачы, комбайнчы ж.б.

-лык (-лик, -лук, -лүк, -дык, -дик, -дук, -дүк, -тык, -тик, -тук, -түк) курандысы жалпы жана абстракцияланган туунду зат атоочторду жасоодо кеңири колдонулган морфологиялык каражаттардын бири: Ал:

I) -дык (курандысы аркылуу) тердик, желдик, белдик, ооздук, суулук, жоолук, жаздык сыяктуу конкреттүү заттардын аттарын билдирген зат атоочторду жасайт (-ла).

2) -лык курандысынын жардамы менен бирде заттык, бирде сын атоочтук маанide колдонула берүүчү жалпы (абстрактык) маанидеги атооч сөздөр жасалат: чоңдук, балалык, жаштык, баалуулук, жылуулук, сулуулук, кооздук, осолдук, оройлук, мээримдүүлүк.

3) -дык курандысы топонимдерди билдирүүчү аттарга жалганып, ошол жерге тиешелүүлүктү билдирүүчү туунду зат атоочторду жасайт: бишкектик, оштук, нарындык, арабстандык, канадалык, москвалык, аксуулук, суусамырлык ж.б.

4) -дык курандысын айрым бир сенек туунду зат атоочтордун составынан да этимологиялык талдоо аркылуу ажыратууга болот: экилик, түндүк, үчүлүк, бешилик, жоолук.

-чылык (< -чы + -лык; -чилик, чулук, чүлүк) курандысы да: кесипчиликти жалпылап билдирүүчү зат атоочторду жасайт: балыкчылык, дыйканчылык, чарбачылык, жүзүмчүлүк, кызылчачылык, багбанчылык.

2. Заттардын өзгөчө касиетин, бир нерсеге ыктагандыкты билдирүүчү тууганчылык, адамгерчилик, жердешчилик, жокчулук, ачкачылык сыяктуу зат атоочтор жасалат.

-чылык курандысынын өзү затташып (лексикациялашып) адамдын өзгөчө касиетин эскичиликке, мисалы, кыргызчылык, уруучулук сыяктуу берилгендигин билдирүү семантикасына да ээ болгон: чылыкка баткан адам, чылыкты аябай тутkан неме.

-лаш[I] (-леш, -лош, -лөш,-даш, -деш, -дош, -деш, -таш, -теш, -тош) курандысы зат атоочтордон теги, кесиби, ой-пикири, тилек-максаты боюнча жалпылыгы бардыкты билдирүүчү зат атоочторду жасайт: жолдош, курдаш, замандаш, тилектеш, жердеш, карындаш. Айлаш катын-сырдаш (ылакап); -лаш өнүмдүү куранды катары өздөштүрүлгөн сөздөрдөн да жогоркудай маанидеги сөздөрдү жасай берет: курсташ, класташ.

Зат атоочтон зат атоочторду жасоочу башка тилдерден өздөштүрүлгөн курандылардын ичинен өнүмдүүлөрү - орус тили аркылуу кирген, кишилердин фамилиясы жана атасынын атын(отчество) билдирүүчү -ов / -ев, -ова / -ева, -ович / -евич жана -овна / евна мүчөлөрү: Акматов, Жумабаев, Асанова, Дербишева, Жутаке Молдокулович, Күлчоро Үчкемпиревич, Мария Султанбековна, Апал Апышевна ж.б.

Зат атоочту жасоочу курандылардын көпчүлүгү колдонулуу чеги боюнча жогоруда саналган мүчөлөргө салыштырганда бир кыйла чектелүү келип, өнүмсүз (малопродуктивный, непродуктивный)

[I] Бул куранды сырткы түрү (тыбыштык түзүлүшү) жагынан этиштик татаал -даш (< -да + -ыш): ойлош, акылдаш, касташ ж.б.) менен окшош болсо да, теги боюнча айырмалуу.

каражаттардын тобуна жатат. Алар төмөндөгүлөр:

-чык (-чик, -чук, -чүк). Зат атоочтордон кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги (алардын айрымдары конкреттүү заттык мааниге ээ болуп кеткен: чыбырчык, чаарчык) туунду зат атоочторду жасайт: көлчүк, капчык, боточук, чыйырчык; кээ бир сөздөрдө заттын өзгөчө белгисин туюнтуу семантикасы байкалат: урунчук, урчук, борчук.

-чак (-чек, -чок, -чөк). Айрым авторлор бу мүчөнү жогорудагы курандынын тектеш тыбыштык түгөйү деп карайт. Анткени ал да -чык мүчөсү сыяктуу эле, бирок этиштерден кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги зат атоочторду жасайт: селкинчек (<силк? + -ын + -чак), кемирчек (<кемир + -чак), чапчак (<чап + -чак), кеерчек (<кебур + -чак) ж.б. Аталган негизги семантикасынан өркүндөгөн конкреттүү-предметтик мааниси эмчек, чапчак сыяктуу сөздөрдөн байкалат. -ча (-че, -чо, -чө) курандысы айкашып жасалган зат атоочтор да мааниси жагынан жогорудагы -чык жана -чак мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сөздөрдөй кичирейтүү-эркелетүү семантикасына ээ.

Ошондуктан муну ошол мүчөлөрдүн аяккы тыбышы түшүп калган түрү деген, тескерисинче, аны мүчөнүн алгачкы нускасы, ал эми -чык / -чактын түпкү тегинде татаал (б.а. -чы + -ык / -ак) мүчө айкаштары болгондугун (болжолдогон) көз караштар да бар. -ча курандысынын жардамы менен белче, белесче, кудача, моюнча, сенек сөздөрдөн бейремче, бурча ("чама" маанисинде), текче, апиче сыяктуу зат атоочтор жасалат.

-тай туруктуу (несингармоничный) курандысы туугандык термин сөздөргө жалганып, алардан үнгусу менен маанилеш, эркелетүү маанисиндеги зат атоочторду жасайт: агатай, акетай; заттык конкреттүү аттардан бул курандынын жардамы менен азыркы мезгилде

унгу-мүчеге жиктелбей калган жеңкетай, тебетей, кементай, ошондой эле сын-заттык маанисиндеги ак+санатай, кара+санатай атоочтору жасалат.

-гый енумсуз, туруктуу куранды. Ал кудагый (<куда + -гый), абыгый (<аба + -гый) туугандык терминдерин жасайт.

-ек - енумсуз, туруктуу мүче. Ал эркелетүү-кичирейтүү маанисиндеги коёнек, кыргыйек зат атоочторун жасайт.

-ке - аткарган милдети езгечелугу жагынан ушул эле катардагы куранды.

(Ал жогорудагы мүчелерден айырмаланып колдонулуу чеги кенири, зат атоочтордон эркелетүү маанисиндеги сездерду жасай берет: Асан > Асаке, Жаңыл > Жаке, Мамбет > Маке энчилүү аттарга жалганганда алардын аяккы муундары кыскарып, алардын ордун -ке курандысы ээлейт, туугандык терминдерден эне > энеке, ата > атаке, таяке сыяктуу сездер жасалат.

-ты (-ти, -ту, -тү) жер-суу (топоним) аттарын жасоого катышып, алардын кандайдыр бир езгече белгисин билдирүү семантикасына ээ сенек мүче: Алматы, Кегети, Табылгыты, Сегетту, Тегирменти, Курменту; кээде бул мүче -лы / -ды түрүнде кездешип, жогоркудай эле маанидеги Арчалы, Бургенду, Алчалы топонимдеринин составынан кездешет. -лы / -ты мүчелеру этимологиясы жагынан енумдүү зат-сындык -лык жана сын атоочторду жасоочу -луу курандылары менен тектеш.

-лак (-лек, -лок, -лек, -дак, -дек, -док, -дек, -так, -тек, -ток, -тек) енумсуз, бирок кенири колдонулуучу жандуу -лык мүчесүне жакын оошмо куранды мүче; заттардын бир нерсеге бай, арбын экендигин билгизүү маанисине ээ жалпы зат-сын атооч сездерду жасайт: кумдак, таштак, саздак.

-ай (-ей, -ой, -ей) енумсуз куранды, жогорудагы мүче менен

маанилеш: жолой, кекей, кумай, жубай, сенек сездерден - егей.

-чыл (-чил, -чул, чүл) зат-сын атоочтук касиетке ээ сездерду жасаган куранды: эпчил, ойчул.

-сын (-син, -сун, -сүн) енумсуз куранды. Бир гана суусун деген сезду жасоого катышат.

-кей - сенек мүче; амалкей, намыскей зат-сын атоочторду жасайт. Бул мүчеге сыртқы керунүшү боюнча жемекей, ичмекей, чалмакей (комокой) деген сездердегу -макай (/ -мекей) -гей (/-кей) мүчелеру окшош.

-мар / -мач енумсуз куранды бир гана тилмер / тилмеч деген сезду жасайт.

Зат атоочтордун морфологиялык ыкма менен жасалышына башка тилдерден ездештүрүлгөн бир топ курандылар катышат.

Алардын ичинде кенири жайылгандары (енумдүү) да, енумсуздеру да бар.

-чар / -шар (-чер, -чор, -чөр; < шар - монголчо "бука" деген сез). Кыргыз тилинде куранды катары жаныбарлардын жаш езгечелугун билдирүүчү букачар, текечер, бугучар, кулжачар, сенек сездерден тогончор ("небере-чөберелердүн тукуму" маанисиндеги тууганлык термин) сыяктуу заттарды жасайт.

-жын (-жин, -жун, -жүн) түпкү теги боюнча түрк-монгол тилдерине тиешелүү кунаажын, мегежин (чочконун ургаачысы), денежун (терт жашар бодо мал) сездерун жасоочу куранды.

-кер /-гер - иран тилдеринен ездештүрүлгөн, кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасоочу куранды: умуткер, соодагер, пактакер, саяпкер, айлакер, айыпкер, жоокер.

-кор - жогорку мүче менен маанилеш, иран тилдеринен ездештүрүлгөн суткор, жемкор, чайкор сыяктуу зат-сын атоочторду жасайт.

-кеч - кесипти билдирүүчү зат атооч сөздөрдү жасайт, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн куранды: арабакеч, кирекеч, теекеч, аракеч, асылкеч, адылкеч ж.б.

-поз - кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасоочу, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн куранды: оюнпоз, илимпоз, ашпоз, кумарпоз, өнөрпоз.

-стан - иран тилинде "өлкө" маанисиндеги сөз, көө бир мамлекеттердин атын билдирүүчү топонимдерди жасоого катышат: Кыргызстан, Өзбекстан, Казакстан, Башкырстан, Татарстан, Пакистан, Афганстан, Түркстан, Тажикстан, Гүлистан (шаардын аты жалпы ат катары "гүлдөгөн өлкө", маанисиндеги сөз).

-кана - иран тилдеринде "үй", "бөлмө" маанисиндеги сөз, куранды мүчө катары нерсенин (көбүнчө имараттын) бир нерсеге арналгандыгын билдирүүчү сөздөрдү жасоочу сенек куранды: уйкана, малкана, оорукана, китепкана, дарыкана ("аптека" маанисинде), чайкана, чочкокана, кушкана, аткана, ашкана.

-дар - иран тилдеринен өздөштүрүлүп, заттын өзгөчөлүгүн билдирүүчү карыздар жана жарадар деген зат-сын атооч сөздөрдү жасайт.

Сенек мүчө катары бирди-жарым эле туунду сөздөрдүн тутумунан ажыратылуучу -пан (балапан) -пал / -пөл (туспөл), -бы (кырбы / курбу) сыяктуу кызматчы морфемаларды эсептеөгө болот.

2) Этиштерден зат атоочторду жасоочу курандылар

Мындай курандылардын арасында өнүмдүүлөрү:

-ым (-им, -ум, -үм) этиштерден кыймыл-аракеттин мүнөзүнө байланыштуу заттык түшүнүктү билдирүүчү туунду зат атоочторду жасайт: басым (<бас + -ым), түшүм (< түш + -ым), атым (бир атым насыбай < ат + -ым), чагым (< чак - өтмө маанисе "донос" + -ым),

ошондой эле бутум, чечим, жем, чыдам, уюм, билим, сугум, согум, келем, елчем, токтом, чакырым, ойлом, кетерум сыяктуу көп сездер ушул -ым / -м курандысынын жардамы менен жасалат.

-ма (-ме, -мо, -мө) уңгу жана туунду этиштерге жалганып, алардан уңгунун маанисине байланыштуу кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгүн, мүнөзүн билдирүү семантикасына ээ туунду зат атоочторду жасайт: боёмо (<боё + -ма), сүзмө (<суз + -ма), тизме (<тиз + -ме) экчеме (бозонун бир түрү < экче + -ме), калама (ачыбаган камырдан жасалган нан < кала + -ма); жаңы өтме маанидеги термин сездерден: басма, башкарма, көргөзмө / көрсөтмө, мүнөздөме сыяктуулар да ушул -ма курандысынын жардамы менен жасалат.

Этимологиялык изденүүлөр аркылуу бул курандыны эрме (ээн талаа, эрме чөл), күрмө, сурма, чалмакей ж.б. сенек сездердүн составынан ажыратууга болор эле.

-ыш (-иш, -уш, -үш) курандысы заттын жана кыймыл-аракеттин атын билдирүүчү туунду сездерду жасайт (бул мүчө көп маанилүү, б.а. сөз жасоочу, форма жасоочу мүчө). Зат маанисинде конкреттүү заттын атын билдирет: чыгыш, батыш (жер шарынын Күндүн чыкканы менен батканына байланыштуу координаталык түшүнүктөрдү билдирүүчү географиялык терминдер), ошондой башка терминдик маанидеги чогулуш, жыйналыш, ошондой эле алкыш, каргыш, согуш, күрөш, жарыш, келиш-кетиш, ат чабыш, туш көрүш (өзгөчө белги, жөндөмдүүлүк жөнүндө), жаратылыш, кармаш, оодарыш сыяктуу заттык маанидеги сездерду жасайт.

-мак (-мек, -мок, -мөк) аткарган милдети жагынан жогорудагы зат атооч жана кыймыл атоочтук маанидеги туунду сездерду жасоочу -ыш мүчөсүнө окшош курандуы.

Анын өнүмдүү -ма (< -ма + -ык) мүчөсү менен тектештиги жөнүндө да, тескерисинче, алгач эле бир бүтүн (-мак түрүндө)

мүчө болуп, андан -ма мүчөсү өнүккөндүгү жөнүндө эки түрдүү пикир бар.

-мак курандысы да конкреттүү заттык маанидеги туунду сөздөрдү да (иймек < ий + -мак, чакмак < чак + -мак, оймок < ой + -мак, куймак < куй + -мак, өрмөк < өр + -мак, кайырмак < кайыр + -мак, табышмак < табыш + -мак, жандырмак < жандыр + -мак, өтмөк ("кеч"", кечмелик" маанисинде) < өт + -мак жана энчилүү географиялык ат - Өтмөк - ашуунун аты) жана кыймыл атоочторду (баш кесмек жок, тил кесмек бар - ылакап) жасагандыктан бул мүчөнү да курандылык жана форма жасоочу касиеттерге ээ аткарган милдети боюнча көп маанилүү мүчө деп эсептөөбүз жөндүү.

-ынды (-инди, -унду, -үндү < -ын + -ды) татаал куранды. Үнгү жана туунду этиштерге жалганып, алардан кыймыл-аракеттин жыйынтыгы, андан келип чыккан натыйжанын атын билдирүүчү зат атоочторду жасайт: таштанды < ташта + -ынды, жугунду < жук + -ынды, чамынды < чап + -ынды, ширенди < шире + -ынды, уранды < ура + -ынды, чачынды < чач + -ынды, бөлүнду < бөл + -ынды, шиленди < шиле + -ынды, жуунду < жуу + -ынды ж.б.

-ан (-ен, -он, -өн) жана анын түгөйлөрү -ын / -н (көзде -аан) этиштерден алардын маанисине байланыштуу конкреттүү заттык маанидеги же кыймыл-аракеттин мүнөзүнө байланыштуу заттык семантикадагы сөздөрдү жасайт: жаан < жаа + -ын, бороон-чапкын < боро, борошо + -ын / -аан, эгин < эк + -ын, кошуун < кош + -уун, тыгын < тык + -ын, кишен < кише + -ын, агын < ак + -ын, отун < от + -ын, эрен ("баатыр" маанисинде) < эр + -ан ж.б.

-ды (-ди, -ду, -дү) сейрек колдонулуучу, этиштен зат атооч жасоочу куранды: эмди (кысыр эмди) < эм + -ды, жойду ("эпчил, жойлогуч, шимшилегич" маанисиндеги сөз, жойку менен маанилеш) < жой + -ды.

-гак (-гек, -гок, -гөк, -как, -кек, -кок, -көк) этиш сөздөрдөн нерсенин, заттын жөндөм, мүнөзүн билдирүүчү зат жана сын атооч маанисиндеги туунду сөздөрдү жасоочу куранды мүчө: опкок ∠ оп + -гак, соргок ∠ сор + -гак, айгак ∠ ай + -гак; конкреттүү аттардан: бишкек ∠ быш + -гак, капкак ∠ кап + -гак ж.б.

-ык / -ак / -к жогорудагы курандынын түгөйү. Болгондо да көбүнчө тууранды этиш сөздөргө уланып, ошол эле маанидеги зат атооч маанисиндеги сөздөрдү жасайт: ышкырык ∠ ышкыр + -ык, чүчкүрүк ∠ чүчкүр + -ык, бакырык ∠ бакыр + -ык, чакырык ∠ чакыр + -ык, кыйкырык ∠ кыйкыр + ык, үшкүрүк ∠ үшкүр + үк ж.б. Этиштерден конкреттүү маанидеги арык, торук, салык, келүк, ийик, буйрук, конок, жүрөк, бычак, таяк, төшөк, шыбак, бутак, кашык сыяктуу сөздөрдү жасайт.

-оо (-өө) кыймыл атоочторду жасоочу бул мүчөнүн жардамы менен түзүлгөн сөздөр затташып, конкреттүү буюм, нерселердин атын билдирет: аштоо ∠ ашта + -оо, каноо ("согуштан түшкөн олжо") ∠ кана (канап-бутоо) + оо, конкуроо ж.б. -оо + -ын айкалышып (-оон) шалоон, жалоон (дой) сыяктуу сөздөрдү да жасайт.

-оо / -өө курандысы төмөндөгү курандынын -ыч элементи менен айкалышып, -ооч / -өөч мүчөлөрүнө айланып, атооч-этиш сөздөрдөн зат атоочторду жасайт: тактооч, баяндооч, айкындооч, толуктооч; конкреттүү аттардан желбирөөч, ороочу, белөөч, тырмооч сөздөрүн жасайт.

-гыч (-гич, -гуч, -гүч) жана түзүлүшү, аткарган милдети боюнча буга жакын -гы (-ги, -гу, -гү, -кы, -ки, -кү) курандылары этиштерден конкреттүү заттык жана кыймыл-аракеттин атын билдирген сөздөрдү жасайт: сүзгүч жана сүзгүч, чалгыч, ачкыч, туткуч, куургуч, жырткыч, ал эми -гы'нын жардамы менен шыпыргы, ийги, сүзгү, уйку, күлкү, көчкү, ачыткы, күйдүргү. Ошондой эле

семантикасы боюнча заттын өзгөчө белгисин билдирүүчү ушул мүчелердүн жардамы менен жасалган бир топ сөздөр сөз айкашында сын атоочтук милдетти аткарганы менен затташып (субстантивдешип) турганда заттык маанини билдирет: кыл жуугуч, билги: жөн билги адам, бузакы / бузуку, туйгу (сезим жөнүндө).

-гыч / -гач курандысынан өзүнчө мүчөгө айланган -ыч / -ач да үңгу жана туунду этиштерден зат атоочторду жасайт: сүйүнүч, күйүнүч, кубаныч, өкүнүч, коркунуч, аяныч, булганыч, багыныч (же багыныш), келмеч, болпоч (май болпоч).

-ыт / -ат (-ит, -ут, -үт, -ет, -ет, -ат) курандылары этиштерге жалганып кыймыл-аракеттин жыйынтыгын билдирүүчү зат атооч сөздөрдү жасайт: саркыт, кийит, тоют, күйүт, туут, сугат, өлөт.

-мыш (-миш, -муш, -мүш) айрым тектеш түрк тилдеринде кеңири колдонуп, атоочтуктарды жасоочу форма түзүүчү мүчө тилибизде сейрек колдонулуучу куранды катары турмуш, жазмыш, кылмыш, бөлмүш, кыдырмыш деген абстрактуу маанидеги зат атооч сөздөрдү жасайт.

-ман (-мен, -мон, -мөн) курандысы -ар / -ыр формасындагы атоочтуктарга же кээ бир үңгу этиштерге жалганып, алардан заттын өзгөчө касиети туюнтуучу зат атооч сөздөрдү жасайт: чабарман, билерман, кечерман, күйөрман, көчмөн, койчуман, уйчуман, турман: (ат-турман же ээр-турман - "ат жабдык" деген сөз).

-ган (-ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн) атоочтуктарды жасоочу форма түзүүчү мүчө айрым затташкан сөздөрдүн составында куранды (сөз жасоочу) мүчө катары эсептелет: чагылган, көбүргөн (өсүмдүктүн аты), тууган-туушкан, көгүчкөн.

-гын (-гин, -гун, -гүн, -кын, -кин, -кун, -күн) -ган мүчөсүнө түгөйлөш, этиштерден туунду атоочторду жасайт: кач-

кын, туткун, өткүн, сүргүн, учкун.

-ды (-ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү) этиштерге жалганып, алардан кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанидеги зат атоочторду жасайт: шашты (шаштысын кетирүү), чакты ("убакыт" маанисинде: чакты-чамасы жок), жарты.

-лак (-дак, -дек, -док, -дөк, -так, -тек, -ток, -төк) курандысы этиш сөздөргө жалганып, алардан куурдак, бышак, түйдөк зат атоочторун жана сын маанисиндеги жайдак деген сөздү жасайт.

-алак сенек мүчө (жогорудагы -лак мүчөсүнө жакын, -а + -лак морфемаларынан куралышы ыктымал) шапалак, кумалак деген эки сөздү жасайт.

-ылга (-илге, -улга, -үлгө) этиштерге уланып, кыймыл-аракетке байланыштуу, ар түрдүү маанидеги туунду зат атоочторду жасайт: агылга, демилге, токулга, жөөлгө, өтөлгө, жасалга, камылга, аталга ж.б.

-га (-ге, -го, -гө) -ылга мүчөсүнө жакын, бирок монгол тилдеринен өздөштүрүлгөн, зат атоочторду жасоочу куранды катары эсептелет: кереге, босого, каалга, жорго, улага, иреге.

-ымжы жана -жы да монголчодон өздөштүрүлгөн жана этиштерге жалганып, кыймыл-аракеттин жыйынтыгынын атын билдирүүчү зат атоочторду жасоочу мүчө катары эсептелет: короомжу, араалжы.

-нак /-анак курандысы этиштерге жалганып, алардан көрнөк (вывески) жана көзөнөк деген эки туунду зат атоочту жасайт.

-мал (<-ма + -ыл) курандысы этиштен бир гана ташымал деген зат атоочту жасайт.

-аса / -есе курандысы ал жана бер этиштеринен аласа, бересе деген туунду зат атоочторду жасайт.

С Ы Н А Т О О Ч

Сын атоочтор заттын сын-сыпатын (жакшы, жаман, сулуу), өңү-түсүн (ак, кара, жашыл, кызыл), даамын (таттуу, ачуу, кычкыл), формасын (тоголок, сүйрү, жалпак), көлөмүн (чоң, кичине) ж.б. белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроодорго жооп берет.

Сын атоочторго мүнөздүү болгон негизги белгилери төмөнкүлөр:

1) даража категориясы боюнча (салыштырма, басаңдатма, күчөтмө) өзгөрөт: жакшыраак, күчтүүрөөк, кызылыраак; капкара, өтө кызыл, эң сонун, агыш, көгүлтүр;

2) өзүнө гана тиешелүү болгон сөз жасоочу мүчөлөргө ээ (-луу, -сыз, -чыл, -дай, -гыр, -чаак, -гылт, -гыч ж.б.): күчтүү алсыз, алгыр, урушчаак, саргыч ж.б.

3) заттын сын-сыпатын жана ар кандай белгисин көрсөтүп, чыныгы сын атоочтук мааниде турганда жөндөмө, көптүк, таандык мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Бул мүчөлөр сын атоочтор заттык мааниде колдонулган учурларда гана жалгана алат: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиер (Макал). Айыгышкан ал кармашууда кызылдар жеңип чыкты. Ормуштун төрт уулу бар. Алардын ичинен акылдуусу – Ашым.

Синтаксистик жагынан дайыма зат атоочтор, кээде этиш сөздөр менен айкашып айтылат (Жакшы бала жакшы окуйт. Алар көңүлдүү олтурушту); сүйлөм ичинде аныктоочтун, баяндоочтун, айрым учурларда сын-сыпат бышыктоочтун, ал эми заттанган учурда, ээнин, толуктоочтун милдетин да аткарат: Алыстан бийик тоо көрүндү. Сагын ак сакал деле болсо кайраттуу. Анын уулу жакшы окуйт. Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт (Макал). Жаманда

достук жок, жакшыда кастык жок (Макал).

Сын атоочтор тутумуна карай жөнөкөй жана татаал сын атоочтор болуп экиге бөлүнөт.

Татаал сын атоочтор эки же андан көп сөздүн айкашынан түзүлүп, заттын ар кандай белгисин туюндурат: кара кочкул, кызыл ала, ач көз, кызыл-тазыл, эски-уску ж.б.

Жөнөкөй сын атоочтор бир гана сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын ж.б. белгилерин билдирет. Жөнөкөй сын атоочтор морфологиялык тутумуна карай тубаса сын жана туунду сын болуп өз ара экиге бөлүнөт.

Лексикалык мааниси боюнча заттын ар түрдүү белгисин билдирген жана азыркы абалында өз алдынча морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон сын атоочтор тубаса сын атоочтор деп аталат: кызыл, көк, ак, кичине, терең, жапыз, бийик, эски, жумшак, катуу, оор, жеңил, жакшы, жаман ж.б.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнөн же сын атоочтон жасалгандар туунду сын атоочтор деп аталат: күчтүү, суусуз жер, тоодой толкун, камкор адам, уялчаак бала, кабанак ит, агыш, кызгылтым, саргыч ж.б.

Жогоруда сын атоочко мүнөздүү болгон негизги белгилер көрсөтүлдү. Бирок алардын айрымдарынан төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү да бар: Сын-сыпаттын жетишсиздигин билдирүү мааниси бардык эле сын атоочторго мүнөздүү эмес: заттын өңү-түсүн билдирүүчү сын атоочторго гана тиешелүү. Мисалы: аксаргыл, кызгылт, агылжым, көгүш. Ошондой эле, сын атоочтун салыштырма даражасы боюнча көбүнчө сапаттык сын атоочтор өзгөрөт: жакшыраак, ичкерээк, кызылыраак, эң жакшы, кыпкызыл ж.б.

Ушуну менен бирге, айрым катыштык сындар да салыштырма даражада айтыла берет: күчтүүрөөк, тузсуузураак, суукчаныраак (киши),

таштагыраак, өткүрүрөөк, боорукерирээк, эң күчтүү, өтө шашкалаң ж.б.

Салыштыруу даражасы боюнча тактоочтун кээ бир түрлөрү да өзгөрөт. Мисалы: эрте-эртерээк, жакын-жапжакын, тез-тезирээк-өтө тез ж.б.

Сын атооч менен тактоочтун мындай жакындыгы булардын жалпы маанисин, тактап айтканда, экөөнүн тең белгини билгизгендиги менен байланыштуу болуу керек. Сын атоочтор заттын ар кандай белгисин, тактоочтор кыймыл-аракеттин ар кандай белгисин көрсөткөндүгүнө карабастан, андай белгилер аз-көптүгүнө, же болбосо жетиштүү же жетишсиз даражада экендигине карата өз ара салыштырылышы мүмкүн. Ошондуктан сын атооч сыяктуу кээ бир тактоочтор да салыштырма даражада айтыла берет. Бирок буга карап салыштырма даража тактоочко да мүнөздүү грамматикалык белги экен деп ойлоого болбойт. Салыштырма даража сын атоочторду (башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу) бирден-бир белги болуп кала берет.

Ар бир сөз түркүмүнө мүнөздүү болгон негизги синтаксистик кызматы бар, ошону менен бирге, алар сүйлөм ичинде кошумча синтаксистик милдетти да аткара берет. Алсак, сын атоочтор өзүнүн лексикалык маанисине ылайык көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарат. Бирок кээде айрым сын атоочтор кыймыл-аракеттин белгисин да көрсөтүп калат, мындай учурда алар, тактооч сыяктанып, сыпат бышыктоочтун милдетин да аткара берет: Асан жакшы окуйт. Алар эпкиндүү эмгектеништи. Мындагы жакшы, эпкиндүү деген сын атоочтор сын-сыпат бышыктоочтук милдетти аткарышты. Ошондой эле: "Жолоочу темир дарбазаны катуу каккылады". "Берубай тулку ичигин желбегей жамынып, сыртка чыкты" деген сүйлөмдөрдөгү темир, тулку деген зат атоочтор кандай? деген аныктоочтун суроосуна жооп берип өзүлөрүнүн кийинки дарбаза, ичиги деген зат атооч-

тор менен айкашып, аныктоочтук милдетти аткарып турат. Бирок синтаксистик мындай кызматына карап эле, жогорку мисалдардагы белгиленген сын атоочторду (жакшы, эпкиндуу) тактооч деп, зат атоочторду (темир, түлкү) сын атооч деп кароого болбойт, себеби алардын лексика-грамматикалык белгилери өзгөрүлүп, бири тактоочко, экинчилери сын атоочко өтүп кеткен жок, алардын синтаксистик кызматы гана өзгөрдү. Тактап айтканда, бул сыяктуу сөздөр бышыктоочтук милдетти аткарган сын атоочтор жана аныктоочтук милдетти аткарган зат атоочтор болуп эсептелет.

Сапаттык жана катыштык сын атоочтор

Сын атоочтор заттын белгисин түздөн-түз же башка заттар, түшүнүктөр менен болгон катышы, байланышы аркылуу билдиргенине жана грамматикалык айрым өзгөчөлүктөрүнө карай сапаттык сын атооч жана катыштык сын атооч болуп эки түргө бөлүнөт.

Сапаттык сын атооч. Мындай сын атоочтор заттардын сын-сыпаттык, сапаттык белгисин өзүнүн лексикалык мааниси боюнча эле тике, түздөн-түз көрсөтөт: жылуу үй, бийик тоо, таттуу алма, жаш бала, күрөң үй.

Сапаттык сын атоочтордун төмөнкүдөй грамматикалык белгилери бар:

1) сапаттык белгинин кадыресе жайынча түрдө экендигин, же аздыгын, же көптүгүн билдирүүчү салыштырма, күчөтмө даражаларын боюнча өзгөрөт: жакшы-жакшыраак-эң жакшы, чоң-чоңураак, катуу-катуураак-капкатуу;

2) Сапаттык сын атоочтун күчөтмө даражасын жасоочу анын өзүнө гана мүнөздүү болгон атайын формасы бар: кыпкызыл, капкара, жапжаш, капкатуу ж.б.

3) сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү өз ара антонимдик

катышты түзө алат: ак-кара, бийик-жапыз, чоң-кичине, тар-кең, ысык-суук, арык-семиз, жоон-ичке, узун-кыска ж.б;

4) сапаттык сын атоочтордун ичинен заттын өңү-түсүн билдирүүчүлөр сапаттын жетишсиздигин билдирүүчү мүчөлөр менен (-ыш, -гылт, -гылтым, -гыч ж.б.) өзгөрөт: агыш, кызгылт, саргыч. Ал эми заттардын жалпы белгисин же мүнөзүн ж.б. билдирүүчү жакшы, жаман, сулуу; орой, сылык, назик, жоон деген сыяктуу толуп жаткан сын атоочторго сын-сыпаттын жетишсиздигин билдирүүчү жогорку мүчөлөр жалганбайт.

5) Бир катар сапаттык сын атоочтордон -дык мүчөсүнүн жардамы менен абстрактуу маанидеги зат атоочтор жасалат: жаңылык, жамандык, жакшылык, узундук, курчтук, сулуулук, өткүрлүк ж,б. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле заттардын ар түрдүү белгилерин өзүнүн лексикалык маанисси боюнча түздөн-түз көрсөтөт:(чоң, кичине, таза, кең, сонун, тар, ичке, назик ж.б.)

Сапаттык сын атоочтор негизинен төмөнкүдөй маанилерди билгизет:

1) Жалпы белгини, сапатты билдирет: жакшы, жаман, начар, сулуу, көркөм, коюу, жапайы, мыкты, морт, кымбат, кыраакы, бай, кедей;

2) Мүнөздү билгизет: сылык, орой, тентек, жоош, көйрөң, долу, эпчек, карапайым, шайыр, тунт, шамдагай, момун, жеңил (киши), суз ж.б.

3) Өңдү, түстү көрсөтөт: көк, ак, кызыл, кара, жашыл, сары, боз, сур, күрөң, жээрде, күлгүн, чаар, буурул, тору, ала, кула, мала ж.б.

4) Даамды, жытты билдирет: ачуу, татуу, кычкыл, кыйгыл, ачык, супсак, ширин, кермек, сасык.

5) Форманы, сырткы кебетени көрсөтөт: тогодок, жумуру, сүйрү, тегерек, жалпак, түз, ийри, кыйшык, кайкы, кырдач, чарчы, жапалдаш, бүкүр, болук, толук, семиз, көсөө ж.б.

6) Көлөмдү, өлчөм, салмак, жаш өзгөчөлүктү билгизет: чоң, кичине, кең, тар, кенен, кууш, терең, тайыз, узун, кыска, бийик, жапыз, жазы, жука, калың, оор, жеңил, жаш, картаң, улуу, кенже, кичүү.

7) Температуралык белгилерди түюндурат: суук, ысык, салкын, мээлүн, муздак, жылуу.

Катыштык сын атоочтор. Заттын белгисин тике, түздөн-түз билгизбестен, экинчи бир зат менен болгон катышы (байланышы) аркылуу билдирет. Ошондуктан катыштык сындар ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн жасалат. Ошондуктан катыштык сындын мааниси көбүнчө үңгү менен ага жалганган мүчөнүн маанисине байланыштуу келип чыгат. Мисалы: малдуу колхоз - мында малдуу деген катыштык сын өзүнөн кийинки затты (колхоздун) малга карата болгон катышына ылайык аныктады, б.а. малдын көп экендиги белги катары көрсөтүлдү; суусуз жер - мында суусуз деген сын атооч суунун жок экендигин заттын белгиси катары көрсөттү ж.б.

Катыштык сын атоочтор өз үңгусунун жана ага уланган мүчөнүн семантикасына ылайык ар түрдүү маанини түюндурат Мисалы:

1) Катыштык сындын үңгусу билдирген заттын бар же жок экендигин экинчи бир заттын белгиси катары көрсөтөт: акылдуу бала, токойдуу жер, суусуз талаа, баласыз адам.

2) Заттын эмнеге арналгандыгын билдирет: студенттик жатакана, тынчтык конференциясы.

3) Катышуучулардын составын түюндурат: партиялык чогулуш, профсоюздук конференция.

4. Заттын орундук белгисин көрсөтөт: айылдык мектеп, жайлоодогу мал, үйдөгү адамдар, шаардык балдар.

5. Мезгилдик түшүнүктү белги катары туюндурат: кышкы суук, жайкы ысык, былтыркы иш, кечээки концерт.

6. Мөөнөттүк катышты билдирет: жылдык план, жумалык иш, кварталдык тапшырма.

7. Катыштык сындын уңгусу туюндурган затка окшоштукту билгизет: тоодой толкун, балдай татгуу, алтындай таза.

8. Этиштик уңгусу билдирген кыймыл-аракет менен байланышкан ар түрдүү белгини туюндурат: алгыр бүркүт, шашкалак киши, урушчаак бала.

Катыштык сын атоочторго мүнөздүү болгон айрым грамматикалык белгилер бар. Бирок ал белгилер бардык эле катыштык сындарга бирдей даражада мүнөздүү эмес: кээ бир грамматикалык белгилер айрым катыштык сындар үчүн мүнөздүү болсо, айрымдарына мүнөздүү эмес. Аны төмөндө келтирилген тилдик фактылардан ачык көрүүгө болот.

I) Сапаттык сын атоочтордон айырмаланып, күчөтмө даражалык формада айтылбайт. Мисалы: кызыл-кыпкызыл, кара-капкара деп айтууга болот, бирок тоолуу-топтоолуу, терчил-тептерчил деп айтууга болбойт.

Ошондой эле, -гы, -дай мүчөлөрү менен жасалган катыштык сындар да эң, өтө, абдан ж.б. деген сыяктуу күчөтмө бөлүкчөлөр аркылуу күчөтмө даражада айтылбайт. Мисалы: ысык-өтө ысык, караңгы-абдан караңгы, сонун- эң сонун деп айтууга болот, бирок өтө жайкы (ысык) абдан кышкы (суук), эң эртеңки (күн), өтө тоодой, эң баладай, абдан алтындай деп айтууга болбойт.

Айрым катыштык сын атоочтордон өзүлөрүнүн лексикалык маанисине ылайык, күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен күчөтмө даража

уюшулбаса, бир катар катыштык сындар, тескерисинче, лексикалык маанисине ылайык, андай белүкчөлөрдүн жардамы аркылуу күчөтмө мааниде айтыла берет:

Салыштыр: өтө атүү (киши), эң тоолуу (жер) деп айтылбайт - өтө күчтүү, эң акылдуу деп айтылат; эң баласыз (адам), өтө тишсиз (киши) деп айтылбайт - эң акылсыз, өтө бактысыз деп аталат; абдан атчан (киши) деп айтылбайт - абдан ысыкчан, өтө оорукчан, эң суукчан деп айтыла берет.

Бирок бир катар катыштык сын атоочтор күчөтмө белүкчөлөр менен айкашып, күчөтмө даражада айтыла берет: өтө ишмер, абдан дүйнөкөр, эң табышкер, өтө сезгич, абдан өткүр, эң уялчаак, абдан кабанак, эң билерман ж.б.

2) Көпчүлүк катыштык сын атоочтордон салыштырма даража уюшулбайт. Бирок бул белгиси да бардык эле катыштык сындарга бирдей даражада мүнөздүү эмес: бир катар катыштык сындар салыштырма даражада айтылбаса, айрымдары салыштырма даражада айтыла берет. Алсак, -дай, -дык, -даш, -чан, -гы мүчөлөрү менен жасалган катыштык сын атоочтордон салыштырма даража уюшулбайт. Мисалы: алтындай, тоодой, айылдык, шаардык, айылдаш, короолош, тончон, көйнөкчөн, жайкы, кышкы ж.б. дегендерден салыштырма даражаны уюштуруу мүмкүн эмес (алтындайыраак, көйнөкчөнүрөөк, короолошураак деп айтылбайт). Бирок акылдуу, нысапсыз, ойчул, амалкөй, баласаак, чайкор деген сыяктуу катыштык сын атоочторго -ыраак мүчөсүн жалгап, салыштырма даражада айтууга болот: акылдуураак, нысапсызыраак, амалкөйүрөөк, баласагыраак, чайкорураак ж.б. Экинчи жагынан, ушул эле мүчөлөр аркылуу жасалган аттүү, баласыз, колдуу (аял) деген катыштык сындардан салыштырма даража жасалбайт: аттүүраак, баласызыраак, колдууракак деп айтууга болбойт.

Демек, катыштык сын атоочтордун салыштырма даражада айтылбасы же айтылышы, тактап айтканда, бул даражаны жасоочу -ыраак мүчөсүн кабыл алышы же кабыл албашы ал катыштык сындардын лексикалык мааниси менен байланыштуу болот.

3) Катыштык сын атоочторго заттын сын-сыпатынын, белгисинин жетишсиздигин, төмөндүгүн билдирүүчү -ыш, -гылт, -гылтым, -ыджым, -гыч ж.б. (агыш, кызгылт, саргыч) сыяктуу мүчөлөр жалганбайт.

Сын атоочтун даражалары

Заттардын белгилери, сапаты бирдей даражада эмес, ар түрдүү даражада болот. Мисалы, бир заттын өңү жашыл, экинчиси ага караганда жашылыраак, үчүнчүсүнүкү өтө жашыл, жапжашыл болушу мүмкүн. Сын атоочтун даражалары жөнүндөгү түшүнүк ушул өндүү өзгөчөлүктөргө байланыштуу келип чыккан.

Ушинтип, сапаттык сын атооч аркылуу аныкталуучу заттагы белгилердин ар түрдүү даражада (кадимки нормада, же андан басаң, же болбосо анча-мынча, же өтө эле айырмалуу, күчтүү) экендигин билгизген грамматикалык категория сын атоочтун даража категориясы деп атадат.

Даража категориясы грамматикалык маанисиндеги жана формасындагы өзгөчөлүктөрүнө карай төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: жай даража, салыштырма даража, күчөтмө даража жана басаңдатма даража. Жай даража заттарга мүнөздүү болгон кадыресе белгини жайынча гана билгизет да, даражадарды жасоочу атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, үңгу же негиз түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу түюндурулат: ак, көк, сары, кичине, чоң, калың, жука, ачуу, таттуу.

Салыштырма даража заттагы кандайдыр бир белги кадыресе нормалдуу белгиге караганда айырмалуу экендигин билгизет. Бул үчүн бир заттагы белги экинчи бир затта өзүнүн көптүгү же аздыгы, күчтүүлүгү же начар экендиги боюнча салыштырылат. Эки заттагы белгини өз ара салыштырууда көбүнчө синтаксистик ыкма колдонулат. Мындай учурда, адатта, салыштырылуучу заттын аты атооч жөндөмдө, салыштырууга алынган экинчи зат чыгыш жөндөмдө берилет; сын атооч -ыраак формасында же ансыз эле колдонулат. Сын атоочко минтип -ыраак мүчөсү жалганып же жалганбай айтылганда, алар семантикалык жактан бири-биринен бир аз айырмаланып турат. Тактап айтканда, сын атооч-ыраак мүчөсүз айтылса, бир заттын сапаттык белгиси экинчи заттыкына караганда бир кыйла артык же кем экендиги баса көрсетүлөт. Эгерде ага-ыраак формасы жалганып айтылса, бир заттагы белги экинчи заттагыга караганда бир аз гана көбүрөөк же азыраак даражада экендигин билгизет.

Салыштыр: Алым Султандан чоң - Алым Султандан чоңураак. Пальтосу көйнөгүнөн узун - Пальтосу көйнөгүнөн узунураак. Уят өлүмдөн катуу (Макал). Ал кооперативдин иши биздикинен начар - Ал кооперативдин иши биздикинен начарыраак.

Эгерде пикир алышып жаткан адамдарга салыштырууга алына турган экинчи нерсе кайсы зат экендиги ачык-айкын белгилүү болсо, жана аны кайталап отуруунун зарылдыгы жок деп эсептесе, салыштырууга алына турган ал заттын аты сүйлөм тизмегинде берилбей да калат: Омордун бою бийигирээк. Бул китеп көлөмдүү.

Кээде салыштырууга алынган экинчи заттын аты чыгыш жөндөмдө эмес, барыш жөндөмдө берилип калат. Мындай учурда салыштыруу үчүн алынган заттын атын билгизген сөздөн кийин, сын атоочтон мурун караганда же салыштырганда деген сөздөр пайдаланылат:

Керим Осмонго караганда күчтүү (күчтүүрөөк). Китеп дептерге салыштырганда чоң.

Айрым учурларда -ыраак мүчөсү салыштыруу маанисин бербей эле, заттын (же кыймыл аракеттин) сапаттык белгисинин кандай даражада экендигин жайынча ~~ала~~ туюнтуруп калат: Эт чийкирээк бышыптыр. Осмонкун мүнөзү жумшагыраак.

Басандатма даража. Заттын сын-сыпатынын нормалдуу жай даражага жете бербегендигин туюндурат. Ал төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен заттын өңү-түсүн билдирүүчү жай даражадагы сын атоочтордон жасалат:

1) -ыш: ак- агыш, көк - көгүш. Көгүш көздүү жаш жигит ырайымдуу жүзү менен карыяга жылмая карады (К.Б.). Кездеменин өңү агыш экен.

2) -гыл: кир - киргил. Жааңдан кийин сай толтура киргил суу ташкындап акты.

3) -гылт: сары - саргылт, кызыл - кызгылт, сур-сургулт. Бир аз нымданышкан семиз жердин саргылт топурагы бурт-бурт-гытылып турат (Т.С.). Ысык-Көл кызгылт нурга жүзүн арчып (А.О). Сургулт балчыктар чып-чып этип үн чыгарат (К.Б.).

4) -гылтым: кызыл - кызгылтым. Нурия кызгылтым чыттан көйнөк тиктирди.

5) -гыч: сары-саргыч. Күндүздүн чачы саргыч.

6) -ылжым // -ылжын: көк - көгүлжүм // көгүлжүн, кара-каралжым, ак - агылжым. Көк боз аттын такасы, көгүлжүм көлдүн жакасы ... Ак боз аттын такасы, агылжым көлдүн жакасы ... .

7) -ылтыр: көк-көгүлтүр. Көгүлтүр түтүнү бурк этип, машина жеңей берди (Т.С.).

8) -омук: боз - бозомук. Айлананы бозомук туман каптап турган.

9) -ча: ак - акча. Акча бети нурданып, жибек чачы жалтылдап тизеден өтөт (К.Ж.).

10) -чыл: ак-акчыл. Анын акчыл бети саргайып, нурдуу жүзүн жаш жууйт (К.Ж.).

Бул мүчө сулуу деген сыпаттык сынга уланып да заттын белгисинин бир аз басаңкыраак экендигин билгизет. Салыштыр: сулуу кыз - сулууча кыз.

Сын атоочтун басаңдатма даражасы жуумал, сымак, сымал деген көмөкчү сөздөрдүн жардамы аркылуу да уюшулат: ак - акжуумал келин, көк - көк сымал кездеме, ак - ак сымал тукаба.

Басаңдатма даражаны жасоочу жогорку мүчөлөр өнүмсүз мүчөлөр болуп эсептелет. Алардын кээ бирөө бир — эки эле сөз жалганса, айрымдары үч — төрт сөзгө гана уланат.

Күчөтмө даража заттын белгиси, сын-сапаты жогорку деңгээлде өтө чоң же өтө кичине экендигин көрсөтөт да, төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

1) Эң, өтө, абдан, чылк, эбегейсиз, чымкый, аябай, ашкан, опсуз деген сыяктуу күчөткүч бөлүкчөлөрдүн же күчөтүү маанисиндеги сөздөрдүн сын атоочтор менен айкашып айтылышы аркылуу: эң соңун, өтө чоң, абдан кенен, чылк семиз, чымкый кызыл, эбегейсиз зор, аябай таттуу, ашкан сулуу.

Чурка, Султан, убакыт өтө кыска. - Оо, мунун окуясы өтө кызык, - деди Нурбай (К.Б.). Чымкый кызыл кай бири (Т.Ү.). Сарай кең, опсуз узун (Т.С.).

2) Толук формадагы сын атооч менен анын башкы муунунан кыскартылып түзүлгөн бөлүктү бирге колдонуу аркылуу жасалат: кызылкыпкызыл, таттуу - таптаттуу ж.б.

Бул типтеги күчөтмө даража төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

а) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үндүү тыбыш менен

аяктаса, ал муун тыбыштык составын толук сактайт да, андан кийин п тыбышы кошулуп айтылып, күчөтүүчү бөлүк уюшулат; ал бөлүк ошол эле толук формадагы сын атоочко кошулуп айтылуу менен, күчөтмө даража уюшулат. Мисалы: кара: ка-ра-кап+кара= капкара, жаңы: жа-ңы-жап+жаңы=жапжаңы, кызыл: кы-зыл - кып+ кызыл= кыпкызыл, жарык: жа-рык-жап+жарык=жапжарык.

б) Сын атоочтун башкы мууну үнсүз тыбыш менен аяктаса, ал үнсүз тыбыш тыбыш түшүп калат да, анын ордуна п тыбышы колдонулуп айтылып, күчөтүүчү бөлүк уюшулат: таттуу: тат-туу-тап+таттуу= таптаттуу, жылма: жыл-мажып+жылма=жыпжылма, кыска: кыс-ка-кып+ кыска=кыпкыска, ичке: ип-ичке-ип+ичке=ипичке.

в) Эгерде сын атооч бир эле муундан туруп, үнсүз менен аяктаса, анда ал үнсүздүн ордуна п тыбышы колдонулуп, күчөткүч бөлүк уюшулат да, ал бөлүк ошол эле сын атооч менен бирге айтылып, күчөткүч даража жасалат. Мисалы: көк: көп+көк=көпкөк, түз: түп+түз=түптүз, тик: тип+тик=типтик. Ал эми ак деген сын атооч бир муундан туруп, үнсүз менен аяктаса да, жогорку эрежеге багынбайт, анткени ал ак: ап+ак=апак болуп айтылбастан, аппак же апапак болуп айтылат. Бул экөөнүн ортосунда бир аз стилдик айырмачылыктар бар: аппак - заттын өң-түсүнө байланыштуу сапатты күчөтүп көрсөтсө, аппак - андан да ашыра күчөтүп көрсөтөт. Салыштыр: аппак кар-аппак кар.

3) Күчөтмө даража бир эле сын атоочту кайталап айтып, анын биринчисине илик жөндөмөнүн, экинчисине 3-жактын таандык мүчөсүн жалгоо аркылуу жасалат: сулуунун сулуусу, күлүктүн күлүгү, мыктынын мыктысы, кызылдын кызылы.

Ысык-Көлдөгү жылкы заводунун ал аргымагы күлүктүн күлүгү.

4) Чыгыш жөндөмөдөгү сөздөн кийин күчөткүч да бөлүкчөсү, андан

соң сын атоочтун колдонулушу менен да жасалат: кардан да ак, көөндөн да кооок, үйдөн да чоң, көмүрдөн да капкара.

СЫН АТООЧТОРДУН ЖАСАЛЫШЫ

Сын атоочтор да эки түрдүү жол менен жасалат: морфологиялык жол, синтаксистик жол.

Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы.

Сөз жасоочу мүчөлөрдү жалгоо аркылуу жасалган сын атоочтор морфологиялык жол менен жасалган сын атоочтор болот. Мындай сын атоочтор кайсы сөз түркүмүнүн негизинде жасалгандыгына карай бир нече топко бөлүнөт.

Зат атоочтон жасалган сын атоочтор.

Зат атоочтон сын атоочтор негизинен төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-луу. Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор ар түрдүү маанини туюндурат. Мындай өзгөчөлүк көбүнчө негиздин (уңгунун) мааниси, кээде аныкталуучу сөздүн мааниси менен байланыштуу болот. Аны төмөнкү мисалдардын байкоого болот:

а) Негиз (уңгу) аркылуу туюндурулган нерсенин бар экендиги аныкталуучу заттын белгиси катары көрсөтүлөт: күчтүү жигит, тартиптүү бала, акылдуу адам, билимдүү киши, токойлуу жер.

б) Негиз аркылуу туюндурулган нерсенин көптүгүн, арбын, мол экендигин билгизет: балыктуу көл, таштуу жер, сүттүү уй, далылуу адам.

-сыз. Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор маани жактан -луу мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочторго карама-каршы келет: акылдуу-акылсыз, күчтүү-күчсүз, пайдалуу-пайдасыз, тартиптүү-тартипсиз.

-сыз мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор негизинен төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

а) Үңгү аркылуу туюндурулган нерсенин жок экендигин заттын белгиси катары көрсөтөт: Балалуу үй күлүстөн, баласыз үй көрүстөн (Макал). Ажар бактысыз, Ажар турмуш кулу (К.Б.). Какшаал суусуз чөл, ээн жер боло турган (К.Б.).

б) Кээде бул мүчө аркылуу жасалган айрым сын атоочтор бир нерсенин жок экендигин туюндурбастан, тескерисинче, өтө эле көп экендикти билгизип калат: сансыз (сан жетпеген), эсепсиз (эсеп жетпеген).

Элүүчө төөгө мал алып, эсепсиз күмүш зар алып (Фольк.). Берметтей тизилген сансыз жылдыздар жымыңдашып, жер жүзүнө көрүндү (К.Б.). Бул сүйлөмдөрдөгү эсепсиз, сансыз деген сын атоочтор "эң эле көп" деген мааниде колдонулат.

-дай. Бул мүчө зат атооч, ат атооч, сын атооч, атоочтуктарга жалганат. - дай мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочтор үңгү-сөз аркылуу туюндурулган затка окшоштуктун бар экендигин белги катары көрсөтөт: тоодой толкун, балдай таттуу, пахтадай жумшак, кагаздай жука, сендей күжүрмөн, таң сүргөндөй жарык, Май айынын аяк чени бачайыдай, саймадай (Ж.Б.). Колдорунда биздикиндей соолу жок, мылтыгы бар, жабдыктуу (К.Б.). Суудай суук, оттой тентек (Т.С.).

-дай мүчөсү менен жасалган айрым сын атоочтор өтмө мааниге ээ болуп кеткен. Мисалы: Керим экөөбүз каргадайдан бирге өскөнбүз. Ал аракетибизден кенедей да (кымындай да) пайда чыккан жок. Бул сүйлөмдөрдөгү каргадай, кенедей деген сын атоочтор каргага окшош, кенеге окшош деген мааниде эмес, кичинекей, жаш деген маанини билдирип турат.

- гы, -кы мүчөсү атооч жөндөмөдөгү мезгилдик маанидеги

жана атооч, жатыш жөндөмдөгү орундук маанидеги сын атоочтор-
дон сын атооч жасайт да, затты ошол орун, мезгилге тиешелуулу-
гүнө карай аныктайт: жайкы түн, түнкү сугат, жазгы жамгыр;
четки үй, айылдагы турмуш, шаардагы ишкана.

Кечки сабакты бирге даярдайлы, - деди Гүлай (А.Т.). Жара-
тылыштын жайкы сулуулугун ого бетер көркүнө келтирет (К.Б.).
Колхоздогу оорукана таза жана кенен.

- чыл мүчөсү заттын үңгү сөз түүндурган нерсеге көбүрөөк
жөндөмдүү, шыктуу экендигин, ошого жакындыгын, көндүм болуп,
адаттанып кеткендигин билгизет: уйкучул бала, эмгекчил адам,
ойчул илимпоз, терчил киши, тууганчыл адам. Санаасы жок - уйку-
чул, акылы жок - күлкүчүл (Макал). Тойчубек ойчул, оор басырык
киши эле (К.Б.).

-лык мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочтор анын уюшулушуна
негиз болгон үңгүнүн семантикасына ылайык төмөнкүдөй маанилерди
билдирет:

а) Мезгилди, убакытты, билдирген сөздөргө уланып, ошол
мезгилге ченелгендикти, тиешелүүлүктү түүндурат: айлык план,
кыштык отун,, айлык акы, жылдык киреше, күздүк буудай.

Кыштык отунду эмитен камдоо керек. Быйыл жылдык планды
орундатабыз.

б) Орундук, мейкиндик, маанидеги сөздөргө жалганып, ошол
орунга, мейкиндикке тиешелүү, таандык экендикти билгизет: шаар-
дык оорукана; айылдык мектеп, Оштук пахтачылар, дүйнөлүк ада-
бият.

в) Эмнеге арналгандыкты, жарактуулукту, ылайык экендикти
билгизет: тебетейдик көрпө, костюмдук трико, кементайлык кийиз.

г) Эмнеге, кимге тиешелүүлүктү билгизет: партиялык чогулуш
профсоюздук жыйналыш, макрксисттик илим.

-лык мүчөсү орус тили аркылуу өздөштүрүлгөн сөздөрдөн сын атоочторду жасоодо да активдүү колдонулат: практикалык иш, драмалык чыгарма, агрардык маселе, философиялык илим, химиялык приборлор, морфологиялык талдоо ж.б.

—лык мүчөсү абстрактуу жана конкреттүү маанидеги зат атоочторду жасоого да активдүү катышаары белгилүү: жылуулук, судуулук, жашыл, эрдик, тердик, суудук, түндүк, ооздук, белдик ж.б.

—даш. Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган сөздөр заттын, заттык түшүнүктөрдүн атын билгизсе, - зат атооч, заттын белгиси (катары) колдонулса, сын атооч болот. Салыштыр: жолдош, карындаш, курдаш - зат атоочтор; сырдаш курбум, замандаш жолдошторубуз, классташ балдар - сын атоочтор.

Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор өз уңгусунун семантикалык өзгөчөлүгүнө ылайык заттын төмөнкүдөй белгилерин белгизет:

а) Ата-теги, тууган-туушкандык жагынан кимдир бирөө менен бирге, жакын экендикти көрсөтөт: аталаш тууган, энелеш иним.

б) Орун-аралык маанидеги сөздөрге уланып, оорун—аралык, мейкиндик жагынан кимдир бирөө менен жалпылаш белгини билгизет: айылдыш балдар, короолош адамдар, классташ кыздар.

в) Убакыт—мезгил маанисиндеги сөздөргө уланып, убакыт—мезгил жагынан бирге экендигин, ортоктош экендигин белги катары көрсөтөт: Жаш келин замандаш жолдошунун айткандарын угуп келатат (Т.С.).

г) Ой—сезим менен байланыштуу сөздөргө жалганып, кимдир бирөө менен ойлогон ою, пикири, тилеги боюнча окшош, жакын экендигин билдирет: сырдаш кыздар, тилектеш курбулар, санаалаш абысындар, акылдаш жолдоштор, көңүлдөш курбулар.

д) Кызматы жана айрым башка белгилери боюнча бирдей, ркшош экендигин туюндурат: кесиптеш адамдар, кызматташ жолдоштор, сабакташ бала, классташ жаштар.

-чан мүчөсө аркылуу жасалган сын атоочтор затты сырткы белгисине, кайсы курал, кандай транспорт менен жабдылгандыгына карай аныктайт: тебетейчен бала, тончон киши, жоолукчан аял, көйнөкчөн кыз; мылтыкчан жоокер, атчан киши, велосипедчен бала.

Зат атоочтон сын атоочту жасоочу аз өнүмдүү мүчөлөр да бар. Алар төмөнкүдөр:

-чан мүчөсү айрым сын атоочторго жалганып, алар билдирген белгинин бирөөгө (адамга) өтө мүнөздүү экендигин туюндурат: суукчан адам, ысыкчан киши, оорукчан аял.

-дак мүчөсү менен жасалган сын атоочтор анын үңгусу туюндурган нерсенин бар экендигин заттын белгиси катары көрсөтөт: таштак жер, саздак жер, кумдак жер

-мер мүчөсү аркылуу уюшулган сын атоочтор заттын бир нерсеге өтө шыктуулугун билдирет: Асан-ишмер жигит. Жамыйла болсо шайыр, сөзмөр, суйкайган жарашкер кыз (К.Б.).

-кор мүчөсү менен жасалган сын атоочтор затты бир нерсени жакшы көргөн, ошого берилген белгиси боюнча аныктайт: малкор адам, дүйнөкөр киши, канкор душман, чайкор кемпир, мансапкөр, жалакор, сүткөр, камкор.

-кер. Бул мүчө а) курал-жарактарды билгизген сөздөргө уланып, адамдын ошол куралдар менен аракеттенүүгө көнүккөндүгүн, ыктуулугун көрсөтөт: Найзакер жигиттери бар эле.

б) Бул мүчө менен жасалган бир катар сын атоочтор адамдын ишкердүүлүгүн, бир нерсеге ыктуулугун жана ар түрдүү сапатын көрсөтөт: табышкер адам, айлакер бала, жоокер киши, күнөкөр аял;

боорукер, жарookер, айыпкер, кылмышкер, умуткер, кайраткер,

-кой мүчөсү негизинен абстрактуу зат атоочторго жалганат да, ал туюндурган түшүнүктү заттын сапаттык белгиси катары көрсөтөт: намыской жигит, тамакөй адам, амалкөй бала.

-поз, -боз мүчөсү уланган сөзү билдирген нерсеге адамдын шыктуу экендигин билдирет: өнөрпоз, илимпоз, ышкыбоз.

-дар мүчөсү уңгу сөз билдирген нерсенин затта бир экендигин, заттын ага дуушар болгондугун туюндурат: жарадар жookер, карыздар киши; кусадар, кабардар адам.

-кел, +-саак деген өнүмсүз мүчөлөр да бирин-экин зат атоочтон сын атоочторду жасайт: эткел киши, баласаак адам.

Тутумунда -бей, -на (иран тилинен кирген) бөлүкчөлөрү бар жана -ый мүчөсү мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр да сын атоочтук мааниге ээ: бейтааныш адам, натуура иш, тарыхый эстелик, адабий кружок, диний китеп, маданий революция.

Этиштен жасалган сын атоочтор

Этиштен сын атоочторду жасоочу мүчөлөргө төмнкүлөр кирет:

-гыч. Бул мүчө сөздүн уңгусу билдирген кыймыл-аракетке заттын жөндөмдүүлүгүн, шыктуулугун, ошол кыймыл-аракетти аткарууга арналгандыгын, милдетин туюндурат: сезгич киши, билгич адам, жазгыч акын; күрөгүч машина, көтөргүч кран, көрсөткүч курал, өлчөгүч тараза.

Бул мүчө зат атоочторду да жасайт: сызгыч, учкуч, өчүргүч, тепкич, ачкыч, сүзгүч, туткуч.

-ыңкы мүчөсү сөздүн уңгусу туюндурган абалга заттын дуушар болгондугун белги катары көрсөтөт жана андай сапаттык белгинин бир аз жетишсизирек даражада экендигин туюндурат: кебетеси

жүдөңкү, өңү азыңкы, көңүлү басыңкы, көңүлү көтөрүлүңкү. Бардыгынын да кабактары салыңкы, үнсүз (К.Б.). Өңү азыңкы, кебетеси үрпөйүңкү (Т.С.).

-ык мүчөсү сөздүн негизи (уңгусу) билдирген кыймыл-аракетке дуушар болуудан келип чыккан натыйжаны заттын белгиси катары көрсөтөт: туңук суу, сыңык чыны, өлүк жандар, ачык эшик. Бул мүчөнүн жардамы менен тууранды этиштерден да сын атоочтор жасалат. Алар негиз аркылуу туюндурулган элести, табышты кыймыл-аракеттик белги катары көрсөтөт: жалтылда-к, бол-жура-к, былжыра-к, солкулда-к; шуудура-к, дарылда-к, дарылда-к, балжырак камыр, шуудурак шелк, солкулдак чыбык.

-гыр мүчөсү этиштик уңгу туюндурган кыймыл-аракетке жөндөмдүүлүктү заттын белгиси катары билгизет: алгыр куш, өткүр бычак.

-чаак. Бул мүчө этиштик уңгу билгизген абалга заттын тез, ашыкча ооп кетерин көрсөтөт: уядчаак, таарынчаак, урушчаак, мактанчаак, кызганчаак, эринчээк, унутчаак бала, урушчаак киши, таарынчаак кыз, жалтанчаак ат.

-калак// -калаң мүчөлөрү этиштик уңгу билдирген кыймыл-ара кеттин, абалдын адамдын мүнөзүнө айлангандыгын белги катары көрсөтөт: шашкалак// шашкалаң киши, күйкөлөк адам, уганаак кемпир. Чаргын шашкалак башка сөзгө көлбей жөнөп кетти (Т.С.).

-гыс мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган маанини жокко чыгарып, танып, ага карама-каршы келген түшүнүктү заттын белгиси катары көрсөтөт: унутулгус күндөр, түгөнгүс күлазык, таанылгыс өзгөрүш, кайра кайткыс жол, көңүлдөн кеткис так.

-гын мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочтор этиштик уңгу билдирген кыймыл-аракет менен байланышкан белгини көрсөтөт: келгин

куш, качкын киши, өткүн жаан, азгын адам.

-арман. Бул мүчө этиштик уңгу туюндурган кыймыл-аракетке заттын (адамдын) жөндөмдүү экендигин туюндурат: билерман адам, адарман адам, көрөрман киши, чабарман адам.

-анак мүчөсү менен жасалган сын атоочтор өз уңгусу билдирген кыймыл-аракетке заттын (айбандын) ылдам ооп кетерин, андай белги анын мүнөзүнө айлангандыгын көрсөтөт: кабанак ит, сүзөнөк уй, тебенек ат, качанак жылкы, тиштенек ат.

-ма мүчөсү менен жасалган сын атоочтор:

а) заттын негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетке дуушар боло турган белгисин көрсөтөт: оолуктурма иш, дүүлүктүрмө дары, ээликтирме оору, ууктурма, кызыктырма, оолукма киши, ээликме оорусу бар.

б) Этиштик уңгу туюндурган кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда болгон же ошого окшошуп жасалган белгини билгизет: чийме каш, өрмө камчы, сокмо дубал, тордомо коон.

в) Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетке, абалга келе турган белгисин билгизет. Мындай маанидеги сын атоочтор туюк жана өздүк мамиледеги этиштерден жасалат: эшилме кум, ачылма терезе, асынма мылтык, эзилме чопо.

-ынды. Бул мүчө этиштик уңгу билгизген кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда боло турган белгини туюндурат: асыранды бала, туунду этиш, кесинди чүпүрөк, куранды төшөк, уланды жип.

-ыш мүчөсү этиштик уңгу туюндурган маани менен заттын ортосунда жалпылыктын, байланыштын бар экендигин белги катары көрсөтөт: окшош буюм, тааныш киши.

-гак. Бул мүчө заттын этиштик уңгу аркылуу туюндурулган кыймыл-аракет менен мүнөздөлүүчү белгисин көрсөтөт: соргок киши, тайгак жол.

Сын атоочтун сын атоочтон жасалышы

Сын атоочтон сын атоочту жасоочу мүчөлөр сан жагынан анча көп эмес. Алар бардык эле сын атоочторго жалгана бербейт. Негизинен өңдү-түстү билдирүүчү айрым сапаттык сын атоочторго гана уланып, жаңы маанидеги сын атоочторду жасайт. Андай сын атоочтор заттагы белги нормалдуу толук белгиси жете бербегендигин, заттын сын-сыпатынын бир аз төмөндүгүн, жетишсиздигин туюндурат.

Сын атоочтон сын атоочту жасоочу мүчөлөр төмөнкүлөр:

1) -гылт: саргылт, кызгылт;

2) -гыл: саргыл, кызгыл, киргил;

3) -гылтым: кызгылтым;

4) -ылжым: агылжым, караңжым, көгүлжүм;

5) -ылтыр: көгүлтүр;

6) -ыш: агыш, көгүш;

7) - гыч: саргыч;

8) -омук: боз омук;

9) -чыл: Акчыл жүзү нурданып турат.

10) -ча: Акча бети нурданып, жибек чачы жалтылдап тизеден өттү (К.Ж.).

Бул мүчөлөрдүн баары-өңүмсүз мүчөлөр: эки-үч сапаттык сынга, айрымдары бир эле сын атоочко жалганып, заттагы белгинин нормалдуу толук сапатка жете бербегендигин туюндурат.

Ушинтип, сын атоочтор морфологиялык жол менен көбүнчө зат атоочтордон жана этиштерден жасалат. Ушуну менен бирге, башка сөз түркүмдөрүнөн жасалган бир аз сандагы сын атоочтор да кездешет: бүгүнкү (иш), кечээки (окуя), эртең менен+ки (аба) -- тактоочтордон жасалган сын атоочтор; мен+дей (иште), сен+дей, сидер+дей (окуйм) - ат атоочтон жасалган сын атоочтор.

Жогоруда көрсөтүлгөн мүчөлөрдүн ичинен -лык, -лаш, -кер, -кеч, -поз, -кор, -ма, -ык, -гыч, -ынды мүчөлөрү зат атоочту жасоого да, сын атоочту жасоого да катыша алат. Аларды негизинен төмөнкү белгилери боюнча бири-биринен айырмалоого болот: а) заттык маанини туюндурса, сүйлөм тизмегинде ээлик же толуктоочтук милдетти аткарса, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрсө, зат атооч болот; б) сын-сыпаттык белгини билгизсе, аныктоочтук милдетти аткарса, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөсө, сын атоочтук мааниде колдонулат. Мисалы: 1) Көрүндүктү китеп окуп отурган кичинекей кызга бердик. 2) Күздүк буудайлар баш алып кетти. 3) Арабакеч аттарына жем берди. 4) Керим - менин асылкеч курбум. Ал экөөбүз көп жылдардан бери бирге иштейбиз.

Мында биринчи мисалдагы -лык мүчөсү менен жасалган көрүндүктү деген сөз - зат атооч, себеби ал заттык түшүнүктүн аталышын билдирип, табыш жөндөмөдө турат (көрүндүктү), сүйлөмдө эмнени? деген суроого жооп берип, толуктоочтук милдетти аткарууда. Экинчи сүйлөмдөгү ошол эле -лык мүчөсү аркылуу жасалган күзүмүк деген сөз сын-сыпаттык маанини билгизип, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берип, сүйлөм ичинде аныктоочтук милдетти аткарып турат, ошондуктан бул сын атооч катары каралат. Мындай учурда бул сөз (сын атооч) сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен (жөндөмө, таандык, сан категорияларын боюнча) өзгөрө албайт. Үчүнчү сүйлөмдөгү арабакеч деген сөз - зат атооч, анткени ал заттык түшүнүктү билгизип, атооч жөндөмөдө турат, ким? деген суроого жооп берип, ээлик милдетти аткарууда. Ал эми 4-сүйлөмдөгү ошол эле -кеч формасындагы асылкеч деген сөз сын-сыпаттык маанини түшүндүрүп, кандай? деген суроого жооп берип, аныктоочтук милдетти аткарды, ошол себептүү бул сөз сын атооч деп эсептедет; бул

сын атооч болгондуктан, сөз өзгөртүүчү мүчөдөр менен өзгөрө албайт. Демек, зат атоочту да, сын атоочту да жасай ала турган мүчөлөрүн сөз болуп жаткан учурда кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү сөздү жасагандыгын так ажырата билүү үчүн алардын жогоркудай белгилерине өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Сын атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы.

Эки же андан артык сөздүн туруктуу айкашынан түзүлгөн сын атоочтор синтаксистик жол менен жасалган болот. Андай түзүлүштөгү сын атоочтор татаал сын атоочтор деп да аталат. Татаал сын атоочтор кош сөздөр түрүндө жана кошмок сөздөр түрүндө кездешет.

Кош сын атоочтордун компоненттери өз алдынча маанини туюндурушу жагынан түрдүүчө болот (жазууда кош сын атоочтордун компаненттеринин арасына дефис коюлат):

I) Ар бир компоненти өз алдынча мааниге ээ болгон кош сын атоочтор: эстүү-баштуу, жылуу-жумшак, удуу-кичүү, илимдүү-билимдүү, ак-кара.

2) Бир компоненти өз алдынча мааниге ээ болгон, экинчиси толук мааниге ээ болгон кош сын атоочтор: кызыл-тазыл, эски-уску, майда-чүйда, жаман-жуман, оңой-олтон, жоон-жолпу.

3. Эки компоненти тең өз алдынча мааниге ээ болбогон кош сын атоочтор: одур-бодур (жер); оргу-баргы (киши).

Кош сын атоочтор I) ар башка формадагы сын атоочтордун жупталып айтылышы аркылуу, 2) бир эле сын атоочтун кайталанып айтылышы аркылуу жасалат.

Ар башка формадагы сын атоочтордун жупталып айтылышы аркылуу жасалган кош сын атоочтордун компоненттери өз ара маанилеш (акыл-эстүү, өңдүү-түстүү, алдуу-күчтүү) же карама-каршы маани-

леш (улуу-кичүү, чоң-кичине, жакшы-жаман, жаш-кары, ачуу-таттуу) болот.

Бир эле сын атоочтун кайталанып айтылышы аркылуу жасалган кош сындардын төмөнкүдөй түрдөрү бар:

а) Бир эле сын атоочту өзгөртүүсүз кайталоо аркылуу жасалгандар: чоң-чоң, узун-узун, бодур-бодур, бийик-бийик (үйлөр), сонун-сонун (китептер), түркүн-түркүн (гүлдөр).

б) Бир эле сын атоочту тыбыштык жагынан анча-мынча өзгөртүү менен кайталоо: эски-уску, жаман-жуман, жакын-жукун (кишилер), тааныш-туунуш (адамдар).

Кош сын атоочтордун түзүлүшү да ар түрдүү:

а) Ар бир компоненти уңгу түрүндө турган кош сын атоочтор: ак-кара, жоон-ичке, чоң-чоң, узун-узун, бийик-бийик.

б) Бир компоненти уңгу түрүндө, экинчиси мүчөлүү түрдө айтылган кош сындар: аң-сезимдүү, акыл-эстүү, таалим-тарбиялуу, мал-мүлктүү, бала-бакыралуу.

в) Ар бир компоненти мүчөлүү түрдөгү кош сын атоочтор: акылдуу-эстүү, баштуу-көздүү эле адамдар, акылсыз-эссиз.

Кошмок сын атоочтордун компоненттери көбүнчө төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнөн болот (жазууда алардын компоненттери бири-биринен бөлөк жазылат):

1) Ар бир компоненти сын атоочтон болот: кара күрөң, кара тору, кара көк, ак куба, дашыл ала, сары ала, көк ала, кызыл ала, кара кашка, жээрде кашка.

2) Сын атооч менен зат атоочтон болот: ак пейил (киши), ак көңүл (бала), кара көз, кара каш, кырдач мурун (жигит).

3) Тубаса сын атоочтун -луу формасындагы туунду сын атооч менен айкашып айтылышы аркылуу жасалат: жазы маңдайлуу, кең далылуу, кара каштуу, узун бойлуу, чокчо сакалдуу, нурчуздуу.

4) Зат атооч менен зат атоочтун айкашы аркылуу түзүлөт: теке сакал (киши), кыргый кабак.

Сын атоочтук маанидеги фразеологиялык айкаштар да көп кездешет: колу ачык = март, берешен, ачык ооз - укканбилгенин айта бере турган, кезу ачык = ар нерсени көрө билген, тили узун = өтө сүйлөөк, ичи тар = башкалардын ийгилигин көрө албаган, кызганчаак ж.б.

Көп сандаган татаал сын атоочтор орус тилинен сөзмө-сөз которуу жолу менен (калька жолу менен) пайда болду: саясий-маданий, идеялык-теориялык, илимий-техникалык, аскердик-патриоттук, коомдук-саясий, социалдык-экономикалык ж.б.

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу (субстантивдешиши).

Бир катар сын атоочтор сүйлөм ичинде колдонулганда, кээде заттык маанини түюндуруп калат. Мисалы: Кызыл оңбос болсочу, кыз кубарбас болсочу (Токтогул). Ач кадырын ток билбейт (Макал). Бул сүйлөмдөрдүн ичиндеги кызыл деген сөз "кызыл өң", "кызыл түс" деген заттык маанини, ач, ток деген сын атоочтор "ач киши", "ток киши" деген заттык маанини билдирип турушат.

Сын атоочтор көбүнчө төмөнкү учурларда заттык мааниге ээ болот:

а) Сын атооч дайыма өзүнөн кийинки айкашып турган заттын туруктуу белгисин билдирери баарыга маалим. Кээде сын атоочтон кийинки аныкталып турган зат атооч түшүп калат да, анын заттык мааниси алдындагы сын атоочко өтүп, ал заттанган түшүнүктү билдирип калат. Эгерде түшүп калган аныкталгыч сөз мүчөлүү болсо, ал мүчө заттык мааниге өткөн сын атоочко жалганат. Мындай учурда сын атоочко жалганган мүчө түшүп калган аныкталгычтын грамматикалык кандай формада экендигин көрсөтөт.

Салыштыр: Жаман киши жоого алдырат, жаман сөз доого калтырат. - Жаман жоого алдырат, жаман сөз доого калтырат (Макал). Жакшы адамга жалынсаң, жан калат, жаман адамга жалынсаң, бир кашык кан калат. - Жакшыга жалынсаң, жан калат; жаманга жалынсаң, бир кашык кан калат (Макал).

б) Аныкталып турган зат атооч мурунку сүйлөмдө белгилүү болсо, аны кийинки сүйлөмдө да кайталап айтуунун зарылчылыгы болбой калат. Мындай учурда анын ордуна сын атоочтук аныктоочу колдонулуп, заттанган түшүнүктү туюндуруп калат. Мисалы: Базарга бир тору жорго, бир кара жорго түшүптүр. Торусун мен сатып алдым, карасын Эмилбек алды.

Бирок сын атоочтор семантикалык жактан заттанышканда (субстантивдешкенде), биротоло зат атооч түркүмүнө өтүп кетпейт. Мындай учурда алар бир эле мезгилде сыпаттык маанисин да сактоо менен бирге, контекстке ылайык ошондой сыпатка, белгиге ээ болгон затты да билгизет.

Мисалы: Жашыл оңот, жаш чоңоёт (Макал). Жакшыдан жаман туулса - чыгаша, жамандан жакшы туулса - киреше (Макал). Абийирдүүгө ажалдуу кийик жолугат (Макал).

Заттанган сын атоочтор заттык маанини туюндургандыктан, зат атооч сыяктуу жөндөмө, көптүк, таандык мүчөлөр менен өзгөрө алат. Сүйлөм ичинде ээлик, толуктоочтук милдетти, илик жөндөмөдө келгенде аныктоочтук милдетти аткара берет: Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок (Макал). Ачуулунун алдына турба, атасына карабас (Макал). Кызылдар Көр Шерматты биротоло талкалады ("КМ"). Жаман өз камын ойлойт, жакшы эл камын ойлойт (Макал).

Тилдин өнүгүү процессинде кээ бир субстантивдешкен сын атоочтордо сын-сыпаттык маанespecially караганда, лексикалашкан заттык маани-

си басымдуулук кыла баштагандыгы байкалат.

Мисалы: Суу куйса төгүлгүс жорго. Эмгек балбанын куттуктайбыз. Балбандар күрөшкө чыгууга даяр. Ачууңузду токтото туруңуздар, баатыр (Т.С.). Шаарда карылар чайканасы курулду.

Бул сүйлөмдөгү белгиленген сөздөрдү лексикалашып кеткен зат атоочтор деп кароого болот.

си басымдуулук кыла баштагандыгы байкалат.

Мисалы: Суу куйса төгүлгүс жорго. Эмгек балбанын куттуктайбыз. Балбандар күрөшкө чыгууга даяр. Ачууңузду токтото туруңуздар, баатыр (Т.С.). Шаарда карылар чайканасы курулду.

Бул сүйлөмдөгү белгиленген сөздөрдү лексикалашып кеткен зат атоочтор деп кароого болот.

ЧЕЧЕЙБАЕВА НАКИН

САН АТООЧ

Сан атоочтор абстрактуу сандык түшүнүктөрдү атап көрсөтөт, ~~ошондой эле~~ заттын ~~конкреттүү~~ санын, иретин билдирет, канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө? деген суроолорго жооп берет.

Сан атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн өзүнө мүнөздүү болгон семантикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилери боюнча айырмаланып турат.

Семантикасы боюнча сан атоочтор абстрактуу сандык түшүнүктөрдүн атын, заттын санын же иретин билдирет: эки, төрт, алты,, отуз, жүз; жыйырма алтыны кошсо - жыйырма алты. Отуздун жартысы - он беш. Тыныбектин айылы баш-аягы отуз беш түтүн (К.Каимов). Малиновскийдин колунан төрт каракчы сойлоду ("Кырг. аял".). Найзачылардын экинчи тобуна Беке баатыр менен Бука баатыр түштү (К.Каимов).

Морфологиялык өзгөчөлүгү: сан атоочтун өзүнө гана мүнөздүү болгон сөз жасоочу мүчөлөрү бар. Алар: иреттик санды жасоочу -ынчы, -инчи мүчөсү, жамдама санды жасоочу -оо, -өө мүчөсү: алтынчы, бешинчи, онунчу, үчүнчү; алтоо, бешөө, үчөө.

Бөлчөк сандардын жасалуу жолдору да сан атоочко гана мүнөздүү болгон грамматикалык ыкмага жатат: экиден үч, төрттөн бир, бир бүтүн ондон эки, эки бүтүн бештен үч.

Булардан тышкары -лап, - ланган, -ча, -дай ~~сыяктуу~~ мүчөлөрүнүн белгилүү бир даражада сан атооч менен да катышы бар деп айтууга болот. Анткени чамалама сан атоочтор негизинен ушул мүчөлөрдүн жардамы менен гана уюшулат: жыйырмача окуучу, отуздай бала, малы жүздөп саналат.

Сан атоочтор, зат атоочтон айырмаланып, сан категориясы боюнча дээрлик өзгөрбойт (көптүктү билдирүүчү -лар мүчөсү жалганбайт), себеби алар өзүнүн ички мааниси боюнча сан жөнүндөгү түшүнүктү билдирип турат. Ырас; кээде эсептик сан атоочко көптүк сандын -лар мүчөсү уланып айтылат. Бирок мындай учурда ал көптүк маанини эмес, болжолдоо—чамалоо маанисин туюндурат: Жапаркул узун бойлуу, арыкчырай жашы отуздарга барып калган кубагай жигит... (К.Маликов). Саат ондордо жолго чыгабыз.

Айрым учурда иреттик сан атоочтор заттык мааниге ээ болуп (субстантивдешип) көптүк -лар мүчөсүн кабыл алган учурлар кездешет: Онунчулар (онунчу класстагы окуучулар деген мааниде) эртең экскурсияга чыгышат.

Сан атоочтордун жөндөмө, таандык, жак мүчөлөр менен өзгөрүү мүмкүнчүлүгү да зат атоочтордукуна караганда бир кыйла айырмалуу. Зат атоочтор, адатта, жөндөмө, таандык, жак мүчөлөр менен эркин түрдө өзгөрө берет. Ал эми сан атоочтор болсо бардык эле учурда эмес, негизинен, абстрактуу сандык түшүнүктү билдиргенде же затташкан мааниде (субстантивдешкенде) колдонулганда гана жөндөмө, таандык, жак мүчөлөр менен өзгөрө алат: Бешке экини кошсо, жети болот. Бирдин иши чөл, миндин иши көл (Макал). Быйыл онунчудан окуйт, айланайын (М.Алыбаев). Зина үчөөнү тең чакырып келди (Ш.Б.).

Жайнакка окшогондордун ону кошулар, жүзү кошулар, мини кошулар (Ч.А.). Ырчыдан жүз элүүсү катышкан (К.К.). Бири кичине, экинчиси чоң ("Кырг.аял".).

Ошондо мен он бирдемин (М.Э.). Бир класста отузбуз. Биз тогузунчубуз. Сиз үчүнчүсүз.

Синтаксистик белгиси боюнча сан атоочтор көбүнчө аныктоочтук, баяндоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарышат. Абстрак-

~~Так~~ сандын түшүнүктү билдиргенде жана затташкан мааниде колдонулганда ээлик, толуктоочтук милдетти да аткара берет: Беш жүз ирик айдатып, Анжиянга баратат (Т.С.). Узун такалуу туфлийи кипкичине, балким, отуз тортунчу номерокшойт (Н.Б.). Эл ортонун элүү (Макал). Саякатка чыгуучу окуучулардын саны - он беш. Атам мени эки-үч муштап жиберди (К.Ж.). Бешик баласы беш түлөйт (Макал). Жыйырма онго бөлүнөт. Үчүнчүсү - алтымыштан ашып калган аял киши (Т.С.). Билген минди башкарат, билбеген миңге кошулат (Макал). Анын бири наркынын үчтөн экисин төлөдү, а беркиси үчтөн бирин төлөдү ("Апендинин жоруктары").

Сан атоочтор лексика-семантикалык жактан негизинен заттын санын, иретин билдирет. Ошондуктан алар сүйлөм тизмегинде келгенде, көбүнчө зат атооч менен айкашат; кээде этиш сын атооч менен да айкашып айтылат. Алар айкашкан сөзү менен негизинен ыкташуу, кээде башкаруу жана өз ара багынуу жолдору менен байланышып, сөз айкашын түзүшөт.

Сан атоочтун зат атооч менен айкалышы: Ар бир саанчы он сегиз үйдү тейлейт ("К.Т"). Экинчи күнү орок башталды (К.К.). Ончакты чабырды бөлүп калтырдым (Ш.Б.).

Этиш менен айкашы: Нысапсызга кашык салса, беш ууртайт (Макал). Адам бул жарык дүйнөгө эки келбейт.(Т.С.).

Эгерде сан атооч абстрактуу сандык мааниде же субстантивдик мааниде колдонулса, этиш менен башкаруу жолу аркылуу да байланышат: Шафкат наңды үчкө бөлдү (Б.Жакиев). Жалаң гана төөдөн бешти бербедикпи?(А.У). Экөөбүз онунчуда бирге окуганбыз. Кою жүздөн ашат (А.У.)

Сан атоочтор абстрактуу сандык мааниде же субстантивдик мааниде колдонулуп, зат атооч менен ~~байланышат:~~ айкашса, өз ара багынуу жолу менен байланышат.

Мына, жашым быйыл так жетимиштин кыринда (Ж.Мавлянов). Экөөнүн аракети ушунда (Ш.Б.). Ондун жартысы - беш.

Сын атооч менен айкашы: Сан атоочтор, адатта, сапаттык сын атоочтор менен айкаша албайт, себеби алар саналып айтылбайт. Бирок эсептик сандар, айрым иреттик, чамалама сандар жана -да+гы формасындагы эсептик сан атоочтор -луу, -дай, -лык мүчөлөрү аркылуу зат атоочтон жасалган кээ бир катыштык сын атоочтор менен айкашып айтылат. Себеби андай катыштык сындардын түзүлүшү негизи зат атооч болгондуктан, аны менен сан атооч айкаша берет: Кырк төөлүү кыдырбайдан бирди гана алды (Тоголок Молдо). Кыркынчы номерлүү үй. Үч жыл мага үч кылымдай сезилген (А.Т.). Төрт кишилик комнатада. Мандайына караганда жыйырма бештеги жигиттей көрүнду (М.Байжиев).

Сан атоочтун негизги бир өзгөчөлүгү: ал башка сөз түркүмдөрү сыяктанып, бөлөк сөздөрдөн жасалбайт. Бирок ал башка түркүмдөгү төмөнкүдей жаңы сөздөрдүн жасалышына негиз боло алат.

I. Зат атоочтордун (жасалышына:) бирдик, ондук, жүздүк, жетилик, үчүлүк, биримдик; отуз миңчи; Жетиген.

2. Сын атоочтордун (такгоов, -гыш сөздөрүн) жасалышына: бирдиктүү, бирдей (пикирибиз бирдей); ~~тактоочу~~ бирге (бирге келдик), бирде (бирде келет, бирде келбейт), биротоло; ~~этиш~~ экөөлө, үчөөлө, экөөлөп, үчөөлөп, биринде (биринден кетти).

Сан атоочтордун башка сөздөр менен ~~түзүктүү~~ айкашып айтылышы ~~менен~~ (аркылуу) да төмөнкүдей жаңы, татаал сөздөр жасалат:

а) зат атоочтор: тогуз (ат, тогуз (карын, кырк (аяк, жети (токоч, беш (манжа,, төрт (кул, экилтик (эки-ил-тик), үчилтик, бешилтик, беш жылдык, үч бурчтук, "Миң кыял", "Тогуз кайрык" (күүнүн аттары), беш (атар, тогуз (кумалак, тогуз (коргоол; үч (тапан, беш (тапан (оюндун аттары), Үч Аркар, Алты Аркар, Жети

Аркар (астрономиялык аттар), кырк муун, (чөптүн аты), кырк аяк (курттун аты), алтыгана, төрттулук - уй айбандарынын түрлөрү (жылкы, уй, төө, кой - эчки), беш тулук (жылкы, кой, уй, төө, эчки) кырк көйнөк (жаңы төрөлгөн бала кырк кырк күнгө толгондон кийгизе турган көйнөк), кыркчилтен (миф, көзгө көрүнбөгөн, укмуштуу касиетке ээ болгон нерсе), беш тогоол (жаз айынын аты), алты сан (адамдын бардык мүчөлөрү), бир тууган, кыргызча айдын аттары: бирдин айы (февраль), үчтүн айы (январь), бештин айы (декабрь) жетинин айы (ноябрь), тогуздун айы (октябрь) он башы, эдуу башы, жуз башы, миң башы; географиялык аттар, адамдын энчилүү аттары: Тогузбулак, Жетиөгүз, Миңдөбө, Үч терек, Он бир жылга; Алтымышев, Алтымышбай, Жетикашка.

б) Ат атоочтор: ар бир, бир нече, кээ бир, бир канча, бир деме, кайсы бирөө, кимдир бирөө, кандайдыр бир, эч бир.

в) тактоочтор: бир күнү, жети түндө, бир кезде, бир оокумда, бир маалда, бир аз, бир паста, бир топ, бир кыйла ж.б.

Сан атоочтор да, сын атооч сыяктанып, субстантивдешет, б.а. заттык мааниде колдонулат. Стилдик максатта, б.а. ойду кыскараак берүү максатында өзүнөн кийинки аныкталып турган зат атооч түшүрүлүп атылат да, анын заттык мааниси аныктап турган сан атоочко өтөт. Эгерде аныкталып турган зат атоочко (өтөт) Эгерде аныкталып турган зат атоочко уланган мүчө (жөнөкөө, таандык, жак уланды) болсо, ал субстантивдешкен сан атоочтун аягына барып жалганат, жана ал мүчө түшүп, калган зат атоочтун кандай грамматикалык формада болгондугун көрсөтөт. Сан атоочтор субстантивдешкенде, бир эле мезгилде сандык да, заттык да маанини туюндуруп турат: Алтынчы класстын балдары экскурсияга кетишти. - Алтынчынын балдары экскурсияга кетишти. Эки жуз сомду Алымга бердим. - Эки жүздү Алымга бердим. Зуура - үч баланын энеси. - Зуура үчтүн энеси.

Кээде субстантивдешкен сан атоочтун кайсы зат атоочтун ордуна колдонулгандыгы өзүнөн мурунку сүйлөмдөн же өзүнүн алдындагы сөздөн белгилүү болуп турат: Сабыке дагы эки тал папирос сурады. Мен бешти кошуп бердим (М.Ал.). Бөжөктөрдүн эң улуусу өтө жоош, тил алчаак болгондуктан, коен аны жоош деп, экинчисинин кулактары узун болгондуктан, узун кулак деп, үчүнчүсүн тамакты көп сурагандыгы үчүн сугалык дей турган ("Жаш Ленинчи"). Он тогуз кызыл аскерден жетиси гана калды (А.Т.)

Көпчүлүк учурда субстантивдешкен сан атоочтун кайсы зат атоочтун ордуна колдонулгандыгы сүйлөмдүн жалпы кырдаалына эле белгилүү болуп турат: Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат (Макал). Антип — минтип мага акыл киргиче, отуз бу өтүп, кырку келип жармашты (Р.Шүк.). ("отуз жаш", кырк жаш" деген мааниде). Чөнтөгүнө беш миң салып жөнөтүптүр деген көп бар (К.Бобулов). ("Беш миң сом" деген мааниде).

Жамдама сан атоочтор мааниси боюнча сандык түшүнүктү да, заттык түшүнүктү да ичине камтыйт. Ал гана эмес, аларда чыныгы сандык мааниге караганда заттык мааниге басымдуурак кылат. Ошол себептүү жамдама сан атоочтор сан атоочтун башка бүрлөрүнө караганда субстантивдик мааниде кеңири колдонулат да, бир нече затты бир сөз менен жалпылап түшүндүрөт: Үчөө бир уяда жаткан немедей ынтымактуу болушту (М.А.) Алар душмандардын жетөөнүкөрүштү ("ЛЖ").

Кыргыз тилинде сан жөнүндөгү түшүнүктү билгизе алган жарты, жалкы, эгиз, кош, жуп, аз, көп деген сөздөр бар. Бирок булар сан атоочко жатпайт. Анткени алар, биринчиден, эсептик сандар сыяктуу эсептөө системасын түзө албайт, ошол себептүү эсептик сандар бир, эки, үч ... (чек санолат) же эки, эгиз (кош, жуп), үч (бирок бир, жалкы, эки, үч)

төрт... болуп саналбайт. Экинчиден, ар кандай эсептик сандан тиешелүү мүчөлөрдүн жардамы менен иреттик, чамалама, жамдама сан атоочторду жасоо мүмкүн болсо, жогорку сөздөрдөн сан атоочтун андай түрлөрүн жасоого мүмкүн эмес. Ошондой эле, сан атоочтор сан жөнүндөгү түшүнүктү ачык-айкын, билгизсе, аз, көп деген сөздөр сан жөнүндөгү түшүнүктү ачык-айкын, так билгизе албайт, бир нерсенин көптүгүн же аздыгын жалпылап гана туюндурат. Ошондуктан, жогорудагы сөздөрдү жалпы жонунан сандык маани деги сөздөр деп гана кароо зарыл. Алардын ичинен көп, аз сан-өлчөм тактоочтор, жарты, жалкы, эгиз, кош, жуп көбүнчө сын атоочко жакын (сын атооч): эгиз козу, жарты нан, кош терек. Сан атоочтор түзүлүшүнө карай 1) жөнөкөй сан атооч, 2) татаал сан атооч деп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй сан атоочтор бир сөздөн турат: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, адтымыш, жетимиш, жүз, миң. Азыр жөнөкөй сан атооч катары эсептелинген сексен, токсон, дегендер тилдин өнүгүш тарыхында татаал сандан жөнөкөй санга айланган: сексен (сегиз+он), токсон (тогуз+он).

Бул сан атоочтор алтай, тува, хакас тилдеринде азыр да эки компоненттен турат: хакас. сигизон, тогызон; алтай. сегизен, тогузон.

Татаал сан атоочтор эки же андан көп сөздөн турат. Алар тилибиздеги негизги жыйырма бир сандын (бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, токсон, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, жүз, миң, миллиард) өз ара айкашып айтылышы менен түзүлөт. Татаал сан атоочтор эки түрдүү түзүлүштө колдонулат:

1) Кош сөздөн түрүндө, 2) кошмок сөздөн түрүндө.

Кош сөздөн түрүндөгү сан атоочтор төмөнкүдөй түзүлүштө кездешет:

а) жөнөкөй сан менен жөнөкөй сан кош айтылат: бир-эки, эки-үч, беш-алты, он-жыйырма, отуз-кырк;

б) жөнөкөй сан менен татаал сан кош айтылат: жыйырма-жыйырма беш, отуз-отуз беш, он-он беш, кырк-кырк беш;

в) татаал сан менен татаал сан кош айтылат: он эки-он үч, эки жүз- үч жүз, беш миң - алты миң, төрт жүз - беш жүз.

Кошмок сөздөн түрүндегү сан атоочтор төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

а) жүзгө чейинки татаал сандар ондукту билгизүүчү сандар менен бирдикти билгизүүчү сандардын айкашып айтылышы аркылуу (менен) уюшулат: он+бир, он+беш, жыйырма+жети, отуз алты, сексен беш, токсон тогуз.

б) жүздөн миңге чейинки татаал сандар "жүздүк + бирдик + ондук + бирдик" сандардын бири бири менен айкашып айтылышы аркылуу уюшулат: эки+жүз+элүү+беш, жети жүз сексен алты, тогуз жүз токсон тогуз.

в) Миңден жогору (к) татаал сандар "бирдик + миңдик + бирдик + жүздүк + ондук + бирдик" сандардын өз ара айкашып айтылышы менен түзүлөт: сегиз + миң + тогуз + жүз + кырк + алты, тогуз миң сегиз жүз жетимиш беш, жети миң алты жүз токсон тогуз.

Мындан жогорку сандар да жогоруда көрсөтүлгөн 21 негизги сандын өз ара айкашып айтылышы аркылуу жасала берет: эки жүз он миң тогуз жүз элүү эки (эки+жүз + он+миң + тогуз+жүз + элүү+эки), эки жүз элүү миллион беш жүз жыйырма миң алты жүз сексен беш (эки+жүз+элүү+миллион + беш+жүз + жыйырма+миң + алты+жүз + сексен+беш).

Кыргыз тилиндеги сан атоочтор маанилик жана грамматикалык жактарынын өзгөчөлүктөрүнө карай 6 топко бөлүнөт: эсептик сан, иреттик сан, ~~иреттик сан~~, чамалама сан, жамдама сан, бөлчөк сан, топ сан.

ЭСЕПТИК САН

Эсептик сан атоочтор абстрактуу сандык түшүнүктөрдүн атын, же кандайдыр бир заттын (кээде кыймыл-аракеттин) санын билдирет.

Эсептик сан атоочтор зат атооч менен байланышпай, өз алдынча колдонулганда, абстрактуу сандык түшүнүктү туюндурат: беш, жыйырма, жүз, миң...

Алтымыш отузга бөлүнөт. Онго экини кош. Ал эми зат атооч менен, кээде этиш менен айкашып, аның санын көрсөтүп келгенде, эсептик сандын абстрактуу мааниси такталып, конкреттешип, эмненин санын көрсөткөндүгү ачык көрүнөт: беш жүз кой, он беш машина, жыйырма стол. Ал силердин үйгө үч келди.

Эсептик сан атоочтор жогорудагыдай заттын же кыймыл-аракеттин санын көрсөткөндө, аны менен ыкташып байланышып, сүйлөмдө аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат; баяндоочтук милдетти да аткара берет: Ал он дептер сатып алды. Алым сени издеп эки келди. Класстагы окуучулардын саны жыйырма беш. Эсептик сан атоочтор абстрактуу мааниде же затташкан (субстантивдешкен) мааниде колдонулганда, ээлик, толуктоочтук, баяндоочтук милдетти да аткарат: Жыйырма онго бөлүнөт. Көбүктөнгөн күлүү аттай аркырап, жыйырма беш жетип келди чапкылап (А.О). Тиги ээрчишип жүргөн козулар эки жүзгө жетеби? (Ш.Б.). Мына, тубары төрт жүз токсон (Ш.Б.). Бышыктоочтук милдетти да аткара алат: Нысапсызга кашык салса, беш, жүрттайт (Макал). Ал он экиде чыккан боюнча сигизде араң келди ("Жаштык сапар").

Эсептик сан атоочтор абстрактуу сандык түшүнүктү билдиргенде же заттык мааниде колдонулганда, жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрөт: отуздун, отузга, отузду, отузда, отуздан. Онду экиге бөлсө, бештен тиет. Бирдин иши - чөл, миңдин иши - көл (Макал).

Эсептик сан атоочтор таандык категориясы жана жак категориясы менен бир кылка өзгөрбөйт; айрымдарына бул мүчөлөр жалганса, айрымдарына жалганбайт; кээ бирөөлөрү бул мүчөлөр менен ырааттуу түрдө өзгөрө албайт. Алсак, менин сегизим, сенин сегизиң, силердин сегизиңер ж.б. деп практика жүзүндө айтылбайт. Себеби чыныгы сандык түшүнүктү үч жактын бирине, кимдир бирөөгө таандык кылып айтууга болбойт. Бирок эсептик сандар абстрактуу сандык түшүнүктү билдирсе, же затташкан мааниде колдонулса, алардын айрымдарына таандык уланды жалгана берет. Мисалы, бешке чейинки эсептик сандар балдардын билимине көзөмөлдүү баа катары колдонулса, андан кийин таандык формалар улана берет: - Сенин математикадан үчүң барбы? - Үчүм жок. Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча силердин бешиңер барбы?

Ошондой эле: Отуз-уң-да ордо бузсаң, кырк-ың-да кырдан аша албайсың (Макал). Дагы тогуз-у-н тарбиялап жатамын (Ж.Мавл.). Он төрт-үм-дөн койчунун таягын колума алдым (Ш.Б.). Бирок таандык мүчөсүланган эсептик сандар бир нерсеге таандык болуу маанисинен тышкары ~~андай формадагы сан атоочтор~~ (билдирген маанисинен да) бир канча заттын белгилүү бир бөлүгү экендигин да туюндурат: Жүйөө табар барктуу кел, миң киши-ден бирин кел ("Манас"). Ырчыдан жүз элүүсү катышкан (К.К.). Институтту бүтүргөндөрдөн онубуз алыскы райондорго бөлүндүк. Он бешиң мында кел. Айдын он төртү экен (К.Бобулов).

Эсептик сан атоочтор жалпы таандык менен да өзгөрө алат: Бирдики миңге, миңдики түмөнгө (Макал).

Эсептик сан атоочтор жак категориясы менен да бир кылка өзгөрбөйт. Алсак, алар(га) жак мүчөлөрдүн(нүн) жекелик түрү уланып ~~менен өзгөрө албайт~~ (мен алтымын , сен он үчсүң деп) айтылбайт). Бирок аларга жак мүчөлөрдүн(нүн) көптүк түрү жалганып ~~улана~~ берет. Мындай учурда эсептик сан

абстрактуу сандык мааниде же затташкан мааниде болот: Биз он экибиз. Силер он экисинер. Сиздер он экисиздер (субьектинин санын көрсөтүп турат). Балам, мен жетимиш үчтөмүн ("Ала тоо"). Ошондо мен он бирдемин (М.Э.). Бир классга отузбуз. (Бул эсептик сандар (затташкан мааниде) "жетимиш үч жаштамын", "он бир жаштамын", "отуз окуучубуз" деген мааниде) колдонулду).

Эсептик сан атоочтор көптүк санда өзгөрбөйт, себеби алар өз семантикасы боюнча эле көптүк маанини туюндуруп турат. Эгерде аларга көптүк сандын мүчөсү уланса, болжолдоо, чамалоо маанисин берип калат: Жашы элүүлөрдөн ашып калган узун бойлуу сары киши (К.Ж.). Биз саат тогуздарда келдик.

Эсептик сан атоочтор, башка сөз түркүмдөрү сыяктанып, бөлөк сөздөрдөн жасалбайт, бирок өзүлөрү башка сөздөрдүн жасалышына негиз боло алат: Ага ар кандай мүчөлөр жалганып, сан атоочтун башка түрлөрү жана бөлөк сөз түркүмдөрү жасала берет: бешинчи, алтоо, жыйырмача, отуздай; жетилик, ондук, биримдик, бирдиктүү, бирге келди. Эсептик сан атоочтор татаал сөздөрдүн биринчи компоненти катары келип да жаңы сөздөрдүн жасалышына негиз боло алат: беш жылдын, беш атар, беш бармак, тогуз сат, кырк аяк, үчтүн айы (январь), бештин айы (декабрь) ж.б.

Кыргыз тилиндеги сан атоочтордун негизги катмарына төмөнкүлөр кирет: бирдик сандарды билгизген сандар: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз (9 сөз); ондук сандарды билгизгендер: он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон (9 сөз); жүздүктү белгилеген сан: жүз, миңдикти билгизген сан: миң; булардан тышкары орус тили аркылуу кабыл алынган миллион, миллиард деген сан атоочтор да бар. Калган сан атоочтордун баары жогоруда көрсөтүлгөн 22 негизги сандардын өз ара айкашып

айтылышы менен түзүлөт: он беш, отуз тогуз, эки жүз элүү алты, үч миң беш жүз, бир миллион төрт жүз кырк алты ж.б.

Байыркы түрк тилинде "он миң", "сан жеткис көп" деген мааниде "түмөн" сан атоочу колдонулган: Табчаг Оң тутук бис түмөн су келди... (Күл-Тегин эстелиги) - Табгачтык Оң тутуктун элүү миң аскери келди. Бул байыркы сан атооч азыркы кыргыз, алтай, тува, хакас, башкыр, уйгур, карачай, балкар, монгол ж.б. тилдерде ~~биндр~~ да сакталып калган, бирок көп колдонулбайт, көбүнчө фольклордук чыгармаларда гана учурайт. Мисалы: Сан казына, түмөн мүлк, Калың кол каптап кирди эми ("Сейтек"). Жети түмөн кол келсе, Желбегей кирип кол салган ("Семетей"). Бирдики миңге, миңдики түмөнгө (Макал).

Миллион сан атоочу орус тили аркылуу кыргыз тилине оошуп кирүүгө чейин ал сандык түшүнүк (миллион) кыргыз тилинде "он жүздүк" менен миңдиктин кошулуп айтылышы аркылуу берилген: Очогор аткан он жүз миң, Окко турар пенде ким? ("Манас"). Ушундай барган калың кол отуз жүз миң санаты ("Манас"). Мындагы он жүз миң (он+жүз+миң)= 10.00.000 (бир миллион), отуз жүз миң (отуз жүз+миң)=30.00.000 (үч миллион).

Эсептик сан атоочтор негизинен абстрактуу сандык түшүнүктү жана заттын санын билдирет. Бирок мындан тышкары алар дагы төмөнкүдөй кошумча маанилерди туюндурат:

1) Цифранын атын билдирет: Бир деген цифраны жазчы ("Лен.жаш"). Доскага он деген цифраны жазып койду.

2) Бешке чейинки эсептик сандар окуучулардын билимине коюлуучу бааны билдирет: Ал географиядан төрт деген баа алды. Кээ бир чейректе үчтөрү көбөйө түшөт (Ш.Б.).

3) Кээ бир эсептик сандар (миң, он, токсон, токсон тогуз, жүз, миң- миллион дегендер) айрым учурларда өзүнүн конкреттүү

сандык маанисинде эмес, "көп", "этө көп", "бир нече" деген сыяктуу жалпыланган сандык түшүнүктү билдирип калат: Билими бар ар балаадан кутулулат, билими дөк миң балаага тутулат (макал). Сендейлердин мин-миңи Токмоктун сайында калган ("Ала-Тоо"), Тарбия алып жашаган миң-миллион калкым бар (Тоголок Молдо). Тотуча токсон тургандагы... (К.Жантөшев). Өз алдынча токсон тогуз суроо коюп, басынып, ыза болуп, өзгөрүп келе жаткан кези эле (Т.С.). Жүз жолу айттым, укпады ("Ала-Тоо"). Бул сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сан атоочтор өзүлөрүнүн миң, токсон, токсон тогуз, жүз деген сыяктуу конкреттүү сандык маанисинде колдонулбастан, "этө эле көп", "көп" деген өндүү жалпы сандык түшүнүктү билдирип турат.

Миң деген эсептик сандан кийинки "эбегейсиз көп", "эң эле көп" деген маанидеги "сан" деген сөз кошо айтылганда да (мисалы, сан жылкылуу Сарыбай), ал "миң" деген конкреттүү маанини билдирбей "этө көп", "сансыз көп" деген сыяктуу жалпы сандык маанини туюндурат: Айдарбек датканын кызынын тоюнда миң сан кишиге улакты бербей мааракеге таштап кеткен Каныбек деген жылкычы (К.Ж.). Душманым миң сан, мен жалгыз ("Семетей").

4) Адамдын канча жашта экенин айтууда кээде татаал сандын составындагы ондук сан илик жөндөмөдө айтылып, андан кийин бирдик сан айтылат. Мындайча жол менен айтылган эсептик сан адамдын жашынын канчада экендигин өзгөчө белгилеп, тактап көрсөтөт: Кереч ошондо сексендин сегизинде эле (К.Ж.). Жашым алтымыштын сегизине келди (Т.С.). Быйыл күздө токсондун тогузуна келдим. Башка түрк тилдериндей эле, кыргыз тилинде да эсептик сан атоочтордун ичинен бир деген сан атооч ар түрдүү мааниде этө кеңири колдонулат:

1) Заттын, кээде кыймыл-аракеттин санын билдирет: Күзүндө эптеп бир торпок табасың (Ш.Б.). Сен бир тыйында бекер бербейсиң мага (Н.Б.). Кара сакал кымыздан бир ууртап, жерге койду (Б.Жакиев).

2) Затты, мезгилди так, ачык эмес, болжолдуу көрсөтөт: Бөрүбай бул тектирге суу чыгарууну ойлоп, бир жылы чоң ашар берген (Т.С.). Үмүт үзбөйлү. Бир күнү биз дагы теңчиликке жетербиз (К.Ж.). Калың кара куурайдын арасындагы жалгыз таман жол менен эки жагын элең-элең каранып бир аял келатат (Ч.А.).

3) Өзүнөн кийинки сөзгө күчтүү маанисин берип, аны өзгөчө белгилеп көрсөтөт:

... ушул отуруштун өзү эле Маматка бир сонун Көрүндү (К.К.); салыштыр: бир сонун көрүндү - сонун көрүндү. Токойдон кыргоол, тоодон кекилик уулап, бир кумардан чыгалы... (Т.С.).

4) Кыймыл-аракеттин бирөөгө же бир жакка өз ирети менен алмак-салмак багытталгандыгын билдирет: Асия бир элге, бир мандай дагындагы жаш жигитке карады (М.Алыб.). Бир тигинин, бир мунун көңүнө бастырып барышты (Ш.Б.).

5) Бир сан атоочу мейкиндик маанидеги сөз менен айкашып айтылса, кыймыл-аракеттин бир жерде болуп өткөндүгүн тактап көрсөтөт: Лиза Ботогөз менен бир мектепте окуган (С.Муканов). Султан экөөбүз бир айылда чоңойгонбуз.

6) Бир сан атоочу изафеттик сөз айкашынын экинчи компоненти болуп келгенде, бирөөнү же бир нерсени башкалардын ичинен жекече бөлүп көрсөтүү маанисин берет: Болуштун жакшы көргөн жигитинин бири анын өйдөлөшүн көрө албай, шыкак издейт (К.К.). Мындеген студенттердин биримин (К.Бобулов).

7) Бир сан атоочу таандык формада айтылганда, затташкан

маанига өтөт жана бир нече адамдын ичинен бирөөнү бөлүп көрсөтөт: Бар, бирин, барып кел (К.Ж.). Бири баласына акыл айтып, бири кат жазуу жөнүндө сүйлөшөт (М.Алыб.).

8) Кээде бир сан атоочу ~~көш айтылып~~ ууда келип, аягына таандык жана жөндөмө мүчө уланып айтылат. Мындай учурда ал сандык маанисинен алыстап, затташкан маанига өтөт да, эки нерсенин кыймыл-аракети, таасири өз ара бири-бирине багытталганын көрсөтөт: Тиктешти бири-бирин көзүн албай (А.Т.). Шаракташып, бирин-бири карап күлүп жиберишти (Ш.Б.). Кээде кургак жыгач бири-бирине сүйкөнүп, чатырап өрттөнөт (Ш.Б.).

9) Бир сан атоочу чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, бир өңчөй заттардын тегиз, бирдей бөлүнгөн санын көрсөтөт: Ар түтүнгө бирден үймөк бөлүнду (Ш.Б.). Ар биребиз магазинден бирден китеп алдык. Класска бирден киргиле.

10) Бир сан атоочуна жамдама сандык мүчөсү жалганганда, сандык жана заттык түшүнүктү ичине камтып, субстантивдешкен маанини билдирет: Экөөгө бирөө бата албайт (Макал). Бирөө алдында, төртөө артта окчун келатат (К.Ж.). Бирөөнүн аты, бирөөнүн өзү жыгылды (К.Ж.).

Ушуну менен бирге "кимдир бирөө" деген сыяктуу болжолдоо, кудуктук маанини да туюндурат: Мен барганча бирөө менен каста-шпагыла (К.К.). Муну бирөөгө тартууласаңар, кыйла пул болот (Ш.Б.).

ИРЕТТИК САН

Иреттик сан атоочтор заттардын сан жагынан болгон катарын, иретин көрсөтөт: бешинчи үй, алтынчы класс, жетинчи троллейбус. Иреттик сан атоочтор кээде кыймыл-аракеттин сандык иретин да билдирет: Бүгүн Элебестин үңкүрүнө биринчи түнөшү (М.Алыбаев).

Экинчи келгенде бала-чакага кеңешип ойлоноюн, - деп узаткан (К.Ж.). Байыркы түрк эстеликтеринде иреттик сан атоочтун мүчөсү эки түрдүү формада колдонулган: а) -ынч, -инч, -унч; б) -нты: үчүнч (КТб,33); йитинч (Ктб, 45), токузынч (КТб, 53); экинти (КТб, 33, 45).

Иреттик сан атоочтун байыркы -ынч, -инч, мүчөсү азыркы түрк тилдеринде ар бир тилдин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык ар түрдүү фонетикалык варианты колдонулат; ал эми байыркы -нты формасы азыркы тилдерде сакталбаган. Кыргыз тилинде иреттик сандын мүчөсү: -ынчы,-нчы - кыркынчы, жетинчи, онунчу, үчүнчү.

Татаал эсептик сандардан иреттик санды уюштурууда -ынчы мүчөсү анын акыркы компонентине жалганат: бир миң тогуз жүз токсон үчүнчү жыл. Кырк жетинчи комната.

Иреттик сан атоочту уюштуруучу -ынчы мүчөсү мааниси боюнча сандык түшүнүктү ичине камтыган айрым башка сөздөргө да жалгана алат: ортончу уулу, канчанчы, нечендчи.

Кыргыз тилинде "биринчи" деген иреттик сандын мааниси контекстке карата кээде сын атоочтук мааниге жакындашып кетери байкалат. Мисалы: Ал заводдогу биринчи жумушчулардан. Мындагы биринчи деген сөз иреттик сан атоочтун маанисинде эмес, "мыкты" деген сындык мааниде колдонулуп турат.

Иреттик сан атоочторд да, сын атооч сыяктанат, субстантивдешет. Мындай учурда иреттик сан аныктап турган зат атооч сүйлөм тизмегинен түшүрулүп айтылат да, натыйжада анын заттык мааниси алдындагы иреттик сан атоочко өтөт. Салыштыр: Осмон онунчу класста окуйт. — Онунчуну бүткөндөн кийин институтка өтмөкчү. Жетинчи класстын окуучулары экскурсиядан кайта элек. — Жетинчилер экскурсиядан кайта элек.

Иреттик сан атоочтор изафеттик айкаштын составында аныкталгыч катары келгенде да субстантивдешет. Мындай учурда анын кайсы зат атоочтун маанисинде колдонулгандыгы өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү сөздүн маанисинен билинип турат: Балдардын экинчиси абдан катуу кейиди (К.К.). Жигиттин үчүнчүсү шашты бедем, кош көзүн кара туман басты белем!.. (А.Т.).

Мындагы экинчиси, үчүнчүсү деген иреттик сан атоочтор "экинчи бала", "үчүнчү жигит" деген сыяктуу затташкан түшүнүктү туюндуруп турат.

Бир катар иреттик сан атоочтор затташкан мааниде колдонулганда, аларга жөндөмө мүчөлөр жалгана берет; жөндөмө мүчө жүздөн - түз эле иреттик сандан кийинки же ага уланган таандык, көптүк уландыдан кийин да жалгана алат: Экинчисинин кулактары өтө узун (М.Гапаров). Онунчуну күмүш медаль менен бүтүрүшүндү куттуктайм! ("Кырг.мадан".). - Жок, жетинчиде деңиз, он бешке чыккан бала төртүнчүдөн окумак беле (М.Жанг.). Үчүнчүлөрдү каникулга таратты.

Субстантивдешкен айрым иреттик сандар көптүк санда айтыла алат: Илгери камчыдан кан диркиреп, миллиондор ыйлап, Замана сур кезекте Арстан деген бир эр жигит көрдүм (Р.Ш.). Онунчулар экзамандерин бүтүрүштү.

Иреттик сан атоочтордун баары эле таандык мүчө менен өзгөрө бербейт, айрымдарына гана таңдалып жалганат. Мисалы, менин он бешимчим, сенин элүүнчүң, силердин отузунчуңар ... деп айтылбайт. Кээ бир иреттик сан атоочтор заттык мааниде колдонулганда гана айрым таандык уландылар менен өзгөрө алат: Силердин онунчуңар (10-классыңар деген мааниде) мелдеште биринчи орунду ээледи. Үчүнчүбүз (3-классыбыз) экскурсияга кеткен. Иреттик сан

атоочко 3-жактын таандык мүчөсү (-ы) көбүрөөк жалганат. Мындай учурда ал бир нече заттын бир бөлүкчөсүн ирети боюнча көрсөтүп, затташкан мааниде колдонулат: Жарышып келе жаткан аттардын алтынчысы биздин колхоздуку. Студенттердин бири кырманда, экинчиси жашылча талаасында, үчүнчүсү кызылчада иштеп жатышат.

Иреттик сан атоочтор бардык жак мүчөлөр менен өзгөрө алат; субъектинин орун боюнча иретин билдирет: Мен экинчимин, сен биринчисиң, биз онунчубуз, силер жыйырманчысыңар, сиз үчүнчүсүз, сиздер бешинчисиздер.

Иреттик сан атоочтор сүйлөмдө көбүнчө аныктоочтук, кээде бышыктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарат: Кызматтан кыйшайганга туура он төртүнчү айга кадам койду (Ж.Ташт.). Алтынай дегенди кулагы экинчи укпасын (Ш.Б.). Мен тизме боюнча үчүнчүмүн.

Иреттик сан атоочтор затташкан мааниде колдонулганда ээлик, толуктоочтук милдетти да аткара алат: Отургандардын үчүнчүсү алтымыштан ашып калган аял киши (Т.С.). Жетинчини бүтөр замат трактористтердин окуусуна кетет (Ш.Б.).

Чыгыш жөндөмөдөгү айрым иреттик сан атоочтор сүйлөм тизмегинде кириндиси сөздүк функцияда да келет: Биринчиден, жайыт кеңийт экинчиден, ары-бери айдалып мал убара болбойт (Н.Б.).

ЖАМДАМА САН

Жамдама сан атоочтор бир топко бириктирилген бир нече заттын санын жалпылап көрсөтөт: төртөө, алтоо.

Орхон-енисей эстеликтеринде жамдама сан атоочту -эгү, -гү мүчөсү уюштурган: бу үчегү кабысыр (Тон.I2) - бул үчөө кошулушса. Бул байыркы -эгү формасы кыргыз тилинде созулма үндүүгө өткөн. Азыркы кыргыз тилинде жамдама сан атоочтор -оо, -өө мүчөсүнүн жардамы менен эсептик сан атоочтон жасалат.

Мааниси жагынан жамдама сан атоочтор сандык түшүнүк менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, дайыма затташкан мааниде колдонулат: Үчөө бир уяда жаткандай ынтымактуу болушту (М.Ал.). Жумушчулардын ичинен алтооно сыйлык берилди. Бул сүйлөмдөгү үчөө, алтооно деген жамдама сан атоочтор сандык түшүнүк менен бирге заттык маанини да билдирип турат. Башкача айтканда булар сандык маанини да, заттык маанини да ичине камтып, ал эки маанини жамдап көрсөтүп турат.

Жамдама сан атооч кайсы заттардын маанисин ичине камтып тургандыгы негизинен өзүнөн мурунку сүйлөмдөрдөн белгилүү болуп турат. Тактап айтканда, жамдама сан көбүнчө өзүнөн мурунку сүйлөмдөрдө айтылган зат атоочтордун маанисин ичине камтыйт: Медет бөлүнүүнү каалабагандай кыйылды. - Биз сиз менен кошо барабыз! - деди Абыл. Каякка барарын өзү билбеген. Атай эриксизден күлдү... Бул сөзим үчөөнүн тең жүрөгүндө (К.К.). Мындагы үчөө деген жамдама сан атооч мурунку сүйлөмдөрдө айтылган Медет, Абыл, Атай деген зат атоочторду да ичине камтып турат. Күн чыгыш жактан чыкканы... найзасынын сабын колтугуна кыса кармап, жаанын огундай зымырап келатат. Бул - Арыкбай баатыр. Күн батыштан бет алып чыкканы .... душмандын талуу жерин болжогондой үңүлө тиктейт. Бул - Ажыбай баатыр. Экөө тең далай сайышты башынан өткөрүшүп, эч качан аттан түшүшпеген адис найзакерлер (К.К). Мында да экөө деген жамдама сан атооч өзүнөн мурунку сүйлөмдөрдөгү Арыкбай баатыр, Ажыбай баатыр деген зат атоочторду ичине камтып, турат.

Кээде эсептик сан атоочко аныкталгыч болуп турган зат атооч сүйлөм тизмегинен түшүрүлүп айтылат. Мындай учурда ал зат атоочту аныктап турган эсептик сан -оо, -өө мүчөсүн кабыл алып, жамдама сан уюшулат да, ал жамдама сан атооч түшүрүлүп

айтылган зат атоочтун маанисин ичине камтып калат: Солдойгон беш киши улаганда кырка тартып отуруп калышты... Кудайбергендин айтканы айткан. Аны аткарбаган киши бир кырсыкка туш болорун бешөө тең жакшы билүүчү (К.К.). Биздин класстан алты окуучу сыйланды. Алтоо тең бардык сабактарынан жакшы окушчу. Мындагы бешөө, алтоо деген жамдама сан атоочтор аталган сүйлөмдөрдөгү беш киши, алты окуучу деген сөз айкаштарындагы түшүрүлүп айтылган киши, окуучу деген зат атоочтордун заттык маанисин ичине камтып турат.

Жамдама сан атоочтун эсептик, иреттик, чамалама жана топ сандардан айырмаланып, өзүнөн кийинки зат атооч менен ыкташуу жолу аркылуу байланыша албайт: бешөө китеп, үчөө кой деп айтылбайт. Анткени жамдама сан атоочтор сандык түшүнүк менен бирге андан кийин аныкталгыч болуп түшүүчү заттык түшүнүктүн да бар экендиги менен байланыштуу. Ошол себептүү ага экинчи жолу да аныкталуучу зат атоочтун айкашып айтылышы зарыл эмес. Бирок жамдама сан атоочтор өзүнөн кийинки аныкталган менен өз ара багынуу (илик жөндөмө туруп) жана башкаруу жолдору аркылуу байланыша алат: Бешөөнүн сөзү бир чыгат (Н.Б.). Дептерди үчөөнө бөлүштүрүп бердим.

Жамдама сан атоочтор сандык түшүнүк менен катар, өтө жалпыланган түрдө болсо да, заттык маанини да билгизет, 3-жакка таандык сөздөр сыяктуу жөндөлөт: экөөнүн, экөөнө, адтоонно, экөөнү, экөөндө, адтоондо, экөөнөн, адтоонон.

Айрым учурларда бирөө, экөө дегендерге барыш жөндөмөнүн -га мүчөсү уланып айтылган учурлар да кездешет: Бүлөөгө берги өгөө бар, экөөгө берги бирөө бар (Макал). Экөөгө бирөө бата албайт, аттууга жөө жетө албайт (Макал).

Бирөө деген сөз барыш жөндөмөнүн -га формасында колдонулса, көбүнчө "кимдер бирөөгө" деген сыяктуу белгисиздик маанини туюндурат: Бирөөгө ор казсаң, тайыз каз, өзүң түшүп калбагын (Макал). Бирөөгө катуу айткым келбейт (А.Т.).

Жамдама сан атоочтор таандык категориясы боюнча да ыраттуу өзгөрбөйт. Мисалы, ~~I жак жекелик түрүнүн таандык мүчөсү алар-га жалганбайт~~ (менин бешөөм, сенин бешөөң, сиздин бешөөңүз деп айтылбайт. Бирөө деген сөз жекелик санды билдиргендиктен, ага II жактын таандык мүчөлөрү жалганат: бирөөңү, бирөөңүз, бирөөңөр, бирөөңүздөр. Бул жамдама санга I жактын көптүк таандык мүчөсү да уланат: Бирөөбүз мында калалы. Калган жамдама сан атоочтор негизинен II жактын жекелик, көптүк таандык мүчөлөрү менен жана I жактын көптүк таандык мүчөсү менен өзгөрөт: экөөңөр, экөөң, үчөөңөр, үчөөң, экөөңүздөр, үчөөңүздөр, бешөөңөр, бешөөңүздөр, экөөбүз, үчөөбүз, бешөөбүз, жетөөбүз.

III жактын таандык мүчөсү жамдама сан атоочторго уланбайт, себеби алар ошол калыбында туруп эле III жакка таандык маанини билгизет: келгендердин үчөө ("келгендердин үчөөсү" деп айтылбайт), алардын ичинен төртөө ("алардын төртөөсү" эмес).

Жамдама сан атоочтор жак категориясы боюнча да ыраттуу өзгөрбөйт. Мисалы, бирөө деген сөз, I,II жак жекелик түрүндө жакталат: Бирөөмүн, бирөөсүң, бирөөсүз. Сен ошолордун бирөөсүң. Ал эми экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө дегендер жак категориясынын жекелик түрүнүн мүчөлөрү менен өзгөрбөйт (мен үчөөмүн, сен бешөөсүң деп айтылбайт). Бул жамдама сан атоочтор көптүк маанини туюндурат, ошол себептүү алар жак категориясынын ~~көптүк маанини туюндурат, ошол себептүү алар жак категориясынын~~ көптүк түрү менен гана өзгөрөт. Мааниси жагынан субъектинин санын билдирет: Биз экөөбүз, силер бешөөсүңөр, сиздер үчөөсүздөр.

Көптүк сандын (мүчөсү (-дар) бирөө дегенге гана уланат да, бирок көптүк маанисин түюндурбастан, "кимдир бирөө" деген сыяктуу белгисиздик маанини билдирет: Бирөөлөр "качкын" деп бизге акшогондорду өлтүрүп жатса, бирөөлөр акча берип, багып жатты (А.Т). Башка жамдама сан атоочтор көптүк сандын мүчөсүн кабыл албайт, анткени алар ички мааниси боюнча эле көптүк идеяны билгизет. Ошондуктан аларга көптүк сандын мүчөсүн жалгаонун зарылчылыгы болбой калат.

Жамдама сан атоочтор сандык маани менен бирге заттык маанини да ичине камтып тургандыктан, ал өзөлик, толуктоочтук милдетти аткара берет, баяндооч боло алат, илик жөндөмөдө колдонулганда, аныктоочтун милдетин да аткарат: Бешөө тең аттын оозун кое беришти (К.К.). Бир көчөгө төртөөбүз бирге чыктык (К.Бол,). Үчөөнү тең эле жакшы көрбөйм (А.Уб.). Мына бу бешөөнө белимен бастырып олтурам (К.Ж.). Айла алтоо, акыл жетөө (макал). Үчөөнүн кийген кийими өтө эле жупуну көрүндү.

Жамдана сан атоочтор сүйлөм ичинде жалпылагыч мүчөнүн милдетин да аткарат: Байбичем, уулум, келиним — төртөөбүздүн жаздан берки эмгегибиз сууга акты (К.Ж.).

ЧАМАЛАМА САН

Чамалама сан атоочтор заттын санын так эмес, чамалап, болжолдоп көрсөтөт: Клубга отуздай киши чогулду. Аңызда майдарыга уй майлатып турот.

Сан атоочтун бул түрү морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат.

Морфологиялык жол менен жасалышында төмөнкү мүчөлөр колдонулат:

I) -ча, -че: кыркча кой, эдүүчө эчки, отузча бала; Султан-

дын короосунда беш жүзчө тубар кой бар. Чамалоого санды уюштуруучу -ча мүчөсү орхон-енисей эстеликтеринде да кездешет: елиг-че (Тонюкук, 42) - элүүчө.

-ча мүчөсү "чак" ("мезгил", "убакыт") деген сөздөн чыккан. Буга азыркы кыргыз жана башка түрк тилдеринде "чакты" деген сөздү да колдонулушу далил боло алат: жыйырма чакты (чак+ты). Бир өгүз арабага да он чакты кап менен эгин салышып, аны да пристанга узатышты (К.Б.).

Айрым учурларда чамалама сандын -ча мүчөсү сан атоочтон кийин келген нумеративдик сөзгө, же айрым бир башка сөзгө жалганып, өзүнүн алдында турган сан атооч менен бирге айтылып, чамалама сандык маанинин туюндурат: Он метрче жерге жетпей, ичектердин чубалткан бойдон карышкыр сулап калды ("СК"). "Саркенин кашаасы" дегенибиз айланасы жүз саржанча келген бир таш короо (М.Э.). Биздин келгенибизге үч саатча убакыт болду. Шаарда алты айча туруп калдым.

Кээ бир нумеративдик сөздөргө -ча мүчөсү -чалык (-ча+лык) түрүндө да жалганат: Алар баш-аягы үч жүз метрчелик жерде шыгырап иштеп жатышты (Т.С.). "Тигил айыл" үч чакырымчалык айыл экенин айтпай түшүнгөн Итбай шашып калды (С.Муканов).

-ча мүчөсү кош сөз түрүндө эки эсептик сандын катар айтылышы менен уюшулган чамалама санга да улана берет: Райондук кеңешмеге биздин колхоздон он-он бешче киши катышты.

2) -дай мүчөсү уюштурат. Бул мүчөнүн баштапкы формасы тег болгон. Орхон-енисей эстеликтеринин тилинде тег - "сыяктуу", "окшош" деген маанидеги бүтүн сөз болгон: бөри тег, кой тег (Кюль-Тегин, б., 12)- бөрүдөй, койдой. Азыркы айрым түрк тилдеринде аяккы "г" тыбышы "й" тыбышына өтүп, -дай формасындагы мүчөгө айланган: Шаардагы мектептерде он миндей өспүрүм тарбия-

ланууда ("С.К".). Корбашы баш болуп отуздай гана адам бизге ок атышат (Т.С.).

-дай мүчөсү да эсептик сандан кийин келген нөмеративдик сөзгө, же айрым бир башка сөзгө уланып, өзүнүн алдындагы сан атооч менен бирге айтылып, чамалама сандык маанини берет: Анын артында жыйырма метрдей алыстыкта Кайтпас келе жатат ("С.К".). Беш саржандай узап калдым (М.Э.). Беркебай Гүлбүбүдөн отуз жаштай улуу (Т.Сарыпбеков).

-дай мүчөсү эки эсептик сандын катар айтылышы менен уюшулган чамалама санга да уланып айтылат: Дагы жыйырма—отуздай канатуу жандыгыбыз бар эле (Б.Жакиев). Алардын беш-алтыдай коюбар.

—ча, -дай формасындагы чамалама сан атоочтор семантикасы боюнча негиз аркылуу туюндуралган санга жакын деген маанини туюндурат: отузча (отузга жакын) дептер, жыйырмадай (жыйырмага жакын) кой ж.б.

3) -даган (-да+ган) мүчөсү уюштурат. Бул мүчө бардык эле сан атоочторго жалгана бербейт. Негизинен он, жүз, миң, он миң, жүз миң, он миң, жүз миң, миллион деген өндүү сан атоочторго уланат.

Бул формадагы чамалама сан мааниси боюнча өзү уланган сандын бир эмес, бир нече экендигин болжолдоп көрсөтөт: Батышты көздөй ондогон километрди чогуу бастык (Т.Кыдыралиев). Жарыядан кийин жүздөгөн кыздар келди ("Ала тоо"). Миңдеген жаштардын кубанычтуу жүздөрүн, бакытка толгон көздөрүн көрөсүң (К.Бобулов).

4) -лап (-ла +ып) мүчөсү уюштурат. Бул формадагы чамалама сан атоочтор да мүчө уланган сандын бир эмес, бир канча экендигин болжолдуу көрсөтөт: Өкмөттүн чакырыгынан кийин айыл чарбасына адистер миңдеп келишти (мында "миң" деген гана маанида

эмес, "бир нече миң" деген түшүнүктү билдирип турат). Фабрикада күндүк тапшырмасын ашыра орундаткандар жүздөн саналат.

Кыргыз тилинде - лап мүчөсү көбүнчө ондук (отуздап, алтымыштап), жүздүк (жүздөп, беш жүздөп), миңдеп, үч миңдеп) сандарга жана миллион (миллиондоп), тогуз (тогуздап мал берүү) деген сан атоочторго уланат.

—лап мүчөсү жамдама сан атоочторго да жалганат. Мындай учурда алар кыймыл-аракеттин бирге-лешип иштеенү билдирип, таптоочтук маанiге өтүп кетет: Козуларды үчөөлөп айдап келишти. Мүшектөгү унду экөөлөп көтөрдүк.

5) —лар мүчөсү адамдын жашын, же убакытты көрсөткөн эсептик сан атоочторго жалганганда, көптүк маанини бербестен, заттын санын чамалап көрсөтөт. Мындай учурда -лар мүчөсүнөн кийин ишмелүү жөндөмөнүн мүчөсү да жалганып келет: жашы кырктарда, кечки саат бештерде. Анда Жусуп жыйырмаларга араң чыккан (М.Алыбаев). Бабай өзү жетимиштерге келип калган (М.Элебаев). Саат бештерде жолугалы. Ал майдын ондорунда Москвага барат. Кээде -лар мүчөсү уланган сан атоочтон кийин чамалама санды уюштуруучу чамасында, жакын деген сөздөр катар айтылып, заттын санын чамалап көрсөтө берет: Жашы жыйырма бештер чамасындагы ак куба жигит (М.Э.). Ал саат бештерге жакын келди.

Чамалама сан атооч синтаксистик жол менен жасалганда:

I) Эки эсептик сан кош айтылып, заттын санын чамалап көрсөтөт. Мында адегенде аз санды (андан соң көп санды) билдирген эсептик сан айтылат. Андай кош айтылган эсептик сандар ~~сан жагынан удаалаш сандар~~ сан жагынан удаалаш сандардан болот: эки-үч, төрт-беш, он бир- он эки киши ж.б.

Айрым учурларда көп сан мурун, аз сан кийин айтылып калат: Оку-беши окко учуп, бодарылды жер көчүп ("Манас").

2 сан сөз

2-бетке уланат

Атай бир-эки жыл дарыланууcу керек эле (К.Каимов). Ар кимиси берген бирин-экин боорсокко карды кайдан кампайсын ("Куйручук"). Салкынайдын келгенине да мына сегиз-тогуз жыл өттү (Т.Сыдыкбеков). Ракыя да он жети — он сегизде эле болучу (М.Алыбаев).

Айрым учурларда көп сан мурун, аз сан кийин айтылып калат: Ону — беши окко учуп, бодарылды жер көчүп ("Манас").

Кээде өз ара удаалаш келген бир ондук сан менен экинчи ондук сан, жүздүк сан менен ага удаалаш экинчи жүздүк сан, миңдик сан менен экинчи миңдик сан кош айтылат: кырк — элүү киши, эки жүз-үз жүз үй, эки миң — үч миң кой. Суу жок, жайыттын аралыгы алыс, отуз — кырк чакырым жерде бирден короо ("Л.Ж"). Жылына үч жүз-төрт жүз бээси туучу (М.Алыбаев). Кой, абышкам, бери болгондо элүү — алтымыш жолу айтылбадыбы? (Т.Сыдыкбеков).

Айрым учурларда удаалаш сандар кош айтылбай, араларынан бир нече сан өткөн эсептик сандар кош айтылат: аралыгы отуз-отуз беш чакырым, он-он беш жаш кичүү. Ал убакта мен он эки-он беш жашка чыгып калган кезегим эле (М.Алыбаев). Он беш — жыйырма минутача өтүп калды (М.Алыбаев). Жыйган отунун, он-он беш ээге жүктөтүлүптүр (Ш.Бейшеналиев).

Кээде бирдик сан менен ондук сан кош айтылат: Беш-он кадам унчукпай бастык (К.Борбуголов). Кээ бир жылдары мал алуучу соодагерлер келишип, беш-он күндөн жатышып, мал алышчу (Т.С.).

Жамдама сан атоочтор да кош айтылып, чамалама сан атооч уюлат. Мындай учурда алардын биринчи компоненти кээде эсептик сан атоочтун формасында, кээде жамдама сан атоочтун турпатында айтылат: үч-төртөө, беш-алтоо, төртөө-бешөө, алтоо-жетөө.

2) Атооч жөндөмөдөгү эсептик санга болжолдоо маанисиндеги чакты, чамадуу деген сөздөр кошулуп, айтылып да, чамалама сан атооч жасалат: ончакты китеп, жыйырма чамалуу киши.

Жакын туугандары жыйырма чакты үй (К.Каимов). Алынган кабарларга карганда, бетин шайкасында кырк чамадуу адам бир (Т.Сыдыкбеков).

Кээде чамалуу сөзү өзүнөн мурунку эсептик санды барыш жөндөмөдө башкарып айтылат: Аларда жүзгө чамалуу адам иштеген ("СК"). Чамалуу сөзү айрым учурларда чамасында, чамалап формасында да айтыла берет: Аялы кырк чамасында (М.Э.). Кырк чамалап калса да, алп ажарлуу, кара сурдун сулуусу ("Кырг. аял").

Чамалама санды уюштуруучу жогорку сөздөр эки эсептик сандын катар айтылышы менен уюшулган чамалама сандан кийин да кошулуп айтылып, ошол өзүнөн мурунку чамалама сан атооч билдирген санга жакыныраак деген маанини туюндурат: он-он беш чамалуу, алтымыш-алтымыш чамалаган карыя, он-он беш чамасындагы бала. Асыл тукум жылкыдан он беш-жыйырма чактыны бөлдүрүп алды. Ал Чекирге тең-туш, он жети — он сегизге чамалаган эле (Ш.Бейшеналиев). Он беш-он алтылар чамасындагы буудай жүз улан эмнегедир шашып жаткан эле (А.Токомбаев).

3) Жогоруда айтылгандардан тышкары, чамалама сан атоочтун уюшулушунда:

а) Чыгыш жөндөмөдөгү эсептик санга ашык, артык, ашуун, аша, көп, аз деген сыяктуу сөздөр айкашып айтылат: Ондон аша киши келди; Чогулушка жүздөн көп адам катышты. Экскурсияга барабыз дегендер ондон аз. Фермадан он бештен ашык аттарокушту (М.Жангазиев). Чарбада эмгекке жарамдуу миңден артык адам бар ("СК"). Алардын күчү менен өткөн жылы сегиз миңден ашуун трактор ремонттолду ("СК"). Алар арык казгандар бригадасында иштеген ондон аша гана аялдар эле (Т.Сыдыкбеков).

б) Барыш жөндөмөдөгү эсептик санга жакын деген сөз айкашып айтылат: Кайтарган кою миңге жакын (М.Элебаев). Бул системада кыркка жакын мастерякая бир ("СК").

Чамалоо, болжолдоо маанисиндеги жогорку сөздөрдүн айрымдары эсептик сандан кийинки нумеративдик сөздөн соң, же айрым бир башка сөздөрдөн кийин келип да айтыла берет: Эки сааттан ашык жүрдүк. Эки гектарга жакын жер сугарылды ("Лж"). Айылда үч ай чамасында жүрүп келдик.

Чамалама сан атоочтордун жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшүндө бир катар өзгөчөлүктөр бар.

-ча, -дай формасындагы чамалама сан атоочтор бардык жөндөмөлөр менен ырааттуу түрдө өзгөрө албайт.

Мисалы, ~~аларга илик, барыш, жатыш жөндөмөлөрүнүн~~ мүчөсү түздөн-түз уланбайт. ~~Ал эми -ча, -дай~~ формасындагы кээ бир чамалама сан атоочторго табыш, чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү жалгана алат. Мындай учурда алар абстрактуу сандын маанини туюндурат: Карандаштан он бешүнү (отуздайды) Салыйга бердим. Дептерден жүзчөнү (жүздөйдү) алдым.

-ча, -дай формасындагы чамалама сан атоочторго 3-жактын таандык -ы мүчөсү жалганса, ал субстантивдешкен маанеге ээ болуп, бардык жөндөмө мүчөлөрдү кабыл ала берет: Козулардын жыйырмачасынын (отуздайынын) дайыны жок. Колхозчулардын он бешчесине (элүүдөйүнө) баалуу сыйлыктар тапшырылды. Окуучулардын жыйырма бешчесин (жыйырма бештейин) лагерге жөнөттүк. Балдардын отузчасында (он бештейинде) китеп бар. Кеткендердин он бешчесинен (он бештейинен) кабар келе элек.

Эки эсептик сандын катар айтылышы менен уюшулган чамалама сандар субстантивдешкенде, жалпы абстрактуу сандык түшүнүктү билдиргенде, бардык жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрө берет: Ал отуз беш-кырктын ичиндеги киши эле. Карышкыр жети-сегизди туурт (М.Алыбаев Чекирге теңтуш, он жети-он сегизге чамалап калган киши (Ш.Б.).

Ракыя да он жети — он сегизде эле болучу (Ш.Бейшеналиев). Жаш тууган соолуктардын саны отуз-кырктан өткөндөн кийин, шаштылары кетти белем (Ш.Бейшеналиев).

-лап, -даган мүчөлөрү менен жасалган чамалама сан атоочтор этиштик формада тургандыктан, жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрбөйт.

Чамалама сан атоочтор таандык уландылар менен үч жак боюнча ырааттуу өзгөрбөйт. Бирок алар сүйлөм ичинде затташкан мааниде колдонулган, I жактын таандык -ым мүчөсүнөн башкалары жалгана берет: Он бешчең (жыйырмадайың)мында калгыла. Жүзчөбүз (жүздөйүбүз) душманды бет алдынан тосмок болдук. Отузчаңар (отуздайыңар) сөл жагынан айланып өткүлө. Окуучулардын жыйырмачасы (жыйырмадайы) мектеп участкасында иштеп калышты.

-лап, -лаган формасындагы чамалама сан атоочторго таандык мүчөлөр уланбайт.

Чамалама сан атоочтор ~~жак категориясы аларга~~ жак мүчөлөрүн ~~дүн~~ жекелик түрү уланбайт (мен он бешчемин, сен он бешчесиз, сиз он бешчесиз деп айтууга болбойт), ~~Жак мүчөлөрдүн~~ көптүк түрү менен өзгөрө берет: биз беш жүзчөбүз (беш жүздөйбүз), силер жыйырмачасыңар (жыйырмадайсыңар), сиздер алтымышчасыздар.

Аягына -лар/-дар мүчөсү уланып, адамдын жашын билдирген чамалама сан атоочторго үч жактын мүчөлөрү жалгана берет: мен жыйырмадардамын, сен жыйырмалардасың, биз жыйырмалардабыз, силер жыйырмалардасыңар, сиз жыйырмалардасыз.

Чамалама сан атоочтор сан категориясы (көптүк -лар мүчөсү) менен өзгөрбөйт. Чамалама сан атоочтор сүйлөм ичинде көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарат: Отуздай солдат туткундарды айдап келишти (К.Жантөшев). Жылына үч жүз - төрт жүз бээси туучу

(М.Алыбаев). Алты жүздөн ашуун ишканалар иштейт (Ш.Бейшеналиев).

Сан — өлчөм бышыктоочтун милдетин аткарат: Отуздай солдат даттуткундарды айдап келишти (К.Жантөшев). Жылына үч жүз - төрт жүз бөөси туучу (М.Алыбаев). Алты жүздөн ашуун ишканалар иштейт (Ш.Бейшеналиев).

Сан-өлчөм бышыктоочтун милдетин аткарат: Автобус күнүүө он бештей каттайт. Мектепке эки-үч келип кеттим. Планын ашыра орундаткандар жүздөп санадат.

Чамалама сан атоочтор затташкан мааниде колдонулганда, же абстрактуу сандык түшүнүктү билдиргенде, ээлик, толуктоочтук милдетти да аткарат: Студенттердин эки жүзчөсү колхозго жардамга кетишти. Кыйрады он чактысы, жатты сулк-сулк (М.Алыбаев). Бээлердин он бештейин жайлоого чыгардык. Дептердин отузчаны Салкынга бердим.

Баяндоочтук милдетти аткарат: Келе жаткандар он беш чамалуу (Т.Сыдыкбеков). Кайтарган кою миңге жакын (М.Элебаев).

БӨЛЧӨК САН

Бөлчөк сан атоочтор бүтүн нерсенин жалпысынан канча бөлүкчө бөлүнгөнүн жана ал бөлүктөрдүн канчасы жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизет: Мугалимдердин төрттөн үчү, койдун экиден бири, жыйырманын бештен экиси.

Сан атоочтун булар түрү синтаксистик жол менен, ~~башкача айтканда~~, эки эсептик сандын өз ара айкашып айтылышы аркылуу уюшулат. Кыргыз тилинде бөлчөк сандын алымы бөлүмүнөн кийин ~~ат~~ айтылат, ~~алар~~ өз ара төмөнкүчө тутумдашат:

I) Эң мурун бөлүмү чыныш жөндөмөдө айтылып, андан кийин алымы атооч жөндөмөдө айтылат: үчтөн бир, төрттөн эки, ондон алты.

Жыл сайын колхоздо алынуучу байлыктын үчтөн эки бөлүгүн пахта түзөт ("СК"). Шаарыбыздын калкынын төрттөн бир бөлүгү окуучулар жана студенттер ("СК").

2) Бөлүмү - илик жөндөмөдө, алымы - 3-жакка таандык форма-да айтылат: экинин бири, ондун үчү, жыйырманын беши... Акчанын үчтүн бири сарп кылынды. Эгиндин үчтүн экиси жөнөтүлдү ("Ала-Тоо"). Бөлчөк сандар эсептик сандан кийин "жарым" деген сөздүн кошулуп айтылышы менен да жасалат: беш жарым ($5\frac{1}{2}$), эки жарым ($2\frac{1}{2}$), бир жарым ($1\frac{1}{2}$). Ал бир рейсте бир жарым тонна жүк менен алыскы жайытка үч суткада жетет ("СК"). Мурдагы алтынчы класста, быйылкы эки жарым чейректе түзүк окуганды эскерип, сени экзамен тапшыруугa уруксат эттим (Ш.Бейшеналиев).

"Жарым", "жарты" сөздөрү мин, миллион, миллиард деген эсептик сандар менен айкашып айтылып да бөлчөк санды уюштурат: жарым мин жылкы, жарты миллион кой, жарым миллиард сом.

Аралаш бөлчөктөрдө эң мурун бүтүн сан "бүтүн" деген сөз менен бирге айтылып, андан кийин бөлчөк саны айтылат: эки бүтүн алтыдан эки ($2\frac{2}{6}$), төрт бүтүн бештен бир ($4\frac{1}{5}$); Колхоз пахта тапшыруу планын бир жүз бүтүн ондон беш процентке аткарды. Келерки жылы ар бир чарба дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн ар гектардан он эки бүтүн ондон беш центнерге жогорулатууга тийиш ("СК"). Азыркы убакта фабрикада биринчи сорттогу продукцияны берүү 3,5 процентке өстү ("ЛЖ").

Бөлчөк сандар орхон-енисей жазмасында, орто кылымдардагы эстеликтерде учурабайт. Алар кыргыз тилинде эсептөө системасынын өнүгүшүнө байланыштуу кийин кеңеш доорунда (ун түшүнүк) кеңири колдонула баштады. Бирок айрым бөлчөк сандардын синоними болгон "жарым" ($\frac{1}{2}$), "чейрек" ($\frac{1}{4}$) деген сандын маанидеги сөздөр кыргыз

тилинде ~~көнөш доорунда~~ буга чейин эле колдонулуп келген: Атам чыгып кеткенге жарым саатча убакыт болду (К.Жантөшев). Ал чейрек кылымга жакын агартуу майданында эмгектенип келатат ("СК").

Белчөк сандар субстантивдешкенде, же абстрактуу сандык түшүнүктү билдиргенде, аларга бардык жөндөмө мүчөлөр жалгана берет: Жер бетинин төрттөн үчүн суу каптап турат. Анын үстүндө үчтен бирине жетпей кара сан-сан көлдөлөң жатат (Т.Сыдыкбеков). Керим картошкадан алган түшүмдүн үчтүн экөөнү колхозчуларга сатты.

Белчөк сандарда таандык мүчөлөр менен бардык жак боюнча толук өзгөрбөйт. Мисалы: менин үчтөн бирим, сенин үчтөн бириң деп айтуу мүмкүн эмес. Алар затташкан мааниде колдонулганда гана, айрым таандык мүчөлөрдүн ~~жалганышы~~ кабыл алышы мүмкүн (I жактын таандык -ым мүчесүнөн башкалары): Кыргыз тилинен төрттөн экибиз "5" деген баа алдык. Силердин төрттөн бириңерди спорт лагерге жиберебиз. Калктын үчтөн бири окуйт ("СК").

Белчөк сан сан атоочтун башка түрлөрүнө караганда жак мүчөлөр менен ~~сейрек~~ өтө өзгөрөт: ~~өзгөрүү байкалат. Кээде гана.~~ Биз пахта талаасында иштеген колхозчулардын үчтөн бирибиз. Силер армияга чакырылуучу жаштардын төрттөн үчүнүнөр. ~~деп айтууга болот.~~ Белчөк сан сан категориясы боюнча (-дар мүчесү менен) өзгөрбөйт.

Белчөк сан атоочтор сүйлөм ичинде аз да болсо баяндоочтук милдетти аткарат: Тиги жайылып жүргөн уйлар колхоздун саан уйларынын үчтөн бири гана.

Кээде "белүгү", "белүмү" деген сөздөр менен ыкташып байланышканда, аныктоочтук милдетти аткарат: Кызылчанын экиден бир белүгү казылып бүттү.

Белчөк сан атоочтор затташкан мааниде колдонулганда ээлик жана толуктоочтук милдетти да аткара берет: Колхоз уйларынын

үчтөн экиси асыл тукум уйлар ("СК"). Огороддун экиден бирине алма көчөттөрүн отургуздук.

ТОП САН

Топ сан заттын топтоштурулуп тең бөлүнгөн санын билдирип, канчадан? нечеден? деген суроолорго жооп берет. Кыргыз тилинде топ сан эсептик сан атоочко чыгыш жөндөмөнүн -дан мүчөсүнүн жалганышы менен жасалат. Бирок ал мүчө чыгыш жөндөмөнүн маанисин туюнтурбастан, өзү уланган эсептик сан атоочко топтоштуруу маанисин берет: Бештен карандаш, ондон дептер алдык. Карамагымдагы койлордун жүзүнөн жетимиштен козу алдым ("СК"). Ар бир класста отуздан бала окуйт.

Топ сан ~~да~~, сан атоочтун башка түрлөрүндөй эле, кыймыл-аракеттин ~~да~~ топтоштурулуп бөлүнгөн санын да көрсөтө берет: Тизип койгон жылтыр кара мончоктой, бештен өрген кыздын коюу чачтары (А.Токомбаев). Жардамга келген окуучулар ар бир звеного ондон бөлүнүштү. Топ сандын мүчөсү татаал эсептик сандын соңкусуна жалганат: Тууган койлордун ар жүзүнөн жүздөн он бештен төл алынды ("СК"). Топ сан кош айтылган эсептик сандардан да жасалат:

а) Бир эле сан эки ирет кайталанып, ага -дан мүчөсү жалганат. Мааниси жагынан топтоштурулуп тепетең бөлүштүрүлгөндүктү билдирет: Ар бирибиз беш-бештен (бештен-бештен) дептер алдык. Ондон өрген көмүрдөй кара чачы эчен имерилип турат (А.Токомбаев).

б) Ар түрдүү эки эсептик сан кош айтылып, ага -дан мүчөсү жалганат: Мааниси боюнча топ сандык маани менен бирге чамалоо маанисин да туюндурат: Ар кайсы чабандан бирден-экиден кой жоголуп жатат (С.Өмуралиев). Сакманчылар төлдү, саан койду элүү-алтымыштан бөлүп алышты (Ш.Бейшеналиев). Эгерде топ сандан

кийин нумеративдик сөз, же айрым бир башка сөз келсе, -дан мүчөсү ошол сөздөн кийин уланат: Койдун ар биринен 4 килограммдан жүн кыркып алабыз ("КТ"). Колхоз пахтанын ар гектарынан 35 центнерден түшүм алды ("КТ"). Алар ар гектар жерге 25-30 тоннадан кык жеткиришкен ("ЛЖ"). Түрмөгө камап, анан он жылдан кесебиз дешет (К.Каимов).

Топ санды жасоочу байыркы мүчө -ар,-ер болгон: байыркы уйгур онар (ондон), үчэр (үчтөн); эски өзб. үчер (үчтөн), бишер (бештен), бирер (бирөө).

Көпчүлүк түрк тилинде (кумык, башкыр, түрк, хакас, татар, карачай—балкар) топ сандын байыркы -ар,-ер мүчөсү сакталып калган: башк. унар, берәр; татар. берәр, өчәр; хакас. онар, төртер; кумык. онар, бирер. Ал эми бир катар түрк тилдеринде (кыргыз, алтай, казак, өзбек, каракалпак тилдеринде) чыгыш жөндөмөнүн -дан мүчөсү аркылуу жасалат: алт. дөрттөн, каз. жүздөн, өзбек. унтадан, каракалп. екиден, төрттен.

Топ сан жөндөмө, таандык мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Айрым учурларда гана жак мүчөнүн көптүк түрү уланып айтылышы мүмкүн: Ар бир комнатада төрттөнбүз, силер экиденсиңер.

А Т А Т О О Ч

Ат атооч жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Затты, же анын белгилерин атабай туруп, аларды көрсөтүүчү сөздөр ат атооч деп аталат.

Тилде ат атооч эң байыркы убактардан тартып эле колдонулган. Бул анын колдонулууга ыңгайлуулугу менен байланыштуу.

Ат атоочтун негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү – маанисинин абстрактуулугу жана жалпылыгы.

Ат атоочтун абстракттуу жана жалпы маанисин конкреттештирүүчү, чечмелөөчү каражат болуп сүйлөм тизмеги, речке катышуучулардын өз ара мамилеси эсептелет. Мындай каражаттарсыз ат атоочтун конкреттүү мааниси ачылбайт.

Ал деген ат атооч жалпы мааниси боюнча сөзгө катышпаган үчүнчү жакты көрсөтөт. Үчүнчү жак адам, айбан, же башка заттар да болушу мүмкүн. Ал деген ат атооч ушулардын ичинен кайсынысынын орду на колдонулгандыгы (көрсөткөндүгү) өзүнөн мурунку сүйлөмдөн, же речтин ыңгайынан гана белгилүү болот.

Ат атоочтун жалпы мааниси өзүнөн мурунку сүйлөмдөгү сөз боюнча аныкталат. Анын абстракттуу жалпы маанисин конкреттештирүүдө көбүнчө ушул жол колдонулат:

Бүгүн аттар жакшы жем жешти. Эртең алар сарайга эрте келишпейт. Башталгыч мектептин окуучулары экскурсияга кетишти. Алар тоодон гүл терип келишет. деген сүйлөмдөрдөгү алар деген ат атооч өз алдынча турса, кимдин маанисинде колдонулгандыгы белгисиз болор эле. Мунун конкреттүү мааниси алдыңкы сүйлөмдөгү аттар, окуучулар деген сөздөр аркылуу аныкталып турат.

Ат атоочтун маанисинин дагы бир өзгөчөлүгү: ал затты жана заттык ар кандай белгилерди тигил же бул карым-катышка таянып көрсөтөт. Демек, ат атоочтун маанисинин жалпылыгы – жөнөкөй жалпылык

эмес, заттардын жана алардын белгисинин (сандык жана сапаттык) башкалар менен болгон мамилесине негизделген жалпылык:

Тоого сен барчы десек, мындагы сен деген ат атооч сүйлөөчү жакка карата болгон катышы боюнча тындоочу жакты көрсөтөт, ага сөз менен сүйлөөчү жак кайрылып жатат. Кечээ кандай ишти иштесең, бүгүн да ошондой ишти иште. Канча иштесең, ошончо аласың деген сүйлөмдөрдөгү ат атоочтор бир заттын сапатын (кандай - ошондой), сандык белгилерин (канча - ошончо) экинчи бир заттагы өзүнө туура келген сапаттык, сандык мамилелердин, окшоштуктардын негизинде көрсөтүп турушат.

Ат атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап көрсөтүүчү грамматикалык белгиси жок. Алар башка сөз түркүмүнөн, негизинен, лексикалык мааниси боюнча айырмаланат. Ат атоочтордун морфологиялык өзгөчөлүгү катарында жөнделгөндө алардын кээ бирөөлөрүнүн уңгусунун өзгөрүп кетишин гана эсептөөгө болот. Ат атоочтор мүчөнүн жардамы аркылуу башка сөз түркүмүнөн жасалбайт. Алар мааниси боюнча өзүнчө сөз түркүмү катары лексикалык фондудан бөлүнүп чыккан. Бирок ат атоочторго сөз жасоочу төмөнкү мүчөлөр жалганат:

1) -лык мүчөсү жактама ат атоочторго жалганып, тарапташтык маанидеги атоочсөздөрдү жасайт: мендик, сендик, биздик ж.б.

-лык мүчөсү жактама-шилтеме жана шилтеме ат атоочторго жалганганда, мүчөнүн алдында "н" тыбышы пайда болот да, негиз катарында ан (андыктан), ошон (ошондуктан), ушун (ушундуктан) колдонулат, -лык мүчөсү ушу негизге жалганат;

2) -сыз: менсиз, бизсиз, сизсиз, ансыз (< ал), мунсуз (< бу), бирок ошосуз, ушусуз (бул экөө ушундай айтылат);

3) -дай: мендей, сендей, андай (< ал), ошондой (< ошо), тигинде (< тиги), мындай (< бу), б.а. мында да -дай мүчөсү -н менен аяктаган негизге жалганат, салыштыр: ошон-дук (тан), ан-дык (тан);

4) -дагы (< да+гы); мендеги, сендеги, тигиндеги, ошондогу, мындагы, ушундагы (сын атоочтук мүчө мында да -н менен аяктаган не-

тисте жалганды);

5) -чыл: өзүмчүл (< өз), мисалы: өзүмчүл киши;

6) -ча: менче, сенче, анча, ошончо, ушунча, менимче (мен+ым - тектеш тилдерде илик жөндөмөсүнүн -ың мүчөсүнүн өзгөргөн түрү +ча) (-ым мүчөсү жөнүндө жогору жакты кара: бен+им - менин).

Ат атоочтор аткарган синтаксистик кызматы жана мааниси боюнча башка сөз түркүмдөрү менен катышы бар. Бул белгилер боюнча ат атоочторду негизинен төмөнкүчө бөлүштүрүүгө болот.

I. Зат атооч менен катыштуу ат атоочтор. Бул группага кирген ат атоочтор адамды, затты же болбосо заттанган түшүнүктөрдү көрсөтөт. Сүйлөмдө зат атооч сыяктуу ээ жана толуктоочтук милдет аткарат да, ким? эмне? деген суроого жооп берет: мен, сен, ал, биз, ар ким, ар нерсе, өз (өзүм, өзүң, өзү), ким? эмне? эч ким, эч нерсе, кимдир бирөө ж.б.

2. Сын жана сан атооч менен катыштуу ат атоочтор: бүткүл, бардык дык; ар бир, кээ бир, кайсы бир; кайсы, бул, тигил, ошол; канча, нече, бир канча ж.б. Ат атоочтун бул түрлөрү синтаксистик жагынан негизинен, сын адана сан атооч сыяктуу аныктоочтук милдет аткарышат, кайсы? канча? деген суроого жооп беришет.

Ат атоочтун түрлөрү

Ат атоочтор маанисине карата төмөнкү топторго бөлүнөт:

I. Жактама: мен, биз (I-жак); сен, сиз, силер, сиздер (2-жак); ал, алар (3-жак).

2. Шилтеме: бу (бул), ушу (ушул), ошо (ошол), тиги (тигил), тетиги (тетигил), тээтетиги (тээтетигил).

3. Сурама: ким? эмне? (не?), кандай? кайсы? канча? нече? качан? кайда? кайдан? кана?

4. Тангыч: эч ким, эч кандай, эч кайсы, эч бир, эч качан, эч нерсе, эчтеме.

5. Аныктама: бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз.

6. Белгисиз: кимдир бирөө, бир нерсе, бирдеме, кимдир, кандайдыр, кээ бир, кайсы бир, кай бир, алда кандай, алда ким.

Жактама ат атоочтор

Ат атоочтун бул түрү затты жак аркылуу көрсөтөт. Жак сөзгө катышкандардын сүйлөөчүгө карата болгон катышы боюнча аныкталат. Кыргыз тилинде сөзгө түтике жана кайыр түрдө катышуучу үч жак бар. Биринчи жана экинчи жак сөзгө тике катышат, үчүнчү жак сөзгө катышпайт:

	Жекелик түрү	Көптүк түрү
I-жак	мен	биз
2-жак	сен, сиз	силер, сиздер
3-жак	ал	алар

Жактама ат атоочтун ар бир дагы мааниси жагынан төмөнкүчө мүнөздөлүшү мүмкүн.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү да, көптүк түрү да сүйлөөчү жакты көрсөтөт. Бирок алар жекелик жана көптүгүнө байланыштуу сандык идея жагынан айырмаланат.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү (мен) сүйлөөчүнүн өзүн билдирүү үчүн колдонулат. Ар бир сүйлөөчү өзү үчүн мен болуп берилет:

Мен келген кишиден жазганып, тыттын түбүнө тура калдым. (К.Жантөшев).

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын көптүк түрү (биз) адатта сүйлөөчү жак кире турган коллективди көрсөтөт. Сүйлөгөн адам коллективдин мүчөсү катарында биз аркылуу берилген ситуациянын ичине кирет:

Биз үчүн сенин бактылуу болуун эле керек (Н.Байтемиров).

Ат атооч биз кээде сылыктык үчүн мен дегендин ордуна жекелик мааниде да колдонулат:

Арзыкан, сизге биз күйгөн
Арманым айттым бир жүргөн (Барпы).

Сиз менен биздин пикирибиз келише албады.

Кыргыз тилинде биз менен бирге сейрек болсо да биздер формасы колдонулат. Бул экөө тең биринчи жактын көптүгүн билдирет. Бирок биздер сөзүндө жалпыланган коллективдин айрым бирдиктерге бөлүнөрдүгү жана сылыктыкты да көрсетүүчү кошумча маани бар:

Бир, эки, үч,
Биздерде күч.
Ур барабан
Толкусун күч (Ж.Турусбеков).

Экинчи жана үчүнчү жактан биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүнүн айырмасы – биринчи жак адамга гана карата колдонулат. Ал эми үчүнчү жана экинчи жактын жекелик одоно түрү болсо адам үчүн гана эмес, адамдан башка жандуу жана жансыз заттар үчүн да колдонулат.

Жактама ат атоочтун экинчи жагы сүйлөөчүнүн сөз менен кайрылган жагын, тыңдоочуну көрсөтөт.

Кыргыз тилинде экинчи жак үчүн сен, сиз, силер жана сиздер деген жактама ат атоочтор колдонулат. Булардын ичинен сен – экинчи жактын жекелик одоно түрү, сиз – сылык түрү болуп эсептелет:

Сен мени тамаша кылып жатасың го (Н.Байтемиров). Сиз бизге бекер эле ачууланып жатасыз (К.Жантөшев).

Экинчи жактын жекелик одоно түрүнүн (сен) көптүк формасы силер дайыма эле көптүктү билдирүү үчүн колдонула бербейт. Кээде ал оозеки речте сылыктык үчүн сиз дегендин ордуна жекелик мааниде да колдонулат. Мындай учурда ал экинчи жактын сылык түрү сиз менен сино-

нимдеш болот. Бирок ат атооч силер экинчи жактын атайын сылык формасы болуп эсептелбейт.

Үчүнчү жак үчүн ат атооч ал колдонулат. Байыркы Орхон-Енисей жана уйгур эстеликтеринде үчүнчү жак үчүн о жана ол колдонулат. Мунун эринсиз формасы ал аталган эстеликтерде кезикпейт. Бирок кыйыр жөндөмөлөрдө (жөндөмө мүчөлөрдүн таасири менен) мунун эринсиз (ачык үндүү) формасы колдонулган (анда, ану-аны, ана-ага ж.б.). Ошондой эле, кыйыр жөндөмө мүчөлөрүнүн таасири астында баштапкы эринчил форманын эринсизге өткөн түрү - ал, кыргыз жана башка түрк тилдеринде негизги жөндөмө катары колдонулуп калган.

Ат атооч ал сөзгө катышпаган жалпы эле үчүнчү жакты көрсөтөт. Үчүнчү жак,адам, же айбан, же башка да заттар болушу мүмкүн. Ошондуктан I, II жакка караганда мунун колдонулуу чөйрөсү алда канча кең. Үчүнчү жак бул көрсөтүлгөндөрдүн ичинен кайсынысынын ордуна колдонулгандыгы өзүнөн мурунку сүйлөмдөн, же речтин кырдаалынан белгилүү болот.

Ал ат атоочунун нагыз жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу речтин кырдаалында сүйлөөчүнүн жана тыңдоочуну сөз болуп жаткан үчүнчү жакка карама-каршы коюудан келип чыгат. Үчүнчү жактын нагыз жактама ат атоочтук мааниси сүйлөшүүдө үч жактын болушу менен шартталган. Бирок булардын үчүнчүсү сөзгө катышпайт, аны речтик кырдаалга катыштырып айтуу үчүн тыңдоочу менен сүйлөөчү тарабынан ал деген ат атооч колдонулат:

- Ооба, ал биздин сырды билип калды (К.Жантөшев). Алар кете коюшпас.

Үчүнчү жак кээде шилтеме ат атоочтук мааниде да колдонулат. Мындай учурда ал сүйлөөчүдөн окчун турган затты көрсөтөт. Мунун шилтеме, же болбосо жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу грамматикалык жагынан аныкталгычтын бардыгы менен шарттадган. Үчүнчү жак (ал), аныктагычсыз айтылса, жактама ат атооч, аныктагыч менен

бирге айтылса, шилтеме ат атооч болот: Ал келди. Ал бала кетти ж.б.

Шилтеме ат атоочтор

Шилтеме ат атоочтор бир эңчөй заттардын ичинен бирөөнү бөлүп көрсөтөт.

Кыргыз тилинде шилтеме ат атоочтор толук жана кыскарган формада кездешет: бу – бул, ушу – ушул, ошо – ошол, тиги – тигил, тетиши – тетигил, тээтетиги – тээтитигил.

Шилтеме ат атооч бу (л)∠ бу + ол) мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган затты көрсөтөт. Ал зат сүйлөөчүгө башта белгилүү же белгисиз да болушу мүмкүн. Шилтеме ат атоочтор аркылуу зат жайынча жана атайы дааналап, күчөтүлүп да көрсөтүлөт. Жайынча айтылганда көрсөтүлүүчү зат ат атооч менен айкашат. Дааналап, күчөтүлүп көрсөтүлгөн учурда, ат атооч менен зат атооч аркылуу берилген аныктоочтук айкашууга мына (∠бу-на) деген сөз кошулат. Кээде бул сөз кыскарып мобу болуп да колдонулат:

– Бул киши ким?

– Балам, мына бул боорду бышырып жеп отургула (К.Жантөшев).

Шилтеме ат атооч бул дааналап, күчөтүп көрсөткөн учурда, кээде заттын ордуна сүйлөөчү жакты – ат атоочту да көрсөтүп калышы мүмкүн. Бирок мындан анын жогорку мааниси өзгөрбөйт:

Мына бул мен
Эмгек менен жүрөмүн!
Эмгек болчу,
Күндө бүтсөм, күндөгүм (Ж.Турусбеков).

Шилтеме ат атооч бул (калган шилтеме ат атоочтор да) кээде, ат атоочтун үчүнчү жагы сыяктуу, мурунку сүйлөмдө айтылган затты кийинки сүйлөмдө да кайталай бербес үчүн анын ордуна стилдик ыкма катары колдонулат. Мындай абал көпчүлүк учурда аларды заттануучага алып келет. Кээде ат атооч бүт сүйлөмгө тиешелүү болушу да мүмкүн:

"Мандикерге кеткендердин үй-бүлөөлөрү жөнүндө камкордук көрөбүз"-деп коюшат. Бул барып турган алдамчылык эмеспи! (М.Абдукаримов). Береги тоо этегинен бери мөмөлөгөн алма, өрүгүнө көзүм тойду. Буларды кимдер жеп түгөтөт, чиркин! (Т.Сыдыкбеков).

Шилтеме ат атооч бу (шилтеме ат атоочтун калгандары да) кээде мурдагы айтылган фактыны эске түшүрүү үчүн колдонулат. Мындай учурда аныктоочтук айкашууга бу деген ат атоочту кошпой айтууга да болот: Жүргөн экен (бул) жума, менин ким экеним кенебей (К.Жантөшев).

Шилтеме ат атооч ушу (л) да морфологиялык түзүлүшү жагынан уш+ол элементтеринен куралгандыгы байыркы түрк эстеликтеринин кээ бирлеринде уш шилтеме ат атооч бар экендиги менен ырасталат. Шилтеме ат атоочтун бул түрү мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган жана башта ага белгилүү болгон затты көрсөтөт. Затты мейкиндик жагынан көрсөтүүсү боюнча бул деген шилтеме ат атооч менен биримдикти түзөт. Бирок мезгилдик мааниси боюнча андан айырмаланат, анткени ушул көрсөткөн зат сүйлөөчүгө башта белгилүү болот. Ошондуктан ушу бу атоочуна караганда затты конкреттүүрөөк көрсөтөт.

Ушул жерде
Жоонун колу жатышкан,
Ушул жерде
Тапчыл эрлер атышкан!
Ушул жерде
Бели сынып мертинип,
Жоонун колу
Бет бага албай качышкан. (Ж.Турусбеков).

Шилтеме ат атооч ушу сүйлөөчүгө жакын турган жана ага башта таанып, белгилүү затты гана көрсөтпөстөн, кээде сүйлөгөн биринчи жактын өзүн да көрсөтүү үчүн колдонулат. Мындай учурда жактама ат атоочтун көрсөтүүчү мааниси бир канча күчөтүлөт:

"Шамырбек датка тирүүсүндө элди кууруду эле, эми өлгөндө да көрүнө тим жатпай бейбечараны шорго малды. Шорго малганы эмей эмне, ушул мен байкуштан эки кой, бир улак алды", – деди мурунку оң тарабында олтурган дагы бир чал (К.Жантөшев). Ушул шилтеме ат атоочу да мына ат атоочунун кошулуп айтылышы менен затты дааналап, күчөтүп көрсөтөт:

Мына ушул Терек-Мазардын даңазасы Айганышка да жеткен. ((Т.Сыдыкбеков).

Ошол шилтеме ат атоочу да морфологиялык түзүлүшү жагынан татаал экендигин жана өз ара ош + ол морфемаларынан түзүлгөндүгү байыркы түрк эстеликтеринин фактыларынан көрүүгө болот. Байыркы түрк эстеликтеринин кээ бирөөлөрүндө ош өзүнчө колдонулган: ош пу – ошо (л) бу сөз.

Шилтеме ат атоочтун бул түрү мейкиндик жагынан алысыраак турган бирок сүйлөөчүгө башта белгилүү болгон затты көрсөтөт. Мейкиндик жагынан бул жана ушул деген шилтеме ат атоочторго карама-каршы. Ошо деген шилтеме ат атоочту айткан учурда сүйлөөчү ошо көрсөткөн зат менен бир территорияда, демек, ал зат сүйлөөчүнүн көз алдында турушу мүмкүн. Кээде ал зат сүйлөөчү менен бир территорияда эмес, демек, сүйлөөчүнүн көз алдында эмес, өтө эле алыста да болушу мүмкүн.

Мунуң эмес, ошо көрсөткөн батинкеңизди бериңиз (зат сүйлөөчүгө жакын, сүйлөөчү аны көрүп турат). Мен да ошо Бешинчи Тверская-Ямская көчөсүндө тургам (Бишкекте туруп, Москвадагы бир көчөнү айтып жатат, речтин сүйлөнүп жаткан мезгилинде сүйлөөчү ошо көрсөткөн заттын территориясынан тышкары турат). Мына ошол Каныбек быйыл жыйырма бирге чыкты. (К.Жантөшев).

Тиги (тигил) шилтеме ат атоочу мейкиндик жагынан сүйлөөчүдөн алыс турган затты көрсөтөт.

Алыстагы затты көрсөтүү жагынан ошо деген шилтеме ат атоочко жакын. Бирок андан заттын көрүнүктүүлүгү жагынан айрмаланат. Баш-

кача айтканда, тиги аркылуу көрсөтүлгөн зат сүйлөөчүгө көрүнүп тур рат:

Көрчү
Көрчү,
Көрчү мунун бир ташын!
Тиги
Тиги,
Суу жеп кеткен жылгасын (Ж.Турусбеков).

Экөөнүн ортосунда дагы бир айырма бар. (Эгерде ошо (ушу, бул да) аркылуу көрсөтүлгөн зат мейкиндик жана мезгилдик катыштарга (башта тааныштыгына) негизделген болсо, шилтеме ат атооч тиги аркылуу көрсөтүлгөн зат жалаң гана мейкиндик мамилеге негизделген.

Тетиги үйдү көрдүңбү? – Ошо менин үйүм.

Тиги, тетиги деген шилтеме ат атоочтор өтө алыста турган затты көрсөтүш үчүн тээ, тээтетиги болуп созулуп да колдонулат.

Кээде тиги деген шилтеме ат атоочтон мурун ал деген ат атооч келиши мүмкүн. Кээде бул кыскарып а болуп да колдонулат. Бирок андан шилтеме ат атоочтун мейкиндик мааниси өзгөрбөйт. Бул шилтеме ат атооч тиги ат атоочу катышкан сүйлөмдөгү затты мурдагы сүйлөмдөрдөгү сөзгө алынган бир эчкей заттар менен байланыштыруу үчүн колдонулат.

Өзүбүз – сиздей эле колхозчу элбиз. Менин атым – Шамбет. Башкарма болом. Өз катарыңызда олтурган – Зарыл деген кыз. А тиги кетирендеп күлгөн келин талаа бригадасынын звеновою Акия кетирекей дегенибиз болот, өзү комсорг, азамат келин (Т.Сыдыкбеков).

Ал тигил кызыл жоолукчан
Эмгектин кызы селкибиз (Ж.Турусбеков).

Жактама жана шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшү

Жактама ат атоочтордун көптүк түрү өзгөрүүсүз жөндөлөт:

А.	биз	силер	сиздер	алар
И.	биз-дин	силер-дин	сиздер-дин	алар-дын
Б.	биз-ге	силер-ге	сиздер-ге	алар-га
Т.	биз-ди	силер-ди	сиздерди	алар-ды
Ж.	биз-де	силер-де	сиздер-де	алар-да
Ч.	биз-ден	силер-дент	сиздер-ден	алар-дан.

Жактама ат атоочтордун жекелик түрүнүн жөндөлүшү:

	кыргызча			түркмөнчө		
А.	мен	сен	ал	мен	сен	ол
И.	мен-ин	сен-ин	ан-ын	мен-иң	сен-иң	он-уң
Б.	ма-га	са-га	а-га	маң-а	саң-а	оң-а
Т.	мен-и	сен-и	ан-ы	мен-и	сен-и	он-ы
Ж.	мен-де	сен-де	ан-да	мен-де	сен-де	он-да
Ч.	мен-ден	сенден	ан-дан	мен-ден	мен-ден	он-дан.

Шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшү:

	кыргызча		түркмөнчө	
А.	бу(л)	ошо(л)	бу	шол((шо
И.	мун-ун	ошон-ун	мун-уң	шон-уң
Б.	бу-га	ошо-но	муң-а	шоң-а
Т.	мун-у	ошон-у	муң-ы	шон-ы
Ж.	мын-да	ошон-до	мун-да	шон-да
Ч,	мын-дан	ошон-дон	мун-дан	шон-дан.

Сурама ат атоочтор

Белгисиз затты, же сандык жана сапаттык белгилерди аныктоо үчүн колдонулуучу сөздөр сурама ат атоочтор деп аталат.

Сурама ат атоочтор төмөнкүлөр: ким? эмне? (не?) кандай? кайсы? канча? нече? кайда? (кана?) кайдан? качан?

Бул ат атоочтор суроо маанисинде колдонулганда бир сөзгө, же бүтүн бир сүйлөмгө да тиешелүү болушу мүмкүн. Бирок бул эки учурда тек затты жана сан-сапаттык белгини тике көрсөтө албайт, алардын ат атоочтук көрсөтүү маанисин тыңдоочунун жообу аркылуу такталат:

Бул ким? - Уулум. Кайсы үй? - Кийинкиси. Өңү кандай? - Кызыл.

Келтирилген мисалдагы сурама ат атоочтордун кайсы сөзгө тиешелүүлүгү, сурамалык конкреттүү мааниси тыңдоочунун жообу болуп түшкөн сөз аркылуу аныкталып турат.

Сурама ат атоочтор кээде бүтүн бир сүйлөмгө, же өзү тема болуп түшкөн бүт бир макалага да тиешелүү болушу мүмкүн. Мындай учурда ат атоочтун белгисиз нерсени суроо үчүн колдонулгандагы конкреттүү мааниси аңгеменин мазмуну боюнча аныкталат.

Газета, журналдардын бетинен "Курулушка керектүү материалдарды кайдан табууга болот?" "Керимбек качан оңолот?" деген сыяктуу темадагы макалаларды кезиктирүүгө болот. Мындай учурда эгерде темага катышкан ат атоочтук суроонун конкреттүү мааниси макаланын мазмунунда жооп катарында берилсе, анда ат атоочтун эмнеге тиешелүүлүгү конкреттүү болот, тескарисинче болсо, белгисиз затка тиешелүү болот.

Сурама ат атоочтор сүйлөмдүн контекстине жана интонацияга карай кээде суроо маанисинен башка мааниде да колдонулуп калат:

Бүгүн ал кайдан келсин. Жер алыс эмеспи. Муну иштебегенде эмне (суроо мааниси жок). Ал кайдан философ болсун (жактырбагандык мааниде).

Сурама ат атоочтор төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

I. Ким? деген сурама ат атооч адамга гана берилет:

- Ким келди? - Абыл. - Кимге айттың? - Жумаалыга.

2. Сурама ат атооч эмне адамдан башка жандуу, жансыз нерселер-

дин жана заттанган түшүнүктөрдүн бардыгына карата колдонулат.

– Магазинге эмне алып келди? – Кездеме. Дүйнөдө эмне кызык? – Жашоо кызык.

Кыргыз тилинде эмне? менен бирге, сейрек да болсо да не? колдонулат. Ал жандуу жана жансыз заттарды суроо үчүн эмес, стилдик максатта колдонулат да, кээде мааниси жагынан эмне деген ат атоочко туура келет; кээде суроо мааниси сакталбай, башка маани берилип калат:

– Э-э жолуңар болсун, байкелер! – дейт Чегиртке, анткендерди далыга салып. – Не керек кейип? Акча барбы, Чытырман токойдон жол табат.

– Э-э, Эжеке , сурап не кыласың? Несин сурайсың, садага (Т.Сыдыкбеков). Не бар, не жок. Не сөздөр айтылбады. Нелер бар да, нелер жок. Не түркүн кездемелер турат. Дүйнөдөн не бир адамдар өттү (мында суроо мааниси жок, бар түркүн, ар кандай, бардыгы бар" деген мааниде). Керимбек жаш кезинде не деген жигит эле (кандай сонун, жакшы деген мааниде).

Не сурама ат атоочун башка маанидеги не менен чаташтырбоо керек. Мунун бирөө иран тилдеринен кирген тангыч маанидеги не; экинчиси түрк сөзү, сурама ат атоочтук мааниде колдонулат, иран тилдеринен кирген тангыч не менен омонимдеш. Кыргыз тилинде иран тилдеринен кирген не сөзүнүн баштагы таңгыч мааниси сезилбейт, же деген ажыраткыч байламтанын маанисинде колдонулат:

Мына төртүнчү айдын жүзү болду. Эч биринен не кат, не кабар келбей, Каныш да, Айымжан да кайгыдан мөгдөштү.

3. Кандай деген сурама ат атооч заттын, же кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык жана касиеттик белгилерин аныктоо үчүн колдонулат.

Бул тоолордун ноонушу, өрүшү бнякка турсун, кайсы жерде кандай окуялар болгондугу дагы эсимде турат. Алда кандай укмуштуу күткөнсүшүп, көчөнүн эки тарабындагы үйлөрдүн адамдары кенедей терезесинен тышты карашат (К.Жантөшев).

Бул ат атоочтогу -дай мүчөсүнүн баштагы формасы - даг. -даг мүчөсү болсо тарыхый жагынан байыркы тилдерде "окшош, сыяктуу" маанисиндеги - тег деген бүтүн сөздөн чыккан.

4. Кайсы деген сурама ат атооч иреттик тартиптеги затты башкалардан бөлүп көрсөтүү үчүн суроо иретинде колдонулат. Кыргыз тилинде кайсы менен бирге, ушул эки маанидеги кайсыл (< кайсы+ол) формасы да колдонулат:

Кайсы киши айтты? Кайсы күнү келет? Кайсыл убакта? ("Кырг.-орусча сөздүк").

5. Кайда? кайдан? орунду жана багытты суроо үчүн колдонулат.

Заттын ордун суроо маанисинде кайда? менен бирге кыргыз тилинде кана? деген сурама ат атооч да колдонулат. Кана? деген сурама ат атооч (байыркы түрк. каны?) азыркы түрк, монгол тилдеринде (бурятча хаана?) да бар жана алар өз ара тектеш. Ат атооч кана морфологиялык составы жагынан кан + -на элементтеринен турат. Азыркы түрк тилдеринде кан деген уңгу өз алдынча колдонулбайт; -на жатыш жөндөмөлүк мүчөнүн (-да) фонетикалык өзгөргөн түрү; салыштыр: якутча ханна?

Сурама ат атооч кайда менен кана? заттын ордун суроо үчүн колдонулганы менен, экөөнү бирдей жаатоого болбойт. Сурама ат атооч кана? көбүнчө территория жагынан сүйлөөчүгө жакын турган заттын ордун суроо үчүн колдонулат жана ага ана, тигине, мына деген үч сөз гана жооп болуп түшөт. Булар да грамматикалык формасы жагынан өздөрүнүн суроо сөзүнө (кана) окшош, анын мүчөсүн кабыл алгын.

Бул эки ат атоочтун ортосунда дагы бир айырма бар: Кана? статикалык (орунду) түшүнүктү билдирүү үчүн гана колдонулат. Жана эч убакта этиш менен айкаша албайт. Кайда? ат атоочу, орун менен бирге багытты, демек, динамикалык түшүнүктү суроо үчүн да колдонулат жана этиш менен айкашып өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло алат: Китебиң кайда? ((китебиң кана? Бирок кайда бара жатасың? деген суроону

кана? аркылуу суроо мүмкүн эмес.

6. Качан? мезгилге жана убакытка байланышуу түшүнүктөрдү суроо үчүн колдонулат:

– Жыйналыш качан болот? – Эртең. – Сен качан келесиң?

– Кечки саат беште.

Мезгилди суроо үчүн кээде кай убакта деген сөз айкашы да колдонулат:

Качан келейин // кай убакта келейин?

Качан деген ат атоочтун биринчи бөлүгү байыркы Орхон-өстеликтериндеги кач деген сөзгө окшошот. Бирок ал сөз азыркы качан деген мааниде эмес, канча маанисинде колдонулган; кач сөзү канча маанисинде азыркы тува (каш), якут (хас) жана түрк (каж) тилдеринде сакталган.

Морфологиялык мүнөздөмөсү жагынан сурама ат атоочтор бирдей эмес. Ким?, эмне?, кайсы?, канча?, нече? деген ат атоочторго жөндөмө, таандык, көптүк жана жак мүчөлөр жалганат.

а) Жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшү

А.	ким	эмне	кайсы	канча
И.	ким-дин	эмне-нин	кайсы-нын	канчанын
Б.	ким-ге	эмне-ге	кайсы-га	канча-га
Т.	ким-ди	эмне-ни	кайсы-ны	канча-ны
Ж.	кимде	эмне-де	кайсын-да	канча-да
Ч.	ким-ден	эмне-ден	кайсын-дан	канча-дан

б) Таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү

I – жак	ким-им	эмне-м	кайсы-м	канча-м
2 – жак	ким-иң	эмне-ң	кайсы-ң	канча-ң
	ким-иңиз	эмне-иңиз б	кайсы-ңыз	канча-ңыз
3 – жак	ким-и	эмне-си	кайсы-сы	канча-сы
	ким-и-си			

в) Жак мүчөлөр менен өзгөрүшү

I-- жак	ким-мин	ким-биз
2 - жак	ким-сиң	ким-сиңер
	ким-сиз	ким-сиздер
3 - жак	ким -	кимдер

Аныктама ат атоочтор

Аныктама ат атоочтор заттын сандык жалпылыгын, же жекелигин аныктап көрсөтөт. Аныктама атоочторго төмөнкүлөр кирет: бүткүл, бүтүн, баары, бардык, ар ким, ар бир, жана өз.

Аныктама ат атоочтор маанисине карата экиге бөлүнөт.

Биринчи топко кирген ат атоочтор затты жалпысына аныктайт. Буларга бүтүн, бүткүл, бардык, баары деген сөздөр кирет.

Бүтүн, бүткүл, бардык көбүнчө аныктооч катарында колдонулса, баары субстантивдешкен мааниде колдонулат:

Бардык жаштар бийлеп жатат. Бүтүн бүткүл дүйнө пролетарлары, бириккиле! Бардык эл келди, кайта баары кетти. Мусулмандардын тарыхы баарына маалым.

Аныктоочтук милдет аткарган жогорудагы ат атоочтор субстантивдешип ээ жана толуктоочтук милдет да аткарат:

Альмдын аракетинен Каныбек бардыгын тааныды. Чоң жалгыз коюн баласына атап союп, бардыгын чакырды. (К.Жантөшев).

Жалпылама маанидеги ат атоочтор морфологиялык жагынан анчалык өзүкпөгөн. Алар сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алуу жагынан бирдей эмес.

Булардын ичинен бүткүл сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт.

Бүтүн жөндөлөт, бирок ат атоочтук мааниде колдонулганда, таандык жана көптүк мүчө жалганбайт.

Баары, бардыгы да таандык мүчө менен толук өзгөрбөйт.

Ат атооч баары (өз алдынча туруп) III жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт. Ушуга караганда, муну аягын-

дагы -ы тарыхый жагынан таандык мүчө болуу керек. Салыштырыңыз:

А.	баары	малы
И.	баары-нын	малы-нын
Б.	баарын-а	малын-а
Т.	баары-н	малы-н
Ж.	баарын-да	малын-да
Ч.	баары-нан	малы-нан.

Мындай жөндөлүү өзгөчөлүгүнөн эле мунун аягындагы -ы 3-жактын таандык мүчөсү экендигин көрүүгө болот.

Ат атооч бардык өз алдынча туруп жөндөлбөйт, аягына таандык мүчө жалганганда гана жөндөлөт. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганганда баары сыяктуу жөндөлөт; биринчи эки жактын көптүк түрүнүн таандык мүчөлөрү жалганганда, аягы үндүү жана үнсүз менен бүткөн зат атоочтор сыяктуу өзгөрүүсүз жөндөлөт.

Жалпылама маанидеги ат атоочтордун баарына мүнөздүү бир нерсе - билдирген маанисине байланышуу буларга көптүк мүчө жалганбайт.

Экинчи топко кирүүчү ат атоочтор (ар бир, ар ким, ж.б. өз), жалпысынан алганда, заттын жекелигин аныкташат.

Ат атооч ар сандык жалпылыкка кирүүчү заттын бөлүнүшүн билдирет. Ар өз алдынча колдонулбайт, дайыма башка сөздөр менен бирге келет. Ат атоочтук мааниде ал төмөнкү сөздөр менен айкашат: ар ким, ар нерсе, ар кандай, ар бир:

Ар ким ар кандай айтып жүрүшөт. Советтик ар бир адам коомго өз салымын кийирет. Ар нерсе өз убагында. Ар кандай сөздөр айтылды.

Ат атооч өз аракеттенүүчү жактын өз алдынчалыгын, же анын конкреттүүлүгүн күчөтүп көрсөтүү үчүн колдонулат. Өз ат атоочтук мааниде көбүнчө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу колдонулат:

Жыйналышты өзүм алып бардым. Альмбайдын өзү отурду (Кийинки эки сүйлөмдө аракеттенүүчү жактын конкреттүүлүгү күчөтүлгөн).

Тангыч ат атоочтор

Негизги ат атооч аркылуу берилген маанини танып көрсөтөт.

Тангыч ат атоочтор эч бөлүкчөсүнүн (иран. ∠hэч) сурама ат атоочторго кошулушу аркылуу жасалат. Тангыч ат атоочтор маани жагынан аныктама жана сурама ат атоочторго карама-каршы. Алар аркылуу берилген маани жокко чыгарылат: Эч ким, эч нерсе, эчтеме, эч кандай сыяктуу ат атоочтор дайыма тануу маанисиндеги сүйлөмдөрдө гана колдонулат:

Баары келди - эч ким келген жок. Баарын алдым - эч нерсе койбодум. Бардык ишти бүтүрдүм - эч бир иш калган жок; качан - эч качан, эч убакта; кандай - эч кандай; кайсы - эч кайсы; кайдан - эч кайдан; кайда - эч кайда ж.б.

Тангыч ат атоочтордун сөз өзгөртүүчү категориялар менен өзгөрүү, өзгөрбөстүгү анын тутумундагы сурама ат атоочторго байланыштуу. Эгерде сурама ат атооч өзгөрсө, анын кошулушу аркылуу жасалган тангыч ат атооч да өзгөрөт, же анын тескерисинче болот.

Белгисиз ат атоочтор

Затты, же анын кээ-сапаттык белгилерин болжолдуу түрдө жалпысынан көрсөтөт. Белгисиз ат атоочтор, негизинен, сурама ат атоочторго -дыр мүчөсү, бир жана алда деген сөздөрдүн кошулушу аркылуу жасалат: алда ким, кимдир, кимдир бирөө, бир нерсе (∠ не ирсе), бир деме((бир неме (∠ байыркы түркчө: неме - (кандайдыр бир буюм, нерсе; эмнедир); кандайдыр бир, кээ бир, кай бир, кайсы бир, алда кандай.

Белгисиздик дегенде эки нерсени ажыратуу керек.

Кээде сүйлөөчүнүн өзүнө зат жөнүндөгү түшүнүк белгилүү болгону менен, ким, эмне экендиги, б.а. анын конкреттүүлүгү белгисиз болот;

- Тур, карачы! Кимдир бирөө келди дегенде кимдир кандайдыр бир жандуу заттын келгендиги сүйлөөчү үчүн белгилүү, бирок

анын кимдиги, же эмне экендиги белгисиз. Мындай учурда ат атоочтор белгилүүнүн белгисиздигин билдирет.

Кээде, тескерисинче, зат жөнүндөгү түшүнүктүн өзү да жана анын конкреттүү аныктагы да белгисиз болот:

эмнегедир; кандайдыр бир иш дегенде сөз болуп жаткан нерсе жана анын өзү да белгисиз. Мындай ат атоочтор белгисиздин белгисиздигин. б.а. реалдуу эмес заттын белгисиздигин билдирет.

ТАКТООЧ

Тактооч жөнүндө жалпы маалымат.

Тактоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат:

а) лексикалык жагынан мүнөздүү түрдө кыймыл=аракеттин түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, себеп менен максатын сан=өлчөмүн жана сын=сыпатын) билгизип, маани жактан абстракттуу келет.

б) морфологиялык жагынан дээрлик өзгөрбөйт (айрымдары гана бирин=экин жөндөмөлөрдүн формасында айтылып, кээ бирлери салыштырма даражага ээ болот): эң тез, өтө бат ж.б.

в) тактоочтордун өзүнө тиешелүү болгон сөз жасоочу мүчөлөрү бар.

г) синтаксисттик жактан тактоочтор көбүнчө этиш сөздөр менен айкалышат да, сүйлөм тизмегинде бышыктоочтук милдет аткарат.

д) көпчүлүк тактоочтор тарыхый жагынан башка сөз түркүмдөрү менен байланыштуу болгондуктан, алар менен салыштырмалуу катышты түзүп турат. Мындай бөтөнчөлүктөрдү билүү үчүн тактоочтор менен башка сөз түркүмдөрүн өз ара салыштырып көрүү менен, төмөнкү фактыларга көңүл буралык.

I. Айда болгон жашырын сырлардын далайы илимдин күчү менен бизге белгилүү болуп калды. Күндө болгон жашырын сырларды билүү да абдан баалуу.

2. Айда тууган баламды айда жылан жеп коёт, күндө тууган баламды күндө жылан жеп коёт (элдик ыр). Бул мисалдардын ар биринде тыбыштык жактан эч айырмаланбаган айда, күндө деген сөздөр бар. Булар түпкү теги жактан бир болгону менен, тилдин азыркы этабында бири=биринен төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөр аркылуу айырмаланып, эки башка сөз түркүмүнө тиешелүү болуп турат: I-мисалдагы айда, күндө конкреттүү заттардын (асман телолорунун) аттарын билгизип, башка зат атоочтор сыяктуу эле жөндөмөлөр менен жөнделүү, таандык мүчөлөр менен өзгөрүү, сүйлөм ичинде толуктоочтук милдетти аткаруу мүмкүнчүлүгүн толугу менен сактаган. Бул сөздөргө уланган жатыш жөндөмөнүн мүчөлөрү да өзүнүн грамматикалык сапатын толук сактап, суроо катары берилүүчү эмне? деген ат атоочтун эмнеде? болуп, жатыш жөндөмө-

сүндө турушун шарттаган. Ошондуктан I-мисалдагы айда, күндө деген сөз формалары жатыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор катары каралат. 2-мисалдагы айда, күндө сөз формалары мезгилдик маанини туюндуруп, мезгил бышыктоочтук милдетти аткарып турат. Булардагы жөндөмө мүчөлөрдө да өзгөрүү бар. Алар уңгу менен ширелишип кеткен сыяктуу абалга жетишкен. Ошол себептен бул сөз формаларына жатыш жөндөмөнүн эмнеде? деген суроосу эмес, качан? кайсы убакта? деген суроолору берилет. Анын үстүнө булардагы жөндөмө мүчө маани жактан сайын жандоочуна бир кыйла жакындашат. Маселен, сал.: Айда (ай сайын) тууган баламды Айда (ай сайын) жылан жеп коёт. Күндө (күн сайын) тууган баламды күндө (күн сайын) жылан жеп коёт.

Жөндөмө мүчөлөр өз касиетин толук сактап турган I-мисалда ал мүчөлөрдү сайын жандоочу менен алмаштыруу мүмкүн эмес. Ушундай өзгөчөлүктөр 2-мисалдагы айда, күндө деген сөз формаларын тактооч катары эсептөөгө негиз болот.

Ошентип, кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жактан дээрлик өзгөрбөгөн, көбүнчө этиштер менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарган башка сөз түркүмдөрү менен салыштырмалуу мүнөзгө ээ болгон сөздөр тактоочтор деп аталат.

Тактоочтордун түзүлүшү жана жасалыш жолдору

Тактоочтор морфологиялык түзүлүшү жагынан бир өңчөй эмес. Ошондуктан алар тубаса тактоочтор жана туунду тактоочтор болуп негизинен эки топко бөлүнөт.

Тилдин азыркы этабында өз алдынча морфемаларга бөлүнбеген тактоочтор тубаса тактоочтор деп аталат. Мындай типтеги тактоочторго төмөнкүлөр кирет: ылдам, жай, бат, тез, кеч, аздыр, жогору, илгери, кийин, ары, бери, эрте, дал, дароо, чапчан, эми, дайыма ж.б.

Бир кездерде өз алдынча толук маанилүү кээ бир уңгулар тилдин өнүгүү процессинде алгачкы маанисин жоготуп да жиберет. Ошондуктан алар баштапкы формасында өзгөрүүсүз колдонулбастан кандайдыр бир мүчө менен бир бүтүнгө айланып, өзгөрүү касиетин жоготот. Мунун натыйжасында андай сөздөр кийинки этаптагылар

үчүн тубаса тактооч сыяктанып сезилет. Башка сөз түркүмдөрүнөн тактоочко өткөн сөздөрдүн бир кыйласы азыркы учурларда мурунку маанисинен өзгөчөлөнүү аркылуу тубаса тактооч сыяктанып калган. Азыркы кыргыз тилиндеги тубаса тактоочторго, биринчиден, морфемаларга ажырабай турган сөздөр, экинчиден, составындагы морфемалар алгачкы сапатын жоюу аркылуу бир бүтүндүккө айланган сөздөр кирет. Мындай сөздөрдү тарыхый жактан карамайынча, морфемаларга ажыратуу кыйын.

Тубаса тактоочтордун көө бирөөлөрү тарыхый жагынан туунду сөз болушу мүмкүн: илгери (<ил+гару, байырк, түрк. ил - перед), жогору (<жо+гару), тескери (<терс+гару), эрте (<эр+те - жатыш жөндөмөнүн мүчөсү); чуваш, түркменче ир - рано, кийин (<кед+ин), ары (<ал<ол//о+ры), бери (<бу(л)+ры), эртең (<ир//эр+таң), кайта (<кай+т+а), жана (<жан+а), аябай (<ая+ба+й) деген сыяктуу сөздөрдү көрсөтүү мүмкүн.

Мүчөлөрдүн жалганышы же сөздөрдүн өз ара айкалышы аркылуу жасалган тактоочторду туунду тактоочтор дейбиз. Мындай типтеги тактоочторго төмөнкүлөр кирет: адамча, балача, өзүнөрче, ылдамдай, жазды=жаздай, килолоп, бетме=бет ж.б.

Туунду тактоочторду жасалыш өзгөчөлүгүнө карата эки топко бөлөбүз: 1) морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор, 2) синтаксисттик жол менен жасалган тактоочтор.

Морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор

Уңгу сөздөргө мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалган тактоочторду морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор деп атайбыз.

Азыркы кыргыз тилинде мындай типтеги тактоочторду жасоо үчүн бир нече мүчө колдонулат. Алар төмөнкүлөр:

-ча мүчөсү. Бул мүчө кыргыз тилинде гана эмес, түрк тилдеринин системасына кирген бир катар тилдерде да тактоочту жасоочу өнүмдүү мүчө болуп саналат жана ар бир тилдин фонетикалык законуна ылайык -ча, -че, -ша, -ше ж.б. варианттардын биринде кездешет. Тарыхый пайда болушу жагынан бул чак деген сөз менен байланышат.

-ча -че мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор кандайдыр бир нерсенин кыймыл=аракетин экинчи бир нерсенин кыймыл=ара-

кетине окшоштурат, кээ бир учурларда сан-өлчөмдүк маанини да билдирет:

Аскар мугалимдин тилегин уяндык менен дале болсо балача укту (Т.Сыдыкбеков). Жамгыр анча-мынча гана жаап басылды. Биринчи сүйлөмдөгү -ча мүчөсү уланган балача деген сөз салыштыруу, кейиптештирүү маанисин, экинчи сүйлөмдөгү анча-мынча деген сөз сан-өлчөмдүк маанини туюндурду.

Таандык мүчөлөр жалганган бир катар сөздөр да -ча мүчөсү аркылуу тактоочко айланат; жакка таандык болгон атоочтон тактоочту жасоодо -ча мүчөсүнөн мурда 'н' тыбышы кошулат: көзүмчө, көзүнчө, көздөрүнчө, көңүлүзчө, көзүңөрчө, көзүбүзчө ж.б.

Тактоочтор -лап (<-ла+п) мүчөсүнүн жалганышы аркылуу да жасалат. Алар көбүнчө мезгилдик түшүнүктү билдирет: күндөп, түндөп, апталап, айлап, жылдап ж.б.

Кай бир учурларда мындай формадагы тактоочтор уңгу сөздүн маанисине ылайык өлчөмдүк түшүнүктү туюндурушу да мүмкүн: арабалап, каптап, баштыктап, тонналап ж.б. Бул сөздөр канча?, канчалык? деген суроого жооп болуп түшөт.

-лап мүчөсү кээ бир тубаса тактоочтордон да туунду тактоочторду жасай алат. Бирок мындай типтеги тактоочтор сан жагынан анча көп эмес: эртелеп, кечтеп, тездеп, аз-аздап ж.б.

Бир катар тактоочтор -чылап мүчөсү аркылуу да жасалат. Бул мүчө - -чы+ла+п элементтеринен турган татаал мүчө.

Зат атооч сөздөр -чылап мүчөсүнүн жардамы менен кейиптештирүү, мүчөлөштүрүү маанисин туюндурат да, тактоочко өтүшөт. Бул жагынан -чылап мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор менен -ча мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор бир бирине жакыныраак. Салыштырыңыз: I. Кез-кез. Сабыр келген сайын ушул чоң сандыкка нак азыркы Динарчылап чалкалай отуруп, китеп баратап калчу (Т.Сыдыкбеков). Ал кимче баратачу.

Тактоочтордун жасалышында -лай мүчөсү да белгилүү ролду ойнойт. Ал этиш сөздөрдү жасоочу -ла жана чакчыл -й мүчөсүнүн айкалышынан жасалган.

Мезгилдик маанидеги зат атоочтордон -лай мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор көбүнчө өлчөмдүк маанини билгизет: күздөй, жаздай, жайлай, күздү-күздөй, кышты-кыштай, жазды-

жаздай, жайды-жайлай.

Айрым учурда бул мүчө мезгилдик маанини туюндурбаган сөздөрдөн да тактоочторду жасайт. Алар кандай? деген суроого жооп берип, сын-сыпаттык маанини билдирет: акчалай, эгиндей, утурлай, ылдамдай ж.б.

-лата (<ла+т+а) мүчөсү аркылуу көбүнчө зат атоочтордон тактоочтор жасалат да, алар сын-сыпаттык маанини билдирет: акчалата, эгиндете.

-лата мүчөсү аркылуу аз да болсо сын атоочтон тактоочтор жасалат: улуулата, сакалдуулата кымыз куюлду. Улуулата сунулду (К.Баялинов).

-чалык (<ча+лык) мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор дээрлик сан-өлчөмдүк маанини билдирет: ушунчалык, анчалык, ошончолук, Дүйшөнчөлүк, Маратчалык, Бейшечелик, Гүлайчалык ж.б.

-сын (<сы+н) мүчөсүнүн жардамы менен да бирди-жарым тактоочтор жасалат. Алар мезгилдик маанини билдирип, дээрлик -гы мүчөсүнүн формасындагы туунду сын атоочтон жасалат: эртеңкисин, кышкысын, түнкүсүн, жазгысын ж.б.

Кыргыз адабий тилине мүнөздүү болбогон, бирок кыргыз тилинин кээ бир диалектилеринен кездешкен -ындасы, -дөсү, -деси деген мүчөлөр бар. Бул мүчөлөр мезгилди билдирүүчү сөздөргө жалганып, алардан тактоочту жасашат: кышындасы, кечиндеси, түндөсү ж.б.

Туунду тактоочтордун бир даары жөндөмө мүчөлөрдөн турган атооч сөздөрдүн сенек формаларынан да жасалган:

а) барыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор; алга (<байыр.түрк. ал - перед+га), бекерге, күчкө, зорго, жылыга, күнүгө ж.б.

б) жатыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор: кээде, алда (<ал+да), мурда, күндө, эзелде ж.б.;

в) чыгыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор: кокустан, азыртан, абалтан, эзелтен, эмитен, жанатан ж.б.;

г) байыркы курал жөндөмөнүн формасындагы тактоочтор: кийин, акырын, тымызын, күнүн, түнүн, кышын, жазын ж.б.

Кээ бир жөндөмө мүчөлөр сенек формага айланып, сөздүн ажырагыс белүгү катарында кабыл алынган. Ошонун натыйжасында аларга жөндөмө мүчөлөр дагы жалгануу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен.

Составына бир нече жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алган тактооч-

тордун түрлөрү:

а) жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдүн формасында калыпташкан тактоочтор: эртеден, мурдатан, баштатан, байыртан;

б) байыркы барыш жөндөмөнүн -ры мүчөсү менен чыгыш жөндөмөнүн формасында турган тактоочтор: арытан, беритен;

в) байыркы барыш жөндөмөнүн -ры мүчөсү менен жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн формасындагы тактоочтор: беритеден, арытадан;

г) байыркы барыш жөндөмөсүнүн -гару мүчөсү менен чыгыш жөндөмөсүнүн формасында калыпташкан тактоочтор: илгертен, жогортон.

Кээ бир тактоочтордун составынан үч жөндөмөнүн мүчөсүн да табууга болот: жогортодон (∠жо+горы+та+дан) илгертеден (∠ил+гери+те+ден) ж.б.

Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор

Эки же андан ашык сөздөрдүн айкалышып, бир бүтүнгө айланышы аркылуу пайда болгон тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп аталат.

Мындай типтеги тактоочтор: а) сөздөрдүн биригиши аркылуу жасалат; б) кош сөздөр формасында да болот.

Алар төмөнкү өзгөчөлүктөр менен айырмаланат:

б) бириккен тактоочтор дээрлик эки башка маанидеги сөздөрдүн айкалышы аркылуу түзүлсө, кош сөздөр тибиндеги тактоочтор бир эле сөздүн эки ирет кайталанышы менен, же мааниси жактан бир бирине байланыштуу болгон сөздөрдүн жупталып айтылышы менен түзүлөт. Ошондуктан кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун кээ бирлеринин ар бир компоненти бир бирине карама-каршы мааниде, же синонимдеш болсо бириккен сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти бул сапатка ээ боло албайт.

б) кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун ар бир компоненти дайыма бир эле сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, сөздөрдүн биригишинен пайда болгон тактоочтордун ар бир компоненти ар башка сөз түркүмүнө тиешелүү боло берет: кайра-кайра, өйдө-төмөн, ачык-айрым (тактоочтук кош сөздөр); бүгүн, өгүнү, быйыл (би-

риккен тактоочтор).

в) бириккен тактоочтун ар бир компоненти алгачкы учурларда өз ара багыныңкы байланыш аркылуу тутумдашса, кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун ар бир компоненти ал сапатка ээ боло албайт, анткени алар өз ара тең байланыш аркылуу тутумдашат. Мисалы, бүгүн деген тактооч ыкташуу байланышына негизделип бу жана күн деген аныкталгычтык айкаштагы сөз тизмегинен пайда болсо, өйдө-төмөн деген типтеги кош сөздүк тактоочтордун компоненттери өз ара багынбай эле жасалган.

Сөздөрдүн биригиши аркылуу жасалган тактоочтордун компоненттери фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурашы да, учурабай калышы да мүмкүн. Мисалы, өгүнү деген сөз о жана күнү деген сөздөрдүн тыбыштык өзгөрүүгө учурап, айкалышуусунан келип чыккан. Ал эми кечкурун - кеч жана курун (<кур+ын) деген бүтүн сөздөрдүн (тыбыштык жактан өзгөрүлбөгөн) биригүүсүнөн пайда болгон (мындагы кур деген сөз курбу, курдаш деген сөздөрдүн жасалышына да уютку болгон).

Фонетикалык жактан өзгөрүүгө учуроо менен татаал формага айланган ар бир компоненттин алгачкы учурларда дээрлик ыкташуу байланышына негизделгендиги жана алардын ар бир сүйлөм тизмегинде өз алдынча милдет аткара алгандыгы байкалат.

Жогоруда бүгүн деген сөздүн ат атооч (бу) менен зат атоочтон (күн) пайда болгондугу белгилүү. Алгачкы учурларда (башкача айтканда, азыркыдай татаал формага биригүүгө чейин) бул сөздөрдүн биринчиси (бу) сүйлөм ичинде аныктоочтун, экинчиси (күн) аныкталгычтын милдетин аткарган. Бирок татаал формага биригүү процессинде ал касиеттен ажыраган. Эгерде мындай типтеги сөздөр бири-бирине карата синтаксистик мамилесин жойбогон болсо, ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алса, анда фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурабаган, ошондуктан бирге формаланбаган болор эле. Демек, мындай сөздөр форма жактан да, лексика-семантикалык жактан да биригишет. Буга баштапкы сөз айкалышынын, азыркы татаал формадагы сөздөрдүн алгачкы учурларда жанаша айтылышы, ошол формада көп колдонулушу да себепчи болот.

Фонетикалык жактан өзгөрүүгө учуроонун натыйжасында татаал формага айланган тактоочтор аныктооч менен аныкталгычтын, толуктооч менен толукталгычтын ж.б. сөз айкалыштарынын бири-бири-

не карата болгон синтаксистик мамилесин жоюудан келип чыгат:

Былтыр деген сөздүн бир+жылдыр деген сөз айкалышынан келип чыккандыгы белгилүү; -дыр мүчесү байыркы тур деген этиштен чыккан. Демек, байыркы учурларда бир деген сөз жыл деген сөзгө карата аныктоочтук, жыл менен тур дун биринчиси ээ, экинчиси баяндооч болгон.

Кыргыз тилинде, ошондой эле башка түрк тилдеринде, аныктоо менен анык талгычтын биригишинен пайда болгон тактоочтор басымдуулук кылат. Мындай типке төмөнкү сөздөр кирет: бүгүн (∠бу+күн), быйыл (∠бу+йыл), небак (∠не+убак), эчак (∠не+чак), өгүнү [(∠күндөрдүн)+о+күн+ү)] , бүрсүгүнү [(∠күндөрдүн) бир+и+си+күн+ү)] ж.б.

Сөздөрдүн өз ара айкалышы аркылуу жасалган тактоочтордун бир катарынын ар бир компонентинин алгачкы формасы толук сакталгандары да кездешет. Мындай типтеги тактоочтордун биринчи компоненти катары көбүнчө бир, ар, эч деген сыяктуу сөздөр колдонулат: бир жолу, бир күнү, бир кезде, бир маалда, бир паста, ар кайда, ар качан, ар убак, ар убакта, ар дайым, эч убакта, эч качан, эч кайда, эч жерде ж.б.

Кош сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти маани жактан өз ара төмөнкүдөй катышта болот:

а) антонимдик катышта: өйдө-төмөн, күнү-түнү, оң-тетири, эртели-кеч, өйдө-ылдый, жайы-кышы, күнү-түнү, оң-тетири, оңду-солду ж.б.;

б) синонимдик катышта: аста-секин, ачык-айрым, аман-эсен, сак-саламат, ачык-айкын ж.б.;

в) компоненттеринин бири маани берип, экинчиси маани бере албаган тактоочтор да бар. Мисалы, чала-була, чогуу-чаран, каршы-терши деген тактоочтордун биринчи компоненттери өз алдынча туруп толук мааниге ээ болсо, экинчи компоненттери ал касиетке ээ эмес;

г) жеке турганда ар бири өз алдынча реалдык мааниге ээ боло албаган сөздөрдөн да тактоочтор жасалат, бирок мындай тактоочтор эң эле аз:

үстөкө-босток, алмак-салмак, өп-чап, алай-дүлөй, алда-жалда ж.б.

Кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун морфологиялык составына карата негизинен төмөнкү түрлөргө бөлүүгө болот:

а) уңгулардын (негиз) кайталанышы менен жасалган тактооч-

тор: бат-бат, тез-тез, кез-кез, алыс-алыс, ылдам-ылдам, кайра-кайра, өйдө-ылдый, чогуу-чаран, ары-бери ж.б.

б) биринчи компоненти уңгу түрүндө, экинчи компоненти жөндөмөлөр формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: кез-кезде, аз-аздан, бат-баттан, топ-топтон ж.б.;

в) эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор: кээде-кээде, күндөн-күндө, анда-мында, анда-санда, андан-мындан ж.б.;

Биринчи компонентине -ма мүчесү жалганып, экинчи компоненти уңгу түрдө турган тактоочтор: кезме-кез, бетме-бет, жекеме-жеке, оозмо-ооз, колмо-кол ж.б.;

д) эки компоненти тең -дыр мүчесүн кабыл алган тактоочтор: эртедир-кечтир, күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр.

Кош сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти көбүнчө төмөнкү сөз түркүмүнөн пайда болот.

1. Зат атооч менен зат атоочтон: оозмо-ооз, катар-катар, бетме-бет.

2. Сын атооч менен сын атоочтон: ачык-айкын, соо-саламат, аман-эсен ж.б.

Бирок мындай типтеги сөздөрдүн баарын тактооч деп эсептей берүүгө болбойт. Алар тактооч же сын атооч экендигин билүү үчүн синтаксистик касиетин кароо керек. Эгерде андай сөздөр сын атоочко тиешелүү болсо, зат атооч менен айкалышып аныктоочтук, этиш менен айкалышып, бышыктоочтук милдетти аткара берет. Эгерде андай сөздөр жогорудагы касиетке ээ болбостон, сүйлөм ичинде дээрлик түрдө этиш менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарса, тактооч болот.

3. Тактооч менен тактоочтон: өйдө-төмөн, ары-бери, илгери-кийин ж.б.

4. Чакчылдардан: бара-бара, ала-сала, кайта-кайта жб.

Тактоочтук фразеологиялык бирдиктер

Тактоочтук мааниде колдонулган бир катар фразеологиялык бирдиктер бар. Алар эркин сөз тизмегинен төмөнкү белгилердин негизинде айырмаланат.

а) Сөздөрдүн эркин айкалышы дайыма эле бир калыпта турууну талап кылбайт. Ал пикир алышуу процессиндеги ар кандай зарылдыкка ылайык нечен түрдүү формада өзгөрүлүп, ар башка

сөздөр менен да өз ара айкалыша алат. Ал эми тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер ал сапатка ээ боло албайт. Алар (тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер) жазуу речинде да, сүйлөө речинде да дээрлик бир калыпта турууну талап кылат (олуттуу түрдөгү), өзгөрүүлөргө учурабайт.

Ырас, айрым учурларда тактоочтук кээ бир фразеологиялык бирдиктер өзгөрүлүшү да мүмкүн. Мисалы, көз ачып жумгуча деген туруктуу сөз айкылышы жалпысынан ушул компоненттердин болушун сөзсүз талап кылат, бирок орун жагынан өз ара алмашылат, ачып көздү жумгуча деген формада кездеше берет (бирок "жумгуча көз ачып", же "жумгуча ачып көз" болуп айтылбайт).

б) Сөздөрдүн эркин айкалышындагы ар бир сөз компоненти өз маанилерин сактаса, тактоочтук мааниде колдонулган фразеологиялык бирдиктер алгачкы (өз) маанисинен алыстап, өтмө мааниге ээ болот. Ошол себептүү алар бир гана түшүнүктү туюндуруп, бир сөзгө (тактоочко) антоним же синоним болуп түшө алат.

Мисалы, жогорудагы эле көз ачып жумгуча деген тактоочтук фразеология дароо, тез, бат деген сөздөргө синоним, кеч, жай деген сөздөргө антоним болот.

в) Тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер сүйлөмдүн бир гана мүчесүнүн милдетин аткарат: Көз ачып жумгуча Бектургандын башына эчен укмуштуу ойлор чубады (А.Токомбаев) деген сүйлөмдөгү көз ачып жумгуча деген тактоочтук фразеологиялык бирдик бышыктоочтук милдетти аткарды. Ошентип, мындай белгилердин болушу эркин айкалышкан сөздөрдөн тактоочтук фразеологиялык бирдиктерди айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Кыргыз тилинде төмөнкүдөй тактоочтук фразеологиялык бирдиктер бар: каш-кабактын ортосунда, ташка тамга баскандай, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай, камырдан кыл суургандай, согончогу жерге тийбей, айта-буйта дегиче, ачып көздү жумгуча ж.б.

Тактоочтордун маани жагынан бөлүнүшү

Тактоочтордун бир катары маани жагынан мезгилди, орун-мейкинди билдирсе, бир катары сын-сыпатты, сан-өлчөмдү билдирет. Бул өңдүү өзгөчөлүгүн айкын билүү үчүн ошол тактоочтор-

сөздөр менен да өз ара айкалыша алат. Ал эми тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер ал сапатка ээ боло албайт. Алар (тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер) жазуу речинде да, сүйлөө речинде да дээрлик бир калыпта турууну талап кылат (олуттуу түрдөгү), өзгөрүүлөргө учурабайт.

Ырас, айрым учурларда тактоочтук кээ бир фразеологиялык бирдиктер өзгөрүлүшү да мүмкүн. Мисалы, көз ачып жумгуча деген туруктуу сөз айкылышы жалпысынан ушул компоненттердин болушун сөзсүз талап кылат, бирок орун жагынан өз ара алмашылат, ачып көздү жумгуча деген формада кездеше берет (бирок "жумгуча көз ачып", же "жумгуча ачып көз" болуп айтылбайт).

б) Сөздөрдүн эркин айкалышындагы ар бир сөз компоненти өз маанилерин сактаса, тактоочтук мааниде колдонулган фразеологиялык бирдиктер алгачкы (өз) маанисинен алыстап, өтмө мааниге ээ болот. Ошол себептүү алар бир гана түшүнүктү туюндуруп, бир сөзгө (тактоочко) антоним же синоним болуп түшө алат.

Мисалы, жогорудагы эле көз ачып жумгуча деген тактоочтук фразеология дароо, тез, бат деген сөздөргө синоним, кеч, жай деген сөздөргө антоним болот.

в) Тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер сүйлөмдүн бир гана мүчесүнүн милдетин аткарат: Көз ачып жумгуча Бектургандын башына эчен укмуштуу ойлор чубады (А.Токомбаев) деген сүйлөмдөгү көз ачып жумгуча деген тактоочтук фразеологиялык бирдик бышыктоочтук милдетти аткарды. Ошентип, мындай белгилердин болушу эркин айкалышкан сөздөрдөн тактоочтук фразеологиялык бирдиктерди айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Кыргыз тилинде төмөнкүдөй тактоочтук фразеологиялык бирдиктер бар: каш-кабактын ортосунда, ташка тамга баскандай, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай, камырдан кыл суургандай, согончогу жерге тийбей, айта-буйта дегиче, ачып көздү жумгуча ж.б.

Тактоочтордун маани жагынан бөлүнүшү

Тактоочтордун бир катары маани жагынан мезгилди, орун-мейкинди билдирсе, бир катары сын-сыпатты, сан-өлчөмдү билдирет. Бул өндүү өзгөчөлүгүн айкын билүү үчүн ошол тактоочтор-

дун антоним, синонимдерге, этиштик баяндооч менен болгон мамилесине да көңүл буруу керек:

I. Жаңы чыктык, жолоочулук бүткөн жок (А.Токомбаев). 2. Мурууттарым чырымталдай үлбүреп, жаңы гана кыроо конор кезимде (А.Токомбаев). 3. Жаңы портфелин оодара баштады.

Бул мисалдардын биринчи жана экинчисинде жаңы, жаңы гана деген мезгилди түшүндүргөн сөздөр бар. Буларды сын атооч деп кароо мүмкүн эмес, анткени алар, биринчиден, мезгилдик мааниге ээ болуу аркылуу эми (эле), азыр (гана), эми (гана), азыр (эле) деген тактоочторго синоним боло алган, экинчиден, тактоочтор үчүн мүнөздүү болгон бышыктоочтук милдетти аткарып, этиш менен айкалышкан. Үчүнчүдөн, салыштырма даражаны уюштуруучу =ыраак мүчөсүн кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Үчүнчү сүйлөмдөгү жаңы сын атооч үчүн мүнөздүү болгон аныктоочтук милдетти аткарып,зат атоочту жандап айтылды, =ыраак мүчөсүн кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн сактады (жаңыраак портфель деп айтыла берет). Мезгилдик маанини туюндура албагандыктан, жогорку тактоочторго синоним боло албады. Ушундай эле өзгөчөлүк алардын антонимдерге болгон катышынан да байкалат. Биринчи, экинчи сүйлөмдөгү жаңы, жаңы гана деген сөздөр эчак, эбак деген тактоочторго антоним болду. Демек, I-2 сүйлөмдөрдө жаңы тактоочтук мааниде колдонулду, тактоочтун бир тобунан экинчи тобуна өтүүгө да мүмкүнчүлүк алат. Мисалы, ары, бери деген сөздөр негизинен, орун бышыктагыч тактоочтор жана алар өткөн чак, учур чак, келер чак формаларындагы жайынча айтылган кыймыл-аракетти билдирүүчү этиштер менен айкалыша берет. Бирок кай бирде сүйлөмдөгү колдонулушуна карата булардын мындай белгилүү даражада басандап же жоюлуп, шарт бири-биринен ажырата алууга мүмкүн болбогон жаңы мааниге ээ болот, пайда болгон маани, бир жагынан, мезгил бышыктагыч тактоочко, экинчи жагынан, сын-сыпат аныктагыч тактоочко жакындашат. Мындай учурда бул сөздөр, көбүнчө орундук мааниге ээ болбогон (же орундук түшүнүк менен тыгыз байланышпаган) этиштер менен айкалышат.

Төменкү мисалдарды салыштыралык, аларга берилген суроолорго көңүл буруу керек: Салман ойлуу кумсарып, эки колун аркасына алып, үңкүрдүн ичинде ары-бери (кайда?) басып жүрүүчү (Ш.Абдыраманов). 2. Жутабай карыя ары-бери (кайда?) чапкылап жүрүп менчиктүүлөрдүн бир аттуу эки жаман арабасын таап кайтты (К.Баялинов). 3. Чокон оңтойсуз түрдө өзүнүн үстү-башын карай коюп, киймин ары-бери (кантип?) кие салды (Ш.Абдыраманов). 4. Сабуров менен Бобров жүк салыш үчүн жыгачтан ары-бери (кантип?, кандай?) жасай салган пристанга келишти (К.Симонов).

Бул мисалдардын биринчи жана экинчисинде ары-бери орундук (тактап айтканда, багыттык) мааниге ээ болду. Үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдө ал мааниге ээ болгон жок, сын-сыпаттык мааниде колдонулду. Ошондуктан үчүнчү, төртүнчү мисалда тез, ылдам деген сөздөргө синоним болду да биринчи, экинчи мисалдардагыдай өзгөчөлөндү. Сүйлөм тизмегиндеги колдонулуш өзгө-

чөлүгүнө ылайык бирде орун бышыктагыч тактоочтун, кээде сын=сыпат аныктагыч тактоочтун маанисинде өйдө, төмөн, жогору, ылдый деген сөздөр жана алардын жупталышып айтылган формалары (өйдө=төмөн, өйдө=ылдый) да колдонула берет.

Тактоочтор лексика=грамматикалык мааниси боюнча жалпысынан эки чоң топко бөлүнөт: I. Бышыктагыч тактооч. 2. Аныктагыч тактооч.

Бышыктагыч тактооч

Бышыктагыч тактоочтор нерселердин кыймыл=аракетинин боло турган мезгилин, өтө турган ордун, болуш себебин же максатын көрсөтүп, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

I. Мезгил бышыктагыч тактооч

Мезгил бышыктагыч тактоочтор кыймыл=аракеттин, кандайдыр бир белгинин боло турган мезгилин көрсөтүп, качан? качантан бери?, кайсы кезде?, качанга чейин? деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко кирүүчү сөздөр сан жагынан көп, колдонулуш сферасы жагынан кеңири: азыр, анан, ар дайым, ар убак, ар качан, бүгүн, эртең, эрте, башта, анда=санда, күндөн=күндө, анда=мында, жана, кечке, кез=кезде, күндүз, анда, эми, эртели=кеч, ошондо, таң заардан, эзелтен, жайды=жайлай, кышты=кыштай, ала жаздай ж.б.

Мезгил бышыктагыч тактоочтор, жалпысынан бир топту түзсө да, маани жактан бир катар өзгөчөлүккө ээ: жана, бая, кечээ, өгүнү, мурдагүнү, баягүнү, эчак, эбак, алда качан, кап=качан деген тактоочтор кыймыл=аракеттин өткөн мезгилин көрсөтүп, дээрлик өткөн чактагы этиштер менен айкалышат:

- А жана мен кандай дедим эле?

- Жана сиз зыянкечтерче айткансыз.

- Койчу, капыр,- деп чоң эне чоочуп кетти (Т.Сыдыкбеков).

"Кай бир жолдошторубуз жана кай бир карыяларыбыз Фрунзе шаары жөнүндө сөз баштаса, "кечээ эле күнү..." деп башташат: Алардын "кечээки күнү" - 1924-25-жылдары ("Искусство күзгүсү").

Анан, эртең, бүрсүгүнү деген сыяктуу тактоочтор боло турган кыймыл=аракетти көрсөтүп, келер чак этиши менен айкалышса (эртең башталат, анан барат, бүрсүгүнү келет), эми, азыр,

бүгүн, быйыл деген сыяктуу кээ бир тактоочтор кыймыл=аракеттин учурлаш, мезгилдеш экендигин көрсөтүп, үч чактын биринде-ги этиштер менен айкалыша берет.

Тактоочтор кыймыл=аракеттин канчалык мезгилге чейин созулушун да көрсөтөт: кечке, күн=түнү, алтай=жайлай, жайдыр=кыштыр, күндүр=түндүр, күздү=күздөй, жайды=жайлай.

Үй=бүлө али тыным албай күндүр=түндүр баланы гана издеп жүрүшөт (С.Өмүрбаев).

Мезгил тактоочтордун кээ бири жупталыша колдонулуп же көптүк сандын =лар мүчөсүн кабыл алуу менен чыгыш жөндөмөсүнүн формасында айтылып, божомолдоо маанисин да берет: бүгүн=эртең, эртеден, эртеңдерден, бүрсүгүндөрдөн, эртең-бүрсүгүндөн, Саякатка кеткен пионерлер эртең=бүрсүгүндөрдөн келип калышар. Бүгүн=эртең жакшы болуп калар деп, ай бою оору менен алышкан эне-атанын алы кетти (С.Өмүрбаев).

2.Орун бышыктагыч тактооч

Орун бышыктагыч тактоочтор кыймыл=аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтөт да, кайда?, кайсы жакта?, кайсы жакка? сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко төмөнкү сөздөр кирет: ары, алга, артка, алды=артында, алда кайда, алда кайдан, алды=артынан , алды=артына, бери, ары=бери, илгери, жогору, төмөн, анда=мында, мында ж.б.

Алыстан келе жаткан кишилерди көзүнүн кыйыгы менен карайт (А.Токомбаев). "Кагылайын, карылар, ушинтип, жаштарга дем, элиңерге күч бергиле", - деп жаны тынбай ары=бери басып, өзү да иштешип жүрдү (К.Баялинов).

Орун бышыктагыч тактоочтор көбүнчө:

а) Кыймыл=аракеттин ордун, чек жагынан сүйлөөчүгө жакын, же алыс экендигин көрсөтөт. Мындай касиетке көбүнчө, ат атоочтон пайда болгон тактоочтор: ээ, анда, мында, алда кайда, тигинден (кайдан?) ж.б.

Анда кездеме дегениңди көрүп катарга зар күндөр ("Ала-Тоо"). ...Тээ алда кайда мунарыктап жаткан тоолор (С.Өмүрбаев).

б) Кыймыл=аракеттин багытын көрсөтөт: ары, бери, илгери, кийин, өйдө,төмөн, жогору, ылдый ж.б.

Көч бу жол бойлото ары=бери удургуп көк кууган койдун

аяны менен баратты (С.Өмүрбаев).

Өйдө-төмөн чапканы эмгиче Зуурага сезилбептир го (Т.Сыдыкбеков).

Орундук маанидеги тактоочтордон башка сез түркүмдөрү аркылуу да туюндурулат, бирок тактоочтор аркылуу туюндурулган орундук маани аларга караганда абстракттуу келет. Мисалы, "бардыгы мында карашат" (Т.Сыдыкбеков) деген сүйлөм менен "бардыгы бул үйгө карашат" деген сүйлөмдү өз ара салыштырып көрөлүк. Биринчи сүйлөмдөгү орундук маани мында деген тактооч аркылуу, экинчи сүйлөмдө үйгө деген зат атооч аркылуу берилген. Биринчи сүйлөмдөгү орундук маани абстракттуу, экинчи сүйлөмдөгү орундук маани ага караганда конкреттүү.

Кыргыз тилинде себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор да бар, бирок алар сан жагынан эң эле аз, колдонулуш сферасы жагынан тар. Бул топко аргасыздан, эркисизден, жиндиликтен, атайын, атайлап деген сыяктуу бир аз гана сөздөр кирет. Азыр мен аргасыздан ортолукка түшүп, сага жакшылык кылып отурам го? (Абдыраманов). Анын үстүнө мындай сөздөр сын-сыпаттык мааниге да ээ.

Аныктагыч тактооч

Аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, сан-өлчөмүн билдирип, өз ара экиге бөлүнөт.

1. Сын-сыпат аныктагыч тактооч

Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин ар түрдүү сапатын, темп жагынан өзгөчөлүгүн, кандай ык менен ишке ашырыларын, белгисин, кантип ишке ашырылганын көрсөтүп, кандай? кантип?, кандайча?, кимче?, эмнече? деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко төмөнкү сөздөр кирет: акырын, аста, адамча, айбанча, тымызын, тез, дароо, бат, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, оозмо-ооз, каадасынча, адатынча, мурункусунча, өзүнчө, көзүнчө, кайра, кайта, араң-араң, зорго, бекер, жайбаракат, ачыктан-ачык, ээн-эркин ж.б.

- Баштарын жоготушкан жок алар, эл-жерин коргоп, согушта баатырларча курман болушту (Абдыраманов).

- Балам, жол болсун!- деп, карыя сурап койду да, күңгүрөнгөн мундуу күүнү акырын гана чертип чыкты (А.Токомбаев).

Кайра бирөө менен талашкандай тез-тез барып өзү ыргыткан алманы алат (Т.Сыдыкбеков).

Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор төмөнкү учурларда колдонулат:

а) Кыймыл-аракеттин темп жагынан өзгөчөлүгүн түшүндүрүүдө: тез, дароо, бачым, жай, акырын, аста-секин, бат, тез-тез, бат-бат.

Окумуштуу сөзүн тык токтотуп, баятан муздап турган чайын алып, жай гана иче баштады (Өмүрбаев). Орто жашка жете элек жылдыздуу адам, күлүмсүреп акырын башын ийкейт (Т.Сыдыкбеков).

- Кана, алып келчи,- деп бат-бат айтып эңкее калганда, атчандын чоң көк ала сакалы шамал тийген бededей сеңселе түштү (А.Токомбаев).

б) Кыймыл-аракеттин кайталаныш өзгөчөлүгүн туюндурууда: кайра-кайра, үстү-үстүнө, улам-улам, үстөкө-бостон, кайта-кайта. Бала... музоосунун карттанган чакалайын тырмалап үстү-үстүнө мурдун тартат (Т.Сыдыкбеков). Анын көзү кайта-кайта карай берди (Н.Байтемиров). Ошон үчүн мойнума асынган фотоаппаратты алып, кайра-кайра чыкылдатып сүрөттөрүн тарта бердим (Ш.Абдыраманов).

в) Кыймыл-аракеттин белгисин көрсөтүүдө: уйгу-туйгу, алка-шалка, абыр-шабыр, ыйкы-тыйкы ж.б. Мындай сөздөр эмоциялык окраскага да ээ. Эки сүрөтчү келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти (А.Токомбаев). Аны ойлосом санаам бузулуп, көңүлүм уйгу-туйгу боло түшөт).

г) Кыймыл-аракеттин иш жүзүнө кантип ашырылгандыгын туюндурууда: ачыктан-ачык, оозмо-ооз, бетме-бет, жекеме-жеке ж.б. Алар өздөрү жазып келип беришет, жаза албагандары өздөрү келип бизге оозмо-ооз айтып беришет (К.Баялинов). Алар ачыктан-ачык салгылашууга, жекеме-жеке кармашууга өтүштү.

д) Бир нерсенин кыймыл-аракетин, жүрүм-турумун экинчи бир нерсенин кыймыл=аракетине, жүрүм=турумуна салыштырууда, алардын окшош экендигин белгилөөдө: жылкыча, айбанча, кишиче, баатырларча, кыргызча, орусча ж.б. Тоодой-тоодой кыйынчылыктарга баатырларча төш тиреди журт! (Т.Сыдыкбеков). Мени көрө коюп, балача бакырып жиберди. Ал чийкил болгуча боргулданып, кирпигин мышыкча жартылай ирмеп, жөлөп койгон каалгадай төрт тактайдын бетин тиктейт... (А.Токомбаев). Сенчилеп, кашкулак-

тын ийнине баш тыгып, чычканча жашынып жансактаган жок (Ш.Абдыраманов).

2. Сан=өлчөм аныктагыч тактоочтор

Сан=өлчөм аныктагыч тактоочтор кыймыл=аракеттин сан=өлчөм жактан өзгөчөлүгүн билдирип, канча?, нече?, канчалык?, канчалап?, нечелеп? деген сыяктуу суроолорго жооп берет: барынча, аз=маз, саал, ушунчалык, ошончолук, аз=аздан, саал=пал, бир=бирден, көп=көптөн ж.б. Чилде түшүп, аяз барынча күчөп турган кез (М.Элебаев). Камка кары анча шашпайт (Т.Сыдыкбеков). Ал чоң атанын аңгемесин ушунчалык берилип укту (С.Өмүрбаев).

Э Т И Ш

Этиш жөнүндө жалпы түшүнүк

Этиш сөздөр дайыма об"ективдүү чындыкта болгон ар түрдүү аракет, кыймыл, ал-абал жөнүндөгү түшүнүктү, кандайдыр бир көрүнүш-кубулуштун жүрүшүн (процессин) билдирет: каз, кый, көтөр, иште, чурка, бас, отур, тур, жат, өсүү, өнүү ж.б.

Этиштер жалпысынан заттын кыймыл-аракетин, абалын билдиргени менен, ал кыймыл-аракеттин мүнөзү, ички кошумча маанилери ар түрдүү.

Кыргыз тилиндеги этиш сөздөр төмөнкүдөй лексика-семантикалык топторго бөлүнөт:

1) Кандайдыр бир нерсени түзүү, куруу, жаратуу маанисиндеги этиштер: кур, түз, тургуз, орнот, жаса, (килемди) току, өндүр, өстүр, жарат, өр, (сүрөттү) тарт,(катты) жаз ж.б.

2) Бузуу, бүлүнтүү, белүү, жок кылуу маанисиндеги этиштер: буз, талкала, сындыр, кес, кырк, кый, кыр, жул, ор, өчүр, тазала, өл, түгөт, бөл, айыр, жар ж.б.

3) Кыймылды билдирүүчү этиштер: жүр, бас, кел, кет, чурка, кубала, чык, жөнө ж.б.

4) Нерсенин сапатынын, белгисинин өзгөрүшүн билдирүүчү этиштер: агарт, кызарт, кооздо, бое, тазала, быш, жалтыроо, тон, жумшар, коюл, суюл, семир, бык, ысыт, кайна, кууру.

5) Абалдын өзгөрүшүн билдирүүчү этиштер: укта, ойгон, оору, жат, отур, калтыра, гүлдө, үшү, сызда, какша (ооруу жөнүндө) ж.б.

6) Жеп-ичүүгө байланыштуу этиштер: же, ич, мулжу, жут, сор.

7) Сүйлөө процессине байланыштуу этиштер: айт, сура, сүйлө, сөк, карга, макта, кабарда, түшүндүр, ырда, талкуула, шыбыра, божура, күнкүлдө.

8) Угуу, көрүү, байкоо сезимине байланыштуу этиштер: көр, кара, байка, күзөт, ук, эшит, тыңша.

9) Ойлоого байланыштуу этиштер: ойло, түшүн, бил, унут, эсте.

10)Психикалык ички сезимге байланыштуу этиштер: көрк, сүйүн, каардан, күл, қубан, капалан, таңкал, ачуулан, уял, таарын ж.б.

Кыргыз тилиндеги этиштердин басым көпчулугу мааниси боюнча, биринчиден, кыймыл-аракетти аны аткаруучу жак менен тыгыз байланышта туюндурат. Кыймыл-аракеттин аткаруучу жак менен болгон мындай байланышы, адатта, этиштин сүйлөм ээсин жак жана сан боюнча ээрчип айтылышы аркылуу жүзөгө ашат: Мен малчыларга барам. Студенттер практикага кетишти. Кеңешмеге силер барасыңар. Экинчиден, этиш кыймыл-аракетти дайыма убакыт менен байланышта көрсөтөт. Этишке чак категориясынын мүнөздүү экендиги да ушул кырдаал менен байланыштуу болуп эсептелет: Мен быйыл институтту бүтөм. Султан ферма башчысы болуп иштеп жатат. Колхоз планын орундатты.

Этишке мүнөздүү жана аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап туруучу төмөнкүдөй грамматикалык категориялар бар: мамиле категориясы, ынгай категориясы, чак категориясы жана жак категориясы.

Мамиле категориясы кыймыл-аракеттин суб"ектиге (ээге) жана об"ектиге (толуктоочко) карата болгон катышын билдирет: Султан кечээ кетти. Керим бакты кыйды. Биринчи сүйлөмдө кыймыл-аракет (кетти) Султан деген суб"ект тарабынан, б.а. сүйлөмдүн ээси тарабынан аткарылгандыгын билдирип турат, бирок кыймыл-аракет менен байланышкан об"ект жок. Экинчи сүйлөмдө да кыймыл-аракет (кыйды) суб"ект тарабынан аткарылган, бирок кыймыл-аракет түздөн-түз тике об"ектиге (бакка) багытталды.Мындагы кетти, кыйды дегендер негизги мамиле этиштер.

Балдар чеп чабышты. Мында кыймыл-аракеттин бир нече суб"ект тарабынан биргелешип аткарылгандыгы билдирилди. Демек, чабышты - кош мамиле этиш.

Ал катты Асанга жаздырды. Мында кыймыл-аракетти сүйлөмдүн ал деген ээси өзү аткарбай, экинчи бирөөгө аткаргандыгын билдирип турат. Демек, жаздырды - аркылуу мамиле этиш. Тактап айтканда, бул жерде сүйлөмдүн ээси иштин чыныгы аткаруучусу эмес, кыймыл-аракеттин чыныгы аткаруучусу (логикалык суб"ект) Асанга деген толуктооч.

Салый эрте туруп жуунду. Мында кыймыл-аракеттин Салый деген суб"ектиге багытталгандыгы көрсөтүлдү. Ошондуктан жуунду - өздүк мамиле этиш.

Эгин сугарылы десек, кыймыл-аракеттин грамматикалык ээге багытталгандыгы көрсөтүлдү. Мындай учурда сүйлөмдүн ээси ошол кыймыл-аракетти өз башынан аткарет, ага дуушар болот. Ал эми кыймыл-аракеттин чыныгы аткаруучусу (суб"ектиси) көпчүлүк учурда сүйлөм тутумунда берилбей, туюк болот. Демек, бул сүйлөмдөгү сугарылды деген сөз - туюк мамиле этиш.

Ушинтип, этиштин мамиле категориясы дайыма кыймыл-аракеттин суб"ектиге жана об"ектиге карата болгон ар түрдүү катышын (мамилесин) билдирет.

Жак категориясы кыймыл-аракеттин суб"ектиге (ишти аткаруучуга) карата болгон катышын билдирет. Кыргыз тилинде үч жак бар: I жак (сүйлөөчү жана ал тараптагылар), II жак (тыңдоочу жана ал тараптагылар), III жак (сөзгө катышпаган, бирок ал (алар) жөнүндө сөз жүрүп жаткан адам же башка зат). Ар бир жактын өзүнө тиешелүү жак мүчөлөрү бар. Алар жакты билдирүү менен бирге, бир эле учурда сандык өзгөчөлүктөрдү (жекелик, көптүк түрдү) да

туюндурат: сен баргансың, силер барган-сынар, мен барыптыр - мын, биз барган - быз. Бул этиштерге жалганган жак уландылар кыймыл-аракеттин кайсы жактагы суб"ект тарабынан аткарылгандыгын жана алардын санцык өзгөчөлүгүн (жекелик же көптүк санда экендигин) билдирип турат.

Ынгай категориясы кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон катышын билдирет. Тактап айтканда, ынгай категориясы кыймыл-аракеттин чындыкта аныкболгондугун баяндайт, же анын аткарылышын каалагандыкты, аткарууга ниеттенгендикти, буйрууну, же аткаруу шартын туюндурат. Ал эми кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон катышын дайыма сүйлөөчү жак аныктайт: Колхозубуз оруужыюу ишин бутурду. Мында бутурду деген этиш кыймыл-аракеттин аныкаткарылгандыгы тууралуу кабарлап турат - баяндагыч ынгай.

Ормуш, сугатчыларга эрте баргын. Мында баргын этиши кыймыл-аракетти аткарууну буйруп жатат - буйрук ынгай.

Алар эрте келгей эле. Бул сүйлөмдө келгей эле кыймыл-аракеттин аткарылышын тилеп, каалап турат - каалоо ынгай ж.б.

Чак категориясы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилге карата болгон катышын билдирет. Башкача айтканда, кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын, же андан мурун болуп өткөндүгүн, же болбосо кийин болорун туюндурат: Жаңы бошогон аңызда койлор жайылып жүрөт. Ал институтту былтыр бутурген. Ошко эмдиги жылы барабыз.

Этиштер грамматикалык категориялардын кайсынысы көбүрөөк мүнөздүү экендигине, өзгөруш өзгөчөлүгүнө, синтаксистик функциясына ж.б. карай төмөнкүдөй топторго (формаларга) бөлүнөт: этиштин жакталуучу формалары, кыймыл атоочтор, атоочтуктар, чакчылдар.

Этишке тиешелуу болгон грамматикалык категориялар жогоруда көрсөтүлгөн этиштик формалардын бардыгына тең эле бирдей даражада мүнөздүү эмес: этиштин кээ бир түрлөрүнө этишке тиешелуу болгон көпчүлүк белгилер мүнөздүү болсо, айрымдарына саналуу гана белгилер мүнөздүү.

Этиштин жакталуучу формаларына ыңгай (окудум, оку, окуюн, окумак), мамиле (жазыш, жуун, жазылган, жаздыр), чак (барам, барган, иштеп жүрөт), жак жана сан категориялары мүнөздүү (жазам, жазасың, жазасыңар, жазат). Ошондуктан мындай этиштер нагыз (чыныгы) этиштер деп аталат. Нагыз этиштердин баары ыңгай, чак, жак, сан категориялары боюнча өзгөрө алат. Булар этиштин жакталуучу формалары деп да аталат.

Этиштин жакталуучу формалары жак мүчөсүн кабыл алып, сүйлөм ичинде дайыма баяндоочтук милдетти аткарат, ошол себептүү жак уландылар кээде предикативдик (баяндоочтук) мүчө деп да айтылат.

Этиштин чак жана ыңгай формаларынын жак жана сан боюнча өзгөрүшү жакталыш деп аталат.

Мамиле категориясы этиштин бардык формаларына (түрлөрүнө), алардын ичинде атоочтуктар менен чакчылдарга да мүнөздүү. Ал эми калган категориялар этиштин бардык түрлөрүнө бирдей тарала бербейт.

Кыймыл атоочтор кыймыл-аракеттин атын билдирет (басуу, окуу, жүрүш, окумак). Буларга этиштин ыңгай, чак, жак категориялары мүнөздүү эмес, демек, алар чактык маанини билдире албайт жана жак мүчө менен өзгөрбөйт. Кыймыл атоочтордо атоо мааниси болгондуктан, аларга жөндөмө, таандык жана көптүк мүчөлөр жалгана берет (барууга болбойт; Менин келишим керекпи? Сүйлөшүүлөр башталды). Сүйлөм ичинде ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук милдетти

да аткара алат. Бул белгилери боюнча алар атоочторго жакын. Бирок, канткен менен да, алардa этиштик белгилер басымдуулук кылат: мааниси боюнча кыймыл-аракетти билдирет (иштее, жүгүрүү, кетиш (керек), нагыз этиштер сыяктуу мамиле категориясына ээ жана терс формада айтыла берет: жуу-н-уу, жаз-дыр-уу, иште-ш-үү; албоо, келбее; этиш сыяктанып алдында турган сөзду белгилүү бир жөндөмдө башкара алат: китепти окуу, пыязды отоо, сууда сүзүш, тоодон түшүү. Ушул белгилердин негизинде кыймыл атоочтор этиш түркүмүндө каралат.

Атоочтуктар кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт; алар этиштик касиетке да, сын атоочтук касиетке да ээ. Атоочтуктарга этишке тиешелүү и грамматикалык категориялардын ичинен төмөнкүлөр мүнөздүү:

а) атоочтуктарда ар кыл формадагы мамиле этиштердин мааниси сакталат: жуунган бала (өздүк мамиле), жазылган кат (туюк мамиле), жүктү ташыган киши (кош мамиле) ж.б.

б) Чактык маанини билдирет: окуган бала (өткөн чактык мааниде), иштеп отурган кыз (учур чактык мааниде), барар жер (келер чактык мааниде), шаарга баруучу киши (келер чактык мааниде).

Ынгай категориясынын ичинен баяндагыч ынгайдан башкалары атоочтуктар үчүн мүнөздүү эмес.

Нагыз атоочтук мааниде колдонулганда жак мүчөлөр менен өзгөрбөйт: ырдаган балдар, жашынар жер, иштелүүчү иш. Бирок атоочтуктун - ган, -ар мүчөсү этиштин өткөн чагын жана келер чагын уюштуруучу форма катары колдонулганда, алардын кийин жак мүчө улана берет: Мен ал кинону көргөнмүн. Сен быйыл айылга келерсин.

Атоочтуктарга атооч сөздөрге таандык болгон айрым белгилер да мүнөздүү: алар, сын атооч сыяктанып, заттын белгисин көрсөтүп, аныктоочтук милдетти аткарат: отурган киши, иштеп жүргөн келиндер, ичер суу.

Заттык маниде колгонулганда жендеме, таандык, көптүк уландылар жалгана берет жана сүйлөм ичинде өөлик, тоолуктоочтук милдетти аткара алат: жаш жигиттин уялганы - өлгөнү (Макал). Мамажунус отургандарды кыдырата бир карап алды (К.Ж.) Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер (Макал). Бирок атоочтуктар маниси боюнча нагыз этиштер сыяктуу эле кыймыл-аракетти туюндурат: чуркаган бала, иштеген жумушчу, келер күнү.

Чыныгы этиштердей эле өзүнүн алдындагы сөздү башкарып, анын белгилүү бир жөндөмөдө турушун талап кылат: Анын институтту бүтүргөн баласы колхоздо иштейт. Шаардан келген ининди көрдүңбү? Ушул өңдүү белгилерине карай атоочтуктар этиштин өзгөчө бир түрү катары каралат.

Чакчылдар негизги этиштин кошумча кыймыл-аракеттин билгизип, сүйлөм ичинде дайыма бышыктоочтук милдетти аткарат: Ал сөзүн мукактанып баштады. Аткаруучу Кийизбайдыкын көздөй жорто жөнөдү (Т.С.).

Чакчылдар мамиле категориясына ээ. Ошондуктан этиштик негиз кайсы мамиледе болсо, андан жасалган чакчыл да ошол мамиленин маанисин билдирет: китепти окуттура отурду (аркылуу мамиленин маанисинде), жуунуп чыгып кетти (өздүк мамиледе), жардамдашып отурду (кош мамиле).

Чакчылдар кошумча кыймыл-аракетти билдирип, нагыз чакчылдык маниде айтылган учурда чакты, жакты билгизбейт жана аларга ыңгай категориясы да мүнөздүү эмес: күлө сүйлөдү, бышактап ыйлады, окуганы келди, чарчаганча сүйлөдү. Бирок чакчыл -а,-й, -ып мүчөлөрү келер чакты жана учур чакты уюштуруучу форма катары колдонулса, анда булардан кийин жак уланды жалгана берет: ал-а-мын, оку-й-сун, бар-ып-сынар. Булар кошумча кыймыл - аракетти билдирген чакчыл этиштер эмес, негизги кыймыл-аракетти

билдирген келер чактагы жана өткөн чактагы этиштер болуп эсептелет. -а, -й, -ып формалары бул жерде чакчылды уюштурбастан, этиштин чактарын уюштуруп турат.

Этиш сөздөрдүн синтаксистик негизги кызматы - сүйлөм ичинде баяндоочтук милдетти аткаруу. Ал эми этиштин өзгөчө бир түрлөру болгон атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн милдетин да аткара алат: кыймыл атоочтор баяндоочтон башка ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук милдетти да аткара берет: Салыйдын негизги максаты - окуусун дагы улантып. Жашылчаны көп сугаруунун пайдасы зор. Мектептин айланасын жашылдандыруу биздин милдетибиз. Мындан ары билүүгө тырышыңыз (А.Уб.).

Атоочтуктар негизинен аныктоочтук милдетти, субстантивдешкенде ээлик, толуктоочтук, кээде баяндоочтук милдетти да аткарат: Ийлар бала атасынын сакалы менен ойнойт (Макал). Жуткан жутабайт (Макал). Ал отургандарды бир карап алды (К.Ж.). Жаш жигиттин ыйлганы - өлгөнү (Макал).

Чакчылдары дайыма бышыктоочтук милдетти аткарат: Ал күлө сүйлөдү. Жапар бөйпөндөп бери чуркады (А.Т.).

ЭТИШТИН ЖАСАЛЫШЫ

Этиштер морфологиялык тутумуна карай тубаса этиштер (унгу этиштер) жана туунду этиштер деп эки топко бөлүнөт.

Тубаса этиштерге турпаты, түпкү маанизи боюнча кыймыл-аракетти билдирген, морфологиялык бөлүктөргө (унгу, мүчөлөргө) бөлүнбөй турган этиштер кирет. Бул топко көбүнчө этиш сөздөрдүн уюткусун түзгөн бир муунду унгу этиштер, ошондой эле айрым составдык бөлүктөргө ажыратууга мүмкүндүк болбогон эки муунду этиштер кирет: быч, керт, кес, сур, сай, тик, ар, чеч, бар, кел, кир, уч, кут, тур, айма, кайтар, алка, арбы, булга, аткы, анды, аңтар, туура, току, төлө, төрө, отур, кара, тааны, кайна, эри, асыра, жалда, жалма ж.б.

Туунду этиштер ар түрдүү сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жана синтаксистик жол аркылуу зат атооч, сын атооч, сан атооч, тактоочтордон, этиштен жана тууранды сөздөрдөн жасалат: камчыла, сана, сууса, майдала, агар; экееле, эртеле, шыбыра, жалтыра, бейпенде, жылжы, тыныктуттук, тосуп чык, узатып кел, ала кел, кеде кет; каниет кыл, кулак сал, жардам эт ж.б.

Туунду этиштер тубаса этиштерге караганда сан жагынан алда канча көп. Туунду этиштер башка сөз түркүмдөрүнөн морфологиялык жол менен да, синтаксистик жол менен да жасалат.

ЭТИШТИН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

Мында этиш сөздөр ар түрдүү сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен атооч сөздөрдөн, этиштен ж.б. жасалат.Этишти жасоочу мүчөлөр сан жагынан көп.Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

-ла мүчөсү.Бул-этишти жасоочу эң өнүмдүү мүчө,12 түрдүү вариантта өзгөрөт:-ла,-ле,-ло,-лө;-да,-до,-де,-дө;-та,-то,-те,-тө.

Туунду этиштердин билдирген конкреттүү лексикалык мааниси негизинен анын жасалышына негиз болгон уңгу сөздүн сематикасына бйланыштуу келип чыгат.Мисалы:күрөктө(күрөк менен казуу),камчыла(камчы менен чабуу),иште(ишти аткаруу) ж.б.Башка туунду этиштер сыяктуу эле -ла мүчөсү аркылуу жасалган этиштер да ар түрдүү маанилерди туюндурат.Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1.Уңгу сөз билдирген куралдын,нерсенин жардамы менен аткарылуучу кыймыл аракетти билдирет.Мындай маанидеги этиштер курал-жабдык,аспап-шайман маанисиндеги атоочтук сөздөрдөн жасалат:кетменде,бычакта, араала,токмокто,күрөктө,самында.

2.Кандайдыр бир нерсенин этиштин уңгусу билдирген заттын таасирине дуушар болгондугун көрсөтөт:тузда,майла,айнекте,күмүштө,сырда, суула,нымда,ышта, саймала,сыйла,дарыла,эмде.

3.Уңгудагы заттанган түшүнүктүн этиштик мааниге өтүшүн билдирет: ырда,сүйлө,(сөз+ла),ойло,иште,айыпта,базарла,эрттө,канда,эсепте,кучакта,уучта,иринде,башта,көздө.

4.Этиштин атоочтук уңгусу билдирген белгиге,касиетке,формага, көрүнүшкө ээ болгондугун билдирет.Мындай маанидеги этиштер белги,касиет түр-көрүнүш,сапат маанисиндеги атоочтордон жасалат:гүлдө,куртта,музда, толкунда,көлдө(көлдөдү),иринде,эркеле,үйөктө,чөмөлөлө,кырда,коомайла, суукта,ысыкта,ыланда,чылпакта.

5.Белгилүү бир орунга,мейкиндикте жана мезгилге байланыштуу болгон этиштик түшүнүктү туюндурат:Мындай этиштердин атоочтук уңгусу мейкиндик,мезгилдик маанидеги зат атоочтордон болот:талаала,жээкте,бойло

(суу бойло),кыяла,бөксөлө,эңиште,жогорула,илгериле,төмөндө-булар кыймыл-аракеттин боло турган жана багытталган ордун да билдирип турат; эртеле,кышта,жайла,кечте(күн кечтеди) ж.башкалар кыймыл-аракетти мезгил менен байланышта туюндуруп турат.

6.Кыймыл-аракеттин үнүгудагы түшүнүккө жараша пайда болгон ар түрдүү ыкмаларын,формаларын билдирет:чыканакта,боортокто,тизеле,исогончокто,төрт аякта,жамбашта,өбөктө,үстөмдө ж.б.

7.Этиш сын атоочтордон жасалса,обьектинин же субьектинин этиштин сын атоочтук үңгусу билдирген сапаттык өзгөрүүлөргө учурагандыгын көрсөтөт:акта,карала,кооздо,сулуула,жаңыла,жылуула,жакшыла,майдала,тазала, калында,жукала,жеңилде,салкында,оордо.

8.Кыймыл-аракеттин обьектисинин атоочтук үңгу туюндурган чен боюнча өлчөнөрүн билдирет:граммда,килоло,бутта,тоннала,килограммда, кашыкта(п),чөмүштө(п),чакала,челекте,карышта,саржанда,метрле ж.б.

9.Ойлоо,сезүү процесси аркылуу жаралаган абалды туюндурат:ойло, эсте.

10.Жаратылыштагы ар түрдүү кубулуштун пайда болушун көрсөтөт: бороондо,нөшөрлө,бурганакта,бороон-чапкында,шыбыргакта,туманда.

11.Сын-сыпат тактоочтон жасалган айрым этиштер өзүнүн уюшулушуна база(негиз) болгон тактоочтун лексикалык маанисине карай кыймыл-аракеттин тез же жай аткарыла ургандыгын билдирет:ылдамда,тезде,ыкчамда, акырында,басаңда,жайла.

12.Туунду этиштер тууранды сөздөрдөн да жасалат.Андай этиштер ошол тууранды сөздөр билдирген табышты,элести тууроо маанисин берет: шалдырла,шылдырла,тарбаңда,далдаңда,тырбаңда,багжаңда,бөйпөңдө,колтоңдо ж.б.

Бир катар тууранды сөздөр белгилүү бир мүчөнүн жардамы менен туунду зат атоочко өтөт да,андан соң-ла мүчөсү уланып,туунду этиш жасалат:тарсыл-да(тарс+ыл+да),күрсүл-дө(күрс+үл+дө)бажылда(баж+ыл+да), жалтыл-да(жалт+ыл+да),жалпыл-да(жалп+ыл+да),жылпында-да(жылп-ың-да), буртуң-да(бурт-уң-да),акыраң-да(акыр-аң-да),жалпаң-да(жалп-аң-да),жалпак-та(жалп-ак-та)шалпак-та(шалп-ак-та) ж.б.

-ла мүчөсү аркылуу орус тилинен оошуп кирген сөздөрдөн да этиштер жасала берет:асфальтта,бетондо,гипсте,гримдө,бомбала,печатта,лакта, сортто,сотто ж.б.

Атоочтон жасалган туунду этиштер сематикалык түзүлүшү жагынан атооч менен этиштин (атооч+этиштик маани)маанилеринин кошундусунан турат.Эки сөз менен баяндалуучу түшүнүк мүчөлөр аркылуу жасалган туунду этиштерде бир сөз менен берилет.Алар морфологиялык түзүлүшү жагынан бир сөздөн турганы менен сематикалык курулушу боюнча эки составдуу келишет:такала этиши така+уруу дегенди,малала этиши мала менен+ тартуу дегенди,б.а,сематикалык түзүлүшү боюнча атооч менен этиштен турган составдуу маанини билдиришет.

Кыргыз тилинде көп сандаган этиштер сырткы түрүнө карагá́нда-ла мүчөсүнүн жардамы менен жасалаган туунду этиш сыяктанып көрүнөт.Бирок аларды азыркы учурда морфологиялык бөлүктөргө(уңгу,мүчөгө) ажыратууга болбойт,эгер ажыратсак,уңгусу өзүнчө лексикалык маанини туюндура албайт. Бул өндүү этиштер тарыхый жагынан туунду этиштер болгон.Мисалы:сүйлө, сөз+ла деген уңгу мүчөдөн турат;бай.түрк.сөзле,өзбек.сузле,муузда-бул этиш богуз+ла деген бөлүктөрдөн турат:бай.түрк.богуз-тамак,текиртек; байла-бул баг+ла деген бөлүктөрдөн турат:бай,түрк.баг-боо;бай түрк: багла-кырг.байла;түлө:ту+лө деген бөлүктөрдөн турат;бай.төрк.ту-"жүн"; укта:уйку+ла деген бөлүктөрдөн турат ж.б.Бирок азыр кыргыз тилинде бул сыңктуу этиштерди составдык бөлүктөргө ажырабай турган бир бүтүн сөз катары кароого туура келет:жаала,тейле,ушала,каала,мээле,шилте,шылта, түлө,кубала,ташта ж.б.

-лан мүчөсү.Бул атоочтон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири, 12 түрдүү вариантта өзгөрөт:-лан,-лен,-лон,-лөн,-дан,-ден,-дон,-дөн,-тан,-тон,-тен,-төн.Тарыхый жактан -ла жана өздүк мамиленин-н мүчөсүнүн айкалышынан түзүлгөн татаал куранды.

Бул форма эки составдык бөлүктөн турса да,азыркы кыргыз тилинде бир бүтүнгө бириккен [illegible] бирдиктүү мүчө катары каралат.

Себеби -лан мүчөсү менен уюшулган этиштердин -ла формасындагы биринчи бөлүгүн бөлүп алсак,толук маани бере албайт.алар бирдиктүү -лан формасында колдонулганда гана толук маанини туюндура алат.Демек, мындай формадагы этиштердин тутумундагы -лан курандысынан-н элементин бөлүп кароого болбойт.Мисалы: талаптан,намыстан,ардан,каардан,кайгылан, суктан сыяктуу туунду этиштерди талапта-н,намыста-н,арда-н,каарда-н, кайгыла-н,сукта-н,деп-н мүчөсүн бөлүп карасак,анын алдында турган -ла// -да//-та формасындагы негиз кандайдыр бир толук түшүнүктү туюдура албайт: кайгыла(н),арда(н),каарда(н) ж.б.Ошондуктан бул сыяктуу туунду этиштер бирдиктүү-лан мүчөсүнүн жардамы менен жасалган деп таалтырууга тийиш.

Ушуну менен бирге-лан формасындагы айрым этиштердин аягындагы -лан мүчөсүн-ла+н(-ла-этиш жасоочу мүчө+н-өздүк мамиленин мүчөсү) морфемаларына карап бөлүү туура келет.Мындай этиштердин -ла мүчөсү уланган бөлүгү толук маанини туюдура алат,демек бул жерде-ла мүчөсү атоочтон этиш жасайт,-н-өздүк мамилени уюштурат:дарылан;дарыла-н,тумчулан:тумчула-н,камчылан:камчыла-н,тазалан:тазала-н,сулуулан:сулуула-н ж.б.

Буга чейин -ла мүчөсү жөнүндө сөз кылганда ал көбүнчө курал, аспап,каражат,буюмду билдирген конкреттүү маанидеги зат атоочтордон өтмө этиштерди жасай тургандыгы белгиленген эле:отунду араада,жерди күрөктө;бычакта,кетменде,көктө ж.б.-лан мүчөсү болсо курал,каражат, буюм маанидеги конкреттүү зат атоочтордон дээрлик жасалбайт,орун,мезгил маанисиндеги атоочтордон уюшулбайт.Көбүнчө конкреттүү эмес,жалпылама маанидеги зат атоочтордон, белгини,сапатты туюндурган атоочтордон жасалат;грамматикалык мааниси боюнча өтпөс этиштер болуп саналат: кайраттан,кыялдан,женилден,жалкоолон,жашылдан,шайырлан ж.б.

-лан курандысы составында тарыхый жагынан өздүк мамиленин-н мүчөсү да болгондуктан,бул курандынын жардамы менен жасалган туунду этиштер жалпы жонунан кыймыл-аракеттин иштөөсүнүн өзүнө карата жумшалгандыгын билдирет:ачуулан,үйлөн,тынчсыздан.

Атоочтук уңгулардын конкреттүү лексикалык маанисине карай кыргыз тилиндеги-лан формасындагы этиштердин төмөнкүдөй сематикалык түрлөрүн белгилөөгө болот:

I.Атоочтук уңгусу билдирген абалга, белгиге келтирилгендикти ошого өткөндүктү билдирет:жинден,жиндилен,кайраттан,сыймыктан,кусалан, капалан,таңдан,ардан,кыялдан,үмүттөн,азаптан,ирден,кайгылан,даамдан, ойлон,адаттан,сестен,кайраттан,үмүттөн,жандан,таасирлен,намыстан, тынчтан,жыттан.

2.Атоочтук уңгу билдирген сапатка,касиетке жетишкендикти ага ээ болгондукту билдирет.Мындай учурда туунду этиштин уңгусу сапаты,сыпаты,ар түрдүү касиетти туюндурган атооч сөздөрдөн болот:көкүлан,ачуулан, начарлан,шерден,шаттан,жойкулан,жашылдан,шайырлан,тазалан,сулуулан, кызуулан,жалкоолон,караңгылан,ачкөздөн,суктан,кошоматтан,куудулдан, күүлөн,корооздон,даңктан,экилен,зарлан,рахаттан,ызалан,баалан,жылмалан.

3.Атоочтук уңгу билдирген нерсенин (заттын) пайда болгондугун көрсөтөт.Бул учурда туунду этиштин уңгусу көбүнчө конкреттүү маанидеги зат атоочтордон болот:бутактан,булуттан,кабыктан,карттан,каймактан, көлчүкөөн,көбүктөн,нурлан,нымдан,эттен,сепкилден,жалындан.

4.Атоочтук уңгу билдирген заттык түшүнүккө жэ болгонукду билдирет.Мында да туунду этиштин уңгусу конкреттүү зат атоочтон болот:малдан,үйлөн,куралдан,тамырлан,кыроолон ж.б.

5.-лан формасындагы этиштердин айрымдары кыймыл-аракетти,процессти атоо маанисин берет:тамактан,арыздан,тиштен,,даттан,аттан,пайдалан,колдон.

6.Айрым этиштер бир нерсеге окшошкондукту,түспөлдөшкөндүктү билдирет:Бул маанидеги этиштер көбүнчө айрым дене мүчөлөрүнүн аттарын билдирген сөздөрдөн (мурун,ооз,көз,баш,тумшук ж.б)жасалат.Мындай учурда-лан формасындагы этиштин алды жагына кайсы нерсенин белгисине окшоштурулуп жаткандыгын билдирген сөз айкашып айтылат:уй мурундан(ган) балык ооздон(гон),бака көздөн(гөн),бука баштан(ган),куш тумшуктан(ган) ж.б.

"Эки" деген эсептик сан атоочтон жасалган"экилен"этиши[illegible] маани жагынан абстракцияланып,"обу жоктонуу","ыгы док кылыктануу, оштонуу" деген маани туундурат.

-лаш мүчөсү.Бул да атоочтон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири,12 түрдүү вариантта өзгөрөт:-леш,лош,-лөш;даш,-деш,-дош,-дөш; -таш,теш,-тош,теш. Тарыхый жагынан бул мүчө дэ-ла+ыш(кошмамиленин мүчөсү)бөлүктөрүнөн турат.Бирок азыркы кыргыз тилинде бул форма бир бүтүнгө биригип,бирдиктүү бир мүчөнө айланган.Бул мүчө сөз жасоочу бирдиктүү бир мофема катары колдонулганда,анын айрым составдык бөлүктөргө(-ла+ш)ажыратып кароого болбойт.Эгерде ажыратсак,анда туунду этиштин-ла формасындагы негизги толук маанини бере албайт,ал этиш бирдиктүү -лаш формасында колдонулганда гана толук маанини билдире алат. Мисалы:көмөктө-ш,досто-ш,каста-ш,антта-ш. Бул этиштердин көмөк-тө,досто,кас-та,ант-та деген-ла формасындагы негизги кандайдыр бир толук маанини туундура албайт;аларды көмөктөш,достош,касташ,антташ,деген формада колдонулганда гана толук маанини билдирет.Ошондуктан бул сыякту этиштер-лаш мүчөсү аркылуу жасалган туунду сөз деп каралат.Ушуну менен бирге айрым этиштердин аягындагы -лаш мүчөсүн-ла+ш(кош мамиленин мүчөсү) морфемаларына бөлүп кароого туура келет.Андай этиштердинла мүчөсү уланган негизги өзүнчө толук маанини билдире алат,демек бул жерде-ла атоочтон этиш жасаган,андан кийинки -ш кош мамиленин мүчөсүн.Мисалы:иштеш,(иште+ш)-жумушту иштеш,жамандаш(жаманда+ш)-Керимди жамандаш,ырдаш(ырда+ш)-Асан менен ырдаш ж.б.Бул этиштердин-ла форма ындагы негизи толук маанини билдирип турат:иште,жаманда,ырда,булар-ла мүчөсү менен[illegible] сөздөрдөн жасалган;андан кийинки-ш кош мамиленин мүчөсү,маниси боюнча,биргелешип,коштошуп иштөө маанисин ачык туундуруп турат:иштеш,ырдаш,жамандаш.Ындай түзүлүштөгү жана маанидеги этиштердин аягындагы-лаш мүчөсүн ара-ла+ш мофемаларына бөлүп кароого туура келет.

-лаш формасындагы туунду этиштер өзүлөрүнүн уюшулушуна негиз (база) болгон атоочтук уңгусунун лексикалык маанисине карай ар түрдүү

маанилерди туюндурат.Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

I.Көбүнчө эки же андан артык субъект тарабынан өз ара биргелешип аткарылган кыймыл-аракетти билдирет:аңгемелеш,достош,сүйлөш,сырдаш,соодалаш,жоолаш,тамашалаш,араздаш,антташ,убадалаш,жанжалдаш,туугандаш,жакалаш,боордош,антташ,амандаш,акылдаш,коштош,макулдаш.

2.Атоочтук уңгу билдирген формага,түзүлүшкө,уюмга биригишкендикти көрсөтөт: артелдеш,колхоздош,коллективдеш,оттоктош,кооперативдеш, борбордош,ирилеш,топтош,уюмдаш,коомдош.

3.Атоочтук уңгу билдирген белгиге өткөндүктү,ошого ээ болгондукту билдирет:кыргыздаш,орусташ,маданиятташ,электрлеш,автоматташ,активдеш демократиялаш,магниттеш,индустриялаш,кристаллдаш.

4.Атоочтук уңгу билдирген сапатка,касиетке, белгиге ээ болгондукту туюндурат.Мындай учурда атоочтук уңгу сын атоочтун,айрым тактоочтордун,сапаттык маанидеги сөздөрдөн болот:оордош,жеңилдеш(ти), кыйындаш(ты),начарлаш(ты),татуулаш,татаалдаш(ты),терендеш(ти),ылайлаш(ты),каршылаш,биргелеш,мундаш,касташ,кектеш ж.б.

5.Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир нерсенин, каражаттын,куралдын жардамы аркылуу аткарылгандыгын билдирет:тилдеш,мукташ,тиштеш,көздөш, тырмакташ,кылычташ,найзалаш.

6.-лаш формасындагы айрым этиштер бир нече субъект тарабынан биргелешип иштелген кыймыл-аракетти эмес,бир эле субъект тарабынан аткарылган кыймыл-аракетти билдирет:отурукташ, көмөктөш,каралаш, жардамдаш,жакындаш,тейтайлаш,атаандаш,жакындаш.

Z-а,-е мүчөсү,4 түрдүү вариантта өзгөрөт:-а,-о,-е,-ө.Кыргыз тилинде -а мүчөсү аркылуу жасалган туунду этиштер тууранды сөздөрдөн жасалган этиштерди кошпогондо,анчалык көп эмес.Тилдик фактыларга караганда,байыркы убакта-а өнүмдүү мүчөлөрдүн бири болгондугу байкалат.Бирок тилдин кийинки өнүгүү жолунда -а мүчөсүнүн баштагы өнүмдүүлүк касиети начарлап,сөз жасоодо -ла мүчөсүнүн активдешүүсүнө байланыштуу-а формасынын сөз жасоочу функциясы-ла морфемасына өтө баштаган.-а мүчөсүнүн сөз жасоочу кызматынын-ла мүчөсүнө ээй башташи менен,ал өнүмсүз мүчөлөрдүн катарына өткөн.Буга тектеш башка тилдердеги - а мүчөсү аркылуу жасалган

ган этиштердин айрымдарына кыргыз тилиндеги -ла мүчөлүү туунду этиштердин туура келиши жана алардын маани жагынан да бирдейлиги ачык далил боло алат.Мисалы:XI кылымдагы жазма эстеликтердин тилинде(Махмуд Кашгарий "Дивану лугат-ит турк"):туз-а-кырг.туз-да,төл-е-кырг. төл-дө,йелн-е-кырг,желин-де;алт,туз-а-кырг.туз-да,каз.ерт-е-кырг. ерт-тө,тат,төз-е-кырг.түз-дө.

-а мүчөсү аркылуу жасалган туундуэтиштердин көпчүлүгүн составдык бөлүктөргө оңой эле ажырап турат:чен-е,тең-е,түн-ө,күч-ө,сын-а, ж.б.Бирок бир катары азыркы учурда аягындагы-а формасы менен бирдикте сенек сөзгө айланып кеткен.,алардын үнгусу баштапкы өз алдынчалыгын жоготкон,ошондуктан андай сөздөрдө үнгү менен мүчөгө ажыратуу атө кыйын.Андай сенек формадагы этиштердин тарыхый жагынан туунду этиш экендиги тектеш тилдердин материалдарын өз ара салыштыруу аркылуу билинет:кырг.көсө-Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө көз-чок,хакас.Көс-көмүр, тува.Кәс-күйүп турган көмүр;кырг.жөнө-каз.жөне:жөн-беталды;кырг.кала (кал-а)-монг,гал-от;кырг.ура-тува,алтай,хакас.ур-чачуу,чууртуу;кырг. жала-азерб.йал-суюк тамак(ит үчүн) ж.б.

Кыргыз тилинде -а мүчөсү көбүнчө зат атоочтордон,сын атоочтордон жана туураңды сөздөрдөн атоочтук үңгүнүн лексикалык маанисине карай ар түрдүү маанилерди билдирет:

I.Атоочтук үңгудагы атоочтук **түшүнүктү** -а мүчөсүнүн жалганышы аркылуу кыймыл-аракеттик абалга келтирүү.-а формасындагы туунду этиштерде көбүнчө ушул маани басымдуулук кылат жана алар негизинен этпөс этиштерден болот:күчө,деме,жаша,жута,учура,кана,тише(тиш түшүү)ж.б.

2.Атоочтук үңгү билдирген кандайдыр бир нерсени иштөөнү,жүзөгө ашырууну туюндурат.Мындай этиштер көбүнчө этмө этиштерден болот:ойно (оюн+а),ойло,сына,сана,ээне,ото,ата,мууна,көсө,аша,жыйна(жыйын-а), жумша(жумуш+а),кына(кын+а),тоно(тон+а),жала(жал+а).

3.Сөздүн үңгусу аркылуу туюндурулган белгилик,сапаттык касиетке өтүүнү билдирет.Мындай этиште көбүнчө сын атоочтордон;сапаттык маанидеги сөздөрдөн жасалат:жүзө,жеңе,чыңа,бошо,кыйна,оңо,кургa(түш.диал. курук+а).

4.Атоочтук үндү туюндурган мейкиндик,мезгилдик маанидеги этишти жасайт:орно(орун+а),жоло(жакында),жөнө(каз.жөн-бет алды жок+а),уза, түнө.

5.Айрым этиштер кыймыл-аракеттин кандай нерсенин,каражаттын, куралдын жардамы менен аткарылгандыгын билдирет:чене,тиле ж.б.

-а мүчөсү,аз да болсо, этиш сөздөрдөн да туунду этиштерди жасайт:бура(бур+а),бүтө(бүт+ө),кура(кур+а),сүрө(сүр+ө).

Кыргыз тилинде -а мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн жана элестүү сөздөрдөн да туунду этиштерди жасайт.Андай этиштер үндү сөз аркылуу берилген табышка же элеске кыймыл-аракеттик маани берет.

Тууранды этиштер -а мүчөсү аркылуу түпкү үндүдөн эмес,аягына -ыр элементи жалганган тууранды,сөздөрдөн жасалат.Башкача айтканда мындай сөздөрдүн аягындагы -ыр элементи -а мүчөсү аркылуу жасалуучу туунду этиштер үчүн негиз катарында кызмат кылат:жылтыра,(жылтыр+а), шыңгыра(шыңгыр+а) ж.б.Табыш тууранды жана элестүү сөздөргө -ыр элементи кошулганда,тыбыштын элестин кайталангандыгы,кубулганы билдирилет.Салыштыр:даңк даңгыр,шыңк-шыңгыр,жалт-жалтыр,дүңк-дүңгүр ж.б.

-а мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн этиштерди жасайт:шатыр-а,~~чатыр~~ чатыр-а,шыңгыр-а,шалдыр-а,маара(маа-р+а),мөөрө(мөө-р+а),былчыр-а, калдыр-а.

- а мүчөсү элестүү сөздөрдөн этиштерди жасайт:жалтыр-а,жаркыр-а, мөлтүр-ө,жылтыр-а ж.б.

-ар-ер мүчөсү.4 түрдүү вариантта өзгөрөт: -ар, -ер, -ор, - өр. Бул мүчө көбүнчө сын атоочтордон этиштерди жасайт.Өнүмсүз мүчөлөрдүн катарына кирет.Алдыда сөз болгон мүчөлөр (- ла, лан, -лаш, -а) сыяктуу эле, -ар мүчөсү да байыркы мүчөлөрдүн бири болуп эсептелет. Буга -ар морфемасынын түрк элинин эски жазма эстеликтеринин бар экендиги далил боло алат.Мисалы,Махмуд Кашкарийдин сөздүгүндө киз-ар(кызар), түз-ер (түз бол), күз-ер (күзгө айлануу) деген сыяктуу туунду этиштер учурайт.

-ар, - ӧр, мүчөсүнүн баштапкы толук формасы катарында -гар // - кер мүчөсү эсептелет.Буга эски эстеликтерде - ар морфемасы менен бирге -гар мүчөсүнүн да катар колдонулушу далил боло алат.Мисалы, Махмуд Кашкаринин "Дивану лугат- ит турк" сөздүгүндө: күзерди // күзгөрдү (М.К. II.229 -б) - күз болду; ташгурды // ташурды (М.К. 411, 82)- ташый жаздады; азыркы тилдерден : кырг.откор, түрк .отар; кырг.көмкөр // көмөр ж.б. Келтирилген бул мисалдардан -ар // -ӧр мүчөсү -гар // -гер формасынын кыскарылышынан чыккандыгы көрүнүп турат. Бул мүчө менен жасалган туунду этиштер көбүнчө бир муундан,айрымдары эки муундан турат.

-ар формасындагы этиштер негизинен атоочтук уңгусу билдирген ыпатка ,белгиге өткөндүктү туюндурат: агар, бозор, кызар (кызыл+ар) эскир, жакшыр,жашар, жапыр,көгөр, кубар, тазар, кыскар, жукар, ичкер, семир (семиз+ар),жоонор,көнөр(каз.көне-эски), эңшер, (эңиш жет) ж.б.

Айрым этиштер - ыр, -ир мүчөсү аркылуу жасалат: куушур, (кууш+ур), кичир (кичине + ир),кемир (кем + ир).

Бул мүчө сын атоочтон башка атоочтордон да этиш жасайт: түнөр, кайгыр, көбүр (көбүк + ар), жекир (жек - жек көрөт), өзгөр (өзгө+ар), өнөр (Махм. Кашкарийдин сөздүгүндө ӧң-алды жак: Ол менден өндүн барды - Ал менден алдын барды).

- са, - се мүчөсү. Үтүрдүү вариантта өзгөрөт: -са, - се, -со,- нсө, Кыргыз тилинде -са мүчөсү менен жасалган этиштер сан жагынан көп эмес, ал өнүмсүз мүчөлөрдүн составына кирет. XI кылымдагы эстеликтердин тилинде (Мисалы, Махмуд Кашкаринин "Дивану лугат - ит турк" сөздүгүндө) - са мүчөсүнүн сөзгө жалгануу мүмкүнчүлүгү кеңирээк болгон: ал этишке да атооч сөздөргө да улана берген, каалоо маанисин берген.

I) - са мүчесүнүн этишке жалганышы. Мындай учурда -са мүчесү үнгүсү тике уланып, андан кийин айкын өткөн чактын -ды мүчесү жана тиешелүү жак мүчө жалганган.

Махм. Кашг. Ол ок атсады (ат+са+ды) - Ал ок атууну каалады. Эр йатсады (йат+са+ды) - Адам жатууну каалады. Ол ашсады (аш + са + ды) - Ал белди ашууну каалады.

2) - са мүчесүнүн атоочко жалганышы: Эр сувсады (сув+са+ды)- Адам сууну эңседи, суусады. Эр курутсады (курут+са+ды) - Адам курут самады. Эр өрукседи (өрүк+се+ди) - Киши өрүктү каалады.

- са мүчесү азыркы кыргыз тилинде да этиш сөздөн кийин жалгана берет. Бирок ал эски түрк тилиндегидей айкын өткөн чактын - ды формасы менен бирге колдонулбайт; каалоолук мааниси - са мүчесүнүн этишке тике жалганышы аркылуу эле берилет: Жер - суу элге тең болсо[illegible], биздин да айдоо жерибиз болсо, биз дагы эл катары жер жыртып, эгин сээп, кырман бастырсак - бак таалай ошол! (Ч.А.) Сен көргөн ажайып жерлерди мен да көрсөм. Бирок этишке - са мүчесүнүн жалганышы менен андан башка бир жаңы сөз жасалбайт, тек гана уланган этиш сөзүнө тилөө, калоо маанисин берет.

Ал эми -са мүчесүнүн жардамы менен атооч сөздөрдөн жасалган этиштер азыркы кыргыз тилинде өтө эле аз кездешет. Алардын көпчүлүгү азыр составдык бөлүктөргө ажырабайт, себеби үнгүсү алгачкы формасын жоготуп, мүчесү ал сөздүн ажырагыс бөлүгүнө айланып кеткен.

- са формасындагы туунду этиштер негизинен каалоо маанисин билдирет: сууса, эңсе, көксө, өксө.

Ушуну менен бирге -са формасындагы этиштердин айрымдары каалоо маанисин эмес, жалпы эле кыймыл-аракеттик маанини туюндурат. Мисалы: мойсо, акса, тепсе (теп - этиш + се).

- сы, -си -сын, -син мүчөлөрү.

- сы, -си мүчөсү атооч сөздөрдөн жана -ган формасындагы атоочтуктан туунду этиштерди жасайт. Бул формадагы этиштер сан жагынан анчалык көп эмес. Негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

I) Өзүн уңгу сөздүн билдирген маанисиндей деп эсептөө,уңгу сөз билдирген түшүнүккө окшоштуруу: баатырсы, чеченси, анткорсу, кыйынсы, арсарсы, эрдемси (бай. түрк тилинде эрдем - эрдик,баатырдык); менменси деген этиш эки жолу кайталанган "мен" деген ат атоочко -си мүчөсүнүн жалганышы менен уюшулган. Бирок бул сөз маани жагынан абстракцияланып, "бой көтөрүү", "кекирейүү" деген түшүнүктү билдирип калган.

2) - сы мүчөсү -ган формасындагы атоочтукка жалганганда, ал билдирген аракет аткарылган сыяктуу болуп көрсөтүлөт: келгенси, көргенсү, уктагансы. Бул формадагы этишке айкын өткөн чактын -ды мүчөсү уланып, 3-жакта айтылганда, бир аз болжолдоо маанисин да берет: Ашым келгенсиди = Ашым келгендей болду. Алым айткансыды = Алым айткандай болду.

- сы формасындагы айрым этиштер жогоруда көрсөтүлгөндөй, атоочтук уңгу билдирген түшүнүккө окшошу маанисин эмес, жалпы эле кыймыл-аракеттик маанини билдириет: Алаксы, буруксу.

- сын морфемасы зат атоочтон, сын атоочтон, айрым тактоочтордон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Бул мүчө составы жагынан жогоруда айтылган -сы мүчөсү менен өздүк мамиленин -н мүчөсүнөн турат. Бирок тарыхый жагынан эки составдык бөлүктөн турса да, азыркы мезгилде бирдиктүү бир формага айланган өз алдынча мүчө болуп эсептелет: кызык-сын, адам-сын, жигитсин.

Бул мүчө негизинен төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

I) Атоочтук уңгу билдирген белгиге окшошууну, ошону менен бирге кыймыл-аракеттин субъектинин өзүнө жумшаларын туюндурат: адамсын, жатсын, баласын, акылдуусун, кыйынсын, баатырсын, чоңсун, бышыксын, мыктысын, күчтүүсүн, бийиксин, азсын, көпсүн.

2) Жалпы эле сөз жасоочу мүчө катары да колдонулат. Мындай учурда жогоркудай "окшошуу" мааниси ачык сезилбейт: коопсун, көңүлсүн, кемсин, оорсун, кызыксын, корсун, саксын.

- ша -шы мүчөсү. Бул мүчөлөр атоочтордон, табыш тууранды сөздөрдөн этиштерди жасайт. -ша, -шы мүчөсү жалганган уңгулардын көпчүлүгү бир муундуу сөздөр (ым-шы, шаң-шы, шек-ши), айрымдары гана эки муундан турат (болук-шу, талык-шы, толук-шу). Бул формадагы этиштердин көпчүлүгүнүн уңгусу баштапкы өз алдынчалыгын жоготкон (жум-ша, кеп-ше, коп-шо, бык-шы, бук-шу, таң-шы, шим-ши); составдык бөлүктөргө ажырай тургандыгы аз гана (шек-ши, шаң-шы, ым-шы, шап-шы). Айрымдарынын алгачкы уңгусу кандай сөз болгондугун башка түрк тилдеринин фактылары менен салыштырып текшерүү аркылуу гана аныктоого болот. Мисалы: тың-ша (ккалп, тың - угулган кабар), ок-шу (алт. оқы-кусуу), бол-ук-шу (түрк. бол-мол, толтура), ык-шы (ык - табыш тууранды; салыштыр ыктыт (ык+тут), ык-ша (ык, (ык нык - катуу, тыгыз), как-шы (как-кургак, катуу), шап-шы,(шап-табыш тууранды), кың-шы-ла (кың - табыш тууранды), каң-шы-ла(каң-табыш тууранды), (талы-к-шы (талы), жум-ша (алт. йым - куштун жүнү; бул сөзгө -ша мүчөсү уланганда, уңгусу баштагы конкреттүү маанисинен абстракцияланып отуруп, "куш жүнүндөй жумшак" деген түшүнүккө өтүү менен "жумша" деген маанидеги этиш жасалган.

-ша -шы мүчөсү аркылуу жасалган этиштер уңгу сөзүнүн лексикалык маанисине карай негизинен төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

I) Уңгу сөз аркылуу берилген түшүнүктү этишке өткөрүп, кыймыл-аракеттик маани берет: тыңша, окшу, кепше, копшо, окшо, шимши, шекши, уша(т).

2) Сөздүн үнгусу туюндурган белгилик касиетке өтүүнү билдирет: болукшу, толукшу, талыкшы, какшы, ыкша, ымшы, шаңшы, таңшы, быкшы, букшу, жумша

3) Сөздүн үнгусу билдирген табышты этиштик маанеге өткерет, б.а. табыш тууранды этиш жасайт: какша, ыкшы, шаңшы, кыңшы(ла), каңшы(ла)

-ча -чы мүчөсү. Азыркы кыргыз тилинде -ча -чы мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин бирди-жарымынын гана үнгулары толук маанини билдирбесе (кур-ча), көпчүлүгүнүн үнгулук бөлүктөрү азыр өз алдынчалыгын жоготкон, кандайдыр бир маанини туюндура албайт, өзүнчө бүтүн сөз катары колдонулбайт. Алар аягындагы мүчөсү менен бирдикте бир бүтүнгө айланып кеткен: (эрчи, кыпчы, чарча, калча ж.б.). Азыркы кыргыз тилинде бул мүчөлөр кандайдыр бир сөзгө жалганып, жаңы этиштерди жасабайт, ошондуктан аларды, азыркы учурдагы абалына карап, сенек мүчөлөрдүн составына кошууга болот.

-ча -чы мүчөсү аркылуу этиштер атоочтук жана этиштик үнгулардан жасалган. Алардын айрымдарынын кайсы сөздүн негизинде жасалгандыгын тектеш тилдердин материалдары менен салыштырып текшерүү аркылуу билүүгө болот: Телчи (тел+чи). Бул тели ("жаш төлдү башка энеге эмизүү" деген мааниде) деген сөз менен тектеш; тува тилинде тел - эки энеге эмизилген (улак, козу; музоо) деген түшүнүктү берет.

Курча (кур+ча). Бул этиш "кур, жип менен айландыра байлоо" деген маанисинен башка, "тегеректөө", "ортого алуу, курчоого алуу" дегендей абстракцияланган маанини берет.

Жалчы (жал+чы) - "жарытылуу бир нерсеге жетишүү, кенелип, жетишип калуу" деген маанини билдирет; үнгусу жал - "маяна, акы төлөө" деген мааниде зат атооч болгон.

Арчы~ааарчы (ар+чы); уңгусу - ар, "таза" деген мааниде; кыргыз тилинде: арuу - таза, татарча: ару - таза.

Эрчи~ээрчи (эр+чи); уңгусу - эр, "ээрчи" деген маанини билдирген; казакча: ер - ээрчи. Маган бир ийт эрди - кырг. Мени бир ит эрчиди.

Чымчы (чым+чы); кырг. чым - "чымчуу" деген маанини туюндурат.

-ча~-чы мүчөсү элестүү сөздөрдү жасоого да катышат: түп уңгуга -ча -чы мүчөсү, андан кийин -й мүчөсү жалганат да, элестүү этиштер уюшулат: чокчой (чок+чо+й); чокчо: чокчо сакал; алт. чокчо (бир нерсени чокчойтуп коюу) чок: алт. чок - жый, жыйна; тува, шог (чогуу), кырг. чок (чокчойтуп жыйын коюу): Чабылган чөптү чөк салып кой: Чок-Тал ("чогулган; топ тал" деген мааниде); болчой (бол+чо+й); алт. болчо (булгую), түрк.бол (мол, толтура), кырг. болук (Бол+ык); бүкчүй (бүк+чү+й), бөкчөй (бөк+чө+й); алт. бөке (бир нерсени ийүү, эңкейтүү) ж.б.

Тилибизде -ча -чы формасындагы дагы бир катар этиштер жолугат, бирок алардын уңгусу кайсы сөз болгондугун далилдөө азыр кыйын: чарча, өлчө, өкчө, тепчи, кыпчы ж.б.

-Кар~-кыр мүчөсү. Кыргыз тилинде бул мүчө өнүмдүү мүчө эмес, ал саналуу гана этиштердин составында көздешет. Көбүнчө бир муундуу уңгудан этиштерди жасайт, ушуну менен бирге бул мүчө аркылуу уюшулган бир кыйла этиштердин уңгулары азыркы кыргыз тилинде өз алдынчалыгын жоготушкан. Мындай абал -кар -кыр морфемасынын байыркылыгын көрсөтөт. Түрк тилдеринин орто кылымдык жазма эстеликтеринин материалдарына караганда, -кар мүчөсүнүн ал убакта бир канча өнүмдүү болгондугу байкалат, бирок ал акырындап отуруп сөз жасоодогу активдүүлүгүн жоготкон жана туюндурган мааниси да тарыган. Мисалы, Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө:

Ол атын ичкерди - Ал атын ичке киргизди. Ол аны антгарды - Ал аны ант ичирди. Алыч ташгурды - Казан таша жаздады. Азыркы кыргыз тилинде жогорку -кер -гар -гур мүчөлөрү ич, ант, таш деген сөздөрдөн жогоркудай маанидеги этиштерди жасай албайт.

Р тыбышынын З тыбышы менен алмашып айтылыш закон ченемдүүлүгүнө байланыштуу атоочтук унгудан жасалган этиштердин көө бирөөлөрү -кар -каз формасында колдонула берет, мааниси окшошкуу бирдей: аткар~атказ, откор~откоз, уяткар~уятказ. Бирок атоочтон жасалып, минтип катар колдонулуучу этиштер өтө аз.

-кар~ -кыр формасындагы этиштер негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1) Атоочтук унгу биддирген белгини, түшүнүктү жүзөгө ашыруу, иштелген аракеттин натыйжасын, жыйынтыгын билдирет: уяткар, эскер, башкар, саргар (сары+гар), куткар, омкор, тонкор.

2) Кыймыл-аракеттин атоочтук унгу билдирген заттын катышуусу менен аткарылгандыгын көрсөтөт: сугар, откор, аткар.

-кыр~-гур мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн этишти жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Бул мүчө тууралган табыштык түшүнүктү этишке, кыймыл-аракетке айландырат. -Кыр мүчөсүнүн ушул функциясы байыркы түрк тилинен бери келатат.

Кыргыз тилинде -кыр мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн жасалган төмөнкүдөй этиштердин тутумунда кезигет: кыйкыр (кый+кыр); салыштыр: туба, кыйдээр - чакыруу; катыр (кат+кыр), кырг. кат-кат күлдү; тукур (ту+кур), бышкыр (быш+кыр), ышкыр (ыш+кыр), какыр (ка+кыр), айкыр (ай+кыр), ушкур (уш+кур), чучкур (чуч+кур), өкүр (ө+кур), кычкыр (кыч+кыр), эчкир (эч+кир), жеткур, чимкир.

Бир катар тууранды этиштер -кыр~-гыр мүчөсүнүн кыскарган түрү болгон -ыр~-ир мүчөсүнүн жардамы менен жасалат: бакыр (бак+ыр, - бак этти), чакыр (чак+ыр - чак этти), чыкыр (чык+ыр

– чың этти), кекир (кек+ир).

-ык -ик мүчесү. Бул да байыркы мүчелөрдүн бири. Ал эски түрк тилдеринде атоочтон этиштин жасоо ишине активдүү катышкандыгы байкалат: Махм. Кашг.: сөз чыныкты (чын+ык) – сөз чын болду. Тон кирикти (кир+ик) –Тон кирдеди. Йыл күзүкти (күз+ук) – жыл күзгө өттү. (МК, П, 127-135-б.).

Азыркы кыргыз тилинде -ык -ик мүчесү жогорку сөздөрдөн (чын, кир, күз) этиштин жасай албайт, Азыркы учурда бул мүчө анчалык өнүмдүү эмес. Негизинен айрым атооч сөздөрдөн жана этиштен туунду этиштерди уюштурат. -ык -ик формасындагы этиштер.

1) Маанисинин жагынан атоочтук унгу билдирген белги менен байланышкан кыймыл-аракетти туюндурат. Мындай этиштердин унгулары, адатта, белгилик маанини билдирет: зарык, бирик, кечик, жиник, айбык, (айып+ык), ачык (ач+ык): ал ачыгып калыптыр; тотук -күнгө күйүп караюу (тот + ык); салыш. каз. тот – дат (дат басуу), камык (кам+ык), араб. кам – кайгы, азап.

2) Атоочтук унгудагы заттык маанинин негизинде келип чыккан кыймыл-аракетти билдирет: уук – "ууланууу" деген мааниде (уу+ык), ымык – "нымдануу" деген мааниде (ым∼ным +ык), карык – кардын чагылышынан жакшы көрбөө (кар+ык).

3) Унгудагы атоочтук маанинин этишке өткөндүгүн билгизет: жолук (жол+ык), атык – бала атыгып калды (ат-ысым+ык), демик (дем+ык).

– ык∼-ик мүчесү атооч сөздөрдөн гана эмес, этиштен да туунду этиштерди жасайт: кырк (кыр+ык), көнүк (көн+ык), тынык (тын+ык), канык (кан+ык),– канааттануу, алымсынуу; үйкү канды; жулк (жул+ык), телчик (телчи+ык), сынык (сын+ык), – суук сыныгып (жумшарып) калды; бышык (быш+ык) – Ал тез бышыкты; жетик (жет+ик) – Бала жетигип калды.

- ык мүчөсү азыркы кыргыз тилинде составдык бөлүктөргө бөлүнбөй турган этиштердин түтүмүндө кезигет. Алардын айрымдарынын түп унгусу кайсы сөз болгондугун тектеш тилдердин материалдары менен салыштырып текшерүү жолу менен гана билүүгө болот: кынык (кын+ык); салыш. хакас. хын - бир нерсени каалоо; куюк (куй+ык); монг. куй - куюн.

- ай -ей мүчөсү. Бул мүчө айрым сын атоочтордон, зат ~~ато~~ атоочтордон, тактоочтордон, элес туураңды сөздөрдөн, көз бир этиштен туунду этиштерди жасайт.

Сын-сапаттык маанидеги сөздөрдөн (сын атоочтон) жасалган этиштер мааниси жагынан атоочтук унгусу билдирген белгиге айлануну, ошондой болууну, ошого окшоюуну билдирет: карай, жооной, кеңей, чоңой, улгай (улуг+ай), чункурай, такырай, сокурай, сакай.

Бул мүчө айрым тактоочтордон да этиш уюштурган: көбөй, азай.

-ай -ей мүчөсү аркылуу этиш айрым зат атоочтордон да жасалат. Булар да атоочтук унгусу билдирген мааниге окшоюуну, ошонун кебете-кепшрине айлануну билдирет: текчей, думурөй, будурөй, мунай, челей, букурөй ; урүй (салыштыр. монг. ур - чор).

-ай~-ей мүчөсү элестүү этиштерди жасоодо унгуга түздөн-түз жалганбастан, көбүнчө сөздүн негизин түзгөн мүчөдөн кийин уланып, анын составдык элементине айланып кеткен (-чай: ча+й, - кай: ка+й , -дай: да+й, -ырай: -ыр+ай, -жай: -Жа+й, -бай: -ба+й ж.б.). Элестүү этиштердин аягы көбүнчө й менен бүтөт, ошондуктан й морфологиялык жагынан алардын тышкы мүнөздүү белгиси болуп саналат. Мисалы: балчай; болчой; балкай, каркай; колдой, солдой, балтай; жапырай, бакырай, ~~ч~~тасырай, тикирей; балжап, калжай, коржой, балпай, шалпай ж.б.

-ай // -ей мүчесү аркылуу этиш сөздөр аз да болсо этиштик үнгулардан да жасалат: басай (бас+ай), бүтүй (бүт+үй).

-ымсыра; -сыра мүчөлөрү. Этишти жасоочу өнүмсүз мүчөлөр. Булардын этимологиясы эки башка, маанилери да түрдүүчө.

-ымсыра мүчесү түзүлүшү жагынан татаал мүчө: -ым-сы-ра морфемаларынын айкалышынан үкшулган. Мындагы -ым - этиштен атооч жасоочу мүчө. Мисалы, өлүмсүрө: өл+үм+сыра. Бирок -ымсыра мүчесү менен жасалган этиштердин атоочтук бөлүгү бардык учурда эле өз алдынча толук маанини туюндура албайт. Мисалы; күлүм - сүрө, ылаам + сыра. Булардын күлүм, ыйлам деген атоочтук үңгулары өзүнчө толук маанини билдире албайт. Бул сыяктуу сөздөрдө этиштик түп үңгусу гана так ажырап тургандыктан, андай сөздөр этиштик үңгусунан жиктелип, -ым мүчесү өзүнөн кийинки -сыра мүчесү менен биригип кеткен (-ымсыра). Бул татаал аффикстин со составындагы кийинки -сы мүчесү -окшоштуу маанисин билдирүүчү мүчө (чечен+си), -ра - этишти жасоочу мүчө (куу-ра). Бирок бул үч мүчө (-ым//- сы//- ра) азыркы кыргыз тилинде өз ара тыгыз айкашып, бирдиктүү бир мүчөгө айланган (-ымсыра).

- ымсыра мүчесү дайыма этиштен туунду этиштерди жасайт: күл+үмсүре, ыйла+мсыра. Мааниси боюнча, кыймыл-аракеттин жарым-жартылай болгондугун билдирет, түп үңгусу билдирген түшүнүккө окшоштуну, тууроону туюндурат: өлүмсүрөө, күлүмсүрөө, ыйламсыроо.

- сыра мүчесү сырткы түрү жагынан жогоруда сөз болгон - -ымсыра мүчесү менен окшош. Бирок ички түзүлүшү, мааниси, кайсы сөз түркүмүнө уланышы жагынан бири-биринен айырмалуу. Алсак, айрым окумуштуулар (П.М.Мелиоранский, С.Кудайбергенов) түрк тилдеринде р - з тыбыштарынын алмашуу закон ченемдүүлүгүн

эскерип келип, жоктукту билгизүүчү -сыз мүчөсү мааниси боюнча байыркы түрк тилиндеги - сыра мүчөсүнө туура келерин белгилешип, экөө фонетикалык жана семантикалык жактан тектеш болуу керек деген пикирди айтышат. Мисалы: байтүрк тилинде күчсире (күчсүздөнүү) = кыргызча күчсүз. Ошондой эле башка түрк тилдериндеги -сыз мүчөсүнүн ордуна чуваш тилинде -сер формасынын колдонулушу буга далил боло алат: чув. хуре-сер (куйруксуз, куйругу жок) = кырг. куйруксуз. Демек, келтирилген фактыларга караганда, -сыра мүчөсү -сыр+а деген белүктөрдөн жасалышы мүмкүн (сындагы -сыр -жоктукту билгизүүчү -сыз маанисинде).

Кыргыз тилинде - сыра мүчөсү атооч сөздөн этиш жасайт: кансыра, жалгызсыра.

Бул формадагы этиштер төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

-бир нерсенин жоктугун сезүү, аны эңсөө: этсире, тузсура;

- атоочтук үңгү билдирген нерсени акырындык менен жоготуу: кансыра, алсыра;

- атоочтук үңгү билдирген абалга толук эмес, анча-мынча, жарым-жартылай өтүү: уйкусура, күмөнсүрө, жалгызсыра, жеңимсире, өгөйсүрө.

Мына ушинтип этиштен этиш жасоочу -ымсыра морфемасынын составындагы -сыра мүчөсү жана атоочтон этиш жасоочу -сыра мүчөсү этимологиясы жагынан да, семантикасы жагынан да бири-бирине айырмаланган омоним мүчөлөрү болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде ушуга чейин сөз болгон этиш жасоочу мүчөлөрдөн башка дагы бир топ мүчөлөр жолугат. Бирок алар чамалуу гана сөздөрдүн составында учурайт, анын үстүнө келчүлүгүнүн үнгүсү азыркы мезгилде маани бербейт. Андай үңгүлардын кээ бирөөлөрү мурун өз алдынча маанилүү сөз болгондугун тектеш тилдердин материалы менен салыштыруу аркылуу гана билүүгө болот.

Андай мүчөлөр өнүмсүз морфемалардын составына кирет.

-тар//-дар. Бул мүчө төмөнкү этиштердин составында бар: кыстар (кыс+тар), эңтер: эң+тер; эң - "эңип алуу" деген мааниде; көптөр, бөктөр, антар, майтар.

-ра//-ре: чачыра (чач-ы+ра); салыш. өзб. сочрамок (соч+ра+мок); куура (Куу+ра), кыйра (кый+ра), сүйре, туура, жайра (өлүү, өлүп калуу): жай +ра; жай - "орун" деген мааниде; мындан "жайла", "жайра" деген этиштер жасалган болуу керек.

-ан//-ен; -ын//-ин: оозан (ооз+ан), жалтан (жалт+ан), узан (уз+ан); уз - чебер, устат; камын (кам+ын), жутун (жут+ын), ыйын (ый+ын), түшүн.

-ган//-кан: кыскан (кыс+кан), чымыркан (чымыр+кан), сезген (сез+ген), ойгон (ой+гон).

-ырка: таңырка (таң+ырка), ачырка (ач+ырка), ташырка (таш (таш+ырка).

-ка//-ке: чайка (чай+ка); салыш, чайы - жуу, чайкоо; иске (ис+ке); салыш. ис-жыт.

-жы: жылжы (жыл+жы), кубулжу (кубул+жу), тамылжы (тамыл+жы).

-на: жайна (жай+на);

-па: жайпа (жай+па);

-пи: желпи (жел+пи);

-шыр: тыкшыр (тык+шыр);

Этиштин синтаксистик (аналитикалык) жол менен жасалышы

Эки же андан көп сөздөрдүн ажырагыс айкашынан түзүлүп, татаал кыймыл-аракетти билдирген этиштер сөз жасоонун синтаксистик жолу аркылуу ишке ашырылат. Кыргыз тилинде мындай жол менен жасалган этиштер сан жагынан дээрлик арбын: окуп отурат, келип кет, кирип чык. Булардын ар бири эки этиштин өз ара айкашынан уюшулуп, бир татаал кыймыл-аракетти билдирип турат. Алсак, келип кет, кирип чык деген татаал этиштер кел жана кет, кир жана чык деген сыяктуу бири-бири менен байланышпаган бөлөк-бөлөк кыймылды туюндуруп турган жок, тескерисинче, бири-биринен ажыратууга болбой турган келип кетүү, кирип чыгуу сыяктуу бир бүтүнгө бириккен татаал кыймыл-аракетти билдирип турат. Булардын берген мааниси ал татаал этиштердин компоненттеринин маанисинин кошундусунан келип чыккан. Мындай маани жеке-жеке кыймылды эмес, өз ара бөлүнбөй турган бир туташ татаал кыймылды туюндурат.

Сөз жасоонун синтаксистик жолу байыркы дооорлордон бери эле кеңири колдонулуп келе жаткан өтө өнүмдүү жол. Буга далил катары орхон-енисей эстеликтеринен төмөнкүдөй мисалдарды келтирүүгө болот: атлык ерти (аттуу эле), ток ерти (ток эле), йок болты (жок болду, өлдү), бай кылтым (бай кылдым), тезип барды (качып өттүк), алып келди (алып келди) ж.б

Синтаксистик жол менен уюшулган татаал этиштер, жогоруда көрсөтүлгөндөй, эки этиштин тутумдашып айтылышы менен гана жасалбастан, атооч сөз менен жардамчы этиштин айкашып айтылышы аркылуу да жасалат. Мисалы: **жардам кыл, кулак сал, ырайым эт, адам бол, Ж.Б. Бул татаал этиштердин жардам, кулак, ырайым, адам деген зат атоочтордон турган биринчи компонентинен кийин кыл, сал, эт, бол деген жардамчы этиштер айкашып айтылып, алдында турган атооч сөздөргө кыймылдык (этиштик) маани берип турат.**

Ушинтип, эки этиштин же атооч менен жардамчы этиштин айкашынан уюшулуп, бир татаал кыймылды атап көрсөтүп, бирдиктүү бир лексикалык маанини туюндуруучу этиштер татаал этиштер деп аталат.

Синтаксистик жол менен жасалган татаал этиштердин тутумунда турган сөздөр анын компоненттери (түгөйлөрү) болуп саналат. Алардын ичинен биринчи компоненти негизги компонент деп аталат, экинчиси жардамчы компонент деп аталат.

Көпчүлүк этиштердин биринчи компоненти да, экинчи компоненти да толук маанилүү этиштерден болсо(сатып ал,окуй кел),айрымдарынын биринчи компоненти атооч сөздөрдөн,экинчиси жардамчы этиштерден болот(умут кыл,кор бол).

Ушул өзгөчөлүктөрүнө карай кыргыз тилиндеги татаал этиштер атооч уңгулуу татаал этиштер жана этиш уңгулуу татаал этиштер болуп ,эки чоң топко бөлүнөт.

Атооч уңгулуу татаал этиштер

Татаал этиштин бул түрү атооч сөздөн кийин белгилүү бир жардамчы этиштин айкашып айтылышы аркылуу уюшулат да,компоненттери биригип келип, бирдиктүү бир кыймыл-аракетти туюндурат.Атооч уңгулуу татаал этиштин жасалышында анын тутумундагы жардамчы этиштин кызматы өтө зор, анткени ошол жардамчы этиш алдындагы атооч сөзгө кыймыл маанисин берип, аны этиш түркүмүнө өткөрөт. Ушуну менен бирге мындай структурадагы татаал этиштердин семантикалык түзүлүшүнө белгилүү бир даражадагы атоочтук да жана этиштик да маани катышат: нерсе жөнүндөгү түшүнүк атоочтук компоненти аркылуу, аның кыймыл-аракеттик абалы аны менен айкашкан жардамчы этиш аркылуу берилет жана ошол эле калыбы боюнча этишке өтүп, бирдиктүү бир кыймыл-аракеттик түшүнүктү билдирет.Мисалы:талап кыл,айып этпе,жардам кыл,тарс деди,ж.б. Бул татаал этиштердин биринчи, негизги компоненти- талап,айып,тарс деген зат атоочтор менен тууранды сөз. Булардан кийин кыл , эт,де деген көмөкчү этиштер кошулуп айтылып,аларга кыймыл-аракеттик маани берип, этишке өткөрдү. Ушуну менен бирге бул татаал этиштердин семантикалык түзүлүшүндө атоочтук да, этиштик да маани катышып турат. Бирок ал атоочтук жана этиштик маани өз ара байланышпаган жекежеке түшүнүктү билдирип турган жок,тескерисинче,бири-биринен ажыратууга болбой турган бирдиктүү бир кыймыл-аракеттик түшүнүк туюндурун турат. Атооч уңгулуу татаал этиштер этиш сөздөрдүн бир түрү болгондуктан,аларга этиштин бардык граматикалык категорияларынын(ыйгай,мамиле,чак,сан категорияларынын)мүчөлөрү жалгана берет(жардам кыл-айын,жардам кыл-мак;жардам кыл-ыш,жардам кыл-дыр; жардам кыл-а-м,жардам кыл-ган;жардам кылган-сың;алар жардам кыл-ышкан).

Атооч уңгулуутатаал этиштерди жасоого негиз болуучу сөз негизинен уңгу түрүндө колдонулат:ант кылды, айып этпе,тырп этти.

Кош айтылган тууранды сөздөр негиз болот:тарс-тарс этти, элеп-желеп болду.

Кээде атоочтук сөлүгү белгилүү бир жөндөмөдө айтылат: колго сал, суугa алды, күчтөн тайды.

Мындай структурадагы татаал этиштердин биринчи компоненти көбүнчө абстрактуу маанидеги зат атоочтордун болот: ыр жолду, убара болду, ойун кылды, кулак төшөө.

Сын атоочтордон болот: жакшы болду, белгилүү болду, иши таза кылат. Тууранды сөздөр активдүү катышат: дүрп этти, жалт этти, жарк-жүрк деди, далдак этти. Кээде атоочтордон, сан атоочтордон да болушу мүмкүн: Сага эмне болду? Келаткан ким дейсиң? Биз биринчи болдук. Атооч үнгулуу татаал этиштерди жасоого катышуучу жардамчы этиштердин айрымдары лексикалык өз алдынчалыгын алда качан эле жоготушкан (Мисалы, эт, де). Көпчүлүгү өзүнчө турганда толук мааниге ээ болсо да, атоочтор менен тутумдаш айтылганда алгачкы мааниси начарлап, бүдөмүктөлүп, жардамчы этиштик функцияны аткарып, татаал этиштерди жасоого катышат. Мисалы: кыл-зарп кыл, бол-жылас бол, кой-көңүл кой, сал-кулак сал, тут-эске тут, бер-салам бер, ал-дан ал, бер-дем бер, чек-азап чек, сүр-өмүр сүр, көр-жакшы көр, ж.б

Атооч үнгулуу татаал этиштерди жасоочу жардамчы этиштерге негизинен төмөнкүлөр кирет:

Эт. Бул- нагыз жардамчы этиш, ошондуктан ал өз алдынча колдонулбайт. Дайыма атооч сөздөр менен, көбүнчө тууранды сөздөр менен бирге айтылып, татаал этиштерди жасоого активдүү катышат. Эгерде эт этиши тууранды сөздөрдүн жөнөкөй формасы менен айкашса, анда кыймыл-аракеттин бир жолу эле болгондугун билдирет (тарс этти, жылт этти, далдан этти, эрбең этти). Эгерде кош айтылган тууранды сөздөр менен айкашса, анда кыймыл-аракеттин бир нече ирет кайталангандыгын билдирет: тарс-тарс этти, дүр-дүр этти, колтоң-колтоң этти.

Эт жардамчы этишинин катышуусу менен уюшулган татаал этиштер да атоочтук компонентине байланыштуу кыймыл-аракетти туюндурат: сабыр эт, жардам эт, урмат этти, айып этти, айып этпе, калдыр этти, шылдыр-шырдыр этти. Жардамчы этиш эт кээде -ган формасындагы атоочтук менен жана -бай (-бөй) формасындагы чакчыл менен да айкашып айтылат. Мындай учурда эт көмөкчү этиши да -ган же -бай формасында колдонулуп, алардан соң, жок, эле сөздөрү айкашат. Сөздөрдүн мындай айкашы аркылуу берилүүчү маани күчөтүлүп көрсөтүлөт. Маанинин күчөтүлүп берилерин мындай тизмектин тутумуна эт этишинин кошулуп жана кошулбай айтылган түрлөрүн өз ара салыштыруу аркылуу байкоого болот.

Мисалы: Ал эч нерсе болгон эткен жок-Ал эч нерсе болгон жок. Асан барган эткен жок- Асан барган жок.Ал оорубай этпей эле кете берди(каза болду маанисинде)- Ал оорубай эле кете берди. Ашым окубай этпей эле айылда жүрөт.

Эт этишинен кийин -ыш мүчөсүнүн жалганышы аркылуу этиш деген терминдик маанидеги сөз да жасалган.

Де. Бул атоочтук уңгулуу татаал этиштерди жасоого анчалык көп катыша албайт. Негизинен тууранды жана сырдык сөздөрдөн кийин келсе,көбүнчө айрым атооч сөздөрдөн кийин да келет. Татаал этиштерди жасайт:тарс де,курс де, күш-бүш деп,"ар"деп беттен алды, "эх"!деп отуруп калды, ботом!деп чочуп кетти; чү де.Айда,айдак,айдакта,демек деген сөздөрдүн составында да де жардамчы этиши бар:айда(айсырдык сөз+де+ай+де),айдак(ай+де+ык) , айдакта(ай+де+ык+ла) , демек(де+мак).

Бол. Бул этиш өзүнчө лексикалык маанини эе, ошондуктан өз алдынча колдонула берет,демек, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алат: Эртең мектепте жыйналыш болот.Ааарда канча күн болосуң?

Мындан тышкары атоочтук компонент менен бирге айтылып татаал этишти уюштурууга да катышат.Мындай учурда ал жардамчы этиш катары кызмат кылат,өзүнчө сүйлөм мүчөсү боло албайт,бирок негизги компонент менен бирге сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет. Ушу белги ар кандай этиштин өз алдынча сөз экендигин, же ал ар татаал этиштин тутумундагы жардамчы компонент болгондугун аныктоочу чек болуп эсептелет.

Мисалы:Велосипедин оңдойм деп кечке убара болду. Анын бул кылыгына нааразы болдум.

Бол этиши уңгу түрүндегү атооч сөздөр менен айкашып,таатал этиштерди уюштурууга активдүү катышат. Мунун натыйжасында жасалган татаал этиштер негизинен ал-абалдык маанини билдирет да,алардын биринчи компоненти көбүнчө абстрактуу зат атоочтордон болот: баш бол, капа бол, эшек боя, арача бол, дос бол, күбө бол, каза бол, адам бол, жем бол, азамат бол, эсеп бол, дал бол, аш бол, көз бол, жок бол, ж.б. Негизги компоненти кээде сын атооч, так атоочтордон да болот:жакшы бол,таза бол,жатык бол,кор болбо,катаал болду,күштар бол,ыраазы бол,кумар бол,мерт бол,ж.б.

Кыл этиши да өз алдынча лексикалык маанини эе,ошону менен бирге атооч уңгулуу татаал этиштердин жасалышына да катышат, атооч сөздөн турган негизги компонентине кыймыл-аркеттик маани берет:кыз-

мат кыл, мазак кыл, мерт кыл, милдет кыл, умут кыл, үлгү кыл, дак кыл, шылдың кыл, кор кыл, талап кыл, жок кыл, кабар кыл, чыгым кыл, аңгеме кыл, арман кыл, тиричилик кыл, жардам кыл, агалык кыл, убада кыл, баян кыл, дуушар кыл, эрмек кыл, кабыл кыл, мактаныч кыл, шылтоо кыл, тамаша кыл, тартуу кыл, шылтоо кыл, тамаша кыл, тартуу кыл, убада кыл, бата кыл.

Татаал этиштердин экинчи бир тобунун атоочтук компоненттери тигил же бул жөндөмөдө колдонулат да, андан кийин тиешелүү этиш сөз айкашып, ага кыймыл-аркеттик маани берет. Мындай татаал этиштердин компоненттери да жеке-жеке түшүнүктү билдирбейт, ар бири өзүнчө туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт. Алардын компоненттери структуралык жана семантикалык жактан өз ара тыгыз байланышып келип, бирдиктүү бир кыймыл-аракетти туюндурат: камакка ал, эсте тут, изин суутту, ж.б.

Атооч умгулуу татаал этиштер негизги компоненттеринин кайсы жөндөмөдө турушуна карай төмөнкү топторго бөлүнөт:

1) Барыш жөндөмөдөгү сөз менен этиштин айкалышынан жасалган татаал этиштер: камоого ал, калыска кой, калыбына келтир, четке как, кайгыга сал, кадырга жет, изине түш, кепилге ал, кепилге чыкты, сөзгө кел, добушка сал, оюнайга түш, оюнайга сал, жүзөгө ашыр, жоопко тарт, доого калтыр, сөзгө жык, доого жык, жазага тарт, жарыша түш, акылга кел, акылга кир, тамашага айлант, тамашага сал, айыпка жык, айыпка оюр, антына койдум, арына келтир, арага түш, арага сал, кароолго ал, капканга түш, капкыга чал, жемеге ал, жемеге калды, айыпка дарт, антына тур, ж.б.

2) Жатыш жөндөмөдөгү сөз менен этиштин айкалышынан түзүлгөн татаал этиштер: бейпилде жатат, жерде калба, эсте тут, көңүлдө тут, ж.б

3) Чыгыш жөндөмө менен этиштин айкашынан уюшулган татаал этиштер: тилден кал, жандан кеч, белден бастыр, жолдон калды, уйкудан калды, анттан тайды, убададан тайды.

4) Табыш жөндөмө менен этиштин айкашынан уюшулган татаал этиштер: абийирди ачты, абийирди кетирди, абийирди төктү, жатын жапты, жаагын басты, кабагын түйдү, жарпты жаз, ж.б.

5) Көп сандаган татаал этиштердин биринчи компонентинин аягындагы табыштын мүчөсүнүн түшүндүрүлүп айтылгандыгы сезилип турат. Андай айкашуулар узак убактар бою ошол түрүндө кайталанып колдонула беришинин натыйжасында акырындык менен бирдиктүү бир бүтүн сөзгө айланып кетишкен: жүгөн сал (жүгөндү сал деген мааниде), казан ас

(казанды ас деген мааниде), ошондой эле: жүгөн кат, байге сай, байге кой, балак ал, балак ур, балакет чыгарды, балакет салды, эт ас, тамак ас, барабан чал, кийиз бас, кырман бас, батарбер, бата ал, баш тарт, баш ал, буктурма кой, бейпай сал, бел чеч, бозо ээл, салам бер, бүр байла, даамже, даам ич, даарат ал, далбас ур, дүн ал, бүлүк сал, бузук сал, кулак сал, обон сал, жапанек, дем ал, добуш бер, ж.б.

Атооч үңгүлүү татаал этиштердин биринчи компоненти жогоруда көрсөтүлгөндөй, көпчүлүк учурда атооч жөндөмөдө да колдонула берет: дат бас, баш бак, докурун, дит бак, жигит бол, кабыл ал, наараз бол, милдет кыл, үйүр бол ж.б.

Көп сандаган атооч үңгүлүү татаал этиштер тилдин өсүш процессинде туруктуу сөз айкашына өтүп, идиомалык маанини берип калышкан: **абийириңди төкпө-катуу уят кылды, адам болду-эр жетип, киши катарына кошулду, сөзгө кел-сөздү угуу, макул болуу, капканга түштү-колго түшүү, кармалуу, изин жашырды-кылган ишин билгизбей коюу, изин сууттуу**-көп убакыт өткөрүп, унуткаруу, эскиртип жиберүү, кабагын түйүү-ачуусу келүү, кабагын бүр көө-капаланып, жакшы көр-жактыруу, сүйүп калуу, таяк же-уруп коюу, токмоктоп салуу, тилден калуу-сүйлөй албай калуу, өлүм алдында жатуу, көз бол-көздөп кайтарып туруу, көзгө илбейт-теңине албоо, тоотпоо, көзгө урунду-көрүнүп калуу, ит кылды, ит болду-уят кылуу, уят болуу ж.б.

Этиштик үңгүлүү татаал этиштер

Синтаксистик жол менен жасалган татаал этиштер басымдуу көпчүлүгүнүн биринчи компоненти да, экинчи компоненти да этиш сөздөрдөн болот. Бири-бири менен чакчылдын -ып, -а, -й, -ганы формалары аркылуу байланышып, бирдиктүү бир татаал кыймылды атап көрсөтөт. Мындай этиш үңгүлүү татаал этиштерде да биринчи компоненти негизги лексикалык маанини билдирет, экинчи компоненти ага ар түрдүү кошумча маани берет, же экөө биригип келип, татаал кыймыл-аракетти билдирип, жардамчы этиштик милдетти аткарат. Мисалы: чаап таштады дегенде кыймыл-аракетик негизги маанини чакчыл формадагы чаап деген биринчи компоненти билдирип турат; экинчи компоненти болсо өзүнүн "ташта", "таштап кой" деген баштагы лексикалык маанисинен ажырап, чабуу кыймыл-аракетинин толук иштелип бүткөндүгүн билдирип, ага граматикалык кошумча маани берип турат; бүтүрүп жибер десек, жибер өзүнүн бир жакка "жибер", "жөнөт" деген негизги маанисинен ажырап кыймыл-аракеттин тез аякташын билдирип турат; келип жүрөт дегенде

жүрөт этишинин баштагы лексикалык маанiси начарлап,биринчи компонен-ти билдирген кыймыл-аракеттин үзгүлтүк менен көптөн бери болуп келаткандыгын билдирет.

Ал эми алып келди, чыгып кетти,кулап түштү,бара кет деген сыяктуу татаал этиштерди алсак,булар тең маанилүү эки этиштин айкашынан уюшулган,бирок алардын компоненттери жеке-жеке түшүнүктү билдир бейт,тескерисинче ,эки компонентинин маанилери биригип келип,бир-диктүү бир татаал кыймылды туюндуруп турат.Бул сыяктуу татаал этиш-тердин структуралык жана семантикалык жактан уюшулушунда анын ар бир компоненти бирдей деңгелде катышат.Мындай структурадагы этиштердин маанiси жактан татаал экендиги төмөнкүдөй фактылардан ачык байкалат:тос-тосуп чык(бирөөнүн жолунан тосуп чыгуу),кошто-коштоп жүр(бирөө менен кошо жүрүү),иште-иштеп тап(иштеп маяна табуу) үзат-үзатып чык(бирөөнү үйдөн жөнөтүп коюу),сат- сатып ал(бир нер-сени өзүңө сатып алуу),куу-куулп жет,жүгүр-жүгүрүп келди,ж.б. Булардын ар бири эки бөлүмдөн турган бир туташ кыймылды туюндуруп турат.

Этиш уңгулуу татаал этиштер төмөнкүдөй эки топко бөлүнөт :I)тең маанилүү компоненттерден жасалгандар,2)тең маанилүү эмес компоненттер-ден жасалгандар.Компоненттери тең маанилүү татаал этиштер дайыма -ып,-а,-й, формасындагы чакчылдарга толук маанилүү экинчи бир этиштин айкашып айтылышы аркылуу жасалып,составындагы ар бир компонентинин маанисинин жыйынтыгынан уюшулган бир татаал кый-мылды билдирет. Мындай структурадагы татаал этиштердин жеке компонент-тери татаал кыймылдын белгилүү бир бөлүктөрүн билдирет деп айтууга болот. Тактап айтканда,андай татаал этиштердин биринчи компоненти кыймылдын алдыңкы этабын,экинчиси-андан кийинки этабын билдирет. Мисалы: айтып кел,алып кет. Булардын эки компоненти биригип бир татаал кыймылды билдирип турат,бирок ал кыймыл-аракет эки бөлүк-төн турат, тактап айканда алды менен "айтуу","алуу" кыймылы ат-карыла тургандыгы,андан соң "келүү","кетүү" кыймылы аткарыла тургандыгы сезилип турат.

Татаал этиштердин биринчи компоненти -а,-й формасындагы чак-чылдардан болуп, экинчи компоненти бар,кел, кет,чык,жүр деген этиштерден болсо ,экинчи компоненти негизги кыймылды бидирип, биринчи компоненти аны менен бирге(попутно) аткарыла турган кошумча кыймылды билдирип калат:ала кет, бара кел, ала бар, кире чык, окуй жүр.Кээ бир татаал этиштер компоненттери билдирген эки кыймылдын бир мезгилде бирге болгондугун көрсөтөт:чыгып кетти,кулап түштү, кайтып келди, кетип баратат,ырдап отурат, көрүп отурат,сүйлөп отурат,жулуп алды,ж.б.

Татаал этиштердин компоненттери сүйлөмдө жеке-жеке маани бербейт, тескерисинче, алардын маанилери биригип келип, бирдиктүү бир татаал маанини түзөт. Эгерде алардын компоненттеринин бири-биринен бөлүп жиберсек бирдиктүү мааниси бузулат. Татаал этиштердин составдык бөлүктөрү дайыма өз ара байланышта колдонулуп, сүйлөмдө бир гана мүчөлүк милдетти аткарат: Мына, жоокерлер үчүн жылуу байпак токуп отурам(Т.С.).-Ырахмат, Карабек, мен шашып жүрөм отурам(К.Ж.).

Татаал этиштер үч составдуу да болушу мүмкүн: байкап келе жатат, шашылып бара жатам, куюп бара жатат, жыгылып кала жаздады, ыргытып жибере жаздады. Айрым бириккен этиштерде татаал этиштердин биринчи же экинчи компоненти боло алат: апкелип бер, апкелип тур, апарып бер, апарып ташта, жыйнап кел, таап апкел, жазып апкел, көтөрүп апкет. Биринчи компоненти чакчыл формадагы этиштен болгон татаал этиштерди уюштурууга катышуучу функционалдык жардамчы этиштерге төмөнкүлөр кирет: жат, жүр, отур, тур, сал, ташта, жибер, түш, көр(жеп көр), жазда, бол, кыл, кой, кел, кет, ал, бер, кал, чык, бар, бут, кир, башта, өт, бил, жет, ж.б. Булар негизинен толук маанилүү эле этиш сөздөр, татаал этиштерди жасоо учурунда гана өзүнүн баштагы маанисин жоготуп, же начарлатып, же болбосо толук маанисин сактаса да, жардамчы этиштик функцияда(милдетте)колдонулат, ошондуктан булар функционалдык жардамчы этиштер болуп саналат. Мисалы: а)иштеп жатат, бара тур, бүтүрүп сал, кете бер; б) окуп чык, отуруп калды, келип жүр; в) качып кетти, айдап келди, куюп жетти. Мындай биринчи топтогу татаал этиштердин тутумундагы жардамчы этиштер алгачкы маанисин жоготуп, экинчи топтогулардын мааниси начарлап, үчүнчү топтогулар маанисин толук сактап жардамчы этиштик функцияда колдонулуп, татаал этиштерди уюштуруп турушат.

Компоненттери тең маанилүү эмес татаал этиштер -ып, -а, -й формасындагы чакчылдарга жардамчы этиштердин айкашып айтылышы аркылуу жасалат. Мындай структурадагы татаал этиштердин биринчи компоненти кыймыл-аракетик негизги маанини билдирет, ал эми экинчи компоненти болсо баштагы лексикалык маанисинен ажырап же алыстап грамматикалыкка элемент катарында колдонулуп, негизги компоненти билдирген кыймыл-аракетти аткарылып мүнөзүн(анын созулушун, кайталанышын, толук бүтүшүн, тез аткарылышын, чукулунан же капысынан болушун ж.б.) билдирет.

Татаал этиштин составында туруп, чакчыл формадагы негизги этиштин маанисин толуктап, тактап, ал билдирген кыймыл-аракеттин аткары-

лыш өзгөчөлүгүн мүнөзүн билдирүүчү этиштер жардамчы(көмөкчү) этиштер деп аталат.Мисалы:чаап таштады дегенде кыймыл-аракеттик негизги маанини чакчыл формадагы чап деген этиш билдирип турат,экинчи бөлүгү болсо бир нерсени"таштап"сал" деген баштапкы лексикалык маанисинде колдонулбастан, биринчи компоненти билдирген"чабуу" кыймыл-аракетинин чечкиндүүлүк менен толук иштелип бүткөндүгүн билдирген;"жазып жибер" десек,жибер өзүнүн бир жакка "жөнөттү" деген алгачкы маанисин эмес,кыймыл-аракеттин тез аткарылышын билдирип турат,ж.б.

Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин аткарылыш өзгөчөлүгүн билдирүүгө көбүрөөк колдонулуучу жардамчы этиштер негизинен төмөнкүлөр:тур,отур, жүр, жат,сал,ташта,кой,жибер,түш,кел,кет,ал,бер,чык,кал;бол,көр, жазда, башта ,ж.б.

Булардын жардамчы этиш катары колдонулгандагы негизги этишке бере турган кошумча маанилери бирдей эмес.Алар кыймыл-аракеттин толук иштелиши,кайталанышы,созулушу,тездиги жана анын бир жактан экинчи жакка карай багытталышы сыяктуу ар түрдүү кошумча маанилерди билдиришет.

Бул функционалдык көмөкчү этиштердин жардамы аркылуу жасалган татаал этиштерди түзүндурган кыймыл-аракеттин узакка созулушун билдирүүчү этиштер. Мындай маанидеги татаал этиштер билдирген кыймыл-аракет сүйлөп жаткан учурда бүтпөйт,анын бүтүү чеги да көрсөтүлбөйт; кыймыл-аракеттин жалпы эле үстүбүздөгү мезгилде болуп жаткандыгы жана анын кийин да созула тургандыгы көрсөтүлөт. Мындай маани чакчыл формадагы негизги этишке жат, тур,отур,жүр,бер, деген жардамчы этиштердин айкашып айтылышы аркылуу берилет.Татаал этиштердин бул тиби жалпысынан кыймыл-аракетин узакка созулушун көрсөткөнү менен,тутумундагы жардамчы этиштердин маанисине байланыштуу анын созулуу өзгөчөлүгү бирдей эмес. Анын үстүнө бир эле ж ардамчы этиш айкашкан негизги компонентинин(чакчыл этиштин)кандай формада экендигине карата ар башка маанилерди да билдирип калышымүмкүн.

Жүр. Бул этиш -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып айтылганда,кыймыл-аракеттин үзгүлтүк менен узакка созулушу(деген сөзүн) көрсөтүлөт:Сакалдуулардын бул эмнеси деген сөзүн эки-үч кишинин башы кошула калган жерде өмүр дале айта коюп жүрдү(Т.С.).Бирок андан кийин дагы бир айга чейин эртели-кеч бир убак келип-кетип жүрүштү(К.Ж.). Күйөө кошчусу Сапарбай Осмонго бирдемелерди айтып жүрөт(Т.С.).

Жүр жардамчы этиши көзде контекстке карай үзгүлтүксүз созулган кыймыл-аракетти билдирет: Мен өкмөттүн милдетин аткарып жүрөм(Т.С.).

Сапарга сапарлык,

Санаага саргайып,туктөйүп азып жүрдү(Т.С.)

Жардамчы этиш жүр -а, -й формасындагы чакчыл менен айкашса,анда чакчыл формадагы биринчи компоненти жүр жардамчы этиши менен бирге аткарыла турган кошумча кыймылды билдирип калат:оорулуу баланы көрө жүр,малды карай жүр,мен айкан китепти окуй жүр.

Жүр жардамчы этиши -ганы формасындагы чакчылдан кийин айкашса, келечекте аткарыла турган кыймыл-аракетти билдирет:Ал окууга кеткени жүрөт(К.Б.).Султан кичи ишканада иштегени жүрөт.

Тур. -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып айтылганда, кыймыл-аракеттин узакка созулгандыгын,же дайыма болуп тургандыгын көрсөтөт: Уулум экөөбүз эптеп эженди багып турабыз(М.Э.).Бул жол шаардагы чоң көчөлөрдүн бири болгондуктан, машиналар тынбай өтүп турат.Бул кырдан айлананын бардыгы даана көрүнүп турат(К.Ж.).

Жардамчы этиш тур муну менен бирге мезгил-мезгили менен кайталанып турган кыймыл-аракетти да билдирет:Кызынын да,келининин да жолун тоспой,ликбезге аларды өзү жиберип турат(Т.С.).Баарын мен өзүм текшерип турам(М.Абдук.).Ошо окопго пулеметторун орнотуп,кызылдарды шаарга жолотпой атып турду(С.Карал.).

Бул жардамчы этиш контекстке ылайык кээде кыймыл-аракеттин үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгын да билдирет:Күн алай-дүлөй түшүп жаап турат(К.Ж.).Ажыбай,Эркинбек-экөө көзүн айырбай карышкырдын ар бир кыймылын карап турушат(К.Ж.).

Эгерде жардамчы этиш тур -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашып ,өзү өткөн чактын -ган формасында айтылса,дайыма болуп туруучу адаттанган кыймылды,абалды туюндурат:Самтыр,күн ысып турсада,дайыма эски чепкенин кийип жүрө турган.Бекболот жыл сайын Талды-Булактын ооозунда жалгыз үй жашай турган.Анын музоолуулуу, эки-үч кой-эчкиси,кулундуу бээси боло турган(К.Ж.).

Эгерде -а,-й формасындагы чакчыл менен айкашкан туржардамчы этиши буйрук ыңгай формасында турса, нада кыймыл-аракеттин убактысынча, кыска мөөнөткө иштелишин билдирет:Аны-мунунду койгун да, унчукпай отура тур(М.Абд.).Ага дейре желикпей көнүр,Карше!Сен алдыңкы кашатка тура тур.Мен артыңдан жетип барам.

Тур жардамчы этиши -ганы формасындагы чакчылдан кийин айкашып айтылса,кыймыл-аракеттин чукул арада болорун билдирет:Кеткен намызым келгени турат,кудайым өзү бергени турат(Т.С.).Күн жааганы турат.

Жат. -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып,жардамчы этиш катары колдонулганда,кыймыл-аракеттин көптөн бери болуп жаткандыгын,кийинчерээк да созула тургандыгын билдирет:Айылдагы чартамандар бир айдан бери Түлкүбек үчүн иштеп жатышат(К.Ж.).Колдон келген даярдыгын көрүп,жолго даярданып жатат(М.Абд.).Жооптуу иштерге жаштарды көтөрүп жатат(К.К.).

Мындай татаал этиштер кээде азыркы учурда жаңыдан гана башталып жаткан кыймыл-аракетти билдирет: Баланы жөнөтүп жатабыз(Т.С.). -Ооба, Акман аке, Сережканы да узатып жатабыз(Т.С.). Бирок амалсыз ажырашып жатабыз(К.Ж.).

Жат жардамчы этиши чакчыл -а формасындагы бар, кел, деген кыймыл этиштер менен айкашып айтылса, субъектинин белгилүү бир багытка карата (бери карай же ары карай) болгон кыймылын көрсөтөт: Салыкем, кыйыспас досум, келе жатат(К.К.). Оң колун жадаганда чапанына да тийгизбей этияттуулук менен бара жатат(К.К.).

Айрым учурларда бара жатат, келе жатат, окуп жатат деген сыяктууларды тилибизде ыкчам айтуу максатында тыбыштык кыскартууларга учурап: баратат(бара(жа)т+а+т), келетат//келатат(келе//кела(жа)т+а+т); иштеп атат(иштеп(ж)ат+а+т), окуп атам(окуп (ж)ат+а+м).

Кээде бара жатат, келе жатат дегендерден мурун -ып формасындагы экинчи бир чакчыл айкашып айтылып, үч составдуу татаал этиш уюшулат. Мындай учурда кыймыл-аракеттин негизги маанини биринчи компоненти билдирет да, бара жатат, келе жатат деген конструкциялар жардамчы этиштик милдетти аткарып калат. Мындай түзүлүштөгү татаал этиштердин биринчи компоненти кыймыл этиштерден болсо, субъектинин сүйлөп жаткан учурда белгилүү бир жакка карата(ары карай же бери карай) багытталган кыймылын көрсөтөт: кетип бара жатат, качып бара жатат, чуркап келе жатат, самолет учуп келе жатат.

Эгерде мындай түзүлүштөгү татаал этиштердин биринчи компоненти заттын сапат белгисинин өзгөрүшүн билдирсе, анда татаал этиш кыймыл-аракеттин ар кандай деңгээлде өөрчүшүн, ар кандай деңгээлде күчөшүн билдирип калат. Салыштыр: Жалбырактар саргайып баратат(күчтүүрөөк, ылдамыраак саргайып баратканын билдирип турат) - Жалбырактар саргайып келатат(акырындан саргайып келаткандыгын билдирип турат) чөп куурап баратат - чөп куурап келатат; күн ысып баратат - күн ысып келатат.

Жат жардамчы этиши -а, -й формасындагы чакчыл этиш менен айкашып, өзү келер чак формасында, кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин, келечекте болорун билдирип калат: Башка түшкөнүн көрө жатабыз(И.Аб.). Биз да билгенибизди айтыша жатарбыз(Т.С.). Бул жөнүндө кийин да сүйлөше жатабыз.

Отур. жардамчы этиш катары колдонулганда, дайыма -ып формасындагы чакчыл этиш менен айкашып айтылат. Контекстке карай кыймыл-аракеттин белгилүү бир убакыттан тартып азыркы мезгилге чейин созулгандыгын, үстүбүздөгү учурда, да болуп жаткандыгын билдирет:

Мейли көзүн ачса,апасы башын жөлөп,көзүнүн жашын көлдөтүп,ыйлап олтурат(К.К.).Суу кылбай колтугума катып отурам(К.Ж.).

Татаал этиштин бул түрү кээде кыймыл-аракеттин белгилүү бир убакыттын аралыгында болгондугун,созулгандыгын билдирет:Түнү бою түтүн ээлеринин аттарына(чычым) каздарын жазып олтурушту(Т.С.).Эчкитекелер кайсы жерден көрүнүп калар экен деген ой менен дүрбү салып ар кайсы аскалардын арасын карап олтурушту(К.Ж.).

Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын түшүндурат:Мына,жоокерлер үчүн жылуу байпак токуп олтурам(Т.С.).Жигит келинчегинин кыймыл-аракетинен кылдай кине таба албай,ичи элжиреп сүйүнүп олтурат(Т.С.).

Кээде контекстке карай кыймыл-аракеттин келечекте болорун билдирип калат:Эртең делегаттардын сүйлөгөн сөзүн жазып олтурам.

Бер, жардамчы этишинин мааниси ар түрдүү.Маанисинин ар түрдүүлүгү чакчыл этиштин кайсы мүчөсү менен айкашкандыгына байланыштуу.

Бер этиши буйрук ыңгайда туруп,-а, -й формасындагы чакчылдар менен айкашканда,кыймыл-аракетти иштөөгө уруксат экендигин билдирет, ошону менен бирге айрым учурларда анын созулушун да көрсөтөт:Мейлиң, кандай ойлосоң,ошондой иштей бер(К.М.).Квартира алганча ушул үйдө жашай бергиле.Кана,Өмүке сүйлөй бериңиз(Т.С.).

Бер этиши -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашып,бирок буйрук ыңгайда эмес,этиштин чактарынын биринде колдонулса,анда уруксат берүү мааниси билдирилбестен,кыймыл-аракеттин созулушу гана көрсөтүлөт: Ушинткен Саадат алдыртадан камылга көрө берди(Т.С.).Шатырата жааган жамгырга мойнун тосуп олтура берди(К.Ж.).

Бер этиши-а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда,контекстке карата кээде кыймыл-аракеттин созулуңкулугун жана анын адатка айланышын көрсөтөт:Орундуу жерде да,орунсуз кезде да Шарше күүлөнө берет(Т.С.).Айтор,алар шашке болбой олтурган кеч бешимге чейин тынбастан кымызды иче беришет(Т.С.).

Бер жардамчы этиши -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда кыймыл-аракеттин башка бирөө үчүн иштелгенин билдирет:Өмүрбайдын эгинин бүт айдап берди(М.Аб.).Атасынан келген катты окуп бердим.

Түш. Жардамчы этиштик мааниде колдонулганда, көбүнчө -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашат да,кыймыл-аракеттин бир аз улам тылышын билдирет:ырдай түш,жаза түш,окуй түш;Дөбөт карышкыр жогору карай бара түштү да,башты тоголотуп жиберди(К.Ж.).Ал койлорун жогору карата жая түштү.

Кээде кыймыл-аракеттин капысынан жана тез эле бир абалдан экин-

чи абалга өткөндүгүн көрсөтөт: Бир паста үйдүн ичи карангылай түштү. Деги дениң сообу?!-деп, Калмурат аксакал мостое түштү(М.Аб.). Муну укканда жини келе түштү.

Кыймыл-аракеттин өнүгүшүн жана багытталышын билдирүүчү этиштер.

Кел, кет, бер деген этиштер жардамчы этиштик мааниде колдонулганда, чакчыл формасындагы негизги компонент менен айкашып, кыймыл-аракеттин өнүгүшүн, багытын билдирет.

Кел жардамчы этиш катары колдонулганда, негизинен, кыймыл-аракеттин азыркы мезгилге карай өнүгүшүн билдирет. Эгерде -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып айтылса, кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан мезгилге чейин болуп келгендигин билдирет; айрым учурларда кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан учурда бүткөндүгүн туюндурат: Кыштан бери кандай ушактар таралып, эл оозунда айтылып келди(Т.С.). Ал карангы кыргыз элинин ан-билимин көтөрүүдө көп милдеттер аткарып келди(Т.С.) Мансур элүү башы өзүнүн эки жигити менен короого атчан кирип келди. Бул сүйлөмдөгү татаал этиштер кыймыл-аракет өзүнүн белгилүү бир чегине жеткендигин билдирип турат. Эгерде кыймыл-аракеттин азыркы мезгилде да болуп жаткандыгын жана келечекте да улантыларын билдирүү керек болсо, андай маани жат татаал этиши кошулган үч составдуу татаал этиш аркылуу берилет. Салыштыр: Ар түрдүү кызматты аткарып жүр келди. -Ар түрдүү кызматты аткарып келе жатат.

Кел жардамчы этиши -а, -й формасындагычакчылдар менен айкашып айтылса, келүү кыймылы менен бирге(кошо)болгон кыймыл-аракетти билдирет, бирок мында да багытты билгизүү мааниси сакталат: китепти ала кел; кабарды айта кел; Айылдан жалгыз келбестен, келинчегиң ээрчите келди(С.С.).

Кет. Мааниси боюнча кел этишине карама-каршы; негизинен кыймыл-аракеттин бир жерден башка жакты көздөй багытталгандыгын билдирет. Бул жардамчы этиш -ып формасындагы кыймыл этиштер менен айкашса кыймыл-аракеттин бир жерден башка тарапты карай багытталгандыгын көрсөтөт: качып кетти, сүзүп кетти, учуп кетти. Эртең төрт кекилик кармап бересиң-деп, түлкү жөнөп кетти (К.Ж.).

Эгерде этиштер менен айкашса, анда багытты билдирет, кыймыл-аракеттин капыстан боло калгандыгын, тездик менен иштелгенин көрсөтөт: коркуп кетти, уялып кетти, кызарып кетти; Эмнегедир безгек болгон кишиче калчылдап кетти(М.Аб.). Ороскул оң жамбашынан оодарылып ошол замат уктап кетти(Ч.А.).

-а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда да,кыймыл-аракеттин тез иштелгендигин билгизет:Тилин саландатып,чарчаганын күбөлөгөндөй Кумайык оттун боюна жата кетти(К.Ж.).Тумар кек шиберге отура кетти.

Кет жардамчы этиши -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашып айтылганда,кээде ал чакчыл формадагы биринчи компоненти кетүүтиши мене бирге болчу кыймыл-аракетти билдирип калат:бара кет ,айта кет,жолуга кет;Атты тушап кет.

Бар этиши жардамчы этиштик мааниде колдонулуп, чакчыл -ып формасындагы кыймыл этиштер менен айкашса,кыймыл-аракеттин бир жерден башка жакты карай багытталгандыгын көрсөтөт:Бул буюмдарды мектепке алып бар .

Ушуну менен бирге,бул сүйлөмдөгү алып бар деген татаал этиш алды менен алуу кыймылынын, андан соң ага удаалаш эле баруу кыймылынын такарыларынын туюндуруп турат.

Ал эми бар жардамчы этиши -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашса,анда татаал этиштин чакчыл формадагы биринчи компоненти "баруу" этиши менен бирге болчу кыймыл-аракетти билдирет:айта бар,ала бар.

Кыймыл-аракеттин толук иштелгенин билдирүүчү этиштер.

Кыймыл-аракеттин толук иштелиши -ып формасындагы чакчылдар менен ташта,сал,кой,жибер,кал,кет,чык сыяктуу жардамчы этиштердин айкашып айтылышы аркылуу берилет.Бул жардамчы этиштердин ичинен кээ бирөөлөрү -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин тездигин, чукулунан болгондугун билдирет. Бирок мында да кыймыл-аракеттин иштелип бүткөндүгүн билдирүү мааниси сакталат.Ошондуктан кыймыл-аракеттин толук иштелгенин негизги белгиси болуп иштин биротоло аткарылып бүткөндүгү,же анын толук иштелип бүтө тургандыгы эсептелет:чөптү чаап таштадым,катты жазып салды-кыймыл-аракеттин биротоло,толук иштелгендигин билдирет;окуп чык,жазып оут - кыймыл-аракеттин аягына чейин толук аткарыларын билдирип турат.

Кыймыл-аракеттин толук иштелгендигин билдирүүчү жардамчы этиштер грамматикалык маанилерине карай эки топко бөлүнөт:

а)Татаалэтиштин тутумунда өзүнүн лексикалык маанисинен көп алыстабай, кыймыл-аракеттин толук иштелгенин билдирүүчү жардамчы этиштер:чык, ташта,бүт,кет,кал,ж.б.

б) -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда,өзүнүн алгачкы лекси-

калык маанисин жоюлуп,же начарлап,анын ордуна кыймыл-аракеттин тездигин,толук буткөндүгүн билдирүүчү жардамчы этиштер:жибер,сал, кой,ж.б. Аталган жардамчы этиштер чакчылдар менен айкашып,жалпысынан кыймыл-аракеттин толук иштетилишин көрсөткөну менен,чакчылдардын кайсы формасы менен айкашканына жана өздөрүнүн маанисине байланыштуу ар түрдүү кошумча маанилерди да билдирет.

Сал. -ып жана -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкаша берет. -ып формасындагы(этиш катары колдонулса _) чакчылдар менен айкашып жардамчы этиш катары колдонулганда,кыймыл-аракеттин толук иштелишин билдирет:Эркин койду айландыра үч жерге отту улуу жагып салды(К.Ж.). Сапарбай баш болуп жаштар чоң кагаздын бетине жазуу жазышып,газеталарды жайып салыштыр(Т.С.).

Сал жардамчы этиши -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин капысынан болгондугун жана тездик менен иштелерин билдирет:Жээрде кашка жалт бурула кошкуруп,сол жактатагы жыбытчаны карай салды(К.Ж.).Ал кыйшайып турган бастырманы тез эле ондой салды.

Ташта жардамчы этиш катарында көбүнчө -ып формасындагы чакчылдар менен айкашат да,кыймыл-аракеттин толук иштетилишин,чечкиндүүлүк менен жана кескин түрдө аткарылгандыгын көрсөтөт:Ошон үчүн башка жылкылар тынч турбаган арык сараланы тиштеп, тепкилеп четке кубалап таштачу(Т.С.).Узун жигит дардайып жаткан калыбында колун силкип таштады(Т.С.).

Кээде -а,-й формасындагы чакчылдар менен да айкашат.Мындай учурда татаал этиш көбүнчө үч составдуу болот да,биринчи компонент билгизген негизги мааниге кийинки эки компонент аркылуу кошумча маани берилип,кыймыл-аракеттин башталып барып аягына чыкпай калгандыгын туюндурат.Кийинки бул мааниси боюнча ташта мененжазда бири-бирине маанилеш келет:кетип кала таштады//кетип кала жаздады.Кыяматтын кыстоосун көрүп кала таштадың,этүң чыгып оозуңдан,өлүп кала таштадың("Эр Төштүк").Султан ж ардан учуп кете таштады.

Чык жардамчы этиш катары колдонулганда, -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып,кыймыл-аракеттин баштан аяк толук иштелип бүткөндүгүн билдирет:Сен айткан романды мен да окуп чыктым.Музейдеги ар түрдүү экспонаттарды көрүп чыктык.

Жибер жардамчы этиш катарында -ып формасындагы чакчылдарыменен гана айкашат да,кыймыл-аракеттин тездигин,чечкиндүүлүгүн,толук иштелерин билдирет.Кыргыз тилинде мунун синоними катары ий деген этиштер да колдонулат.Мисалы:Мугалим айткандай,кароолун,тегиздеп түрүп,тарс эттире атып жиберди(К.Ж.).Үйүлүп турган кургак бөдөге

от коюп жиберди(М.Абд.).Муштап ийди//Муштап ирди.

Кой -ып формасындагы чакчылдар менен айкашып,жардамчы этиш катары колдонулганда,кыймыл-аракеттин толук иштелгендигин билгизет. Бирок,сал,ташта, көмөкчү этиштерине караганда мында чечкиндүүлүк , кескин түрдө аракеттенүү мааниси болбойт;кыймыл-аракеттин жайынча гана толук иштелгендиги көрсөтүлөт.Салыштыр:чаап салды,чаап таштадычаап койду,жыйнап салды - жыйнап койду.Ажыбай жерде жаткан өлүү ф-таанды буркутунун алдына ыргытып койду.Устунөн оромол менен таңып койду(М.Абд.). -Апей ботом!-деп,Умсунай чоочуп койду(Т.С.).

Бул жардамчы этиш -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда кыймыл-аракеттин тездигин,чечкиндүүлүгүн,капысынан боло калгандыгын билдирет:Тимурдун ызалана түшкөнүн Салтанат байкап,күлкусүн токтото койду(К.Ж.).Ал обочороок жерде аттанып жаткан Тагайды көрө койду.

Кой жардамчы этиши -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашып буйрук ыңгайда айтылса, кыймыл-аракетти аткаруруга улуксат берүү, бир аз эркелетүү,кээде бир аз кекетүү маанисин да берет:Шашып турсаң -бара кой;кеткиң келсе-кете кой.

Тангыч-ба мүчөсү кой жардамчы этиши катышкан татаал этиштин кайсы компонентине жалгандыгына байланыштуу кошумча маани да түрдүүчө болушу мүмкүн.

Эгерде -ба мүчөсү чакчыл формадагы негизги компонентке жалганганда кыймыл-аракеттин иш жүзүнө ашпай калгандыгын билдирет: Тоого мергенчилер менен бирге барайын десем,үйдөгүлөр жибербей койду.

Эгерде -ба мүчөсү жардамчы компонентке жалганса,терс маани менен бирге,алдын ала эскертүү мааниси да берилет:Бул окубузду башкаларга айтып койбо;көрсөтүп койбо,билгизип койбо.

Эгерде бул мүчө татаал этиштин эки компонентине тең жалганса, анда кыймыл-аракеттин болбой койбостугу,сөзсүз аткарыла тургандыгы билдирет:эндүрүштө күн сайын кыйынчылыктарга жолукпай койбойсуң(С.С.) Ал бүгүн келбей койбойт.

Кал жардамчы этиши -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда,кыймыл-аракеттин биротоло,толук иштелгенин билдирет:Ит дагы тиштөөгө умтулду эле,бирок түлкү былк этпей жатып калды(К.Ж.).Анын куйтулук кылгандыгы бат эле билинип калды(М.Аб.).Бул кабарды укканда Султан эмне кыларын билбей олтуруп калды.

Бул жардамчы этиш -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда,кыймыл-аракеттин тезинен,капысынан боло калгандыгын көрсөтөт:Өмүр, ого бетер шашкалактап,атынан түшө калды(К.Ж.).Бөдөнөнүн жөргөлөп келе

жатканын көрөрүү менен ит лып жата калды.Сол тараптагы коктудан беш-алты атчан киши чыга калды.

Негизги компонент менен жардамчы компонент да байламтасы аркылуу тутумдашса,кыймыл-аракеттин аткарылгандыгын күчөтүү маанисинде түюндурат:Элик шуулдап келатып,чоң асканын алдына келгенде тык токтоду да калды.Эркин көз ирмебей табыш чыккан тарапты карады да калды(К.Ж.).

Таңгыч -ба мүчөсү татаал этиштин чакчыл формадагы негизги компонентине жалганса,кыймыл-аракеттин иш жүзүнө ашпай калгандыгын билдирет:келбей калды,барбай калды.

Эгерде -ба мүчөсү жардамчы компонентке жалганса,алдын ала эскертүү маанисин түюндурат:барбай калба,келбей калба.

Ал жардамчы этиш катарында -а,-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда,кыймыл-аракеттин аткарылышы мүмкүн экендигин (оң формада айтылса)же мүмкүн эместигин(терс формада айтылса) билдирет:Мен французча текстти которо алам.Кечинде чарчап келсе да,көпкө чейин уктай албайт(М.Аб.).

Бул этиш жардамчы этиштик мааниде колдонулуп, -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда:а)кыймыл-аракеттин субъектинин өзү үчүн иштелгендигин,же кыймыл-аракеттин тек гана субьект тарабынан толук иштетилип бүткөндүгүн түюндурат:Ошентип жүрүп төрт кап буудай камдап алды(М.Аб.). Алтынайдан иниме деп сурап алган (М.Аб.). Карымшак да чыны менен бир күлүп алдында,ушундан кийин бир аз көңүлдүү олтурду(Т.С.). Бала эшик алдында кыймылдабай сороюп туруп алды. б)кыймыл-аракеттин чукулунан,капысынан болгондугун билдирет:Соке калдастай берип жыпардын сыясын төгүп алды(Т.С.) Мария ичтен сызылып үшкүрүп алды.Кармайм деп колун күйгүзүп алды.

Этиштин жак категориясы

Жак категориясы-этишке да,зат атоочко да мүнөздүү категория (зат атооч бөлүмүн караңыз).Өз ара аңгемелешүүдө бир нече адам катышат.Алардын бири-сүйлөөчү жак,калгандары-угуучу тарап.Сүйлөшүүдө сөз аңгемелешип жаткан адамдар жөнүндө гана эмес,ага катышпаган адамдар же башка бир нерселер жөнүндө боло берет. Жак категориясында үч түрдүү жак болот:сүйлөөчү жак жана ал тараптагылар -1 жакты,угуучу жана ал тараптагылар -2 жакты ,аңгемеге катышпаган,бирок ал(алар)жөнүндө сөз жүрүп жаткан адам же башка зат-3 жакты билдирет.

Жак категориясынын жогоркудай ар түрдүү маанилери атайын формалар (мүчөлөр)аркылуу түюндурулат.1,2 жактын өзүнө тиешелүү жак мүчөлөрү бар.Алар жакты билдирүүчү менен бирге, бир эле учурда сандык өзгө-

чөлуктөру(жекелик жана көптүк түрду)да билдирет(жазган-мын-I жак жекелик түр;жазган-сыңар-2 жак,көптүк түр)
3 жак кыргыз тилинде айкын келер чак менен учур чакта гана атайын жак мүчөгө (-т) ээ.Мисалы:ал келе-т,ал иштеп жата-т. Ал эми этиштин калган чак формаларында 3 жак мүчөсүзколдонулат:ал барды,ал барган,ал барыптыр, ал барчу,ал барар.
Жактык өзгөчөлүктү билгизүүчү формалар жак категориясынын сыртқы көрсөткүчү болот. Жак мүчөлөр сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн системасына кирет да,баяндоочту ээ менен ээрчишүү жолу аркылуу байланыштырат. Жак мүчөлөр уланган сөздөр сүйлөм ичинде дайыма баяндоочтук милдетти аткарат.Ошол өзгөчөлүгүнө карай алар баяндоочтук мүчө деп да аталат:Мен айыл чарбасында иштеймин(К.К). Силер анда келбей калгансыңар.Биз да ошол кыштактанбыз(К.Б.).
Бул сүйлөмдөрдүн баяндоочторуна жалганган -мин, -сыңар, -быз жак мүчөлөрү,биринчиден, ар түрдүү жактык жана сандык маанилерди туюндурат: -мин- Iжак,жекелик санды,-сыңар - 2 жак,көптүк санды, -быз -I жак, көптүк санды билдирет;экинчиден,бул мүчөлөр уланган сөздөр сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып турат; үчүнчүдөн,бул мүчөлөр баяндоочтун сүйлөмдүн ээси менен жак гана сан боюнча ээрчишип байланышына мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошентип жак категориясы баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин заттын,белгтнин ээге субьектиге карата жак,сан боюнча болгон катышын билдирет.Жак мүчөлөр сырткы түрү жагынан экиге бөлүнөт: толук жак мүчөлөр,толук эмес жак мүчөлөр.

Толук жак мүчөлөр

Жекелик түрү

I жак -мын, -мин, -мун,-мүн(Мен окуганмын);

2 жак жайынча форма: -сын, - сиң, -суң, -сүң;(Сен окуган-сың);

2 жак сылык форма: -сыз, -сиз, -суз, -сүз(Сиз окуган-сыз);

3 жак: мүчөсү жок(ал жазган,ал жазды,ал жазыптыр,ал жазчу;)

Этиштин айкын келер чагы менен учур чагынан кийин 3 жактын мүчөсү -т болот(ал келе-т,ал иштеп жата-т).

Көптүк түрү

I жак -быз, -биз, -буз, -бүз(биз окуган-быз);

2 жак жайынча форма: -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр(силер окуган-сыңар);

2 жак сылык форма: -сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр(сиздер окуган-сыздар);

3 жак:мүчөсү жок (алар барышкан,алар барышты,алар барышыптыр, алар барышчу;алар окуу-чу).

Этиштин айкын келер чагы менен учур чагынан кийин 3 жактын мүчөсү -т болот (алар келишет, алар иштеп жүрүшөт).

Толук эмес жак мүчөлөр

Жекелик түрү

1 жак -м (мен жазды-м);
2 жак жайынча форма: -ң (сен жазды-ң);
2 жак сылык форма: -ңыз (сиз жазды-ңыз);
3 жак: мүчөсү жок (ал жазды; ал-мугалим).

Көптүк түрү

1 жак -к (биз жазды-к);
2 жак жайынча форма: -ңар, -ңер, -ңор, -ңөр (силер жазды-ңар);
2 жак сылык форма: -ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр (сиздер жазды-ңыздар);
3 жак: мүчөсү жок (алар жазышты, алар студент).

Толук жак мүчөлөр этиштин төмөнкү формаларынан кийин жалганат: өткөн чактын -ган, -ып(-ыптыр), -чу формаларынан кийин (окуганмын// //окугам, келипсиң, келиптирсиң, барчубуз), арсар келер чактын -ар формасынан кийин (аларсың), ниет ыңгайдын -мак, -макчы формаларынан кийин (окумакмын, окумакчысың), айкын келер чактан кийин (келемин// //келем), учур чактан кийин (окуп жатамын//окуп жатам).

Ушуну менен бирге, толук жак мүчөлөр адамга байланыштуу зат атоочторго, айрым сын атоочторго, кээбир сан атоочторго, I, 2-жактагы жактама ат атоочторго да жалганат: окуучумун, акылдуусуң, сиз тизмеде бешинчисиз; Чет өлкөгө баруучулардын бири менмин.

Толук эмес жак мүчөлөр атооч сөздөргө жалганбайт. Алар этиштин төмөнкү формасынан кийин (алдым, алдың, алдык); шарттуу ыңгайдын -са мүчөсүнөн кийин (барсам, келсең, барсак); тилек ыңгайдан кийин (баргай элең ер); этиштин учур чагынан, өткөн чактын -ган формасынан жана айкын келер чактан кийин I-жактын жекелик түрүнүн мүчөсү (-мын) жалганса, ал толук түрдө да колдонула берет: жазып жатамын//жазып жата-м; окуга-мын//окуга-м; бара-мын//бара-м;

Жак мүчөлөр сөзнин жак, сан боюнча өзгөчөлүгүнө жараша баяндоочтун формасын өзгөртөт. Мисалы: Мен окудум. Сен окуду-ң. Силер окуду-ңар десек, эе кайсы жакта, кандай санда айтылса, баяндоочторуна да ошондой жактык, сандык маанидеги жак мүчөлөр уланып, сөрчишүү жолу менен өз ара тыгыз байланышып турушат. Эгерде баяндоочко уланган жак мүчөлөрдү алып таштасак, мен окуду, силер окуду, сен окуду болуп ал сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик байланыш солгундай түшөт.

Ушинтип, уланган сөзү сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарып, сөзнин жак, сан боюнча өзгөчөлүгүнө жараша баяндоочту да жак, сан боюнча өзгөрткөн мүчөлөр жак мүчөлөр деп аталат.

Сөздөрдүн жак мүчөлөр менен жак,сан боюнча өзгөрүшү жакталыш деп аталат.

Кыргыз тилиндеги этиштердин жак уландылар менен өзгөрүшү бирдей эмес,түрдүүчө.

1) Жак мүчөлөр менен өзгөрүүчү этиштер. Мындай этиштер нагыз, чыныгы этиштер деп аталат.Буларга этиштин чактары,шарттуу,тилек, ниет ыңгайлар кирет.Этиштин бул формалары үч жак боюнча жак мүчөлөр менен эркин өзгөрө алат.Мисалы:Мен барам,мен иштеп жүрөмүн, сен көргөнсүң,сиз барыптырсыз,биз барчубуз;мен барсам,силер келсеңер;биз баргай элек,сен баргай элең;мен бармакмын,силер бармакчысынар.

2) Жөндөмө,жак жана таандык мүчөлөр менен өзгөрүүчү этиштер. Буларга атоочтук жана кыймыл атоочтор кирет.

Кыргыз тилиндеги атоочтуктар аныктоочтук милдетте турганда жак мүчө менен өзгөрбөйт(окуган бала,кетер күнү).Анткени мындай учурда атоочтуктардын үч жактын биринде турган грамматикалык ээ менен байланышы жок болот.Ал эми атоочтуктар баяндоочтук милдетти аткарып,сүйлөмдүн ээси менен байланышта айтылса,жак мүчө менен өзгөрөт:Мен окуганмын.Силер да келесиңер.

Атоочтуктарга жөндөмө,таандык мүчөлөр улана берет:Мен келгенде ал жок экен.Сенин барганың жакшы болду.

Кыргыз тилиндеги кыймыл атоочтор өз алдынча турганда жак мүчө менен өзгөрбөйт.Алар жатыш жөндөмөдө туруп,баяндоочтук милдет аткарганда гана жак мүчөнүн толук формасы менен өзгөрөт:Мен өз милдетимди ак ниеттүүлүк менен аткаруудамын.Сен өсүүдөсүң,сиз өсүүдөсүз.Кыймыл атоочторго да таандык мүчөлөр жалганат:Чогулушка биздин катышуубуз сөзсүз керек.Планды жылдын аягына чейин аткарышыңар керек.

3) Жак мүчө менен өзгөрбөй турган этиштер. Бул топко чакчылдардын көө бир формалары кирет.Кыргыз тилинде чакчылдар нагыз чакчылдык мааниде колдонулуп,кошумча кыймыл-аракетти билгизген учурда жак мүчө менен өзгөрбөйт:Ал күлө сүйлөдү.Ал шашып чыгып кетти.Бала чарчаганча ырдады.Асан окуганы келди.Ал эми -а,-й,-ып формасындагы чакчылдар кошумча кыймыл-аракетти билдирбей,негизги кыймыл-аракет катары колдонулганда,жак мүчөлөр менен өзгөрө берет.Мисалы Мен бийл орто мектепти бүтө-мүн.Ал жаңы ачылган колледжде окуй-т.Ал кинону биз да көрүп-пүз.

Чакчылдардын калган -ганча, -ганы, -майынча формалары жак мүчөлөр менен өзгөрбөйт.

Ушинтип,кыргыз тилиндеги этиштер синтаксистик кызматына карай

бирде жак мүчө менен өзгөрсө, бирде өзгөрбөйт. Негизинен баяндоочтук милдеттеги этиштик формалардын бардыгы жак мүчө менен өзгөрет. Ал эми -ганча, -ганы, -майынча//-майын формасындагы чакчылдар жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу катары колдонулбайт, ошондуктан аларга жак уландылар жалганбайт.

Кыргыз тилиндеги жак мүчөлөрчыгыш теги жагынан бирдей эмес. Окумуштуулардын пикири боюнча, I, 2 жактын -мын, -сың, -сыз, -быз деген жак мүчөлөрү мен, сен, сиз, биз деген жактама ат атоочтордон келип чыккан. Бул ат атоочтор жак мүчөгө өтүүдө айрым тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, (е ы га өтүп), бир нече фонетикалык вариант-тарга ээ болгон жана өз алдынча колдонуу касиетин жоготкон.

Толук жак мүчөнүн 2 жак көптүк түрү түзүлүшү жагынан татаал мүчөлөр: -сыңар(-сың+(л)ар, -сыздар(сыз+лар) деген бөлүктөрдөн турат. I, 2 жактын толук эмес жак мүчөлөрү -м, -ң дамен, сен деген жактама ат атоочтордун тыбыштык жагынан кыскарууга, өзгөрүүгө учурашынын натый жасында пайда болгон: м(м(ен), -ң(се)н - мында ен, се деген бөлүктөрү кыскарып калган, сен ат атоочтун аягындагы н тыбышы ң га өткөн.

Кыргыз тилиндеги толук эмес жак мүчөнүн 3 жагынын -т мүчөсү(ал жаза-т, ал уктап жата-т)"тур" деген этиштин турур деген атоочтук формасынын тыбыштык кыскаруусуна келип чыккан. Мисалы; байыркы уйгур тилинде: Бу таш ертиңү агыр турур(золотой блеск; I.8.) - Бу таш өтө оор. 3жактын -т мүчөсү азыркы кээ бир түрк тилдеринде -дыр, -ды болуп толугураак формада сакталса, (түрк. йазмакта - дир- ал жазып жатат; казак. бара-ды), кыргыз тилинде -т эле болуп калган(-т)т(урур), жатар, башкыр тилинде сакталбаган(татар. бара; башк. ала).

Толук эмес жак мүчөнүн I жак көптүк түрүнүн -к мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө такталган пикир жок. Байыркы түрк тилинде атоочтуктун -дык формасы болгон: бардук йирде(Күл тегин, чоң жазма, с4)-барган жерде. Айрым окумуштуулар кыргыз тилиндеги I жак көптүк түрүнүн -к мүчөсү атоочтуктун ошол байыркы -дык мүчөсүнүн тыбыштык жактан кыскаруусунан келип чыккан болуш керек деген пикирди айтышат: -к(-(ды)к-барды-к, келди-к.

Толук эмес жак мүчөнүн 2 жагынын мүчөлөрү составы жагынан татаал(эки-үч бөлүктөн турат); -ңыз(ң+ыз -байыркы көптүк мүчө; -ңар (-ң+ар-азыркы көптүк -дар мүчөсү; -ңыздар(-ң+ыз+лар -байыркы(-ң) жана азыркы (-дар)көптүк мүчөлөр.

Айрым жак мүчөлөр сыртқы түрү жагынан таандык мүчөлөргө окшош келет. Бирок алар бири-биринен, биринчиден, туюндурган мазниси боюнча айырмаланышат, экинчиден, жак мүчөлөр басымсыз айтылса, таандык мүчөлөр басым менен айтылат. Салыштыр: Мен жазды-м - менин ата-м; биз бала--быз - биздин бала-быз; сен жазды-ң-сенин ата-ң; ат-ыңыз-сиздин атыңыз; силер жазды-ңар - силердин ата-ңар; сиздер жазды-ңыздар - сиз-

дердин ата-ныздар.

Жогоруда белгиленгендей,жак мүчөлөр эки түрдүү грамматикалык маанини өз: биринчиден:уланган сөзүнүн үч жактын бирине карата болгон катышын билдирсе,экинчиден,алардын ар бири(3-жактын -т мүчөсүнөн башкалары) сандык өзгөчөлүктөру(жекелик,көптүк,санды) да туюндурат:окуган-мын (1-жак,жекелик сан),окуган-сыңар(2-жак,көптүк сан),барат,барыша-т (мында -т мүчөсү 3-жакты билдирип турат; ал эми "барат"деген этиши жекелик санда экендигин анын ички маанисинен белгилүү болуп;"барышат" дегендеги көптүкмаанини көптүктү билдирүүчү -ыш мүчөсү туюндуруп турат.

Жак мүчөлөр маани жагынан бири-биринен бир да даражада айырмаланып турат.

1 жактын жекелик,көптүк түрүнүн мүчөсү сүйлөөчүнүн же сүйлөөчү менен анын тобундагылардын кыймыл-аракеттик,ошондой эле кимдигин,белсин,билдирет:Мен жаздым,биз жаздык;мен окуучумун,биз окуучубуз;

2 жактын жекелик жана көптүк түрүнүн мүчөсү тыңдоочунун,же тыңдоочу тараптагылардын баарынын кыймыл-аракетин,ким экендигин, белгисин туюндурат:сен жаздың,силер жаздыңар;сен күчтүүсүң,силер жумушчусуңар;

3 жак сөзгө катышпаган жактын же сөзгө катышпагандардын тобунун кыймыл-аракетин,кимдигин,эмнелигин,белгисин билдирет:ал келет,алар келишет;ал окуучу,алар окуучулар,алар каармандар.

Мындан тышкары 2 жактын көптүк түрүнүн -сыңар мүчөсү кээде көп кишинин эмес, бир эле кишинин кыймыл-аракетин сылык мааниде туюндуруу үчүн колдонулуп калат.Мындай учурда анын сылыктык мааниси контекстен белгилүү болуп турат.Мисалы,Кечээки чогулушка катыштыңар бы?(Кечээки чогулушка катыштыңызбы? деген мааниде).Бул ишке өзүңөр күнөлүүсүңөр(Бул ишке өзүңүз күнөөлүсүз деген мааниде).

1,2 жактын мүчөлөрү адамдарга карата гана колдонулат(мен иштеймин,сен бардың,мен чабанмын,силер ударниксиңер)

Ушуну менен бирге,2 жак жекелик түрүнүн -сың мүчөсү жана 3жактын 3 мүчөсү айрым учурларда кыймыл-аракеттин конкреттүү экинчи же үчүнчү жакка тиешелүүлүгүн эмес, жалпыланган бардык жакка(үч жакка тең)бирдей тиешелүү экендигин билдирет. Мындай маани көбүнчө макалдакаптар үчүн мүнөздүү.Мисалы:Саргара жортсоң,кызара бөртөсүң. Эмгектен арыктасаң,түшүмүнө семиресиң.Жаш кадырын карыганда билет. Көрө-көрө кесем болот,сүйлөй-сүйлөй чечен болот.

ЫҢГАЙ КАТЕГОРИЯСЫ

Кыймыл-аракеттин иш жүзүнө өтөлүшү, чындыкка ашырылышы же ашырылбасы сүйлөөчүнүн чындыкка карата жасалган мамилесине, түшүнүгүнө байланыштуу болот. Ошондуктан, андагы аракет-кыймыл чыныгы чындыкты туура чагылдыра албайт. Кыймыл-аракеттин мына ушундай түрүн грамматикада этиштин ыңгай категориясы уюштурат. Бул категория аркылуу берилген аракет-кыймыл сүйлөөчүнүн чындыкка карата болгон мамилесине жараша ар түркүн болот. Мисалы, анын (субъектин) буйругун, ниетин, каалоосун, сунушун, шартын ж.б. ар түрдүү мамилесин билдирет. Ыңгайдын мына ушуга окшогон мамилелерин ар түрдүү морфологиялык формалар уюштурат: -ды, -ган, -айын, -гын, -гыла, -сын, -гай, -мак ж.б. Боло турган же болуп жаткан аракет-кыймыл сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосунда болгондуктан, ыңгай категориясын жогоруда көрсөткөн мүчөлөр гана уюштурат деп түшүнүүгө болбойт, себеби сүйлөөчүнүн (I-жактын) тыңдоочуга (2- же 3-жакка) кайрылгандагы мамилеси, жасаган аракети үч жактын бирине таандык болуп айтылышын талап кылат. Ошондуктан, ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр жак мүчөлөр менен бирге айтылып келип, ыңгай категориясынын толук формасын түзө алат. Мисалы: баламдын көздеген максаты орундагай эле деген сүйлөмдө -гай + эле менен бирге айтылып келгенде гана, ушул ойду, тилекти билдирет. Мунсуз бул каалоо ыңгайдын грамматикалык формасын жана анын маанисин берүү мүмкүн эмес.

Бирок баары бирдей жак мүчөлөрдү кабыл албайт. Мисалы, буйрук ыңгай жак мүчөлөр менен айкашпайт. Себеби мунун экинчи жагы ар башка мүчөлөр аркылуу уюштурулат.

Ошондой эле жекелик сан да биринчи жак менен гана айтылуучу, каалоо ыңгайдын мүчөсү, -айын жак мүчөлөр менен айкашпайт: мен барайын. Ыңгай категорияларын уюштуруучу мүчөлөр өзүнүн негизги

грамматикалык маанилеринен башка, ар түрдүү модалдык (көп маанилүүлүк) мааниде колдонулат. Мындай көрүнүш булардын жаратылышы менен бирге бүткөндөй.

Кошо уюшулган модалдуулук бардык формаларда бирдей эмес: биринде ачык сезилсе, экинчисинде күңүрт сезилет. Ошондуктан буга окшогон формалардын семантика-грамматикалык тармактарга таралып бөлүнгөн маанилерин, оттенокторун кээде ажыратыш өтө кыйын. Мисалы, -гын формасынын маанисине караганда, -мак формасынын мааниси күңүрт, ачык эмес. -гын адатта ойдун кескин түрде, чечкиндүү айтылганын билдирсе, -мак болжолдоп айтылган ойдун түрдүү кырдаалын (бүдөмүгүн, күмөндүгүн) ж.б. модалдык оттенокторун ичине камтыйт. Ошондуктан, айрым учурда кайсы мааниде колдонуп жатканына чек коюп, белгилөө кыйын.

Ынгай категориялары өз ара морфологиялык жана синтаксистик (синтетика-аналитикалык) жол менен байланышат.

Ынгай категориясын уюштуруучу мүчөлөр этиштин жак мүчөлөрү менен бирге айкалышып келип, синтетикалык байланышты түзөт. Мисалы: Жамандык-жакшылыгыма чыдаган эки-үч түбөлүк дос тутсам (шарт ынгай -са+ым, I-жак мүчө), байыганым ошол (Ш.Бейшеналиев). Айылдын бери жагындагы өзүбүздүн суу алгычка токтоп, төөнү чөгөрүп, сууга жууна баштадык (-ды+к - жактык көптүктү көрсөтүүчү + к).

Аналитикалык байланышты экен, эле, керек да, бар, жок, эмес, тургай, турмак, турсун, түгүл ж.б. алдында турган сөздөр менен ыкташып келип, бир тизмек түзөт. Мисалы, Бул жердегилер тим эле жер-суусун бере коймок беле (Жусуп). Эгер сен болбосоң, биер түшүмө да кирмекчи эмес. Ооматына тың болсоң эле болду.

Ынгай категорияларынын ичинен -мак мүчөсү кыргыз тилинде эки башка, кыймыл атоочтук жана ынгайлык милдетти аткарат:

Ыңгайлык мааниде -мак -макчы жак мүчөлөр, ар түрдүү жардамчы сөздөр менен айкашып да, айкашпай да келип баяндоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Арстандыкы - жалкы, жалкы болмок - кимдин наркы? салыштырыңыз: Алмазбек бүгүн үйдүн чатырын оңдомок. Алмазбек үйдүн чатырын оңдомок болду (же оңдомок эле).

-мак -макчы таандык, жөндөмө жана айрым учурларда жандооч-тор менен айкашканда, кыймыл атоочтук мааниде колдонулат.

Мисалы. Өкүм болмок өзүңдөн,
Сылык болмок сөзүңдөн.
Эр эшиги тоң темир,
Эритмекке эр керек.

Баатыр болмок маңдайдан,
Чечен болмок таңдайдан.

Мындан аракет-кыймылдын, фактынын жайын, ал-абалын гана түшүнөбүз.

Ыңгай категориясын уюштуруучу мүчөлөр, тилдин башка грамматикалык каражаттары сыяктуу эле, байыркы түрк тилдеринин эстеликтеринде кандай кызмат аткарып келсе, азыр да, негизинен, ошондой тийиштүү функцияларын аткарууда.

Ошондой эле бир нече доордун продуктусу катары кылымдар бою тилдин грамматикалык функцияларын тейлеп келе жаткандыктан, булар фонетикалык өзгөрүүлөргө дуушар болбой көё алган эмес. Мисалы, сар са, гы+сы+ын сын, мак бак пак.

Жыйынтыктап айтканда, ыңгай категориялары жогоруда көрсөтүлгөн грамматикалык форма аркылуу жасалып, ыңгайлык мааниде колдонуу менен бирге, модалдык мааниде колдонулат да, этиштин башка грамматикалык формаларынан айырмаланып турат.

Сүйлөөчү тараптан белгиленген кыймыл-аракет же сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы мамиле түрдүүчө болушуна байланыштуу, кыргыз

тилиндеги ыңгай категорияларын төмөнкү топко бөлүп карайбыз:

1) баяндагыч ыңгай
2) буйрук ыңгай
3) шарттуу ыңгай
4) каалоо ыңгай
5) ниет ыңгай

Баяндагыч ыңгай

Баяндагыч ыңгай кыймыл-аракеттин жүзөгө ашырылышын белгилүү бир учурга тушташ кылып көрсетүү менен мүнөздөлөт. Баяндагыч ыңгай этиштин башка ыңгайларынан маниси боюнча ушул белгиси менен айырмаланат. Бул ыңгай кыймыл-аракеттин болуп өткөнүн, азыркы учурда болуп жатканын же келечекте болорун баяндайт да, этиштин чак категориясын уюштурат. Грамматикада бул категория учур чак, өткөн чак, келер чак болуп үчкө бөлүнүп каралат. булардын ар бири өзүнө мүнөздүү, туруктуу мүчөлөргө ээ: Майпаңдаган каздар жаңы чыккан назик чөптөрдү терип, кээде көрбөндүн төөлөрүндөй ээрчишип, арыктан арыкка барып, оттоп жүрүшөт. Өрдөктөр жалпак жаргак таман-дары менен майда сууларды эшкилеп, узун моюндары менен көздөрүн ирмебестен, суунун түбүнө чүмкүшөт (А.Токомбаев). Келтирилген мисал-дарда кыймыл-аракеттин азыркы мезгилде болуп жатканы баяндалган. Бирок сүйлөмдө учур чак чакчылдар формасындагы компонентке жак мүчөлүү жардамчы этиштин айкалышы аркылуу, экинчисинде -а мүчөсү аркылуу берилген.

Баяндагыч ыңгайды булардан башка -ды, -ган, -ыптыр, -чы, ж.б. мүчөлөр уюштурат (караңыз: Чак категориясы).

Буйрук ыңгай

Этиштин бул ыңгайы сүйлөөчүнүн тыңдоочуга же тыңдоочу аркылуу

үчүнчү жакка карата буйруу иретинде жасаган мамилени баяндайт. Буйрук ыңгайды этиштин негизги формасы уюштурат, морфологиялык жагынан ал сөз тубаса же туунду этиштерден болушу мүмкүн: оку - тубаса этиш, буйрук ыңгайдын экинчи жагы; иштесин - туунду этиш, буйрук ыңгайдын үчүнчү жагы.

Бул ыңгай ыңгайдын башка түрлөрүнөн (шарт, каалоо, ниет ж.б.) биринчи жакка карата айтылбасы менен, жана жак мүчөлөрдү кабыл албасы менен айырмаланат, буларда жактык маани грамматикалык үч жактын бири аркылуу аныкталат: баргын - буйрук ыңгайдын 2-жагынын жекелик түрү. Буйрук ыңгайдын ушундай жол менен жасалышы азыркы түрк тилдеринин бардыгына мүнөздүү.

Жакка карата буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр төмөнкүлөр:

I. Буйруктун экинчи жак жекелик одоно түрү эки башка формада берилет:

а) этиштин тубаса формалары буйрук ыңгайдын милдетин аткарат: оку, жаз, бол, бүт ж.б.

б) этишке -гын мүчөсүнүн жалганышы аркылуу бул мүчө -гын -кын формасында жекелик одоно түрүндө гана (фонетикалык варианттары менен колдонулат; бар-гын, кел-гин, бөл-гүн, кат-кын, кет-кин, бүт-күн (көптүк санда айтылбайт).

2. 2-жагынын көптүк одоно түрү -гыла мүчөсү аркылуу (фонетикалык варианттары менен) берилет: бар-гыла, кел-гиле, ото-гула, бүтө-гүлө.

3. 2-жагынын жекелик сылык формасы -ыңыз мүчөсү аркылуу (фонетикалык варианттары менен) уюштурулат: бар+ыңыз, кел-иңиз, отур-уңуз, өт-үңүз ж.б. Уңгунун аягы үндүүлөр менен бүткөндө, мүчөнүн башындагы куушу үндүүлөр, фонетикалык законго ылайык, сыйлыгышып айтылат: жаша+ыңыз - жашаңыз, кетпе-ңиз, оку-ңуз, жөлө-ңүз ж.б.

4. 2-жактын көптүк сылык түрү - -ыңыз-дар (-ыңыз+лар) мүчөсү аркылуу уюштурулат: бар+ыңыз+дар.

5. Буйрук ыңгайдын 3-жагынын жекелик саны -сын, көптүк түрүн -ышсын (-ыш+сын) мүчөлөрү (фонетикалык варианттары менен) уюштурат: бар-сын, кел-син, ото-сун, ет-сүн, барышсын, келишсин ж.б.

Тарыхый жагынан алып караганда, -гын жана -гыла мүчөлөрүнүн чыгышы ачык эмес, булардын ичинен кийинкиси өз ара -гы+ла элементтеринен куралган болушу мүмкүн. Башкача айтканда, -гыла (гы(н)+лар) мүчөлөрдүн биригип куралышынан пайда болгон болуу керек.

2-жактын сылык түрү -ыңыз ың+ыз деген эки элементтен турат. Байыркы түрк тилдеринде бул форма жекелик, көптүк сандын сылыктык маанисинин милдетин бирдей даражада аткарган. Кийин өнүгүү процессинде -ың менен -ыз колдонулушуна айрым тилдерде чек коюлган. Мисалы, -ың азыркы өзбек тилинде жекелик сылык мааниде бир адамга кайрылганда колдонулса, -ыңыз көпчүлүккө кайрылганда колдонулат.

Мисалы: келиң, алың. Мындай көрүнүш кыргыз тилинин түштүк диалектисинде да кездешет: суу алып келиң ж.б. Бирок кыргыздын адабий тилинде келиңиз, алыңыз. Ушул түрүндө жекелик, сылык мааниде колдонулат. Көптүк сылык формасы -ыңыздар: бар-ыңыздар, кели-ңиздер, отоңуздар, етүңүздөр ж.б.

Азербайжан тилинде -ың, -ык формасында кездешип, жекелик сылыктыктын милдетин аткарат.

3-жакты уюштуруучу -сын мүчөсүнүн пайда болушу жөнүндө да бирдиктүү пикир жок.

Этиш сөздөр айкашкан буйрук ыңгайдын мүчөлөрү төмөнкүдөй грамматикалык мааниде колдонулат.

1) Этиштин тубаса формасынан жасалган 2-жактын жекелик, одоно түрү, негизинен, сүйлөөчүнүн тыңдоочуга карата айтылган буйругун, өкүмүн билдирет (оң, терс формасында): Менин жаныма кел, кел дегенде кел. Келсең да күң кылам, качсаң да күң кылам. Ушуну ук, чатаксыз кайт (А.Токомбаев). Жарабаган сөздү сүйлөбө, эч кимге айтпа.

Тыңша, аалам,
Тыңша, Шаңкай
Тыңша, Париж,
Кулак сал!
Ук, жер жүзү
Ук дүйне,
Таңыркан! (Ж.Турусбеков).

Салыштырыңыз: Терең болсоң, келдей бол! Баатыр болсоң томкоруп, каптап кирген селдей бол! (А.Токтомушев). Мындагы буйрук жогорудагыдай нагыз өкүмдүк мааниде эмес, салыштыруу мааниде.

2) Буйрук катарында айтылуучу этиштерге -чы мүчесү жалганса, өтүнүч, сурануу иретиндеги кошумча маанини билдирет. Кошумча бул маани буйрук этиш кайсы жакка карата айтылбасын, бардыгында сакталат. Боромбайды чакырып келчи, Жүрчү, Искендер, кеч кире электе кетели. Жарабаган сөздү сүйлөбөчү.

3) Буйрук маанидеги этишке -гын мүчесү жалганып да (2-жактын жекелик сөөно түрү) буйруктун чечкиндүүлүгүн билдирет: Бас үйге, баскын. Ат, таамай аткын. Ант берип туруп, анан айткын, Жеңе, тезинен жеңегүн.

4) -гын сүйлемдүн жалпы кырдаалына (контекстке) жана интонацияга карап, буйруктан башка модалдык мааниде да колдонулат: Ой байкеси, тездете кергүн (шаштыруу). Ая мени, ойлон селки, чана кербегүн (өтүнүп сурануу, жалбаруу). Менин айткан акылымды жаман кербегүн, койгун, жаман адатыңды таштагын, акылдуу болгон! (кеңеш берүү). Калп айтып жүрбегүн! Убалга калып жүрбегүн! (эскертүү, күмөндүк маанисинде). Өрүшүң колго батпаган, өрнектүү болгун, жаш чабан! (каалоо маанисиндеги чакырык).

-гын мүчесү кыргыз тилинде буйрук жана модалдык мааниде колдонулушу менен башка түрк тилдеринен айырмаланат.

5) -гын формасына -ың жалганганда, буйруктук маани күчөтүлүп көрсөтүлөт: Сен сөзсүз баргының, барбасаң болбойт. Эч жакка кетпегиниң ж.б. Бул форма түркмөн тилинде да кездешет: гөргүнүң, болгуңуң ж.б.

Буйрук сылык түрүндө да айтылат. Муну 2-жактын жекелик, көптүк түрүндөгү (-ыңыз, -ыңыздар) мүчөлөр аткарат: Келиңиз, төргө өтүңүз. Саламатта болуңуздар, жакшы барыңыздар ж.б.

Мындан тышкары, аталган формалар контекстке жана интонацияга байланыштуу сүйлөөчү тарабынан айтылган өтүнүчтү да билдирип калышы мүмкүн: Көңүл буруңуздар, Фрунзеден сүйлөйбүз. Нандан алыңыз, тамакка караңыздар ж.б.

I) Буйрук ынгайдын жекелик одоно түрү (мисалы, жаз) кандай мааниде колдонулса, мунун көптүк одоно түрүнүн I-жагын уюштуруучу -гыла ошондой эле мааниде колдонулат, сүйлөөчүнүн жеке бир адамга эмес, көпчүлүккө кайрылганын билдирет. Баарыңар айылдан чыгып, кашаттын үстүнө чогулгула, азыр тамаша башталат. Ат токугула, бардыгыңар мени ээрчигиле. Токтогулду тапкыла. Бул маселени колхозчулардын чогулушуна койгула. Ишиңерди бүткүлө да, үйүңөргө тарагыла ж.б.

2) -гыла формасындагы буйрук этиштер сүйлөмдүн контекстине карата кээде кааloo иретиндеги өтүнүчтү да билдирип калган учуру болот:

Катарынан кайып учкан жылдыздай,
Бир заматта өчөрүндү билбегем...
Жашагыла, өлбегүлө энелер,
Жашагыла бул заманда гүлдөсөм!
(Ж.Абдыкалыков).

3) Бул мүчө жалганган сөздөр ураан, чакырык маанисинде да колдонулат: СССР эмгекчилери, КПССтин XXIУ сьездинин чечимдерин

турмушка ашыруу үчүн, бүткүл элдик патриоттук кыймылдын алдыңкы катарларында, массанын активдүү уюштуруучулары жана тарбиялоочулары болгула! Агартуу кызматкерлери, элге билим берүүнүн жана өсүп келе жаткан жаш муундарга коммунисттик тарбия берүүнү өркүндөткүлө! (биринчи май чакырыгынан). Грипптин таралып кетпеси үчүн, өздүк гигиенанын эрежесин сактагыла! (медициналык баракчадан). Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле! Жүргүлө, көлгө кайталык! (чакырык, өтүнүү мааниси).

4) Ошондой эле -гыла+чы мүчөсү менен айкашып келип түрдүү модалдык мааниде колдонулат: Андай жаман кеп айтпагылачы! (өтүнүү). Экөөң тең азыркы адамдын реалист адамдарынан болгулачы! (каалоо). Түштөнүп алгылачы! (өтүнүп сурануу).

Буйрук ыңгайдын 3-жагынын жекелик, көптүк түрү -сын, -ышсын да, жогоруда көрсөтүлгөн формалары сыяктуу төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

I) сүйлөөчүнүн тыңдоочуга карата айткан буйругун билдирет: Бар, агаңа айт, өзү келсин, өздөрү ушул үйгө келишсин! (Т.Сыдыкбеков). Кол куушуруп алдыма түшсүн! (К.Кашимов). Мынчалык эңсеп чакырткан соң, сөздү өзү улантсын! Өздөрү милдеттүү түрдө катышсын! (Ш.Бейшеналиев).

2) Сүйлөөчүнүн алкыш, сунуш катары айткан ниетин, тилегин, каалоосун ж.б. билдирет: Кош, жолуңар шыдыр болсун! Ак жолуң ачылсын! Өркөнүң өссүн, өмүрүң узун болсун! В.И.Лениндин ысмы жана иши кылымдар бою жашай берсин! Ак батамды бердим, көңүлүң агарып кетсин! Пейлибиз да, эмгегибиз да бири-бирибизге ак болсун! болсун. Баланын баары ушул сенин баландай болсун! Жаман-жакшы ичиңерде болсун! (К.Каимов).

Куттуу болсун,

Сегизинчи мартыңыз.

Орундалсын,

Ойлоп жүргөн шартыбыз (Жусуп Турусбеков).

Туугандар, саат түнкү бешке жакындаптыр, меймандар эс алышсын! макул алар укташсын! (К.Каимов).

3) -сын менен айкашкан этиштер күчтүү сезим менен айтылса, ураан, чакырык мааниде колдонулат: XXIУ сьезддин материалдары массага таркатылсын! Жашасын партия менен элдин бузулбас улуу биримдиги! Жашасын Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 54-жылдыгы!

4) мындан тышкары -сын төмөнкүдөй мааниде да колдонулушу мүмкүн: жоругуң жолдо калсын! кантип ушундай болсун?! жолуң болсун, Бурмаш! (жактырбоо); Ук, Санта бири жалган болсо, түн урсун, ант урсун! (каргануу); сени төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун! (каргыш).

5) Аталган формалар (-сын, -ышсын) жогоруда көрсөтүлгөн маанилерден башка, этиштин терс формасы -ба менен айкашып келгенде, сүйлөмдүн кырдаалына, интонациясына карай, буйруу мүнөзүндөгү маанини берүү менен бирге, өтүнүп сурануу, өкүнүү, алдын ала эскертүү, күнөм саноо, каргыш ж.б. ушуга окшогон модалдык оттенокторду да бериши мүмкүн. Коюдуучу маселелериңдин суроолору эки баректан ашпасын! (буйруу), салыштырыңыз: өткөн күн, өчкөн от кайра жанбасын! (тилек, ниет же тилек мүнөздөгү буйруу). Балким, таалайым ачылганы турбасын?! (үмүттөнүү). Акырын чертиңиз киши укпасын! (өтүнүп суроо). Бир да жан укпасын! (өтүнүп буйруу). Кеп жебеген адамга ишиң түшкүлүк кылбасын, өмүрү адамды сүйбөй өткүлүк кылбасын (өкүнүү) (Н. Байтемиров). Мени издеп келип калышпасын! (алдын ала эскертүү), балким мени сынап жүрбөсүн! (күмөндүк), өркөнүң өспөсүн, күлүң додо болбосун, Эгерим эки болбосун! (каргыш) ж.б.

Ошондой эле -сын терс маанидеги этиш сөздөргө (-басын) айкашканда, буйруктук маанини эмес, жайынча гана айтылган түшүнүктү билдирип каларын төмөнкү мисалдардан байкоого болот: келсин-келбесин айтып кой. Тамашаны ким сүйбөсүн.

6) Оң жана терс маанидеги этиштерге айкашкан -сын, -ышсын мүчөлөрү -чы морфемасы менен да айкашып келип, түрдүү модалдык мааниде колдонулат: Менден уруксатсыз алып көрсүнчү, сени сыйлашпасынчы... кетип калам (кекетүү). Ыйласынчы, карышкырга берип жиберем (коркутуу); мейли барсынчы, жесинчи, тим эле койчу (өтүнүп сурануу). Жыйынтыктап айтканда, буйрук ыңгайды уюштуруучу жогоруда көрсөтүлгөн мүчөлөр жалганган этиштери менен бирдикте келип, негизинен, буйруктук мааниде колдонуу менен бирге, сүйлөмдүн кырдалына, интонациясына айкашкан этиш сөздүн семантикасына карай, ар түрдүү модалдык маанилер да колдонулат.

Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн жакталыш схемасы:

	жекелик саны:	көптүк саны:
а)	этиштик негиз аркылуу	а) -гыла, -гиле, -гула, -гүлө (-кыла -киле -кула -күлө)
2-ж.:	б) -гын, -гин, -гун, -гүн	б) -гын мүчөсү жалганган буйрук этиштер көптүк санда айтылбайт.
	в) -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз (-ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз)	в) -ыңыздар, -иңиздер, -уңуздар, -үңүздөр. (-ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр)
3-ж.:	-сын, -син, -сун, -сүн	-ышсын, -ишсин, -ушсун, -үшсүн (-шсын, -шсин, -шсун,-шсүн).

Буйрук ыңгайдын 3-жагы сылык формада айтылбайт.

Шарттуу ыңгай

Аракет-кыймылдын иш жүзүнө ашырылышы үчүн шарт болуп түшкөн этиштер шарттуу ыңгай деп аталат. Шарттуу ыңгай этишке -са мүчөсү айкашып түзүлөт, мында мүчөнүн башкы үнсүз тыбышы өзгөрбөстөн, үндүү тыбыштары гана өзгөрүп -са, -се, -сө, -со формасында

колдонулат. Бул мүчөнүн байыркы жазма эстеликтериндеги толук формасы -сар. Азыркы тилдерде бул мүчө аяккы р тыбышын түшүрүп сактанган: тодсор - тойсо ж. б.

Айкашкан сөздөрүнүн семантикасына карай,-са сүйлөм тизмегинде төмөнкүдөй маанини берет:

I) -са багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда кездешкенде, эгер, эгерде деген шарттуу байламталар менен бирге тизмектешип да, тизмектешбей да шарттык маанини билдирет: Эгер макул болсоң, айтам. Мени бирөө шылдыңдаса, кордойм десе, олжолойм десе, ал өзү жаман болот (Т.Сыдыкбеков). Силер өссөңөр, бакыт силердин колуңарда болот (К. Каимов). Бирөөгө бара турган болсоң, айлыңарды кызыл кереге кылып чабам (А.Токомбаев).

2) Мезгилдик мааниде да -са баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү байланыштыруучу баяндоочтун милдетин аткарат да, качан деген суроого жооп болуп түшүп, баш сүйлөмдүн мезгилин, убакыт-ченемин көрсөтөт: Төөнү тиздеп салып, үйгө кирсем, кыз бирдемелерди жыйнап жаткан экен.

3) -са салыштыруу багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда катышып келип, аракет-кыймылдын, окуянын окшоштугун билдирет: Колхоздордо, совхоздордо дан үчүн күрөш кандай жүрсө, төөт үчүн да күрөш как эле ошондой жүрүшү керек (А.Убукеев). Соодагерче сураганча өзүнөн. Ички сырын байкасаңчы көзүнөн (Н.Байтемиров). Биз канчалык акылдуу болсок да, убакыттын кандайча өткөнүн элебей калабыз (К.Каимов).

4) -са карама-каршы татаал багыныңкы сүйлөмдү да уюштурат: Ичтегисине отуруп алсаң, тыштагысы, тыштагысына барсаң, ичтегиси калат (А.Убукеев). Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт. Желмаянды кандай байласам да, болбой бошонуп кете турган болду (А.Токомбаев). Кыялдын дарыясына канчалык аксам да, уйку багындырды (А.Токомбаев).

Атоочтук -ган формасы бол деген этиш менен айкашып да,

карама-каршы багыныңкы сүйлөмдү уюштурат: Окуусуна даярданып жаткан болсо, тоскоолдук кылба

5) - са багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда кайсы жерде, кайда деген суроолорго жооп болуп түшүп, баш сүйлөмдүн аракет-кыймылдын, ордун көрсөтөт: Алтын кайдан чыкса, ошол жерди каз. Сен кайда болсоң, мен да ошол жерде жүрөмүн.

6) Айрым учурда -са мүчөлүү этиш татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, окуянын пайда болгон себебин, аракет-кыймылдын натыйжасын билдирет: Кайнатылбаган суу ичса, ичи ооруйт. Муздак ичсем, тамагым ооруйт. Тамеки тартсам, жөтөлөм.

7) -са бир эле сүйлөмдүн тизмегинде кайталанып колдонуп, эки башка маанини берет: Эгер ылайык десеңер (шарт), сиздин темаңызга жакын алсамбы дедим эле (өтүнүп сураңуу) (Ш.Бейшеналиев).

Жалгыз болсоң - күрч бол!
Көп жанынан түңүлсүн!
Жарды болсоң - кооз бол!
Бай малынан түңүлсүн (мында салыштырма шарт).

-са мүчөлүү этиштер жогоруда көрсөткөндөрдөн башка ар түрдүү кырдаалдагы модалдык оттенокторду берүүдө да колдонулат, мындай учурда шарттык маани берилбейт:

I) жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда сүйлөөчүнүн тилеген тилегин, көздөгөн максатын, каалоосун билдирет: Окуумду бүтсөм. Ак пейилдик менен иштесек. Бизди окуткан өкмөттүн милдетинен кутулсак, Ошону көрсөк, уксак, ээ агай. Кымбаттуу Талас жеримди кылчайып көрсөм, арман жок (К.Каимов). Окусам, диплом алсам. Жоо жеңилсе, согуш бүтсө, үйгө аман кайтсак (тилек, максат).

2) каалоо мааниси -са формасы жалганган этиштин кайталанышы аркылуу да берилет. Мындай учурда татаал этиштин кийинки компоненти 3-жактын биринде болот: келсе келет, кетсе кетет,турса турат,

жатса жатат (салыштыр: алсам алыптырмын).

3) -са мүчөсү -чы, -бы, бол, эле, керек сыяктуу грамматикалык каражаттар менен айкашып келип да, төмөнкүдөй модалдык кошумча маанилерди билдирет:

I) Сүйлөөчү өзүнө же угуучуга кеңеш салганда, же суроо койгондо, этиш -са+бб формасын кабыл алат: Ал жөнүндө ойлогон оюмду, ага айтсамбы же айтпасамбы? сен айтчы, барсамбы, барбасамбы?

2) Ойлогон ойдун чечилгендиги, мүмкүндүгү көрсөтүлгөндө этиш сөз -са+бол формасында колдонулат: Эртең эрте жарыкта барсак болот. Келсе болот.

3) Өтүнүү-сурануу, өкүнүү маанисин билдирүү керектелгенде этиш -са+чы формасында айтылат: Сени ырчы, чертмекчи деп уктум. Кана, өнөрүңдү көрсөтчү? Ишиңерди аткара албасамчы? Жанжигитке айтсаңарчы, кечикбей жүрсүн.

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз кубарбас болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге койбос болсочу.

4) -са+керек формасында айкашканда, окуянын күнөмдуулугун билгизет: Анда мен жаш болсом керек. Балалык адат болсо керек. Жаныңа батса керек (болжол).

5) -са мүчөлүү этиш 3-жакка карата айтылдуучу -сын формасындагы этиш менен тутумдаш айтылганда, кыймыл-аракеттин иштелишине жол берилгендик көрсөтүлөт: окуса окусун, барса барсын.

I) -са+де (деген дейт, дейм) формалары менен айкашып да, тилекти, ниетти билдирет: Жөн эле барып, Ысык-Көлдүн абасын жутсам дегем деген дейт дейм (тилек). Экөөңдү киного чакырсам дейт дейм (ниет).

2) Жогорудагыдай тилектик маани багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумунда да кездешет:

Адырдан үзүп алганым
Ачылган жыпар гүл болсо.
Алтындай болгон өмүргө
Ар дайым бейкут күн болсо.

Ушул эле маанини -са+экен деген айкалыш аркылуу да берүүгө болот:

Эрик таңы
Супа салбай жарк этип,
Европада, Кытайда да атса экен!
Көңтөрүштүн
Кызыл туусу кылкылдап,
Дагы, дагы
Жердин жүзүн басса экен!
Дүйнө жүзүн
Коммунизм жеңди деп,
Кары тарых
өз бетине жазса экен!
Жазса экен тарых
жазса экен,
Атса экен таң
атса экен! (Ж.Турусбеков).

Шарттуу ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн жакталыш схемасы.

Жекелик саны:

I-жак: -са+м окусам, бүтсөм.

2-ж.: одоно түрү: -са+ң - окусаң.
сылык түрү: -са+зың - окусаңыз.

3-ж.: -са - окуса, бүтсө.

Көптүк саны:

I-жак: -са+к - бааласак.

2-ж.: -са+ң-ар - бааласаңар.
-са+ңыз-дар - бааласаңыздар.

3-ж.: -ыш+са - баалашса, бүтүшсө.

Каалоо ыңгай

Сүйлөөчүнүн башкаларга каалаган каалоосу (оң же терс мааниде) ар түркүн, ар башка боло тургандыгына байланыштуу, аны уюштуруучу мүчөлөр да ар башка.

Каалоонун ушундай ар түрдүү маанилерин каалоо ыңгайдын төмөнкү формалары уюштурат:

I) -айын -йын жана -алы -айлы(к). Бул мүчөдөр I-жактын жекелик жана көптүк түрүнө карата айтылат: бар-айын, кет-ейин, ор-ойун (-оюн), бүт-өйүн; сапта-йын, иште-йин, корголо-ойун (-оюн), жөнө-йүн; бар-алы, сана-йлы (диалекте бар - айлы), кет-ели, ор-олу, бүт-өлү ж.б.

2) -гай+эле+жак мүчө: бар-гай-эле-м, бар-гай-эле-ң, бар-гай-эле.

3) -гы+жак мүчөлөр + келет, келди, бар, жок; бар-гы(ы) м+келет же келди; бер-ги-м-жок, ал-гы-м-бар.

Бул мүчөлөр төмөндөгүчө мүнөздөлөт:

I) -айын формасындагы этиштер сүйлөөчүнүн иштей турган иши жөнүндөгү фор чечимин жана ошону аткаруу үчүн болгон каалоосун, өтүнүчүн билдирет: - сен атка мин, мен жөө басайын - деди Шайыр (К.Каимов). Аттын башын сиз жетелеңиз, сокону мен кармайын. Азимов-го сөзсүз учурайын, анан министерствого барайын. Сүйгөн дайрам (дарыям) Ак-Буура, сенде сырлар бар тура, маектешип кетейин, көк чай ичип отура (А.Досбаев).

2) Жалпы сүйлөмдүн кырдаалына, айкашкан сөздөрдүн семантикасына жараша төмөнкүдөй ар түрдүү модалдык да мааниде колдонулат: Мага бериңиз, чыгарбаган эмени көрөйүн (кекетүү). Сизге ишенип талаада калып жүрбөйүн (күмөн). Артында тукум болор туягың жок, кантейин. Кантейин, ушундай тоң мойндугуң жаман. Күйдүм гана күйдүм ай, күйдүм чок, күйөйүн десем, түтүн жок, жүрөгүмдүн ой

башында, кантейин ай, жүгөрүдөй бүтүн жок! (өкүнүү). Айтканымды аткарбасам, мен мен болбой эле калайын! (каргыш). Нураимден башка келинди көрөйүн деген көзүм жок (жек көрүү). Угасыңбы, сыр айтайын (сурануу).

3) -айын формасындагы этиштер сүйлөмдүн составында де этишинин туунду формалары (деп, десе, дегенсип, деген) менен айкашып келип, шартты, мезгилди, максатты, себепти билдирет: Уулжан дагы бир нерсе чыга калчудай элеңдеп, элечегине араң жетип, кайын сиңдисине кыйкырайын десе, үнү чыкпай теректин түбүнө отуруп калды (мезгил). Өлөйүн десем, жан таттуу, кирейин десем, жер катуу. Чоң үйдөн чыкпайын десе, Седеп жалгыз калат. Издебейин десе, кыз адашып кетеби деп чочулайт (К.Каимов). (шарт). Кат жазайын деп отуруп калдым (максат). Кичине тойчук өткөрөйүн дедим эле (тилек). Өзүнө суроо коюп, жандырмагын Курманов сөөмөйүн көтөрүп, түшүнүктүү чечейин дегенсип, ойлоно калды (себеп). Атайды жөн эле мактайын деп олтурганым жок (себеп-максат). Силерге учурашайын деп келдим (максат). Канчалык унутайын деп, унута албадым (ниеттелген максат).

-айын формасындагы этиштерге -чы мүчөсү жалганганда, өтүнүү, сурануу маанини да бериши мүмкүн: Мунун ким экенин билейинчи деп, коңшусунун кичи аялынын үйүнө кирди. Өтө шашылбайынчы. Квартираңарды бүт кыдырып көрүп чыгайынчы.

Каалоо ыңгайынын биринчи жагынын көптүк түрүн -алы(к) мүчөсү уюштурат. Диалектиде мунун -айлы(к) формасы да кезигет. Булардын ушу формада сакталышы анын -гайлык(к) морфемасынан г тыбышынын кыскарып түшүп калышынан пайда болгон: бар-алы(к), кет-ели(к), диалектиде бар-айлы(к), кет-ейли(к). Мындай форма өзбек тилинде да бар: ез-ай(л)ик ж.б. Тектеш тилдердин байыркы жазма эстеликтеринде биринчи жактын көптүк түрү -алым мүчөсү аркылуу уюштурулган. Салыштырыңыз: бар-алым - бар-алык, кал-алым, кал-алык ж.б. Мындагы м ошол кездеги -мыз мүчөсүнүн кыскарган түрү (I-жактын

көптүк түрү, салыштыр: б. түркчө бар-ды-мыз - бар-ды-к). Тилдин өсүп-өнүгүшүндө -мыз колдонулуудан чыгып, анын ордуна -к пайдаланылып калган.

Аталган мүчө төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

I) Берген мааниси жагынан -алы(к) -айын сыяктуу эле, сүйлөөчүнүн иште аткаруу үчүн жасаган чечимин, ошону аткарууга умтулган каалоосун билдирет: элибиздин маданиятына байланыштуу маселелерди көтөрөлү. Лекцияга бирге баралы, мени күтө тур.

2) Ошондой эле башкаларга кайрылгандагы ниетти, чакырыкты, суроону, өтүнүчтү ж.б. да модалдык маанини билдирет. Мында интонация менен контекстке катыштырылган сөздөрдүн семантикасы чоң роль ойнойт: эмгектин өндүрүмдүүлүгү үчүн күрөшөлүк, жолдоштор (чакырык). Акылдашып көрөлү, кош Искендер, эмнеден баштайлы? (кеңеш иретиндеги суроо). Апа, Салый экөөбүз киного барып келели. Бул типтеги сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылса, өтүнүүнү, сурануунү билдирет:

- Кагылайын, тууганча эле сүйлөшөлү! (сурануу, өтүнүү)

салыштырыңыз:

Ойнойлу,
күлөлүк,
Эмгекти
Сүйөлүк!
Турмушту
Безентип,
Жашайлы
Түбөлүк! (А.Токтомушев) (мында каалоо)

3) -алы(к), айлы(к) жалганган этиштерге -чы мүчөсү айкашып каалоо иретинде айтылган өтүнүчтү билдирет: ...Ошол багыттагы окумуштуулардын алалычы, алып көрөлучу, жүр кетеличи!

Каалоо ыңгайдын бул мүчөсү (-айын, -алы) жекелик, көптүк санда, оң, терс формада I-жакка карата гана айтылат.

-айын, -алы мүчөлөрдүн жакталыш схемасы.

оң, терс формада

бар-айын - бар-ба-йын; -	бар-алы - бар-ба-йлы
отойун (уюн) - отобойун	отойлу - ото-бойлу
(-юн); -	кетели - кетпейли
кетейин - кетпейин;	өтөлү - өтпөйлү.
өтөйүн - өтпөйүн.	

2. Каалоо ыңгайды уюштурууучу грамматикалык экинчи форма -гай. Байыркы түрк жазма эстеликтеринде -гай мүчөсү айкын келер чак мааниде колдонулган: ол маңа келгей - Ал мага келет. Эски түрк жазмаларында - гай мүчөсү мындан тышкары эрти жардамчы этиш менен да айкашып, реалдуу эмес мүмкүндүк жөнүндөгү модалдык маанини билдирген. Азыркы тилдердеги тилектик мааниси ушундан өнүгүп чыккан; Бу йерке нең тегмегей эрти - Бу жерге (өлкөгө) эч кандай жетпегей (тийбегей) эле ж.б.

Азыркы кыргыз тилинде -гай кыймыл-аракеттин аткарылышы жөнүндөгү сүйлөөчүнүн тилегин, ниетин билдирет: Быйыл окуумду бүткөй элем. Сен ишеничти аткаргай элең. Кызым быйыл университетке өткөй эле.

Тилек кылган иш сүйлөөчүнүн эркине байланышпайт, ошондуктан анын аткарылышы күнөм, арсар болот. Бул форманын тилектик, каалоолук маанисине караганда, модалдык мааниси басымдуулук кылат. Ушуга байланыштуу -гай+эле аркылуу берилүүчү этишти -са мүчөсү менен алмаштырууга болот: өткөй эле - өтсө экен, күн жаабагай эле - жаабаса экен ж.б.

Каалоо ыңгайынын бул формасы төмөндөгүчө жакталат:

Жекелик түрү

Оң формасы	Терс формасы
I-жак: мен бар+гай+эле+м	бар+ба+гай+эле+м
2-жак :сен бар-гай эле-ң	бар-ба-гай эле-ң

сиз бар-гай эле+ңиз	бар-ба-гай эле+ңиз
3-ж.: ал бар-гай эле.	бар-ба-гай эле.

Көптүк түрү

Оң формасы	Терс формасы
I-ж.: биз бар+гай+эле+к	бар+ба+гай+эле+к
2-ж.: силер бар-гай эле-дер	бар-ба-гай эле-дер
2-ж.: сиздер бар-гай эле-ңиз-дер	бар-ба-гай эле-ңиз-дер
3-ж.: алар барыш-кай эле	барышпа-гай эле.

3. Каалоо ыңгайы -гы мүчөсү катышкан конструкция аркылуу да берилет. Ыңгайдын бул түрүнүн өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү бар: -гы мүчөлүү этишке үч жактын таандык мүчөлөрү жалганат да, аларга келет этиши кошулуп айтылат. Кыргыз тилинде илик жөндөмөдөгү сөз -гы формалуу этишке жалганган таандык мүчөлөргө карата аныкталат. Ошондуктан анын сүйлөмгө катышы милдет эмес, бирде берилсе, бирде берилбейт: (менин) алгым келет, (сенин) баргың келет, (анын) күлкүсү келет ж.б.

Тарыхый жагынан алганда -гы мүчөсү кыймыл атооч болуп эсептелет, баяндоочу калдык катары бул форманын ушул мааниси бар, жок деген сөздөр менен бүткөн сүйлөмдүк конструкциялардан сезилип турат, бирок азыркы мезгилде бул типтеги конструкция каалоо маанисинде да колдонулат: Бул жерден анын кеткиси жок. Айтса келгиси бар ж. б.

Таандык мүчөлөр жана келет этиши катышкан конструкция морфологиялык көрсөткүчтөр боюнча бир өңчөй эмес. -гы мүчөлүү этишке биринчи эки жактын таандык мүчөлөрү жалганса да, анын соңунан келүүчү этиш дайыма келет формасында колдонулат. Бирок мунун аягындагы -т сырткы түрү боюнча гана 3-жактын жак мүчөсүнө окшогону менен, анын функциясын аткарган жери жок. Мындай конструк-

циянын жагы -гы формасына жалганган таандык мүчөлөр аркылуу эле аныкталат. Ал эми кел-е-т этишинин аягындагы -т болсо байыркы убактагы учур чактын -ыр (фонетикалык варианты менен) формасы жалганып, байланыштыргычтын (связканын) ролун аткаруучу түр-үр этишинин калдыгы кыскарып отуруп, "т" элементи гана калган: келе түрүр келедүр келеди келет. Эрте кезде байланыштыргыч түрүр үч жакка тең таандык болуп колдонулган.

Демек, сөз болуп жаткан конструкция башта мындайча айтылган: алгым келе түрүр алгым келедүр алгым келе-ди алгым келет; алгың келе түрүр алгың келедүр алгың келеди алгың келет. Ушул сыяктуу татаал бир эле конструкцияда азыркыча алганда эки башка жактын мүчөлөрүнүн жалганышы чактык конструкциядан да учурайт, жана составдык элементтери боюнча жогоркулар менен тектеш: мен айтат элем мен айта түрүр эртим.

Каалоо ыңгайынын -гы формасы алдыда боло элек ишти иштөөгө көңүлдөнгөндүктү, каалагандыкты билдирет:

Туугандар, мен боёмо
Активден качкым келет.
Ал жөнүндө билгенимди
Жашырбай силерге ачык
Айткым келет (Шаршен).

Мен большевикмин, мен таза өлгүм келет, силерди ошол таза өлүмгө чакырам! (А.Токомбаев). Карыя, сизден бир нерсе сурап алгым келет. Дүйнөнүн бир жагынан экинчи жагына сенин колуңду кармап алып, чуркагым келет, жашагым келет, жашагым келет! Өзүнөн өзү жылмайып, кубаттанып, көчөгө баскысы, ырдагысы, кимдер болсо да сүйлөшкүсү, өзү да күнгө айлангысы келет (Н.Байтемиров).

Каалоо ыңгайынын -гы формасы бар, жок деген модаль сөздөр менен бирге айтылып да, каалоону, тилекти билдирет: Үйдөн алыс

чыккым жок. Сенин айтайын деген сөзүңдү анын укқусу жок. Сага бир нерсе айткысы бар ж. б.

Кыргыз тилинде -гы жана келет катышкан конструкцияны өзгөрбөй турган нерсе экен деп ойлоого болбойт. Мунун аягындагы -т морфемасынын ордуна суроолуу, тактыч мүчөлөр жана шарттуу ыңгайдын грамматикалык формасынын жалганышы мүмкүн. Бирок бардык учурда каалоолук маанини сактапат:

Кыргыз тилинде таандык мүчөлүү -гы формасындагы этиштердин келет катышкан аналитикалык түрү иштин аткарылышы жөнүндөгү каалоону, ниетти келечек планда көрсетүшү бекеринен эмес.

Байыркы жазма эстеликтерде -гу формасындагы этиштердин аналитикалык түрлөрү ниет же мүмкүндүк планындагы келер чак катарында колдонулган (байыркы түркчө: такы тегү-тегү кергек - дагы де-де керек (дагы айт-айт маанисинде); Азыркы тилдердин көө бирөөндө да, мисалы, өзбек тилинде таандык мүчөлүү этишке жалганган -гу формасы келер чактык маанини билдирет, буга түрүр этишинен кыскарган -дыр мүчөсү бирде жалганса, бирде жалганбай да айтыла берет (Берлинда суд булгусидир - Берлинде суд болот). -гы формасынын эне тилибиздеги ушул мааниси анын байыркы типтеги маанисинен өсүп чыккан, ошону менен бирге компоненттери боюнча бирди-жарым өзгөрүүгө дуушар болгон. Кыргыз тилинде -гы формалуу этишке келет компонентинин кошулушу - кийинки кубулуш.

Каалоо маанисиндеги бул форманын жакталыш схемасы төмөндөгүдөй:

Жекелик санда

Оң формасы	Терс формасы
I-ж. менин ал-гы-м кел-е-т кел-ди	ал-гы-м кел-бе-й-т жок
	ал-гы-ң кел-бе-й-т Iжок
2-ж. сенин ал-гы-ң кел-е-т кел-ди	ал-гы-ңыз кел-бе-й-т жок.

сиздин ал-гы-ңыз кел-е-т I
кел-ди
3-ж. од т. анын ал-гы-сы
кел-е-т кел-ди;

Көптүк санда

Оң формасы	Терс формасы
I-ж. биздин ал-гы-быз-кел-е-т кел-ди	ал-гы-быз кел-бе-й-т жок
	ал-гы-ңар кел-бе-й-т жок
2-ж. од т. силердин ал-гы-ң-ар кел-е-т кел-ди	ал-гы-ң-ыз-дар кел-бе-й-т жок
2-ж. с.т. сиздердин ал-гы-ң-ы-з-дар кел-е-т кел-ди	ал-гы-сы кел-бе-й жок.
3-ж. од т. алардын ал-гы-сы кел-е-т кел-ди	

Ниет ыңгай

Аракет-кыймылдын жүзөгө ашырылышына карата сүйлөөчүнүн ниетин билдирет. Сүйлөөчүнүн ой жоорутқан баамын, болжолун ж.б. мамилелерин белгилөөчү этиштин түрүн ниет ыңгай дейбиз. Ниет ыңгайды уюштуруучу негизги мүчө -мак, -макчы. Бул мүчө жак мүчөлөр менен айкашып келип (жаз+мак+мын -макчы+мын), ниет ыңгайдын толук формасын түзөт. Ниет ыңгайды мындан тышкары аталган мүчөлөргө эле, экен, бол деген жардамчы сөздөр айкашып да уюштурат.

-Мак адатта түп, туунду этиштин буйруу мамиле формаларына айкашат: ал алмак, алдыр - алдырмакмын; өткөр өткөз - өткөрмөк өткөзмөксүң: бошот - бошотмокпуз; коркут - коркутмаксынар; жазыш - жазышмак, жазыл - жазылмаксыздар; жуун - жуунмаксыз ж.б. Сал.: аламак, барсамак, баргаймак (айтылбайт).

Түрк тилдеринде -"мак" этиштин бүтпеген түрүнүн (инфинитивтин) гана милдетин аткарат: Килмок өзбек тилинде буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик түрүнүн милдетин аткарат (инфинитив).

Модалдык мааниде өзбек тилинде учур, келер чактык жана өткөн чактык мааниде эле менен бирге келип айтылат: ёз+мок+чи+ман, ёз+мок+чи+едим элем[1]. Башкыр тилинде -мак инфинитивдик мааниде калдык катары к р к деген сөз менен айкашып келип гана колдонулат. Калган учурда ыңгайлык милдетти аткарат[2]. Түркмен тилинде инфинитивдик, ыңгайлык мааниде -мак -мек формада колдонулат[3]. Азербайжан тилинде бул форма колдонулбайт, -малы -м ли форманын синоними катары кээде колдонулууда учурайт[4].

Кыргыз тилинде -мак баяндагыч ыңгай менен кыймыл+атоочтук мааниде колдонулат: Кең-Кол менен Беш-Таштагы туугандары аны аттан кетерүп түшүшмөк, ити да үрмөк, өзү да чуркап чыкмак. Силер керели кечке иштеп жүрсөңөр, мен үйдө бекер отуруп алганым болмокпу, бекер отуруп эмне кылмакмын кылмакчымын болмок беле (ыңгай, салыштырыңыз: Бар болсо, бакмагы кыйын, жок болсо, тапмагы кыйын. Өлмөк бар, өлмөк жок (кыймыл атооч).

---

[1]А.Н. К о н о н о в. Көрсөтүлгөн эмгектин 260, 278-беттерин караңыз.

[2]Н.К. Д м и т р и е в. --"-- 173- бети.

А.А. Ю л д а ш е в. --"-- 169-бети.

[3]Грамматика туркменского языка, I, 1970, 308, 331-бет.

[4]Н.Г. А г а з а д е. Система глагольных наклонений в современном азербайджанском литературном языке. Баку, 1967, 121.

Жыйынтыктап айтканда, -мак азыркы түрк тилдеринин биринде эки мааниде колдонгон түрүн сактаса (кыргыз, түркмөн); экинчи тилде, негизинен, бир гана маанисинде сакталган (казак, өзбек, түрк, башкыр). Азербайжан тилинде сакталбай калган.

-мак инфинитивдик маанисин кыргыз тилинде сактабаганы менен морфологиялык жагынан модалдык, синтаксистик жагынан кириндi сөз катары колдонуп жүргөн, демек, демекчи, айтмакчы деген сөздөр баса айткандай, эмнеликтен, кандай себептен болгондугун, болууга тийиш дегендей маанисин берип, модалдык мааниде колдонулат.

Мындан тышкары -мак мүчөсү лексикалашкан түрүндө атооч сөздөрдү да жасайт. Мисалы, атоочтон атооч: аргымак, каймак, бармак (уңгу, мүчөгө ажырагыс заттын аты) сал. ал бармак бар+мак.

Кыргыз тилинде омонимдеш эки -мак мүчөсү бар. Бири кыймыл атоочтук мааниде колдонулат, жөндөмөлөр менен жөнделөт: Найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен. Алмактын бермеги бар ж.б. Экинчиси ниет ыңгайдын грамматикалык формасы, буга жак мүчөлөрү жалганат: Мен бармакмын ж.б. Ушул эле мааниде -макчы формасы да колдонулат. Ниет ыңгайлык жагынан -мак менен -макчы мүчөлөрүнүн айырмасы жок, биреөнүн ордуна бирөө жүрө берет: мен алмакмын - мен алмакчымын.

Түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринде -мак абстракттуу зат атоочту жасаган, бул типтеги сөздөр мааниси боюнча кыймыл атоочко жакын болгон (В. түрк. ачмак - курсагы ачуу, ач болуу, ач; сувсамак - суусоо); -чы мүчөсү аркылуу ниеттик пландагы модалдык маани берилген (өлмечи сен - өлмөкчү эмессиң, сөзмө сөзү: өлбөчүсүң; бозагулачы болмыш - үй тууду, сөзмө сөзү: музооломокчу болгон, музооломок маанисинде: бузагула - музооло). Ушу фактылардын негизинде азыркы ниет ыңгай тарыхый жагынан

кыймыл-аракет жөнүндөгү заттанган түшүнүк менен этиштик пландагы пейил түшүү маанисинин кошулушунан өсүп чыккан деп кароого болот. -чы мүчөсүнүн -мак формасындагы этиштерге жалганышы тилдеги кийинки кубулуш.

-мак, -макчы мүчөлөру катышкан ниет ыңгай төмөнкү маанилерде колдонулат:

1. Аракет-кыймылдын жүзөгө ашырылышы жөнүндөгү ниетти билдирет: Жакында Тыныбек атасынын ашын өткөрмөк. Эртедир-кечтир ушундай балээге калтырмак (К.Каимов).

2. Кыймыл-аракеттин аткарылыш мүмкүндүгүн билдирет: Эгерде барган жери чоң өргөө болсо, аттан түшпөй кайра кайтмак. Үнду жоонойто чыгарбай эле жай айтсаң жетмек. Түндүктөн түшмөк болсо, канжарын тулгага кайырмак (К.Каимов). Жогорудагы сүйлөмдөрдө жалпы кырдаалы кыймыл-аракеттин келечекте болорун баяндап тургандыктан, келер чактык маани ачык байкалат. Түшпөй кайра кайтмак. Эгерде ырчы аны мактаса, даңкын элге жайса, ыйманы кубаттанмак. Жогорудагы сүйлөмдөрдө жалпы кырдаалы кыймыл-аракеттин келечекте болорун баяндып тургандыктан, келер чактык маани ачык байкалат.

3. -мак, -макчы формасындагы этиштер экен, эле, бол ж.б. менен айкашып, төмөнкүдөй маанилерди да билдириши мүмкүн: Ушуну көрмөк элең, көрдүң же ушуну укмак экенсиң, уктуң (табалоо). Салыштырыңыз: Ушуну көрмөк экенбиз же ушундай болмок (ырастоо). Ушул жерге чогулмак элек (күнөм). Биримкул турганда эч өзгөрүү болмок эмес, аны жибермек эмес (карама-каршы). Бул жакка бармак эмес белем? (өзүнө өзү суроо коюу) ж. б.

4. -макчы формасындагы этиштерге тургай, турмак, түгүл, турсун деген сөздөр айкашканда, анын маанисин дагы күчөтөт да эмес деген сөздүн маанисин берет: Кайруусун кемитип же

ашырмак түгүл, дабышын басаңдата чертсе да, мукамы өзгөрүлүп, күү касиетинен ажырайт. Алар жумушка чыкмак турмак, бригадир айтмайынча, үйден козголушпайт. Алым анын издегенин таап бермек турсун, өзүн кайыкка мингизгенсип, зымыратып алып жөнөдү. Салышт.: башкыр. алай түгел - андай эмес.

Булар -мактан башка сөздөр менен айкашышы мумкүн: Короодогу кой турмак, коргоол бербейт жети ата (макал). Муну: Короодогу кой эмес..., деп айтса да болот. Ушул кезге дейре кутуп турмак эле, кутмек беле же кутмек эмес. Булар бир-биринин ордуна синоним катары колдонула беришет: Чекеге чертмек түгүл-тургай-турмак-турсун өйдө караган эмес. Ниет ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн жактальш схемасы:

Жекелик саны

Оң формасы	Терс формасы
I-ж. мен жаз-мак мак-чы--мын	жаз-мак мак-чы эмес-мин
	жаз-мак мак-чы эмес-сиң
2-ж. сен жаз-мак мак-чы-сың	жаз-мак мак-чы эмес-сиз
	жаз-мак мак-чы эмес.
сиз жаз-мак мак-чысыз	
3-ж. ал жаз-мак мак-чы.	

Көптүк саны

Оң формасы	Терс формасы
I-ж. биз жаз-мак-чы мак-быз	жазмакчы мак эмеспиз
	жазмак эмес-сиң-ер
2-силер жазмакчы максы-нар	жазмак эмес-сиз-дер
	жазмак эмес.

2-сиздер жазмакчы максыз-
дар
3-ж. алар жазышмакчы
ышмак

-мак мүчөсү эмес, экен, эле, бол менен биригип келип, жакталып айтылышы мүмкүн, бирок практикада сейрек учурайт: мен жазмак эмес экенмин, биз жазмак эмес белек? сен жазмак эмес болчусуң ж. б.

-мак, -макчы формасындагы этиштер экен, эле, бол ж. б. менен айкашып, төмөнкүдөй модалдык маанилерди да билдириши мүмкүн: Ушуну көрмөк элең, көрдүң же ушуну укмак экенсиң, уктуң (табалоо). Салыштырыңыз: Ушуну көрмөк экенбиз же ушундай болмок (ырастоо). Биримкул турганда эч өзгөрүү болмок эмес, аны жибермек эмес (карама-каршы). Бир жакка бармак эмес белем? (өзүнө өзү суроо коюу) ж. б.

ЧАК КАТЕГОРИЯСЫ

Чак категориясы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурга карата болгон мезгилдин катышын билдирет.

Чак категориясы — этишке таандык категория, этиш сөздү башка түркүмдөгү сөздөрдөн айырмалап туруучу негизги категориялардын бири.

Чак категориясы, негизинен, этиштин баяндагыч ыңгайына мүнөздүү. Анткени баяндагыч ыңгай дайыма чындыкта болуп жаткан, боло турган, же болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет. Бул жагынан этиштин чактарын уюштуруучу формалар баяндагыч ыңгайды да уюштуруучу каражаттардан болуп эсептелет, анткени булар аркылуу бир эле учурда чактык да, ыңгайлык да маани туюнтулат. Ал эми ыңгай категориясынын калган түрлөрү кыймыл-аракеттин аткарылышына карата болгон сүйлөөчүнүн буйрук, каалоо, тилек, шарт, ниет сыяктуу жекече мамилесин билдиргендиктен, булар аркылуу чак категориясы менен болгон байланыш жогорудагыдай ачык, так көрсөтүлө бербейт. Бирок мындай ыңгай этиштердин чактык мааниси, адатта, сүйлөм контекстинен белгилүү болуп турат: Жакшы иштесек (шарттуу ыңгай, келер чак), план орундалат. Ушул ызадан көрө мени жазалагыла (буйрук ыңгай, келер чак) (Т.С.). Быйылтан тартып айыл чарбасында иштейин (каалоо ыңгай, келер чак).

Кыргыз тилинде чак категориясынын үч түрү бар. Алар төмөнкүлөр: учур чак, келер чак, өткөн чак.

Кандайдыр бир кыймыл-аракетти мезгилдик жактан мүнөздөө үчүн белгилүү бир учур убакытты эсептөөнүн башталышы деп кабыл алынат.

Грамматикада убакытты эсептөөнүн мындай башталышы болуп сүйлөп жаткан учур эсептелет. Буга карата ал сүйлөп жаткан учурдагы мезгил, сүйлөп жаткан учурдан кийинки мезгил жана сүйлөп жаткан учурдан мурунку мезгил болуп бөлүнөт. Грамматикада сүйлөп жаткан учурга туура келген кыймыл-аракет учур чак аркылуу, сүйлөө мезгилинен кийин боло турган кыймыл-аракет келер чак аркылуу, сүйлөө мезгилине чейин болуп өткөн кыймыл-аракет өткөн чак аркылуу берилет.

УЧУР ЧАК

Этиштин учур чагы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилде болуп жаткандыгын билдирет: Үстү оолган жапыз мешке асылган казанда койдун майы чыркырап эрип жатат (Ш.Б.).

Кыймыл-аракеттин башталышы жана бүтүшү сүйлөө учуруна дайым эле дал келе бербейт. Ошол себептүү этиштин учур чагы билдирген кыймыл-аракет көбүн эсе сүйлөө учуруна чейин эле башталган болуп, сүйлөө мезгилинде да, андан кийин да созула бериши мүмкүн: Анын катарындагы "Терек-Мазарда" насос чыкылдап, пиво сатылып жатат (Т.С.). Эми өзү, ичтен кыңкылдап, өкүнүчтүү ырдап олтурат (Т.С.). демек, учур чак кыймыл-аракеттин сүйлөө учурунда эле башталып жана бүтө каларын билдирбестен, тек гана кыймыл-аракеттин сүйлөө мезгилинде да болуп жаткандыгын туюндурат. Кыскасы, кыймыл-аракеттин ~~моментинин~~ кеп учуруна дал келиши дайыма эле боло бербейт, болсо да, өтө эле чанда учурайт, анткени сүйлөө процесси, адатта, бир аз убакытка гана созулса, кыймыл-аракет бир канча саатка, айрым учурларда бир нече күнгө, айга (Алар чемодо салып жүрүшөт), бир нече жылга (Ош университетинде окуп жатат) созулушу мүмкүн; табигый кубулуштар болсо дайыма болуп келген жана боло бермекчи (Жер өз огунда айланат). Ушул себептүү сүйлөө мезгили жүрүп жаткан иш процессинин белгилүү бир бөлүгүнө гана туура келет. Ушинтип, кыймыл-аракеттин сүйлөө мезгилине туура келиши түрдүүчө мүнөздө болот. Ошого карай этиштин учур чагы да ар түрдүү маанини туюндурат.

Учур чак түзүлүшүнө карай жөнөкөй учур чак, татаал учур чак болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй учур чак

Жөнөкөй учур чак бир үңгү же негизден турган этиш сөзгө тиешелүү мүчөлөрдүн уланып айтылышы аркылуу уюшулат.

1. Этиш сөзгө чакчыл -а (-й) мүчөсүнүн, андан кийин тийиштүү жак уландынын жалганышы аркылуу: Айганыштын үйүндө сыңар бут эркек жок, өңчөй катын-калач отурабыз (Т.С.) (отур+а+быз). Келиндер да, жигиттерден калышпай, курч күрөктөрүн кыртыштуу чымга батыра-батыра сайышат (Т.С.) (сайыш-а-т).

Жөнөкөй учур чактын уюшулушунда негизги роль чакчыл - а, -й

формаларына таандык, себеби чактык маанини негизинен ошол мүчөлөр билдирет. Бирок бул чакчыл мүчөлөрдөн кийин милдеттүү түрдө тийиштүү жак мүчөсү кошулуп айтылат: Ал төрдө отурат. Мен мектепте окуймун. Демек, жөнөкөй учур чакты уюштуруучу грамматикалык каражаттарга чакчыл —а (—й) мүчөсү жана андан кийин жалганып айтылуучу тиешелүү жак мүчө кирет.

Бул формадагы жөнөкөй учур чак негизинен төмөнкүдөй маанини билдирет: 1) Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирет: Алар да, эмне болгонун жакшы түшүнө бербей, Данияръды карашат (Ч.А.). Түрлөрүн көрсөң, көздөрү чырактай жайнап, жүздөрүнөн нур төгүлөт (Ч.А.).

Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгы кээде сүйлөм ичинде келген тигине, мына, карачы деген сыяктуу шилтөө маанисиндеги сөздөр аркылуу да такталып берилиши мүмкүн: Тигине, арык бойлой жарданып, орок күткөн эгиндер сыдырым жүргөн желге ыргалат (Ч.А.). Карачы, мөңгүлүү кыр аркадан төгүлгөн күн, аны билгенсип, мени карай күлүмсүрөп жаркырайт (Ч.А.). Жөнөкөй учур чактын минтип кыймыл-аракеттин кеп жүрүп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирүүчү мааниси көркөм адабий чыгармаларда айлана-чөйрөдөгү көрүнүштү сүрөттөп көрсетүүдө көбүрөөк көздөшет: Нарыкайдагы балдардын арасында Күркүрөө жаны тынбай алдастайт. Тээ артта калган темир жолдо поезддер көпүрөдөн нары өтүп, бери өткөн сайын жаңырык ээрчитип, гудокторду алыска-алыска созолонтот (Ч.А.). Каныбекке түйүндүү сыр айткансып, асман жылдыздары жымыңдайт. Карыптар деп боору ачыгансып, суу боюндагы кырчын талдар боюн теңселтет (К.Ж.).

Айрым учурларда кыймыл-аракеттин башталыш жана бүтүш чеги сүйлөө мезгилинин башталган жана бүткөн учуруна туура келиши да мүмкүн: - Агайындар! "Б..." колхозунун эмгекчилеринин баш кошкон митингисин ачык деп жарыялайбын! Сөз райондон келген уполномочен Калкаев Нуркасымга берилет. (Т.С.) Райондун жетекчилеринин атынан "Б..." колхозунун кишилери, сиздерге, чын жүрөгүмдөн рахмат айтамын! (Т.С.)

Жөнөкөй учур чак жат, отур, тур, жүр деген этиштерге чакчыл —а мүчөсүнүн, андан кийин жак мүчөнүн уланып келиши менен да уюшулат. Мындай учурда бул төрт сөз жардамчы этиштик мааниде эмес, өзүнүн толук лексикалык маанисинде колдонулат да, кыймыл-

аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирет: Анда-санда онтоп, тык-тык жөтөлүп Сансыз жатат (К.Ж.). Эшиктен төргө чейинки эки капшытта өңкөй иргелген офицерлер турушат (Т.К.). Каныбекти көкүрөгүнө кысып, төрдө Ажар отурат (К.Ж.). Жалгыз уулум Касейин казатта жүрөт (Т.С.).

Адатта, аягына чакчыл -а жана жак мүчө уланган отур, тур, жат, жүр деген этиштер жана статикалык маанидеги айрым башка этиштер жатыш жөндөмөдөгү сөз менен бирге айтылса, учур чактык маанини, барыш жөндөмөдөгү сөз менен бирге айтылса, келер чактык маанини берип калат: шаарда турам - шаарга турам; стулда отурам - стулга отурам; керебетте жатам - керебетке жатам; шаарда иштейм - шаарга иштейм, кыштакта жашайм - кыштакка жашайм ж.б. Бул этиштердин минтип эки түрдүү чактык мааниде колдонулушу алардын алдындагы сөзгө жалганган жатыш жана барыш жөндөмө мүчөлөрүнүн маниси менен байланыштуу. Анткени жатыш жөндөмөдөгү сөз кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан учурдагы ордун көрсөтсө (шаарда жашайт), барыштагы сөз кыймыл - аракеттин багыттала турган болочок ордун көрсөтөт (шаарга барам). Ошол себептүү жогорку көрсөтүлгөн этиштер да (жат, жүр, отур, тур, иште, жаша) жатыш жөндөмөдөгү сөз менен байланышта айтылганда, учур чакты, барыштагы сөз менен байланышта айтылганда, келер чакты билдирип калат.

Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирүү — бул жөнөкөй учур чактын негизги маниси. Ушуну менен бирге ал контекстке карай төмөнкүдөй кошумча маанилерди да бере алат:

I). Көпчүлүк учурда кыймыл-аракеттин узак убакыттан бери дайыма болуп келаткандыгын билгизет. Мындай учурда сүйлөм тутумунда көбүнчө кыймыл-аракеттин көптөн бери болуп келе жаткандыгын билдирүүчү мезгилдик маанидеги сөздөр, сөз айкаштары кошулуп айтылат, же болбосо учур чактын мындай маниси жалпы контекстен белгилүү болуп турат: Биз башынан эки үй жаңаша жашайбыз (Ч.А.). Ал дайыма таңдан намазын окуп, устаканага кетет да, күн бата келет (Ч.А.). Биз мамлекеттик маанилүү жайларды кайтарабыз жана өзүбүздө аскердик машыгууларды жүргүзөбүз ("КТ".). Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы мектепте окушат (Н.Б.). Бул сыяктуу кыймыл-аракеттердин айрымдары сүйлөп жаткан мезгилде болбой калышы да мүмкүн, бирок алар дал сүйлөө моментинде болуп жатпаганы менен, жалпы эле үстүбүздөгү учурда болуп жүргөн аракетти билдирет;

2) Бул формадагы учур чак контекстке карата кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилден тартып болуп жаткандыгын, кээде белгилүү бир мезгилден бери дайыма болуп келаткандыгын туюндурат. Бул учурда да, көбүнчө, сүйлөм тутумунда мезгилдик маанидеги сөздөр, сөз айкаштары катышып айтылат: Эл орунга отургандан тартып, Каныбек менен Алым короонун четинде отурушат (К.Ж.). Каныбек баягтан бери Ажарды күтүп, айланасын карайт (К.Ж.). Ботосу өлгөндөн бери төө күнү-түнү боздойт, суу ичпейт, чөп жебейт, муңканып боздогону боздогон (Т.К.).

Ушуну менен бирге, кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгил ичинде такай болуп тургандыгын көрсөтөт: Ал жүктөрдү жыл бою белгиленген жерине ташыйбыз ("КТ".). Кийинки күндөрү ал иштер жөнүндө күнү-түнү ойлоном (Ч.А.). Эки бала чоң эненин бул коңур жумшак дабышын күндө угат,, жүзүндөгү бырышын, касыреттүү ойлуу көзүн күндө көрөт (Т.К.);

3) Кыймыл-аракеттин мезгил-мезгили менен кайталанып тургандыгын билдирет. Мындай учурда да сүйлөм ичинде кыймыл-аракеттин кез-кези менен кайталанып тургандыгын билдирүүчү мезгилдик маанидеги сөздөр кошо айтылат: Чоко кээде мылтыгын колго алып, аң уулоого жөнөйт (К.Ж.). Кез-кез күрөктөрдүн мизи кычыр этип ташка урунат (Т.С.) Алар бирде көздүн кыйыгы менен караса, бирде алдыртан адаа карашат (К.Ж.);

4) Сүйлөп жаткан учурда көз алдыда болуп жаткан кыймыл-аракетти билдирет: Параходдо кеминде беш жүздөй адам бар. Бардыгы тең жээк жакка карашат. Өскөн жер, өстүргөн элге кош айтышып, көбү кыргыздардын ак калпагын булгалашат, көбү кыздын берген жоолуктарын силкишет (Т.С.);

5) Бул формадагы учур чактын айрымдары турмуштук тажрыйбадан алынган түшүнүктү билдирет. Мындай маани көбүнчө макал-лакаптар үчүн мүнөздүү: Ат тойгон жерине качат, азамат туулган жерине шашат. Жаш кадырын карыганда билет. Кутту салганына кубанбайт, алганына кубанат (Макалдар);

6) Кандайдыр бир затка тиешелүү болгон тынымсыз, дайыма болуп туруучу кыймыл-аракетти туюндурат, же белгилүү бир затка мүнөздүү көндүм болгон, ал үчүн адатка айланып кеткен кыймыл-аракетти билдирет: Жер өз огунда айланат. Волга өзүнүн суусун Каспий деңизине куят ("Физикалык география"). Бакалар саздарда

нымдуу токойлордо, сууда жашашат ("Зоология"). Гүлдүү өсүмдүктөр уруктары менен көбөйүшөт ("Ботаника"). 7 Көгүчкөндөр киши жашаган жайларды мекендешет ("Зоология").

Адатта, турмуштук тажрыйбадан алынган түшүнүктү билдирген этиштер, ошондой эле белгилүү бир затка мүнөздүү болгон, же кандайдыр бир затка көнүмүш болуп адаттанып кеткен кыймыл-аракетти туюндуруучу этиштер көпчүлүк учурда сөз болуп жаткан мезгил менен түздөн-түз байланышпай, семантикасы боюнча чактык мааниден тышкары тургандай сезилет. Бирок алардын ички маанисинен, канткен менен да, учур чактык мааниге жакын экендиги ачык байкалып турат: Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт (Макал). Куш учат. Бакалар курт-кумурскалар менен тамактанышат ("Зоология"). Мында этиш сөздөр билдирген кыймыл-аракеттердин аткарылыш чеги сүйлөп жаткан учурдун чегине туура келбеси мүмкүн. Бирок сүйлөмдүн контекстине карата алардын, баары бир, үстүбүздөгү мезгилде болуп жаткандыгы сезилип турат, б.а. учур чактык маанини туюндурат;

7) Кээде жөнөкөй учур чактык формадагы этиш өткөн чактык мааниде да колдонулуп окуяны азыр көз алдыда болуп жаткан сыяктуу сүрөттөйт. Бирок кыймыл-аракеттин жүрүшү үстүбүздөгү мезгилге тиешелүү эмес, ал мурун эле болуп өтүп кеткен болот. Учур чактын өткөн чак маанисинде колдонулушу көркөм адабий чыгарма, жомок, өмүр баян, өткөндө болгон окуя тууралуу кабар берген учурлар үчүн дээрлик мүнөздүү: Кыркымда көрген балама бир жаңы тебетей жасаттырып берейин деп, Сансыз көрпө издейт. Акыры жүрүп Атабекке кабылат. Атабек ара туулуп өлгөн жылбырска кара козунун көрпөсүн берип, Сансыздын тилегин орундатат. Көрпө үчүн кызмат кылып бере турганын Атабек Сансызга кайта-кайта эскертет (К.Ж.). Султан Ибраимов 1927-ж. төрөлгөн. Мектепти бүткөндөн кийин колхоздо иштейт. 1946-ж. Бишкектеги гидромелиоративдик техникумга кирет. Аны 1949-ж. бүтүрүп, чарбада иштейт ("КТ").

Жөнөкөй учур чактын терс формасы этиш сөзгө —ба терс уландысынын, андан кийин чакчыл —й мүчөсү менен тийиштүү жак уландынын жалганышы аркылуу уюшулат, оң формадагы этиш билдирген мааниге карама-каршы келгенин түшүнүктү туюндурат. Салыштыр: жашайт-жашабайт, окуйт-окубайт, келет-келбейт. Эшикке чыгып, эки жакты карасам, эч ким көрүнбөйт (К.Ж.). Эдиин баары билген чындыкты азырынча жалгыз ал гана билбейт (Ч.А.).

2. Этиш сөзгө –-ууда, –оодо мүчөсүнүн жалганып айтылышы аркылуу да жөнөкөй учур чак уюшулат. Бул форма оозеки кепте учурабайт, негизинен, жазма адабий тил үчүн мүнөздүү, маани жактан төмөнкүдөй өзгөчөлүккө ээ:

1) Кыймыл-аракеттин үстүбүздөгү учурда бир канча убактан бери созулуңку түрдө болуп жаткандыгын туюндурат: Айылдагылардын көпчүлүгү чоң ак үйдүн алдына чогулууда (К.Ж.). Алыска Торугарт, Тогуз-Торо аймактарынна эл чарба жүктөрүн ташуудабыз ("КТ".). Аттар салкынданып, үйдү көздөй көңүлдүү жортууда (Ч.А.).

2) Сүйлөмдүн контекстине карата мурунтан эле болуп келе жаткан, азыркы мезгилде да болуп жаткан жана мындан ары да созула бере турган кыймыл-аракетти билдирет: Область уюшулгандан бери Жалал-Абад шаары кулач жайып өсүүдө ("КТ".). Айыл-кыштактарда элге билим берүү ишинин абалы жыл сайын жакшырууда ("КТ".).

Татаал учур чак

Татаал учур чак төмөнкүдөй эки жол аркылуу уюшулат:

1) негизги этиштен кийин чакчыл –ып мүчөсү жалганат да, андан кийин чакчыл –а жана жак мүчөсү кабатталып уланган жат, жүр, отур, тур, деген жардамчы этиштердин бири кошулуп айтылат: жаз+ып жат+а+м, иште+п жүр+ө+сүң, оку+п отур+а+быз;

2) бар, кел деген эки негизги этиштен кийин чакчыл –а мүчөсү жалганып, андан кийин ошол эле –а мүчөсү жана тийиштүү жак мүчөсү жалганган жат деген жардамчы этиш тиркелип айтылат: бар+а жат+а+сыңар, кел+е жат+а+м.

Татаал учур чакта негизги кыймыл аракет биринчи (негизги) компонент аркылуу берилет, экинчи компонент болуп түшкөн жардамчы этиш мааниси жагынан абстракцияланып, негизги компонент менен грамматикалык жактан тыгыз байланышып келип экөө биригип бирдиктүү бир маанини түзөт да, кыймыл—аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын туюндурат.

Татаал учур чактын түзүлүшүнө, негизинен, төмөнкүдөй белгилер мүнөздүү:

1) Компоненттери чакчыл –ып, –а формалары аркылуу бири-бири менен тыгыз байланышып, туруктуу бир бүтүндүктү түзөт, ош-

ондуктан алар айрым компоненттерге ажыратылып талданбайт, эгер ажыраса, анын бирдиктүү маниси бузулат;

2) бул айкаштын компоненттери айрым-айрым түшүнүк бербейт, экинчи компоненти маани жактан абстракцияланып жардамчы этиштик маниге өтөт да, негизги компоненти менен бирге бирдиктүү бир маанини түзүп, кыймыл-аракеттин үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгын билдирет;

3) түзүлүшү жагынан туруктуу, маниси жагынан бирдиктүү болгондуктан, бир суроого жооп берип, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн (баяндоочтун) милдетин аткарышат.

Татаал учур чак негизинен кыймыл-аракеттин үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгын көрсөткөнү менен, тутумундагы негизги жана жардамчы этиштин маанисине карай төмөндөгүдөй ар түрдүү кошумча маанилерди да (кыймыл-аракеттин созулуңкулугун, мезгил-мезгили менен кайталанып тургандыгын ж.б.) түюндурат:

I) Кыймыл-аракеттин үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгын билдирет жана ал сүйлөө мезгилинен кийин да боло бериши мүмкүн:
– Алым, үйгө барчы, энем чакырып жатат (К.Ж.). Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат (К.Ж.) Ал өтө этияттуулук менен бара жатат (К.К.). Шамдын жанында үч киши сүйлөшүп отурат (К.Б.). Каныбек ошол бийик асканын башында ырдап турат (К.Ж.). Балдарга кошулуп, ак төш күчүк элирип чуркап жүрөт (Т.К.).

2) Кыймыл-аракеттин көптөн бери болуп келаткандыгын, азыркы мезгилде да болуп жаткандыгын жана кийин да боло бере тургандыгын түюндурат. Мындай учурда сүйлөм ичинде көбүнчө кыймыл-аракеттин көптөн бери болуп келаткандыгын билдирүүчү мезгилдик маанидеги сөздөр, сөз айкаштары катышып айтылат: Шамырбектин ашында капканга түшкөн чор тамандар бир айдан бери Түлкүбек үчүн иштеп, жатышат (К.Ж.). Дөңдөгү Түлкүбектер дале кызуу сүйлөшүп отурушат (К.Ж.). Ар түрдүү кесип билген алты миң киши кол алдында иштеп турат (К.Ж.). Ал таңазандан туруп, совхозго барып жүрөт (Т.С.).

3) -ып мүчөлүү негизги этиштен кийин тур же жүр жардамчы этишинин кошулуп айтылышы аркылуу уланган татаал учур чак мезгил-мезгили менен кайталанып турган кыймыл-аракетти билдирет: Түндүк деңизи жана анын кысыктары тоңбойт, анткени Түндүк Атлантиканын Гольфстрим деп аталган жылуу агымы аларга келип турат.

Айтмакчы, Табылдыдан кат алып турамын (Т.С.). Бирок ага карабай, Анарханга акырын-акырын айтып жүрөбүз (К.Ж.). Кээде-кээде айылга барып жүрөбүз.

4) Ушул эле тутумдагы татаал учур чак контекстке карата кээде дайыма болуп турууучу кыймыл-аракетти туюндурат: Аба жер шаарынын бир аймагынан экинчи аймагына которулуп, дайыма жылып турат ("Физикалык география"). Учу-кыйыры жок дүйнөлүк мейкиндикте секундасына 20 км. ылдамдык менен биздин нурубуз-Күн закымдап жылып жүрөт ("Физикалык география").

5) Кээде, көбүн эсе көркөм адабий чыгармаларда, татаал учур чак өткөн чактын маанисинде да колдонулуп калат. Мындай учурда сүйлөөчү өткөн окуяны көз алдында азыр эле болуп жаткан сыяктуу кылып сүрөттөйт. Бирок сөз болуп жаткан кыймыл-аракеттин мурун болуп өткөндүгү контекстен белгилүү болуп турат. Тактап айтканда, алдыдагы сүйлөмдөрдө өткөн иштер жөнүндө кабар берилип келген болот, же сүйлөм тизмегинде ал окуянын өткөн мезгилде тиешелүү экендигин билгизүүчү мезгилдик маанидеги сөздөр катышат. Мисалы: Кечээ бир кызык окуяга туш келдим. Бешим ченде береги жалгыз аяк жол менен кеде жатам. Оң жактагы жапжашыл төштө колхоздун кой-эчкилери жайылып жүрөт. Дөбөнүн чокусунда койчу радиосун угуп отурат. Бир убакта булактын айланасына өскөн калың балыркан шатырай түштү. Карай салсам, эки элик качып баратат. Мен кыйкырып калдым, мага кошулуп койчу да кыйкырды. Эликтер секире-секире чуркашып, тез эле кырдан ашып кетишти.

Бул тексттеги белгиленген этиштер сыртынан татаал учур чак сыяктанып көрүнгөнү менен, өткөн чактын маанисинде: кечээ болгон окуя жөнүндө азыр баяндама берип жатат. Иштин мурунку күнү болуп өткөндүгүн тексттин башындагы кечээ деген мезгил тактооч жана ал катышкан сүйлөм аркылуу белгилүү болуп турат.

Жат жардамчы этишинин айкалышы аркылуу уюшулган татаал учур чак этиштер кээде тыбыштык жагынан кыскарып да айтыла берет. Мисалы, чакчыл -а формасындагы бар, кел деген негизги этиштерден кийин келген жат жардамчы этишинин башкы эки тыбышы ("жа") кыскарып калып, аяккы "т" тыбышы жана андан кийин чакчыл -а тиешелүү жак мүчөсү гана сакталып айтылат: Каныбек өтө этияттык менен баратат (К.Ж.). - бара-т-а-т. Мен кашатка баратамын (Т.С.). - бара-т-а-мын. Азыр эми кампа жактан кедатышат (Т.С.).-кела-т-ыш-а-т. Ал эми чакчыл -ып мүчөлөрү негизги этиштен кийин жат

жардамчы этишинин кошулуп айтылышы аркылуу уюшулган татаал этиш кыскартылып айтылганда, жат жардамчы этишинин башкы "ж" тыбышы түшүп калат: Эч болбосо Чаргын келсе боло деп, Айганыш кейип атат (Т.С.) -кейип -ат-а-т. Шамбет милдетин аткарып атат (Т.С.). -аткарып -ат-а-т.

Бара жатат, келе жатат деген этиштерден мурун -ып мүчөлүү этиш айкашып айтылса, үч түтүмдүү татаал учур чак да уюшулат: Тигине алдыда Жамийла жеңем кетип бара жатат (Ч.А.). Түлкүбек дөңдө отургандарга карай шашып басып бара жатат (К.Ж.). Баятан бери ошону ойлоп келе жатат (А.Т.).

Айрым учурларда -а (-й), -ып мүчөлүү татаал этиштен кийин жат, жүр, отур, тур жардамчы этиштери кошулуп айтылышы аркылуу да көп түтүмдүү татаал учур чак уюшулат: Кийинки күндөрдө Атабек, зайыбы - экөө тең Кылымканды бирөөгө бере албай жүрүшөт (К.Ж.). Балдар карынын сөзүнө кулак салып отурушат. Ал асма көпүрөдөн өтө албай турат. Турналар чыгышты карай тизилип учуп кетип баратышат.

Татаал учур чактын терс түрү биринчи компонентине -бай (<ба- - терс уланды, +й - чакчыл) мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулат: Эмгек күнүбүз так жазылбай жүрөт (Т.С.). Суу тоңуп, тегирмен да иштебей турат.

КЕЛЕР ЧАК

Келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин болорун билдирет.

Келечекте болуучу кыймыл-аракеттин иш жүзүнө ашырылышы бирде ачык болсо, бирде арсар, күмөндүү болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу этиштин келер чагы да айкын келер чак жана арсар келер чак болуп экиге бөлүнөт.

Айкын келер чак

Айкын келер чак кыймыл-аракеттин келечекте болору аныкч, ачык экендигин билдирет.

Айкын келер чак да этиштин уңгуга чакчыл -а, -й формаларынын, андан кийин тиешелүү жак мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулат: Эки күндөн кийин төркүлөтөмүн (төркүлөт+ө+мүн) (Л.У.). Анан бак аралап, клубга барабыз (бар+а+быз) (Т.С.).

Айкын келер чак менен жөнөкөй учур чактын жасалышы бирдей: экөө тең чакчыл -а, -й формасынан кийин жак мүчөнүн уланышы аркылуу уюшулат.

Кыргыз тилинде чакчыл -а, -й мүчөлөрү жөнөкөй учур чакты кандай уюштурса, айкын келер чакты да ошондой эле уюштура алат. Мындай жөнөкөй учур чак да, айкын келер чак да тилибизде кеңири учурайт, ошондуктан бул экөөнү эки башка чак катары кароо шартка ылайык келет. Албетте, бул эки чак тең бирдей эле мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулгандыктан, алар сырткы түрү жагынан өз ара окшош келет. Бирок алардын учур чактык же келер чактык мааниде колдонулгандыгы сүйлөмдүн контекстинен белгилүү болуп турат: Күйүп жаткан отту айландыра курчап, элүүдөй чор тамандар отурушат (К.Ж.). Ал атасынан көзүн айрыбай сыймыктуу карайт (К.Ж.). Бул сүйлөмдөрдөгү этиш сөздөр кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирип учур чактык маанини туюнтуп турат. Энеке, сиздин айтканыңызды аткарам (А.Т.). - Андай экен кыз-келиниң менен кошо баарыңарды суугa салабыз (Ч.А.). Мында жогоркудай эле формадагы этиштердин келер чактык мааниде экендиги сүйлөмдүн контекстинен ачык билинип турат.

Айкын келер чак да сүйлөмдүн жалпы мазмунуна карай ар түрдүү мааниде колдонулат:

1) Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилден кийин, келечекте болорун билдирет: Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди, бардык дилимди жумшайм (Ч.А.). Бул жерди эдин эмгек акысына деп атайын арнап айдайбыз (Ч.А.). Электр станциясына суу агызчу өстөн казабыз (Т.С.).

Кээде сүйлөм ичинде келген мезгилдик мааниdеги сөздөрдүн жардамы менен кыймыл-аракеттин качан болору такталып көрсөтүлөт: Мына эртең да айылга жөнөймүн (Ч.А.). Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барам (Ч.А.). Аман болсом келерки жазда үстүнө барам (К.Ж.);

2) Келер чак шарт катары коюлган белгилүү бир кыймыл-аракеттин аткарылышынан кийин келип чыга турган натыйжаны да туюндурат:

Мына ушул үч шартыбыз бекем сакталса гана сүйлөшүүгө барабыз (Т.К.). Кеңешип иш кылсак, бардыгы жайында болот (К.Ж.);

3) Адаттанган, көнүмүш болуп калган кыймыл-аракетти билдирет. Бул учурда чактык маани көпүри болот да, адатта, келечекте дайыма болуп тура турган кыймыл-аракетти туюндурат. Айкын келер чактын мындай мааниде колдонулушу көбүнчө макал-лакаптар үчүн мүнөздүү: Жакшы элди алга сүйрөйт, жаман өлүмгө сүйрөйт. Акыл айга жеткизет, өнөр көккө жеткизет. Элинен качканды бөру жейт. (Макалдар).

Айкын келер чактын терс формасы этиштик негизге -бай (<ба+ +й) мүчөсүнүн, андан кийин жак уландынын жалганышы менен уюшулат да, кыймыл-аракеттин аткарылбай тургандыгын билдирет: - Калп! Каныбекти эч кимге бербейбиз (К.Ж.). - Бул кылганыңарды эч убакта унутпаймын! - деди (Ч.А.). Элдүү түлкү ачка өлбөйт (Макал).

Чакчыл -а, -й, -ып формасындагы негизги этиштен кийин чакчыл -а жана тиешелүү жак мүчөсү уланган жардамчы этиштердин айкашып айтылышы менен айкын келер чактын татаал түрү уюшулат: Алынган түшүмдү эмгек акыга, кары-картаңга, жетим-жесирге бөлүштүрүп беребиз (Ч.А.). - Мен бригадирмин, көпчүлүктүн атынан ушул эгининди алып кетем (Ч.А.). Кечинде Михаилди ээрчите кетем (А.Т.).

Келер чактын татаал формасынын биринчи компоненти атооч сөздөрдөн болушу да мүмкүн: Азыр ошол тизмени жарыя кылышат (М.А.). Быйыл эл агартуу ишине көп каражат зарп кылынат.

Кээде айкын келер чак этиштен кийин эле, экен деген жардамчы этиштер кошо айтылып, ага ар түрдүү кошумча маани берет.

Алсак, сүйлөмдө шарттуу мааниде конструкция болуп, баяндоочтук милдеттеги айкын келер чак этиштен кийин эле жардамчы этиш айкашып айтылса, көрсөтүлгөн шарттын аткарылышы менен, айкын келер чак билдирген кыймыл-аракеттин да келечекте аткарылышы мүмкүн экендигин билдирет: Сен да жардамдашсаң, бул ишти тез эле бүтүрөт элем. Тирүү болсо, табылат эле (К.Ж.).

Эгерде сүйлөмдө өткөндө болгон иштер тууралуу кабар берилсе, анда эле менен айкашып айтылган айкын келер чак этиш өткөн чактык маанини туюндуруп калат: Бала кезде бул айылга көп келет элем. Ал жүктөн өтө чарчап келет эле.

Эгер айкын келер чак этиш эле жардамчы этиштин бөлө (-бы+ +эле) формасы менен айкашса, контекстке карай кыймыл-аракеттин аткарылыш мүмкүнчүлүгүн сурамжылайт, же ага күмөндүүлүк, бол-

жолдоо маанисин берет: Эгер сени тойго чакырсам, келет белең? Сен кимого барат белең? Ким билет. Уркуя болбогондо, балким, Жамийла ага такыр жолобойт беле (К.Б.)

Айкын келер чак экен жардамчы этиши менен айкашып айтылса, кыймыл-аракеттин келечекте аткарылышы сүйлөөчүгө башка бирөөлөр аркылуу белгилүү болгондугун, же түздөн-түз эле өзүнө маалым экендигин билдирет:

Мен быйыл да малчылардын кеңешмесине барат экенмин. Омор армиядан быйыл кедет экен.

Айкын келер чак экен жардамчы этишинин бекен (-бы+экен) формасы менен айкашса, кыймыл-аракеттин келечекте болорун сурамжылайт: Султан Ошко бүгүн жөнөйт бекен?

Арсар келер чак

Арсар келер чак кыймыл-аракеттин келечекте болору же болбосу арсар, күмөндүү экендигин билдирет.

Арсар келер чак этишке атоочтуктун -ар үчөсүнүн, андан кийин тиешелүү жак үчөнүн уланышы менен уюшулат: Үйүңүзгө чакырарсыз кызды, же өзүңүз барарсыз... (Т.С.). (чакыр +ар+сыз; бар+ +ар+сыз).

Арсар келер чак маани жактан:

1) Кыймыл-аракеттин келечекте болушу арсар, күмөндүү экендигин билдирет: Өз жеңеңди дагы табарсың, багың ачылар (Ч.А.) Көп болсо Зуннахун менин башымды алар (К.Ж.) Мейли, эптеп ак ичип, бышыкчылыкка жетербиз (Ч.А.);

2) Адаттанган сыяктуу, же жаратылышы боюнча бир нерсеге мүнөздүү болуп кеткен кыймыл-аракетти туюндурат. Мындай маани көбүнчө макал-лакаптар үчүн мүнөздүү: Жаш кары болор, бай кедей болор. Көп сураган адар, көп ойлогон табар. Эмнени айдасаң, ошону адарсың (Макалдар).

Арсар келер чак татаал формада да колдонулат: Ооба, апа, сенин бул сурооңо тарык кийин жооп берер (Ч.А.).Бүгүн достошсок, эртең Айдарбек датка менен кудалашып калербыз (К.Ж.). Эмөөлөп тырмаласак, эптеп оокат кылербыз (К.Ж.).

Арсар келер чактын терс түрү — бас (-ба+с < -ар) формасы аркылуу уюшулат. Бул үчө төмөнкүчө түзүлгөн: терс уланды -ба

дан кийин келген атоочтуктун -ар формасынын башкы -а тыбышы түшүп калып, р тыбышы түрк тилинин байыркы өсүш этабына мүнөздүү болгон тыбыш алмашуу закондуулугуна ылайык > з тыбышына, з тыбышы кийин каткалаң с тыбышына өтүп кеткен (-ба +(а) р > з > с) - - ба-р > ба-з > ба-с.

Орхон-енисей эстеликтеринде бул форма -маз, -мез түрүндө колдонулган: иниси ечисин билмез эрти, оглы каңын билмез эрти (КТ б., 21) - иниси агасын билбес эле, уулу атасы билбес эле.

Түрк, азербай тилдеринде I,III жакта, түркмөн тилинде ЭН жакта бул мүчө -маз, -мез түрүндө колдонулат: түрк. йаз-маз-сын (жазбассың); азерб. ал-маз-сан (албассың), түрк. гел-мез (келбес).

Кыргыз, казак, өзбек, алтай ж.б. түрк тилдерде болсо бул терс форманын аягы "с" менен келип, -мас// -бас түрүндө колдонулат: кырг. кел-бес-мин, каз. шакырт-пас (чакыртпас), өзб. ишда--мас-ман (иштебесмин), алт. бар-баз-ым (барбасмын).

Ал эми айрым бир түрк тилдерде, мисалы, азербайжан тилинде I жакта, түркмөн тилинде I,II жакта бул терс форманын эң баштапкы түрү -мар (< -ма+(а) р < - ма+р) сакталып калган: азерб. алмарам (ал+мар+а+м) - албасмын; түрк. язмарын (яз+мар+ын) - жазбасмын, язмарсың (яз+мар+сың) - жазбассың.

Терс формадагы арсар келер чак:

1) Кыймыл-аракеттин келечекте болбой тургандыгын арсар көрсөтөт: Жок, ал өзгөрүлбөс (Т.С.). Кудай аман койсо, өзүм да кол куушуруп бекер отурбасмын (М.Аб.).

2) Кээде бул формадагы этиш арсар, күмөндүүлүк, маанисин бербестен, адаттанып кеткен, белгилүү бир нерсе үчүн мүнөздүү болуп калган кыймыл-аракетти билдирет. Мындай маани көбүнчө макал-лакаптар үчүн мүнөздүү: Жорулуу жерде тарп калбас (=калбайт). Соолбос өмүр, сынбас темир болбос (=болбойт). Ынтымак болбой, иш оңолбос (= оңолбойт).

Айрым учурларда арсар келер чактан кийин эле, экен, эмес жардамчы сөздөрү кошулуп айтылып, негизги этишке ар түрдүү кошумча маанилерди берет:

Арсар келер чактан кийин эле жардамчы этиши айкашып айтылып, белгилүү бир шарттан келип чыга турган натыйжаны көрсөтсө, келер чакта кандай иш болмок экендигин билгизет: Алар эрте кедсе, бүгүн эле жөнөп кетер элек. Биздин колхозго Султан башкарма болуп

калса, иш көңүлдөгүдөй болор эле.

Эгер сүйлөөчү мурун болгон иш-аракетти эске түшүрүп, ал жөнүндө сүйлөп жаткан учурда баяндама берсе, эле менен айкашкан арсар келер чактагы этиш өткөн чактын маанини берип калат: Анда театрда машина жок, биз кебүнчө жүктү арабага салып коюп, өзүбүз жөө жүрөр элек ("СК"). "Биз азыр орус падышачылыгына карап калдык" дешип калгандарын угар элем (К.Ж.). Керимбек да жакшы, сонун турмуш жөнүндө эңсер эле (К.Б.).

Сүйлөмдүн контекстине карата кээде сүйлөөчүнүн жалпы ниетин да билдирет: Андай ажайып сонун жайга эс алууга мен да барар элем. Ал оюн-шоок кечелерге мен да келер элем, бирок зарыл ишим бар.

Арсар келер чактагы этишке эле жардамчы этиши беле (-бы+эле) формасында айкашса, кыймыл-аракеттин келечекте аткарыларын сурамжылайт: Эптесе айла болор беле, балам (Т.С.). Адамдын оюн таап, кабагын ачкан ак көңүл, кайраты ашынган алп жигит сенин да кадырыңа жетер беле (Т.С.).

Экен жардамчы этиши арсар келер чактагы этиш менен бардык эле учурда айкаша бербейт. Сурама ат атоочтун жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөрдүн тутумунда келгенде гана экен жардамчы этиш арсар келер чак менен айкаша алат. Маани жагынан сүйлөм ичинде келген сурама ат атоочтун таасири астында айтылып жаткан ой-пикирге суроо-болжолдоо маанисин берет: Бул Зуннакун бектин байлыгы кайда барар экен!? (К.Ж.). Бирок Керимакунун жөгүндө анчалык көп нерсеге чабылып кетүүң кандай болор экен? (К.Ж.). Кимге берер экенсиң? (Т.С.)

Экен жардамчы этишинин бекен (-бы+экен) формасы арсар келер чак менен эркин түрдө айкаша алат. Кыймыл-аракеттин келечекте аткарылышына күмөндүү суроо маанисин берет: Атаң сени көрөр бекен? (Т.С.) Татынакай, татынакай ... эртең да ушундай болор бекен? (Т.С.)

Кээде сүйлөмдүн контекстине карай мындай айкашуу суроо маниси жок эле, боло турган кыймыл-аракетке күмөндүүлүк маанисин берет: Алар мектептин курулушун быйыл бүтөр бекен.

Айрым учурларда сүйлөмдүн жалпы мазмунуна карай тилекти да билдирип калат: Күздүктү такыр аяктап, Күлүктү минер бекенбиз. Күлүк ат оозун чойдуруп, Күмүш медаль көкүшкө, Күйгөөлөп барар бекенбиз (А.Осмонов).

Арсар келер чактан кийин терс маанидеги эмес жардамчы сөзү айкашып айтылса, кыймыл-аракеттин аткарылбай тургандыгын, же анын жалпы эле аткарылбай калуу абалында экендигин туюндурат: Жумушчулар клубдун ремонтун жакында бүтөр эмес. Атайылап чакыртпасаң, ал токоңа келер эмес.

Эле, бекен жардамчы этиштери терс формадагы арсар келер чак менен да айкашып айтыла берет.

Терс формадагы, арсар келер чактан кийин эле жардамчы этиши кошулуп айтылса, кыймыл-аракеттин болор-болбос арсар көрсөтпөстөн, ачык-айкын эле билдирип калат: Бах-х, ошол чөп ушул жерде болуп калсачы... Атамы убара кылбай өзүм эле ал чөптүн баарын оруп берип, Атабектин анын тындырар элем. Атам бир көрпө үчүн күнүнө минтип кайгы жебес эле (=кайгы жебейт эле) (К.Ж.). Ал мындай опурталдуу ишке барбас эле (=барбайт эле).

Эгерде сүйлөөчү өткөн иштерди эске түшүрүп, ал жөнүндө эми сөз кылса, эле менен айкашкан терс формадагы келер чак арсар маанини билдирбестен, контексте карай өткөндө болгон иш-аракет тууралу ачык-айкын эле кабар берип калат: Ал убакта дүкөндөрдөн керектүү буюмдар оңой менен табылбас эле. Ал жылдары бул кыя жол менен машина жүрбөс эле.

Арсар келер чактын терс формасы менен экен жардамчы этиши түздөн-түз байланыша албайт, ал бекен түрүндө гана айкашат да, аткарыла турган кыймыл-аракетке күмөндүү — суроо маанисин берет: Алым шаарга барбас бекен. Эгер Алымга зыяны тийбес бекен?

ӨТКӨН ЧАК

Этиштин өткөн чагы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгүн билдирет да, төмөнкү мүчөлөр аркылуу уюшулат: -ды, -ган, -ыптыр, -чу. Булар өздөрү жалганган сөздөргө жаңы лексикалык маани киргизе албайт, тек гана сүйлөп жаткан мезгилден мурда болуп өткөн кыймыл-аракеттин ар кандай кырдаалдарын билдирет. Ошондуктан булар форма жасоочу (б.а. грамматикалык) мүчөлөрдүн катарына кирет. Мындай өзгөчөлүк аларды бири-биринен айырмалоого жана жалпы эле өткөн чак этиштерин өз ич ара дагы бир нече бөлүмдөргө ажыратууга мүмкүнчүлүк берет: Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма жакында Кытай жеринде өлдү (К.Б.).

Башканын көөн жайгам, байдын колун карагам (Т.У.). Жок, мен институттк бутургөмүн (К.Б.). Мени сен калындуу жаш жүрөгүң, айнымбас ак көңүлүң менен сүйүпсүң (К.Б.). Өзү билгенинче эки теше жерге сарай салдырыптыр (Т.С.). Анда биздикилер, бир жакын эжебиздикин маанектеп, Кара-Дөбөдө турушчу (С.С.). Батманы башта эле таанычу (К.Б.).

Келтирилген мисалдардагы -ды, -ган, -ыптыр, -чу мүчөлөрүнүн жардамы менен өзгөргөн этиштер сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарып, кыймыл-аракеттин өткөн убакта болгондугун билдирип турат, бирок бири-биринен өздөрүнүн ички семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланат, б.а. өткөн окуянын аткарылыш өзгөчөлүк кырдаалдарына карата сүйлөөчүнүн анык ишенимде болгондугун, же башка бирөөдөн угуп, ошол ишенимге келгендигин, же болбосо окуянын үзгүлтүксүз кайталана бергендигин билдирип тургандыгын көрсөтөт. Ошондуктан өткөн чак этиштери морфологиялык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай өз ич ара дагы бир нече бөлүктөргө

бөлүнөт.

Жогоруда саналган мүчөлөр уланган этиштер кээ бир кызматчы сөздөр менен айкашып, сүйлөмдө татаал баяндоочтун милдетин аткарат. Мындай учурда андай сөз тизмектеринин ар бир компоненти жекече маанисинин үстүнө кошумча оттенокторго да ээ болгондуктан, өткөн чактын да кошумча кырдаалдары келип чыгат: Бул түнү ай батып, асманда кара булаттар удургуп, сыдырым жел согуп турган эле (С.С.). Менин ата-энемдин оокаты жармач болгондуктан, жайлоого чыгууну мурунтадан эле билген эмес экен. Үч жолу үч бөдөнө бастым эле, колтугумдан чыгып кетти (Т.С.). Осмонбек төрдө, элдин орто жеринде олтурган болучу (К.Б.). Бул кезде машинанын мотору күркүлдөп, жөнөөгө ыкыс коюп калган эле (К.Б.).) Мени таштап, башка бирөөгө тийип кеткен экенго... (К.Б.). Эмгиче Фрунзеден келген чыгар (К.Б.).

Келтирилген мисал[illegible] кыймыл=аракеттин өткөндө болгондугун жалпысынан көрсөтүү менен бирге, аларда сүйлөп жаткан учурга карата ар түрдүү мезгилдик айырмачылык да бар экендиги угуучуга сезилип турат. Бул өзгөчөлүктөр өткөн чак этиштерди ич ара дагы бир нече майда бөлүктөргө бөлүп кароого мүмкүнчүлүк берет. Ошентип, өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөр маани жактан төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт.

АЙКЫН ӨТКӨН ЧАК

Айкын өткөн чак кыймыл-аракеттин сүйлөө учуруна жакын мезгилде болуп өткөндүгүн, болгон окуянын сүйлөөчү үчүн зйкыначык, шексиз экендигин билдирет. Ал -ды мүчөсү аркылуу уюшулат. Бул мүчө унгу, туунду жана татаал этиш сөздөрдүн бардыгына бирдей жалгана берет.

Айкын өткөн чак ички өзгөчөлүктөрүнө карата экиге бөлүнөт:

I. Жакынкы айкын өткөн чак. Муну -ды[1] мүчөсү уюштурат. Бул мүчө жалганган этиш сөз жак удандысынын кыскартылган түрүн кабыл алып, төмөнкүдөй эрежеинин негизинде жакталат:

Жекелик түрү.	Көптүк түрү
I. Мен бар+ды+м	Биз бар+дык
2. Сен бар+ды+ң	Силер бар+дың+ар
Сиз бар+ды+ңыз	Сиздер бар+ды+ңыз+дар
3. Ал бар+ды	Алар бар+ды (барыш+ты)

Терс жана суроо мүчөлүү айкын өткөн чак. ~~2) Этиштин бул түрлөрү~~ да ушул эрежеинин үлгүсүндө жакталат: барбадым, барбадың, барбадыңыз; барбады; барбадык, барбадыңар, барбадыңыздар, барышпады; бардымбы, бардыңбы, барбадыңбы, барбадыңарбы ж.б.

Айкын өткөн чак кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын көрсөтүп, төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

I) Тутумунда кечээ, азыр, жана сыяктуу мезгил тактоочтор катышкан сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин -ды мүчөсү жалганган этиш сөз аткарса, кыймыл-аракеттин жакында гана болуп өткөндүгүн билдирет: Шаардан азыр келдим. Кечээ жамгыр жаады;

2) -ды мүчөсү жалганып турган этиш сөз окуянын жалпы эле болгондугу сүйлөөчү үчүн шексиз экендигин, же ошол окуя анын көз алдында болуп өткөндүгүн билдирет: Атам ары жагындагы коондордон алып келип, кесе баштады (К.Ж.). Айткулу төшөгүнөн шашып турду (К.Б.). Ажар үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир

I. (Н.А.Баскаков, А.Н.Кононов) Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча -ды мүчөсү этиштин атоочтук уюштуруучу сөз жасоочу татаал -ынды мүчөсүнүн тутумунда кездешет да, таштанды, уранды, ширенди, күрөнду сыяктуу сөздөрдү жасоого катышат. Ал эми калдык, ойдук, тердик, желдик сыяктуу зат атооч сөздөрдүн курамындагы -дык мүчөсү да азыркы кезде айкын өткөн чакты уюштуруучу -ды мүчөсүнүн байыркы кездеги толук түрү -дык болуу керек деген болжол бар.

үйдүн эркеси болуп өсту (К.Б.).

Эгерде -ды мүчөсү уланган этиш сөз татаал баяндоочтун тутумунда жардамчы этиш болуп түшсө да, ал форма жакынкы айкын өткөн чакты уюштура берет: Самсаалап көктө асылган ак булуттар таарынып ажырашкан балдардай болуп бөлүнө, үзүлө баштады (К.Б.).

2. Байыркы айкын өткөн чак. Айкын өткөн чактын бул түрүн -ды + эде, экен айкаштары түзөт да, окуянын сүйлөп жаткан убактан алда канча мурда болуп өткөндүгүн, болжолдоону, өкүнгөндүктү ж.б. кырдаалдарды көрсөтөт; Ошончо жылдан бери күтүп келип, аз калганда мен эмне күтпөдүм экен? (К.Б.).

-ды мүчөсү жалганган этиш сөз экен жардамчы атоочтук менен суроо формасында гана айкашат да, байыркы айкын өткөн чактын суроолуу түрүн же өткөн окуянын болжолдуулугун билдирет: Ал менин каттарымды алды бекен? Анда мени тосуп чыкты бекен? (К.Б.). Мындай айкалышта жак мүчөлөрү менен биринчи компонент гана өзгөрөт: бардым бекен? бардыңар бекен? барышты бекен? ж.б.

ЖАЛПЫ ӨТКӨН ЧАК

Өткөн чактын бул түрү атоочтукту уюштуруучу -ган мүчөсү жалганган этиш сөздөр аркылуу жасалат. Бул мүчө өзүнүн аткарган милдети жагынан ар тараптуу. Анткени ал уланган сөз атоочтук катары сүйлөмдө айкындоочтук, затташкан мезгилде ээлик милдетти аткарат: Сайраган булбул. Эки эркек тең кой оозунан чөп албаган момун (Т.С.) Бул сүйлөмдөрдүн биринчисинде сайраган - сүйлөмдүн ээси, экинчи сүйлөмдө болсо албаган - аныктооч.

Өткөн чактын бул түрү сүйлөмгө катышып турган кээ бир сөздөрдүн жана аларга жалгануучу айрым мүчөлөрдүн маанилерине жараша бир топ кошумча маанилерге ээ. Бул жагынан жалпы өткөн чак да тө-

мөнкүдөй эки топко бөлүнөт:

I. Жалпы айкын өткөн чак. Муну -ган мүчөсү менен жалганган этиш сөздөр уюштурат: Бул кемпирдин табышмактап айтпай койгон атын жана сырын билүүнү мурунтадан ойлосом да, сөздүн кыйшына келбеген (К.Ж.) Мен да сени ошондой сүйгөмүн (К.Б.). Өмүрүбүздүн көбү турмуштун тепкисинде, кедейчиликте өткөн (К.Ж.) Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган (К.Б.).

Ал эми окуянын жакында эле болуп өткөндүгү же качандыр бир убактарда болгондугу сүйлөмдүн тутумундагы мезгилди көрсөтүүчү тактоочтор аркылуу конкреттештирилет: Кечээ күнү абышканын аңгемесин укkан бир топ жоокер жөнөп кетер алдында кемпир — чал менен атайын коштошкону келишкен (Т.С.). Өткөн жылы сабатсыздар мектебинде окуганбыз (К.Ж.). Сансыз Кашкардан келип, эки күн, үч түн жатып, бүгүн таңга жуук үй-бүлөсү менен кош айтышкан (К.Ж.). Ал эчак өлгөн (К.Ж.).Козубек эртең менен эле жаман керкисин белине кыстарып алып, отун издеп кеткен (К.Б.). Батманын мурунку балдары токтобой, бардыгы жаш кезинде өлгөн (К.Б.).

-ган формасындагы этиштердин жактальшы:

Жекелик түрү	Көптүк түрү
I. Мен ал+га(н)+м(ын)	Биз ал+ган+быз
2. Сен ал+ган+сың	Силер ал+ган+сың+ар
Сиз ал+ган+сыз	Сиздер ал+ган+сыз+дар
3. Ал ал+ган.	Алар ал+ыш+кан (ал+ган)

Жалпы өткөн чакты уюштуруучу -ган мүчөсү жекелик түрдүн биринчи жагында +ган +Ø-мын, -га +Ø-мын жана -га + Ø-м сыяктуу болуп айтыла берет. Бул варианттар жеке эле оозеки кепте эмес, адабий тилде да кезигип көздешет: Сен эмес, сен өндүүнүн эчендерин көргөмүн. Сен эмес, эчендин канын төккөмүн (К.Ж.). Башкамын коюн жайгам, байдын колун карагам (Т.С.).

- Жок, мен институтту бүтүргөмүн (К.Б.).

2. Жалпы байыркы өткөн чак. Жалпы өткөн чактын бул түрү -ган мүчөсү жалганган этиш сөздөр экен жардамчы атоочтугу жана эле жардамчы этиши менен айкашып, сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткаруунун натыйжасында уюшулат. Мындай баяндооч өткөндө болгон окуянын сүйлөөчүнүн эсине сөз жүрүп жаткан учурда гана түшкөндүгүн билдирет (эгерде окуя сүйлөөчүнүн өзүнүн башынан өткөн болсо): Мурда ал Фрунзе обкомунда иштеген экен (К.Б.).

Эгерде окуя экинчи жана үчүнчү жактын кыймыл-аракетине тиешелүү болсо, окуянын чындыкта болгондугу сүйлөөчү тарабынан болжолдуу гана айтылат да, -ган мүчөсү уланган негизги этиш экен жардамчы атоочтугу менен айкашат: Илгери Жолборс-Чаар деген айгыр болгон экен (Т.С.). Чын төгүнүн ким билсин, элдин жомогуна караганда, дүйнөдө бир мастан кемпир болгон экен (К.Б.).

-ган мүчөсү болжолдогуч -дыр мүчөсү менен айкашып -гандыр формасына келсе, же -ган жалганып турган негизги этишке айрым модаль сөздөр айкашып айтылса, окуянын өткөндө болгондугу сүйлөөчү тарабынан болжолдонот: Уулум ойгонгондур. Ала мойнок күчүгү менен ойногондур. Балким атасын да ойлогондур (Т.С.). Сөз менен башкалар айтып жеткиргендир (К.М.). Элдин каргышына калып, аска ташка айланган имиш (К.Б.).

-ган+дыр формасындагы этиштердин жакталышы:

Жекелик түрү	Көптүк түрү
I. Мен ал+ган+дыр+мын	Биз ал+ган+дыр+быз
2. Сен ал+ган+дыр+сың	Силер ал+ган+дыр+сыңар
Сиз ал+ган+дыр+сыз	Сиздер ал+ган+дыр+сыздар
3. Ал ал+ган+дыр	Алар алыш+кан+дыр

Эгер, -ган мүчөсү жалганган этиш сөзгө болучу жардамчы этиш же таңгыч жок деген сөз айкашып айтылса, кыймыл — аракеттин болуп өткөндүгү анык экендигин билдирет: Мындан башка эч бир айла калбагандыгын Жапар өзү да сезген болучу. Бирок таарынса да, армияга узатып жаткан сүйгөн жарын ал

кейиткиси келген жок (К.Б.).

-ган формасындагы этиштер эмес тангычы менен айкашса, сүйлөөчү окуянын болгон же болбогондугун кескин түрдө ырастайт: Бирок балдардын эч кимиси да ага айткан эмес ...

КАПЫСКЫ ӨТКӨН ЧАК

Чакчылдарды уюштуруучу -ып мүчөсү болжолдогуч -дыр менен айкалышып, өткөн чактын капыскы формасын уюштурат. Бул мүчө уланган этиш сөз сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарганда, окуянын өткөндө болгондугу сүйлөөчүнүн эсинен чыгып кетип, сөз болуп жаткан мезгилде гана капысынан эсине түшө калгандыгын (эгерде окуя сүйлөөчү I жактын өз башынан өткөн болсо) же болбосо кыймыл-аракеттин, окуянын II-III жактарга тиешелүү болуп, сүйлөп жаткан I жак үчүн капысынан гана белгилүү болгондугун билдирет.

Сүйлөөчү качандыр бир убакта болуп өткөн окуяларды же бирөөдөн укkан кабарларды да капыскы өткөн чак формасында айта бериши мүмкүн: Илгери биздин элдин Көк-Чунак деген айгыры карышкырдын көкжалын чайнаптыр. Чаар айгыр жолборс менен алышыптыр. Күлүктүн чылбырын ким чечер экен, - дептир (Т.С.). Асанкул аттан жыгылыптыр дейт (Т.С.). Бизге сыйлык алып, Кыргызстандан өкүлдөр келе жатыптыр (К.М.).

Капыскы өткөн чакты уюштуруучу -ып +тыр (-дыр) мүчөсү жалганган этиш сөздөр төмөнкүдөй жакталат:

Жекелик түрү

1. Мен жаз+ыптыр+мын, жаз+ып+мын
2. Сен жаз+ыптыр+сың жаз+ып+сың
   Сиз жаз+ыптыр+сын жаз+ып+сыз
3. Ал жаз+ып+тыр

Көптүк түрү

1. Биз жаз+ыптыр+быз жаз+ып+пыз
2. Силер жаз+ыптыр+сыңар жаз+ып+сыңар
   Сиздер жаз+ыптыр+сыздар жазы+ып+сыздар
3. Алар жазып+ыптыр

Этиштин капыскы өткөн чагы -ыптыр мүчөсүнүн эки түрү менен тең уюшулат жана булар бирдей мааниде колдонула берет: Оор жарадар болуптур.(К.Б.). Нукай түндө өзүң менен сүйлөшүп отурупмун (Т.С.). Болжоп жүрүп отурдук эле, двизиянын штатынан чыгыппыз (К.М.) Мени сен жалындуу жаш жүрөгүң, айныбас ак көңүлүң менен сүйүпсүң (К.Б.).

Капыскы өткөн чактын терс формасы -ба+ыптыр, суроолуу формасы -ыптырбы // -ыпырбы же -ыппы? үлгүсүндө уюшулат: Элге тынчтык бербептир (К.Б.). Сен аны билбепсиң, алданыпсың (К.Б.). Исмын, кашын жазыптырбы? (К.Б.).

АДАТ ӨТКӨН ЧАК

Адат өткөн чак этиштик негиздерге -чу мүчөсү жалганып, анын сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарышынын натыйжасында уюшулат, -чу мүчөсү жалганып турган этиш сөздөр бир кезде болгон окуянын, кыймыл-аракеттин узак убакытка чейин созулгандыгын, анын өнөкөт болуп кеткендигин көрсөтөт: Айланасы мал баспаган, адам жашап турбагандай ар дайым бопбоз турчу (Т.С.). Түнкүсүн ал жактан араң бүлбүлдөгөн жарык шооласы көрүнчү (Т.С.). Төбөсүндө сорокоп көрүнгөн жалгыз морунан эртели-кеч түтүн булачу (Т.С.). Биздин кыздардан да далай кыйындар чыкчу (Т.С.). Батманы башта эле таанычу (К.Б.). Ошол жол менен жөөлөп-жалаңдап арандан зорго өтчүбүз (К.Б.).

Адат өткөн чакты уюштуруучу -чу мүчөсү жалганган этиш сөздөр төмөндөгүдөй жакталат.

Жекелик түрү	Көптүк түрү
I. Мен иште+чү+мүн	I. Биз иште+чү+бүз
2. Сен иште+чү+сүң	2. Силер иште+чү+сүздөр
Сиз иште+чү+сүз	Сиздер иште+чү+сүздөр
3. Ал иште+чү	3. Алар иштеш+чү, иште+чү

Адат өткөн чакты уюштуруучу -чу мүчөсү атооч сөздөргө жалганып, алардын кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасоочу -чы мүчөсүнүн (малчы, кызылчачы, өтүкчү, эдиш ж.б.). эринчил түгөйлөрүнө тыбыштык жагынан болгон окшогондугуна жана түпкү тегинин жакындыгына карабай, бул эки мүчө маани жана аткарган милдети жагынан кыргыз тилинин азыркы мезгилинде эки башка мүчө болуп эсептелет. Анткени: I) -чы мүчөсү төрт варианттуу; өзү уланууучу зат атооч сөздөрдүн аяккы муунундагы үндүү тыбыштын сапатына жараша -чы, -чи, -чу, -чү болуп өзгөрүүчү ээрчиме мүчө; 2), Ал зат атооч сөздөргө жалганып, алардан кесипти билдирүүчү туунду негиздерди жасайт: мал+чы, кой+чу, өтүк+чү, эд+чи; 3) -чы мүчөсү кыймыл атоочторго да жалганып, алардан затташкан атоочторду жасайт: окуу+чу, жазуу+чу, текшерүү+чү, шайлоо+чу; 4) Атооч сөздөр жана кыймыл атоочтор эч убакта чакты көрсөтө албайт, демек, -уу+чу, оо+чы мүчөлөрү уюштурган атоочтор да чакты көрсөтүү касиетине ээ эмес.

Ал эми адат өткөн чакты уюштуруучу -чу мүчөсү болсо кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасоочу -чы мүчөсүнөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат:

I) Өзү жалгануучу этиш сөздүн аяккы муундагы үндүү тыбыштардын ~~сапатына~~ тоон-ичкелигине карабай, эки гана вариантта -чу, -чү болуп өзгөрөт.

2) -чу мүчөсү эреже катары этиштик негиздерге жалганып, ал сөздөрдүн сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарышынын натыйжасында адат өткөн чакты уюштурат: Атамдын кедейлигин билбей, "сары май жеймин" деп кыйначусуң, Эсекем жашыраак кезинде колго тийбеген азоого кош чалма уруп кармачу (Т.С.).

3) Айрым учурда -чу мүчөсү менен ал жалгануучу этиштик негиздин ортосунда сыйлыгышма "ы", "и" тыбыштары пайда болот. Бирок алар жазууда кээде сакталса, кээде сакталбайт: Тигил чоң жерден ким келбесин, эмне айтпасын, жаш балача ишене берүүчү элең (Т.С.). Боз тоңдун жакасын алтындай сөзү менен берметтеген сиздей кары сүйлөсө, өз тамырынан сызылып чыккан биздей уулдары эмес, Ала-Тоонун карт мөңгүсүн эритчү (Т.С.)

4) Бул мүчө ушул өзгөчөлүгү жагынан аткарган милдети боюнча атоочтук -ган мүчөсүнө окшошот. Оозеки кептө жана адабий тилде -уу+чу, -ү+чү мүчөлөрү уланган сөздөрдүн сүйлөмгө баяндооч болуп түшүп адат өткөн чакты уюштурган учурлары анын тарыхый жагынан атоочтук маанидеги этиштик түзүлүш экендиги менен түшүндүрүлөт. Кыймыл атоочтун -уу мүчөсү менен өзгөргөн бар, кел, жибер, отур, жат, кет сыктуу этиштерге -чу мүчөсү жалганып, -уучу, -үчү, -ычу, -ичу түрүндө туруп, сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткара бериши булардын байыркы атоочтук төги жөнүндөгү жогорудагы пикирди далилдейт. Кыргыз тилинде бул форма баруучу / баручу / барчу; келүүчү //келүүчү / келчү; жиберүүчү /жиберүчү / жиберчү, отурууучу / отуручу / отурчу; жатуучу / жатчу / жатычу / жатчу өңдөнгөн вариантта сүйлөмдүн баяндоочу болуп келе берет.

-чу мүчөсү уланып турган этиштик негиз экен, эле жардамчы этиштер менен айкашса, байыркы өткөн чактык маанини, же окуяны сүйлөөчү өзү катышпай, кимдер бирөөлөр тарабынан билгендигин

көрсөтөт: Тынчылык кезинде бул заводдо кырк беш миң адам иштөөчү эле (К.М.). Чаар айгыр, карышкыр келсе, чапчып таштап, ууру келсе чапчып таштап ууру келсе, атынан тиштеп ыргытып жиберип жүрө берчү экен (Т.С.).

-чу мүчөсү жалганган этишке эмес тангыч атоочтугу айкашса, өткөндөгү өнөкөт аракет, окуя танылат! Көбүнчө көп тетиктүү нерсе көрсө, аны үйрөнөм деп, такыр жаны тынчу эмес (К.Б.). Жоголгон сүрөткө ыйлачу эмес (К.Б.).

Ч А К Ч Ы Л Д А Р

Чакчылдар - негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билдирүүчү этиштин өзгөчө бир формасы, ... дайыма кантип? кандай? канчага чейин? качантан бери? эмнеликтен? эмнеге? деген суроолорго жооп берип, негизги кыймыл-аракеттин кандайча аткарылгандыгын, мезгилин, себебин, максатын билдирет:

Биз кыштакка жеткенде, күн кылкылдап батып бара жаткан. Мындагы кылкылдап деген чакчыл кантип? деген суроого жооп берип, күндүн кандайча батып бара жаткан абалын көрсөтүп турат.

Ал койлорун сугарганы келиптир. Мындагы сугарганы деген чакчыл эмнеге? деген суроого жооп берип, негизги этиштин (келиптир) максатын билдирди.

Умут уялып кызара түштү (К.Ж.). Мында уялып чакчылы эмнеликтен? эмне себептен? деген суроого жооп берип, негизги этиштин себебин билдирди.

Алым чарчаганча иштеди. Мында чарчаганча деген чакчыл качанга чейин? деген суроого жооп берип, негизги кыймыл-аракеттин (иштеди) качанга чейин созулгандыгын, мезгилин туюндуруп турат.

Чакчылдар этиштин өзгөчө бир формасы болуп эсептелет, анткени аларда жалпы этиштик белгилер менен бирге, этиштин жакчыл формаларынан айырмаланып турган бир катар өзгөчөлүктөрү да бар.

Чакчылдар этишке мүнөздүү болгон төмөнкүдөй жалпы белгилерге ээ:

1) Этиш сөздөр сыяктуу эле кыймыл-аракетти (негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин) билдирет: Балдар кыткылыктап күлүп жиберишти (Т.С.).

2) Этиш сыяктанып, мамиле категориясына ээ. Мындай учурда

этиштик негиз кайсы мамиледе болсо, андан жасалган чакчыл да ошол мамиленин маанисин билдирет. Ушуну менен бирге, башка этиштердей эле, өзүнүн алдындагы сөздү тиешелүү жөндөмөдө башкара алат: Абышка этти майда тууратып жеди. Мында туурат деген аркылуу мамиле этишке чакчыл -ып формасы уланып, тууратып деген чакчыл уюшулду, бул да аркылуу мамиледе, өзүнөн мурунку этти деген сөздү табыш жөндөмөдө башкарып турат. Ал ичигин жамынып отурган. Мында жамын деген өздүк мамиле этишке чакчыл -ып мүчөсү жалганып, жамынып деген өздүк мамиледеги чакчыл уюшулду, алдындагы ичигин деген сөздү табыш жөндөмөдө башкарып турат.

3) Чакчылдар да, чыныгы этиштер сыяктуу эле, терс формада айтыла берет: Дөңдө отургандар дагы эле кебелишпей отурушат (К.Ж.).

Чакчылдар айрым белгилери боюнча этиштин жакчыл формаларынан айырмаланат:

1) Маанисн боюнча жакчыл этиштер заттын кыймыл-аракетин, кубулуштун, абалын билдирсе, чакчылдар ал заттын негизги кыймыл-аракетинин кошумча кыймылын билдирет. Салыштыр: Мен деле ашпозчуда иштеймин (К.Б.). Гүлнар үнсүз күдүмсүрөй карады (Т.С.).

Кээде -ып, -а, -й, -ганы формасындагы чакчылдар татаал этиштин негизги түгөйү (компоненти) катары келет. Мындай учурда алар нагыз чакчыл маанисинде колдонулбастан, татаал этиштин тутумундагы негизги кыймыл-аракетти билдирип калат: окуп отурат, бара жатат, барганы жүрөт.

2) Жакчыл этиштер сүйлөм ичинде ар дайым баяндоочтук милдетти аткарса, чакчылдар дайыма бышыктоочтук милдетти аткарат жана багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу боло алат. Салыштыр: Бишкектеги балдарыма баратам (К.Ж.). Дөңдөгүлөр эмнегедир каткырып күлүшүүдө (К.Ж.). Башкалар бир сол отогончо, Абдиш бир жарым солдон отоду (Т.С.).

3) Жакчыл этиштер жак, чак боюнча өзгөрсө, чакчылдар жакты, чакты көрсөтө албайт, чакты өзүнөн кийинки негизги этиш билгизет. Салыштыр: Биз быйыл мамлы Суусамырга чыгарабыз. Мындагы чыгарабыз деген жакчыл этиш келер чакты, I жакты билгизип турат.

Сансыз удаа-удаа демиге онтоду (К.Ж.). Ажар эчкирип ыйлап жиберди (К.Ж.). Бул сүйлөмдөгү демиге, эчкирип деген чакчылдар тиги же бул жакты же чакты билдире алышпайт, чакты (өткөн чакты) кийинки онтоду, ыйлап жиберди деген негизги этиштер билдирип турат.

Чакчылдардын жогоркудай өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылуу менен бирге төмөнкү маселелерди да эскерте кетүү зарыл:

а) Чакчылдын -а, -й, -ып формалары айрым учурларда этиштин келер чагын жана өткөн чагын уюштырууга да катышат. Мындай учурда бул формалардан кийин жак уландылар жалгана берет: Бүгүн институтка барам. Азыр айылга жөнөйсүнөр. Мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү курска сен былтыр барыптырсың. Бирок мындай формалардагы этиштер чакчыл маанини билдирбейт, алар негизги кыймыл-аракетти билдирген жакчыл этиштер болуп эсептелет; -а, -й, -ып формалары мындай учурда чакчылды уюштуруу кызматын эмес, этиштин чактарын уюштуруу кызматын аткарган болот.

б) Жогоруда белгиленгендей, чакчылдар тиги же бул чакты билдире албайт. Бирок -ып, -а, -й формасындагы чакчылдарды өзүнөн кийинки негизги этиш менен байланыштуу алганда, алардын ички маанисинен кандайдыр бир чактык маани бардай сезилип турат. Анткени менен чакчылдардагы ал чактык маанини баяндагыч ыңгайдын чактык маанисимен барабар кароого болбойт. Себеби баяндагыч ыңгайдын чактары кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурга карата болгон ар түрдүү катышын билдирсе, башкача айтканда, кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурга чейин болгондугун (өткөн чак), же сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын (учур чак), же болбосо сөз болуп жаткан учурдан

кийин болорун (келер чак) билдирсе, чакчыл этиштердеги чактык маани өзүнөн кийинки негизги кыймыл-аракеттин мезгилине карата болгон ар түрдүү катышты, мамилени билдирет. Тактап айтканда, чакчылдар учур чактык мааниде колдонулганда, мезгил жагынан негизги этиштин кыймыл-аракети менен бир убакта болгон, же бир убакта боло турган, же бир убакта болуп жаткан кыймылды билдирет: күлө сүйлөдү, күлө сүйлөйт, күлө сүйлөп жатат, каткырып күлдү. Мында күлө, каткырып деген чакчылдар күлүү кыймыл-аракетинин сүйлөө аракети менен, же каткыруу кыймыл-аракетинин күлүү аракети менен бир мезгилде, бир учурда болгондугун көрсөтүп турат.

Чакчылдар өткөн чак маанисинде колдонулганда, мезгил жагынан негизги кыймыл-аракеттен мурун болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет: отту үйлөп күйгүздү, үйдүн үстүнө секирип чыкты.

Мындагы белгиленген чакчылдар үйлөө аракети мезгил жагынан күйгүзүү кыймыл-аракетинен мурун болгондугун, секирүү кыймыл-аракети чыгуу аракетинен мурун болгондугун көрсөтүп турат. Демек, -ып, -а, -й формасындагы чакчылдарды өзүнөн кийинки негизги этиш менен байланыштуу алганда, -а, -й формасындагы чакчылдар (кээде -ып формасындагы чакчыл да) учур чактык маанини, -ып формасындагы чакчылдар көбүнчө өткөн чактык маанини туюндургансып турат, бирок алардагы чактык маани, жогоруда белгиленгендей, баяндагыч ыңгайдагы чактык маани менен бирдей эмес.

Чакчылдар кээ бир белгилери боюнча тактоочко жакындашат:

1) Мааниси боюнча, тактооч сыяктанып, этиш менен байланышып, кыймыл-аракеттин аткарылыш абалын, максатын, себебин, мезгилин билдирет.

2) Мүчөлөп өзгөрбөстүгү жагынан, тактап айтканда, жакчыл этиштерден айырмаланып, жак, чак мүчөлөрү менен өзгөрбөстүгү жагынан

да чакчылдар тактоочко жакындашат.

3) Синтаксистик кызматы жагынан да тактооч сыяктанып дайыма бышыктоочтук милдетти аткарат жана өзүнөн кийинки этиш сөз менен ыкташып байланышат. Бирок тактоочтор көбүнчө сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен зат, сын, сан, ат атоочтордон этиштен жасалса, чакчылдар сөз өзгөртүүчү мүчөлөр аркылуу этиш сөздөрдөн гана уюшулат. Ошол себептүү алар этиш түркүмүнө кирип, анын өзгөчө бир түрүн гана түзөт.

Чакчылдарды төмөнкү мүчөлөр уюштурат: -а, -й, -ып, -ганы (-галы) -ганча / -гыча, -майынча.

Бул мүчөлөр морфологиялык тутумуна карай эки топко бөлүнөт:

I) Жөнөкөй чакчыл формалар: -а, -й, -ып. Булар бир бүтүн бөлүктөн турат.

2) Татаал чакчыл формалар: -ганы (-галы), -ганча, -гыча, -майынча. Булар эки же андан артык мүчөлөрдүн өз ара айкашынан түзүлгөн.

ЖӨНӨКӨЙ ЧАКЧЫЛ ФОРМАЛАР

-а, -й формасындагы чакчылдар.

Чакчыл -а байыркы формалардын бири. Ал У-УII кылымдарга таандык болгон байыркы түрк жазма эстеликтеринде -а, -е варианттында кездешет: уча, тута, баса, аса (аша), кече.

Эгерде этиш сөздүн аягы үндүү тыбыш менен аяктаса, чакчылды -й мүчөсү уюштурат: ойло-ойлой, сүйлө-сүйлөй, арышта-арыштай басты.

Айрым окумуштуулар чакчыл -й мүчөсүнүн чыгышын төмөнкүдөй тилдик фактылар менен байланышта карашат:

Орхон-енисей жазма эстеликтеринин тилинде үндүү менен аяктаган этишке чакчыл -а, -у мүчөсү жалганганда, үнгү менен мүчөнүн

аралыгындагы бөлүнүүнү жоюп, аларды өз ара данакерлеп туруу үчүн ортого й тыбышы кошулуп айтылуучу: йыгла-й-у (ыйлай), башла-й-у (баштап), йи-й-у (жеп).

Бул сыяктуу көрүнүш азыркы азербайжан, түрк, гагауз тилдери үчүн да мүнөздүү: азер. оху-й-а-оху-й-а (окуй-окуй), түрк. гүле-ойни-й-а (күлүп-ойноп), гаг. алма-й-а (албай). Ал эми башка түрк тилдеринде (азыркы кыргыз тилинде да) тилдин өсүш процессинде мындай түзүлүштөгү этиштердин аягындагы чакчыл -а мүчөсү түшүп калып, анын ордуна ортого кошулуп айтылуучу й тыбышы чакчыл форма катары кабыл алынып калган[I].

Чакчыл -а формасынын терс түрү -бай (-ба—терс уланды, -й — чакчыл форма): Алиман күлкайырларды жыйнап алып, буудай арасы менен унчукпай кетип бара жатат (Ч.А.).

Чакчылдардын грамматикалык мааниси негизинен этиштик негиздин лексикалык маанисине байланыштуу келип чыгат.

-а, -й формасындагы чакчылдар маани жагынан:

I) Көбүнчө өзүнөн кийинки негизги кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө болгондугун туюндурат. Ошону менен бирге ошол негизги кыймыл-аракет менен бир убакта параллелдүү болгон аракетти да билдирет: Сүйүмкан менен Алым эптеңдеше кирип келишти (К.Ж.). Түлкүбек отургандарга айландыра карады (К.Ж.). Айтике куржунду мойнуна салып, ылдамдай басты (А.Т.).

Бул формадагы чакчылдар кээде негизги кыймыл-аракеттен мурунураак болгон кыймыл-аракетти да билдирип калат: Сабак бүтө үйгө келдим (эң мурун сабак бүттү, анан үйгө келди). Жумуштан келе үй тиричилигине киришет (Н.Б.) (алды менен жумуштан келип, анан үй тиричилигине киришет).

I) Кара: Рамстедт Г.И. Введение в алтайское языкознание. Морфология, М., 1957, 108-б.; Батманов И.А. Грамматика киргизского языка, вып. III, 1940, 25-б.

2) Негизги кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтөт: Чатактын түйүну бара чечилер (Т.С.). Ат дабышын уга жабыла эшикке чыктык. Келаткан автобусту көрө сүйүнүп кеттик. Бул сүйлөмдөгү бара, уга, көрө деген чакчылдар качан? деген суроого жооп берип, өзүнөн кийинки негизги кыймыл-аракеттин болгон мезгилин туюндуруп турат.

3) Негизги кыймыл-аракеттин кандай күч менен, кандай деңгээлде аткарылгандыгын билдирет: Дос күйдүрө айтат, душман күлдүрө айтат (Макал). Мергенчи акунун төбөсүн оё чааптыр. Быйыл биз планды ашыра орундаттык.

4) Негизги кыймыл-аракеттин жүзөгө ашырылышы үчүн зарыл керектүү болгон шартты билдирет. Мындай учурда чакчыл дайыма терс формада айтылат: Талаптанбай муратка жетпейт (Макал). Мындагы талаптанбай деген чакчыл максатка жетишүүнүн шартын билдирип турат. Бирок шарттык маанинин жөнөкөй сүйлөм ичинде келген чакчыл аркылуу берилиши тилибизде аз учурайт. Шарттык маанини берүүдө көбүнчө терс формадагы (-бай) чакчыл багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келет да, баш сүйлөм билдирген ойдун аткарылыш шартын көрсөтөт; баш сүйлөмдүн баяндоочу да дайыма терс формадагы келер чакта айтылат: Күн жылыбай, жер көгөрбөйт. Жан кыйналбай, жумуш бүтпейт (Макал). Ынтымак болбой, иш оңолбойт (Макал). Мындагы баяндоочу терс формадагы чакчылдан болгон багыныңкы сүйлөмдөр жердин көгөрүшү, жумуштун бүтүшү, иштин оңолушу үчүн зарыл керек болоо турган шартты билдирип турушат.

5) Негизги кыймыл-аракеттин себебин билдирет: Коңкаргаев бул карацгы үйдө олтура-олтура чарчады (Т.С.). Өзүңүз алдагы скелетти тааныбай коркуп олтурасыз (Т.С.). Бул сүйлөмдөрдөгү белгиленген чакчылдар эмнеликтен? деген суроого жооп берип, чарчагандыктын жана коркуп отургандыктын себебин көрсөтүп турат.

Себепти көрсөтүүдө көбүнчө терс формадагы (-бай) чакчыл багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келет да, анан баш сүйлөмдөгү ойдун себебин туюндурат, баш сүйлөмдүн баяндоочу дайыма өткөн чакта айтылат: Алым убагында келбей, театрга барбай калдык. Тоюткорлор жетиштүү камдалбай, кышында мал чыгашага учурады. Мында баяндоочу келбей, камдалбай деген терс формадагы чакчылдардан болгон багыныңкы сүйлөмдөр эмнеликтен? эмне себептүү? деген суроолорго жооп берип, баш сүйлөмдөр билдирген натыйжанын чыгыш себебин көрсөтүп турат.

-а, -й формасындагы чакчылдар кайталанып да айтылат. Мындай учурда алар бир нече ирет кайталанган, узакка созулган кыймыл-аракетти билдирет: Султан жөнөп жаткан жан жолдошун кыса-кыса кучактады. Энтиге-энтиге басып, ал жерге мугалимдер да келишти (Т.С.).

-ып формасындагы чакчылдар.

Бул да байыркы мүчөлөрдүн бири. Ал орхон-енисей эстеликтеринде -ып, -ип, -п варианттары менен кездешет: алып, сүңүсип (согушуп), ~~ал-ып, сүңүс-ип (согушуп)~~ ти-п (деп).

Кыргыз тилинде бул форма башка чакчыл формаларга караганда өтө активдүү колдонулат. Айрым этиштик уңгуларга -ып мүчөсү жалганганда, уңгу менен мүчөнүн бир басымга биригип айтылышынын натыйжасында булар төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүгө учурайт:

а) Этиштик уңгу бир муундан туруп, аягы 'п' тыбышы менен аяктаса жана уңгудагы үндүү кең үндүү болсо, ага чакчыл -ып мүчөсү уланганда, уңгунун аяккы 'п' тыбышы жана мүчөнүн башындагы 'ы' түшүп калат да, уңгудагы кең үндүү созулуп айтылат: чап+ып > чаап; тап+ып > таап; теп+ып > тээп; өп+ып > ээп;

б) этиштик уңгу бир муундан туруп, аягы 'м' тыбышы менен бүтсө, ага чакчыл -ып уланганда, мүчөнүн башындагы 'ы' түшүп калат да, уңгудагы үндүү созулуп айтылат: там+ып > таамп; эм+ып > ээмп;

көм+ып > көөмп; жум+ып > жуумп.

Кээде мындай сөздөр тыбыштык өзгөрүүлөргө учурабай, толук түрүндө да колдонулат: Көзду жумуп үйүңөргө сүзө качырып келип калдык., жеңе, кечиресиз! ... (А.У.) Эскилиги жеткен үйүнүн төбөсүнөн тамчы тамып туруптур.

-ып формасындагы чакчылдар да этиштик негиздин лексикалык маанисине карай ар түрдүү маанилерди туюндурат:

1) Көбүнчө негизги кыймыл аракеттин ...андайча, к ...ди мүнөздө аткарылгандыгын көрсөтөт. Ошону менен бирге ошол негизги кыймыл-аракеттен мурда болгон кыймылды билдирет: Данияр өчүп бараткан отту үйлөп күйгүзду (Ч.А.). Күрөшкө эки жигитти чечинтип чыгарышты (Т.С.). Ал кийинип чыкты.

Ушуну менен бирге -ып формасындагы чакчылдар өзүнөн кийинки негизги кыймыл—аракет менен бир эле убакта бирге болгон кыймылды көрсөтө берет: Тек улам бирин бири жалдырап карашат (К.Ж.) Чүйгүндөлүп салынган эт боркулдап кайнай баштады (К.Ж.). Мен болсом кыткылыктап күлө бердим (Ч.А.)

2) Негизги кыймыл-аракеттин аткарылыш себебин көрсөтөт: Нанга тоюп кутурган Миң-Дөбөнүн эшеги (Токтогул). Бала коркуп ыйлады. Баятадан жаагын жаныпырдап жүрду эле, эми жакын келген Темирден уялып жаагын басты (Т.С.). Бул сүйлөмдөгү белгиленген чакчылдар эмнеликтен? эмне себептен? деген суроолорго жооп берип, негизги кыймыл - аракеттин себебин билдирип турат.

3) Негизги кыймыл - аракеттин мезгилин көрсөтөт: Мен ага иштен келатып жолуккам. Бул сүйлөмдөгү келатып деген чакчыл качан? деген суроого жооп берип, бирөөгө качан жолуккандыгын, жолукканмезгилин билдирип турат.

4) Максатты билдирет: Мында Султанды издеп келгенбиз. Тоого аң уулап чыкканбыз.

Бул сүйлөмдөрдөгү издеп, аң уулап деген чакчылдар эмнеге?, эмне максат менен? деген суроолорго жооп берип, негизги кыймыл - аракеттин аткарылыш максатын туюндуруп турат.

5) Негизги кыймыл - аракеттин кандай деңгелде болгондугун, өлчөмүн билдирет: дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат (Макал). Жамгыр кайрадан күчөп жаай баштады. Быйыл планды ашырып орундаттык.

- ып формасындагы чакчылдар башка маанилерине караганда негизги кыймыл-аракеттин маанисин тактоо, анын кандай мүнөздү болгондугун көрсөтүү маанисинде кеңири колдонулат.

Чакчыл формалардын ичинен -ып мүчөсү колдонууга өтө ийкемдүү. Ал поэзияда, өзгөчө фольклордук чыгармаларда уйкаштыкты сактоо максатында кеңири колдонулат:

Оводон жылдыз быркырап,
Торгойдун баары чуркурап,
Күкүктүн баары чакырып,
Бадалдан бугу бышкырып,
Марчадан элик бакырып,
Тоосунан улар чакырып,
Ителги көктө баркылдап,
Асманда бүркүт шаңшышып,
Эчкиси тоодо бышкырып,
Бар айбанат үн салып,
Эркин жүргөн баарысы ("Манас").

-ып формасындагы чакчылдарга салыштырма атоочтун -ыраак мүчөсү улана берет, маниси жагынан кыймыл-аракеттин аткарылыш даражасын төмөндөтүп, начарлатып көрсөтөт: Ал күлүбүрөөк сүйлөдү. Ормуш менин алдыма коркубураак кирди.

-ып формасындагы чакчылдардын терс түрү да -бай формасы аркылуу берилет: шашып келди - шашпай келди, тартынып сүйлөду - тартынбай сүйлөду

Тилибизде -ып, -а, -й формасындагы татаал чакчылдар да көздешет, алар татаал этиштерден жасалат: Дилде койгон кыйыкка тийгизе албай түңүлдү ("Кожожаш"). О, Надежда байбиче, уулуңузду күлүп отурып узатыңыз (Т.С.).

Кыргыз тилинде көп сөздөрдүн тобуна кире турган -ып, -а формасындагы татаал чакчылдар да көп учурайт. Алар үзгүлтүксүз кайталанган, узакка созулган кыймыл-аракетти билдирет, же кыймыл-аракетти күчөтүп көрсөтөт. Алар төмөнкүчө уюшулат:

1) Бир сөздүн кайталанып айтылышы аркылуу: бара-бара, ойлоно-ойлоно, сүйлөй-сүйлөй, батыра-батыра, тама-тама, көрө-көрө, чыңырып - чыңырып, өксүп-өксүп, кысып-кысып, келпип-келпип, ыкшып-ыкшып, силкип-силкип, энтигип-энтигип ж.б. Тама-тама көл курулат, өсө-өсө эл жыйылат (Макал). Аялдардын кай бирлери жылып-жылып жоголду (К.Ж.)

2) Маанилеш эки сөздүн катар айтылышы менен: төкпөй-чачпай, жалынып-жалбарып, ашыгып-шашып, силкип-күбүп, ашып-ташып, какап-чакап, өнүп-өсүп, сезип-билип, уруп сабап, кобурап-жобурап, көбүрүп-кабырып. Чабармандар ашыгып-шашып кирип келишти. Эне көптөн бери көрө элек кызына жалынып-жалбарып отурду.

3) Карама-каршы маанилүү эки сөздүн катар айтылышы аркылуу: тердеп-кургап, ачып-жуумп, келип-кетип, жыгыла-тура. Эки атчан тердеп-кургап биз турган жерге жакын келип калды (К.Ж.). Бала жыгыла-тура качып жөнөдү (М.Ж.).

4) Ар түрдүү маанидеги эки сөздүн катар айтылышы аркылуу: теминип-кагына, жаркырап-жайнап, ичип-жеп, көрүп-билип, өлүп-талып,

аттап-тондоп, ойноп-кулуп, кубуреп-шыбырап, алышып-көрүшүп, карсылдап-тарсылдап. Карим акем теминип-кагынып бастырып кетти (К.Ж.). Анан алар Нурматты аттап-тондоп качырып жиберет (К.Ж.).

5) Бир сөзгө толук мааниси белгисиз болгон экинчи бир сөздүн айкашып айтылышы менен: каргап-шилеп, убай-чубай, кызарып-татарып, тердеп-тепчип, ыйлап-сыктай, ыйлап-сыктап, алдап-соолап, илжип-силкип. Канетсин, байкуш кедей кейип-кепчип сүйлөп кетти (Т.С.). Түн ичинде го тердеп-тепчибей жакшы иштейбиз, бирок уйкуабдан келет да.

6) Бирдей эле сөздүн экинчисинин баш жагында с же, ж тыбышы кошулуп айтылышы аркылуу: эптеп-септеп, ойлоп-сойлоп, төгүп-сөгүп, кейип-сейип, эбиреп-жебиреп. Эбиреп-жебиреп Умсунайга кош айткан болду (Т.С.). Толткор жетишсиз болуп кыштан эптеп-септеп арац чыктык ("КТ").

7) Айрым турганда кандайдыр бир толук маани бере албаган эки сөздүн кош айтылышы менен: алмай-телмей, элеп-желеп, карпып-курпуп. Дагы көп эт беремин, бүгүнчө карпып-курпуп тоюп алгыла (К.Ж.). Командир экөөбүз тең алмай-телмей карап турабыз (К.Ж.). Бала жүрөгүнүн элеп-желеп согушун басып, эчкиге көз жүгүртту (К.Ж.).

8) Аягына чакчыл -а мүчөсү уланган негизги жана жардамчы этиштин айкашып айтылышы менен түзүлөт, жардамчы этиштин милдетин сал, бер деген сөздөр аткарат: уга сала, чыга сала, келе сала, көрө сала, бере сала, ала сала, кире бере, түшө бере. Келе сала күйөөсүн жулкулдатты (Т.С.). Ал кабинетине кире ар бирибизге тапшырманы бере баштады.

Башка түрк тилдериндегидей эле кыргыз тилинде да -а, -й, -ып формасындагы айрым чакчылдар тилдин өсүү процессинде өздөрүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, жандоочтук категорияга өтүп

кетишкен: карап, карай, карата, көздөй, көздөп, тартып, баштап, жараша ж.б. Булар жандоочу катары колдонулганда, багыттык, орундук, чөнөмдүүлүк, чектөө маанисин туюндурат: мектепке карай кетти, коктуну карап жөнөдү, кулубду карата басты;

Ошол таштан баштап // тартып чене: Алыңа жараша иш кыл, кылкыңа жараша ышкыр (Макал).

ТАТААЛ ЧАКЧЫЛ ФОРМАЛАР

- ганы (-галы) формасындагы чакчылдар.

Бул мүчө да байыркы мүчөлөрдүн бири, ал азыркы кыргыз тилиндегидей эле максатты билдирүү маанисинде орхон-енисей эстеликтеринде да кездешет: укгалы келти ("Бильге — каган", 28) - баш ийгени келди. Чакчылдын бул мүчөсү кыргыз адабий тилинде -ганы түрүндө колдонулат.

Бул форма составы жагынан атоочтуктун -ган мүчөсүнөн жана бардыкты билгизүүчү -лы (-луу) мүчөсүнөн турат. Бул карачай-балкар, кумык тилдеринин материалынан ачык көрүнөт: карач.— балк.-ганлы, -генли (-ган+лы), кумык.-ганлы, -генли (ган+лы). Бар экендикти билгизүүчү мүчөнүн алгачкы формасы -лыг, -лиг болгон; орхон-енисей эстеликтеринде: күчлиг (Тон. 20) - күчтүү, атлыг (Тон.4) - аттуу. Кыргыз тилинде бул мүчөнүн тутумундагы үндүү менен үнсүздүн турган айкалыш (ы+г) созулмага айланып, -луу, -луу формасына өткөн. Ал эми бир катар түрк тилдеринде байыркы -дыг мүчөсүнүн аяккы "г" тыбышы түшүп калып, кумык, казак, каракалпак, азербайжан, түркмөн тилдеринде -лы, -ли, түрк, өзбек тилдеринде -ли, татар тилдеринде -лы, -ле формасына өткөн.Бул мүчө кыргыз тилинде да -лы, -лу, -ты түрүндө айрым топонимдердин составында учурайт: Арчалы, Чырпыкты, Майлы-Сай.

Чакчыл -ганы мүчесү алтай, казак, каракалпак тилдеринде -гады, -гели, өзбек тилинде -гады түрүндө колдонулат. -ганы жана -гады формасынын чыгышы илимий эмгектерде төмөнкүчө түшүндүрүлөт: бул мүчөнүн тутумундагы н+л үнсүздөрүнүн айкалышы (ган+лы) тыбыштардын ээрчишүү законунун натыйжасында кээде лл > л ге (-ганли > -галли > -гали), экинчи бир учурда нн > н ге (-ганли > -ганни > -гани) өтүп кеткен[1]. Ал эми түрк, түркмөн, азербайжан тилдеринде -галы, -гели мүчөсүнүн башкы г тыбышы түшүп калып, -ады, -еди формасына өткөн (-алы < (г)алы, -еди < (г)еди[2]): азерб. ал-алы (алганы); түркм. дур—алы (турганы).

Кыргыз адабий тили үчүн -ганы, -гени формасы мүнөздүү. Түштүк диалектисинде -галы, -гели формасы да кеңири колдонулат: Күн жаганы келаткан (Кайлек р-ну). Окугалы келдиңби (Ош району). Түркүктөр тайыгалы турат (Өзгөн району).

Бул формадагы чакчылдар, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

I) Көбүнчө негизги кыймыл-аракеттин максатын туюндурат: Эне, элдин баары аскерлерди тоскону кетип бара жатышат (Ч.А.). Шадыбек ажы бир топ кишилери менен даткага учурашканы келет экен (А.Т.). Осмон айдаган жашылчаларын сугарганы кетти.

2) Негизги кыймыл-аракеттин белгилүү бир учурдан бери болуп келаткан мезгилин билдирет: Зарылды университетти бүткөнү көрө элекмин. Ал жайлоого кеткени келе элек.

Бул формадагы чакчылдар мазгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келип да, мезгилдик маанини туюндурат: Ал келгени, жылкы совхозу укмуштуудай байып кетти (Т.С.). Ошол митайым үстөл кучактаганы,

---

[1] Кононов А.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка, М., -Л., 1960, 243-б.

[2] Баскаков Н.А. Каракалпакский язык, II, Фонетика и морфология, ч. I, М., 1952, 471-б.

чыгым деле көбөйду (Т.С.).

-ганча, -гыча формасындагы чакчылдар.

Чакчылдардын бул формасы орхон-енисей эстеликтеринде -кунча, -кинче. түрүндө учурайт: буз-кунча (Онгин эстелиги (а), I)[1] — бузганча, жеңгенче: эшидме — кинче[2] - эшиткенче.

Бул форма -ган (атоочтуктун мүчөсү) + ча (чектөө маанисиндеги мүчө) мүчөлөрүнүн айкашынан уюшулган; -ча мүчөсү чак (мезгил, учур) деген бүтүн сөздөн чыккан. Ал сөз тилдин өсүш процессинде өзүнүн алгачкы толук маанисин жоготуп, аяккы "к" тыбышын түшүрүп, мүчөгө айланып кеткен. Бул пикирдин туура экендигине азыркы кыргыз тилинде -ча мүчөсүнүн алгачкы толук чак, чек формасында сакталып калган учурлары толук далил боло алат: Карагайдуу беттен жонго чыкканчакты мугалимдер эки ирет тыныгышты (Т.С.). Эл келгичекти, мен да суунун башына барып келе коеюн (Т.С.).

Кош аман бол көргүчөк,
Колду сунуп бергичек[3].

Чакчылдын -ганча формасы кээ бир түрк тилдеринде, Мисалы, өзбек тилинде -гунча, -кунча, кумык тилинде -гынча, -гинче, карачай — балкар тилинде -гынчы, -гинчи, уйгур тилинде -гичэ, -гичэ түрүндө колдонулат; түрк тилинде бул мүчөнүн башкы "г" тыбышы түшүп калып, -ынча, -инче болуп калган.

-ганча жана -гынча формалары негизинен бирдей: биринчиси -ган формасынан, экинчиси -гын формасынан чыгат. -ган жана -гын формалары чыгышы жагынан да, маниси жагынан да тектеш[4], - дейт проф. Н.К.Дмитриев.

---

1 МАЛОВ С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии, М., -., 1959, 9-б.
2 МАЛОВ С.Е. Енисейская письменность тюрков, М., -Л., 1952, 69-б.
3 БАКИНОВА Г. Кыргыз тилинин Ош говору, Ф., 1956, 71-б.
4 Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка, М., - Л., 1948, 145-б.

Мисалы: өзб. өзгунча (жазганча), уйг. киргичә (киргичә), түрк. гир-инче (киргенче).

Кыргыз тилинде бул мүчө көбүнчө -ганча, -генче жана -гынча, -гичә формасында колдонулат, кээде -гынча, -гинче түрүндө да кездешет:

Мен кедейге тийгичә,
Кезигип калсаң күйгүнчө,
Балдарым күл, сен малай,
Сенделип тирүү жүргөнчө,
Мен каракчы канга тийгенче,
Кадырына күйгүчө,
Казан асып сенделип,
Калкында тирүү жүргөнчө,
Каным жүрү кетели,
Качып жүрүп өтөлү ("Кедейкан").

-ганча, -гыча формасындагы чакчылдар мааниси жагынан негизги кыймыл-аракеттин боло турган, болгон мезгилин билдирет, кээде салыштыруу маанисин берип калат.

1) Эгерде негизги этиш созулуңку кыймыл-аракетти билдирсе, анда -ганча формасындагы чакчыл негизги кыймыл-аракеттин качанга чейин созулгандыгын, качанга чейин болгон чегин көрсөтөт, такгап айтканда, негизги кыймыл-аракеттин чакчыл туюндурган кыймыл-аракет башталганга чейин болуп келгендигин билдирет: Мусага көнгөнчө жардам бер ("КТ".). Балдар сууга үшүгөнчө түшүштү. Кеткиче Жамбыл менен бирге болуп, жаңырган биротоло ойн көрдүм (Тоголок Молдо).

Эгерде -ганча формасындагы чакчыл багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып, баш сүйлөмдүн баяндоочу созулуңку эмес,

ылдам болгон кыймыл-аракетти билдирсе, анда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келген чакчыл этиш туюндурган кыймыл-аракет аяктаганча, баш сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин аяктап бүтүп калгандыгын туюндурат: Мен жооп бергиче, ал жигит кек лик алган бүркүтчө мени кунанымдан чеңгелдеп ала койду (А.Т.). Со но суудан көтөрүлүп учканда, адис болгон ак шумкар зыпылдап жетип калды (К.Ж.).

3) Бул формадагы чакчылдар багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу бол келгенде, бир окуя менен экинчи окуяны, бир кыймыл-аракет менен экинчи кыймыл-аракетти салыштырып да көрсөтөт: Кудаалыча салпала тап миң жыл өмүр сүргүчө, барчындай ат асманга чалкып бир жыл өмү сүр (К.Ж.). Жатып өлгүчө, атып өл (Макал). Жээн келгиче, жети бе- рү келсин (Макал). Тек турганча, тегин иште (Макал).

4) -ганча формасындагы чакчылдар аз да болсо, бир нерсенин кандай даражада экендигин, чөнөм, өлчөм маанисин да билдирет: Ма танганча бар экен.

5) Айрым учурларда бул формадагы чакчылдар негизги кыймыл-а кеттен мурда болгон кыймылды да билдирип калат: Устага балтамды таштадым эле, таптаса балтамды алганча тегирменге мынабу буудайд жүгүртө келейин дедим - деп, Турду алдында салынган бир пуддай буудайды көрсөттү (Т.С.). Акбардын үй-бүлөсүн көчүрүп жеткиргиче ошону өзүнөргө айтып эскертип коеюн деп атайы келдим! - деди (А.

(—) Бул сүйлөмдөрдө субъектинин биринчи кезектеги максаты алды менен "алганча", көчүрүп жеткиргиче" деген чакчылдар билдирип ту ган, ишти(кыймыл-аракетти) аткаруу, ошол биринчи кезектеги ишти аткарган соң, кийинки негизги этиш билдирген кыймыл-аракетти да орундата кетүү болуп эсептелет.

-ганча, -гыча формасындагы чакчылдардын минтип "негизги кый- мыл-аракеттен алдын болгон кыймылды көрсөтүү" мааниси кыргыз тил

нин түштүк говорлорунда да кездешет:

Макәни көргүчө шактагы кетменди ала кел (Ноокат району) = "Макани көрүп, шактагы кетменди ала кел" деген мааниде. Тегирменге барганча отун ала келдим (Куршаб району). = "Тегирменге барып, ала келдим"деген мааниде.

Түштүк говорлорунда бул формадагы чакчыл негизги кыймыл-аракеттин менен бир учурда параллелдүү болгон кыймылды да билдирет: Аштан аганча отурун (Ноокат району) = адаб. тилде: Аштан ала отуруңуз.

Кээ бир учурдарда -ганча, -гыча формасы -гычакты, -гичекти (ган+чак+ты) түрүндө да колдонулуп калат. Бул форма да чыгышы (этимологиясы) жана мааниси жагынан -ганча -гиче формасы менен бирдей. Ошондуктан бул мүчөнү да чакчыл форма катары кароого туура келет. Кош айтышкан Касейин тизгинин жыйгычакты, Бакас узай берди (Т.С.)

-МАЙЫНЧА ФОРМАСЫНДАГЫ ЧАКЧЫЛДАР

Бул мүчө төмөнкүдөй составдык бөлүктөрдөн турат: -ма—терс уландынын байыркы формасы; -йын—байыркы чакчыл форма; -ча—чектик билдирүүчү мүчө (-ма+йын+ча). Орхон-енисей эстеликтеринде чакчылды уюштуруучу -йын формасы болгон: тийин[1] (ти (де) +йин) = кырг. де. Бул мүчө терс формадагы этиштен кийин да уланып айтылган: канун болмайын[2] (бол+ма+йын) = каным менен болмоюн. Байыркы чакчыл - йын мүчөсү азыркы кыргыз тилинде жок болуп кеткен, -майынча мүчөсүнүн составында гана калдык катары сакталып калган. Ушинтип -ма + йын +ча мүчөлөрү азыркы кыргыз тилинде бирдиктүү бир формага айланып, чакчыл этишти уюштура турган болуп калган.

-майынча формасындагы чакчылдар негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

I) Негизинен мезгилдик маанини билдирет. Мындай учурда негизги этиш туюндурган кыймыл-аракеттин чакчыл этиш билдирген кыймыл-

---

1 МАЛОВ С.Е. Памятники древнетюркской письменности, М.,-Л.,1951

2 МАЛОВ С.Е. Жогорку эмгек, 61-б.

аракет иштелип бүткөнчө созула берерин көрсөтөт: Бул өрдөктөрдүн тукумун соолтмоюнча кетпейм (К.Ж.). Ырдамайынча көргөзбөйм да, бербейм (Ш.Б.) Мен жолдошторумдун артынан жетмейинче тынбайм (Т.С.)

-Майынча формасындагы чакчылдар көбүнчө татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу катары келип, баш сүйлөмдүн баяндоочу билдирген негизги кыймыл-аракеттин аткарылыш мезгилин көрсөтөт: Сергей үйлөнмөйүнчө, анын карындашы турмушка чыгуу жөнүндө ойлоп да коюш керек эмес (Т.С.). Бала ыйламайынча, эмчек кайда (Макал).

Айрым учурларда мындай багыныңкы татаал сүйлөмдөрдө мезгилдик маани менен бирге кошумча шарттык маани да бардай сезилип турат, б. мындай учурда мезгилдик — шарттык маани кабаттала жүрөт:

Мисалы: Жер семиртүүчтөр көп чачылмайынча, пахтадан мол түшүм алынбайт. Жамгыр жаамайынча, жер көгөрбөйт. Мындагы баяндоочу - майынча формасындагы чакчылдан болгон багыныңкы сүйлөмдөр, бир жагынан качанга чейин пахтадан мол түшүм алууга болбостугун жана качанга чейин жер көгөрбөй тургандыгын, б.а. анын мезгилин көрсөтүп турса, экинчи жагынан, пахтадан мол түшүм алуунун жана жердин көгөрүшүнүн шартын да туюндуруп турат.

Чакчылдын -майынча мүчөсү кээде кыскарып, -майын формасында да колдонулат; мааниси бпонча толук түрүнөн айырмаланбайт: Бузукулар бул жерден айдалмайын, иш оң акпайт (Т.С.). Сен бармайын, иш бүтпөй План орундалмайын, тыным жок.

Тилдин өнүгүү процессинде чакчыл формадагы айрым сөздөр уланган мүчөсү менен бирдикте сөнөк формага өтүп жана семантикалык жагынан да өзгөртүүгө учурап, тактооч же жандооч категориясына өтүп кеткен: кайра келди, кайта кетти, кошо келди, толтура куйду (тактоочтор); мектепке карап кетти, шаарга карата жол тарттык, үйдү көз

дей чуркады (жандоочтор).

Кээ бир чакчыл формалар тактооч жасоочу мүчөлөрдүн тутумунда да учурайт: -дап (да+ып), -дай (да++й), -дата (да-т-а), -чылап (чы+ла+ып): күндөп-түндөп, акчалай алдым, акчалата бердим, мышыкчылап мыеолоду.

Magdalena Adogtor

ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР

Жардамчы атоочтор – кызматчы сөздөрдүн өзгөчө бир түрү. Азыркы кыргыз тилинде мындай сөздөрдүн асты, үсти, алды, ичи, арт, орто, жан сыяктуу мейкиндик маанидеги зат атоочторлун негизинде пайда болгон сөздөр кирет. Кызматчы сөздөрдүн көпчулугу тарыхый жактан толук маанилүү бүтүн сөздөрдөн келип чыгат. Толук маанилүү сөздөр кызматчы сөздөргө өткөндө лексикалык мааниси кудуртөнүп, начарлайт (карай < кара (этиш) + й, көздөй < көздө (этиш) + й, сыяктуу < сыяк (зат ат.) + луу), же бара-бара лексикалык маанисин жоготот (жана < жан (кайтуу) + а, шекилдүү < шеки-л+дүү, бирок < бир (сан ат.) + ок – бөлүкчө), айрымдары болсо кызматчы сөздүн катарына толук өтүп кете элек болот да, бирде толук маанисинде колдонулса, бирде кызматчы сөздүн мааниде колдонулат. Салыштыр: Алар бери келатышат (бери – срун тактооч). Султан күздөн бери келе элек. (бери – жандооч).

Жардамчы атоочтор да көздө өзүнүн толук маанисинде колдонулса, көздө лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүн маанисинде колдонулуп калат. Эгерде жардамчы атоочтор грамматикалык жөндөмөлөрдүн (атооч, илик, табыш) биринде турса, өзүнүн толук лексикалык маанисин сактап, заттык түшүнүктү билдирет. Мындай учурда алар өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло алат; эгерде алар синтаксистик жактан ажырагыс сөз айкашынын тутумунда келсе, өзү айкашкан сөз менен бирдикте сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат: Ал жалгыз аяк жолдун асты типтик жар экен. Ал токол тамдын үстүнүн калыңдыгы 30 сантиметрче бар экен. Туруптур, үстүндүкүбүйүн (К.О.). Кепенин жаны жоо чапкандай томсорот (К.О.).

Жардамчы атоочтор кызматчы сөз катары колдонулганда, ага таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрдүн (барыш, жатыш, чыгыштын) бир мүчөсү уланат жана өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөт. Жардамчы ат-

оочтор минтип изафеттик айкаштын тутумуна келгенде, алдындагы сөз менен грамматикалык жана маани жактан өз ара тыгыз байланышта айтылат. Демек мындай учурда жардамчы атооч өзүнчө жеке туруп түшүнүк бербестен, алдындагы өзү менен айкашып айтылган иликтеги сөз менен бирге бирдиктүү бир маанини түзүп, дайыма мейкиндик жана мезгилдик катышты туюндурат, сүйлөм ичинде тутумдаш мүчөлүк милдетти аткарат: Үйдүн ичинде шам күйүп турат (К.О.). Эки жакты абайлай секин басып, ал үндүн жанына келди (К.О.). Ушул учурда көпчүлүктүн арасынан кейиген үн чыкты (К.О.). Ал күн батардын алдында келди. Бул сүйлөмдөрдүн тутумундагы ичинде, жанына, арасынан, алдында деген жардамчы атоочтордун аягына З-жактын таандык мүчөсү, андан соң жатыш, барыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсү жалганып, алдындагы иликтеги сөз менен бирдикте изафеттик айкашты түзүп турат. Бул ар өзүнчө жеке туруп маани бербейт, алдындагы иликтеги сөз менен бирге келип, бирдиктүү бир маанини туюндуруп, орундук жана мезгилдик катышты билдирип турат; сүйлөм ичинде тутумдаш орун бышыктоочтук жана мезгил бышыктоочтук милдетти аткарышат.

Жардамчы атоочтор изафеттик айкаштын составында айтылганда гана кызматчы сөздүк функцияны аткарат. Эгер алар илик жөндөмөдөгү сөз менен айкашпай, сүйлөм ичинде өз алдынча колдонулса, анда алар жардамчы атоочтук функцияда эмес, өзүнүн зат атоочтук толук маанисинде эле колдонулган болот. Мындай учурда алар өзүнчө туруп эле сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алат: Биз кайра тартканда, алдыбыздан Данияр кезиге турган (Ч.А.), Исак менен Султангазыны жаныма чакырып алдым (К.Б.).

Жардамчы атоочтор, адатта, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтөт: Керим сарайга келди. Мында Керимдин келген жери жалпысынан гана көрсөтүлүп турат. Эгерде Керим сарайдын жанына келди, Керим сарайдын алдына келди, Керим сарайдын түшуна келди десек, кыймыл - аракеттин жеткен жери, орду такталып, конкрет-

түү көрсөтүлдү.

Кээде жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөздүн аягындагы жөндөмө мүчө түшүрүлүп да айтылат. Көбүнчө жардамчы атооч туюндурган түшүнүктүн эмнеге тиешелүү экендиги конкреттүү көрсөтүлбөй, жалпы көрсөтүлсө, алдындагы илик жөндөмөдөгү сөз мүчөсүз айтылат: Салыштыр: жердин астында - жер астында, суунун боюнда - суу боюнда, жардын башында - жар башында. Бир кезде эшик алдына араба келип токтоду (К.Б.). Тоо башында бирин-серин булут бар. Азербайжанда нефть жер астында эле болбостон, суу астында да толуп жатат.

Кээ бир жардамчы атооч формасындагы сөздөр (башында, башынан, алдыда, алдыга, астына, астыга, алдыдан) конкреттүү заттык маанисинен четтеп, жалпыланган мейкиндик же мезгилдик маанини туюндуруп, тактоочко өтүп кеткен. Алар сүйлөм тизмегинде келгенде, жардамчы атоочтор сыяктанып, илик жөдөмөдөгү сөз менен айкашып айтылбай эле, өзүнчө туруп кыймыл-аракеттин болгон мезгилин же ордун билдирет: Башынан билем мен сени, Балыктын уулу Найманым (Токтогул). Башында биз шаарда жашачубуз. Жээрде аттын басыгына маашыр болуп, Дөөлөт алдыда келатат (К.О.). Акбар жулунуп астыга чыга калды (К.Б.).

Кээ бир түрк (мисалы, өзбек, кара-калпак) тилдеринде жардамчы атоочтор "жандооч-атоочтор" деген термин менен жандоочтордун бир түрү катары каралат[1]). Чынында да, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда айрым бир окшоштуктар бар,:

а) экөө тең байланышкан сөзүнөн кийин келет, жана алдындагы жөндөмөнүн маанисин толуктап тактап көрсөтөт. Жөндөмө мүчөлөр жетиштүү туюндура албаган маани жардамчы атоочтор жана жандооктор аркылуу толукталып берилет. Салыштыр: Ал шаарга үй курду. - Ал шаардын четине үй курду. Керим мектепке кетти. - Керим мек-

1 А.Н.Кононов. Грамматика современного узбекского литературного языка. М.,Л., 1960, 314-б. Н.А.Баскаков. Каракалпакский язык, ч.I, М., 1952 482-б.

тепке карай кетти.

б) Жардамчы ат атооч да, жандооч да кызматчы сөздөрдүн тобуна киргендиктен, алдындагы байланышкан сөзү менен бирдикте туруп, толук маанидеги сөз айкашын уюштура алышпайт. Мисалы: короонун сыртына, сарайды көздөй деген тизмектер түзүлүшү жагынан да; мааниси жагынан да толук уюшулган сөз айкашы боло алышпайт, алардан кийин кандайдыр дагы бир сөздүн кошулуп айтылышы зарыл экендиги сезилип турат. Ошондуктан бул сыяктуу жардамчы атоочтук, же жандоочтук айкаштар алдындагы байланышкан сөзү менен бирдикте экинчи бир сөзгө (этишке) багыныңкы компонент катары келгенде гана түзүлүшү жана мааниси жагынан толук уюшулган сөз айкашы алынат: короонун сыртына чыгуу, сарайды көздөй басуу, үйдүн үстүнөн түшүү. Экинчи жагынан, мындай сөз айкаштарынын тутумундагы жардамчы атооч да, жандооч да алдындагы атооч сөз менен өзүнөн кийинки этишти байланыштыруучу каражаттын (элементтин) милдетин да аткарат.

Бул сыяктуу жалпы окшоштуктары менен бирге, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда чоң айырмачылыктар да бар: Биринчиден, өзгөчө, нагыз жандоочтор, өзүлөрүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, абстракцияланып, биротоло жардамчы сөздөрдүн катарына өтүп кеткен: менен, үчүн, сайын, чейин, аркылуу ж.б.

Жардамчы атоочтордо болсо лексикалык мааниси көбүрөөк деңгээлде сакталып калган, ошондуктан алар негизинен жардамчы сөз катары колдонулуу менен бирге, кээде, өзүлөрүнүн толук лексикалык (зат атоочтук) маанисинде да колдонула берет (... бетти караңыз): аст(ы), үст(ү), алд(ы), жан, ич ж.б.

Экинчиден, жандоочтор грамматикалык жагынан өзгөрбөй турган сөздөр. Жардамчы атоочторго болсо, тескерисинче, таандык уланды

жана мейкиндик жөндөмөлөрдүн мүчөсү улана берет.

Үчүнчүдөн, жандоочтор атооч, барыш, чыгыш, табыш жөндөмөлөрүндөгү сөздөр менен айкашып айтылса (жол менен, мындан ары, фермага чейин, мектепти көздөй), жардамчы атоочтор дайыма илик жөндөмөдөгү сөз менен айкашып айтылат (тоонун башында, арабанын үстүнө).

Төртүнчүдөн, жандоочтор атоочтордун , атооч менен этиштин ортосундагы ар түрдүү грамматикалык катышты билдирет; жардамчы атоочтор бул сыяктуу катышты билдирүүдө менен бирге, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин да толуктап, тактап көрсөтөт. Ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карап, жардамчы атоочтор менен жандоочторду кызматчы сөздөрдүн өзүнчө түрү катарында айрым-айрым кароо ылайыктуу.

Жардамчы атоочтордун морфологиялык түзүлүшү төмөнкүдөй: а) үнгүсү орундук маанини туюндурат; б) ага таандык уланды жалганат; в) андан соң мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринин мүчөсү уланат: г) дайыма алды жагындагы иликтеги сөз менен айкашып айтылып, мейкиндик, кээде мезгилдик катышты туюндурат: үйдүн алд+ы+нда, үйдүн жан+ы+на, үйдүн аст+ы+нан; бир жылдын ич+и+нде, жөнөрдүн алд+ы+нда.

Мына ушинтип, алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, өзү менен айкашкан иликтеги сөз менен бирдикте туруп мейкиндик, кээде мезгилдик маанини туюндуруучу кызматчы сөздөр жардамчы атоочтор деп аталат.

Жардамчы атоочтордо лексикалык мааниси менен ага уланган (мейкиндик) жөндөмө мүчөнүн грамматикалык мааниси өз ара жуурулушуп (тыгыз байланышып) келип бирдиктүү бир маанини туюндурат.

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор төмөнкүлөр: үст(ү), аст(ы), алд(ы), ич(и), төбө, баш, бет, туп, жак, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой, орто, ара.

Булар маанисине карай төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

I) Заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчүлөр: үстү, төбө, баш, бет, асты, түп, алды.

2) Заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчүлөр: жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой.

3) Заттын ич-аралыгын билдирүүчүлөр: ич, ара, орто.

I. Заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчү жардамчы атоочтор

Үстү - бир нерсенин жогорку, үстүнкү бети, үстүнкү бөлүгү. Жардамчы атоочторго барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсү уланып айтылат. Барыш, чыгыш жөндөмөсүндө турганда көбүнчө кыймыл этиш менен байланышып, кыймыл-аракеттин багытталган же башталып чыккан ордун көрсөтөт; жатыш жөндөмөсүндө турганда көбүнчө статикалык (абалдык) маанидеги этиш менен байланышып, кыймыл-аракеттин болгон ордун көрсөтөт.

I. Үстү жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө айтылса а) кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын үстүнкү бетине, үстү жагындагы бош мейкиндикке же болбосо жалпы эле заттын жогору жагына багытталгандыгын, же ошол жерлерде болгондугун (болгон ордун) көрсөтөт: Таабалды кызыл түйүнчөктү столдун үстүнө койду (К.Бек.). Каракол суусунун үстүнө салынган көпүрөгө келип токтошту (К.Б.). Айылдын үстүнө жетип, дөбөгө акыркы жолу дем алат (Ч.А.).

б) Айрым учурларда үстүнө жардамчы атоочу маани жагынан абстракцияланат да, кыймыл-аракеттин бирөөлөр отурган жерге багытталгандыгын билдирет: Бир аздан кийин атасынын үстүнө Сулайман менен Чынгысты кийиришти (К.О). Зубков мастерскойдогу жумушчулардын үстүнө кирди. (К.Бек.).

в) Маани жагынан абстакцияланып жана сүйлөмдүн лексикалык составына ылайык, кандайдыр бир нерсенин үстүнө дагы экинчи бир

нерсенин кошулгандыгын, күчөтүү маанисин да туюндурат: Күтпөгөн жерден тикенге таманын тештирип алып, кайгынын үстүнө азап кошулду (К.О.). Ваняга учук жармашканы аз келгенсип, анын үстүнө кабыргасынан кагынат (К.Бек.). Айыл ичинде ушак үстүнө ушак күчөдү.

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда: а) Кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде, же анын үсту жагындагы бош мейкиндикте болгондугун көрсөтөт:

Данияр арабанын үстүндө турган экен (Ч.А.). Чабалекейлер кара жолдун үстүндө аркы-терки кайып учушат (К.Бек.).

б) Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир иш, окуя жүрүп жаткан учурда болгондугун билдирет: Абыл отор үстүндө атасы менен бирге болду (К.О.). Ушуну эсиңе ал, Каратай, сенин ордуң сугаттын үстүндө болуу керек (Ч.А.). Бүгүн кечке кош айдоонун үстүндө болдум; иш үстүндө жолугуу.

в) Айрым учурда маани жагынан абстракцияланып, аракеттин кандай абалда, кандай шартта болгондугун туюндурат: Сансыз өлүм үстүндө жатыптыр (К.Ж.). Окуучулар чоң кубанычтын үстүндө олтурушту. Коноктор Сапарбайдын үйүндө сый үстүндө болушту (Т.С.).

г) Үстүндө жардамчы атоочу катышкан айкаштын айрымдары об"ектилик катышты билдирип, аракет багытталган затты көрсөтөт: диссертациянын үстүндө эмгектенүү, пландын үстүндө иштөө, романдын үстүндө иштөө, кол жазманын үстүндө иштөө.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде: а) Кыймыл-аракеттин бир нерсенин үстүнөн башталып чыккандыгын, же кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде, же болбосо жалпы эле үсту жагында болгон ордун билдирет: Мен бери жакта арабанын үстүнөн чөп түшүрүп жатат элем. (Ч.А.). Жаманды төө үстүнөн ит кабат (Макал). Жардын үстүнөн шоссе жол өтөт (С.С.).

Кыймыл-аракет заттын үстү жагындагы бош мейкиндик аркылуу болуп өткөндүгүн баяндайт: Жата калсам, менин үстүмдөн шуу этип өтүп кетти (К.О.). Талаанын үстүнөн чагылгандуу добул күркүрөп өткөндөй, айлана азыр тыптынч (Ч.А.)й.

б) Маани жагынан абстракцияланып, кыймыл-аракеттин бирөөгө каршы багытталгандыгын көрсөтөт: Мен губернаторго сенин үстүнөн даттанам (К.Бек.). Ушинтип өздөрүнүн үстүнөн арызданбаса, алар сени айыптуу кылып коюшат (М.Аб.). Алар Осмондун үстүнөн ушак жүргүзүштү.

в) Көөдө кыймыл-аракеттин кандайдыр бир иш, окуя болуп жаткан учурга туш келгендигин билдирет: иш үстүнөн жолугуу, тамактын үстүнөн чыкуу, жаңжалдын үстүнөн чыгуу, тамашанын үстүнөн чыгуу. Аскерлер укмуштуу жеңиштин үстүнөн чыгышты (А.Т.).

г) Бул жардамчы атооч катышкан айрым сөз айкаштары, составындагы сөздөрдүн лексикалык маанисине карай, бирөөлөрдүн үстүнөн жетекчилик кылуу маанисин берип калат: он кишинин үстүнөн жетекчилик кылуу, жыйырма кишинин үстүнөн кароо, беш кишинин үстүнөн бийлөө.

"Төбө" – баштын үстүнкү бөлүгү; кандайдыр бир заттын чокусу, эң жогорку бөлүгү. Бул сөз жардамчы атоочтук функцияда келгенде, конкреттүү семантикасы абстракцияланып, мейкиндик маанини туюндурат.

Төбө жардамчы атоочу мейкиндик мааниде колдонулганда үстү жардамчы атоочу менен маанилеш келет да, натыйжада экөөнү алмаштырып айта берүүгө болот: үйдүн төбөсүнө чыгуу – үйдүн үстүнө чыгуу, кыштактын төбөсүнө үчүп өтүү – кыштактын үстүнөн үчүп өтүү ж.б.

I) Бул жардамчы атооч, барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет заттын эң чокусундагы мейкиндикке багытталгандыгын билдирет:

Командир экөөбүз чокунун так төбөсүнө чыктык (К.Ж.). Ал көгүчкөн дайыма чатырдын төбөсүнө конуп отурат (Т.С.).

2). Жатыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракеттин белгилүү бир заттын үстүндө болгондугун, же жалпы эле бир нерсенин жогору жагындагы бош мейкиндикте болгондугун билдирет: Жалпак боз тамдын төбөсүндө баятан бери карайып бирдеме турган (Т.С.). Көөдө андан качып, отункананын төбөсүндө жатчумун (К.Б.). Ал эми менин төбөмдө жалтыраган туптуңук асман мелтирейт (К.Б.).

3) Төбө жардамчы атоочуна чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын чокусунан башталып чыккандыгын, же анын эң жогорку бөлүгүндө болгондугун, же болбосо заттын үстү жагындагы бош мейкиндик аркылуу болуп өткөндүгүн көрсөтөт: Жука жабылган үйлердүн төбөсүнөн тамчы агып, далайдын үйкусун алды (Ш.Б.) Атактуу жакшылар төрдүн төбөсүнөн орун алышты (К.Ж.). Кубалашкан көпөлөктөр биздин төбөбүздөн учуп өтөт (Т.С.).

Баш - жандуу заттардын башы; баштык, чөптүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн төрдүн кылда учу; кандайдыр бир заттын чокусу, башталган жери.

1) Бул жардамчы атооч барыш жөндөмөдө турса, кыймыл-аракет заттын кылда учуна, чокусуна, баш жагына, же башталган жерине багытталгандыгын көрсөтөт: Алар бир жерден экинчи жерге секиришип, буудайдын башына чыгышты (К.О.). Терезеден түшкөн күндүн шооласы кроваттын башына тийип турат (К.Б.). Көп узабай пахта талаасынын башына барып калдык (К.Б.).

2) Жардамчы атооч жатыш жөндөмөдө айтылса, аракеттин кандайдыр бир заттын кылда учунда, баш жагында, же башталган жеринде болгон ордун билдирет:

Төө куйруктардын башында сарайгырлар сайрашат (К.О.). Каныбек бийик асканын башында ырдап турат (К.Ж.). - Кош, Кымбат эне! - дедим, мүрзөнүн башында туруп (К.Ж.). Ал суунун башында калың чырка-

нак болор эле.

3) Жардамчы атоочко чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү уланса, кыймыл-аракеттин белгилүү бир заттын чокусунан, баш жагынан экинчи бир тарапка багытталып чыккандыгын көрсөтөт: Тоо башынан соккон муздак жел көңүлдү сергитет (К.Ж.). Экөө айтышып турганда, суунун башынан Ашыр келди (С.Ө).

Баш деген сөз жардамчы атоочтук функцияда келип, мезгилдик маанидеги сөз менен айкашса, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирет: Октябрдын башында бүтүп салган күздүктү (Осмонкул). Жаз башында кош айдоо башталды. Пахтабыз жакшы чыксын деп, жыл башынан тынбайбыз (Т.Ш.).

Контекстке карай көзде кандайдыр бир ишке бирөөнүн дайындалгандыгын, иштеген кызматын билдирет: Ал мезгилде өкмөт башында Петр I турган эле. Мамлекеттин башына демократтар келди.

Түркм. гүйзүң башында гезмек (Гр. туркм.., 425) - күздүн башында келүү, хөкимиет башында дурман (Гр. туркм., 286) - өкүмөт башында туруу; өзб. булок бошига бормок - булак башына баруу, булок бошидан келаяпман, том бошида утирмон (Узб.-р. сл., 85).

"Бет" жардамчы атоочу катышкан сөз айкаштары.

Бет - адамдын жүзү, өң жагы; заттын нерсенин үстүнкү, сырт жаккы тарабы.

1) Бет жардамчы атооч барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетине, мейкиндикке багытталгандыгын көрсөтөт: Таң сөгүлүп, жер бетине шооласын чачып калган (А.У.). Көл бетине нур чагылышат (Т.С.). Тебетейин жүк үстүнө коюп, дубалдын бетине көз жүгүртөт (К.О.).

2) Жатыш жөндөмөдө турса, кыймыл-аракеттин белгилүү бир заттын үстүнкү бетинде болгондугун (болгон ордун) билдирет: Дасторкондун бетинде дүйүм тамактар жайнайт (Т.С.). Акбар

ашуунун аркы бетинде жүрду (А.У.). Ал бийик зоонун бетинде камалып турган көп кийикке кездешет (К.О.).

3) Бул жардамчы атоочко чыгыш жөндөмөнүн формасы жалганса, кыймылдын кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинен башталып чыккандыгын, же анын үстүнкү бетиндеги мейкиндикте болгон ордун баяндайт: Өзү зооканын бетинен үчүп түштү (К.О.). Көл бетинен пароход көрүндү. Алардын сөлөкөтү тунук суунун бетинен көрүнүп турду.

Асты, алды деген жардамчы атоочтордун берген маанилери, негизинен бирдей: экөө тең заттын төменкү жагын, алды жагын, чукул бет маңдайын билдирет.

1) Бул жардамчы атооч барыш жөндөмөдө турса, кыймыл-аракеттин бир нерсенин ички жагына, заттын астына, төмөн жагына багытталгандыгын, же ошол жерде болгон ордун көрсөтөт: Колуна кармап келген мылтыгын Исмайыл куурайдын астына сундуруп жиберди (Ч.А.). Итике керебеттин астына кирип жатты (А.У.). Таабалды "Искраны" таштын алдына коюп кеткен (К.Бек).

Кыймылдын тигил же бул заттын чукул маңдай жагына, алды жагына багытталгандыгын көрсөтөт; Орто бойлуу ак жуумал келип түрменүн астына келди (А.Т.). Экөө Өскөнбайдын эшигинин алдына келишти (Т.С.).

Эгерде бул жардамчы атооч менен байланышкан иликтеги сөз адамга тиешелүү сөздөрдөн болсо, об"ектилик катышты билдирип, аракеттин кимге, эмнеге багытталгандыгын туюндуруп калат: Айыл чарба кызматкерлеринин алдына зор милдеттер коюлду.

2) Жатыш жөндөмөдө айтылса, а) кыймыл-аракет заттын ички жагында, астында, же алды жагында болгондугун билдирет: Жер астында жаткан кенин азыр көзүбүз көрө элек (С.С.). Ит арабанын астында жүрүп, мен тарттым дейт (Макал). Сугарууга алып бараткан да дайыма койлордун алдында жүргүлө (А.У.). Көз бир үйдүн алдында

бирди-жарым чал-кемпир отурат (К.Ж.).

Айрым убактарда об"ектилик катышты билдирип, кандайдыр бир белгинин кимде, эмнеде экендигин көрсөтөт: Эл агартуу кызматкерлеринин алдында жооптуу милдеттер турат.

б) Кээде мезгилдик катышты да билдирет. Мындай учурда бул жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөз көбүнчө мезгилдик маанидеги сөздөрдөн, кыймыл атоочтордон, - ар формасындагы атоочтуктардан болот: Чал таңдын алдында үзүлдү (К.О.). Ал жөнөрдүн алдында биздикине келип кеткен. Көпкө кармалып отурган Сагын эми тамактануунун астында сыртка чыгып кетти (К.О.). Кызыл борчуктун астына буудайды жаандын алдында сээп бүткөнбүз (К.Ж.). Мен үйгө сенин астында эле келгем (К.Ж.).

в) Кыймыл-аракет башка бирөөнүн катышуусу астында болгондугун туюндурат: Төр-аганын алдында Үметаалы шашып калды.(К.О.). Мени элдин алдында уят кылдың. Ал жолдошторунун алдында убада берди. Өзүн ушул элдин астында айыптуу сезди (Ч.А.).

г) Маани жагынан абстракцияланып, кыймыл-аракеттин бирөөнүн таасири, бирөөнүн жетекчилиги астында ишке ашкандыгын, анын кандай шартта, кандай мүнөздө болгондугун билдирет: Бул ийгиликтерди акимдин жетекчилиги астында эл жаратып жатат (С.К.) Ал өмүрдүн жардамы астында ишке орношту. Ичер-жээрге жок, өздөрү өлүм алдында отурушат (К.Б.).

д) Кандайдыр бир иштин белгилүү бир нерсенин, уюмдун карамагында уюшулгандыгын билдирет: Кызыл бурчтун алдында бий, драма, эстрада кружоктору иштейт ("С.К."). Факультеттин астында жаш окумуштуулардын совети түзүлгөн.

3) Бул жардамчы атоочторго чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү уланса, а) кыймыл-аракеттин белгилүү бир заттын астынан, алды жагынан башталып чыккандыгын, же ошол жерде болгондугун билдирет

Терең аң менен аккан суу жердин астынан күпүя күңгүрөнөт (Ч.А.). Жоокер жастыгынын алдынан бир конверт сууруп чыкты (К.Б.). Бул кезде тигил мектептин алдынан Осмон менен Жакыптын бек-бек унчугушканы үндөрү угулду (Т.С.). Мен аны клубдун астынан көрдүм.

б) Кыймыл-аракет бирөөнүн бет алды жагында болгөндүгүн көрсөтөт: - Токто! - деди анын алдынан тике маңдай чыккан киши (К.Бек.). Анна Колпашникова кыздын астынан чукул чыга калды (К.Бек.),

в) Кээде аракеттин сыпатын, анын кандай мүнөздө болгондугун туюндурат: Ал аны кабагынын астынан теше тиктеди (Ч.А.).

г) Айрым учурларда мезгилдик катышты билдирип, аракеттин илик жөндөмөдөгү сөз билдирген түшүнүктөн алдын болгондугун туюндурушат: Кымызды оокаттын алдынан алып жибериште.

Туп - заттын эң төмөнкү жагы, терендиктин түбү, заттын чукул жаңы.

I. Барыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир терендиктин эң төмөн жагына, же бир заттын туп жагына өтө жакын багытталгандыгын көрсөтөт: Канат адегенде шахтанын түбүнө түшүп иштеп жүрдү (К.Бек.). Суу түбүнө чөктүрбөй, Сүздүрүп кеме жүргүзгөн (Осмонкул). Арабаны тиги тыттын түбүнө койгула (К.Ж.). Ажар араң сүйрөлүп барып, бир алтыгананын түбүнө жыгылды (К.Б.).

2) Жатыш жөндөмөдө айтылганда, кыймыл-аракеттин заттын эң төмөнкү төрендигинде, же заттын эң төмөнкү терендигинде, же заттын эң төмөн жагына жакын жерде болгондугун билдирет: Деңиз жылдыздары суунун түбүндө жашашат. Тамдын түбүндө чоң сары

дөбөт жатат (С.С.). Карагайлардын түбүндө душмандын солдат-тарынын өкүлдөрү жатат (Ж.Б.).

3. Жардамчы атоочко чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет жаттын түп жагынан, эң төмөнкү терөндигинен башталып чыккандыгын, же анын түп жагынан, эң төмөнкү терөндигинен башталып чыккандыгын, же анын түп жагынан, эң төмөнкү терөндигинен башталып чыккандыгын, же анын заттын түп жагынан болгондугун туюндурат: Ал ураган дубалдын кырында олтурса, дубалдын түбүнөн үпүп куштун коос балапаны чыгат (К.О.). Пулеметту суунун түбүнөн алып чыгышты. Койчу кызгылтым чаптын түбүнөн бир кара тышты көрдү (С.С).

2. Заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчү жардамчы атоочтор.

Жан - жакын жер, жакын аралык; кеш - бир нерсенин жаны, жакын жер, бет маңдайы. Бул экөө маани жагынан бири-бирине окшош: экөө тең кыймыл-аракеттин кандайдыр бир затка жакын жерде болуп өткөндүгүн билдирет; бирок айрым бир мааниси боюнча бири-биринен аз да болсо айырмаланышат: Жан жардамчы атоочу кыймыл-аракеттин жалпы эле кандайдыр бир затка жакын жерде болгондугун билдирсе, каш жардамчы атоочу көбүнчө заттын бет маңдайы жаккы жанында болгондугун билдирет. Салыштыр: Асандын жанында отурат, Асандын кашында отурат.

Жан жардамчы атоочуна караганда каш жардамчысы тилибизде азыраак колдонулат.

1. Бул жардамчы атоочтор барыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын жанына жакын багытталгандыгын, кээде анын затка жакын жерде болгондугун билдирет: Акиянын жанына эки-үч келин менен Айганыш келди (Т.С.). Барсаң баргын тезирээк аялдардын кашына ("Чалкан"). Арык келин так ошол кемпирдин жанына олтурду (А.Т.). Сырттан эрдин кашына Күлайым келди жүгүрүп ("Эр Тоштук").

2) Жан жардамчы атоочуна жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерде болгондугун көрсөтөт: Алым Мураттын жанында калды. (К.Б.). Анын жанында дагы эки баракча жаткан (К.Бек.). Амандашып турамын, агайын, сенин кашында (Токтогул). Адегенде жеңем экөөбүз өз-өз арабабыздын жанында басабыз (Ч.А.).

3. Жан жардамчы атоочуна чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет кандайдыр бир затка жакын жерден башталып чыккандыгын, же кыймылдын затка жакын жерде болуп өткөндүгүн туюндурат: Баягы аял тигине, менин жанымаң тез кет! (К.Бек.). Орто жаштагы ак саргыл аял кемпирдин жанынан өтүп баратты (К.Бек.). Качып чыкты шер Жаңыл Калматайдын кашынан (Тоголок Молдо).

Түш - бир нерсенин каптал жагы, туура жагы, белгилүү бир окуяга туура келген мезгил.

1) Бул жардамчы атооч барыш жөндөмөдө турса, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын каптал жак түшуна багытталгандыгын, же ошол каптал жагында болгондугун билдирет: Пионерлер лагердин түшуна келип калышат. Алдыңкысын люктун түшуна токтоду (С.С.). Түш оой бергенде айылдын түшуна келдик.

2) Жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса: а) кыймыл-аракет бир нерсенин туура жагында, каптал жакты түшүнда болгондугун көрсөтөт: Таабалды терезенин түшүнда турган (К.Бек.). Менин комнатамдын түшүнда бир киши туруптур ("Кырг.аял."). Балдар биздин үйдүн түшүнда иштеп жүрүшкөн.

б) Түш жардамчы атоочу мезгилдик маанисинде колдонулса, кыймыл-аракеттин болгон учурун билдирет: Падышанын түшүнда Кедейге салган оорун (Барпы). Өзгөрүштүн түшүнда Байга жүрбө кармалып (Тоголок Молдо). Болгарияда элдик бийликтин түшүнда эмгекчи элдин турмушу жакшырууда.

3) Бул жардамчы атооч чыгыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын каптал жак тушунан башталып чыккандыгын, же заттын туура тушунан өткөндүгүн көрсөтөт: Клубдун тушунан бир бала чуркап чыкты. Мектептин тушунан бир үн чыкты. Ал киши терезенин тушунан өтө берди (К.Ж.).

Каршы - заттын бетмаңдай, карама-каршы жагы.

I) Барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет заттын бет маңдай жагына, карама-каршы тушуна багытталгандыгын билдирет: Данияр Жамийланын каршысына келип тура калды (Ч.А.). Бир аздан кийин тегирмендин каршысына жеттик (А.Т.). Машина үймөк чөптүн каршысынан токтоду.

2) Жардамчы атооч жатыш жөндөмөдө турса, аракеттин кандайдыр бир заттын бет маңдай карама-каршы жагында болгон ордун көрсөтөт: Алар биздин каршыбызда турушат. Мектептин каршысында мугалимдер үчүн үй курулду. Салыйдын каршысында өңү серт бирөө отуруптур.

3) Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү уланып айтылса, кыймылдын белгилүү бир заттын карама-каршы, бет маңдай жагынан башталып чыккандыгын, же ошол жерден өткөндүгүн туюндурат: Биздин так карашыбыздан душман ок чыгарып алды ("Ала-Тоо"). Биздин кыштактын каршысынан булак чыгыптыр. Атчан жолоочулар биздин каршыбыздан өтүп кетишти.

Арт, арка - заттын, кандайдыр бир нерсенин арт жагы, арка жагы. I. Бул жардамчы атоочторго барыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет заттын арт жагына, ары жагынан багытталгандыгын көрсөтөт: Жашыл ала, коргултур чагылганда ийме-чийме сынып, жардын артына түшүп жатты (Ч.А.). Аны керо койду да, тамдын аркасына жашына калды (К.Бек.). Сары жоргоңу арабасынын артына коштоп, Жайнак станциядан алып келди (Ч.А.).

2) Жардамчы атооч жатыш жөндөмөдө айтылса: а) кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын арка жагында, артында болгон ордун билдирет: Сарайдын артында бир үй жүрөт эле (Т.С.). Мейли эми ыйлап алсын деп, мен алачыктын аркасында жашынып турдум (Ч.А.). Серке-

байдын артында алты атчан келаткан (К.О.).

б) Эгерде "аркасында" жардамчы атоочу менен байланышкан иликтеги сөз абстрактуу маанидеги сөздөрдөн болсо ал айкаш себептик маанини берип калат: кайраттуулуктун аркасында кыйынчылыкты жеңүү, эрдиктин аркасында даңкка бөлөнүү, көрө албастыктын аркасында арыздануу. Муну ал ичи тарлыктын аркасында иштеди.

3. Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, а) кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан башталып чыккандыгын, же анын арка жагында болгондугун билдирет: Борисов дарбасанын артынан коридордогуларга күнкүлдейт (К.Бек.). Бирөө үйдүн аркасынан өтүп кетти. Жылкылар дөбөнүн аркасынан бери жайылды (К.Ж.).

б) Кыймыл-аракет бирөөнүн аркасынан ээрчий болгондугун көрсөтөт: Жамийла экөөбүз анын артынан эрчип келаттык (Ч.А.). Мен жолборстун артынан барайын (К.Б.). Трофимовдун аркасынан башкалар да кете баштады (Ч.А.).

в) Көөде контексте карай бир окуядан кийин экинчисинин удаа болгондугун билдирет: Жолдошторунун артынан Ормушту да камашты. Күн артынан күн өтө берди. Башыма ой артынан ой келет.

Сырт, тыш - бир нерсенин тышкары жагы. Бул экөө бири- бирине синонимдеш.

1). Бул жардамчы атоочтор барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет заттын тышкары жагынан багытталгандыгын көрсөтөт: Таабалды жумуштан келери менен шаардын сыртына чыгып кетти (К.Бек.). Элдин шары менен кошо Сейде да айылдын сыртына жүгүрдү (Ч.А.). Зейпи ордунан туруп, короонун тышына чыкты.

Бул жардамчы атоочтор айкашкан илик жөндөмөдөгү сөз конкреттүү буюмдук мааниде болсо, сөз айкашы обьектилик катышты билдирип, аракет затты сырт жагына жумшалгандыгын көрсөтөт: Токогул эски тери шымдын багалегин чокойдун сыртына чыгарып алды (А.Т.). Ак кейнөгүн шымынын сыртына чыгарып коюптур.

2) Жардамчы атоочко жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын сырт жагында болгон ордун көрсөтөт: Айылдын сыртында соккучулар жер айдап жүрүшөт. Душман сыртында болгончо, ичинде бол (Макал). Сарайдын тышында беде, чөп жайылып турат (С.С.)

3) Чыгыш жөндөмөдө айтылса, сөз айкашы: а) Кыймыл-аракеттин заттын сырт жагына башталып чыккандыгын билдирет: Алар шаардын сыртына келишти. Байсалов үйдүн тышынан кызды чакырды (С.С.). Короонун тышынан коргуроонун үнү угулду (Т.С.).

б) Жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөз конкреттүү буюмдук маанидеги сөздөрдөн болсо, сөз айкашы объектилик катышты билдирип, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнөн, сыртынан болгондугун көрсөтөт: Базарбек экөөбүз ичиди сыртынан курубузду көрө, бекем курчанып алганбыз (К.К.). Мындан кийин куурду отко күйгүзүп, ысык бойдон кукурттун сыртынан басты (К.О.). Татыбек каалганын сыртынан кулпу салып, жүрүп кетти (Н.Б.).

в) Кээде кыймыл-аракет тиешелүү адамдардын катышуусуз аркарылгандыгын же анын экинчи бирөөлөргө байкатылбай жашыруун иштетиендигин көрсөтөт: Алар кедейлердин сыртынан кол коошту (Т.С.). Сен үйдү сыртынан байкап кел. Жандарымдар ар кимди сыртынан акмалап карап жүрүшөт (К.Бек.).

Айлана, тегерек. - Бул экөө негизинен маанилеш, кандайдыр заттын айлана чейрөсү, айлана тегереги деген түшүнүктү беришет.

I) Бул жардамчы атоочторго барыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын айлана тегерегине багытталгандыгын көрсөтөт: Көлдүн айланасына бак тигебиз (Т.С.). Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти (К.Б.). Огороддун тегерегине жаш кечеттер отургуздук.

2) Жатыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракеттин заттын айлана - тегерегинде болгон ордун билдирет: Каныбектин айланасында турган-дардын баардыгы тым-тырс боло калышты (К.Ж.).

Шаардын айланасында бир нече санаторийлер жайгашкан (К.Б.). Бул боз тамдын тегерегинде жан көрүнбөйт (Т.С.).

3) Эгерде чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын айлана чейресүнөн баштадып чыккандыгын көрсөтөт: Кеңешмеге Ысык-Көлдүн айланасынан да көп колхозчулар келишти. Кыштактын айланасынан жылтылдаган оттор көрүнө баштады. Сарайдын тегерегинен кобур-кобур үн чыгат.

Бой - суунун, жолдун, көлдүн ж.б. жээги.

Жээк - бир нерсенин (суунун, көлдүн, жолдун ж.б.) кырка чети, бою, чет жакы бөлүгү.

Бул эки сөздүн туюндурган маанисн өз ара жакын.

1) Бул жардамчы атоочтор барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын чет жакасына, жээгине, кырка боюна багытталгандыгын көрсөтөт: Игнатов Омск шаарынан деңиздин боюна сүргүнгө келген (К.Бек.). Ал адатынча дагы суунун боюна барып жатты (Ч.А.). Жаан басаңдап токтогондон кийин, мен Күркүроөнүн жээгине бардым (Ч.А.).

2) Бой, жээк жардамчы атоочторуна жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракеттин белгилүү бир заттын чет жакасында, жээк жагында болгон ордун билдирет: Мен суу боюнда калдым (К.Б.). Жол боюнда бирөө кырман сапырып жатат (К.Ж.). Ал эски ичигин жамынып, оттун жээгинде отурат (А.Т.).

3) Жогорку жардамчы атоочтор чыгыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет заттын чет жакасынан, жээк жагынан башталып чыккандыгын же болгон ордун туюндурат: Булар көл боюнан келишти. Жол жээгинен окчун кетүүгө ашыгат (Т.С.). Ага каналдын жээгинен жолуктум.

Чет - бир нерсенин чет жагы, чеке жагы.

1) Бул жардамчы атоочко барыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракеттин бир нерсенин чет жагына багытталгандыгын көрсөтөт: Акматтын шилтөөсү менен Кулу көпчүлүктүн четине келди (К.О.). Кайык суунун четине жакындады (К.Ж.).

2) Жатыш жөндөмдө айтылса, кыймыл-аракеттин бир нерсенин чет жагында болгон ордун билдирет: Короонун четинде маталган үч-төрт төө көрүндү (К.Б.). Жылкынын четинде турдп, ойго кетер эле (К.Д.). Кек көйнөкчөн Айна алтыгаттын четинде отурат (К.О.).

3) Жардамчы атоочко чыгыш жөндөмөнүн аффикси уланса, кыймылдын кандайдыр бир заттын чет жагынан башталып чыккандыгын, же заттын чет жагы аркылуу болгондугун көрсөтөт: Исмайылдын колерин билген Сейде аны түн ортосунда айылдын четинен тосуп алды (Ч.А.). Ал шашкан неме темир жолдун четинен ары карай жүгүрдү (К.Бек.). Алар кырмандын четинен өтүштү.

Заттын ич-аралыгын көрсөтүүчү жардамчы атоочтор.

Ич - бир нерсенин ич жагы, ички бөлүгү, арасы.

1) Бул жардамчы атооч барыш жөндөмөда айтылса, мейкиндик катышты билдирип, кыймыл аракет заттын ич жагына, бирөөлөрдүн арасына багытталгандыгын көрсөтөт: Ал цехтин ичне кирип барды. (К.Бек.). Үметаалы арыктын ичине секирип түштү (К.О). Кулу менен Сагын Деолетту ээрчип, эл ичине кетишти.

2) Ич жардамчы атоочуна жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, аны менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөздүн лексикалык маанисине карай мейкиндик жана мезгилдик катышты билдирет.

Мейкиндик катышты билдиргенде иликтеги сөз орундук маанидеги сөздөрдөн болот: Үйдүн ичинде эс тарта элек жаштар, катын-калач гана калды (К.О.). Сөөк көшөгөнүн ичинде жаткан экен (К.О.).

Иликтеги сөз айрым-айрым данадан турган заттарды билдирсе, сөз айкашы аракеттин бир нече заттын арасында болгондугун билдирет: Эл ичинде кокуректөрүнө кызыл лента байланган үч киши жүрөт (К.Б.). Үйлөрдүн ичинде бир күрөң оопас жүрөт (К.Б.). Алардын ичинде Саадат да баратат (Ч.А.).

Эгерде иликтеги сөз мейкиндик маанидеги сөздөрдөн болсо, кый-

мыл-аракеттин аткарылыш мезгилин билдирет: Өткөн он тогуз жылдын ичинде көптөгөн тарыхый өзгөрүүлөр болду (К.К.). Алардын талабын үч күндүн ичинде канааттандырбасак, анда алар забастовка жарыялашмакчы (К.Бек.).Бул иште эки сааттын ичинде бүтүрөбүз.

3) Жардамчы атооч чыгыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын ичинен, же бир нече заттын арасынан башталып чыккандыгын туюндурат: Сындырган нандын ичинен кенедей кагаз чыкты (К.Бек.). Көмүркойдун ичинен Нурбек асма көпүрөнүн аспаптарын көргөн (Ч.А.). Калың топтун ичинен бирөө үн катты (К.Бек.).

Иликтеги сөз абстрактуу мааниде болсо, көзөде кыймыл-аракеттин кандай абалда, кандай шартта болгондугун да туюндурат: Кырсыкка учурабасак, бир кызыктын ичинен чыгабыз бүгүн деди (Т.С.)ң

Орто - кандайдыр бир заттын борбор чени, заттардын арасы.

1) Бул жардамчы атооч барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет заттын орто жерине, борборуна, же бир нече заттын арасына багытталгандыгын билдирет: Кемпир Акия менен Зарылдын ортосуна араң баа тышты (Т.С.). Эки чоң отол цехтин ортосунда жанаша коюлган (К.Б.). Тарас бир топ кыздын ортосуна барып отурду (С.С.).

Көзөде аракеттин кайсы мезгилге чейин болгондугун көрсөтөт. Мындай учурда иликтеги сөз мезгил, убакыт маанисиндеги сөздөрдөн болот:

Жаз ортосунда жетсек, анда аркысы жеңилирээк болуп калат. Жашы отуздун ортосуна келип калды.

2) Жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын орто жеринде, же бир нече заттын арасында болгондугун баяндайт: Короонун ортосунда жеңем экөөбүз эле калыптырбыз (Ч.А.). Кыргызбай жайкалып турган эшинин ортосунда тура калды (К.О.). Алардын ортосунда эсии жуурканга оронуп, Мыскал да келаткан (Т.С.).

Эгерде жардамчы атооч менен байланышкан иликтеги сөз мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин

туюндурат: Бул окуя түн ортосунда болду (Н.Б.). Чолпон заматтын ортосунда Алтын менен эриш-аркак боло түштү (Н.Б.). Биз май айынын ортосунда келдик.

3) Жардамчы атооч чыгыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен же бир нече заттын арасынан башталып чыккандыгын, же болбосо болгон ордун билдирет: Бадалдын ортосунан бир коен качып чыкты (К.О.). Колдун ортосунан кара кочкул булут созолонуп көрүндү ("Ала-Тоо"). Ушул кең талаанын ортосунан мен сүйүшкөн эки жашты көрдүм (Ч.А.).

Кээде кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, убакын билдирет: жыл ортосунан өттү, кыш ортосунан өттү. Убакыт түн ортосунан ооп калган (К.Ж.).

Ара -заттардын ортосундагы бош орун, ич аралыгы.

1) Ара жардамчы атоочуна барыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганса, сөз айкашы кыймыл-аракеттин бир нанча заттын арасына багытталгандыгын билдирет: Муну чычырканактын арасына алпарып таштагыла (Т.С.). Четте болек турган Таабалды алардын арасына кошулду (К.Бек.). Жылдызкан жылт коюп жүгөрүнүн арасына кирди (Н.Б.).

2) Жардамчы атоочко жатыш жөндөмөнүн аффикси жалганса, кыймыл-аракеттин бир нече заттын арасында болгон ордун көрсөтөт; Таштардын арасында бетеге, шыбактар сеңселет (К.О.). Тоо арасында кызыл үйлөр ачыла баштады (Т.С.). Лебедев топтун арасында турат (К.Бек.).
– Ким билсин, карагайлардын арасында жатыптыр (К.О.).

Айрым учурда кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт: Ай арасында сары кар түшүп, эки күндөй жатты (Т.С.). Ал жумушту иш арасында эле бүтүрүп койдум.

3) Ара жардамчы атоочуна чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү уланса, кыймыл-аракеттин бир канча заттын арасынан башталып чыккандыгын билдирет:

Жумушчуларын арасынан кимдир бирөө күрсүнөт (К.Бек.). Калың бадалдын арасынан башымды кылтыйтып карап турам (К.Б.). Кер ат токой арасынан чыга келди (К.Ж.). Дебедев алардын арасынан сууруулуп ортого чыга калды (К.Бек). Жатыш жөндөмөдөгү жардамчы атоочтон кийин куранды - гы мүчөсү уланса, заттын аркандай белгисин көрсөтөт: Эшиктин алдындагы сары дөбөт Сулайманды качырып калды (К.О.). Тээтиги айыл башындагы ак боз үй Тойбайдыкы (А.Т.). Кээде мындай формадагы жардамчы атоочтор заттанган маанини түшүндүрүп калат: Үй ичиндегилер көпкө сүйлөшүштү.

КЫЙМЫЛ АТООЧТОР

Кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө бир түрү, аны -оо / -ее, -уу / -үү, -ыш / -иш, -мак / мек, -май / -мей, -гы / -ги мүчөлөрү уюштурат. Аталган мүчөлөр үңгү жана туунду этиштерге жалганат да, кыймыл-аракеттин же процессинин атын билдирет. Этиштин ушундай функционалдык-грамматикалык түрү кыймыл атоочтор деп аталат. Этиштин функционалдык-грамматикалык формаларына атоочтуктар менен чакчылдар да кирет. Кыймыл атоочтордо заттык белгилер, атоочтуктарда сын атоочтук касиеттер, чакчылдарда тактоочтук касиеттер учурайт. Ошондуктан булар - атооч категориясы менен этиш категориясынын ортосундагы өзгөчө бир туунду формалар. Бирок булардда атоочторго караганда этишке мүнөздүү белгилер басымдуулук кылат, ошонун негизинде алар этиш категориясында каралат.

Кыймыл атоочтордун этиштик белгилери төмөнкүлөр:

1) Кыймыл атоочтордо этишке мүнөздүү болгон кыймыл-аракеттик маани сакталат: баруу, барыш, кетиш, келмек, бармай ж.б.

2) Кыймыл атоочтор этишке мүнөздүү болгон мамиле категориясына ээ, терс формада айтыла берет: жаз-ыл-уу, бар-ыш-май, сүйлө-ш-үү, окут-тур-уу; барбоо, келбее.

3) Этиштер сыяктуу эле башкаруучулук касиетке ээ: китепти окуу, тоого чыгыш ж. б.

Кыймыл атоочтук формалар бири-биринен жеке эле енумдүүлүгү жагынан өзгөчөленбестен, ар биринин өзүнө мүнөздүү болгон семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча да айырмаланышат. Алар жалпысынан кыймыл-аракеттин же ал-абалдын атын жана иш процессин көрсөтөт, бирок ар бир форма өзүнө мүнөздүү семантикалык өтүнөккө ээ. Алсак, -оо / -уу формасындагы кыймыл атоочтор билдирген кыймыл-аракеттин аты же процесси кыймылдуу (динамикалуу) (баруу, туруу, жүрүү) мүнөзгө ээ болгон болсо, -ыш формасындагы кыймыл атоочтор билдирген кыймыл-аракеттин аты же процесси туруктуу

(статикалык) (барыш, журуш, туруш) мүнөздө, болот.

Ал эми кыймыл атоочтук -мак форма кыймыл-аракеттин атын, иш процессин билдирүү менен катар, ниеттик, каалоолук мааниде да колдонулат: Салыштыр,:

Жүз кылымдын жүзүн көргөн сары аска
Сан ойлосом сага жетмек (жетүү) каякта
(кыймыл атоочтук) (Б.Сарногоев).

Кедей ыйлап-сыктаса мейли, шылуундар чардап алмак (Т.Сыдыкбеков) (ниеттик).

Кыймыл атоочтук -май формасы да,жогоркулардай эле, кыймыл-аракеттин атын, процессин билдирет. Бирок көпчүлүк учурда алар адат, өнөкөт (көнүмүш) же кайталоо мүнөзүндө берилет: Эгер малды сатып келгиле десе, кайда болсо да кете бермей (К.Жантөшев). ...Кан жолдун ортосуна кемкересүнөн жата кетип, улуп-уңшуп ыйлай бермек (Ж. Мавлянов).

-гы формасы ез алдынча колдонулбайт.

Кыймыл атоочтор сөз өзгертүүчү мүчөлөр (таандык, жөндөмө мүчөлөр)менен айкашат. Бирок бул көрүнүш алардын бардыгы үчүн бирдей мүнөздүү эмес. Ошондуктан алардын ар бирин жекече кароого туура келет.

I. -оо/-уу формасындагы кыймыл атоочтор. Аталган форма уңгу, туунду, жөнөкөй, татаал этиштерге жалганып кыймыл атоочторду уюштурат: чеч + уу ⇒ чечүү; отур + уу ⇒ отуруу; жакындаш + уу ⇒ жакындашуу; үйрөн + уу ⇒ үйрөнүү, кечүр + уу ⇒ кечүрүү, даңазал + оо ⇒ даңазалоо; жазып сал + уу ⇒ жазып салуу; күлө сүйлө + уу ⇒ күлө сүйлөө ж. б.

Кыймыл атоочтун азыркы мезгилдеги -оо/-уу формалары байыркы түрк жазма эстеликтеринде -ыг/-иг/-г жана -гу/-гү турунде колдонулган. Бирок булар кыргыз тилинде жүрө-жүрө созулма үндүүгө айланып кетишкен: б. түркчө айаг, бергу, билиг - кыр. аёо, баруу, билуу.

Аталган формадагы кыймыл атоочтордун терс формасы ~~колдонулушу~~ эки түрдүү жол менен жасалат: синтетикалык жана аналитикалык.

Синтетикалык жол этиштик тангыч -ба мүчесүнүн уланышы аркылуу жасалат: барба + оо > барбоо, кетпе + ее > кетпее, келбе + ее > келбее ж. б.

Аналитикалык жол -уу формасындагы кыймыл атоочтор менен атоочтук тангыч эмес же жок сөздөрүнүн айкалышы аркылуу берилет: Башкармага ат кармашып беришүү эмес, анын жонунан союл жумшар түрлөрү бар (Т. Сыдыкбеков). Бирок Байдамталда чегинүү жок (Ч. Айтматов).

-оо /-уу формасындагы кыймыл атоочтордун терс формасын уюштурган бул аталган каражаттар жалпысынан танууну, жоктукту билдирген менен, ездерүнө мүнөздүү болгон кошумча мааниси жана колдонулушу жагынан да бири-биринен айырмаланат.

Тангыч -ба мүчесү аркылуу терс маани жайынча баяндалат, эмес катыштырылганда, терстик маани кечүтүлөт, чечкиндүүлүгү артат, ал эми жок сөзү менен айкалышканда, кыймыл-аракеттин болбогондугу, жоктугу баяндалат: Анда-санда базарга түше калган жаңы кездеме болбосо, соодалашуу жок (А. Токомбаев).

Кыргыз тилиндеги -уу формасындагы кыймыл атоочтордун терс формасы -байт (-ба этиштик тангыч, -й чакчыл форма; -т жак мүчө) жалганган айрым жардамчы этиштин айкалышы аркылуу да берилет: Элде көп замандан бери жашаган байтеректерди кыюу (кыюуга) жарабайт (А. Осмонов). Акинайды ошол бойдон таштоого да болбойт (А. Токомбаев).

Эгерде барыш жөндөмөсүндө турган -уу формасындагы кыймыл атооч тангыч -ба жана суроо уландысы -бы'нын кабатталып жалганышы менен келген жардамчы этиштер менен айкалышып айтылса, кыймыл-аракет терс мааниде болбостон, суроо, тактоо мүнөзүндөгү

маанини туюндуруп калат: Алууга болбойбу? Кезигүүге болбойбу? Арадан канча заман еткенүн ушундан эле билүүге болбойбу? (Ч. Айтматов).

Кээ бир сез жасоочу мүчелердүн жалганышы аркылуу кыймыл атоочтун аталган формасы жаңы сездердүн жасалышы үчүн морфологиялык база да боло алат: окуучу, жазуучу, тергеечү, токуучулук, келишүүчүлүк, байкоомчо, тактооч, изилдее, алкоолор ж. б.

Кыймыл атоочтун аталган формасы атооч сездер сыяктуу сез езгертүүчү мүчелер менен да езгерет. Бул болсо аны зат атооч категориясына жакындаткан белгилеринен болуп саналат.

Аталган формадагы кыймыл атоочтор -лар мүчесү менен езгерген, кыймыл-аракеттик семантикасын сактап, субстантивдешкен сын атоочтор (Кызылдар жеңишти), атоочтуктар (Тоого баргандар келди) сыяктуу заттанган түшүнүктү билгизет; заттанган түшүнүк кыймыл-аракет, ал-абалдын аты же иш процесстеринен болот: Узакка созулган кол чабуулар ("Советтик Кыргызстан"). Бул жол - сүйлөшүүлөр аркылуу тынчтыктын ишин женге салуу жолу ("Ала-Тоо"). Биздин достук жолугушууларыбыз, чын ыкластуу ангемелешүүлөрүбүз, пикирлешүүлөрүбүз жана тажрыйба алмашууларыбыз ар дайым жолдоштук, ез ара терең урматташуу духунда ("Советтик Кыргызстан").

Атооч сездердей эле, -оо / -уу формасындагы кыймыл атооч да таандык муче менен езгерет. Таандык муче атоочторго уланганда заттын белгилүү бир жакка таандык экендигин көрсөтсө, кыймыл атоочторго уланганда, кыймыл-аракеттин атын, процессин тиешелүү жакка таандык кылат: Алар үчүн менин бош болуум жана ар кайсы жакка барып келип туруум ыңгайлуу экен (И. Жантөшев). Биздин алга жылуубуз силердин ишиңердин ийгилиги менен чечилет (А. Осмонов). Жедеп машыгуусу жетип калгансып, врачтарды кергенде жагынат, жагалданат (С. Белекбаев).

Таандык мүчесү уланган кыймыл атоочтор жак муче менен ез-

гербейт. Таандык мүчөлүү атооч сөздөрдөн булардын айырмаларынын бири ушунда турат. Салыштыр: жээн-им-сиң, кыз-ым-сың, шакирт-им-сиң.

Таандык мүчөлүү кыймыл атоочтор жөнөлөт: Мен Термечикуп башкарган кемесиянын текшерүүсүнө ишенбейм! (Т. Сыдыкбеков). Дарыхан эртеңки тамагын даярдап коюп, Алымдын үйгө келүүн күттү эле, келбеди (К. Жантөшев).

-оо/-уу формасындагы кыймыл атооч атооч сөздөр сыяктуу жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрөт. Бирок атооч сөздөрдөн ал өзүнө тиешелүү болгон кыймыл-аракеттик семантикасын ар дайым сактап, этиштик касиетин жоготпогондугу менен айырмаланат: Акыркы күтүүнүн сезимдери чегине жетип, адам сапар тартты ("Ленинчил жаш"). Кыскасын айтканда, СССРде жол жүрүүнүн наркы башка кеп өлкөлөргө караганда бир кыйла арзан ("Советтик Кыргызстан"). Касым миң башы күч менен майыштыруугa буйрук берди (Т. Касымбеков). Мал-мүлк түгөнгөндөн кийин, эми казнаны жалгыз өзү ээлеп калууну ойлоп, күндө чыр-чатак чыга берди ("Кырг. эл жомогунан").

Сүйлөм тизмегинде табыш жөндөмөдө турган -уу формасындагы кыймыл атоочтордун бирин-бири башкарып, ич ара маанилерин толуктаган учуру да кездешет. Кыймыл атоочтордун этиштик касиетин сакташып, жөндөмөлөрдү башкаруу касиетине ээ экендиги ушул учурдан ачык көрүнүп турат: Өзүбүздүн жазгандарыбызды чогултуп алып талкуулоону өткөрүүнү практикалап көрдүк ("Ленинчил жаш").

Жатыш жөндөмөдө турган -оо/-уу формасындагы кыймыл атоочтор баяндоочтук милдетте келгенде, азыркы учурда болуп жаткан жана сүйлөнгөн мезгилден кийин да иштеле бере турган кыймыл-аракетти билгизет да, учур чактын өзүнчө бир түрүн түзөт; ошондуктан ага жак мүчөлөрү жалганат: Жыл сайын биз жаңы ысымдар менен таанышып, алардын аткаруучуларынан, жаңы чыгармаларынан жылуу таасирлерди алуудабыз ("Кырг. маданияты"). ...Кептен бери

көксеген бир тилек орундаларына ишенип, ичибизден кубанууда-быз (А. Абдырахманов). Азыр электрлештирилген жаңы линиялар-дын бардыгында теле башкаруу системасы ишке киргизилууде ("Со-веттик Кыргызстан").

Кыймыл атоочтук -уу + да формасынын бул өңдөнүп чак кате-гориясына ээ болуп, жак мүчө менен өзгөрүшү казак, каракалпак тилдери үчүн да мүнөздүү. Ал эми өзбек жана уйгур тилдеринде бол-со жогорудагыдай форманын ордуна мак + да > макта формасы кол-донулат. Учур чактын бул эки формасы тең (-ууда, -макда) баян-доочтук милдет аткарганда азыркы учурдагы болуп жаткан жана мындан ары да созула турган абалдагы кыймыл-аракеттин процессин билдирет. Ал эми -ууда формасына эле жардамчы этиши кошулган болсо, анда өткөн чактык маани туюндурулат: Анын бардык тилеги мектепке барып окууда эле. Аракети балдарга берген убадасын иш жүзүнө ашырууда эле (Ш. Бейшеналиев). Мында -ууда формасы эле кемекчү этиш менен айкалышып, өткөн мезгилдеги кыймыл-аракет-тик процесс көрсөтүлүп турат.

2) -ыш/-иш формасындагы кыймыл атоочтор. Кыймыл атоочтун -ыш формасы -оо/-уу формасы сыяктуу эле, енумдуу мүчелерден болуп эсептелет. Экөө бири-бирине синоним да боло алышат: ба-рыш/баруу, жасоо/жасаш ж. б.

-ыш - омоним мүчө, ал кыймыл атоочту уюштуруу менен бир-ге, этиштин кош мамилесин да уюштурат. Кош мамиле этиш менен бул мүчө аркылуу жасалган кыймыл атоочтор бири-биринен маани-си боюнча айырмаланышат.

Этиштин кош мамилеси эки же ~~бир нече~~ андан көп адамдар тарабынан аткарылган кыймыл-аракетти туюндурса, кыймыл атоочтор кый-мыл-аракеттин атын көрсөтөт: Салыштыр: Алар сабакты бирге даярдашат. Сабакка мыкты даярданыш анын милдети. Мында биринчи сүйлөмдөгү даярдашат деген этиш аркылуу эки же андан ашык субъек-

тилер тарабынан аткарылган кыймыл-аракет керсетулду. Ал эми 2-сүйлемдегу даярданыш деген сез кыймыл-аракеттин, процесстин атын керсетет. Ошондуктан кыймыл атоочту жасоочу -ыш формасын кошумамиле этиш менен алмаштыруурга болбойт.

-ыш мүчесу да, -уу формасы сыяктуу эле, байыркы формалардан. Ал байыркы түрк жазма эстеликтеринен учурайт:

Келиш-бариш - кырг.: келиш-барыш (М. К. т. I. 357-б)
бериш - кырг.: бериш (М. К. т. I. 93-б)
илис - кырг.: илиш (ПДТП. 380-б.)
алус - кырг.: алыш (ПДТП. 357-б.).

-ыш мүчедегу кыймыл атоочтор да, -оо/ -уу формасындагы кыймыл атоочтор сыяктуу, терс мааниде колдонулат. Анын терс мааниси -ба мүчесу аркылуу берилет; бирок ага ар дайым керек деген модалдык сез кошулат. Мындай учурда терс маанидеги кыймыл-аракеттик процесстин атын керсетет: барбаш керек, жазбаш керек, жүрбеш керек, отурбаш керек ж.б.

Кыймыл атоочтун бул түрүнүн терс маниси жогорудагыдан тышкары жок, болбойт (бол-ба-й-т) жана мүмкүн эмес деген сез айкалышынын кошулушу аркылуу да берилет: Менин оюмча, анын буга эч кандай катышы жок (М. Абдукаримов). О, анда бирееден иймениш жок (Т. Касымбеков). Анын башында кандай жүк бар экенин елчеш мүмкүн эмес (А. Токомбаев). Дароо суу ичиш болбойт (С. Белекбаев).

Аталган формадагы кыймыл атоочтор жаңы маанидеги сездердүн уюшулушуна морфологиялык база да боло алат. Ага -дык, -луу, -дагы, -дай, -ман, -ча ендүү сез жасоочу мүчелер жалганат: туруштук (бере албайт), тийиштик (кылды), мүнайыштуу, жетиштүү, келишиндеги, басышындай, алышмак-беришмек, каалашымча, билишимче ж. б.

Сез езгертүүчү мүчелер менен езгергенде -ыш формасындагы

кыймыл атооч затташкан мааниде болуп, кыймыл-аракеттик семантикасын ар дайым сакташы менен атооч сездерден айырмаланат.

Ал жеңекей, татаал түзүлүште келип, кептүк -дар мүчесү менен өзгерет, бирок кептүк санда айтылышы анча өнүмдүү эмес: (——Жыйынтык чыгарылып, ошол эле учурда жаңы журуштерге карай старт берилет ("Ленинчил жаш"). Алардын отуруштарына караганда бул үйдүн ичинде алда кандай түгөнбес чыр бар сыяктуу (К.Жантөшев).

Кыймыл атоочтун бул түрү да таандык мүчө менен өзгерет: Ажы акемдин капбашы менен мында келишим жаман болгон жок го (Н. Байтемиров). Балким, бир топко чейин келбей калышым да ыктымал, анткени жолубуздун жаман экенин билесиз ("Чалкан"). Быйыл малдын есүшү дурус (А. Осмонов) Андан ары иштин оңолушу жанагы мен айткан Бойчобектин колунда (А.Токомбаев). Жылкылар кишенеп, койлор маарап, катын-балдардын чыркырашы тээ илгерки бир жоо чапкан күндү элестейт ("Чалкан").

-уу жана -ыш формасындагы кыймыл атоочтор бири-бирине синоним: барышым / баруум; керүшүм / керүүм. Бирок булар контекстен алган ордуна, башка сездер менен болгон байланышына карай ар дайым эле бири-биринин ордуна колдонула бербейт. Анткени стилдик ыкмага жана ездеру тизмектешкен сездердүн маанисине ылайыктанып бирде -уу формада айтылса, бирде -ыш формада айтылат.

Аталган формадагы кыймыл атоочтор жеңделгенде кепчулук учурда таандык уланды менен келет, кээде ансыз деле жеңделет: "Авроранын" залпы - социализмдин баштапкысынын добулбасы болду ("Ала-Тоо"). Биздин коомдук, маданий, адабий есүшүбүздүн талаптары жана мезгили мага кеп нерселерди үйретту (А. Токомбаев). Менин курулушка барышыма жардам бергиле ("Ленинчил жаш"). Араба айдашка абдан кенду. Бастырышына караганда Алжожого окшойт. Мектептин ачылышын ушул киши жарыялады. Жолой менен Алтынкекул

Раушан ак эткенде так этип, жаздын келишин, ашуунун ачылышын кутет (К. Жантешев).

Коомдук байланыштардын мааниси советтик-француздук мамилелердин енугушунен даана керунуп турат ("Советтик Кыргызстан"). Тунгусун жалгыз барыштан коркомун. Пахта терминин журушунен материал жазышым керек ("Ленинчил жаш").

3. -мак / -мек формасындагы кыймыл атоочтор, -мак мучесу аркылуу жасалган кыймыл атоочтор -уу, -ыш формаларына салыштырганда азыркы кыргыз адабий тилинде колдонулушу жагынан сейрек. Кебунче элдик оозеки чыгармалардан, макал-лакаптардан, табышмактардан учурайт. Азыр езгече коомдук-саясий, илимий, публицистикалык темадагы чыгармаларда -уу, -ыш формаларынын енумдуу учурашы -мак мученун колдонулуш сферасынын тарышына алып келди, анткени ал чыгармаларда бул муче ете аз колдонулат.

-мак формасы енисей-орхон жазма эстеликтеринде сейрек учурайт, байыркы уйгур эстеликтеринде тигилерге караганда кебуреек кезиге тургандыгы байкалат. Мисалы: етунмек-чокунуу, етунуу "Покоянная молитва манихейцев (ПДТП, 408-б.); бузулмак-бузуу, иштен чыгаруу "Золотая блеска" (ПДТП, 443-б.); коркмок-коркуу (ПДТП, 414-б.); турмак-болуу, туруу "Кутадгу билиг" (ПДТП, 434-б.).

Кыймыл атоочтук -мак формасы жалпы турк тилдеринин ичинен туштук-башыш группага кире турган турк, азербайжан, туркмен тилдеринде колдонулушу башка турк тилдерине караганда басымдуулук кылат.

Кыргыз тилинде -мак мучесу этиштин функционалдык формаларынын бири болгон кыймыл атоочту уюштурат жана ошондой эле этиштин ыңгай категориясынан ниет ыңгайды жасоого катышат.

Кыргыз тилинде -мак формасындагы кыймыл атоочтор, жогоруда айтылгандай, кебунче оозеки чыгармаларда жана поэзияда учурайт:

Бир миң, бир миңди тапмак эки миң (табышмак).

...Ошентсин, етсүн күндөр чебер, кылдат.
Заманга адамдык парс эмгек кылмак (А. Осмонов).
Жыйнап жаткан кошунга
Кабар бермек оюнда ("Манастан").
Иштемек, чором, өзүңдөн,
Илесин тапмак өзүмдөн ("Семетей").
Ат арытмак - арзан,
Журт арытмак - кымбат (макал).

Кыргыз тилинде -мак формасындагы кыймыл атоочтордун терс түрү жок сөзүнүн кошулушу аркылуу берилет: Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. Кел демек бар, кет демек жок. Ал эми атоочтук тангыч эмес сөзү менен айкалышып айтылганда терс формадагы кыймыл-аракеттин процесси, аты керсетүлбөстөн, кандайдыр бир иште, аракетти аткарыш үчүн болгон ниеттин, каалоонун болбостугу көрсетүлөт да, ниет ынгайдын тескери формасы болуп эсептелет. Ошондуктан эки түрдүү грамматикалык бул кубулушту чаташтырбоо керек. Салыштыр: Ал алмак эмес; Берсе да алмак жок ж. б.

-мак формасындагы кыймыл атоочтор туунду сөздөрдүн жасалышы үчүн база болушу жагынан башкаларга (-уу, -ыш) караганда анча өнүмдүү эмес; ага -чы жана -сан мүчөлөрү гана жалганат.

Кыргыз тилинде -максан формасы жалганган сөз көбүнчө бол этиши менен айкашат да, бир нерсеге көңүл бурбаган сыяктанып көрүнүү маанисинин билдирет: Эмне экен? - деп Алым билмексен болуп, таңдангансыды (К. Жантөшев). Кодоо укмаксан болуп, атын жетелеп, алсыраң жаткан жигитке барды (А. Токомбаев). Көрсө да, көрмөксөн болот.

-максан формасы жөндөмө мүчөлөрдүн айрымдары менен гана өзгөрөт, жана мындай учурда сал этиши менен айкашат, кыймыл-аракеттин атын билгизгендиги ошондой учурда ачыгыраак сезилет: Балдардын күбүрүн кулагы чалса да укмаксанга салып, Самтыр да

компоё басат (Т. Сыдыкбеков). Асан билмексенге салып жеңей берди.

- максан формасы кээде атоочтуктар сыяктуу аныктоочтук да милдет аткарат: Билмексен киши боло түштү. Укмаксан киши болуп керүндү.

- максан формасы кош сездердүн составында да колдонулат. Мындай учурда биринчи компонент -ар мүчесү аркылуу жасалган атоочтуктардан болот: Анын "су-у... деген угулар-угулмаксан алсыз үнү чыгат (С. Өмурбаев). ...жылаңач аркасына чабар-чапмаксан болуп, даярдана бер, эртең-бурсугуну үйүңө кетесиң (С. Белекбаев).

Кыргыз тилинде -мак формасындагы сездердүн айрымдары лексикалашуунун натыйжасында башка сез түркүмүнө өтүп кетишкен. Алардын семантикасынан азыр кыймыл-аракеттин, процесстин аты сыяктуу маани байкалат. Мисалы: табышмак, жандырмак, демек, айтмакчы, токмок ж. б.

Кыймыл атоочтун -мак формасына да сез өзгертүү мүнөздүү. Көптүк мүчө менен өзгөрүшү оозеки тилден кезигет: Бир жакка бармактары эле кыйын.

-мак формасындагы кыймыл атоочтор аз да болсо таандык мүчелер менен өзгерет: Шакыйың кургурдун келмеги да бир, кетмеги да бир (А. Осмонов).

-мак формасындагы кыймыл атоочтор жөндөмөлөр менен да өзгерет: Алмактын бермеги бар, чыкмактын түшмегү бар (макал).

Калмактын келер жолуна,
Катылмакка колуна... ("Манастан").
Өнерүңдү кермекке,
Куштар болуп турабыз (Тоголок Молдо).

Жол боюндагы деңсээге кайнене-келин болуп, акыл чечмекке отурдук (Ч. Айтматов).

Кан Акундун элинен

Калың олжо алмакка ("Семетей").

Ленин бир колун Сухэ-Батордун колуна коюп, сагынып калган баласын кергендей болуп, анын бетине тигиле карап сүйлешмекте ("Ленинчил жаш"). Мында "сүйлешмекте" деген кыймыл атооч мезгилдик маанiге ээ болуп сүйлеп жаткан учурдагы процессти керсеткендуктен, этиштин учур чагынын маанисин берди.

-мак формасындагы кыймыл атоочтор чыгыш жендеме формасында айтылганда езунен кийинки сездер менен биригип келип, кучетуу маанисин берет: Согуш болмоктон ерт алып кетсин! Нанымды бердиргиле! (А. Токомбаев).

- Бир айтмактан миң айткын, деги ушуну ханга угузуп айтсаңар экен! - деди дыйкан ("Кырг. эл жомокторунан").

-мак формалуу кыймыл атоочтор терс маанини билдируу учун кебүнче түгул, тургай, турсун деген тангыч маанисиндеги сездер менен айкашат да маанисин кучетет: I. Согуш болмок түгул (болмок турсун/болмок тургай) ерт алып кетсин.

2. Бир айтмак түгул /айтмак тургай миң айткын... Ушунча болуп, атын минмек түгул, алдынан кыя баскан жанды керген жок элек (М. Элебаев). Мууну бошой түшкен Соке кемпирин чаптан алмак тургай, колундагы шапалагын түшүрду... (Т. Сыдыкбеков). Үй ерттемек турсун, ажал менен алышып, араң ыле жатат (М. Абдукаримов).

-мак формасындагы кыймыл атоочтор учун жандоочу менен да айкашат. Анда -мак формасындагы кыймыл атоочтор кыймыл-аракеттин максатын билдирет:

Тарыхтын бир тамчысын жазмак учун,
Тагдырын карап чыктым, ылгап бүтүн (А. Токомбаев).
Тендигин ез колуна алмак учун
Жатышат туткун болуп ичи жанып... (Ж. Бекенбаев).

Кыргыз тилиндеги аталган формадагы кыймыл атоочтор модалдык сездерден "бар", "жок" сездеру менен айкашат. Бар сезу менен ай-

кашканда кыймыл-аракеттин процессинин бардыгын билдирет. Жок сезу менен айкашканда, кыймыл-аракеттин болбостугун, кайталанбастыгын же терс маанисин билдирет: Баш алмак бар, тил кесмек жок (Макал) ж. б.

– мак формасындагы сездер мындан тышкары атоочтук тангыч эмес жана бол, эле, экен кемекчу этиштер менен да айкашат. Бирок мындай учурда алар кыймыл атооч эмес, ниет ыңгай маанисинде колдонулат: Муну Ыманбай да байкабас, башкаларыбыз да байкамак эмеспиз (Т. Сыдыкбеков). Болгондо да эчтеке кылалмак эмеспиз (М. Абдукаримов). Эгер Каныбектин егуз минип, бул жерге келе тургандын билгенде, Айдарбек датка Каныбекти алда качан тыймак болчу (К. Жантешев). Эгер чабалекей болбогондо жылан адамдын канын соруп алмак экен (А. Осмонов). ...Кабылганды минип алып, ак дее менен бет-тешмек элем (Жомок).

4. -май формасындагы кыймыл атоочтор. Бул форма кыргыз тилинен башка түрк элдеринде учурабайт, ал кыймыл атоочтун калган түрлеру сыяктуу эле аракеттин, процесстин атын билдирет:

Өңчөй бебек жаадыраган
Түшүнде жок ыйламай,
Ушул жайда үн алышып
Кубанычтуу ырдамай ("Кырг. аялдары").

Той деле эмес айланайын, колхозчулук экен, анчейин бүткен иштин салтанатына ойноп-кулмей (А. Осмонов).

Таежем баштап баскан-турганымдан кыйкым таап андып турмай (С. Өмурбаев).

-май мүчесу уланган бул өздүү татаал формадагы айрым кыймыл атоочтор оюн аттарын билгизүүчү заттык маанеге өтүп кетишкен: кыз|куумай, аркан|тартмай, жоолук|таштамай, түлкү|куумай ж. б.

Бул формадагы кыймыл атоочтордун терс түрү жок сезунун кошулушу аркылуу берилет:

Бир кадам артка жылмай жок.

Мекенге уят болмой жок (А. Осмонов).

Андан кийин сезге алмай жок (Т. Сыдыкбеков). Айтарга сез таппай, ал өзү кайткыча үйге тоо кетеруп келгиле десе да, баш тартмай жок (С. Өмурбаев).

Кыргыз тилинде -май формасындагы кыймыл атооч да сез өзгертүүчү мүчелер менен өзгерет.

Мисалы, көптүк мүче (-дар) менен өзгерет: Алардын ашык жемейдери башталды. Кээде сонундары тарган, бири-бирине чунаңдап, ал эми алыс журсе сагынышып, жакындашса кагылышып кетмейдер эмнеден келип чыгат болду экен ыя? (С. Белекбаев).

Таандык мүчелер менен өзгерет: Айша апаңардын "жан кечмейи" кармап атат (А. Осмонов). Чыкса да жаан дыбырт этсе эле, жантаймада жылбай жата бермейи кеп болот ("Чалкан"). Бармактын келмейи кыйын, алмайдын бермейи кыйын (макал).

Жендеме мүчелер жалганат: Биринчи ирет ага эң ызалуу жаман сез айткым келди, бирок бул жаман сездун келечеги жаакташмайга айланып кетерин ойлодум ("Кырг. мад."). ...Ортодон мал союп, эгин сатмайыңарды айтканым ырас (А. Осмонов).

Ак пейил жаз акактарын чачмайда

Аңкайгандар акагынан кур калар.

("Ала-Тоо").

Бир күнү керели кечке ун чыгарбай жатмайдан болсун, сез да сүйлебейлү (С. Белекбаев).

-май формасындагы кыймыл атооч бар, жок модалдык сездеру менен айкалышат:

Кезегин алып ык менен

Алга чабуул салмай бар,

Кезегин сактап ык менен

Коргонуп таамай айтмай бар (А. Токомбаев).

Баштагыдай ар ким өзүнчө эптеп тырмалап, буурусун менен жер чиймей жок ("Советтик Кыргызстан").

Бир минут шашып кетмей жок
Учкан турмуш алдында
Бир секунд артка калмай жок (А. Осмонов).

-май формасындагы кыймыл атоочтон кийин "да" бөлүкчөсү айтылып, айтыла турган ойго же иштеле турган кыймыл-аракеттин маанисине аныктык, тактык киргизилет: Менин жумушум эмне, таштабаса болду: жетелеген жагына кете бермей да ("Ала-Тоо"). Бир күнү бака-шака, үч күнү "кулак мурунду кескендей" тунжурап калмайбыз да бар ("Чалкан").

Таандык уланды жалганган -май формасындагы кыймыл атоочко "канча" деген атооч айкашып келип, айтылуучу ойду күчөтүп керсетет: Ала кетмейи канча!... (А. Осмонов).

-май формасындагы кыймыл атооч, татаал этиштин негизги компоненти катары да келет:

Барбаймын деп айта албай,
Бармай болду Ак-балта ("Манастан").

Мен алты айлык пулеметчиктин окуусун бүтүрүп, "сержант" деген наамды алып, майданга жөнөмөй болдум ("Ленинчил жаш").

Азыркы кыргыз тилиндеги -май мүчөсү кыскарып -ма формасында колдонула берет, жана мындай учурда алар маани жагынан да айырмаланбайт:

Ал ошончолук жүдеп жүрсе да кетеруле сүйлемесу (сүйлөмөйү) дагы эле калган эмес (А. Убукеев).

Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп, ээ-жаа бербей кетме (кетмей) жайы бар (Н. Байтемиров) ж. б.

Жогоруда келтирилген фактынын өзү эле -ма формасы -май мүчөсүнүн аяккы "й" тыбышы түшүп, кыскарганынан пайда болгондугун

көрсөтөт. Кыймыл атоочтун -ма формасына да сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (таандык мүчөлөр) жалгана берет: ...кээде турмушта боло турган бир иште канаттантып, укмуштуудай жомокко айдантып жибермеси (жибермейи) да бар (Т. Сыдыкбеков). Эски май ичмем бар, катылайын, ошол эле ("Ленинчил жаш").

Эл арытып жер таанып,
Ырдап жүрдүң бир канча,
Жаза басмаң дагы бар
Жаңы көпкөн балдарча (Осмонкул).
Өрттөй кезүү бек жайнап
Кан ичмеси чын кармап ("Манас").

-гы /-ги, -кы /-ки мүчөсү аркылуу уюшулган кыймыл атоочтор өнүмдүү эмес, өз алдынча да колдонулбайт. Ар дайым таандык мүчөлөр уланып, кел деген көмөкчү этиш менен, айрым учурда бар, жок сөздөрү менен айкалышып колдонулат.

Кыймыл атоочтун -гы формасы - байыркы мүчөлөрдүн бири. Мурун кыймыл-аракеттин аты маанисинде колдонулуп, этиштик атооч катарында жүрген. -гы формасындагы кыймыл атоочторго азыркы мезгилде таандык жана көптүк -лар мүчөсүнүн жалганышы бул типтеги сөздөрдүн мурунку атоочтук касиетине байланыштуу болуу керек. Бирок маанаси жагынан ушул кезде каалоо ыңгайынын бир түрү катарында өнүгүп бара жатат. Терс маанаси келбей (кел-ба-й) этиштин кошулушу аркылуу же эмес, жана жок сөздөрүнүн айкашы аркылуу берилет:

Сыртка чыккысы келбей, эшиктен баш бакпан катындар (Т. Сыдыкбеков). Нөпман чочуп кетсе да, сыр бергиси келген жок (А. Токомбаев). Айдарбектин жүзүн өмүрүндө көргүсү келчү эмес (К.Жантөшев). Алжып калган чал билгиси келип жатат. Ал так ушуну жасагысы келген. Бир күн болсо да шаңкылдап күлүп, көңүл ачкылары келет (М. Абдукаримов). Алар бир ооз болсо да сүйлөп калгылары

келет (А. Токомбаев).

-гы формадагы кыймыл атоочторго -сыз, -дай, -лык мүчелерунун жалганышы аркылуу жаңы маанидеги сездер жасалат:

Соңунан барган кишиге
Жооп бербей койгудай ("Манас") ж. б.

Бечара Урум менен Турум елгөн уулу Сансыз тирилгендей, айтып тугөткусуз кубанычка батышты (К. Жантөшев). Ай, эми ушул үчүн кергулуктү кересүң, ээ? - дедим (М. Горький).

-гы + сыз формасы кыскарып -гыс болуп да колдонулат, Өзгөге бергис булөө бар, экеөнө бергис бирөө бар (Макал).

Кыймыл атоочтун -гы формасындагы айрым сездер ачыткы, уютку, кечкү ж. б. у. с. зат атоочтор.

Сын атооч маанисиндеги сездер да жасалат: Өмүрү узун болсун дегиле, элпек, сыр билги эмө көрүнөт (С. Бөлөкбаев). Ал эмчектешин не кылган менен эл көрген, ата салт билги, өтө сылык адам деп сезди (Т. Касымбеков).

Бул мүчө айрым кош сездердун тутумунда да жолугат:

Ат аякты сындырат
Алгы-берги иш турат (Т. Молдо).

А Т О О Ч Т У К Т А Р

Грамматикалык жагынан этиштик касиетке да, атоочтук (сын, зат атоочтук) касиетке да ээ болгон жана кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсеткон этиш создер атоочтуктар деп аталат.

Алар -ган, -ар, (-бас), -оочу//-уучу, -чу, -а//-е//-й элек формалары аркылуу уюшулат.

Атоочтуктар сүйлөмдө баш мүчелүк (ээ, баяндоочтук) милдетти да, айкындоочтук (аныктооч, толуктооч, бышыктоочтук) милдетти да аткарат. Мындай учурда алар грамматикалык түрдүүчө формада айтылат.

АТООЧТУКТАРДЫН ЭТИШТИК БЕЛГИЛЕРИ

1. Этиш создер катары кыймыл-аракетти билдирип, эмне болгон? канткен? сыяктуу суроолорго жооп берет: Көрүнгөн тоонун ыраагы жок (Макал). Тоспос торко, мокобос болот болбойт (Макал). Агарган кары, жалтыраган музу алыстан козду уялтат.

2. Этиш сыяктуу эле, өзүнүн алдындагы создү башкарып, белгилүү бир жөндөмөдө турушуп талап кылат: Бир бутунан маасысын чечпеген калыбы менен Каныбекке карай бир топ даачанды ыргытып жиберди (К.Жантөшев). Булар байгеден озгон кулуктөрдөй биринин артынан бири зымыроодо (Т.Сыдыкбеков). Атасына айтуучу тилегин эстеп, Ленин комсомолунун катарына отту (К.Баялинов).

3. -оочу//-уучу, -а//-е//-й элек формасынан башкасы этиш сыяктуу чакты да билдирет: Жыгылган (өткөн чак) күрөшкө той-бойт (Макал). Душмандар менен салгылашар (келер чак) убак жыкындады. Тиги келе жаткан (учур чак) киши Султан го.

4. Атоочтуктар ар кыл формадагы мамиле этиштерден жасала берет: Ошол кыпка тигилген үйлөрдүн арасындагы жоо кишилердин

кыймылы, жай бастырган, шашып чапкылаган аттуулардын кыймылы, жай бастырган, шашып чапкылаган аттуулардын аракети, тушалган, өрөөлеген, үч буттаган аттардын топтоп болуп жайылышы, кай бир жерде ат кубалап кыйкырган адамдардын үнү кандайдыр бир сонун сыяктанат (К.Жантөшев).

АТООЧТУК БЕЛГИЛЕРИ

Сүйлөмдө көбүнче сын атооч сыяктуу кайсы? кандай? деген суроолорго жооп болуп түшөт да, аныктоочтук милдетти аткарат: (—) Кожолор Алым менен Гүлсарахандын алдына түрдүү тамактарын коюп, келер-кетер (кандай?) сөздөргө киришишти (К.Жантөшев). Желбегей жамынган (кайсы?) ичигин үстүнөн булкуп ыргытып, долуланган (кайсы?) Умсунай жулуна басты (Т.Сыдыкбеков).

2. Атоочтуктар, айрыкча -ган, -бас, -ар формасындагы атоочтуктар, өзүнүн аныкталгычы сүйлөм тизмегинен түшүп айтылган учурда, анын ордуна заттык мааниде колдонулат. Эгер түшүп калган аныкталгыч сөз мурда мүчөлүү болсо, анын грамматикалык формасы атоочтуктарга жалганат. Түшүп айтылган аныкталгычы мурда сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарса, атоочтуктар да ошонун милдетин аткарат. Тактап айтканда, атоочтуктар бул учурда ээлик, толуктоочтук милдетти да аткара берет: Эл сыйлаган (адам) эшикке жатпайт, ат сыйлаган (адам) жөө баспайт (Макал). Керим айтканга (сөзгө) Шарше макул болбоду. Машина экчей берген сайын, кысылышып олтургандардын (кишилердин, адамдардын) арасы да бошой түштү (Т.Сыдыкбеков). Бербеске (адамга) эртең менен саамал, берерге (адамга) бешимде кымыз (Макал).

3. Атоочтуктарга ~~жок~~ уланды мүчөлөр (таандык, жөндөмө, көптүк ж.б. уландылар) жалгана берет: Кызынын билинбей эле бой

жетип калганына энеси ишенбегенсийт (Ч.Айтматов). Абылкасым байкас албаганга Кара Шаршен кыртыйып калды (Т.Абдумомунов). Жүрген-турганы да, сырткы кебетеси да кадимки өкмөтчүларга окшоп, аны көргөндө чоочун кишини көргөндөй көз арыбай карашат. Улуу кишини сыйлагандан бой кичирип калбайт (Т.Сыдыкбеков). Коркконго кош көрүнөт (Макал).

Атоочтуктар баяндооч ролунда кең колдонулат жана оң жана терс мааниде айтыла берет: Эшен 1916-жылы кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө төрөлгөн (Т.Сыдыкбеков). Эзелден ээн жаткан сар талаада кайкалап Кубандын буудайы өнөр, Фергана пахтасы агарып келер, Коженттин өрүгү төгүлөр, Кавказдын жүзүмү молтурор (Т.Сыдыкбеков).

Баяндооч ролунда келген атоочтуктарга тангыч эмес компонент теш болуп айтылып, терс маанини билдирет: Кечке миңсең да чарчачу эмес (Т.Сыдыкбеков). Мастер Эрматов арка жагына келип тура калган, Турсун аны көргөн эмес (Н.Байтемиров).

Атоочтуктар сын атооч сыяктуу кайсы? кандай? деген суроолорго жооп болуп түшүп, заттын белгисин көрсеткөнү менен, андан айырылуучу белгиси бар:

1. Сын атоочтор да аныктоочтун милдетин аткарат, бирок ал заттын туруктуу белгисин (ал белги ошол заттын өзүнө дайыма менчиктүү экендигин) билдирет: Кызыл чырай, нур жүздүү, кырдач мурун, кара каш, кара көз, кичинекей, жаш Каныбек таягына сүйөнүп, бийик асканын башында атасы Сансыздан үйрөнгөн ырын ырдап турат. (К.Жантөшев).

2. Атоочтуктар да аныктоочтун милдетин аткарып, заттын белгисин көрсөтөт. Бирок мындай сын атооч сыяктуу заттын туруктуу белгиси эмес, белгилүү бир убакка байланыштуу болгон кыймыл-аракет заттын белгиси катарында көрсөтүлөт: Жон жолдон кудаган суулар Байдамталдын иреңин бузуп, ташкындаган сел жүрдү (Ч.Айтматов). Көз айнектердин алакандай айнектери кечки батар

күндүн нуруна жалт-жулт чагылышты (Т.Сыдыкбеков) Айрым атоочтуктар этиштик маанисинен алыстап, лексикалашуу жолу менен атооч сөздөрдүн тобуна өтүп кеткен: тубар уй, кайнар булак, беш атар, балта жутар, жатып ичер, алаган (алган колум береген), качаган ж.б.

АТООЧТУКТУН -ГАН ФОРМАСЫ

Атоочтуктун -ган формасы этишке жалганып, көпчүлүк учурда аныктоочтун милдетин аткарат жана өткөн кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсетет. Ошондуктан ал атоочтуктун өткөн чак формасы деп аталат: Ар түрдүү чөп жана гүлдөрдүн жыты мурунга искетип, бирден бирге согуп, жорткон жел да бүгүн тынып калган сыяктанат (К.Жантөшев). Мындагы жорткон деген атоочтук кайсы? деген суроого жооп берип, кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсетүү, өткөн чактык мааниде колдонулду.

Атоочтуктун -ган формасы сейрек түрдө байыркы уйгур эстеликтеринен да учурайт (таку тукемезкен - такыр түгөнбөгөн; ... төртүнчү күн таңда эрте өрт... (5) турур эркен - төртүнчү күнү таң эртең менен бул [illegible] турат экен.

Атоочтуктун бул формасы орхон-енисей эстеликтери үчүн мүнөздүү болбогон. Анын ордуна -мыш// -миш// -мыс, -дык формалары колдонулган: илки су ташыкмыш эрти, экин су эбде эрти - биз аскер жүрүшкө чыккан эле, башкасы (калгандары) үйдө эле; Магы Курган кышладукда йут болты - Магы Коргонду кыштагында жут болду; йокламаз биз элин... бекмедим илте калмыс алты билге бег оглына - Биз анын эли менен тендеше албайбыз... Мен мамлекетте калган алты [illegible] (уулдарым) менен ыракаттанам (байыркы түрк жазма эстеликтеринен). Эчимканга олтуртукда өзим

тардуш будун узе шад эртим - Менин кан агам такта олтурганда, мен өзүм тардуш элинде шад элем.

Атоочтуктун бул формалары азыркы кыргыз тилинде айрым сөздөрдө гана калдык катарында сакталган, алар азыр атооч сөздөрдүн тобуна өтүп кеткен: турмуш, жазмыш,,конумуш, төлөмуш, калдык, жаздык, бардык (бардык жерде) ж.б.

- ган мүчөсү жалганган атоочтуктар башка сөздөрдүн жасылышына негиз боло алат. Мисалы, -лык мүчөсү уланып, заттык маанидеги сөздөр уюшулат: Кебетелеринен чаалыккандык байкалып турат (К.Баялинов). Ата тапкан конушту жерүү нарктан чыккандык деп аталат (Т.Сыдыкбеков).

Атоочтуктун -ган формасына -дай мүчөсү да жалганат да, окшоштуруу, салыштыруу маанисин берет: Алтын менен күмүштүн Ширеесүнөн бүткөндөй, Асман менен жериндин. Тиреесүнөн бүткөндөй, Айың менен күнүңдүн Бир өзүнөн бүткөндөй (Манас). Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-серин үлбүрөгөн ак булуттар күндүн батарда чачкан нуруна боелуп, кызгылт тартып, дүйнөгө жаңылык киргизгендей (К.Баялинов).

Бул формадагы атоочтуктун татаал түрү, негизинен, төмөнкүчө уюшулат:

а) Биринчи компоненти -а, (-й), -ып формаларындагы чакчылдардан болуп, ага -ган формасындагы жардамчы этиштердин кошулуп айтылышы аркылуу: Чыкыроон аяз, чытырап кирген бууradай чилденин зиркилдеп турган кези (Т.Сыдыкбеков). Карматпай жүргөн асоону айдап коргонго кийирди (Н.Байтемиров). Айткан сөзгө көнөбөй жаткан Керим тез эле ийкемге келди. Тиги Соорон-бай миң башынын коюн кайтарып жүргөн жалгыз уулумдан сен жакын көрүнөсүң (К.Жантөшев).

---

[1] Шад-түрк жана уйгур каганаттарынын соғуштук-административдик эң жогорку ардак наамы.

б) Биринчи компоненти да, экинчи компоненти да -ган формасында аяктаган же биринчи сөзү -ып формасындагы чакчылдан, экинчиси -ган формасындагы атоочтуктан болгон кош сөздөрдөн түзүлөт: Көргөн-билген курбулары бир сыйра учурашып чыкты (Т.Сыдыкбеков). Ушул ойго алданып туруп калган Зарыл кыштак аралап жүргөн адамдардын баскан-турган кыймыл-аракеттеринен улам кандайдыр бир дүрбөлөңдүү окуя башталганын байкады (Т.Сыдыкбеков). Байлар жыргап-куунаган күндөр өттү (К.Жантөшев). Бул атоочтуктун терс түрү -ба мүчөсү менен аяктаган этиштерге -ган формасынын уланышы аркылуу (көрбөгөн шаар, келбеген үй) же атоочтукка эмес, жок деген сөздүн компоненттеш болуп айтылышы аркылуу уюшулат: Мен окуган эмесмин. Сен көргөн жоксуң.

-а, -ып формасындагы чакчылдарга жаткан, турган, отурган, жүргөн сөздөр компоненттеш болуп айтылганда, учур чактык маанини туюндурат: Алды жагымда келе жаткан бир караан көздөн кайым болду. Жамила нары жакта иштеп жүргөн келиндерге жүгүрүп кетти (Ч.Айтматов). Аркы жакта бара жаткан солдат Каныбекти желкелеп айдап жөнөдү (К.Жантөшев).

Ушул эле түзүлүштөгү татаал атоочтуктар баяндоочтук функцияда келгенде, өткөн чактык мааниде колдонулуп калат: Токо карагайдын бутагына минип отурган (А.Токомбаев). Кыйналбай таап алагын ойлоп, кубанып бара жаткан (Н.Байтемиров).

а// -е// -й формаларындагы чакчылдарга атоочтук турган компоненттеш болуп айтылганда, келер чак маанисинде колдонулат: Сүйлөшө турган сөз, сураша турган суроолор көп (К.Жантөшев). Келе турган убагы болуп калган экен ("Миң бир түн"). Алдыда бара жаткан Карып коштошуп, ажыраша турган мезгили жеткенин билгендей, атынын башын буруп тура калды (К.Жантөшев).

АТООЧТУКТУН -АР ФОРМАСЫ

Атоочтуктун -ар формасы негизги этишке жалганып, аныктоочтун милдетин аткарган учурда кандай? кайсы? деген суроого жооп берет да, баштала элек кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт. Ошондуктан бул атоочтуктун келер чактык формасы деп аталат: Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган-бутам калбай калды (К.Баялинов). Ажырашар дос ээрдин кашын сурайт (Макал). Болор иш болду, боесу канды (Макал). Жылкы оттор чөп жок (К.Баялинов). Бороонго туруштук берер жалгыз аркет - чыдамдуулук, шайдооттук, кайтпас кайрат (Т.Сыдыкбеков).

-ар формасындагы атоочтуктар баяндоочтук милдетти аткарышат, кээде ага эле көмөкчү этиши компоненттеш болуп айтылат: Эзелден ээн жаткан сары талаада кайкалап Кубандын бүүдайы өнөр, Фергана пахтасы агарып келер, Коженттин өрүгү төгүлөр, Кавказдын жүзүмү мөлтүрөр (Т.Сыдыкбеков). Табылса, мен да алар элем.

-ар формасындагы атоочтуктар толуктоочтук милдетти да аткарат: Толкундун бир жамандык кыларына көзү жетти (К.Баялинов). Ичерине тамак, киерине кийим болду (Н.Байтемиров).

-ар мүчөсү менен аяктаган атоочтукка -лык мүчөсү жалгануу аркылуу сындык маанидеги жаңы сөз жасалат: Айта жүрөлүк иш болду; жарарлык иш кылдың; айтарлык жорук, эстерлик иш.

Атоочтук -ар формасынын терс түрү -бас (< ба+с). Мындагы -ба тангыч мүчө; -с болсо атоочтуктун -ар формасындагы р тыбышынын з тыбышына, з тыбышынын с тыбышына өткөн түрү; р > з > с; салыштырыңыз; түркмөнчө бармарын-барбасмын, бармарсың-барбассың; бармар-барбас.

-бас мүчөсү да негизги этишке жалганып, аныктоочтун функциясын аткарган учурда кандай? кайсы? деген суроого жооп берет жана келечекте боло турган кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт: Жаңыбас жаак, мудурулбөс туяк болбойт (Макал). Элин сагынбас эр, жерин сагынбас ат болбойт (Макал). Аңдышпас абысын болбойт (Макал).

-ар жана анын терс түрү -бас жалганган эки атоочтук кош айтылып, татаал формасы уюшулат: Мыскалдын өңү болор-болбос өзгөрүлө түштү (Т.Сыдыкбеков). Атар-атпас таң болсо... ж.б.

-ар формасындагы атоочтук кээде -а//-й-//-ып мүчөсү уланган чакчылдар менен компоненттеш болуп да, келер чакты билдирет: Айта жүрөр иш болду. Тез эле бүтө коер иш эмес.

-бас формасындагы атоочтуктар да айкындоочтук милдетти аткара берет: Башы оорубастын башка менен иши жок (Макал). Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар (Макал). Бербестин ашы бышпас (Макал).

АТООЧТУКТУН -УУЧУ//-ООЧУ(-ЧУ) ФОРМАСЫ

Атоочтуктун бул формасы да этишке жалганып, аныктоочтук функцияда келгенде кандай? кайсы? деген суроого жооп берип, кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт. Мааниси жагынан дайыма болуп туруучу же келечекте иштелүүгө тийиш болгон кыймыл-аракеттик белгини билдирет: Жүк тактага жабылуучу кашкар килемдин оңу өчейүн деп бозомук, ал түгөй бир бурчуна жамаачы түшкөн сыяктанат (Т.Сыдыкбеков). Баягы келуучу бай, чабууддап жүрүүчү кызыл чок, атагы жер дүңгүрөтүп, лөкүйкөн кашка баш оездордун күнү каран түшүп, падышанын тактысы талкаланды (Т.Сыдыкбеков). Түрмөдөн чыгуучу алсыздарды салып

кетүүгө камдаган арабаларын кармашып, бул жерде Даутхан менен бирге дагы бир жаш кытай бала турат (К.Жантөшев)

Атоочтуктун -оочу//-уучу формалары эки мүчөдөн турат: -уу, -оо - кыймыл атоочту уюштуруучу мүчө; -чу —адат өткөн чакты уюштуруучу мүчө. Тилибизде -оочу, -уучу мүчөсү толук жалганып, кээде -чу мүчөсү эле өтишке тике (уланып) атоочтук уюшула берет: Ойго алуучу иш//ойго алчу иш. Анан ал дагы бир азга катты телмире тиктеп, сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коет (Ч.Айтматов). Иштелуучу иштер бүттү.

-оочу//уучу формасындагы атоочтуктар заттык мааниде колдонулганда, ээлик, толуктоочтук милдетти да аткара беришет: Экинчи маселе комсомолго мүчө алуу болгондуктан, өңкөй арыз берүүчүлөр текшерилди (К.Баялинов). Пахта терүүчүлөрго сыйлык берилди.

Бул формалардагы атоочтуктар баяндоочтун да милдетин аткарат. Бул учурда адаттанып кеткен кыймыл-аракетти өткөн чак маанисинде билдирет: Мурат бербей койсо, ал чың тийбес ыйлап, Масылканга баруучу (К.Баялинов). Чынында, атам Эргешти сылоочу жана ячейка деп чочулачу (К.Жантөшев).

-а//-е//-й формасындагы чакчылдарга жардамчы сөз элек компоненттеш болуп да атоочтук уюшулат жана алар баштала элек кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт: Саала элек үйлөр оңгөрөшүп, музоолорун издегендей эки жакты карашат (Н.Байтемиров). Түүй элек үйдүн үзүнө күтүптүр (Ылакап). Тополе элек баласына тон бычыптыр (Ылакап).

а-//-е-//-й + элек формасындагы атоочтуктар да, өзүнөн кийинки аныкталгыч түшүп айтылганда анын функциясын өзүнө кабыл алышып, заттанышат. Натыйжада ал түшүп айтылган сөз сүйлөмдө

кандай милдетти аткарса, атоочтук ошол милдетти аткарат. Башкача айтканда, ал тұшүп айтылган сөз өө болсо, өөнин, айкындооч (аныктооч, толуктооч) болсо, айкындоочтун милдетин аткарат: Көргөнүндөн көрө элегин көп (Макал). Абыр кыркыла электерин бир башка, кыркылгандарын бир башка бөлдү.

Бул формадагы атоочтуктар көпчүлүк учурда баяндоочтун милдетин аткарат: Айдар кат жаза элек. Кубаттын огороду айдала элек. Кой короодон чыга элек.

КЫЗМАТЧЫ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

Кызматчы сөздөр, негизги түркумдегү сөздөрдөн айырмаланып, кандайдыр бир лексикалык маанини билдире албайт, жеке өзүнчө сүйлөм мүчесү катары да колдонулбайт. Алар тек гана сүйлөм ичиндеги толук маанилүү сөздөрдүн синтаксистик жана семантикалык жактан өз ара кандай катышта тургандыгын көрсөтөт.

Кыргыз тилинде кызматчы сөз түркүмүнө жандоочтор, байламталар, белүкчөлөр жана модалдык сөздөр кирет. Алардын ар бир тобунун морфологиялык табияты ар башка. Толук маанилүү сөздөрдү синтаксистик жактан өз ара тутумдаштыруу касиети да, аларга же бүтүндөй сүйлөмгө кошумчалай турган грамматикалык маанилери да бирдей эмес.

Мисалы, жандоочтор атооч сөздөрдү, кээде айрым жаксыз этиш - терди жандай айтылып, максат, себеп, мезгил-аралык, орун-өлчөмдүк, окшоштук сыяктуу түрдүү грамматикалык маанилерди билдирет. Байламталар морфологиялык түзүлүшү жагынан жөнөкөй жана татаал болуп, синтаксистик кызматы жактан багындырбас жана багындырма байламталар тобуна бөлүнүп, сөз менен сөздү, баш менен багыныңкы сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруу кызматын аткарат. Ал эми белүкчөлөр жана модалдык сөздөр сүйлөмгө же анын кандайдыр бир белүгүнө эмоциалдык-экспрессивдик модалдык ж. б. ар түрдүү абстрактуу маанилерди кошумчалайт.

Кызматчы сөздөрдүн көпчүлүгү тарыхый жактан толук маанилүү сөздөрдөн келип чыккан. Булардын айрымдары тилибиздин азыркы абалында да бирде кызматчы сөздүн маанисинде, бирде толук маанилүү сөздүн маанисинде колдонуу касиетин сактап калган. Мисалы: ары, бери, илгери, кийин, мурун сыяктуу сөздөр тактоочтук да, жандоочтук да мааниде колдонулса, карай, карап, көрө, баштап, тар-

тып шекилдүү сөздөр чакчылдык да, жандоочтук да мааниде колдонулат. Ал эми окшойт, өңдөнөт, көрүнөт сыяктуу сөздөр этиштик жана модалдык маанини билдирсе, дал, так, кана сыяктуу сөздөр тактоочтук жана белүкчөлүк мааниде колдонулат. Ошентип, булардын кайсы мааниде колдонулгандыгы сүйлөм ичинде гана айкын болот. Мисалы: Алыстан Алатоонун ак кар баскан чокулары көрүнөт. Мында көрүнөт - толук маанидеги сөз, этиш. Асан үйүнө келген көрүнөт. Мында көрүнөт - кызматчы сөз, келген этишинин маанисине болжолдоо маанисин кошумчалады.

Кызматчы сөздөр тилибиздеги башка грамматикалык каражаттардан төмөнкүлөрү менен айырмаланат:

I) Баштапкы бүтүн сөздүк белгисин сактап, өзү айкашкан сөздөн тыбыштык сөз катары ажыратылып айтылат. Ал эми мүчө болсо айкашкан сөз менен бирге айтылат. Бирок экөө тең лексикалык мааниге ээ эмес.

2) Морфологиялык жактан уңгу, мүчөгө ажыратылбаган өзүнчө турган сөз болгондуктан, үндөштүк законуна баш ийбейт. Мүчөлөр менен айкашпайт. Мүчөлөр болсо, тыбыштык составы жагынан жалганган сөзүн ээрчип үндөштүк законуна баш ийет.

3) Бүтүн сөздүк касиетин сакташып, дайыма басымды кабыл алышат: сен үчүн, дейин, кана, албетте, мүмкүн, келдим го! келе гой ж. б.

Ошентип, кызматчы сөз түркүмдөрү өз ара төртке бөлүнүп каралат: жандоочтор, модаль сөздөр, байламталар жана белүкчөлөр.

Жандоочтор

Жандоочтор сырткы түрү жагынан сөзгө окшогон менен өз алдынча турганда белгилүү бир түшүнүктү бере албайт: дейре, сымак, чалыш; салыштырыңыз: китеп, оку, ес.

Сүйлөм тизмегиндеги сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылат жана бирге айтылган негизги компонентке кошумча маани кийрүү үчүн колдонулат.

Тарыхый чыгышы жагынан жандоочтор, маани берүүчү сөз түркүмдөрү сыяктуу эле, лексикалык мааниге ээ сөздөр болгон. Тилдин өсүп-өнүгүшүнүн натыйжасында лексикалык мааниде колдонуу менен бирге ар түрдүү кошумча маанилерди билдирүү үчүн колдонула башташат. Ушул себептүү жандоочтордун бир тобу лексикалык алгачкы маанилерин биротоло жоготсо (мисалы: дейин, чейин, сайын, тууралуу ж. б.), айрымдары лексикалык мааниде колдонуу менен бирге грамматикалык мааниде да колдонулат. Мисалы, соңунан басты (тактооч); соңку жыл (сын атооч); өзүм жалгыз болгон соң, отунга келдим; иштен соң, барам (жандооч). Мында соң ошол алгачкы учурда колдонуп жүрген маанилери менен бирге грамматикалык мааниде да берилген. Булардын көө бирөөлөрү атоочтон пайда болгон: менен, жөнүндө, боюнча ж. б.; айрымдары теркүнү боюнча этишке барып такалат: карай, караганда, карата ж. б. Мына ушуга окшогон факт жандоочтордун маани берүүчү сөздөрдөн өсүп чыкканына, пайда болгонуна күбө. Ошондуктан буларды түпкү этимологиялык чыгышына байланыштырып, атоочтон жана этиштен пайда болгон жандоочтор деп, эки топко бөлөбүз. Булардын ар бири өз ара нака жана функционалдык жандоочтор делип дагы экиге бөлүнөт.

Нака жандоочтор – аркылуу, бойдон, боюнча, жөнүндө, менен, сөрөй, сымак, шекилдүү, сайын, дейин, дейре, чейин ж. б.

Функционалдык жандоочтор: ары, бери, башка, өзгө, бою, илгери, кийин, соң, мурун, жараша, жете же жеткире, карай же карап, ката же катар, карата, көздөй же көздөп, көрө баштап, бойлоп, караганда ж. б.

Жалпы эле жандоочтордун, өзгөчө функционалдык мааниде колдонуучулардын маанилерин сүйлөм тизмегинде гана, синтаксистик байланышта гана ажыратууга болот. Сүйлөм тизмегинде жандоочтор дайыма өзүнүн алдында турган атооч сөздөргө таандык болуп айтылат. Жандоочтор өздөрү таандык болуп айтылган жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен өте тыгыз байланышта болушат да, бир -биринин грамматикалык маанилерин толуктайт, тактайт.

Жандоочтор жөндөмөлөр менен бирдей айкашпайт. Ушуга байланыштуу кыргыз тилиндеги жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен жанашып айтыларына карай төрткө бөлүнөт.

I) атооч жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор;

2) барыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор;

3) табыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор;

4) чыгыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор.

Бул айкашуулар синтаксистик байланыштын башкаруу жана ыкташуу жолдору менен байланышат. Башкаруу байланышына барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөр менен айкашкан жандоочтордун формалары таандык.

Жандоочтор - сүйлөм тизмегиндеги сөз менен сөздү, сөз айкалыштарын жана сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруучу грамматикалык категориянын бири болуп саналгандыктан, буларды синтаксистик байланыштыруу мүнөздөрүнө карата төрткө бөлүп карайбыз.

I Нака жандоочтор

Бул жандоочтор өз ара атооч жана барыш жөндөмөдө турган сөздөр менен айкашат.

I. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: бойдон, бою, боюнча, менен, үчүн, сайын, сымал, сымак, чалыш, сыяктуу, тууралуу, шекилдүү, жөнүндө ж. б.

Бул жандоочтор атооч жөндөмөдө турган атооч сөздөр менен өз ара ыкташуу байланышы аркылуу тизмектешет да, негизги сөзгө биргелик, мезгил-мейкиндик, мейкин-аралык, катыштык, салыштыруу, окшоштуруу (амал) жана бүткүлдүк сыяктуу грамматикалык ар түрдүү кошумча маанини киргизет.

Саналган жандоочтордун ар бири лексика-грамматикалык планда төмөндөгүчө мүнөздөлүшү мүмкүн.

Жандооч менен

"Менен" жандоочунун алгачкы формасы бирлен (бир+ле+н) сөзү түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринде сакталган, бул форма азыркы түрк тилдеринде төмөнкүдөй вариантта колдонулат, мунун ордуна уйгур, түрк тилдеринде билен, тат. бел н колдонулат. Составындагы үндүү, үнсүздөрүнүн артка ээрчишүү законуна байланыштуу кыргыз тилиндеги менен бинен вариантынан пайда болгон.

Бул башка жандоочтордон жыш колдонушу менен айырмаланат. Мунун жыш колдонушу, биринчиден, жандооч катары атооч сөздөр менен айкашып келип, аларга ар кандай кошумча маанилерди киргизгени менен байланыштуу болсо, экинчиден, байламталык милдетти аткарышы менен байланыштуу.

Менен жандоочу төмөнкүдөй мааниде колдонулат.

I) Биргелик мааниде. Бул мааниде бирөө менен биргелешип иштөөнү, бирдикте аракет жасоону билдирет: Эл эмгек менен, эрдик менен жашады ошондо. Ишиң менен, ооба, адал ишиң менен татыдың (К.Каимов).

Биргелик маанисин күчөтүү үчүн бул жандоочко кошо, бирге деген сөздөр айкашат да, баары биригип келип бир биримдикти түзөт: Таң менен кошо ойгондум. Андай экен кыз-келиндериңер менен кошо, баарыңарды сууга салабыз (Ч.Айтматов).

Жандоочу менен ат атоочтор менен айкашканда, анын эки башка жөндөмөдө турушун талап кылат.

а) Илик жөндөмөнүн кыскарган формасында турганда, жекелик одоно түрдегү жактама ат атоочтор жана шилтеме ат атоочтор менен айкашат: Ал мени менен да, сени менен да сүйлөшмөк. Мен аны менен көзмө-көз сүйлөштүм; Муну менен, ошону менен ж. б. Кыргыз тилиндеги илик жөндөмөнүн кыскарган түрү башкыр, каракалпак тилдеринде толук сакталган: мениң менен, мениң бил н. Кыскарган илик жөндөмөнүн түшүп калып айтылышы ыр саптарында кездешет:

Улуу партия сен менен,
Сен өстүргөн эл менен (Ж.Бөкөнбаев).

б) Калган ат атоочтор менен атооч жөндөмөсүндө айкашат: сиз менен, сиздер менен, биз менең; Силер менен бирге менин да уулум баратат (Т.Сыдыкбеков).

Тоту – жүнү менен, булбул – үнү менен. Аш – ээси менен, баш – мээси менен, жакшы эли менен, жер – кени менен ж. б. Макал-лакап, насыят, терме ырларда жыш кездешет да, туруктуу сөз айкаштарды түзөт:

Ким менен бардың? Өзүм менен бир жүргөн досум. Баары же бардыгы менен макулмун. Ал кимдир бирөө менен сүйлөштү ж. б.

в) Маани берүүчү атооч сөздөрдүн башка түрлөрү менен да айкашат. Мисалы, Ысык-Көл сулуулугу менен суктандырат. Бул экөө биринчи мертебе бир-бири менен беттешип көрүштү. Экөө менен кезиктим ж.б.

2. Мейкиндик мааниде: Мында жандооч менен мейкиндик маанидеги зат атоочтор менен айкашып келип, аракет-кыймылдын жалпы мейкиндикке багытталганын же мейкиндиктин аралыгында болгондугун баяндайт: Ээн талаа менен жүрүп отуруп, төмөндө жаткан кара тоонун капчыгайынан өтүп, станцияга барыш керек (Ч.Айтматов).

Татаал болсо да, тете жол менен штабга жетишибиз керек (Т.Сыдыкбеков). Улар учпас тоо менен, жолсуз жер менен, токой менен жүрүп отуруп, батышты көздей салдык.

Менен аст(ы), үст(ү), алд(ы), ара деген орунду билдирүүчү жардамчы атоочтор менен айкашып, орун-мейкиндик маанини билдирет: Партизандар токойдун арасы менен келишти. Шахтёрлор жердин алды менен жүрүп олтурушту. Ал суунун асты менен сүзгөндү жакшы билет. Столдун үстү менен кулады. Алды менен сага үч суроо берейин (мында мезгил).

3. Мезгилдик мааниде менен атоочтук -ар жана кыймыл атоочтук -ыш мүчөлөрү менен айкашып, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун, мезгил бышыктоочтун милдетин аткарып, кыймыл-аракеттин мезгилдик чегин билдирет: Батыш эшикке чыгары менен, Байсамов Осмоновду карады (Т.Сыдыкбеков). Сансыздын жетөлгөн дабышы чыгары менен, Ажар эшикке умтулду (К.Жантөшев). Жаз келиши менен, соко чыгарылды. Эмне үчүн сен келер менен кам көрбөйсүң?

Ушу эле семантикасында мезгилдик мааниси бар сөздөр менен айкашып келип, убакыт боюнча кыймыл-аракеттин тынымсыз жүрүп жатканын түшүндүрөт: Күнү менен, түнү менен жол жүрүп келдик. Салыштырыңыз: Күндө эртең кетем менен, жаан басылат деген ой менен, отуруп, Күлжан үч ай, жыйырма күндөн бери Суусамырда (Н.Байтемиров).

4. Атоочтук -ган формасы менен айкашып, карама-каршы маанини билдирет: Кайгырганын кызына билгизбееге тырышкан менен, көзүнөн жаш токтобой куюлуп турду. Канчалык көзүнө ээн учурап турган менен, аны ондоп коюшун сурабайт. Мектептин директору анын айтканы менен болуп, колу бирдемеге жараган балдарынын бирин койбой ээрчитип. тоого чыкты (Н.Байтемиров). Шашкан менен кайда барары белгисиз. Булардын ар кадамы, алардын өткөн-кеткени,

көрген-билгени менен, кайгы-кулкусу менен байланыштуу (Н.Байтемиров).

5. Сын-сыпатташ мааниде. Көбүнчө абстрактуу маанидеги зат атоочтор менен айкашып, кыймыл-аракеттин абалын, мүнөзүн, шартын билгизип, бышыктоочтун милдетин аткарат: Окуянын чечилишин чыдамсыздык менен күтөт (К.Каимов). Бирок Жыпар оңойлук менен аларга сыр бербейт, жашырат. Бардык кыймыл-аракет менен, көз карашы менен, жакшы мамилесин билгиси келди. Салкын кандуулук менен гана сырын алдырбаска тырышты (Н.Байтемиров). Мени көзүнүн кыйыгы менен карагандай болду (М.Элебаев). Ызаат менен салам айтты. Ак ниети менен аракет кылды (К.Жантөшев). Шашып жан-дили менен сүйлөгөн киши экен го. Ал кайгырган түспөлү менен күлүмсүрөдү. Кайгыга күл, кубанычка жарылба, сабыр менен салкын кара баарына (М.Элебаев). Адатынча ал эч кимге кошулбай, унчукпастан салмак менен бутун сылтып басты (Ч.Айтматов).

6. Менен жандоочу куралдык маанидеги сөздөр менен айкашканда төмөнкүдөй маанини туюндурат:

а) кыймыл-аракет бул же тигил куралдын жардамы менен ишке ашырылганын билдирет: Чалгы менен чабат, орок менен орот, кааласа ок менен атып тыш айт. Седеп анын өнөрүн кулагы чалганы менен ырын да, күүсүн да өз кулагы менен уга элек болчу (К. Каимов). Балкасы менен зар чапкан, бармагы менен мол тапкан (макал). Кичинекей колдору менен эпилдете тезек терди. Тарак менен тарады. Аны көпкө чейин алаканы менен акырын сылап турду (Ч.Айтматов).

б) катнаштык-курал маанисиндеги сөздөр менен айкашып, жер которууга байланыштуу айтылган кыймыл-аракеттин, ошолор аркылуу боло тургандыгын көрсөтөт: Араба менен эптеп келдик. Жорго менен жүрүп отурду. Азыр жол катнаш жакшы: каалаган жерине автобус менен же поезд менен, болбосо самолет менен барсаң болот.

7. Байламталык мааниде. Жөнөкөй сүйлөмдүн тутумундагы бир өнчөй мүчөлөрдү, татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып, багындырбас байламтанын милдетин аткарат: Өлүм менен өмүр каш-кабактын ортосунда. Келгендер - Тыныбек бай менен Тоймат бий эле (К.Каимов). Аларды зордук менен кордуктан эч ким коргой албады. Алар Данияр менен Жамила экенин дароо тааныды (Ч.Айтматов). Анын ыры, сөзү жок эле үн менен обон. Элге эр кымбат, эрге эли менен жери кымбат (Аалы). Ысык-Көл менен Ала-Тоо - кыргыз элинин бешиги. Билимдүү өлсө, кагазда каты калат, уста өлсө, балтасы менен чоту калат (макал). Ондогон жылдардан бери береги жалдырак менен жалдырак, бутак менен бутак, тамыр менен тамыр, кара жыгач менен эмендердин бир-бири менен кучакташып тургандарын карачы! (Н.Байтемиров). Ал кызылы менен агым алды. Эки менен экини кошсоң төрт болот. Ошондой эле, анткени менен, деген менен, канткени менен, ошону менен бирге, ошондой болгону менен ж. б. туруктуу сөз айкалыштарын түзүп, татаал каршылагыч байламтанын милдетин аткарат.

8. Менен жандоочу тактоочторго да айкашат. Мындай учурда ага мүчөлөр жалганып, сын атоочко өтөт да сүйлөм тизмегинде аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Чиркин, сүрөтчү болсом, ушул эртең мененки күндү, ак ала көгүш тоолорду эртең мененки шүүдүрүм жашыл бедени, арыктын кашатындагы сары гүлдү, кодура күнкараманы сүрөткө тартсам, кандай сонун болор эле! (Ч.Айтматов).

Эртең мененки боюнча тамак иче элек;

Эртең мененки бойдон келе элек;

Эртең мененкиге чейин кел:

Эртең менентен мененден бери күттүм.

Эртең мененден баштап, көздөн далдаа болууга макулдук берди

(мезгил бышыктооч).

Менен жандоочу кээ бир сөз айкалыштарына да катышат, ансыз алар айтылбайт: майрамың менен, кубанчың менен, келишиң менен, жеңиш менен куттуктайм; армиялык саламым менен, кутмандуу күнүңөр менен, кутмандуу кечиңөр менен дегендей сөз тизмегин түзүү менен, жаңы туюнтмаларды жаратууда.

9. Менен'дин жандоочтук синоними катары аркылуу, боюнча, бойлоп, замат жана жөндөмөлөрдөн барыштын мүчесү колдонушу мүмкүн (куралдык, мезгилдик мааниде): Почта менен (же почта аркылуу) жиберүү. Ал муну жобо менен (же жобо боюнча) иштеди. Окуу бүтөр менен (же бүтөр замат) окуучулар дем алышка кетишти. Көчөдө жүрүп сергий түшкөн кабагы үйгө келер замат (же келер менен) кайра бүркөлдү (Н.Байтемиров).

Ошондой эле, жолдошу менен акылдашты, бешти тогуз менен көбөйт дегендин ордуна жолдошуна акылдашты, тогузга көбөйт деп, "менен'дин" ордуна -га мүчесү колдонушу мүмкүн.

Үчүн жандоочу байыркы жандоочтордон болуп эсептелет. Аталган жандооч атооч жөндөмөдөгү сөздөр менен айкашат. Мындан тышкары илик жөндөмөнүн кыскарган формасындагы шилтеме ат атоочтор менен да бирге айтылат: ошон үчүн (ошону+үчүн ошонун үчүн), ан үчүн (аны+үчүн анын үчүн; сал.: татарча шунуң үчүн).

Аталган жандооч айкашкан сөзү менен бирдикте төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

I. Максат мааниде. Атооч жөндөмөдө турган зат атоочтор менен айкашып келип, жөнөкөй сүйлөмдүн тизмегинде максат бышыктоочтун милдетин аткарат: Мен эл үчүн күйөм, эл үчүн иштейм. Эл үчүн, азаттык үчүн күрөшөт. Ал жыргал үчүн кызмат кылат. Алдыга достор, алдыга, Ата журт үчүн майданга! (Ж.Бөкөнбаев). Өмүрүм - элим үчүн, мекен үчүн!

Атоочтук жана кыймыл атооч маанисиндеги сөздөр менен айкашып, багыныңкы сүйлөмдүн татаал баяндоочун уюштурат да, максатын көрсөтөт: Көптөн көңүл коюп, демин чыгарбай күтүп турган нерсенин тынчын албас үчүн, табият да талыкшып моюн сунуп жатты (М.Элебаев). Билимдүү адам болуу үчүн, көп окуу - негизги шарт.

Ошондой эле, үчүн жандоочу аталган сөздөр менен айкашып, жөнөкөй сүйлөмдүн максатын көрсөтөт.

1) Совет эли Ата Мекенин коргоо үчүн кашык канын аябайт.

2) Жаштар билим алуу үчүн тырышат. Фрунзеге билим алуу үчүн келгенмин.

3) Мен өз максатыма жетиш үчүн күрөшөм.

2. Себеп мааниде. Аталган жандооч кыймыл атоочтук маанидеги сөздөр менен айкашканда себептик маанини да билдирет: Жооп алыш үчүн Жапар көп аракет кылды (К.Баялинов). Мария жакшы иштегени үчүн баалуу сыйлыктарды алды. Кечигип калганым үчүн мен бир топ жеме уктум (М.Элебаев). Ал өз оюн туура айтканы үчүн, Сүйүмбек ыңгайсызданганы жок (Т.Сыдыкбеков). Канаттуулар зыян келтирбесин үчүн, Алым бакты жакшы карашы керек (Н.Байтемиров).

I. Кыймыл-аракет бирөөгө же бир нерсеге арналып иштелгенин билдирет: Санта, сен мен үчүн жаралгансың. Мен сен үчүн жаралгам (Н.Байтемиров). Өмүрүм бүтүндөй сен үчүн, сага кызмат өтөш үчүн жаралгандай сезилчү (Ш.Бейшеналиев). Сен үчүн иштедим. Балам үчүн магазинден портфель алдым. Китеп үчүн арналган акча. Сабатсыз адам үчүн кол койдум. Мектептин ремонту үчүн каралган каражат ж. б.

2. Жандооч "үчүн" сурама, шилтеме ат атоочтордун кээ бирлери менен айкашып келип, лексикалык бир бүтүн сөз түзөт да, татаал

байламтанын милдетин аткарып, жаңы сөзду жаратқан: эмне үчүн, ошон үчүн, эмне үчүн десең, аның үчүн аны үчүн ан үчүн. Сал.: аның үчүн же аныңды кечирем (мында 2-жак таандык мүчө). Муну анын үчүн менен чаташтырбоо керек. Башка түрк тилдеринде бул форма илик жөндөмөсү аркылуу уюштурулат. Башк. шунын өсен, өзб. шунинг учун, кырг. ошон үчүн.

Булардын ичинен кээ бирөөлөрү, мисалы, "эмне үчүн" деген туруктуу сөз айкалыштар -дыр мүчөсүн кабыл алып, кыймыл-аракеттин күдүктүгүн билдирет: Атайдын жүрөгү эмне үчүндүр шуу дей түштү (К.Каимов). Баягы тамаша кепке, шайыр мүнөз келин эмне үчүндүр жоошуй түштү. Эмне үчүндүр алардын жүздөрү чочулап сактангандай сүрдүү эле (Ч.Айтматов). Ошондой эле, үчүн жандоочу кээде суроо белүкчөсү -бы менен айкашышы мүмкүн: ошон үчүнбү? Чындыкты айткандыгы үчүнбү?

3. Үчүн жандоочунун синоними катары деп менен барыш жөндөмөнүн мүчөсү -га пайдаланылат. Мен сен үчүн келдим дегендин ордуна мен сен деп келдим десек, ошондой эле Жолойго күн менен түндүн айырмасы аз десек, максатты билдирген негизги ой бузулбайт.

Аркылуу жандоочу (арка+луу) атооч жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракеттин иш жүзүнө ашырылышы бирөөнүн катышуусу менен же бир нерсенин жардамы менен боло тургандыгын көрсөтөт: мен жолдошум аркылуу билдим. Бул иш сен аркылуу бүтүш керек эле. Өзү айта албаса да, башка бирөө аркылуу айттырат эле го же ал аркылуу айттырбайм деди беле? (К.Жантөшев). Почта аркылуу жибермек эле, жибере элек. Алар түз эле телефон аркылуу сүйлөшөт ж. б. Ушул маанисинде синоним катары "менен" колдонушу мүмкүн: Телефон аркылуу телефон менен байланыштык.

Тууралуу жандоочу эки составдан турат: туура тугра + луу лыг (бардыкты көрсөтүүчү мүчө).

Аталган жандооч сөз өзү айкашып турган компонент жөнүндө болуп жатканын көрсөтөт:

Биз экөөнөр тууралуу көп сүйлөштүк. Сен тууралуу талаш жок. Ал мунун бектиги тууралуу кам санабасын. Айтыш (уу) тууралуу ырчылардын арасында ар түрдүү түшүнүк бар (К.Каимов).

Тууралуу жандоочунун синоними жөнүндө.

Жөнүндө жандоочу төмөнкү составдан турат: жөн+ын+да. Мунун уңгусу жөн - багыт маанисиндеги сөз; ушу маанисинде ал каракалпак тилинде азыр да колдонулат, кыргыз тилинде сейрек учурайт: жөн шилте - багыт көрсөт, багыт бер маанисинде; жөнгө сал - багытка сал, багытка келтир, оңдо, иретке келтир маанисинде; кайсы жөндө - кандай мамиледе; -ын - 3-жактын таандык мүчөсүнүн кыйыр жөндөмөлөрдө колдонулуучу формасы; -да - жатыш жөндөмөнүн мүчөсү, салыштыр: ат-ын-да ж. б.

Жөнүндө жандоочу, тууралуу сыяктуу эле, кыймыл-аракет өзү айкашкан сөз тууралуу, ошого карата айтылып жатканын билдирет: Поэма жөнүндө да, андан башка жөнүндө да сөз болгон жок. Эмне, Биримкул жөнүндө бир нерсе уктуңбу? Эл аралык абал жөнүндө доклад жасады. Сөз эмне жөнүндө болгонун Атай дароо түшүнө албады. Таластын эли, акындары, колхозчулары жөнүндө сурады (К.Каимов). Эмнелерди иштөө жөнүндө сөз болду.

Жөнүндө жандоочунан -гы мүчөсү аркылуу сын атооч да жасалат: Мен жөнүндөгү оюн өзгөртүү. Ал жөнүндөгү сенин оюң кандай? ж. б.

Сыяктуу жандоочу морфологиялык жагынан сыяк+луу деген эки составдан куралган, азыркы уңгусу сыяк - кебете-кейпи, түрү деген маанидеги сөз: сыяктын алгачкы уңгусу сыг (сы-г; мунун биринчи элементи сымал (сы-ма-л) формасында тектеш тилдердин материалдарынан кезигет (В.В.Радлов) . Уйгурча кулсыгэр - кул сыяктуу эр (киши); сыг менен сы-мал, сы-мак деген жандоочтордогу сы да тектеш, уңгу-

Аталган жандооч сөз өзү айкашып турган компонент жөнүндө болуп жатканын көрсөтөт:

Биз экөөнөр тууралуу көп сүйлөштүк. Сен тууралуу талаш жок. Ал мунун бектиги тууралуу кам санабасын. Айтыш (уу) тууралуу ырчылардын арасында ар түрдүү түшүнүк бар (К.Каимов).

Тууралуу жандоочунун синоними жөнүндө.

Жөнүндө жандоочу төмөнкү составдан турат: жөн+ын+да. Мунун уңгусу жөн - багыт маанисиндеги сөз; ушу маанисинде ал каракалпак тилинде азыр да колдонулат, кыргыз тилинде сейрек учурайт: жөн шилте - багыт көрсөт, багыт бер маанисинде; жөнгө сал - багытка сал, багытка келтир, оңдо, иретке келтир маанисинде; кайсы жөндө - кандай мамиледе; -ын - 3-жактын таандык мүчөсүнүн кыйыр жөндөмөлөрдө колдонулуучу формасы; -да - жатыш жөндөмөнүн мүчөсү, салыштыр: ат-ын-да ж. б.

Жөнүндө жандоочу, тууралуу сыяктуу эле, кыймыл-аракет өзү айкашкан сөз тууралуу, ошого карата айтылып жатканын билдирет: Поэма жөнүндө да, андан башка жөнүндө да сөз болгон жок. Эмне, Биримкул жөнүндө бир нерсе уктуңбу? Эл аралык абал жөнүндө доклад жасады. Сөз эмне жөнүндө болгонун Атай дароо түшүнө албады. Таластын эли, акындары, колхозчулары жөнүндө сурады (К.Каимов). Эмнелерди иштөө жөнүндө сөз болду.

Жөнүндө жандоочунан -гы мүчөсү аркылуу сын атооч да жасалат: Мен жөнүндөгү оюн өзгөртүү. Ал жөнүндөгү сенин оюң кандай? ж. б.

Сыяктуу жандоочу морфологиялык жагынан сыяк+луу деген эки составдан куралган, азыркы уңгусу сыяк - кебете-кейпи, түрү деген маанидеги сөз: сыяктын алгачкы уңгусу сыг (сы-г; мунун биринчи элементи сымал (сы-ма-л) формасында тектеш тилдердин материалдарынан кезигет (В.В.Радлов) . Уйгурча кулсыгэр - кул сыяктуу эр (киши); сыг менен сы-мал, сы-мак деген жандоочтордогу сы да тектеш, уңгу-

су - сы окшош деген мааниде.

Сыяк - -луу мүчесү менен айкашканда жандоочтук гана мааниде колдонулат.

Атооч жөндөмөдөгү атооч жана -ган формасындагы атоочтук сөздөрдү жандап, аларга салыштыруу, окшоштуруу, болжолдоп, төмөө маанини берет да, сүйлөм тизмегинде сүйлөмдүн ар түрдүү мүчелөрүнүн милдетин аткарат: Армияга баруу, Ата Мекенди коргоо биз сыяктуу жигиттердин - ыйык милдети. Ал деле сен сыяктуу киши. Биз бул сыяктуу иштердин далайын бүтүргөнбүз (аныктооч). Сиз сыяктуулар аз эмес (субстантивдешкен сө). Көлөкөң сыяктуу ээрчип алат (сыпат бышыктооч). Ал эч кимге баш ийбей турган сыяктуу. Дал ушул учурда Калдар бардык сезимин жоготкон сыяктуу (баяндооч).

Сыяктуу жандоочунун салыштырма маанисине синонимдеш катары өңдүү, сыңары, сыңарындай колдонулат: кийим, беш бармак, бозо өңдүү (же бозо сыяктуу) күчтүү тамак кыштын каарын торойт (Ш.Бейшеналиев). Анын адъютанты сыңары (же адъютанты сыяктуу) Биримкул ээрчип алат (Н.Байтемиров).

Ошондой эле, -дай, -ча мүчелөрү жандооч сыяктуунун ордуна колдонушу мүмкүн: бир эненин баласы сыяктуу же бир эненин баласындай көрүнөт. Биз да сен сыяктуу же сенче иштейбиз.

Шекилдүү жандоочу сыпат, кеип, сырткы түр маанисиндеги шөкл деген араб сөзүнөн кабыл алынган, буга кыргыз тилинен -луу жалганган. Бул жандооч башка түрк тилдерине салыштырганда кыргыз тилинде, өтө сейрек учурайт.

Шекилдүү жандаган атооч сөзү менен бирдикте туруп, болжолдуу окшоштукту же жөн эле түспөлдөштүктү билдирет: Сен шекилдүү далайларды жаңылткан. Кайра айныган шекилдүү. Анысы ар кишиден куралып эл болгон шекилдүү. Айткан шекилдүү, ай шекилдүү. Салыштырыңыз: жаза тийди шекилдүү. Жакындап калды шекилдүү.

Кыргыз тилинде шекилдүү жана сыяктуу жандоочторунун синоними катары сымал колдонулат: Апасов мен тууралуу Нураимга атайылап арызданган сымал (Ш.Бейшеналиев). Куудул сымал кесе киши. Экее жашташ жана ынак курбу сымал (К.Каимов). Кезге тааныш сымал тоо түнкүсүн эмне үчүн коркунучтуу сезилет деп, айланасына көз чаптырып баратты ("Ала-Тоо" журналынан). Адам киши сымал маймылдан жаралган (Ф.Энгельс).

Сымак жандоочу ыкташкан сөзүнүн башка бир нерсеге түспөлдөш, окшош экенин билдирет: Үйдүн чыгыш тарабындагы дөң сымак түзгө көп киши чогулган. Каныбек жарча зоонун алдындагы үңкүр сымак көбөөлгө кирди. Жолойдун жогору жагында кичинекей тектир сымак түзөң бар эле (К.Жантөшев). Акыл сымак азыраак сыр айтайын ("Эр Табылды"). Калыс сымак эле, кайраты бар чал эле.

Синонимдеш жандоочтордун ичинен сымал менен сымак бирдей мааниде колдонулат: Арабакечтер сай сымал ээен менен жүрүп отурушту. Киши сымагы же киши сыягы жок деп да айтылышы мүмкүн.

Чалыш жандооч катары атооч жөндөмөдөгү зат атоочторду жандап, ошого окшош, ошондой белгилери бар дегенди билдирет: Аргымак чалыш жылкы экен. Аргымак чалыш болсо дейли, астындагы мингениң (Токтогул). Түбүнө чыккан чыпыгы, чынарга чалыш болуптур ("Манас"). Кетмен туяк, кең соору, керишке минер ат экен; аркардай көзү жайнаган буудан чалыш мал экен.

Сөрөй жандоочу айкашкан сөздөру менен болгон окшоштукту шылдыңдоо, кемсинтүү планында көрсөтөт: актив сөрөй, мага ага сөрөй, акын сөрөй, жетекчи сөрөй.

Сөрөй жандоочу сөз өзгертүүчү мүчөлөрдү кабыл алып да айтыла берет: Акылман сөрөйүм дегениңдин баары жаңылык эмес (Ш.Бейшеналиев). Эки бөлмө там сөрөйүн Бермет кызы Санта менен баш кал-

калап калды (Н.Байтемиров). Актив серейлер конокко келди.

Серей жандоочунун чыгышы белгисиз, бирок кээ бир белгисине караганда атооч сездерден пайда болгондой.

Боюнча жандоочу азыркы тилдин өсүш этабында уңгу, мүчеге ажырабайт жана өз алдынча мааниге ээ эмес. Боюнча жандоочунун алгачкы формасы бо (й) тыбышына етүп, бой формасын кабыл алган: -ын - З-жактын таандык мүчесүнүн жана ал кыйыр жөндөмөлүк формасы; ага -ча мүчесү жалганган, байыркы салыштырма жөндөмөнүн мүчесү деп болжолдонот.

Боюнча жандоочу тарыхый уңгусу жагынан бойдон менен да тектеш, экөөнүн уңгусу бод - дене (тело) маанисиндеги сез болгон. Бирок тилдин андан аркы өнүгүү процессинде морфологиялык элементтер жалганган түрү, баштагы конкреттүү материалдык мааниси жоолуп кеткен: салыштыр: боюнча, бойдон - Абыл өзү бой кетти.

Боюнча жандоочу айкашкан сездөрүнүн маанилерине карай төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

I. Атооч жөндөмөдө турган зат атоочтор менен айкашып, кыймыл-аракеттин бир нерсеге ылайыкталып жасалганын, ошого жараша туура иштелгендигин билдирет: Ал муну жобо боюнча, закон боюнча иштеди. Упай эрежеси, ыкмасы боюнча кадимки биллиардды эсиме салууда (Ш.Бейшеналиев).Эзелден берки каада, зан боюнча созолонгон күүгө салышты (К.Каимов). Тизме боюнча окулсун.

2. Боюнча жандоочу көбүнчө орус тилинен кыргыз тилине которууда калька аркылуу пайда болгон кесипке, кызмат ордуна ж. б. байланыштуу сездерге айкашып, туруктуу сез тизмегин түзөт. Тил илими боюнча изилдөөчү, кадрлар боюнча орун басар, кыргыз элинин тарыхы боюнча адис, пропуск боюнча өткезүү, агым боюнча сүзүү.

3. Район боюнча, область боюнча, полк боюнча, республика боюнча, советтер союзу боюнча, дивизия боюнча ж. б. ушуга окшогон

сөзмө-сөз которулган айкалыштарда кездешип, кыймыл-аракет ошолордун ар бирине бирдей таандык, баарына бирдей тийиштүү экендигин билдирет: Ош область боюнча быйыл пахтанын планы ашыгы менен мөөнөтүнөн мурун тапшырылды. Министрдин приказы полк-полк боюнча, дивизия-дивизия боюнча окулду. Ушул мааниде бойдон жандоочу анын синоними катары колдонулушу ыктымал: Биздин район республиканын карамагында район боюнча же район бойдон калды.

4. Далилдөө, аныктоо иретинде киринди сөздүн тизмегин түзөт: менин пикирим боюнча ушундай, сенин пикириң боюнча кандай? ж. б.

5. Атоочтуктун ж. б. -ган формасы менен айкашып, көбүнчө мезгилди, кээде себепти билдирет: Бул сыр көңүлду бөлгөн, жанды кыйнаган боюнча калабы, же тышка чыгабы? (Ш.Бейшеналиев). Ал кеткен боюнча ушул убакка чейин келе элек (мезгил). Корккон боюнча айтпаптыр (себеп).

Семантикасында мезгилдик маанилери бар сөздөр менен айкашып келет да, мезгилди билдирет: Түн боюнча журуп отуруп, эртең менен келдик. Кечеги боюнча келбеген. Ушул мааниде мунун синоними катары бойдон, бою жандоочтору колдонулушу мүмкүн: Түн боюнча түндөгү бойдон түн бою тынбай журуп отурдук.

Бойдон жандоочу составы жагынан бой+дан (чыгыш жөндөмөнүн) мүчөсүнөн турат. Жогоруда айтылгандай, морфологиялык жагынан боюнча менен тектеш бой+дон азыркы түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинде гана кездешет.

Бойдон жандоочу айкашкан сөздөру менен бирдикте төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат.

I. Атооч жөндөмөдө турган зат, шилтеме атооч менен айкашып, бардыгы, бүтүн, бүткүл, дал ошол калыбында деген маанини

түшүндүрөт: Ал бала бойдон. Балким, ушул бойдон кайра керүшүүгө тагдыр жазбай турган чыгар (М.Элебаев). Мейли ушул бойдон тура берсин. Бул бойдон кетип калышын каалаган жок. Ошол бойдон оюндун аягын көрбөстөн, биз да үйгө кайтып кеттик (Ш.Бейшеналиев). Бүгүнкү түндү бүт бойдон өзү бийлегендей. Калыбындагы бойдон колдонулбайт. Седеп, журөгүң таза, акылың тунук, баягы эле бойдон экенсиң. Түндөгү бойдон жүрүп отуруп, бешимде Кыргыз-Сайга келиптирбиз (М.Элебаев) (мында мезгил мааниде).

2. -ган формасындагы атоочтук менен айкашып, кыймыл-аракеттин кандайча, кантип болгондугунун абалын билдирет да, көбүнчө сыпат бышыктоочтун милдетин аткарат: Бир ооз бирдеме дебей эле үтүрөйгөн бойдон чыгып кетти. Эки жетим жетелешкен бойдон ошо талаадан качып кеттик. Ал кубанган бойдон кетти. Санта Сарымсакты колдон алып, чуркаган бойдон жөнөйт (Н.Байтемиров). Ал, алаңдап шашкан бойдон, короого кирди (К.Жантөшев). Тыныбек кара жоргону ыргыштаткан бойдон, тоону көздөй жөнөдү (К.Каимов). Айрым учурда мунун синоними катары боюнча, бою колдонулушу мүмкүн. Кыз эшикти ачып, каалгага жөлөнгөн бойдон кала берди.

Бою жандоочу составдык белүгү жагынан бой жогоруда көрсөтүлгөндөй (бо) деген зат атооч менен 3-жак таандык мүчөсүнүн (-ы) айкашынан турат.

Талданып жаткан сөз заттык да, жандоочтук да мааниде колдонулат.

1. Заттык мааниде адамдын, айбандын же бир нерсенин тикесинен турган абалын, бийиктигин, денесин, тулкусун билдирет: Анын бою мунун боюнан узун, бою сындуу. Карагай бою кар жааса, эмне деген укмуш болот?

2. Жалгыз өзү, керт башы, бойдок деген мааниде: бой келдим - өзүм келдим. Аталган жандооч алтай тилинде да бар, бирок анда

ат атоочтук мааниде: алт. бойы келди - бой кел и, бойым кер ум - өзүм кердум, б.а. алтайча бой - өзүм маанисинде.

3. Жардамчы атоочтук мааниде барыш, табыш, чыгыш жөндөмөну кабыл алып, мейкиндик мааниде колдонулат: суунун боюна бардым, суунун боюнда болдум, суунун боюнан келдим (караңыз: Жардамчы атоочтор).

4. Бою жандоочтук мааниде атооч жөндөмөдө турган сөздөрдүн семантикасына ылайык мезгил-мейкиндик мааниде колдонулат: Миңдеген жылдар бою, кылымдар бою үзгүлтүксүз уланган кесиби. Жыйырма жыл бою күн сайын жүз тирилип, жүз өлөм (Н.Байтемиров). Ала-Тоо өмүр бою таза жуулган ак жоолук салынып,жашыл көйнөк кийгендей кулпунуп турат (мезгилдик мааниде). Күн аркан бою көтөрүлдү. Күн батууга аргамжы бою калды. Жаш бала шолоктоп жол бою ыйлап жүрүп отурду (К.Жантөшев) (мейкиндик). Батальон түн бою токой менен жүрдү (мейкиндик-мезгил).

5. Көөдө айкашкан сөздөрү менен биригип келип, бардыгы, бүт, дайыма деген маанини түшүндүрөт; Сейденин бүткөн бою жыйрыла түштү. Байдалы колхоз болгондон бери, өнө бою сугат жагында жүрчү (Ч.Айтматов).

Сайын жандоочу "сана" маанидеги байыркы са деген этиш менен байыркы чакчыл -йын мүчөсүнүн составынан турат. Чыгышы жагынан сайын этиш сөздөн турганына карабастан, атооч жөндөмөдөгү сөздөрдү жандайт да аларга, негизинен, "ар дайым", "ар убак" деген кошумча маани киргизет. Айкашкан сөздөрүнө карата төмөнкүдөй маанилерди кошумчалайт.

1) Мезгил-аралыктын же мезгил-өлчөмдүн аралыгында кайталануучу кыймыл-аракетти билдирет, аныктайт: Күн сайын болбосо да, жума сайын же ай сайын көзүмө көрүнүп тур, балам. Жыл сайын

майрамдоочу майрамдардын ичинен 7-ноябрь майрамы мен үчүн өтө кымбат (К.Жантөшев). Кадам сайын жыгыласың.

2) -ган формадагы атоочтук менен айкашканда, белгилүү бир мезгилдин ичинде болгон кыймыл-аракеттин аркасы менен, экинчи бир иштин жүзөгө ашырылганы белгиленет, б. а. багынынкы сүйлемдөгү кыймыл-аракетке карата, баш сүйлемдөгү кыймыл-аракеттин аткарылышын көрсөтөт: Ар жыл жаңырган сайын, мына, биздин жер жайнап, кулпуруп, жашарып баратат (Т.Сыдыкбеков). Күн өйдөлөп талаа ысыган сайын, аттардын соорунан жылга-жылга тер кетти (Ч.Айтматов). Алга кадам таштаган сайын, жаңы ой, жаңы чуңкур кезигет. Турмуштун түрдүү шарттарына аралашкан сайын, адамдын көзү ачыла берет экен (Н.Байтемиров). Барган сайын көзү жадырап, жайнап баратты. Анын жүрүш-турушу барган сайын өзгөрдү (Н.Байтемиров). (мезгил бышыктооч).

3) Айкашкан сөздөрдүн лексикалык маанисине карай кээде салыштыруу мааниси да берилиши мүмкүн: Күлүк ат чапкан сайын арбытат.

4) Ал деген жактама ат атоочтун илик жөндөмөлүк кыскарган формасы - ан менен айкашып келип, күчөткөндүктү билдирет: Ан сайын кыздын жүрөгү сыздады (Н.Байтемиров). Бул сөзгө ал ан сайын тырчый түштү (Т.Сыдыкбеков).

3. Мейкиндик мааниде орунду көрсөтүүчү зат атооч сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракеттин мейкиндикке багытталган чегин көрсөтөт: Ашуунун белине чейин белесу жеткирип коймок. Атай эки жеңин карысына чейин түрүнүп, колдорун ойдолотуп күү башын кайрыды (К.Каимов). Чүйдөн Таласка чейин даңкы чыккан жаш Манастын атасы менмин, мен хан эмесмин, бирок хандан кем эмесмин ("Манас"). Үйүнө чейин узатып келип, көпкө чейин колун катуу кысып, тиктеп турду (Н.Байтемиров).

4. Сан жагынан чектелген аралыкты көрсөтүүдө колдонулат: узундугу отуз метрге чейин барат. Жогорку окуу жайына 18 жаштан 35 жашка чейин адамдар кабыл алынат. Он үчтөн он бешке чейин Москва көрсөтөт.

Дейин жандоочу чейиндин синоними, бу да мезгил менен мейкиндиктеги чекитти билдирет: Жазда эгилген эгин күзгө дейин орулуп, жыйналып бүтөт. Куш-Куйгандын чокуларына дейин барып, эки терду чал.

Дейре жандоочу жогорку эки жандоочко синонимдеш. Бирок колдонуу жагынан дейинге караганда жыш кездешсе, чейинге караганда сейрек кездешет. Башка түрк тилдеринде бул жандооч колдонулбайт. Тарыхый чыгышы жагынан дейин менен тектеш, маанилери боюнча чейинден айырмаланбайт: Эгин бышканга дейре мен жайлоодо болдум. Биз кечке дейре дарбазанын алдында отурдук. Союздан чыгарууга дейре барды. Ушуга дейре баланын жанынан кетпей отурат. Ага дейре айтайын деген акылымды уккула. Эки жеңди карууга дейре түрүнүп, лом темирди күрс-күрс согуп, таш оодарышып Сабыр жүрдү. Ак-Суу, Кара-Балта станциясына дейре барып жатышты (Т.Сыдыкбеков). Саат бирге дейре отурдук.

Мындан тышкары дейре жандоочу, чейин сыяктуу, "бардыгы бүт, бүт бойдон" деген мааниде да колдонулат: Анын отун-суусуна дейре колхоз милдеттүү. Үнүн чыкканга дейре тестет. Үйдүн ээси мойнуна дейре кызарып, сөзгө аралжы болду (К.Каимов). Салыштырыңыз: чачынын тамырына чейин кызаруу, майда-чүйдасына чейин камдоо, таманынан чыккан дүркүрөк тебесүнө чейин жетти.

Карата жандоочу кара+т+а деген составдардан куралган. Өзүнчө турганда лексикалык мааниге ээ эмес.

Айкашкан сөздөрүнүн лексикалык маанилерине карай төмөнкүдөй мааниде колдонулат.

1. Барыш жендемедегу атооч сездерду жандап, ага "ылайыгына карап", "ылайыгына жараша" деген кошумча маанини керсетет. Кылган кызматына карата акы теленет. Кучуне карата иштеди. Ушул мааниде колдонгон туру жараша жандоочуна жакын.

2. Багытты керсетет: мектепке карата кетти. Сага карата айтты: Ошондой эле байыркы барыш жендеме -ры мучеден ажыратылбай колдонуучу ары, бери (о ол ал+ры) деген сездерге айкашып да багытты керсетет: Каныбек менен Ажар ары карата женеду (Жантешев). Уч айдан бери карата тешекте жатат.

3. Карата жандоочу жатыш жендемеде турган зат атооч менен да айкашат: Жолдо карата бир катар колхоздун малчылары менен жолугуштук. Бул учурда мунун синоними катары ката, катар колдонушу мумкун.

II. Функционалдык жандоочтор

Бул топко кирген сездер лексикалык да, жандоочтук да мааниде колдонулат. Ошондуктан булар функционалдык жандоочтор деп аталат.

Функционалдык жандоочтордун милдетин, негизинен, лексикалык маанидеги чакчылдар аткарат. Алар чакчыл функционалдык жандоочтордун милдетин аткаруучу грамматикалык каражат катарында айкашкан сездеру менен мейкиндик, мезгилдик, салыштыруу, елчее сыяктуу карым-катышта болушат. Жендемелер менен айкашканына карата аларды теменкуче белуштуруруге болот.

I. Барыш жендемену талап кылуучу жандоочтор

Жете чакчылы этиштик жана жандоочтук мааниде колдонулат. Чакчылдык мааниде езунче же жардамчы этиштер менен айкашып келип, суйлем мучесунун милдетин аткарат да, кыймыл-аракетти

тактайт: Артыңдан жете келдим же жетип келди, сал.: артымдан жетти же артымдан келди. Функционалдык жандоочтук мааниде барыш жөндөмөдө турган сөздөр менен айкашат да, мезгил-мейкиндиктеги ченди билдирет, мындай учурда аны чейин менен алмаштыруу-га болот: Али түнде кеч тарап, Нураимдарды үйүнө жете узатып бардым. Сени кечке жете күтө албайм (М.Элебаев). Таңга жете иштейт (мезгил). Апамды айылга жете (чейин) жеткирип бардым; сал.: Эртеси кечке жуук айылга жете келдим (мында жете – чакчыл-дык мааниде).

Карай // карап жандоочу татаал этиштердин составында не-гизги компоненттин милдетин аткарат да, чакчылдык мааниде кол-донулат: Жабылган көзгө карай албады. Ал киши жалт карай берди. Мамбет жалт карай салды. Ал Жамиланы муңайыңкы карап койду. Мында лексикалык мааниде колдонулуп, сүйлөм мүчесүнүн (баяндооч-тун) милдетин аткарды.

Жандоочтук мааниде алдында турган сөзгө таандык болуп айтылат да, төмөнкүдөй грамматикалык маанини берет.

I. Барыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдү жандап, кыймыл-аракет-тин бир жакты көздөй багытталганын, багыт алганын көрсөтөт: Социализмден коммунизмге карай бараткан жол. Күн батыштагы жер менен көктүн кошулган жерине карай бет алды. Артка карай чегинүү жок. Түнкү жымжырт бузулгандай, жер-суу бир жакка карай бет алгандай болот. Тоонун сай-сайынан, ердештөрүнөн жакага карай жол тарткан кечки, таза сыдырым жел аралады (Ш. Бей-шеналиев). Карай жандоочунун синоними карап да, багытты, орун-мезгилди билдирет да, сүйлөмгө мүче боло албайт: Келге карап бет алдык.

2. Кыймыл-аракеттин бир нерсеге жараша ылайыкталып иштел-генин, шартына карата болгонун көрсөтөт: Жашка карай класстарга

белүштүрдү. Ылайыгына карай иште. Алына карап иш кыл.

3. Карай жандоочу табыш жендемедегү атооч сөздөр менен айкашып да, багыттык маанини билдирет: Кыз шашпай үйүн карай басты. Ана, кырдан бизди карай жабалакташа лыжачан бешее зыпылдап кайып өттү (Ш.Бейшеналиев).

Ошондой эле айрым тактоочтор менен айкашат. Экее кол кармашып, өйдө карай тоого кетти. Төмөн карай басып баратты.

Көздөй // көздөп жандоочтору, карай // карап сыяктуу эле, лексикалык жана грамматикалык мааниде колдонулуп, кыймыл-аракеттин бир жакка багытталганын көрсөтөт: Коммунисттик партия көпчүлүктүн талабын көздөйт (лексикалык мааниде).

1. Грамматикалык мааниде табыш жендемедегү атооч сөздөрдү жандап, ага таандык болуп айтылып, жандоочтук милдетти аткарат да, кыймыл-аракеттин белгилүү бир багытка бет алганын, ошол мейкиндик менен багытка карата умтулганын билдирет: Кыз-келиндер токойду көздөй катарлаша басып баратышты. Меңгүнүн башын көздөй жол тарткан ак балыктар үйдөй таштардан алыс ыргышып жаркырашат (К.Каимов). Кең мейкин чыгыштан батышты көздөй бара жаттык. Мен аларды көздөй бастым. Койлор таш короону көздөй бет алышты. Тыныбектин айлын көздөй катуулап бастырды.

2. Табыш жендеме көмүскөдө калып айтылышы да мүмкүн: Мектеп көздөй мектепти көздөп жөнөдүк. Бермет атты сельсоветтин контору көздөй конторун көздөй жетеледи.

3. Көздөй // көздөп жандоочунун табыш жендеме менен айкашкан түрү карай карап менен алмашыла берет: Ал азыр эле кырманды көздөй кетти кырманды карай кетти. Камчысын сүйрөп, үйүн көздөй басты үйүн карай басты. Бирок көздөй көздөп, карай карап жандоочторуна окшоп, барыш жендемесү менен айкашпайт. Айкашса да стиль жагынан дал келбейт: Артка карай чегинүү жок, сал.:

артка кездей чегинуу жок. Саат үчкө карап калыптыр, сал.: саат үчкө кездей кетти.

Ката жандоочу табыш жана жатыш жендемеде турган атооч сездер менен бирдей айкашып (жол, түн деген сездер менен гана) кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет: Жолду ката сүйлештүк, жолдо ката бирге келдик.

Ката жандоочу катар формасында кездешиши мумкун: Жолду катар (жолдо катар) кыялдын терең дарыясына баткансыды (Ж.Таштемиров). Кабыл жолду катар ошол келечегин ойлоп келет (К.Жантөшев). Түн ката келдим.

Жараша жандоочу лексикалык жана грамматикалык (жандоочтук) мааниде колдонулат. Составы жагынан жара+ш+а элементтеринен куралган. Чакчыл формада туруп, дайыма өзүнөн кийинки жардамчы этиш менен бирге айтылат да, сүйлөм мүчесүнүн милдетин аткарат же өзүнчө жеке колдонулат. Дал ушинтип сүйлөшүү өзүнө жараша түштү (жарашты). Ушул турпатында барыш жендемеде турган атооч сездерду жандап, "ылайыгына карата, туура ылайыкталган" деген маанини билдирет: ушул керкүнө жараша кекүрөгү кичине болсо, балким , жарашпас эле (Н.Байтемиров). Тыныбек да өз алына жараша баарын акыл менен иштеген (К.Каимов). Анын мүнөзүнө жараша, шартка жараша, мамиле кылганды жакшы керет (Н.Байтемиров). Суроосуна жараша жооп берди. Балтасына жараша - сабы. Сезге жараша сез айтпаса, сездүн атасы өлөт (макал). Кызматына жараша сүрдүүлүгүн арттырууда.

Караганда жандоочу өз ара кара+ган+да деген составдык элементтерден турат. Талас суусу жайкы көрүнүшүнө караганда кыйла бексерген, көк иримдүү шардын тунуктугу ушунчалык, түбүндөгү таштар даана көрүнүп жатты (К.Каимов). Башка кыздарга

караганда кандайдыр экеенүн көңүлү жакын эле (М.Элебаев). Ырас, эми мага караганда ал ошондой. Айтканына караганда жаман эмес.

Чыгыш жөндөмөнү талап кылуучу жандоочтор

Атооч маанисиндеги сездерду аталган жөндөмө боюнча башкаруучу жандоочтор дээрлик функционалдык мааниде колдонулат. Буга төмөнкүлөр кирет.

Ары жандоочу азыркы түрк тилдеринде уңгу, мүчөгө ажырабайт, тарыхый жагынан ат атооч о ол ал менен тектеш, аяккы элементи - байыркы барыш жөндөмөнүн -ры мүчөсү.

Ары тактоочтук мааниде сүйлөм тизмегинде өзүнөн кийинки сөзгө таандык болуп айтылат да, негизинен, орун бышыктоочтун (сүйлөм мүчөсүнүн) милдетин аткарат: Ары отур,ары бас, арыраак барып тур. Береги кырка тоонун ары жагы Талас (тактоочтук мааниде).

Ары жандоочтук мааниде чыгыш жөндөмөдөгү өзүнүн алдындагы атооч сездерду жандап, лексикалык маанисин жоготуп, төмөнкү грамматикалык маанини берет:

а) мейкин-аралык мааниде: Мен мындан ары жүрө албайм. Кыштактан ары жүз метрдей барганда, ат чабарларды токтотту (Т.Сыдыкбеков). Ары жандоочуна көздөй, карай деген жандоочтор айкаштырылса, кыймыл-аракеттин багыттык мааниси такталат: Сокулуктан ары карай Кара-Балтаны көздөй кетти. Суусамырдан ары көздөй бет алгандай болду.

б) Мезгилдик мааниде, көбүнчө ат атооч сездер менен айкашат. Чыдабайм мындан ары. Андан ары кет.

Байламта маанисинде бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырат да күчөтүү маанисин берет: ары сөзмөр, ары жомокчу адам. Ары жалгыз, ары жаш жеп, сенин эркелигиңди мен көтөрдүм (Т.Сыдыкбеков).

Ары досум, ары тууган болуп калган эле (К.Жантөшев).

Ары жандоочунун ордуна кыргыз диалектилеринин айрым жерлеринде мунун фонетикалык варианты,нары колдонулат: Токмоктон нары кете албайт, нары билимдүү, нары өтүмдүү. Мындан нары жол айрылат.

Бери жандоочу ары жандоочунун антоними, шилтеме ат атооч -бу менен -ры мүчесүнүн айкалышынан турат (кара: ары).

Бери тактоочтук мааниде, ары сыяктуу эле, бышыктоочтук милдетти аткарат: бери кел, бери кара, берирээк кел; бериле (этиш), берки өйүз (сын).

Айкашкан сөздөрдүн маанисине карай бери жандооч ролунда төмөнкүдөй грамматикалык мааниге ээ:

Мезгилдик мааниде: көп жылдан бери далайдан бери ала жаздан бери көрө элекмин. Эки күндөн бери табы жок. Мен сизге кептөн бери айтып келем. Алда качандан бери. Жанатан бери. Баятан бери баласына каралашып байкап жаткан Абдрахман кереге тарапка ээк кагып, көзүн кысып койду (К.Каимов). Андан бери бир нече күн өттү.

-чан формадагы атоочтук менен айкашканда, багыныңкы сүйлөмдүн татаал баяндоочун уюштурат да, мезгилдик маанини билдирет: Ал больницадан чыккандан бери, Афет байкаган эмес эле (Н.Байтемиров). Атасы Петербургдан келгенден бери уулунун иши жакшы (Л.Толстой).

2. Кыймылдын тез, өте ыкчамдык менен иштелген мезгилин көрсөтөт: Арыдан бери куржунду сегүп жибериштн. Медведев пакетти нарыдан бери окуй салды (К.Жантөшев). (мында туруктуу айкалыш).

3. Мейкин-аралык мааниде: Үйдөн бери жети чакырым. Ашуудан бери жол жакшы.

4. Зат атоочтор менен айкашып, мезгил, мейкиндик мааниде эмес, "бүткүл, бардыгы, бүтүн" деген маанини түшүндүрөт: Койдун өңдөрүнөн бери билет. Кейнегүнөн бери кызыл. Өсүмдүктү айдап өстүрүү агротехникасын түп-тамырынан бери карай жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүүдө.

Илгери жандоочу чыгышы жагынан "бет маңдай, чыгыш жак" деген маанидеги ил+байыркы кездеги багытты көрсөтүүчү -гару мүчөсүнөн турат.

Илгери тактоочтук да, жандоочтук да мааниде колдонулат.

Илгери тактоочтук мааниде мезгилди, орунду билдирет: Илгери мен бала чакта. Илгери тур. Илгери карай умтул. Илгери сенин жашыңдагы балдар торпоктон түшчү эмес (Т.Сыдыкбеков). Тактоочтук маанисинде тийиштүү мүчөлөрдү кабыл алат: Илгеркинин алпы көп, алпынан да калпы көп (макал). Илгерки заманда байлар байлыгына мас болгон. Илгеркиңди ойлосоң, сен экөөбүз ким элек? Бизде илгерилештер белгиленген.

Илгери жандооч катары, негизинен, эки маанини билдирет.

I. Мезгилдик мааниде: Мындан илгери болгон окуя. Бул жолду мындан эки жыл илгери салышкан. Мындан эки күн илгери үйүнө барып келүүгө суранып кеткен (К.Жантөшев). Ал башкаларынан илгери кеткен (Н. Байтемиров).

2. Салыштыруу мааниде: Жаман кишиден кийин, иттен илгери (макал).

Илгери башка түрк тилдерине салыштырганда, кыргыз тилинде жандоочтук мааниде өтө сейрек учурайт. Мунун ордуна кыргыз тилинде мурун колдонулат. Сал.: өзбекче - гапиришдан илгери, башкырча - бынан элгере, кара калпакча - авылга баргандан илгери, кыргыз тилинде бу мындан мурун деген сөз аркылуу берилет.

Мурун мурда да эки функцияда колдонулат. Мурун тактооч-

тук жана зат атоочтук мааниде колдонулуп, ага айрым сөз өзгөртүүчү мүчелер жалганганда, бирди-жарым өзгөрүүгө дуушар болот. Мурун тактоочтук мааниде, мурда түрүндө зат атоочтук мааниде колдонулат. Сүйлөм тизмегинде сүйлөм мүчелерүнүн ар түрдүү функцияларын аткарат: Укчу элем мурун кабарын. Күн мурун даярдайт. Мурда айтсаң болмок экен. Сал.: Мурунку жаман ишиңди, кийинки жерде таштагын.

Мурун мурда жандоочтук мааниде чыгыш жөндөмөдөгү атоочторду жандайт, айкашкан сөзү менен бирге татаал сүйлөмдүн составында мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарат. Жөнөкөй сүйлөмдүн тизмегинде мезгил бышыктооч болот: Кыш түше электен мурун кел. Энекем бара электен мурун, мен бардым. Андан мурун көзүнө такыр көрүнбөгөн. ...кимди жазды экен сизден мурун? (Н.Байтемиров). Сен айтпастан мурда эле, толук түшүнгөнмүн. Элден мурун эңкейтип, белимди алды карылык, көкүрөктү көтөрткөн, желимди алды карылык (Токтогул). 1941-жылы согуш болордон мурун, ал мектепти бүтүрүп чыккан (А.Токомбаев).

Кийин жандоочунун алгачкы формасы - ке (ко - арт, арт жак+ин - байыркы курал жөндөмөнүн мүчөсү), з с й тыбыштарынын бир-бирине өтүшүнө байланыштуу, түрк тилдеринде төмөнкүдөй варианттарда кездешет: бай. түрк. ке ин шор. кезин. каз., к. калп., өзб. кейин, кырг., алт., уйг. кийин; кийин тактоочтук жана жандоочтук мааниде колдонулат.

Тактоочтук мааниде сүйлөм тизмегинде орун, мезгил бышыктоочтун милдетин аткарат да, өзүнөн кийинки сөзгө, этиштик баяндоочко таандык болуп турат: Бир аз кийин болгулачы. Кийин-кийин өзүң аксакалга айланганда себебин түшүнөсүң. Кийин сезип кызара түштү (Н.Байтемиров). Кийин айтып берем. Кийин отур.

I. Кийин жандоочтук мааниде чыгыш жөндөмөдө турган атооч сөздөрдү жандайт, аны менен бирге мезгил бышыктоочтун милдетин аткарат: Арманым болбос эле ошондон кийин. Тең иштегенден кийин, тең эле көрбөйбү? (М.Элебаев). Эки-үч күнден кийин, экзамен башталат. Мындан кийин адам болом десең калп айтпа. Жээ ошондон кийин такыр катташпай калды. Эки-үч үйдөн кийин керунет. Мен Биримкулдан кийин турам. Сен төрт кишиден кийин турасың.

2. -гы мүчесүнүн жардамы аркылуу сын атоочко өткөндө да чыгыш жөндөмө менен айкашуу жөндөмдүүлүгү сакталат. Мен институтту согуштан кийинки жылдарда бүттүм. Тамактан кийинки сөздү унуткан жоксуңбу?(Л.Толстой).

3. -ган формадагы атоочтук сөздөргө таандык болуп айтылганда, мезгил же себепти билдирет. Жаз чыккандан кийин, мени кара жумушка салып, Бекмулга кой кайтартты (М.Элебаев). Үч ай жүргөнүмдөн кийин, бир күнү Элебес келип мени алып кетти. Жол жөнүндөгү маселе чечилгенден кийин, Керимбек алар менен кыйлага чейин аңгемелешип отурду (Н.Байтемиров). Эмнеге ыйлайын, өтүп кеткенден кийин. Атай анын жүрүш-турушун Маматтыкына биринчи жолу баргандан кийин гана байкады. Шашпа, мен кеткенден кийин эле кетерсиң (М.Элебаев). Ал келбей калгандан кийин, мен барган жокмун. Алар иштеп жаткандан кийин, биз карап тура албадык.

Кыргыз тилинде да заттык жана жандоочтук мааниде колдонулат. Ушу өзгөчөлүгү менен жогоруда көрсөтүлгөн жандоочтордон айырмаланып турат. Башка түрк тилинде соң тактоочтук мааниде жыш кездешет, өзгөчө казак тилинде: Соң кел. Соң сөйлесермиз.

Соң заттык мааниде кийин сыяктуу сүйлөмдүн ар түрдүү мүчөлөрүнүн милдетин аткарат: Биринчи китептин соңу... Он эки тулпар соңунда. Ар дайым койдун соңунда. Төлдүн соңу куба кой,

жаныбарым тура кой. Мен уялбайм балам жок деп соңумда, Жал-жал күйгөн жарым жок деп оңумда (А.Осмонов). Мен анын соңунда бараттым, анын соңунан келдим. Соңкусун бышыкта. Соңураак кел.

Жандоочтук мааниде соң мезгил, себеп мааниде колдонулат.

I) Мезгил маанисинде: Кыңыр иш кырк жылдан соң да билинет (макал). Тамактан соң кызматка кириштик. Бир аздан соң келчи.

Соң жандоочу -ган формасындагы атоочтук сездер менен да айкашып, мезгилди көрсөтөт да, чыгыш жөндөмөнү кабыл алып да, албай да колдонула берет: Телефондун трубкасын коюп койгондон соң, каадасынча үй ичинде кеңүлдүү басты. Үйгө кирип азга отурган соң, апаң кайда кеткен деп сурады (Н.Байтемиров). Бир аз минута өткөндөн соң, араң тынчыды. Карылык куун жеткен соң, Кайран өмүр өткөн соң, Кара чым басып денеңди, Каларсың жердин жайында (Токтогул). Келген соң лекция окуду.

2. Себеп мааниде: Тойгондон соң токтунун эти топурак татыйт. Ал келбей калган соң, мен кайра бардым (себеп). Ушул эле мисалга качан? деген суроону берсек, мезгилдик маанини бериши мүмкүн. Өзүм жалгыз бой болгон соң отунга келдим (себеп).

Айрым учурда соң жандоочунун мезгилдик, себептик маанилерин ажыратыш практикада кыйынчылык туудурат. Мындай учурда жалпы сүйлөмдүн кырдаалына карап, туура суроо берип, талдоо керек.

Соңдун ордуна, синоним катары "-гандыктан" колдонушу мүмкүн.

Жандооч кийин менен соң лексикалык мааниде экөө катар айтылышы мүмкүн: Дурус чыкса, кийин соңку күлө жүргөнгө жакшы. Өлүк-тириликти аралаштыра сүйлөгөн жакшы, жазып-тайып көзүң жумулуп кетип, быякка көмүлсөң, кийин соң өйдө карай албаспыз.

Башка (бөлөк бөтөн өңгө езге) жандоочу баш деген зат атооч -га мүчесүнүн айкалышынан куралган. Кийин, уңгу, мүче-

ге ажырагыс болуп, сын атоочко өтүп кеткен. Формасы жагынан барыш жөндөмөдө турган баш зат атоочу менен окшош: Башка келгенди көз көрөт деген сүйлөмдө башка үңгү,мүчөгө ажырайт, сал.: башка киши; (муну үңгү, мүчөгө ажыратууга болбойт).

Башка сын атоочтук мааниде сүйлөмдүн жалпы кырдаалына, алган ордуна карай, сүйлөм мүчөлөрүнүн төмөнкүдөй милдетин аткарат:

I.Затташкан мааниде ээлик милдетти аткарат: Башкалар деле ошентет го? Башкалар сүйлөсүн.

2. Аныктоочтук мааниде: Башка иштер менен алек. Мен башка балдарга караганда, ага жакын элем.

3. Бышыктоочтук мааниде орун тактоочтун милдетин аткарат: Бул өгүздү башка байла.

4. Алган ордуна карай баяндоочтук милдетти да аткарат. Азыр ишке талап - башка. Көрсө, иш башка экен.

Функционалдык жандоочтук мааниде.

Башка жандоочтук мааниде өзүнүн алдындагы сөзгө таандык болуп айтылат да, төмөнкүдөй грамматикалык мааниде колдонулат.

I. Сүйлөм тизмегинде башка жандоочу айкашкан компоненттери менен биригип келип, лексикалык маанисин жоготот да,сөз болуп жаткан субъекттин катышуусунан тышкары, ал катышпаган, бөлөк кыймыл-аракетти билдирет: Анткен менен Биримкулдан башка бир жигитти теңине алган эмес. Андан башка дүйнөдө ал сүйүүчү жигит туула электей, таба албачудай көрүнчү. Сага өзүңдөн башка эч ким керек эмес. Мындан башка эмне керек?

2. Башка жандоочунун синоними катары өзгө, өңгө (сын), бөлөк (зат) жана бөтөн (сын) деген сөздөр чыгыш жөндөмөдөгү сөздөрдү жандап функционалдык мааниде пайдаланылат. Бирок башка жандоочуна караганда сейрек колдонулат, өзгөчө бөтөн менен өңгө; Атасынын минер атынан бөлөк атынан башка эч нерсеси жок.

Мындан өңге мындан белек мындан башка айтар сөзүм жок, сал.: өзүңдөн өзге өңге бетен кимге айтам. Мында стилдик жагынан жатык эместиги байкалат. Ошондуктан мындай учурда башка же белек колдонулганы дурус: "Өчөшкөн жандай тил катпай, өзүңдөн башка өзүңдөн белек кимге айтам (А.Токомбаев). Менден белек башка эч ким билбейт.

Баштап жандоочу чакчыл этиштик жана функционалдык жандооч-тук мааниде колдонулат. Морфологиялык жагынан башта этиши менен чакчыл -ып мүчөдөн турат.

Жандоочтук мааниде айкашкан сөздөрүнүн семантикасына карай төмөнкүдөй грамматикалык мааниге ээ:

I. Убакыт маанисиндеги сөздөр менен айкашып, кыймыл-аракет-тин белгилүү бир мезгилден тартып башталганын көрсөтөт: Эртеңден баштап, колхозчуларга эмгек берилет. Ошол күндөн баштап унутпайм (Т.Сыдыкбеков). Бизге бирге кошулуп иштегенден баштап, ал экөөнүн ортосундагы мамиле ушул (К.Жантөшев).

2. Энчилүү аттар менен айкашканда, бирөө баш болгон топту түшүндүрөт: Матай баштап Сагынбек, Жукеш, Жаманбек - төртөө суу жыгып келгени кетишкен (К.Жантөшев). Алкожо баштап келе жаты-шат. Керим баштап биздин үйгө келишти.

3. Баштап жандоочунун мезгилдик жана мейкиндик маанисине тартып жандоочу синонимдеш: Ата мекендик согуш башталгандан баш-тап тартып аягына чейин согуштун өзүндө болдум.

Тартып жандоочу, баштап сыяктуу эле, тарт+ып элементтеринен куралган, чакчыл этиштик жана жандоочтук мааниде колдонулат: Кереге тартып, үй тиккен. Тулпарды камчы менен такымга тартып жиберди. Үзөнгүдөн тартып жиберди. (Мында лексикалык маанисинде).

Жандооч катары "андан бери, ошондон тартып" деген чектик маанини билдирет: Март айынын биринчи күндөрүнөн тартып, апрель

айынын экинчи жарымына чейин графиктэ белгиленген көмүрлөр бир жарым эсе ашык чыгарылып турду (С.Сасыкбаев). Бул колхоз уюшкан күнден тартып, мен малчы болуп иштейм. Бул адам кайгылуу кабарды уккандан тартып, санааркап, ойчул болуп кетти. Оруу жыюу башталгандан тартып, бизде тыным жок (Ч.Айтматов). Келген кишинин кийген кийиминен тарта, үнү чыкканга дейре тескейт (Н.Байтемиров).

Тартып // тарта формасында кездешиши мүмкүн: Тамак жей баштагандан тарта тартып оңоло баштады.

Кере // керек // керекче жандоочу кер+а элементтеринен турат. Ушул калыбында чакчыл катары, татаал этиштин составынан гана кезигет: кере сала ыйлап жиберди.

Жандоочтук функцияда айкашкан сөздөру менен биригип келип, салыштырууну билгизет: Мындан кере, ал жакшы. Ишим калгандан кере, ашым калсын. Сен менден кере кичүүсүң го. Ушинтип тирүү жашагандан кере өлгөн оң (Н.Байтемиров). Бекерчиликке кызыкпай, андан кере, оку, билим ал.

Талдангандан жандоочтун синоними катары керек керекче колдонулат: Андан керекче ага жардам берүүм оң. Ушундай атты урунгандан керек.... А керекче (андан керекче андан керек андан кере), унчукпай койгондуу каалайм (Н.Байтемиров). Экөөнүн көз карашында бир-биринен коркуудан кере, чочуркоо бар ("Ала-Тоо" журналынан). Андан керек баякыны алып чыкпайсыңбы, белүшелү (М.Элебаев). Андан керекче өзүңдү бек карма ("Кыргызстан маданияты").

ТАБЫШ ТУУРАНДЫ ЖАНА ЭЛЕСТҮҮ СӨЗДӨР

Кыргыз тили тууранды сөздөргө өтө эле бай, аларга оозеки тилде да, адабий тилде да кеңири колдонулат; тилибизге кооздук, ачыктык, тактык киргизет.

Тууранды сөздөр чыгышы, мааниси жана грамматикалык белгилерине карата экиге бөлүнөт:

1) табыш тууранды сөздөр,

2) элестүү сөздөр.

Табыш тууранды сөздөр

Жандуу жана жансыз заттардан чыккан табышты туурап айтылган сөздөр табыш тууранды сөздөр деп аталат: маа, мөө, тарс ж.б. Чындыгында, уйдун мөөрөгөнү, койдун маараканы жана мылтыктын атылгандагы чыккан табышы аларды биз туурап айткан (маа, мөө, тарс) сөздөрдүн дал өзү эмес. Алар тууралып айтылган сөздөргө болжолдуу түрдө гана окшош.

Табышты тууроочу сөздөрдү мааниси жагынан төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот.

1) Айбандардын табышын тууроого колдонулуучу сөздөр: маа, мөө, буу. ж.б.

2) Кээ бир канаттуу куштардын табышын тууроого колдонулуучу сөздөр: кекилик-кекилик, бытпылдык-бытпылдык, чырк-чырк, каак-каак ж.б.

3) Курт-кумурскалардын табышын тууроодо колдонулуучу сөздөр: -ышш, -ызз, -дың ж.б.

4) Адамдан чыккан табышты тууроодо колдонулуучу сөздөр: ха-ха-ха-ха, бырс, шуу, күрс ж.б.

5) Жансыз заттардан чыккан табышты тууроочу сөздөр: дың, шуудур, күлдүр ж.б.

Тууралган процесстин мүнөзүнө жараша табыш тууранды сөздөр жөнүкөй жана татаал түрдө болот.

Алардын жөнөкөй формалары бир гана тууранды сөздөн турат да, ар дайым эт, де деген жардамчы этиштер менен айкашат, тууралган табыштын бир гана ирет болгонун көрсөтөт:

– "Беккулу кана", – деп барк этти (М.Элебаев).

– "Жок", – деп күнк этти кемпир (М.Элебаев).

Татаал түрлөрү эки, же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт. Алар мааниси жагынан кыймыл-аракеттин бир нече ирет кайталанганын көрсөтөт. Бул түр да эт, де деген жардамчы жетиштер менен бирге колдонулат; кээде бул этишсиз да колдонулушу мүмкүн. Алар сүйлөмдө, көбүнчө, бышыктооч, же аныктоочтук милдет аткарат.

Табыш тууранды сөздөрдүн татаал түрү мааниси жагынан үч топко бөлүнөт:

1) Эки компонентинин экөө тең толук маанилүү сөздөр.

2) Эки компонентинин бирөө маани бербей турган сөздөр.

3) Эки компонентинин экөө тең маани бербей турган сөздөр.

Эки компоненти тең толук маанилүү сөздөр. Табыш тууранды сөздөрдүн бул түрү башкаларынан өзүнчө жеке колдонулушу жагынан айрылат. Алар, көбүнчө, бирине бири синоним болушуп, бир түшүнүктү билдирет:

Астында кыйкылдап-чыйкылдап оркестри ойноп келатат.

Алардын көзүнчө баш ийип, үйдү шыпырып, Сагындан кечирим сурап, эпилдеп-жапылдап койгону менен, ичине кек түйүп койгон (Н.Байтемиров).

Табыш тууранды сөздөрдүн бул түрү кээде синоним эмес, бирок мааниси жагынан бири-бирине окшош компоненттен да түзүлүшү мүмкүн: күр-тарс, калдыр-шалдыр, күркүрөп-шаркырап. Мындай сөздөр мааниси жагынан бири-биринен алысыраак болгон сөздөр менен бирге айтылбайт. (Мисалы, калдыр-тарс деп айтылбайт).

Эки компоненттин бири мааниге ээ болбогон сөздөр. Мындай сөздөрдүн бир компоненти гана маан берет. Экинчисинин үндүү, же үнсүз ты-

бышы өзгөрүп, өз алдынча маанига ээ болбойт, ал маанилүү компоненти менен уйкашкан гана түрү.

Яша эки колун шак-шук эттире тамандарына жанып алып, бийлей баштады (К.Жантөшев).

Фонетикалык жагынан өзгөрбөгөн түрү тууралган табыштын бир калыпта кайталанганын көрсөтсө, өзгөргөн түрү ал табыштын бирдей эместигин көрсөтөт. Бирок мындай формалар тууралган табыштын кайталанганын уңгу сөздүн кайталанышы аркылуу билдирет жана анын үстүнө буларда тууралган табыш бир калыпта болбой калышы да мүмкүн. Ал эми кошумча муун аркылуу түзүлгөн сөздөрдө тууралган табыштын сапаты өзгөрүлбөстөн туруп, бир гана уңгу сөздүн ичиндеги табыштын кайталанылышы билдирилет. Табыштын кошумча элементтер менен жана татаал формалар аркылуу кайталанышындагы негизги айырма ушунда. Салыштырыңыз: даңк-даңк, даңк-дуңк, даңгыр.

Эки компоненти экөө тең өз алдынча колдонулбаган сөздөр. Булар өтө аз: ызың-кызың ж.б.

Элестүү (образдуу) сөздөр

Элестүү сөздөр заттардын көрүнүшүнө, же алардын кыймыл-аракеттерине байланыштуу элести билдиретш

Элестүү сөздөрдү берген маанилерине карата төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

а) заттардын кыймыл-аракетинин сырткы көрүнүшүндөгү элестөөлөрдү билдирүүчү сөздөр: дагдаң-дагдаң, багжаң-багжаң, дардаң-дардаң, залпаң-жалпаң ж.б.

б) кыймыл-аракеттин тездигин билдирүүчү сөздөр: жылт, кылт, жарк, шып, жалт, шарт ж.б.

Биринчи топко кирген элестүү сөздөр, көбүнчө, татаал көрүнүштү (элести) билдиретш Мындай сөздөр көбүнчө аягы -ң тыбышы менен, же

кээде қ тыбышы менен бүтөт: дагдаң-дагдаң деген сөз бойлуу, далылуу, көкүрөктүү, дене түзүлүшү албеттүү адамдын шашып басып бараткандагы көрүнүшүн билдирет.

Аягы "ң" же "к" менен бүткөн элестүү сөздөрдү этиш деп карооого жарабайт, анткени алар этиштин мүчөлөрү менен өзгөрбөйт, жаңы сөз түзүүдө уңгу болуп гана кызмат кылат, этиш алардан -ла мүчөсү аркылуу луу жасалат: сороң-сороң - сороңдо, сорок-сорок - сорокто, койкок-койкок - койкокто ж.б.

Кыргыз тилинде аягы -й менен бүткөн элестүү этиштер башка түрк тилдери менен гана эмес, монгол тилиндеги ушул типтеги сөздөр менен морфологиялык жагынан да, мааниси жагынан да окшош. -й формасындагы элестүү этиштер көрүү сөзимине негизделет да, көбүнчө татаал көрүнүштү билдирет. Алардын семантикалык маңызына ал сөздөрдүн айтылышын угуу менен бирге, алар билдирген элести кошоь кабыл алган учурда гана түшүнө алат. Кыргыз менен монгол тилиндеги элестүү этиштердин окшоштугун төмөнкү сөздөрдөн байкоого болот: кыр. арбай - мон. арвай, кыр. арсай - мон арзай, кыр. балтай - мон. балтай, кыр. балкай - мон. балхай., кыр. бөкчөйө- мон. бөгций, кыр. буржуй - мон. буржий, кыр. каржай - мон. гарзай, кыр. кодой - мон. годой, кыр. коржой - мон. горзой, кыр. далпай - мон. далбай, кыр. даңкай - мон. данхай, кыр. делдей - мон. дөлдий, кыр. заңкай - мон. занхай, кыр. орсой - мон. орсой, кыр. саксай - мон. сагсай, кыр. салпай - мон. салбай ж.б.у.с. Мындай окшош этиштер өтө көп. Семантикасы жагынан татаалдыгына карабастан, -й формасындагы элестүү этиштердин эки тилде тең бирдей болушу бекеринен эмес. Эрте кезде бул эки тилдин өкүлдөрү кандайдыр бир тыгыз байланышта болушу мүмкүн.

Элестүү сөздөрдү, демек, элестүү этиштерди да, түзүлүш боюнча төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

I. Атооч менен этиштик (тирүү) уңгулардан жасалган элестүү сөздөр: бөкчөй-бөкчөң < бөкчөң < бөк; кыргызча бек - дөбө, дөңсөө, монголчо бөх (өн) - өркөч; бегтий - бөкчөй; сексең-сексең < сексе < сек; салыштыр.: түркчө сөкмек (сөк+мек) - чокурандап басуу, секирүү; кый-

салышт.: түркчө секмек (сек+мек) – чокуранадап басуу, секирүү; кыйшаң–кыйшаң< кыйша< кый; салышт.: алтайча кый – бир нерсени кыйшык жасоо; тарткынчыктоо; бир нерседен баш тартуу, кайтуу ж.б.

2.Этимологиясы белгисиз (өлүү) үңгулардан жасалган элестүү сөздөр:

чолоң: чолоң (< чол; салышт.: чолок, чолой, чолтой) бул сөздөрдүн баары кыска нерсе жөнүндөгү түшүнүктү билдириши боюнча семантикалык биримдикте турушат);! орсоң–орсоң < орсо < ор; салышт. орсо–й (этиш); монголчо оргил – тоонун чокусу; орой – бир нерсенин эң жогорку учу, чокусу; үрпөң–үрпөң< үрпө< үр; салышт.: түркчө үрпөрмөк – үрпөйүү, саксаюу ж.б.

Экинчи топко кирген элестүү сөздөр фонетикалык жагынан да жана морфологиялык жаңынан да табыш тууранды сөздөргө жакын.

Булардын сөз жасоочу мүчөлөрү –а, –ылда: жылтыр – жылтыра, желбир – желбире, жалт – жалтылда, жылт– жылтылда.

Бул элестүү сөздөрдөн сын атооч –к мүчөсү аркылуу түзүлөт: жалтыра–к – жылтырак, жылтылда–к – жылтылдак ж.б.

Элестүү сөздөрдө төмөндөгүдөй кошумча элементтер менен бирлгон окшоштуктар мүнөздүү:

Аягы –т, –к, –п тыбыштары менен бүткөн элестүү сөздөр кыймыл-аракеттин тездигин билдирет:

жал–жал (жал–жал карайт); жал–т–жалт – тез карап коюу, же бир кубулуштун тездигин билдирүүчү элестүү сөз: Ал мени жалт карады. От жалт этти.

жал–п – жалп: От жалп этип өчтү. Мында жалп деген сөз өттүн тез өчкөндүгүн билдириш турат.

мөл–мөл: Көзүнүн жашы мөл–мөл болуп кетти. Мөл–т – мөлт. Көзүнүн жашы мөлт этти.

Бул сөздөргө жогорку айтылган ыр элементи жалланып, элестетилген кубулуштун белгилүү бир убакытка чейин созулганы, же алардын

биринин артынан кбири кайталанганы берилет:

жалт+ыр - жалтыр; жылт+выр - жылтыр; желп+ир - желбир; мөлт+ыр - мөлтүр (мөлтүр булак).

СЫРДЫК СӨЗДӨР

Сырдык сөздөр жөнүндө жалпы түшүнүк

Адамдын ички сезимдерин жана айбанатка болгон эркгик мамилесин билдирүүчү сөздөр сырдык сөздөр ждеп аталат:

– Ай–и–й–ий, жеңе, ушунун баары бүгүн орулабы? Э, биз жаңылышкан турбайбызбы, оң жакка түшүп кеткен экенбиз, бул жерде бөлөк айыл бар. Өш! Өш, талаада калгыр, өш! (Т.Сыдыкбеков).

Морфологиялык жагынан, сырдык сөздөр мүчөлөр аркылуу башка сөз түркүмүнөн жасалбагандыгы менен мүнөздөлөт. Бирок баштапкы материалдык маанисин жоготуп, кээ бир сөздөр сырдык сөздөрдүн тобуна өтүп кетиши мүмкүн. Жаңы маанидеги сөздөрдү жасоодо да сырдык сөздөр анчалык ролду ойнобойт. Айбанатка карата колдонулуучу сырдык сөздөрдөн этиштер жасалат (круу–круу – круула, тү–тү – түтүлө, бөпү–бөпү – бөпүлө, айдак–айдак – айдакта, чой–чой – чойло, чү–чү – чүчүлө, кош–кош де, так–так – так де ж.б.). Турмуш–тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөрдүн бирди–жарымынан да этиштер жасалышы мүмкүн: ураа–ураала, кокуй – кокуйла, пай–– пайла, ойбой – ойбойло, айкай – айкайла ж.б.

Сырдык сөздөрдүн сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүүсү да кем. Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөрдүн кээ бирөөлөрүнө сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жалганышы мүмкүн:

Кокуюн айтып ыйында ("Манас"). Өнөрүн көр, чиркиндин! Ой, чиркиндин үнү, ай!

Сырдык сөздөр сүйлөм ичинде колдонулганда, синтаксистик жагынан, адатта, сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт. Сырдык сөздөр сүйлөм ичиндеги башка сөздөрдөн тыным (пауза) аркылуу бөлүнүп турат. Байланыштуу речте, же диалог иретинде айтылган сүйлөмдөрдө сырдык сөздөр жалгыз туруп, өзүнчө бир сөз, же бүтүн бир сүйлөм катарында колдонулушу мүмкүн. Сыр–

дык сөздүк сүйлөм айтылган ойго карата болгон сүйлөөчүнүн ички сезимин билдирет да илептүү, же суроолуу сүйлөм болот. Сырдык сөздүк сүйлөмдө баш жана айкындооч мүчө болбойт. Бул жагынан сырдык сөздүк сүйлөм атама сүйлөмгө окшош. Сырдык сөздүк сүйлөм – бул жалпы эле сүйлөмдүн маанилик эквиваленти: Аттан түшүр! Ай-ай-ай! Бөкөнбай! – Я. – Карагер күлүгүңдү бир торпок, эки койго алмашасыңбы?

– Оо! (алмаша албаймын деген жактырбоо маанисинде).

Сырдык сөздөрдүн кээ бирөөлөрү заттык мааниде колдонулганда, өз алдынча сүйлөм мүчөсүнүн (ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук) милдетин аткарат. Мындай учурда сырдык сөздөр сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн үн ыргагы боюнча бөлүнбөй айтылат:

Окуучулардын ураасы залды дүңгүрөттү. Ойбойду алар салышты.

Ички сезимди, же эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөрдүн көпчүлүгү сүйлөм мүчөсүнүн милдетин де көмөкчү этишине айкашып, же мүчөнүн жардамы менен этишке өткөндөн кийин аткарат. Сырдык сөздөрдүн синтаксистик милдетти аткарышында ушу жол басымдуулук кылат:

Мен да атымды так-так дейин. Энеси алдейлеп бакты. Өш-өш деген үнүнөн караңгыда Аскарбекти тааный койду.

Сырдык сөздөрдүн жасалышына карай бөлүнүшү

Сырдык сөздөр түзүлүшүнө жараша түп жана туунду болуп экиге бөлүнөт,

Түп, же алгачкы сырдык сөздөр – адамдын ички сезимин билдирүү үчүн лексикалык составдан атайын бөлүнүп чыккан сөздөр. Сырдык сөздөр чыгышы жагынан маани берүүчү сөз түркүмдөрү менен байланышпайт. Түп сырдык сөздөр аздыр-көптүр созулуп айтылуучу жалгыз үндүү тыбыштан жана үндүү менен үнсүз тыбыштардын айкалышынан турат: а! о! а! ох! өх! эх! ай! я! түү! ж.б.

Туунду сырдык сөздөргө тарыхый жагынан маанилүү сөздөр менен

байланышта болуп, бирок атоо маанисин жоготуп, ички сезимди, же эрктик мамилени билдирүүгө айланган сөздөр кирет:

жаша (< даша+ а) кубаттагандыкты, кубангандыкты билдирет; баракелде - сонун дегене мааниде колдонулат;

кашайгыр (< кашай+гыр) кейигендикти билдирет;

баракелде (арабча: баракетуллахи < баракет - берекет+аллахи-алла - сага береке берсин деген мааниде) кубаттагандыкты, кубангандыкты, ыраазы болгондукту билдирет;

кайыр (арабча: хайр(ун) - жакшылык, кош дегенди билдирет;

бали (фарсыча) - жакшы, баракелде, сонун деп кубаттагандыкты билдирет.

Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

Сырдык сөздөр маанисине карата үч чоң топко бөлүнөт: сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр, эркти билдирүүчү сырдык сөздөр, жана турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр.

I. Биринчи топко кирген сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ар түрдүү ички сезимин, анын айлана-чөйрөгө, тыңдоочусуна кыймылына, сөзүнө карата болгон мамилесин билдирет.

Булардын ички сезимди билдирген мааниси ар түрдүү:

I) Кубануунуу, ыраазы болууну: Бах, тынчтык заманда суу да кандай тунук агат (Т.Сыдыкбеков). Ох, тартынбай сүйлөп жатат, ээ! - деп, жумушчу келиндин жанына келип олтурду Э(А.Токтомушев).

2) Кубаттоо, мактоо: Пай-пай, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го! (Т.Сыдыкбеков). Бали, күн сайын өзгөрүүлөр! Кечеги эле чала сабаттуу келин - мына бүгүн врач (Ж.Таштемиров).

3) Таңкалуу маанисинде: Капырай, береги келиндин эри кандай нее ме болду экен Ой, тобоо, шумдук, экен го бул! - деп, өзү таң калууда (Т.Сыдыкбеков). Ботом, Нурбай, сен кайда кеттиң! деп Чүкөбай

Нурбайды таң калгансып карады (К.Баялинов).

4) Өкүнүү, кайгыруу, кейүү: «Аттиң ий! – деди Жапар, аларды карап туруп, терең үшкүрүп, менин чолоктугум! (К.Баялинов). Ээ, балам ай, ыйлабаганда кантет! Кап, Динардын чатагын көр! (Т.Сыдыкбеков). Олдо айланайын балам ай, балалуу өрдөктүн айбаты эмес эле шандуу куу турбайбы.

5) Коркуу, чочуу: Апей ботом, салтың кана? И-и-й... маакара! – деди Чегирткенин маданиятсыз жоруктарын сүрөттөп (Т.Сыдыкбеков). Апей, мен эмне болгомун, далай убак болуп калгандыр, ээ? – деди (М.Жангазиев).

6) Жактырбоо маанисинде: Ай жолуң болгур, аягты келе бер деп коюп, убара кылганың эмнең? Ой кокуй, ой! Баятан эле айтпайсыңбы? (Ж.Таштемиров). Апей, жатыгүн! – деп жактырбай калды Жийдекан (М.Элебаев).

II. Сүйлөөчүнүн речи кимди көздөй айтылгандыгына жараша эркин мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр адамга жана айбанга карата айтылуучу болуп эки ара экиге бөлүнөт:

I. Адамга карата айтылуучу сырдык сөздөр. Бул топко кирген сырдык сөздөр чакыруу, балап кыйлуу, буйруу, тактоо же бир нерсени иштөөгө тыюу салуу үчүн колдонулат. Адамга карата айтылуучу сырдык сөздөр анча көп эмес:

Тек – тим отур, тынч отур, кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөгө тыюу салуу маанисинде колдонулат: Тек, чукулашпай тынч отургула. Тек, көп сүйлөбөй айткандарды угуп ал.

Же – кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөнү токтотуп, жетишет деген мааниде колдонулат: Же-же! Ушул эле жетишет. Же, калпты чактап сүйлөсөң боло.

Алдей-алдей – жаш баланы алдейлөө, сооротууда колдонулат: Алдей-алдей ак бешик, апакең иштен келе элек.

Айда – бирдемени иштөөгө чакырууну билдирет: Айда, кеттик! Айда, сок! ж.б.

2. Адамдын айбанатка карата болгон эркгик мамилесин билдирүүчү сырдык сөздөр. Мындай сырдык сөздөр айбандарды кандайдыр бир кыймыл-аракетке үндөө, же аларды чакыруу, тынчтыкта кармоо максатында колдонулат:

– Чу, тентек кер! – деп, атты акырга байлады (Т.Сыдыкбеков).

Так-так-так! – деп, Макар жумшак үнү менен аттарын эркелетет (К.Маликов).

I. Айбандарды чакыруу, жакын келтирүү максатында айтылуучу сырдык сөздөр:

кыруу-кыруу! (жылкыны чакыруу);

түшөй-түшөй!(кыроой-кыроой! (койду чакыруу);

чүчү-чүчү! (эчкини чакыруу);

мый-мый! (мышыкты чакыруу);

мо-мо, бо-бо (атты жемге чакыруу);

түтү-түтү (тоокту чакыруу);

чыйпы-чыйпы (тооктун балапандарын жемге чакыруу);

күчү-күчү (күчүктү чакыруу);

бөпү-бөпү (кушту чакыруу).

б) Айбандарды айдоо, чочутуу максатында колдонулуучу сырдык сөздөр:

өш-өш! (үйду); чү-чү! (атты); кош! (койду); чиге! (эчкини); чек! чек! (эчкини); чык (итти):айдоо үчүн колдонулат.

2. Айбандарды тынчытуу сумаксатында айтылуучу сырдык сөздөр:

Тырр! (атты токтотууда);

так-так (атты жоошутуу үчүн);

чөк-чөк (төөнү чөгөрүү үчүн);

эчкини сааганда, кайрыганда: чек-чек-чек;

койду тоскондо же кайрыганда кош-кош деген сырдык сөздөр колдонулат.

3. Айбандарга кыжыры келгенде, аларды каргоо максатында айтылуучу сырдык сөздөр жана сырдык сөздүү сөз айкалыштары.

! Мындай сырдык сөздөрдү айтууда зат атоочторго көбүнчө ал, бол деген буйрук этиштер кошулуп айтылат да, этиштерге ждайыма -гыр мүчөсү жалганат:

Кара өпкө болгур! Түйнөк болгур! Какан балгыр! (эчкиге карата айтылат). Корук болгур! Күл болгур! (койго). Жаталак болгур! (жылкыга). Карасан болгур! Шарп болгур! (уйга). Жайрагыр! (төөгө) ж.б.

III. Турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр. Бул топко кирүүчү сырдык сөздөр адамдын турмуш-тиричилигинде ар кандай шарттарда (учурашууда, коштошууда, бирөөгө кайрылганда) колдонулат.

Ассаломуалейкум! - Ваалейкумассалам! Кайыр! Кош! Рахмат! Ылаппай! (кийинкиси бирөөгө кайрылганда берилүүчү жооп; эмне буюрасыз? Сиздин кызматыңызга даярмын деген мааниде).

Көп маанилүү сырдык сөздөр: - а! э! и! ай! ой! эй! ий! ту! бали! баракелде! ботом! чиркин! ж.б.

Булардын ичинен а деген бир эле сырдык сөз таңдануу, өкүнүү, кекетүү, коркуу, чочуу, шылдыңдоо сыяктуу ар түрдүү мааниде колдонулушу мүмкүн.

1) Бирөөгө кайрылуу маанисинде:

- А, Кубатбек аке, салоомалейкум!

- А, Жылдызкан! Кайда кетти дагы жылт коюп (Н.Байтемиров).

б 2) Таң калуу, өкүнүү маанисинде:

- Мындай төштү көргөнбүз, көп какылдабай ак койсоң болот, акеси.

- А, ушундайбы? (Н.Байтемиров).

3) Кекетүү, таңдануу маанисинде:

- А-а, билбейт экенсиз да?

4) Коркуу, чочуу маанисинде:

- А-а-а! - деп, чалкасынан кетти.

5) Жактырбоо маанисинде:

Аа, койсоңузчу! Ушу жерге барып келүү да кер кашкага кеппи?

6) Мактоо, кубаттоо маанисиндеги бали, баракелде деген сырдык

сөздөр менен, же мейли деген модаль сөз менен айкашканда, а алардын ачыктык, тактыгын күчөтөт:

– А, бали! Баарынан кийинкиси жөн (Т.Сыдыкбеков).

7) Эске түшүрүү, эстөө, талабуу маанисинде:

А-а! Райкомдун кайнагасы! – деп, ар кимдер ар кыл сүйлөштү (Н.Байтемиров).

8) Кыргыз тилинде чакырыкка жооп маанисинде көбүнчө я, кээде а колдонулат: Аздан кийин агасы далысын сылап ары карап жатып алды:

– Аке!

А! Мен акең болом! Неге карап калдың? Тааныбай турасыңбы? Сага айтыш керекпи? Сөөмөй менен сайып көрсөтүш керекпи? (Н.Байтемиров).

О деген сырдык сөз да төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

1) Кубануу, таңдануу маанисинде:

– Оо, кандай сонун жолугушуу! Рахмат, рахмат. – Бурула калып шадылуу колун сунду.

2) Бирөөгө кайрылуу маанисинде:

– О! – деди, Ыманбай бир тыныдан соң:

– Үйдүн ээси, бери чык, элчи келди (Т.Сыдыкбеков).

– О, Карымшак! Жүр, кетели.

3) Жек көрүү, ачууланууу, жактырбоо маанисинде:

– О, митайым! – деди, Калпакбай уулу ызырынып: – Мен кимми? (Т.Сыдыкбеков).

– О, Шайтан! Тынч отур! – О, Жарыктык, чочубаңыз. (Т.Сыдыкбеков).

4) Ыраазы болуу, мактоо, кубаттоо маанисинде:

– О, кайран жээрде, ат эмес бекен! (Т.Сыдыкбеков).

5) Көтөрө чалуу, шылдыңдоо маанисинде:

– Оо, бул жерден, балам, катуу кетиңи!

6) Чечкиндүүлүк маанисинде:

– О, тим койгула, а жок болсо, ким менен сыркырашабыз (Н.Байтемиров).

Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөрдүн жогоркудай ар түрдүү мааниде колдонулушунда интонация менен контексттин ролу чоң. Сезимдик маанидеги сырдык сөздөрдүн көпчүлүгү маани жагынан туруксуз. Созулуп, же созулбай, көтөрүңкү, же жапыс үн менен ар түрдүү интонацияда айтылышына карата бир эле сырдык сөз сүйлөмдүн составында ички сезимдик ар кандай маанини билдирет. Интонациянын ар түрдүүлүгү сырдык сөз аркылуу берилген ички сезимдин өзү бүт сүйлөмдүн мазмунун менен байланыштуу. Ар түрдүү сезимдик маанилерине карай сырдык сөздөрдүн интонациялык үн ыргактары да өзгөрүп турат.

Бали деген сырдык сөз бир нерсени кубаттаганда көтөрүңкү үн менен кыска айтылат (Бали, азаматтарым!); тыңдоочусун кыкшыктаганда, кыска, бирок жапыс үн менен айтылат (Бали, ишке жарапсың!); шылдыңдаганда, же бир нерсеге таңыркаганда; аяккы үндүүсү созулуп, сырдык сөз жапыс үн менен айтылат (Балии, жыргаткан турбайбы!).

Баракелде - кубаттоо, мактоо маанисинде созулбастан ылдамыраак айтылат да, басым биринчи муунга түшөт: Баракелде! Эми койду батыраак союп жибергиле, түш болуп калды (К.Баялинов); таңыркоо, же мыскылдоо маанисинде сырдык сөз жай жана аяккы үндүүсү созулуп айтылат, басым акыркы муунга которулат (Баракелдээ, таптың туура акылды! Баракелдээ, дымагын карачы!).

БАЙЛАМТАЛАР

Сүйлөм менен сүйлөм, сүйлөм тизмегиндеги бир сөз менен экинчи сөз түрдүү жол аркылуу өз ара байланыш жасайт. Аларды бири-бири менен байланыштыруудагы грамматикалык негизги каражаттардын бири - байламталар: Мария да анча эмес, а тигил безилдеген Акия Чаргын байкушту оттон алып, сууга салып жатат (Т.Сыдыкбеков). Анын артынан жабалактап келе жаткан майда көчтөр Түлкүбек менен Атабектин ишин кылган малайлардыкы жана кара күчүн жумшап бектердин көзүн караган бечара саанчылардыкы (К.Жантөшев).

Байламталар белгилүү бир лексикалык мааниге ээ эмес, ошондуктан өзүнчө колдонулбайт, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү өз ара байланыштыруу кызматын аткарат. Ошол себептүү алар кызматчы сөздүн тобуна кирет: Мал-жан жана көч жоготуп издегендер толуп кетти, бирок Батма менен Ажарды издеген жан болгон жок (К.Баялинов). Койлор да, үйлар да, жана жылкылар да кыштан ойдогудай эттүү чыкты, ошон үчүн малчылардын көңүлү күүнак (Н.Байтемиров).

Кээ бир байламталар (жана, себеби ж.б.) өзүнүн толук маанисинде колдонулуп, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Анын себеби эмнеде? Айдар жана келип кетти ж.б.

Жандоочтор менен бөлүкчөлөр сыяктуу байламталар да түпкү теги боюнча өзүнчө мааниге ээ болгон бүтүн сөздөр (зат, сан, ат атооч, этиш) болгон. Жүрө-жүрө алгачкы маанилеринен ажырап, кызматчы сөздүн милдетин аткарып калган. Мисалы, себеби байламтасы арап тилинен кирген себеп (зат атооч) жана -ы (3-жактын таандык мүчөсү) элементтеринен турат. Түпкү теги боюнча бүтүн сөз болгондуктан, ал байламталык функциясы менен катар кээде өзүнүн алгачкы толук маанисинде да колдонулуп калат: Эч кандай себеби жок. Ушу сыяктуу эле жана байламтасы жөнүндө да айтууга болот: жан + -а, жан - кайра кайтуу маанисиндеги этиш (баарысы

үйгө жанды; шишик жанды; сөздөн жан; жипти жандырба), буга чакчыл -а мүчөсү жалганып, жана байламтасы жасалган. Бул сөз семантикалык жагынан өнүгүп, тактоочтук мааниде да колдонула турган болуп калган: Жана эле келди. Жана эле айтпадымбы ж.б.

Ошондой эле анткени сөзү да аны + эт + кен + и бөлүктөрүнөн турат, кийин тыбыштык жагынан кыскарып, алгачкы маанисинен алыстап, байламталык милдетти аткарып калган.

Кыргыз тилиндеги байламталар түзүмүнө карата **жөнөкөй байламталар, татаал байламталар** болуп эки топко бөлүнөт.

Жөнөкөй байламталар. Бул топко бир сөз катары колдонулган байламталар кирет: а, ары нары, анткени, андыктан, ошондуктан, бирок, болбосо, да,дагы, дале/деле, жана, же, не, эгер ж,б.; Мына бул кара дарыны жарасына сүрт, а бул кызыл дарыны ичир (К. Жантөшев). Байгаранын бүркүтү ары жаш, ары алгыр бүркүт. Үч күндөн кийин күн ачылды, бирок ой-тоо, жер-суунун баары кар (К.Баялинов). Ал саламынды алик алат, же алик албайт (К.Жантөшев).

Татаал байламталар. Буга бир нече сөздүн тизмегинен турган байламталар кирет: ал эми, анткени менен, андай болсо, антсе да, ошентсе да, ошондой болсо да, ошондой болгону менен, бирок да, же болбосо, жана да, ошол себептүү, ошон үчүн, неге десең жана башкалар: Көбүнчө мен бул ишти шүүдүрүм кыроо көбүрөөк түшкөн кезде гана иштеп көрдүм, неге десең жайкы бүрдүү көк чөпкө шүүдүрүм түшсө, тамырдагы чөптүн күчү үчүна чыгат (К.Баялинов). Айша тез эле чырт дей түшөт, анткени менен ичинде кир жок, ак көңүл.

Кээ бир байламталар сөз менен сөзду же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу милдетин аткарат:

I) Сөз менен сөзду же сүйлөм менен сүйлөмдү түзүмдаштыруучу байламталар: ары/нары, да/дагы, дале/деле, жана, же не, же болбосо, менен; Ары тууган, ары ата-бала болуп калган эле (К.Жан-

төшев). Алымбайдын колундагы жогортон берилген күбөлүк кагазы нары өтүмдүү, нары законду болуп калды (М.Абдукаримов). Малды да, жанды да, өсүмдүктөрдү да кар баскан (К.Баялинов). Кийим бүтүн, ары кардым ток. Силер мен жөнүндө кам жебегиле(К. Жантөшев).

2) Сүйлөм менен сүйлөмдү гана тутумдаштыруучу байламталар: а, ал эми, анткени / анткени менен, ошенткени менен, андыктан / ошондуктан, андай болсо да / антсе да / ошентсе да, бирок / бирок да, болбосо, ошол үчүн / ошон үчүн, ошол себептүү, неге десең, эгер ж.б.: Достор ушинтип бирден чогулуп көрүштү, а атасы менен энеси болсо Аксаамайдын айтканына макул болушту (К.Жантөшев). Андан төрөлгөн алп, калмактан келген кара дөөнү өлтүрүп, кыргыздын кыйрын сактады деген кеп бар, ал эми сиздер кантер экенсиздер? (Т.Сыдыкбеков). Балдарын жоодон сактамакчы болуп, канаты менен жыланды чаап өттү, бирок аны жылан тоотподу (К. Баялинов). Старший лейтенант Ивановдон "бүгүн кызыл флотчуларды стройго тургуз" деген приказ алдым, анткени мен ошол күнү командадагы жооптуу дежурный элем (К.Баялинов).

Сүйлөм менен сүйлөмдү тутумдаштыруучу байламталар байланыштыргыч тынымга (пауза) жана ажыраткыч тынымга ээ.

Алар сүйлөм менен сүйлөмдү өз ара байланыштырып келгенде, ал эки сүйлөм байланыштыргыч тыным аркылуу да айтылат. Мындай учурда байламта байланыштыргыч тынымга ээ болот да, ар бир жөнөкөй сүйлөмдөрдүн аралары үтүр менен ажыратылат: Ажар күнтүн энесинин кашында, бирок шордуу Ажардын тилеги кабыл болбоду (К.Баялинов). Жок балдар, анда ачтан өлүп калар, же аны карышкыр жеп кетер (К.Баялинов). Зейнеп апа кызынын үйдөн алысташын жактырган жок, бирок Саадат өз билгенин бербей, көгөрүп туруп алды (Ч.Айтматов).

Кээде байламта аркылуу тутумдашкан сүйлөмдөрдүн биринчисинин аягына чекит коюлат да, экинчи сүйлөм байламта менен башталып жазылат; оозеки кепте ал эки сүйлөм бири-биринен бөлүнүп, ажыраткыч тыным аркылуу айтылат. Мындай учурда байламта ажыраткыч тынымга ээ болот: өлтүрүш мүмкүн эмес. Анткени вазирлер кайтарып турат. Ошондуктан уурунун башчысы менен жаращууну ойлоду (К.Жантөшев). Булар ишти кызуулата беришти. Бирок күн ачылган жок (Т.Сыдыкбеков). Мааты, Адыл жана башкалары үй-бүлөсү менен мени зордуктап, алып бара жатканда, атышып колго түшөт. Бирок кандай атышып, кантип колго түшкөндүгү эмгиче маган табышмак. Анткени качып калганда, жанын куткаруу үчүн Жума мени таштап жиберет. Бирок мен жерге катуу тийгендиктен, эсим ооп калат (К.Жантөшев).

Байламталардын сүйлөм тизмегиндеги мааниси, аткарган милдети бирдей эмес. Кээ бир байламталар аркылуу тутумдашкан эки сүйлөм бул жагынан бири-бирине карата тең байланышта болот да, натыйжада алардын кайсынысы баш сүйлөм, кайсынысы багыныңкы сүйлөм экендигин так аныктоого мүмкүн болбой калат. Тескерисинче, кээ бир байламталар аркылуу тутумдашкан эки сүйлөмдүн бири экинчисине карата маани жана кызмат жактан багыныңкы, көз каранды абалда болуп, андан баш жана багыныңкы сүйлөмдү дээрлик жеңил ажыратууга болот: Түнкүсүн вазирлериңиз үйдүн бул тарабын кайтарсын, а бул жаккы тарапты мен өзүм кайтарам (К.Жантөшев). Муну ойлогондо Ажардын жүрөгү ийне менен сайгандай тыз дей түшөт, анткени бүгүнкү күйөө боло тургандын бир эмес, эки аялы бар (К.Баялинов).

Биринчи татаал сүйлөмдөн баш жана багыныңкы сүйлөмдү табууга болбойт, себеби алар бири-биринин мезгилин, же себебин, же шартын жана башка учурларын көрсөтө алган жок, ошондуктан

андагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара бирдей даражада колдонулду. Ал эми экинчи татаал сүйлөмдүн составындагы "Муну ойлогондо Ажардын жүрөгү ийне менен сайгандай тыз дей түшөт" деген баш сүйлөмгө берилүүчү эмне үчүн? эмнеликтен? сыяктуу суроого андан кийинки сүйлөм жооп болуп түштү да, айтылуучу ойдун себебин көрсөттү. Ошондуктан экинчи сүйлөм баш сүйлөмгө көз каранды, багыныңкы абалда. Демек, байламталар жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара тутумдаштырууда бирдей кызмат аткарбайт. Ушуга байланыштуу алар маанисине, аткарган милдетине карата багындырбас жана багындыргыч байламталар болуп эки топко бөлүнөт.

Багындырбас байламталар

Багындырбас байламталар: а, ал эми, ары / нары, да / дагы, дале / деле, бирок / бирок да, жана, жана да / жана дагы, жана дале, антсе да, ошентсе да, ошондо да / ошондо дагы, анткени менен / ошенткени менен, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, же / же болбосо, болбосо.

Булар аркылуу өз ара тутумдашкан сөздөр, сүйлөмдөр бири-бирине карата бирдей даражалуу тең байланышта болот: Бак-шагы турат, а жаман үйлөр жоголуп, анын ордуна заңгыраган сонун жаңы үйлөр тургузулган (К.Жантөшев). Ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет, болбосо кезертип эчтеме бербей тим коёт (К.Баялинов). Бектурган итти таш менен ургулады, бирок ит өжөрлөнүп арсылдап, асылып жатты (А.Токомбаев). Мария обонун созо-созо кезени колуна алды да кымызды мелтиретип Мыскалга сунду (Т.Сыдыкбеков).

Кээ бир багындырбас байламталар аркылуу өз ара тутумдашкан сөздөр, сүйлөмдөр ыраттуулук маанисин билдирет; кээ бирөөлөрү өз ара карама-каршы же божомол түрүндөгү катышта болушат. Ушуга байланыштуу алар байланыштыргыч, каршылагыч

жана **божомолдогуч байламталар** болуп өз ара үч топко бөлүнөт.

Байланыштыргыч байламталар: ары / нары, жана / жана да / жана дагы, да / дагы, дале/деле, менен. Булар аркылуу тутумдашкан (сөздөр тең сүйлөмдөр) өз ара ырааттуулук маанисинде болушат: Ары туугган, ары ата-бала болуп калган эле (К.Жантөшев). Кубатты жана дагы бир жигитти бир топ мал менен түн катырып бир коктуга качырып, жашырышты (К.Баялинов). Жалгыз кызы ага көрк дагы, караан дагы болгонсуйт (К.Жантөшев). Айтсам дале, айтпасам дале белгилүү го. Шаар дагы, кыштак дагы, кала берсе капчыгайдын аралары дагы эчак электрлешкен ("Советтик Кыргызстан"). Өмүш, ары управляющий, ары комсомол уюмунда секретарсың, өз колуң менен бекитчи (Н.Байтемиров). Күн кеч,жана туман да каптады (К.Баялинов).

Бул байламталардын ичинен (дагы, дале, деле) саналып айтылган бирөңчөй сөздөрдүн араларында жана аны байланыштырбай сүйлөм ичиндеги тигил же бул сөздөн кийин келсе, же сүйлөм аягында келсе, байламталык ролунан ажырайт да, бөлүкчөлүк милдетти аткарып калат: Бетпак чал, сен да мында экенсиң да?! (Ж.Бөкөнбаев). Өлсөм дагы көздөгөн максатымдын аягына чыгуум керек (Н.Байтемиров). Окуйм десең окуйсуң да! (К.Баялинов). Балтабай Финляндия согушуна катышкан, андан соң ал кенже офицерлерди даярдоо окуусунда да болгон (К.Баялинов). Жайнап турган дасторконго коноктор дагы, үй ээси дагы көңүл бурушпастан, комузчунун черткен күүсүнө көңүл бурушат (К.Каимов). Мен дале, сен дале бир кыштактын балдарыбыз го, ошондуктан ысыгыбызга күйүшүп, суугубузга тоңгонубуз дурус эмеспи (К. Жантөшев).

Каршылагыч байламталар: а, ал эми, бирок, антсе да, ошентсе да, ошондо да / ошондо дагы, анткени менен / ошенткени

менен, ошондой болсо да, ошондой болгону менен. Бул байламталар карама-каршы маанидеги сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылат: Кыркыбыз сизге кырк тай берели, а кандын дүнүйөсү болсо чыпчыргасы коробостон көбөйө берсин (К.Жантөшев). Ошентип, аз-аздан жигит көнүгө баштады, ошондой болсо да чал аны өтө аяды (А.Токомбаев). Түн кирди, бирок сулуу ай алтын буюга боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү (К.Баялинов).

Божомолдогуч байламталар: же[I], же болбосо, болбосо. Булардын ичинен же, же болбосо сөз менен сөздү же сүйлөмдү түтумдаштырат. Ал эми болбосо сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырат. Бул байламталар эки нерсенин, окуянын бири иш жүзүнө ашарын билдирет: Биздин атабыздын үйү ушул болуу керек, же бул эмеспи? (К.Жантөшев). Кээде ал чарчаганына карабастан же аптекага, же ларёкко чуркап кетет (К.Баялинов). Какылдак уктай албай жатып, жаңыдан дылдырап көзү илинип бараткан: не улуган бороон урабы, не сапар келген жолоочу кагып, терезе тык-тык этет (Т.Сыдыкбеков) Өзүң айтканың абдан жакшы болду, болбосо иш чатакка айланат беле дейм (К.Жантөшев). Алар жеринен эле бирге чыккан өздөрүнчө топ бекен, же кызмат аткарып саякатта жүргөн балдарбы? (Т.Сыдыкбеков). Ал киши жыргалчылыкка ыксырап келе жаткандай, же узак жолдо ысык күнгө талыкшып, каалгып келе жаткандай, же болбосо терең кыялдын дарыясында кулач уруп бара жаткандай (А.Токомбаев).

Багындыргыч байламталар

Багындыргыч байламталардын тобуна төмөнкүлөр кирет: антке-ни, себеби, неге десең, эмне үчүн десең, андыктан / ошондуктан, ошон үчүн / ошол үчүн, ошол себептүү, ошонун натыйжасында, эгер / эгерде, кандай - (ошондой), канча - (ошончо), канчалык - (ошончолук) ж.б. Булар аркылуу түтумдашкан сүйлөмдөр бири-

---

[I] Же байламтасы не, жаки формаларында да колдонулат.

бирине маниси жана байланышуу жолдору боюнча көз каранды болот. Тактап айтканда, бири негизги ойду ээлеп, айтылуучу ойдун натыйжасын билдирсе, бири анын кандайдыр бир кырдаалын (себебин, шартын жана башка учурларын) билдирет: Тойчубек жолун анчалык узарта албады, неге десең бет алдынан аркырап бороон урууда (К.Баялинов). Бул мисалдагы "Тойчубек жолун анчалык узарта албады" деген сүйлөм негизги ойду туюндуруп, айтылуучу ойдун натыйжасын билдирди, ошондуктан бул сүйлөм - баш сүйлөм. Экинчи сүйлөм ошол баш сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун себебин билдирди.

Багындыргыч байламталар маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай **себеп байламталар, шарттуу байламталар** жана **салыштырма байламталар** болуп үч топко бөлүнөт.

Себеп байламталар: анткени, себеби, неге десең, эмне үчүн десең, андыктан / ошондуктан, аның үчүн / ошон үчүн, ошол себептүү, ошонун натыйжасында.

Бул байламталар аркылуу тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бирөө баш сүйлөм болот да, экинчиси андагы айтылган ойдун себебин көрсөтөт: Биз чебердеп алга жылуубуз керек, анткени душман бизден алыс эмес (Т.Сыдыкбеков). Бара турган жерибиз али да болсо алыс, ошон үчүн тездешибиз керек.

Себеп байламталар аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашкан багыныңкы сүйлөмдөрдүн алган орду бирдей эмес:

I) Анткени, себеби, неге десең, эмне үчүн десең сыяктуу байламталар аркылуу баш сүйлөм менен байланышкан багыныңкы сүйлөмдөр дайыма баш сүйлөмдөн кийин айтылат: Жолойго жардам берип кармашууга эч бир жылкычы даабады, анткени Жолойдун төмөн асты бийик аска (К.Жантөшев). Жалбарып олтурган Токтогул түндө түш көрүүгө мүмкүн эмес эле, себеби ал таң атканча кирпик ирмеген эмес (А.Токомбаев). "Мындан бир нече жыл мурда

көзүм көрчү эмес эле" деген анын сөзүнө ишене алганым жок, эмне үчүн десең Коваленконун көзүндө ал оорунун эч бир белгиси жок (К.Баялинов).

2) Андыктан, ошондуктан, анын үчүн, ошон үчүн, ошол себептүү сыяктуу себеп байламталар аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашкан багыныңкы сүйлөмдөр ар дайым баш сүйлөмдөн мурда колдонулат: Жаз айлары ысык болду, ошон үчүн чөп эрте куурады. Электростанция Волга дарыясынын тармагындагы сайга салынат, ошондуктан ал сай Волга дарыясынан бийик көтөрүлөт (К.Баялинов). Күз болсо аяктап бара жатат, анын үчүн кышка дагы мыкты даярдана башташыбыз керек (Н.Байтемиров).

Шарттуу байламталар: эгер, эгерде.

Бул байламта катышкан багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктайт да, баш сүйлөмдө айтылган ойдун шартын көрсөтөт; ал эми эгер байламтасы ал шарттык маанини дагы да күчөтүп көрсөтөт.

Шарттуу байламта көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн баш жагынан орун алат: Эгер макул дейт экен, азыр эле алып кете койгула (Н.Байтемиров). Эгер бул айтканымы аткарбасаңар, анда мени менен илээшип убара болбогула (К.Жантөшев). Эгерде сен бир ишке макул болсоң, ошондой катты аласың (К.Баялинов).

Шарттуу байламталар баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү өз ара байланыштыруу үчүн да кызмат кылат. Бул учурда баш сүйлөм мурда, багыныңкы сүйлөм кийин колдонулат: Калган сөздү өзүң эпте, эгер достошолу десе (К.Жантөшев). Менин жагдайым ушул, аксакал, эгер билгиңиз келсе (М.Жангазиев).

Айрым учурда эгер, эгерде байламталарын баяндоочу шарттуу ыңгайдан болгон багыныңкы сүйлөмгө кошуп айтууга мүмкүн болсо, айрым учурда антип айтууга мүмкүн болбойт. Ал бөтөнчөлүктөр төмөнкү учурлар менен байланыштуу:

1) Баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктаган сүйлөм шарттык маанини билдирсе, сүйлөмгө эгер, эгерде деген байламтаны кошуп айтууга болот: Мен келсем, сен үйүңдө болосуңбу? Мындагы мен келсем деген сүйлөмгө эгер, эгерде деген байламталарды кошуп сүйлөөгө мүмкүн, анткени бул сүйлөмдө шарттык маани бар.

2) Баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктаган сүйлөм айрым учурда шарттык маани эмес, мезгилди көрсөтөт. Мындай учурда ал сүйлөмгө эгер, эгерде байламтасын кошуп айтууга болбойт: Мен келсем, сен үйүңдө жок экенсиң. Мындагы мен келсем деген сүйлөмгө эгер, эгерде деген байламтаны кошуп айтуу мүмкүн эмес, анткени бул сүйлөм шартты эмес, мезгилди көрсөтүп турат.

3) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы шарттуу багыныңкы сүйлөмгө эгер, эгерде байламталарын катыштырып айтууга мүмкүн болгон күндө да, кээде алар кошулуп айтылса, кээде кошулбай айтыла берет. Анткени андай сүйлөмдөрдө шарттуулук маани, негизинен, -са мүчөсү аркылуу берилет, ал эми эгер, эгерде байламталары ошол шарттык маанини күчөтүп, тактап гана көрсөтөт. Ошондуктан шарттык маанини дагы да күчөтүп, тактап берүү керек болсо, сүйлөм тизмегине ал байламталар кошулуп айтылат да, андай максат коюлбаса, кошулуп айтылбайт: Илгерки заман болсо, балам, сен эчтемеге жарабас элең. Эгерде ал аман болуп, баласынын өлгөнүн билген болсо, байкуш эмне болор эле? (К.Баялинов).

Салыштырма байламталар: кандай - ошондой, канча - ошончо, канчалык - ошончолук. Бул (ардын) ичинен кандай, канча, канчалык байламталары багыныңкы сүйлөмдүн составынан, ошондой, ошончо, ошончолук дегендери баш сүйлөмдүн составынан орун алат да, баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөр бири-бирине салыштырылуу-өлчөө маанисинде колдонулат, бирок алар өз ара көпчүлүк учурда салыштырма байламталар аркылуу эмес, интонация аркылуу байланыш жасайт: Сууктун ызгары

жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан. Чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналган (К.Баялинов).

Салыштырма байламталар аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашкан багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктайт. Ошондуктан ал сүйлөм шарттуулук же мезгилдик маанисинен да алыстабайт, бирок анын составында салыштырмалуулукту билдирүүчү кандай, канча, канчалык деген байламталар, баш сүйлөмдүн составында бул байламталарга жооп катары салыштырылып айтылган ошондой, ошончо, ошончолук болгондуктан, багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм өз ара салыштырмалуулук маанини да камтыйт: Кайсы жерин канчалык катуу сүрсө, ал жери ошончолук отко кактагандай ысыды (А.Токомбаев).

Салыштырма байламталардын сүйлөм тизмегинен алган орду туруктуу эмес. Айрым учурда баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн араларында, көпчүлүк учурда баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөгү ээ менен баяндоочтордун араларында, кээде бири багыныңкы сүйлөмдүн башында, бири баш сүйлөмдүн башында колдонула берет: Канчалык мээнет кылсаң, ошончолук үзүрүн көрөсүң (Макал). Төө канча болсо, анын жүгү да ошончо (Макал). Карып жолдошу Бектурга канчалык жардамдашса, ал ага ошончолук ыраазы болду.

Байламталардын сүйлөм тизмегинде колдонулушу жана тыныш белгилери

Ар бир байламтанын сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү өз ара тутумдаштыруу кызматы бирдей эмес. Ошого байланыштуу андагы тыныш белгилеринин коюлушунда да айрым бөтөнчөлүктөр бар. Ал бөтөнчөлүктөр төмөнкүлөргө байланыштуу: жана, менен, ары / нары, да /дагы / дале / деле, же / не / же болбосо сыяктуу байламталар сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү өз ара байланыштырат, жана тыныш

белгилеринин коюлушу төмөндөгүдөй учурга негизделет:

I) жана, менен байламталары эки сөздү гана өз ара тутумдаштыра алат, бирок ал сөздөрдүн араларында эч кандай тыным болбойт. Ошондуктан ал сөздөрдүн аралары үтүр менен ажыратылбайт: Асан жана Ашыр, Асан менен Ашыр.

2) ары /нары, да / дагы / дале/ деле, же / не, же болбосо сыяктуу байламталар эки же андан көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштырат, бирок дагы, дале, деле байламталары өзүнүн алдындагы сөзгө, ары / нары, же / не, же болбосо өзүнөн кийинки сөзгө таандык болуп айтылат. Ошондуктан да (дагы, дале, деле) экиден көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштыра турган болсо, бул байламтанын эң акыркысынын башкасынан кийин үтүр коюлат: Мен дагы, сен дагы бир айылдын кишисибиз (Т.Сыдыкбеков). Ар бир нерсенин оңу да, тетириси да болот (М.Абдукаримов). Көгү да, кызылы да, карасы да, сарысы да бар. Алды жактагы көрүнгөн караан үй, же жылкы, же бодур тал болуу керек, анткени көрүнүшү ири (Н.Байтемиров).

3) жана, ары, да, же, же болбосо деген байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштырат. Ал эми антсе да / ошентсе да, анткени, себеби, бирок, андыктан / ошондуктан, ошондо да / ошондо дагы, анткени менен / ошенткени менен, ошондой болгону менен, неге десең, эмне үчүн десең, ошон үчүн, ан үчүн, ошол себептүү, эгер, эгерде сыяктуу байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү гана тутумдаштырат. Ошону менен бирге да (дагы, дале, деле) байламтасынан башкалары өзүнөн кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылат, ошондуктан үтүр бул байламталардан мурун коюлат: Алымбайды колдоп жатышкан көрүнөт, жана анын кантисполкомдогу күйөө баласы аркылуу аракеттенип жаткан окшойт (М.Абдукаримов). Алар менен Шайыр эженин иши жок, ошон үчүн кеңешменин кечки олтурушу ачылса, ал сөз алса, ал сүйлөсө (Т.Сыдыкбеков). Каныбегинди колуңан чыгарба, иттерге талатып, жаш өмүрүнө

тиш салдырба, а сен, садаган Каныбек, адам бол (К.Жантөшев). Мен алардын бирине да макул болбодум, бирок сен тууралуу да эчтеме айтканым жок (М.Абдукаримов).

4) Айрым учурда да байламтасы же, жана сыяктуу байламталардан мурда (да жана, да же сыяктуу болуп) да айтылат. Бул учурда алар татаал байламталык милдетти аткара албайт, себеби да өзүнүн алдындагы сүйлөмгө же сөзгө таандык болуп айтылат. Ал эми ага жанаша турган же, жана өзүнөн кийинки айтылуучу сөзгө же сүйлөмгө таандык болуп айтылат: Полктун составында кыргыз да, казак да, өзбек да, татар да, дунган да, жана башкалар да бар эле (С.Каралаев). Ал кетер күндүн алдындагы кайра кайталанбас кезигишүү эсине түшкөндө, жүрөгү зырпылдап, бүткөн боюнан муздак тер чыга түшөт да, же уялганынанбы, же ызаланганынанбы, эки бети, кулактары күйүп-жанып кызый түшөт. (М.Абдукаримов).

5) да байламтасы багыныңкы сүйлөмдөгү шарттуу ыңгайдын -са мүчесү менен аяктаган баяндоочунан кийин келип, багыныңкы сүйлөмдөгү ой баш сүйлөмдө айтылган ойго карама-каршы мааниде колдонулгандыгын билдирет да, үтүр менен ажыратылат: Жакындап келгенде кийми жат көрүнсө да, өңү жылуу учурайт (К.Баялинов). Акымдын бардыгы жөнүндө мен зардап канчалык айтсам да, менин сөзүмдү бий үжөт кылган жок (К.Баялинов). Бороон баягысындай кар учуруп турса да, көңүл сергек (Т.Сыдыкбеков). Ашым калса да, ишим калбасын (Макал). Айыл тегиз жатса да, мен эмне үчүндүр алда эмнени шырт эткен добушуна кулак түрүп чыйрыгып олтурдум (Ч.Айтматов).

Б Ө Л Ү К Ч Ө Л Ө Р

Кызматчы сөздөрдүн башка түрлөрү сыяктуу бөлүкчөлөр да кандайдыр бир конкреттүү толук түшүнүктү билдире албайт. Алар ар түрдүү абстрактуу, грамматикалык маанилерди (чектөө, бекемдөө, болжолдоо, күчөтүү ж.б.) туюндурат. Бөлүкчөлөр негизинен сүйлөм ичиндеги өзү байланышта айтылган айрым сөзгө, сөз айкашына, кээде бүткүл сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маанилерди, айрым учурда модалдык маанилерди берет.

Окумуштуулардын пикири боюнча, бөлүкчөлөр тилдин тарыхый жактан өсүп-өнүгүүсүнүн натыйжасында, негизинен, бүтүн сөздөрдөн келип чыккан. Адегенде кээ бир толук маанилүү бүтүн сөздөр сүйлөм түтумундагы айрым сөздүн же бүтүндөй сүйлөмдүн маанисине ар түрдүү кошумча маани берүү максатында колдонула баштап, кийинчерээк алар бара-бара өзүнүн конкреттүү маанисинен алыстап, абстракцияланып, тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап акырындык менен кызматчы сөзгө - бөлүкчөгө, айланган. Мисалы, байыркы түрк тилдериндеги эрмиш (эр - болуу + мыш - байыркы атоочтук мүчө) атоочтугу азыркы кыргыз тилинде имиш (и + миш) түрүндө колдонулат. Бул сөз тилдин өсүш процессинде алгачкы "болгон" деген толук маанисинен ажырап, болжолдоо маанисиндеги модалдык сөзгө айланган: Ал табышмактуу окуяга Зуннахун да катышкан имиш (К.Ж.). Кийин мезгил өтүү менен бул модалдык сөздүн негизги болгон "и" (< эр) кыскарып миш түрүнө келип, күмөндүү маанидеги бөлүкчөгө өткөн: Мекеге Осмон молдо да кеткенмиш.

Кээ бир бөлүкчөлөр, өзгөчө функционалдык бөлүкчөлөр (аткарган милдети боюнча бөлүкчөлөр), кийинчерээк гана бөлүкчөлүк мааниде колдонула баштагандыктан, ушул мезгилге чейин алгачкы тыбыштык түтумун сакташып, аталышы жагынан

бүтүн сөздөр (сын атооч, тактооч)менен түрпатташ келет: так, дал, дагы, нак. Бул өңдүү бөлүкчөлөр синтаксистик-семантикалык кызматына карай кээде өзүнүн толук маанисинде, кээде бөлүкчөлүк мааниде колдонула берет: Бир сааттан кийин жамгыр дагы нөшөрлөп төктү (тактооч). Чогулушка Зуура дагы катышты (тактагыч бөлүкчө). Так ошол учурда Яровой келди (Н.Б.) (тактагыч бөлүкчө). Ал убадага так (тактооч). Керектүү кишимдин дал өзүнө жолуктум (тактагыч бөлүкчө). Ок дал тийди (тактооч).

Бөлүкчөлөрдүн бир катары алгачкы бөлүкчөлөрдөн болуп эсептелет; сырткы түрү жагынан кандайдыр бир бүтүн сөздүн бөлүгү сыяктуу көрүнөт. Алардын чыгыш теги жагынан кайсы сөздөр менен байланыштуу экендигин аныктоо азыркы учурда өтө кыйын: да, го, гой, эң, ээ,ыя.

Бөлүкчөлөр башка сөз түркүмдөрүнөн мааниси жагынан жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланып турат.

Бөлүкчөлөрдүн өзүнчө лексикалык мааниси бар бүтүн сөздөрдөн айырмасы: алар толук лексикалык мааниге ээ эмес, абстрактуу грамматикалык маанилерди гана билдирет. Грамматикалык жагынан алганда, аларга сөз мүчөлөрү жалганып өзгөрбөйт. Ушул себептүү бөлүкчөлөр өзүнчө жеке туруп кандайдыр бир конкреттүү нерсени туюндурура албайт, дайыма өзү байланышта айтылган бүтүн сөз менен бирге келип, ага ар кандай кошумча маани (грамматикалык маани) берет.

Кызматчы сөздөрдүн дагы бир башка түрлөрү болуп эсептелинген жандоочтор, байламталар да, бөлүкчөлөр сыяктанып, өзүнчө лексикалык мааниге ээ эмес жана сөз мүчөлөрү уланып

өзгөрбөйт. Бирок бөлүкчөлөр өзүнө гана мүнөздүү болгон айрым бир белгилери боюнча жандооч менен байламталардан айырмаланып турат. Биринчиден, көпчүлүк жандоочтор, айрым байламталар сырткы түрү жагынан бүтүн сөздүк формасын сактап калса (карай, карап, аркылуу, сыяктуу, жөнүндө; себеби, ошондуктан, ошентсе да ж.б.), бөлүкчөлөр алгачкы түрү таптакыр өзгөрүлүп кеткен бүтүн сөздүн кичине бир бөлүкчөсү сыяктуу көрүнөт (миш, го, да, гой, гана ж.б.). Экинчиден, маани жактан жандоочтор толук маанилүү бүтүн сөздөн кийин келип, анын грамматикалык маанисин толуктап, тактап, байламталар сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырса, бөлүкчөлөр өзүнөн мурунку сөзгө же сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маани берип турат.

Айрым бөлүкчөлөр (го, миш, бейм) сүйлөмгө модалдык маани берет, б.а. айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын (күмөндүүлүк, болжолдоо маанисин) билдирет. Бирок бөлүкчөлөр менен модалдык сөздөр төмөнкү белгилери боюнча бири-биринен айырмаланып турат:

I) Модалдык сөздөр сырткы түрү жагынан бүтүн сөздүн формасын жоготкон эмес (болжолу, чамасы, балким, окшойт ж.б.), бөлүкчөлөр болсо бүтүн сөздүн бөлүкчөсү сыяктуу көрүнөт (да, эң, эле, куду, деле ж.б.); 2) Модалдык сөздөр айтылып жаткан ойдун чындыкка карата болгон катышын (бекемдөө, болжолдоо, күмөндөнүү ж.б.) билдирсе, бөлүкчөлөр негизинен өзү байланышып айтылган айрым сөзгө, сөз айкашына, кээде сүйлөмгө кошумча маани берет; 3) көпчүлүк модалдык сөздөр модалдык маани берүү менен бирге, кээде өзүнүн түпкү бүтүн сөздүк маанисинде да колдонулуп калат: Алар, чамасы, бул ишти бүгүн бүтүрө алышпайт.

Сенин тапшырманды аткарууга анын чамасы келбей калды. Чыныгы бөлүкчөлөр болсо толук лексикалык маанини туюндурууга (а) албайт, бөлүкчөлүк мааниде гана колдонулат.

Бөлүкчөлөр дайыма көмөкчү милдетти аткаруучу грамматикалык каражаттарга кирет да, дайыма толук маанилүү бүтүн сөздөрдөн кийин айкашып айтылат. Ушул белгилери боюнча алар сөз мүчөлөрүнө да жакындап кетет. Бирок экөөнүн ортосундагы чоң айырмачылык бар. Мүчөлөр тилдин тарыхый өсүү жолунда тигил же бул сөз түркүмүнүн морфологиялык көрсөткүчүнө айланган. Алар мүчөлөр, негизинен, белгилүү бир сөз түркүмүнө тиешелүү бир сөз болгон сөздөргө гана жалганып (этиштин мүчөлөрү этиш сөздөргө, зат атоочко тиешелүү мүчөлөр зат атоочко, сын атоочко тиешелүү мүчөлөр сын атоочко, сан атоочко тиешелүү мүчөлөр сан атоочко гана жалганат), сөз жасоо жана сөз өзгөртүү кызматын аткарат. Мүчөлөр тыбыштык составы жагынан туруктуу эмес. Алар тилдин тыбыштык законуна баш иет да, уланган сөзүнүн аягындагы тыбыштарга карай мүчөдөгү үндүү, үнсүз тыбыштар ээрчип өзгөрүп, бир нече варианттарга ээ болот. Бөлүкчөлөр болсо бүтүн сөз менен мүчөнүн ортосунда аралык көрүнүш сыяктуу көрүнөт. Алар тыбыштардын ээрчишүү законуна баш ийбейт, ошол себептүү тыбыштык жактан туруктуу болот. Мүчө сыяктанып, белгилүү бир сөз түркүмүнө гана тиешелүү сөздөр менен айкашпастан, бардык эле сөз түркүмдөрүнөн кийин колдонула берет.

Бөлүкчөлөр ушул сыяктуу структуралык жана семантика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай кызматчы сөздөрдүн башка түрлөрүнөн кескин айырмаланып турат.

Азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн бөлүкчөлөр сырткы түрүнө жана лексика — грамматикалык маанисине карай эки топко бөлүнөт: чыныгы бөлүкчөлөр, функционалдык бөлүкчөлөр.

Чыныгы бөлүкчөлөрдүн көпчулүгү сырткы түрү жагынан бүтүн сөздүн айрым бир бөлүгү өңдүү көрүнөт, же бүтүн сөз сыяктанып көрүнгөнү менен, сүйлөм ичинде дайыма бөлүкчөлүк мааниде колдонулат. Алар төмөнкүлөр: гана, эле, да, дагы, дегеле, деле, деги, ээ, ыя, го, миш, гой, эч, бейм, беле, кап, нак, как, тук, эң, өтө, абдан, аябай, куду, ылгый, бөнчөй // өңчөй, чылк, чылкый // чылгый, чымкый.

Функционалдык бөлүкчөлөр сырткы түрү жагынан толук маанидеги бүтүн сөздөр сыяктуу көрүнөт. Бирок кээде сүйлөм ичинде өзүнүн негизги маанисинен башка бөлүкчөлүк мааниде да колдонулуп калат: дал, так, тим, эле, жөн эле. (Булардын кайсы учурда бөлүкчөлүк мааниде, кайсы убакта толук маанисинде колдонулары жөнүндө алардын ар бири тууралу сөз болгон жерде айтылат — ошол жерлерди карагыз).

Бөлүкчөлөр сүйлөм ичинде алган ордуна карап төмөнкүдөй үч топко бөлүнөт:

1) Сөз алдында келүүчү бөлүкчөлөр: эң, өтө, абдан, аябай, түк, эч, куду, кап, ылгый, өңчөй // өңкөй, чылк, чылкый // чылгый // чымкый, дал, нак, как: Биз өтө кеч келдик. Чогулушка өңчөй отличниктер катышты. Муну жетекчибиздин как өзүнө да айтам. Булар дайыма өзү байланышта айтылган сөздүн алдына жайгашат.

2) Сөз же сүйлөмдүн соңунан келүүчү бөлүкчөлөр: да, дагы, гана, эле, ээ, ыя, бейм, белем, го, миш, гой. Булар ар дайым

өзү тиешелүү сөздөн кийин, же сүйлөмдүн аягында келет: Малчыларга Ормуш да кетти. Шаардан мен эле келдим. Текшерүүчүлөр келип калган бейм. Арстанбап кооз жер экен ээ?

3) Эркин колдонулуучу бөлүкчөлөр: деле, дегеле, деги, тим эле, жөн эле. Булардын сүйлөм ичинде ала турган орду эркин: байланышкан сөзүнөн мурун да, кийин да келе берет: Мен деле барам. Ал таптакыр эле башкача болуп калыптыр деле. Ал тим эле укмуштай чечен киши экен. Керим мен-менсинип калыптыр тим эле.

Бөлүкчөлөрдүн билдирген лексика-грамматикалык мааниси өтө бай жана ар түркүн. Алар маани жактан төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

√ I. Чектегич бөлүкчөлөр: гана, эле.

√ 2. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр: да, дагы, дале, деле, деги, нак, как, куду, так, дал, кап.

√ 3. Сурама бөлүкчөлөр: ээ, ыя.

√ 4. Болжолдоо — сурама бөлүкчөлөр: бейм, белем.

5. Күмөндүү бөлүкчөлөр: го, миш.

√ 6. Жалыныч бөлүкчө: гой.

√ 7. Күчөткүч бөлүкчөлөр: эң, өтө, абдан, аябай, тук, кылда, дегеле, тим эле, жөн эле, ылгый, өңчөй // өңкөй, чылк, чымкый // чылкый.

√ 8. Тангыч бөлүкчө: эч.

Булардан тышкары ме, тек-тек, гана деген бөлүкчөлөр да бар.

Бөлүкчөлөрдүн басым көпчүлүгү өзүнүн негизги маанисинен башка дагы бир нече кошумча маанини билдирет.

ЧЕКТЕГИЧ БӨЛҮКЧӨ

Гана. Толук маанилүү бүтүн сөздөрдөн ~~кийин~~ жана жандоочтук, жардамчы атоочтук айкаштардан кийин келип, кандайдыр бир затты, белгини, кыймыл-аракетти жана башка түшүнүктөрдү ошого окшогон башка заттардан, ар түрдүү белгилерден, кыймыл-аракеттен ажыратып бөлүп көрсөтүү, чектөө маанисин берет: Туш-туштан торогон кароолчулар гана калды (К.Бект.). Бүгүнкү күнгө чоң ат чабыш гана калган (К.Ж.). Жүн ириктерден гана арбын алынат (А.Ж.)

Бул бөлүкчө кээде чектөө мааниси менен бирге тактоо маанисин да кошо түшүндурат: Өткөн жылы гана үч миңден ашуун трактор сатып алынды ("СК".). Тоютту мол даярдасаңар гана сүт аласыңар (А.Уб.). Ишти бүтүргөндөн кийин гана кеттик.

Айрым учурларда күчтүү, өзгөчө белгилеп көрсөтүү маанисин ~~өт~~ берет: Бала үнүн араң гана чыгарат (К.Ж.). Ал бул ойлорду эми гана ойлоду (К.Ж.).

Эле (э - байыркы эр (болуу) деген жардамчы этиштин кыскарган формасы - аякк/ы р тыбышы түшүп калган + - ле - өткөн чактын —ды формасынын өзгөргөн түрү). Азыркы кыргыз тилинде бул бөлүкчө ошондой эле формадагы эле жардамчы этиши менен омонимдик катарды түзөт. Экөөнүн бири-биринен айырмасы:

а) эле жардамчы этиши кыргыз тилинин түштүк говорлорунда эде, эди, эле формаларында, түндүк диалектисинде эле формасында, колдонулат: Ат сүдүрөп барат эде. Кыздар уке дейт эди. Ак пачекей (=байчечекей) мен элем[1]. Мен шаарга барган элем (түндүк диалект);

б) грамматикалык жагынан эле жардамчы этиши кыскартылган жак мүчөлөр менен жакталат: окуган мен элем, окуган сен элең;

эле бөлүкчөсү болсо толук жак мүчө менен жакталат: окуган мен элемин; айылга бара турган сен элесиң; маани жагынан эле жардамчы этиши өткөн чактык маанини берет; эле бөлүкчөсү чектөө маанисин билдирет.

Эле бөлүкчөсү башка бөлүкчөлөрдөн айырмаланып айрым уланды мүчөлөрдү кабыл ала берет: мен элемин, ушул элеби.

Эле бөлүкчөсү, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

I) Дайыма байланышкан сөзүнөн кийин келет да, аны башкалардан ажыратып бөлүп, чектеп көрсөтөт: Ударниктердин слетуна биздин колхоздон Бейше эле катышты ("СК".). Ал ишке Самтырды эле жибергиле (Т.С.). Биздикинде эле жүрсөң, ата? (Б.Жак.).

2) Айрым сын-сыпат тактоочтордон кийин же татаал этиштин негизги компонентинин соңунда келгенде, өзүнөн мурунку сөзгө күчөтүү маанисин берет: Ичкен бозосу Ыманбайды бат эле жиликтире баштады (Т.С.). Тапшырманы тез эле бүтүрүп койдук. Бул кишинин өзүн көргөнүбүзгө он беш эле күн болду (А.Т.). Сен тилдесең ыккум эле келе берет (Т.С.). Кемчиликтерди жоелу деп айтып эле келе жатам (А.У.).

3) Мезгил тактоочтордон кийин, ошондой эле көкүрөк кээ бир башка сөздөрдүн соңунда келгенде, ага тактоо маанисин берет: Шаршеке агайың да келип, эми эле кетти (Б.Ж). Зарлык армиядан былтыр эле келген. Аны элдин баары эле билет (Т.С.).

Бул бөлүкчө татаал этиштин -ып же -бай формасындагы негизги компонентинен кийин келгенде, ошол алдындагы этиш билдирген маанини өзгөчө белгилеп, баса көрсөтөт: Алардын оюн билип эле турам. Чакырса - барып эле кой. Ашырдыкына барбай эле койдум. Мени күтпөй эле кой.

Аныктагыч - тактагыч бөлүкчө

Да. Бул бөлүкчө атооч, тактооч, этиш сөздөр менен айкашып айтыла берет. Туюндурган мааниси бай, ар түрдүү. Алар төмөнкүлөр:

I) Өзүнөн мурунку сөздүн маанисин өзгөчө белгилеп, ага тактоо маанисин берет: Бирок рóман жазууга шартым да жок, убакыт да болбойт, - деди (Т.С.). Салам айтыш сиздин да милдет (А.Т.). Жаш балдар да чоңдор менен кошо иштешет (К.Бек.).

2) Татаал этиштин чакчыл -ып формасындагы негизги компонентинен кийин келгенде, анын маанисин баса белгилеп көрсетөт. Салыштыр: жазып бүттү - жазып да бүттү, окуп бүттү - окуп да бүттү, иштеп жүрөт - иштеп да жүрөт. Аркы теркини түшүнө тургандай чоңоюп да калды өзү (Ч.А.). Таш мол жетет экен, сарайлык таш артып да калар, - деди ал (Ч.А.).

3) Татаал этиштин бирдей формадагы компоненттеринин арасында колдонулса, биринчиден, аларды бири-бири менен тутумдаштырып турат, экинчиден, ал татаал этишке күчөтүү маанисин берет: сүйлөйт да турат (сүйлөйт турат деп айтылбайт), ырдайт да турат, мактанасың да жүрөсүң. Колубуздан алдырган немедей турдук да калдык (Ч.А.). Субанкул өзү курду бир катар кишилер менен арабага түшүп, борошого аралаша кетти да калды (Ч.А.).

4) Бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе, бир жагынан, аларды өз ара байланыштырып, байламтадык кызматты аткарса, экинчи жагынан, алардын ар биринин маанисин баса белгилеп, күчөтүп көрсөтүп, бөлүкчөлүк маансин да сактайт: Анын жүзүндө, көзүндө өкүнүч да, сүйүнүч да, учурашуу да, коштошуу да! (Ч.А.). Бул ишти жай отуруп териштире терең ойлоого убакыт да, чолоо да болгон жок (Ч.А.).

5) Кээде бүтүндөй сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылып, ал билдирген бүткүл ойду бекемдеп көрсөтөт. Бул учурда да бөлүкчөсү сүйлөмдүн аягында, баяндоочтон кийин колдонулат: Кичине кыйналып

калдың, ансыз болбойт да (Ч.А.). Колунда мөөр басылган кагазы бар да (Ч.А.). Анткен менен адам чындыкты бир күнү билиш керек да (Ч.А.)э

6) Шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү уланган этиштен кийин келсе, сүйлөмдүн кийинки бөлүгүндө айтылган ойго карама-каршы маани берет: Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт (Макал). Ал азыр алыста жүрсө да, элеси жанымда (Т.С.). Көзү жокко көргөзсө да билбейт (Макал).

7) Бөлүкчөнүн же ал тиешелүү болуп айтылган сөздүн ар түрдүү интонация менен айтылышына карай же болбосо контекст шартына ылайык да бөлүкчөсү жогорудагы негизги маанилеринен башка дагы ар түрдүү кошумча маанилерди туюндура алат. Алсак, сүйлөмгө суроо-тактоо маанисин берет. Мындай учурда айтылып жаткан ойго карата угуучунун пикирин тактап билүү максатында да бөлүкчөсү суроо жана тактоо интонациясы менен айтылат: Анда тоодогу малчыларга бүгүн эле чыгып кетебиз да? Эмесе бул маселени да чогулуштук күн тартибине киргизебиз да?

8) Айтылуучу ойго таңдануу маанисин берет. Мында айтылып жаткан нерсенин болушун сүйлөөчү күтпөгөн болот да, анын капыстан боло калышына таңданат. Мындай учурда бөлүкчөнүн алдында турган баяндооч көтөрүңкү басым менен айтылат: - Абыл! Сенин апаң келатат да! - Ой, Султан жаткан жеринде жок да!

Деле // дале. Булар да + эле деген эки бөлүкчөнүн айкашынан түзүлгөн

Деле // дале бөлүкчөсү байланышкан сөзүнөн кийин, кээде мурун келип (деле), төмөнкүдөй түрдүү маанилерди берет:

I) Өзүнөн мурунку сөздүн маанисин баса белгилеп, тактап көрсөтөт: Мен деле орокко белдүү элем, ошентсем да артта калып калам (Ч.А.). Касым сыр алдырбаганы менен, ал деле кейиштүү үшкүрөт (Ч.А.). Акырын - аста түюндурса, Шокендер дале ыкка келер (Т.С.).

Машиналар дале киши сыяктуу багууну, асыроону талап кылат (С.С.).

2) Татаал этиштин чакчыл -ып формасындагы негизги түгөйүнөн кийин келгенде да анын маанисин өзгөчө белгилеп, тактап көрсөтөт. Салыштыр: иштеп жүрөт, окуп жүрөт - Ал иштеп деле жүрөт, окуп деле жүрөт; Ал ишти бүгүн эле бүтүрүп жибербейт - Ал ишти бүгүн бүтүрүп деле жибербейт. Жалгыз Жайнак фронтко барганда кыйратып деле жибербейт болчу (Ч.А.).

3) Татаал этиштин бирдей формадагы компоненттеринин арасында келсе, бир жагынан, аларды бири-бири менен байланыштырып турат, экинчи жагынан, ал татаал этишке күчөтүү маанисин берет: Ай, жарыктык ай, канчалык кайрат кыл десе да болбойт, ыйлайт деле отурат (К.Ж,).

4) Шарттуу ыңгайдан кийин келсе, сүйлөмдүн кийинки бөлүгүндө айтылган ойго карама-каршы маани билдирилет: Чакырылса деле укмаксан болуп кете бериштн.

5) Деле бөлүкчөсү байланышкан сөзүнөн мурун келсе, же бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылса, күчөтүү маанисин берет: - Ий, атасы! Деле адамкерчиликтүү, деле кичи пейил, ырыска шерик жакшы киши боло турган (Т.С.) Деле күлкүлөрү таш жарат (Т.С.). Көрчү, деле камырап койбойт, ой! (Т.С.).

Дале - бөлүкчөлүк мааниде колдонулганда, дайыма байланышкан сөзүнөн кийин келип, ага тактоо, өзгөчө белгилөө маанисин берет: Ал күнкү окуяны Асан дале билет. Эгерде байланышкан сөзүнүн алды жагынан орун алып, мезгилдик маанини туюндурса, анда толук мааниге ээ болуп, тактоочтук функцияда колдонулуп калат: Ал дале талаада эгин чаап жүрөт (Ч,А.). Бул суук кабардын артында эмнелер жаткандыгы дале ан-сезимиме жете бербеди (Ч.А.).

Дагы I функционалдуу бөлүкчө: кээде бөлүкчөлүк мааниде колдонулса, кээде өзүнүн толук маанисинде, тактоочтук мааниде, колдонулуп калат. Бөлүкчөлүк мааниде келгенде көбүнчө байланышкан сөзүнөн кийин жайгашат, оозеки айтканда басым бөлүкчөнүн аяккы муунуна түшөт. Берген мааниси боюнча да бөлүкчөсү, менен маанилеш келет: Ангыча Суусар дагы кирди (Н.Б.).

Эгерде бул сөз көбүнчө этиш менен байланышып, анын алды жагынан орун алып, "жана да" деген мааниде колдонулса, тактооч болуп калат. Мындай учурда басым дагы сөзүнүн биринчи муунуна түшүп айтылат: Туулган жеримди дагы көрдүм (Т.С.). - Эже, дагы китеп окуп берсеңиз (Н.Б.). Дагы бөлүкчөсү төмөнкүдөй маанилерди билдирет: Минтип, тактоочтук функцияда колдонулган дагы сөзүнөн кийин да бөлүкчөсү айкашып айтылса, ага күчөтүү маанисин берет: Берки Майсалбегимден кабар келбей калганын эстеп, жүрөгүм дагы да сызыла түштү (Ч.А.). Сен ал күнү таалай дегенди дагы да тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың (Ч.А.).

I) Бул бөлүкчө негизинен өзүнөн мурунку сөздү өзгөчө белгилеп, тактап көрсөтөт: Өнүккөн өлкөлөрдө компьютерсиз бир да иш, бир дагы мекеме болбойт ("КТ".).

Жылдыздар дагы асман бербей жабыла көз жарышты (Ч.А.). Биз дагы адам баласыбыз (К.Бек.).

2) Дагы кээде да бөлүкчөсү сыяктанып, бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштырып, байламталык милдетти да аткарат. Бул учурда ал бөлүкчөлүк маанисин да сактап, өзүнөн алдындагы бир өңчөй мүчөлөрдү айрыкча белгилеп, тактап көрсөтөт: Карагай дагы, кайың дагы, тал, терек дагы курулуш ишине керек (Жаш.Лен.). Мен ишканаңы дагы, андагы эмгекти дагы өзүмдүкү деп эсептеймин (С.С.)

3) Дагы бөлүкчөсү багыныңкы сүйлөмдүн шарттуу ыңгайдагы

баяндоочунан кийин келсе, баш сүйлөмү ага карама-каршы маанини туюндурат: Ал азыр алыста жүрсө дагы, элеси жанымда (Т.С.). Март айы болсо дагы, азыр бул жерде жаз белгиси жок (К.Ж.).

4) Сүйлөмдүн жалпы маанисине карай кээде ага кекерлөө, ке-кетүү маанисин да берип калат: Башына сербейтип байлап коюшат экен дагы (Т.С.). Дагы бул ишинди бүгүн эле бүтүрөм деп коет.

Дагы бөлүкчөсү атооч сөздөр менен байланышта айтылгандан кээде анын алды жагынан орун алат: Ары жактан дагы бир жооптуу учур жакындап келе жаткандыгы сезилип турду (Т.К.).

Аныктагыч — тактагыч бөлүкчөлөрдүн ичинен төмөнкүлөр дайыма өзү байланышкан атооч сөздүн алдынан орун алып, анын маанисин тактап, өзгөчө белгилеп көрсөтөт:

Как. Адистиги ар качан, Аткан экен как көзгө ("Манас"). Ал мына бул жылга менен как ушул чокуга чыгат ("Кырг.аял."). Таяк менен как чокуга салды.

Кээде бул бөлүкчө "тең" деген толук (тактоочтук) мааниде колдонулуп калат: Камалышып тоскондор как жарыла берди дейт (Фольк

Куду. Кең чалкактагы айылдар куду деңиздин үстүндө орношкондой болуп, жаңы конуштагы шиберге бөлөнүп калыптыр (А.Т.). Терезеден үйдүн ичин карап жаткан адам Мадынын куду өзү экенин таанды (К.О.). Саманчынын жолу куду баягыдай болуп, ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан экен (Ч.А.).

Нак. Нак ушул эки сезим бири-бирин жанишер кез келди (Т.С.). Ал көчө базардын нак борбору эле (К.Б.). Нак ушул сөзү тиге таасир этти белем (Т.С.).

Нак бөлүкчөсүн анын омоними болгон нак тактоочунан айырмалай билүү керек. Алардын бири-биринен айырмасы: бөлүкчө дайыма атооч сөздүн алдында келип, аны өзгөчө белгилеп, тактап көрсөтөт;

тактооч болсо дайыма этиш сөздүн, көөде зат атоочтун алдында келип, анын сыпатын билдирет: нак төлөду, нак берди, нак кымыз.

Кап. Бул бөлүкчө "ортосу" деген бир гана сөз менен бирге айтылат: Жаздын кап ортосунан чөп чабууга киришти (Т.С.). Май кастрюлдун кап ортосунан болду.

Так, дал - функционалдык бөлүкчөлөр, башкача айтканда, булар көөде бөлүкчөлүк мааниде колдонулса, көөде тактоочтук мааниде колдонулуп калат. Бөлүкчөлүк мааниде келгенде, дайыма атооч сөздөрдөн мурун келип, алардын маанисин тактап көрсөтөт: Ангеме так ушул журттан башталат (А.Т.). Чекесинин так ортосунда чоң меңи бар (М.Э.). Шумкардын тырмактары дал эпкөсүнө батыптыр (К.Ж.) Атабектер Көкөнү дал ошол учурда келип кармашты (К.Ж.)

Көөде дал, так бөлүкчөлөрү эле бөлүкчөсү менен бирге айтылып, өзүнөн кийинки сөзгө тактоо-күчөтүү маанисин берет: Иштермандыгы дал эле атасынын өзү (Ч.А.). Зарлык так эле агасынын өзү экен.

Эгерде дал, так этиш сөздүн алдында туруп, кыймыл—аракеттин сыпатын көрсөтсө, тактоочтук мааниде колдонулат: так сүйлө, так айт, дал тийди.

Деги. Бул бөлүкчө сүйлөмдүн башында да, аягында да колдонулда берет, бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылып, андагы ойго тактоо, ыщыктоо маанисин берет: Деги айтчы, бай болгур, эмне десем ишенесиң ? (М.Абд.). -Кокуй, биздин Көкө жыгылып калды, деги аман бекен (К.Ж.). Башкабы айтчы, курбум айтчы деги (Ж.Тур.).

Бул бөлүкчө көөде эле деген бөлүкчө менен, көөде белгисиздик маанидеги бир деген сөз менен бирге айтылып, сүйлөмгө күчөтүү маанисин берет:

Деги эле көзгө көрүнбөс, үнүң угулбас жайга бекенипсиң да! ("Жаш. Лен"). Эсим чыгып, атка мине чаап, артынан түштүм. Деги бир жеткирсечи (Ч.А.).

Сурама бөлүкчө

Ээ. Ар дайым сүйлөм аягында келип, ага суроо маанисин берет. Сүйлөөчү мунун жардамы менен айтылып жаткан ой жөнүндө угуучунун пикирин билүүнүн каалайт, берилген суроого жооп берүүгө түрткүлөйт: - Энеке ! Касым келбейт ээ ? Эми эч качан келбейт ээ ? (Ч.А.) - Шаардын абасы ысык болсо керек ээ ? (М.Тойб.). -Сенин да укпуң келип калган экен ээ ? (А.Т.).

Көөде бул бөлүкчө сүйлөмгө ачык суроо маанисин эмес, бекемдөө маанисин берүү үчүн да колдонулат. Мындай учурда сүйлөөчү конкреттүү бирөөгө суроо иретинде кайрылып, андан жооп күтпөйт, тек гана өз оюн бекемдеп көрсөтөт: Эми Майсалбегим да ошол талкаланган эшелондун келген жагын көздөй кан майданга жол тартат ээ (Ч.А.). Бороон ушундайда кутурат экен ээ ! - дейт ичинен(М.Э.)

Ыя. Көбүнчө суроолуу же өтүнүү маанисиндеги сүйлөмдөн кийин келип,суроолуу маанисин дагы да тактап,күчөтүп көрсөтөт; берилген суроого жооп берүүнү талап кылат:- Үнүң эмне чыкпайт ыя? (К.О.) Деги кайда түнөп жүрөсүң ыя ? (Т.С.) Мен да кошо барайынчы ыя ?

Сүйлөмдүн ички маанисине карай көөде ага кекээрлеп суроо маанисин берет.Мындай учурда ыя бөлүкчөсү сүйлөмдүн башында да айтылып калат. Сүйлөм башында келгенде анын кийинки бөлүгүнөн кыска тыным аркылуу бөлүнүп айтылгандыктан, үтүр менен ажыратылып жазылат: - Ыя, сен кайсы элчи элең ? - Ыя, кайсы Ыманбайсың?! Үксөйгөн калпагыңды төбөңдөн түшүрө чабайынбы ыя ? (Т.С.) - Мени жогото турган сенсиңби ыя ? !

Суроо — жооп (диалог) иретинде айтылган сүйлөмдөрдө ыя бөлүкчөсү өзүнчө жалгыз келип эле бирөөгө кайрылып айтылган сөзгө суроолуу жооп катары колдонулат, же айтылган өтүнүчтү жакшы укпай калган учурда аны толук угуу максатында кайталап суроо маанисинде колдонулуп калат : Жоро:-Ата,кайчы барбы ? Карыя:-Ыя ? Жоро:Кайчы барбы дейм. Карыя:-И,бар,бар...(М.Т.) - Керимбек ! - Ыя ? - Алдагы отундарды жыйып койчу ? - Макул.

Жоро. Кайчы барбы дейм. Карыя. И,бар,бар... (М.Т.) - Керимбек! - Ыя ? - Алдагы отундарды жыйып койчу? - Макул.

Ыя бөлүкчөсү сүйлөм башында каратма сөздүн алдында келсе, айтылуучу ойго бирөөнүн (каратма сөз билдирген адамдын)көңүлөн буруу маанисинде колдонулат:

- Ыя, балам, айтчы, Күмүштөн эмне жамандык көрдүң ? - деди Бермет (Н.Б.).

- Ыя, Омор,шаарга качан жөнөйсүң ?

Айрым учурларда сүйлөм ичинде эки бөлүкчө катар айтылып да калат. Мындай убакта да экөө тең өз маанилерин сакташат: Менин бактым бар ээыя ? (Н.Б.) Сен чочуп жатасың го ыя ? (К.Бек) Алар кечээ эле кетип калышкан го ээ ?

Айрым түрк тилдеринде (казак, өзбек, башкыр,алтай ж.б.) бы , чы элементтери да сурама бөлүкчө катары каралат.Ал эми Кыргыз тилинде —бы,-чы, мүчөгө айланып кетет,себебі уланган сөзүнүн аягындагы үндүү,үнсүз тыбыштарга карай булардын тутумундагы тыбыштар да өзгөрүп турат, дайыма жалганган сөзү менен бирге жазылат: алдыбы,алчы,келдиби,топубу,дүрбүбү; жүрчү, олтурчу,кирчи.

Болжолдоо — суроо бөлүкчөсү

Эгерде сурама бөлүкчөлөр берилген суроого угуучунун жооп беришин талап кылса, болжолдоо— суроо бөлүкчөсү аны талап кылбайт. Сүйлөөчү жак өзү гана мындай бөлүкчөнүн жардамы менен айтылып жаткан ойго болжолдоо— суроо, маанисин берет.

Бейм (бы+де +й + м).Дайыма сүйлөмдүн аягында келип, ага болжолдоо— суроо маанисин берет.Эгерде айтылуучу ойдун суроолуу маанисин өзгөчө белгиленип көрсөтүлсө, сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат; эгерде сүйлөм болжолдоо,күмөндүүлүк маанисин гана билдирсе, аягына чекит коюлат: Атаңкөрү ээй,

берегилер мени билишпейт бейм ? (Т.С.) Өпкөсү көөп калган бейм? (К.О.) Байкабай каласыз бейм ? (К.Б.) Анын келини Жамийланы кудай билип берген бейм,ал дагы жумушка кайраттуу,мыкты келинчек (Ч.А.).Алымга караганда Ормуш күчтүү бейм.

Белем (бы + эле + м).Бул бөлүкчө дайыма "белем" формасында колдонулуп, сүйлөмдүн 3-жана 2— жактагы ээси менен байланышта айтылат,айтылып жаткан ойго болжолдоо—суроо маанисин берет.Эгерде айтылып жаткан ойдогу суроо маанисин баса көрсөтүү керек болсо,сүйлөм аягына суроо белгиси коюлат;эгерде сүйлөмдөгү болжолдоо— суроо маниси жайынча гана баяндалса, аягына чекит коюлат: Атаганат,көңүл көтөрүлгөн кезде кыял да учат белем ? (Т.С.) Нак ушул сөзү тиге таасир этти белем (Т.С.) Тутана албай араң турган отко жел тийгендей болду белем (Т.С.). Байкуш кемпирдин башы айланып кетти белем (Т.С.)

Эгерде тутумунда "белем" бөлүкчөсү бар баяндооч экинчи жактагы ээ менен байланышса, ал бөлүкчөдөн кийин экинчи жактын жак мүчөсү улана берет жана бөлүкчөлүк суроо— болжолдоо маанисин сактайт: - Капырай,баласаак белемсиң ? (С.С.) Э, экеке, алжып калган белемсиң (Ж.Т.) - Э, жарыктык ! Чындыгында эле жаткан бир бабыр белемсиз (А.Уб).

Эскертүү: суроо уландысы - бы уланган сөздөн кийин эле жардамчы сөзү келип, I жакта айтылса,белем формасына өтүп (алганбы + эле + м > ал + ган белем),сыртқы түрү жагынан жогорку "белем" бөлүкчөсү менен окшош болуп калат.Бирок алардын түзүлүшү жана маниси жагынан бири-биринен айырмаланып турат: а) белем бөлүкчөсүнүн тутумундагы бы + эле + м элементтери өз ара тыгыз байланышып, сенек формага айланып кеткен; б) семантикасы боюнча сүйлөмгө болжолдоо— суроо маанисин берет.Ал эми белем формасында айтылган жардамчы сөздүн тутумундагы грамматикалык элементтер

а) өз ара бекем ширелишип,сенек формага өткөн эмес,алар айрым-айрым формаларга ажыратылып талданат (бы + эле + м),

б) семантикасы боюнча сүйлөмгө болжолдоо маанисин эмес, суроо маанисин берет. Ушул белгилерине карай буларды биринен экинчисин ажырата билүү зарыл.Мисалы: Же мен байкуш силерге өгөй белем, (бөлүкчө) айтчы энем ? (Ж.Тур.) Ошондо сага жолукан белем (жардамчы сөз)?

Күмөндүү бөлүкчө

Го.I) Айтылуучу ойго күмөдүүлүк,болжолдоо маанисин берет: Бул барып турган кесирдүү киши го, же алжып калган го (А.Т.). Эмдиги жылы мындан бешетер ачарчылыкка дуушар болобуз го (Ч.А.). Самтырлардын кечигишинде да бир кеп бар го (Т.С.).

2) Кээде контекстее, интонацияга жараша айтылып жаткан ойго тактоо маанисин кошумчалайт: Субанкулдун кайраты бек эле го (Ч.А.). Туулган жер эч качан эстен чыкпайт го (К.Ж.).-Канча дай жооп берүүнү билем го ! (Н.Б.).

Бул бөлүкчө айрым учурларда бүткүл сүйлөмгө эмес, жекече бир сөзгө тиешелүү болуп айтылат да, ага тактоо, өзгөчө белгилөө маанисин берет: Айылда го белгилүү: бирөө аскерден кайтып келди дегенче болбой жабыла учурашканы жүгүрүп барат эмеспи(Ч.А.) Өлтүргөнү го куп болуптур, а сасытып муну не кетөрүп жүрүшөт(Т.К.)

3) Го бөлүкчөсү кээде интонацияга жана контекстке карай айтылып жаткан ойго суроо-болжолдоо маанисин да берип калат: -Жер, жер-эне, сен ошол солдатты унутпайсың го ? - Эсимде, Толгонай. Мен ал солдаттын түрүн эч убакта унунтпаймын (Ч.А.) Ушул атымды сен өлтүргөнсүң го ? (К.Ж.).

Миш. Бул имиш (эр+миш) деген модалдык сөздүн кыскарып, бөлүкчөлөргө айланган түрү.

I) Миш бөлүкчөсү байланышкан сөзү менен бирге жазылат да,

бирөөлөрдөн угуп билген кабарга күмөндүүлүк, коромолдоо маанисин кошумчалайт: Айтор, бир шумдугуна топтоштуратмиш. Кептүн ортосуна түшөтмиш (Т.С.). Каныбек кармалып, Сибирге айдалып кеткенмиш (К.Ж.).

2) Кээде айтылып жаткан ойго жактырбоо, мыскылдоо, какшыктоо маанисин берет: Күндүк норманы бат эле бүтүрүп коетмиш!..

Айрым учурларда миш бөлүкчөсүнөн кийин жак мүчө калганып айтылат: Ударниктердин чогулушуна сен да баратмишсиң.

Жалыныч бөлүкчө

Буга гой (< кой + жардамчы этиш) деген бир гана бөлүкчө кирет. Маани жактан бул бөлүкчө төмөнкүдөй мүнөздөлөт:

I) Бирөөгө ичинен жакшы көрүп кайрылуу, бир нерсе жөнүндө андан жалынып-жалбарып өтүнүү, сурануу маанисин билдирет: Сен бара гой, Алимжан (Ч.А.). -Ал, ала гой чоорду, билгениңче тарт! (К.Ж.). Жүрө гой апа, үйгө баралы,-деп мени колтуктап арабага түшүрдү (Ч.А.).

2) Бул бөлүкчө кээде контекстке жараша айтылуучу ойго кекетүү, кереэрлөө маанисинде буйруу, улуксат берүү маанисин да берип калат: Кетсең кете гой, айланайын. Бара гой, мында теңиң жок! (Т.С.). Суусун жок, бара гой, кагылайын... (Т.С.).

Күчөткүч бөлүкчө

Күчөткүч бөлүкчөлөр дайыма байланышкан сөзүнөн мурун келип, анын маанисин күчөтүп көрсөтөт.

Эң. Бул бөлүкчө көбүнчө сын атооч, айрым учурда тактооч, кээде алды, арты, үстү деген сөздөр жана биринчи деген иреттик сан атооч менен айкашып айтылат:

Эмгек этип жашыңдан элге жаксаң эң кызык (Токтогул). Ал түнкү сугаттан эң кеч кайтты (Ч.А.). Ормуш эң артқы машинаны айдап баратат (Н.Б.). Жаңы нандан эң биринчи иретте орокчулар ооз тийиш илгертен салт эмеспи (Ч.А.).

Айрым учурларда бул бөлүкчөдөн кийин эле бөлүкчөсү, же бир деген сөз бирге айтылып, ага өтө эле күчөтүү маанисин берет: Ошол жылы эгиндер эң эле эрте бышпадыбы (Ч.А.). Ошол чагылгандай соккумда Майсалбектин өңү-түсү эң бир даана көрүндү (Ч.А.).

Тилибиздеги кылда деген бөлүкчө да эң бөлүкчөсү менен маанилеш келип, өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин берет.Бул сөз башы, учу, чокусу деген сыяктуу саналуу гана сөздөр менен айкашып айтылат: Карагайдын кылда башында бир карга конуп олтурат; кылда учу, кылда чокусу.

Өтө. Көбүнчө сын атооч, кээде айрым этиш, тактооч сөздөр менен айкашып айтылат: Какшаал тараптагы байлар соода иштерине өтө чоң маани беришкен (К.Ж.). Өзүм кичинемде бул жерде эмгектенгендерге өтө таңкалчумун ("КТ".). Зулай бүгүн эмнегедир өтө эрте ойгонду.

Кээде бул бөлүкчөдөн кийин эле бөлүкчөсү кошулуп айтылып, анын маанисин андан бетер күчөтүп көрсөтөт: Ага бул өргө өтө эле жупуну көрүндү (Т.К.). Жайнийла өтө эле шайырсымак, бала кыялдуу (Ч.А.).

Абдан. Бул бөлүкчө да сын атооч, этиш, айрым тактоочтор менен бирге айтылат:

Ошого абдан өкүнөм (А.Т.). Чынын айтканда, сен абдан бактылуусуң (К.Ж.). Командирдин айтканы абдан туура (А.Т.).

Бул бөлүкчөдөн кийин чектегич эле бөлүкчөсү кошулуп айтылса, анын маанисин ого бетер күчөтүп көрсөтөт:
Ал менин көзүмө абдан эле жаман көрүндү (А.Т.). Бул жаза абдан эле туура (А.Т.).

Эбегейсиз. Айрым сын атооч, тактооч, этиш, зат атоочтордон мурун келип, аларга күчөтүү маанисин берет: Энеден жалгыз сен

чыгып, Эбегейсиз зор чыгып ("Төштүк"). Тойго эл эбегейсиз көп чогулду. Анархан менен Дарыяхан үчүн эбегейсиз кубаныч брлду (К.Ж.). Июль айында күн эбегейсиз ысыды ("КТ").

Аябай (ая + ба + й). Бул функционалдык бөлүкчө, көөде өзүнүн этиштик (чакчыл) маанисинде колдонулат: Китебинди аябай, мага да берип тур. Ал эми бөлүкчө катары колдонулганда, өзүнүн түпкү этиштик маанисинен дээрлик алыстап, өзүнөн кийинки байланышта турган сөзүнө күчөтүү маанисин берет, көбүнчө этиш, көөде сын атооч, тактооч менен айкашып айтылат: Чүрөктүн аттырбаганына ал аябай намызданды (К.Ж.). Бул тамашага биз да аябай кандык (Ч.А.). Биз аябай эрте турдук. Ал аябай күчтүү экен. Аябай жеди, аябай ыраазы болду, аябай сүйүндү.

Тилибизде аябагандай (ая + ба + ган + дай), аябаган (ая + ба + ган) деген функционалдык бөлүкчөлөр да кездешет. Буларда бөлүкчөлүк мааниде колдонулганда, бүтүн сөздүк маанисинен биротоло алыстап, абстракцияланып, өзүнөн кийинки сөздүн маанисине күчөтүү маанисин кошумчалайт. Булардын ичинен аябагандай этиш менен да, сын атооч менен да айкашып айтылса, аябаган сын атооч менен гана айкашат:

Башка уруудагы шордууларга да чыгым аябагандай катуу тийди (К.Ж)
Алар Касымды аябагандай убара кылышты (Ч.А.). Ал аябагандай акылдуу жигит эле. Аябагандай суук жер экен.
Ал аябаган зор киши болучу; аябаган күчтүү киши, аябаган көркүтүү шаар, аябаган келбеттүү кыз. Аябаган мыкты неме көрүнөт (К. Бек.).

Эгерде адамды билдирүүчү зат атооч менен байланышып айтылса, аябаган өзүнүн атоочтук этиш маанисинде колдонулат: Ал эч нерсени аябаган киши эле.

Чымкый. Дайыма өң-түстү билдирүүчү сын атооч менен айкашып айтылып, анын маанисин күчөтөт: чымкый кызыл, чымкый көк,

чымчый кара. Дүкөндөн чымчый кызыл гүлдөрдөн сатып алдык. Зуура чымчый жацыл тукабадан тигилген чепкенин жамынып чыкты.

Түк, такыр таптакыр, ным бөлүкчөлөрү, эреже катары, терс формадагы тануу, жокко чыгаруу маанисиндеги сөздөрдүн алдына келип, алардын ошол маанисин күчөтөт: Бригаттар менен түк жаакташпайт (Ч.А.). Менин көңүлүмдө түк эчтеме жок (А.Т.). Ушул жыргал доордо такыр келбейт карыгым (Осмонкул). Ошондон кийин Алымды таптакыр көрбөдүм.

Ным сөзү терс формадагы тануу маанисиндеги айрым этиштер менен айкашып айтылганда гана бөлүкчөлүк мааниде келип, анын ошол тануу, жокко чыгаруу маанисин күчөтүп көрсөтөт: ным билбейт, ным жооп бере албады, ным сезбеди.

Жогорудагы такыр, ным бөлүкчөлөрүн булар менен омонимдик катышта турган такыр, ным деген тактоочтордон ажырата билүү зарыл. Бул сөздөр тактоочтук мааниде колдонулганда, терс формадагы сөздөр менен айкашып, аларга күчөтүү маанисин бербестен, оң формадагы сөздөр менен айкашып, бүт, бүтүндөй деген тактоочтук мааниде колдонулат: Күздүктү такыр аяктап, Күлүктү минер бекенбиз(А.О. Өзү жүрчү комбайн мурунку комбайндардан такыр башкача (К,Б.). Аланғыча күн батты, Элдин алды ным жатты (Тоголок Молдо).

Эгерде такыр деген сөз зат атооч менен айкашып, кандай ? деген суроого жооп берип, анын белгисин көрсөтүп турса, анда ал сын атооч сөз деп эсептелет: Жогоркулар менен омонимдик катышта турган: такыр жер, такыр талаа ж.б.

Ого бетер. Көбүнчө этиш, кээде сын атооч менен айкашып айтылып, алардын маанисин күчөтүп көрсөтөт: Бул кишинин сөзү ого бетер кызыктырды (А.Т.). Ушинтип ал тигилерди ого бетер кызыктырар эле (Ч.А.). Узакка созулган согуш алдан тайган элди ого бетер эсин оодарды (Ч.А.). Аялдын көңүлүн көтөрүш үчүн олтургандай ого бетер сүйкүмдүү мамиле кылышат (А.Т.).

Дегеле (деги + эле). Сын атооч, этиш же айрым тактоочтордон мурда келип, аларга белгилүү өлчөмдө күчөтүү маанисин кошумчалайт: Анын ушинтип жатып дегеле чоң сүйлөгөнүнө эмне бересиң (Ч.А.). Окуучулар эртеден бери дегеле тынбай иштешти. Ал, күнгө күйгөнү билинбей, дегле сулуу (Н.Б.). Аймат, үнүн колдуратып, дегеле салабаттуу сүйлөдү (Н.Б.).

Ылгый, өңчөй өңчөй, чылк, чылгый, жалаң. Бул бөлүкчөлөр дайыма зат атооч же сын атооч менен айкашып айтылып, бир өңчөй заттарды, белгилерди башка заттардан, белгилерден айырмалап, өзүнчө бир топко бириктирип, бөлүп чектөө маанисин, ошону менен бирге күчөтүү маанисин да берет:

Сөз болуп жаткан бригада ылгый жаштардан түзүлдү. Жашылчаны отоо ишине өңчөй балдар бекитилди. Өңчөй мылтыктуу немелер экен (Т.С.). Чылк аппак жүндү бир башка жыйдырды (Т.С.). Клубга чылгый кыз-келиндер чогулушуптур. Кеңешмеге жалаң алдыңкы саанчылар катышышты.

Ушуну менен бирге чылгый бөлүкчөсүн анын омоними болгон чылгый сын атоочунан (чийки, иштелбеген деген маанидеги) айырмалай билүү керек: чийки тери (чийки, иштелбеген деген маниде).

Ошондой эле жалаң бөлүкчөсүн да анын омоними болгон жалаң сын атоочунан ажырата билүү зарыл: Жалаң сын атоочу ушул эле формадагы жалаң бөлүкчөлөрдөй бөлүп чектөө, күчөтүү маанисин билдирбестен, кандай? деген суроого жооп берип, заттын белгисин туюндурат: жалаң кабат, жалаң чапан (жука чапан).

Тим эле, жөн эле. Булар - функционалдык бөлүкчөлөр, тим, жөн деген тактоочтор менен эле бөлүкчөсүнүн өз ара айкашынан түзүлгөн. Бөлүкчөлүк маниде колдонулганда көбүнчө эмоционалдуу маанидеги сөздөр менен байланышта айтылат да, алгачкы

толук маанисинен дээрлик алыстап, өзүнөн кийинки сөзгө күчтүү маанисин берет. Сүйлөм ичинде алган орду эркин, байланышкан сөзүнөн мурун, көэде кийин да келе берет: Жердин сырын билген карылар бул жерге эгин тим эле онколоп калат дешти (Н.Б.). Алымкандын бозосу тим эле спирт болуп калыптыр (Мидин). -Карачы ботинкасы жалтырайт тим эле (Т.С.). Кичинесинен бери ат минип үйренгөн эмеспи, жөн эле желимдеп койгондой олтурат (Н.Б.) Пай-пай, сууктун күчүн карачы, жөн эле бетти жалайт (Н.Б.).

Эгерде тим эле, жөн эле деген айкаштар эмоционалдуу маанидеги сөз менен эмес, жайынча айтылган сөз менен айкашып айтылса, өзүнүн толук маанисин сактап, тактоочтук мааниде колдонулат: - Ай, Батыш, сен мага жөн эле таарынып жатасың (Н.Б.). Сөз ирети келгенде тим эле айтып койду (Н.Б.).

Тангыч белүкчө

Эч (иран тилинен кирген). Зат атооч менен айкашып айтылып, ага терс маани берет. Эгерде терс маанидеги этиш менен байланышып айтылса, анын терс маанисин дагы күчөтүп көрсөтөт: Эли Кокон ордосунан эч жакшылык болбосун билди (К.Т.). Бек, сайышка ыктуу эч адам чыкпады (К.Ж.). Белек Темировго эч жооп кайтарбады (К.Ж) Алымдын карааны эч көрүнбейт (К.Ж.)

Эч белүкчесү сурама ат атоочтор менен айкашып айтылып, тангыч ат атоочторду уюштурат: эч ким, эч качан, эч кайда, эч кайсы, эч нерсе.

Жогорудагыдан башка төмөнкү көмөкчү сөздөрдү да белүкчө катары кароого болот: ме, тек, тек гана.

Ме. Бул белүкчө бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылып, бир нерсени берүү, сунуш кылуу маанисин берет: -Ме, мына бул безду

кепин кыл (К.Ж.).

- Ме, буларды үйгө киргизип, өзүң жеп-ичип тур (К.Ж.).

Бул бөлүкчө сүйлөм ичиндеги башка сөз менен байланышпай, кыска тыным аркылуу андан бөлүнүп айтылгандыктан; үтүр менен ажыратылып жазылат: Мен үч кекилик кармап келдим, ме ата ! (К.Ж.)

Тек , тек гана. Бул бөлүкчө, жөн гана дегенге жакын маанини түюндуруп, бүтүндөй сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат да, айтылып жаткан ойго жайынча мүнөздөмө берет: Тек улам бирин бири жалдырап карашат (К.Ж.) Анан биз тек гана кол кармашып, унчукпай асманга тигилип, рахаттанып жаттык (Ч.А.).

Бул бөлүкчөнү анын омоними болгон тек деген зат атоочтон жана тек (тынч, тим деген мааниде) деген тактоочтон ажырата билүү зарыл. Булар зат атоочтук же тактоочтук мааниде колдонулганда, эмне? кандай? деген суроого жооп берип, өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет:

Анын түркү теги кедей болгон. Тек тура албай, азоо аттай жулунат (Осмонкул); тек отур, тек тур.

Бөлүкчөлөр, кызматчы сөздүн башка түрдөрү сыяктуу эле, өзүнчө туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт. Алар байланышкан сөзү менен бирдикте тиги же бул сүйлөм мүчөсүнүн тутумунда гана айтылат: Бул иштин бүтпөй калышына так өзүң күнөлүсүң ("КТ") (ээнин составында). Мугалим бала Касымга аябай окшош ээ ? (Ч.А.) (баяндоочтун тутумунда). Эң аркыркы номерде бардык катышуучулар хор айтышты (Т.С.). Чолпон адабиятты эң жакшы түшүнчү (А.Т.) (бышыктоочтун тутумунда).

МОДАЛДЫК СӨЗДӨР

Модаль деген термин латын модус (жол,ык) деген сөзүнөн алынган. Демек, модалдык сөз айтылган ойдун иш жүзүнө ашыруу-га мүмкүндүгүн, зарылдыгын, анын аткарыларына ишенгендикти же күмөндөнгөндүктү, кандайдыр бир окуянын болгондугу аник же болжолдуу экендигин билдирет.

Тарыхый жагынан модалдык сөздөр, башка кызматчы сөздөр сыяктуу эле, айрым толук маани берүүчү негизги сөздөрдөн келип чыккан. Мындай сөздөр тилдин тарыхый өсүш процессинде узак мезгилдер бою лексика-грамматикалык жактан өзгөрүүлөргө дуу-шар болуп, тилде өзүнүн негизги мааниси менен катар жаңы функ-цияда - айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын билдирүү функциясында да колдонула баштаган. Натыйжада алар акырындап алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, жалпыланган абстрактуу мааниге ээ болуп, кызматчы (модалдык) сөздөрдүн өзгөчө бир тобун түзүшкөн. Булардын ичинен айрымдары дайыма модалдык мааниде гана колдо-нулса: албетте, арийне, балким, мүмкүн, имиш, ооба ж.б., кээ бирлери контекст-ке карай модалдык мааниде да, ~~кээ бирлери~~ өзүнүн толук лексикалык маанисинде да колдонулуп, сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсүнүн мил-детин аткара берет:

Модалдык сөздөр	Модалдык мааниде	Лексикалык маанисинде
Окшойт	Шабыралы кээ бир кишиге шек берип койгон окшойт (Н.Б.) (болжолдоо маани-синде).	Ал кадимки Шабыраалыга ок-шойт. (Н.Б.) (этиш).
Көрүнөт	Элиндин жаш-карысы бири-гип кеткен көрүнөт (К.Ж.)	Адегенде эле дөбөдө жанаша кыналышкан ошол бийик терек-

I	2	3
	(болжолдоо маанисинде).	тер көзгө көрүнөт (Ч.А.) (Нашш)
чыгар	Окуучулар экскурсиядан келген чыгар (болжолдоо маанисинде).	Керим үйларды короодон чыгар (этиш).

Модалдык сөздөр семантикасы боюнча кандайдыр бир конкреттүү буюмдук, заттык мааниге ээ эмес. Алар айтылган ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү катышын билдирүүчү жалпыланган лексика-грамматикалык маанини туюндурат. Грамматикалык жагынан сүйлөм ичиндеги башка сөздөр менен байланышпай, алардан бөлүнүп айтылат; негизинен уланды мүчөлөр менен өзгөрбөйт (өзгөчө чыныгы модалдык сөздөр); маани жагынан бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат: Алган милетимди албетте, аткарабыз. Кыязы, бүгүн кар жааганы турат. Бул сүйлөмдөрдөгү албетте, кыязы деген модалдык сөздөр белгилүү бир буюмдук мааниге ээ эмес: биринчиси айтылган ойдун жүзөгө ашырылышын бекемдеп турса, экинчиси ага болжолдоо маанисин берип турат.

МОДАЛДЫК СӨЗДӨРДҮН ЖАСАЛУУ ЖОЛДОРУ

Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр лексикалык составы жана этимологиясы жагынан ар түрдүү. Алар чыгышы, түзүлүшү боюнча атооч сөздөр менен, этиш менен байланыштуу; бир катары сөз айкаштарынан түзүлгөн.

I. Чыныгы модалдык сөздөр. Булар үнгү түрүндө же аягындагы мүчөсү менен бирдикте сенек формага өтүп, тиешелүү сөз түркүмүнүн лексикалык составынан чыгып, дайыма модалдык маа-

ниде гана колдонулат: албетте, арийне, балким, мумкун, ыктымал, этимал, болжолу, калыбы, сыягы, кыязы, ооба, сыяктуу, шекилдуу, сөсуз, шексиз, имиш, макул, мейли, мисалы, демек, жок, бар, баса, кокус, айтор, менимче, тескерисинче ж.б.

Чыныгы модалдык сөздөрдүн ичинен албетте, мумкун, ыктымал, этимал, кыязы (кыяз) арап тилинен, арийне, балким иран тилинен даяр түрдө оошуп кирген сөздөр.

Бир катар чыныгы модалдык сөздөр айрым атоочторго III жактын таандык -ы мүчөсү, же болбосо -луу, -сыз курандысы жалганып келип, ошол уланган сөзү менен бирге сенек формага өтүп кетишкенинин натыйжасында түзүлгөн: болжолу, калыбы, сыягы, кыязы, чамасы, калыбы, мисалы; сыяктуу, шекилдуу, сөзсүз, шексиз.

Ал эми төмөнкү чыныгы модалдык сөздөрдө: имиш < ер - "болуу" маанисиндеги байыркы көмөкчү этишке атоочтуктун байыркы -мыш мүчөсү уланып (эр+мыш), демек < де деген этишке кыймыл атоочтун -мак мүчөсү уланып (де+мек), менимче < мен деген ат атоочко -им таандык мүчөсү, -ча - куранды мүчөсү жалганып, тескерисинче< тескери - деген тактоочко III жактын таандык мүчөсү -си-н жана -ча куранды мүчөсү жалганып айтылып, сенек формага өтүү менен модалдык сөздөр уюшулган.

II. Көө бир модалдык сөздөр чыгыш теги боюнча атооч (зат атооч, ат атооч, тактооч, сан атооч) жана этиш сөздөр менен байланыштуу. Алардын ичиндеги: I) айрым атоочтук модалдык сөздөр үйгү түрүндө туруп, же аягына жалганган III жак таандык -ы мүчөсү менен, табыш жөндөмөнүн мүчөсү жана -бы суроо уландысы менен (-ни+би), же чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү менен бирдикте туруп сенек формага өтүп, алгачкы маанисинен абстракцияланып,

ар түрдүү модалдык маанини билдирип калышкан: ырас, керек, кана, мына, ана; кыскасы (кыска+сы), сениби (сен+(н)и+би), биринчиден, экинчиден ... (биринчи+ден);

2) айрымдары аягына уланган таандык жана жатыш жөндөмөнүн мүчөсү менен бирге сенек формага өтүп, модалдык сөзгө айланган: чагымда (чак+ым+да), чынында, чындыгында (чын+дык+ы+нда).

Ал эми этиштик модалдык сөздөрдүн ичинен бир катары: I) аягына жалганган шарттуу ыңгайдын мүчөсү же жак мүчө менен бирге сенек формага айланып, алгачкы этиштик маанисинен алыстап, айтылып жаткан ойго ар түрдүү кошумча маани берүүчү модалдык сөздөргө өтүп кеткен: көрсө (көр+сө), айтпаса (айт+па+са); алсак (ал+сак), унутпасам (унут+па+са+м), жаңылбасам (жаңыл+ба+са+м); кечиресиз (кеч+ир+е+сиз), кантебиз (кант+е+биз); 2) кээ бир этиштик модаль сөздөрдүн тутумунда жак мүчө жана суроо уландысы бар: билесиңби (бил+е+сиң+би), ишенесиңби (ишен+е+сиң+би). Бул сөздөр модалдык мааниде колдонулганда, этиштик маанисинен обочолонуп, "угуучунун көңүлүн айтылып жаткан ойго буруу" маанисин туюндурат.
3) бир топ этиштик модаль сөздөр аягына жалганган каалоо, ниет ыңгай, арсар келер чактын мүчөлөрү менен бирдикте, же атоочтукка уланган жатыш жөндөмөнүн мүчөсү менен чогуу сенек формага айланып, алгачкы этиштик маанисинен алыстап, модалдык маанини да билдирип калган: айталы (айт+алы), айтмакчы (айт+макчы), жадаганда (жада+ган+да), чыгар (чык+ар);
4) айрым модалдык сөздөр чакчыл формада уюшулган: ушинтип (ушун+эт+ип), ошентип (ошон+эт+ип). Булар модалдык мааниде колдонулганда, корутундулоо, жыйынтыктоо маанисин берет.

Мына ушинтип, II топтогу модалдык сөздөр I топтогулардан төмөнкү белгилери боюнча айырмаланып турат: чыныгы модалдык сөздөр дайыма модалдык гана мааниде колдонулса, экинчи топтогулар,

да өзүнүн алгачкы толук маанисиндеада, бүтүн сөзгө мүнөздүү болгон грамматикалык байланышты жоготуп, модалдык мааниде да колдонула берет. Салыштыр: Ырас, ал бизге жээн болот (ырас - модаль сөз, бекемдөө маанисинде) - Анын телефон чалганы ырас (ырас - тактооч). Ал шаарга кетсе керек (керек - модаль сөз, болжолдоо маанисинде). - Мен да бир керегине жарармын (керегине - зат атооч:"керек ишине", "керек нерсеңге" деген мааниде). Чындыгында, ал колхозубуздун чарбасын чыңдоодо көп эмгек кылган (чындыгында - модаль сөз, бекемдөө маанисинде). - Анын сөзүнүн чындыгында эч шек жок (чындыгында - зат атооч). Китепти Султан алган көрүнөт (көрүнөт - модалдык сөз, болжоо маанисинде). - Тиги деңгө чыксак, биздин айыл даана көрүнөт (көрүнөт - этиш).

III. Модалдык маани сөз айкаштары аркылуу да берилет. Модалдык сөз айкаштары эки - үч сөздүн (толук маанилүү сөздөрдүн же толук маанилүү сөз менен жардамчы сөздүн) синтаксистик ажырагыс биримдигинен уюшулат.

Түзүлүшү (структурасы) боюнча, модалдык сөз айкаштарынын тутуму, компоненттеринин орун алыш тартиби белгилүү бир деңгелде калыпташып, туруктуу болуп калган.

Мааниси жагынан алганда, модалдык сөз айкаштарынын тутумундагы сөздөр жеке-жеке өзүнчө маани бербейт, алар белгилүү бир өлчөмдө грамматикализацияланып, өзүнүн алгачкы маанисинен четтеп, бирдиктүү түрдө туруп, жалпыланган бир лексико-грамматикалык маанини туюндурат: ким билет, эмне кылабыз, ашып кетсе, ал турсун; куру дегенде, ал гана эмес ж.б. Бул модалдык сөз айкаштары структурасы жагынан толук маанилүү эки сөздүн (ким билет, эмне кылабыз, олтурсун...), ошондой эле толук маанилүү сөз менен жардамчы сөздүн синтаксистик ажырагыс айкашынан (куру дегенде, ал гана эмес...) уюшулган. Маани жагынан алганда, алардын тутумундагы сөздөр өзүнүн түз маанисинен белгилүү бир өлчөмдө четтеп,

жалпыланган лексика - грамматикалык маанiге - модалдык маанiге, ээ болушкан: Колхозубуз быйыл жарытып эмгек күн да берген жок. Ал турсун мамлекеттик пландыда аткара албай калды. Шаар менен кеңири тааныштык. Алгана эмес кечинде театрга да бардык. Куру дегенде бир кичине белек да ала келбептир. Бул сүйлөмдөрдөгү ал турсун, ал гана эмес, куру дегенде деген модалдык сөз айкаштарынын компоненттери өзүнүн алгачкы маанисинен алыстап, жалпыланган жаңы лексика-грамматикалык маанiге ээ болушуп, айтылган ойго күчөтүү, өзгөчө белгилеп көрсөтүү маанисин берип турат.

Ырас, бул сыяктуу сөз айкаштарынын айрымдары модалдык категория толук өтүп кете электиги байкалат. Ошондуктан алар кээде өзүнүн түз маанисинде колдонулса, кээде жалпыланган (абстракцияланган) модалдык мааниде колдонулат. Алардын кандай мааниде колдонулгандыгын контекстке карай ажырата билүү керек: Кубаттын үйүн ким билет? Мында ким билет деген сөз айкашынын ар бир компоненти өзүнүн толук лексикалык маанисинде колдонулду. Ким билет, балким, бүгүн жөнөп кетербиз. Бул сүйлөмдөгү ким билет деген сөз айкашынын компоненттери өзүнүн ат атоочтук (ким), этиштик (билет) маанисинен четтеп, маани жагынан абстракцияланып, айтылган ойдун аткарылышын күмөндүү, болжолдуу туюндуруп турат. Бул жерде - модалдык сөз айкашы, модалдык мааниде колдонулду. Бул дарбыздарды эмне кылабыз? Мында эмне кылабыз деген татаал этиш өзүнүн түз маанисинде колдонулган. Эмне кылабыз, мандайга жазганды көрөбүз да..., деген Бул жерде эмне кылабыз деген сөз айкашы алгачкы суроо маанисинен алыстап, маани жагынан абстракцияланып, айтылган ойго, жыйынтыкка айласыздан келгендикти билдирип турат - модалдык сөз айкашы.

Модалдык сөз айкаштары структуралык жагынан көбүнчө төмөнкүдөй түзүлүштө жолугат:

I) Акыркы компоненти уңгу же жакчыл же болбосо, буйрук ынгайдын - сын мүчесү уланган этиштерден болсо, биринчи компоненти

ат атоочтордон болот: Муну кара, муну көр, тигини кара, тигини көр; ким билет, ким билсин, эмне кылабыз, эмне кыласың,

2) Акыркы компоненти шарттуу ыңгайдан, биринчи компоненти - дай формасындагы ат атоочтон, -ып формасындагы чакчылдан, кээ бир тактоочтордон болот; айрымдарында да, эле бөлүкчөлөрү кошулуп айтылат: андай болсо, ошондой болсо да, ошентсе да, ашып кетсе, ашып эле кетсе, көп болсо, көп эле болсо.

3) Акыркы компоненти -ганда формасындагы дегенде, болбогондо, алганда деген этиштерден, биринчи компоненти айрым тактоочтон, этиштен, ат атоочтон болот; кээде алардын составына эң бөлүкчөсү, эле жардамчы этиши кошулуп айтылат: аз дегенде, аз эле дегенде, жок дегенде, куру дегенде, болбоду дегенде, болбоду эле дегенде, эң эле болбоду дегенде; эмне деген; эң болбогондо; жалпы алганда.

4) Биринчи компоненти ал деген ат атооч экинчиси турсун (тур-сун), тургай (тур-гай) этиштеринен жана түгүл деген сөздөн болот: ал турсун, ал тургай, ал түгүл.

5) Айрым ат атооч, тактооч, этишке сөздөргө эмес, эле, элек деген жардамчы этиштер айкашып айтылат: ал гана эмес; ырас эле, чын эле; кантмек элек, кантмек элең, эмне кылмак элек, ошондой эле.

6) Ат атооч менен тактоочтун, же ат атооч же зат атооч менен жандоочтун айкашынан уюшулат: баары бир (бирдей), канткен менен, тилекке каршы, бактыга жараша, анын айтуусу боюнча.

7) Экинчи компоненти жатыш жөндөмөдөгү "айтканда" деген атоочтуктан, биринчи компоненти тактоочтон, -ып формасындагы чакчылдан, "бир сөз менен" деген айкаштан болот: башкача айтканда, кыскача айтканда, жалпы айтканда, корутундулап айтканда, жыйынтыктап айтканда, бир сөз менен айтканда.

8) Биринчи компоненти амал, айла деген зат атоочтон, экинчи компоненти канча деген ат атоочтон болот: амал канча, айла канча.

9) Биринчи компоненти илик жөндөмөдөгү ат атоочтон, экинчиси өкмча, деген сөздөрдөн болот: менин өкмча, биздин өкбузча.

10) Биринчи компоненти анын деген ат атоочтон, экинчи компоненти үстүнө деген жардамчы атоочтон болот: анын үстүнө.

МОДАЛДЫК СӨЗДӨРДҮН ГРАММАТИКАЛЫК БЕЛГИЛЕРИ.

Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр морфологиялык жактан төмөнкүдөй белгилерге ээ.

1) Албетте, арийне, балким, мүмкүн, ыктымал, демек, чагымда, чындыгында, жаддаранда, калыбы, кыязы,, сөзсүз, шексиз, ооба, Мисалы ж.б. Булар үнгу түрүндө же аягындагы мүчөлөр менен бирдикте сенек формага өткөн. Бул топтогу сөздөр алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, дайыма модалдык мааниде гана колдонулат; сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу мүчөлөр менен грамматикалык жактан байланышпайт, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин да аткара албайт; көбүнчө бүткүл сүйлөмгө, кээде гана анын тутумундагы айрым сөзгө тиешелүү болуп айтылат: Быйыл, балким, айыл чарба ишине барбаспыз. Алым бүгүн сөзсүз келет.

2) Керек, чамасы, сыягы, ырас, макул ж.б. дегендер модалдык мааниде колдонулган учурда гана мүчө менен өзгөрбөйт, Ал эми өзүлөрүнүн толук лексикалык маанисинде келгенде, аягына ар түрдүү мүчөлөр жалганып, грамматикалык жактан сүйлөм ичиндеги башка сөздөр менен байланышта айтылып берет: бир керекке жаратам; анын чамасын байкадым; китепти алган сыягың бар; көргөндүгүн ырастады; бул сөзүңө макулмун.

3) Тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, шекилдүү, имиш, мейли дегендер модалдык мааниде келгенде да мүчөлөп өзгөрө берет: чогулушка барууга тийишпиз; кечиккен окшойм; алган өңдөнөсүң; көргөн сыяктуусуң; китепти мен алган имишмин, келсең мейлиң.

Модалдык сөздөрдүн синтаксистик белгилери да ар түрдүү. Көпчүлүк модалдык сөздөр, модалдык сөз айкаштары, маанисн боюнча бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат. Ошол себептүү анын сүйлөм ичинде алган орду эркин: көбүнчө сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында келип айтыла берет: Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты (Ч.А.). Бирок, бактыга жараша, апам бул жолу көзүнөн тарууда жаш чыгарган жок (Ч.А.). Кара жанынын кайын көрүп кетер, балким (К.О.).

Кээ бир модаль сөздөр сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнө (баяндоочуна) тиешелүү болуп айтылат: Андай болгондо сөзсүз өлмөксүң (К.О.). Мүмкүн келип калар.

Модалдык сөздөрдүн синтаксистик функциясы да бирдей эмес, ар түрдүү,

I) Көпчүлүк модалдык сөздөр жана модалдык сөз айкаштары сүйлөм ичинде синтаксистик жагынан киринди сөздүн милдетин аткарат. Мындай модалдык сөздөр көбүнчө сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен грамматикалык жактан байланышпайт, оозеки кепте алардан кыска тыныш (пауза) аркылуу бөлүнүп турат; жазууда сүйлөм ичинде алган ордуна карай өзүнөн кийин, мурун, же эки жагынан үтүр менен ажыратылат: Ырас, токтоолук ар качан керек (К.Ж.). Азыркы айыл шарты да, чындыгында, ушуну каалайт (Т.С.). Туура деп ойлойм, албетте (Н.Б.).

Бир катар модалдык сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнөн же сүйлөмдүн жалпы тизмегинен тыным аркылуу бөлүнбөй, тескерисинче, алар

менен бир ыргакта айтылат. Ошондуктан мындай учурда алар жазууда үтүр менен ажыратылбайт, бирок баары бир сүйлөм тизмегинде киринди сөздүк функцияны аткарат: Сенин атың сөзсүз чыгат (К.Ж.). Шексиз келет - деп, Алым Анарханга салтанаттуу карады (К.Ж.). Албетте ыйлашат! (К.Ж.). Куру дегенде жарым кило конфет да ала келбептир. Жаш балдар менен эч жакка чыга албайм. Жадаганда карыш турган дүкөнгө да бара албайм.

Бирок модалдык сөздөр менен киринди сөздөрдү бирдей карроого болбойт. Модалдык сөздөр - булар составынан өзүлөрү бөлүнүп чыккан сөз түркүмдөрү менен байланышы үзүлгөн же солгундап калган жана алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, абстракцияланган лексико-грамматикалык маанига ээ болгон сөздөрдүн тобу; модалдык сөздөр - морфологиялык категория, көмөкчү сөз түркүмүнүн бир түрү. Киринди сөздөр болсо синтаксистик категорияга жатат, ошондуктан алардын милдетин жалаң гана модалдык сөздөр аткарбастан, айрым толук маанилүү сөздөр жана сөз айкаштары да киринди сөздүк функцияда колдонула берет. Демек, киринди сөздөр модалдык сөздөргө караганда сан жагынан бир кыйла кеңири болот. Минтип, айрым толук маанилүү сөздөр же сөз айкаштары киринди сөз катары келгенде, алар сүйлөмдүн тутумуна кошумча иретинде киргизилип, грамматикалык жактан сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен байланышпай, тыныш аркылуу алардан бөлүнүп айтылат. Бирок мааниси боюнча сүйлөмдүн жалпы мазмуну менен тыгыз байланышта болуп, ага ар түрдүү кошумча маани берип турат: Ашымдын айтканына караганда, Омордун айтуусу боюнча, өзүнөргө тиешелүү, өзүнөргө белгилүү, менин бай — коом боюнча ж.б. Самансурдун айтуусуна караганда, институтта эстүү, жөндөмдүү балдар окушат окшойт (Ч.А.).(Сөз болуп жаткан ойдун кимге тиешелүүлүгүн билдирип турат). Өзүнөргө маалым, ал аскерден бошоп, айылга келген ("СК") (болгон ишти

кайрадан эске түшүрүү маанисин түюндуруу). Чаргын байкем айткандай, бул тегерек тентек дүйнө ушундай тура (Т.С.). Булар модалдык сөз айкаштары сыяктанып, грамматикалашып, абстракцияланган маанини билдирбейт. Тескерисинче, алардын ар бир компонентине өзүнүн түпкү лексикалык мааниси жана тигил же бул сөз түркүмүнө тиешелүүлүгүн сакталып турат. Ушуну менен бирге, модалдык сөздөр менен киринди сөздөр негизинен "сүйлөөчүнүн айтылып жаткан ойго карата болгон мамилесин билдирүү" мааниси боюнча бири-бирине жакын болгондуктан айрым учурларда аларды бири-бирinen так ажыратуу иши бир топ кыйынчылыктарды туудурарын танууга болбойт.

2) Керек, тийиш, ыктымал, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, шекилдүү, имиш, дейм, кээде мүмкүн ж.б. деген сыяктуу модалдык сөздөр киринди сөздүк милдетти аткарбайт, сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнөн тыным аркылуу бөлүнүп айтылбайт, тескерисинче, дайыма татаал баяндоочтун составында айтылат: Эгер мындай кылбасам, кийин айыбым чыгып калууга мүмкүн (К.Ж.). Жегеним жок, башка бирөө жеген чыгар (К.Б.). Кийин сүрүштүрүп келсек, аны дагы Каныбек өлтүргөн көрүнөт (К.Ж.). Дал ушул үй болууга тийиш ("СК").

3) Айрым модалдык сөздөрдүн синтаксистик дагы бир өзгөчөлүгү: алар диалог иретинде айтылган сүйлөмдөрдө берилген суроого жооп катары айтылат да, өзүнөн мурунку сүйлөм менен байланыштуу алганда, сөз-сүйлөм катары келип, белгилүү бир ойду түшүндүрүп, сүйлөмдүк маанiге ээ болот. Мааниси боюнча модалдуулук маанини түюндурат. Көбүнчө бекемдөө, тануу, жокко чыгаруу, макул болуу, болжолдоо, күмөндөнүү маанисиндеги (албетте, мүмкүн, сөзсүз, шексиз, ырас, жок ж.б.) модалдык сөздөр сөз сүйлөм функциясында келет:
– Ушунун баарын жаңы жасадыңарбы? – Албетте (Н.Б.). – Эми келе жатасыңбы? – Ооба (Н.Б.) – Аткарыша ала турганбы? – Сөзсүз (Н.Б.).

– Тоого кеткендерден кабар алдыңарбы? – Жок (Н.Б.). – Курманды кайсы жерге елтүрүштү? Көрсөтүңүзчү мага? Макул, балам, макул (К.Б.).

Модалдык сөздөрдүн түюндурган маанилери

Модалдык сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын түюндурган мааниси өтө бай жана ар түрдүн Алар маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай бир нече семантикалык топторго бөлүнөт.

I. Айтылуучу ойго бекемдөө, ырастоо, чыңдоо; чечкиндүүлүк жана ынандыруу маанисин берүүчүлөр: албетте, арийне, чындыгында, чынында, ырас, сөзсүз, шексиз; ишенип кой.

Албетте, арийне. Бул экөө маанилеш. Биринчиси араб тилинен, экинчиси иран тилинен оошуп кирген. Экөө тең айтылып жаткан ойду бекемдөө маанисинде колдонулат: Албетте, Айнагүл азыр эле кошо бара коём деген жок (Ч.А.). Арийне, андай болбогондур (Ч.А.). Мен андан салам күткөнүм жок, албетте (А.Т.).

Чындыгында, чынында, чынында эле, чындыгында эле. Булар модалдык маниде колдонулганда, айтылган ойдун чындыгын, анык экендигин бекемдеп көрсөтөт: Чындыгында, Павелдин сөзүнө кошумчалоого сөз таппадым (К.Ж.). Чындыгында, Алым мындай түш көргөн эмес (К.Ж.). Чынында да анын майрамы чоң эле (Ч.А.).

Кээде ушул эле сөз сүйлөм ичинде өзүнүн түпкү заттык маанисинде колдонулуп калат. Мындай учурда ал эмнелигинде? деген суроого жооп берип, толуктоочтук милдетти аткарат: Бул шум кабардын чындыгында эч бир шек жок эле (К.Ж.).

Айтылып жаткан ойдун ырастыгын бекемдөө, ошол ойго ишендирүү мааниси чынын айтканда, чынын айтсам, ырасын айтканда, ачыгын айтканда деген модалдык сөз айкаштары аркылуу да берилет: Бул иш, чынын айтканда, далай күч-кубатты алды. Ырасын айтсам, иниче, жаратың начар (К.Б.). Ачыгын айтканда, сиздин пикириниз мага көптөн бери белгилүү болгон (Т.К.).

Ырас - иран тилинен кирген сөз. Модалдык мааниде колдонулганда, айтылып жаткан ойдун тууралыгын, аныктыгын ырастайт, бекемдейт: Ырас, журт эми далай оордуктарды тартар (Т.С.). Ырас, андай ишке чородой гана азамат чыдамак (Ч.А.).

Айрым учурда бул сөз өзүнүн толук лексикалык (тактоочтук) маанисинде колдонулуп калат. Андай учурда сүйлөмдүн тиги же бул мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Эгер көрсөң да башка чолокту көргөндурсун, дал мендей чолокту көрбөгөндугүң ырас (К.Ж.). Анын келгени ырас болду. Ал ырас жигит экен.

Сөзсүз, шексиз (сөз+сыз, шек+сыз). Экөө өз ара маанилеш сөздөр. Айтылуучу ойго бекемдөө, ырастоо маанисин берет: Кол коюлган вексель боюнча сөзсүз төлөөнөр тийиш (К.Б.). Ал сөзсүз ушунетип айтат (Т.С.). Анда шексиз колго түшөм ("СК").

Кээде бул модалдык сөздөр толук лексикалык маанисинде колдонулуп калат. Мындай учурда алар сүйлөм мүчесүнүн милдетин аткара беришет: Анда шордуу Ашырдын кейпин киерибиз шексиз ("ЖЛ"). Дагы талаш-тартыш болору сезсүз. Бул сүйлөмдөрдө "шек жок" деген толук мааниде келишип, баяндоочтук милдетти аткарып турушат.

Ишенип кой - модалдык сез айкашы. Бул айкаш модалдык маанида колдонулганда, айтылып жаткан ойго ынандыруу, чечкиндүүлүк мүнөз жана ырастоо маанисин берет: Ишенип кой, ал мындай жамандык ойго барбайт. Быйыл план ашыгы менен аткарылат, ишенип коюңуз. Ишенип кой, Султан антип айткан эмес.

2. Айтылуучу ойго күмөндүүлүк, болжолдоо маанисин берүүчү модалдык сездер: балким, чамасы, болжолу, калыбы, сыягы, кыязы, чагымда, мүмкүн, ыктымал // этимал, керек, тийиш, керунет, чыгар, окшойт, енденет, сыяктуу, шекилдүү, имиш; ким билет // ким билсин.

Балким - араб тилинен оошуп кирген сөз. Айтылуучу ойго болжолдоо маанисин берет: Балким, адатынча мени ушактаган чыгар (К.Ж.). Чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, калыбы, чагымда. Булар модалдык сөз маанисинде колдонулганда, өзүлөрүнүн алгачкы заттык маанисинен алыстап, сүйлөмгө болжолдоо, жоромолдоо маанисин берет. Адатта, бул модалдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдүн баяндоочунун тутумунда болжолдоо маанисиндеги экинчи бир модаль сөз же бөлүкчө кошулуп айтылат: Чамасы, бир жакшы ишке тууса керек ("Чалкан"). Айылдан, болжолу, үч километрдей узадык (К.К.). Сыягы, сиздин элден болсо керек (К.Б.). Кыязы, уулу Эркинбек бүгүн үйгө келген өндүү ("Ала-Тоо"). Калыбы, атага аблан жаккан окшойт (К.К.). Чагымда, алардын айласы кетип турат көрүнөт (К.Ж.).

Кээде бул модалдык сөздөр өздөрүнүн түпкү заттык маанисинде да колдонулуп калат. Бул учурда алар конкреттүү суроого жооп берип, сүйлөмдүн ар кандай мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Чепкендин бүчүлүгүн чечип тууруга Татыбектин чамасы келген жок (Н.Б.). Мында чамасы - "күчү" деген заттык мааниде келип, ээлик милдетти аткарды. Алардын келер болжолу болду. Бул жерде болжолу- "убагы" деген заттык мааниде келип, ээлик милдетти аткарып турат. Эрке кыз, жылмайган калыбын жазбай, кеп салды (Н.Б.). Мында калыбын - "түрүн" деген заттык мааниде келип, толуктоочтук милдетти аткарды. Пенделен башка сыягы (фольк.). Иштин кыязы ушундай Бул жерде сыягы - "сырткы көрүнүшү", "сырткы түрү" деген маанide, кыязы - "абалы", "ал жайы" деген заттык мааниде келип, ээлик милдетти аткарып турат. Эми келдим көргөнү элүүдөн ашкан чагымда (Калык). Мында чагымда деген сөз "кезимде", "убагымда" деген мезгилдик маанини туюндуруп турат.

Мүмкүн - араб тилинен кирген сөз. Айтылуучу ойго божомолдоо маанисин берет. Бул сөз катышкан сүйлөмдөрдүн баяндоочу кө-

бүнчө арсар келер чакта болот, же баяндоочтон кийин күдүктүк маанисиндеги - дыр мүчөсү жалганат, же болбосо күмөндүүлүк маанисиндеги модалдык сөз кошулуп айтылат: Мүмкүн, ал кишинин аты башкадыр (А.Т.) Мүмкүн, алар башкача ойлошор ("Л.Ж"). Мүмкүн, менин кемчилигим табылар (А.Т.). Бул модалдык сөз кээде кандайдыр бир иштин болушу, аткарылышы мүмкүн экендигин билдирет. Мындай учурда ал сүйлөмдүн кыймыл атоочтон турган баяндоочу менен айкашып айтылат: Күн ачык болсо, ал бүгүн жөнөп кетиши мүмкүн, Балким, шартка жараша барбай калышыбыз мүмкүн (Н.Б.) Эгер мындай кылбасам, айыбым чыгып калууга мүмкүн (К.Ж.).

Айтылып жаткан ойго болжолдоо маанисин берүү болду- болбоду, болжол менен алганда ///болжол менен деген сыяктуу модалдык сөз айкаштарына да мүнөздүү: Болду - болбоду, бул иш басмачылардын колунан келди (К.Ж.). Колхозубуздун, болжол менен, он миңге кою бар.

Ыктымал, араб тилинен кирген сөз, этимал кандайдыр бир иштин болушу мүмкүн экендигин билдирет. Ушул мааниси боюнча мүмкүн модалдык сөзүнүн экинчи мааниси менен синонимдеш келет, бирок ал сыяктанып, божомолдоо маанисин бере албайт. Бул ар сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнөн обочолонуп айтылыа, кириндги сөз катары колдонулбайт, татаал баяндоочтун тутумунда гана келет: Сиз барыңыз, башкабыз барсак, осол кылып коюшу ыктымал (К.Ж.). Алар мени өлтүрүп коюшу да ыктымал (К.Ж.). Койлорду тойгузбастан короого эрте айдап келип калышы да этимал.

Керек. Модаль сөз маанисинде колдонулганда, өзүнүн лексикалык маанисинен толук алыстап,

I) айтылып жаткан ойдун аткарылышынын зарылдыгын туюндурат. Мындай учурда сүйлөм келечекте боло турган иш тууралуу кабар берет да, керек модалдык сөзү баяндоочтук милдеттеги кыймыл атооч менен айкашып айтылат: Бирок, айла барбы, күтүш керек

(Ч.А.). Майданга белек уюштуруу керек (Т.С.). Ар бир колхоздо маданий-агартуу мекемелеринин тармагын кеңейтүү керек ("СК").

2) Эгерде сүйлөм өткөн же үстүбүздөгү учурда болуп жаткан иш жөнүндө кабар берсе, кыймыл атооч менен айкашып айтылган керек модалдык сөзү сүйлөмгө болжолдоо маанисин берип калат: Алардын арасында Корчу ууру дагы болуу керек (К.Ж.). Текенин терисин жамынганына караганда, кайберен ата болуш керек (К.Ж.). Малчылар кечээ эле көчүп келген болуш керек.

Керек модалдык сөзү божомолдоо маанисинде колдонулганда, көбүнчө шарттуу ыңгай менен айкашып айтылат: Комуз чертип бер деп чакырса керек (К.Ж.). Мен анда жыйырмада болсом керек (А.Т.). Алар эң эле жакын, жыйырма кадамдан алыс болбосо керек (А.Т.).

Керек модаль сөзүнөн кийин кээде айрым мүчөлөр жалганып айтылат берет: Үйлөнүш керекпи же жокпу? (К.Ж.). Балким, магнитофонду да алпарыш керектир.

Кээде керек модаль сөзү өзүнүн лексикалык толук маанисинде колдонулуп калат. Мындай учурда ал сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Окуу ар бир адамга керек (Т.С.). (баяндооч). Бул тактайды катып кой, кийинчерээк бир керекке жарайт (толуктооч). Керек нерсенин баарын ала чык (Н.Б.) (аныктооч).

Бул модалдык сөз өзүнүн толук маанисинде колдонулганда, ага сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу мүчөлөр улана берет: керекте, керектүү, керектөөчү, керексиң, керегиң тиет.

Тийиш (тий+иш). Бул модалдык сөз дайыма барыш жөндөмөдөгү кыймыл атоочтон кийин келип, татаал баяндоочтун составында тиешелүү жак мүчө уланып айтыла берет. Мааниси боюнча I) милдеттүүлүк маанисин билдирет: Муну дайыма эсте тутууга тийишпиз. Ал Каныбектин дайын билүүгө тийиш (К.Ж.). Муну бардыгыбыз талап кылууга тийишпиз (М.Абд.).

2) Болжолдоо маанисин берет. Мындай учурда тийиш модалдык сөзү -ган формасындагы атоочтуктан кийин келген барыш жөндөмөсүндөгү болууга деген (кээде болуу түрүндөгү) кыймыл-аракет атооч менен айкашып айтылат: Ал дагы эле айылдык мектепте иштеп жүргөн болууга тийиш. Султан азыр гимназияда окуп жүргөн болууга тийиш.

Тийиш модалдык сөзүн ушундай эле формадагы тийиш (тий+иш) кош мамиле этиши менен чатыштырбоо керек. Тийиш кош мамиле этиши тийиш модалдык сөзүнөн айырмаланып, айтылган ойго милдеттүүлүк, болжолдоо маанисин бербейт; "бири-бирине тийүү", "бирөөгө тийиштик" стулдар бири-бирине тийишип турат. Бирөөгө тийишкенин койбойт. Экинчи жагынан, модаль сөз тийиш сыяктанып, барыш жөндөмөдөгү кыймыл атооч менен айкашып айтылбайт жана ага этиштин ар кандай категориясынын мүчөлөрү жалганып берет: тийишем, тийишти, тийишсин, тийишкен, тийишкиле ж.б. Бул касиеттер тийиш модалдык сөзүнө мүнөздүү эмес, ага жак мүчө гана уланып айтылышы мүмкүн: Сен азыр жөнөөгө тийишсиң.

Көрүнөт (көрүн+ө-т). Бул этиштик модаль сөз. Өзүнүн этиштик маанисинен алыстап, модалдык мааниде колдонулганда, айтылып жаткан ойго божомолдоо маанисин берет. Бул учурда ал атооч сөз менен же этиш менен айкашып, татаал баяндоочтун составында айтылат, өзүнөн кийин тиешелүү жак мүчө улана берет: Биз эңсеп жолукканы келаткан кишибиз үшүл көрүнөт. Жаным, сен оорудан абдан айыктың көрүнөт (К.Ж.). Уулум, эл камын ойлогон азамат көрүнөсүң (А.Т.).

Кээде бул модалдык сөз өзүнүн этиштик маанисинде колдонулат. Мындай учурда ал жогорудагыдай татаал баяндоочтун тутумунда айтылбастан, өзү эле сүйлөмдүн ээси менен байланышып, анын кыймыл-аракетин көрсөтүп, баяндоочтук милдетти аткарат: Жаңы салынган мектеп аппак болуп алыстан эле көрүнөт ("Ала-тоо"). Түүлап өскөн

айылы көзүнө өтө эле жылуу көрүнөт.

Окшойт (окшо+й+т) - этиштик модаль сөз. Модалдык мааниде колдонулганда, лексикалык маанисинен обочолонуп, айтылган ойго божомолдоо маанисин берет. Мындай учурда ал атооч сөз менен же этиш менен айкашып, татаал баяндоочтун тутумунда айтылат, аягына тиешелүү жак мүчө жалгана берет: Жок, мен күнөкөр болдум окшойм (А.Т.). Карыя, сөз казынасынын капкагын эми ачтыңыз окшойт (А.Т.). Ичиң толгон арам окшойт (Н.Б.). Кээде бул модалдык сөз өзүнүн толук лексикалык маанисинде колдонулуп калат. Бул учурда ал сүйлөмгө болжолдоо маанисин бербестен, "небетелеш болуу", "окшош болуу" деген этиштик маанисинде колдонулуп, сүйлөм ичинде баяндоочтук милдетти аткарат: Келе жаткан киши Асанга окшойт. Алыстан жайылып жүргөн малга окшойт.

Өндөнөт (өң+ла+н+а+т) - этиштик модаль сөз. Бул мааниде колдонулганда атооч жөндөмөдөгү сөз менен же этиш менен айкашып, татаал баяндоочтун бир компоненти катары келет да, айтылып жаткан ой-пикирге божомолдоо маанисин берет; тиешелүү жакта айтыла берет: Ал Болотту сыйлады өндөнөт, унчукпай калды (Н.Б.). Ал учурда толкундады өндөнөт... үнү каргылданып, өзү кызарып кет ти (Н.Б.). Тиги алыстан көрүнгөн караан үймөк өндөнөт. Айрым учурда бул модалдык сөз "өндүү" формасында да колдонулат: Кыязы, уулу Эркинбек бүгүн үйгө келген өндүү ("Ала-Тоо").

Өндөнөт модалдык сөзү кээде толук лексикалык маанисинде колдонулуп калат. Бул учурда ал "окшошот" же "өңүнө келет" деген сыяктуу этиштик маанини туюндурат: Кебетесине карасаң тим эле алп өндөнөт ("алпка окшойт" деген мааниде). Эки - үч күндө кадимкидей өндөнөт ("өңүнө кирет" деген мааниде - этиш).

Чыгар (чык+ар). Бул да этиштик модаль сөз. Модалдык мааниде

колдонулганда өзүнүн этиштик маанисинен биротоло четтеп, айтылган ойго болжолдоо маанисин берет. Дайыма этиш, кээде атооч сөз менен айкашып, татаал баяндоочтун тутумунда айтылат. Айрым учурда өзүнөн кийин жак мүчө жалганат: Уратдеп коркуп качып жүргөн чыгар (К.Б.). - Жегеним жок, башка бирөө жеген чыгар (К.Б.). Иштин жайы Каныбек экөөнө маалым чыгар (К.Ж.). Балким силер дагы ошол жакка кеткен чыгарсыңар! (Ч.А.).

Кээде чыгар өзүнүн толук лексикалык маанисинде колдонулат. Мындай учурда ал арсар келер чактагы кыймыл-аракетти билдирип, этиштик мааниде келет: Дарбазасын такылдат, бирөө чыгар. Окуучулардын арасынан экскурсияга барууну каалагандар көп эле чыгар.

Сыяктуу (сыяк-"сырткы көрүнүш" деген маанидеги зат атооч+луу), шекилдүү (шекил-араб тилинен кирген, "сырткы түр" деген маанидеги зат атооч+луу). Экөө бири-бири менен маанилеш. Модалдык сөз катары келгенде божомолдоо маанисин берет. Бул учурда -ган формасындагы атоочтук же атооч сөз менен айкашып келип, татаал баяндоочтун тутумунда айтылат, тиешелүү жак мүчө улана берет: Түлкүбекке кошомат кылып келип учурашкандардын аягы бүгүн селдеп калган сыяктуу (К.Ж.). Мында келгенден бери кыяк, сурнай тарттырып тамаша салуу адат болгон сыяктуу (К.Ж.). Боюнда бүткөн келбетине караганда бай шекилдүү (К.Ж.).

Кээде бул сөздөр жандоочтук мааниде да колдонулат. Мындай учурда алар божомолдоо маанисин бербестен, салыштыруу, окшоштуруу маанисин билдирет; алды жагындагы -ган формасындагы атоочтук же атооч сөз менен айкашып келип, аны өзүнөн кийинки сөз менен байланыштырат. Алдындагы айкашкан сөзү менен биригикте туруп, сүйлөмдүн ар кандай мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Бул суроо бардык элге табышмак сыяктуу сезилет (К.Ж.)(бышыктооч). Жылдызкан суу сугарып жүрүп ушул сыяктуу ойлорго далай жолу баткан (Н.Б.). Алачык ичи караңгы көр сыяктуу (К.Ж.). (баяндооч).

Имиш (ер - "болуу" маанисиндеги байыркы этиш +мыш - атоочтуктун байыркы мүчөсү: канда ер-диң (Мамуд Кашгарскийдин сөздүгүнөн) - кайда болдуң?). Бул модалдык сөз ой-пикирдин кимдир бирөө тарабынан айтылгандыгын билдирет, бирок анын анчалык так эместигин, күмөндүү, болжолдуу экендигин туюндурат. Дайыма этиш же атооч менен айкашып, татаал баяндоочтун составында айтылат, жак мүчөсүн кабыл ала берет: Өткөн күнү Алыбай старчындын бир тайы жоголгон имиш (К.Ж.). Бул Атайдын алдачы чакырган обону имиш (К.К.)

Айрым учурда айтылып жаткан ойго кекээрдөө, келе-келөө, мыскылдоо маанисин да берет: Өзү эле бүтүрө коет имиш!... Көрөбүз го бүтүргөнүн!.. Дарааты жок имиш!... Сасыздын жанасаны акысына бирдеме койсоңор, дарааты жок болсо да, келип окуйт эле (К.Ж.),

Кээде бул модалдык сөз зат атоочтук мааниде колдонулуп, "дейт-дейт деген кабар", "каңшаар сөз" деген сыяктуу түшүнүктү билдирет. Мындай учурда ал зат атоочтун суроосуна жооп берип, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара берет: Анын үстүнө жакында гана жүз мылтыкты ок-дарысы менен Каныбек Кашкардан алып келиптир деген имиш бар (К.Ж.). Мына ушундай сүйүнүчтүү имиш сөздөр эл арасына тарады (Ч.А.).

Имиш өзүнүн алдындагы айкашкан сөзү менен бир басымга бириигип айтылып, анын негизги болгон и (е) кыскарып, миш бөлүгүнүн бөлүкчөгө айланып кеткен учурлары да кездешет: баратмиш, келетмиш ("Бөлүкчөлөр" деген теманы караңыз).

Б Бейм (де+й+м). Бул модалдык сөз I) го бөлүкчөсүнөн, арсар келер чактан, чыгар модаль сөзүнөн же суроолуу - бы мүчөсүнөн кийин келип, сүйлөмгө болжолдоо - суроо маанисин берет: Колхоз күздүн эгинди айдап бүткөн го дейм? Шаарга кеткендер бүгүн келип калышар дейм. Силердин бригада да кошумча милдеттенме алган чыгар дейм? Ударниктердин слетуна катышкандар келишкенби дейм?

(2) Дейм этиштин шарттуу ыңгайынан кийин келгенде, сүйлөөчүнүн каалаган оюн жана ал ойду экинчи бирөөгө сунуш кылуу маанисин берет:

Бүгүн айылга кайтсак дейм. Эшикке салкын абага чыгып келсек дейм. Быйыл арендага жер алсам дейм.

3) Сүйлөмдө айтылган ойдун иш жүзүнө ашарын күнөмдүү кылып көрсөтөт. Бул учурда ал дейсиң формасында колдонулуп, тутумунда сурама ат атооч бар сүйлөмдүн тизмесинде айтылат: Анын колунан эмне иш келер дейсиң, Ушул жерден канча түшүм алат дейсиң: суу кемчил турбайбы?

Дейм айрым учурда өзүнүн де (айт) деген этиштик маанисинде да колдонулуп калат:

- Ой, алар кечээ эле кетип калышыптыр дейм!

Ким билет // ким билсин . Бул - модалдык сөз айкашы. Модалдык мааниде колдонулганда өзүнө тиешелүү болгон бир нерсе жөнүндө суроо маанисинен биротоло алыстап, айтылып жаткан ойго күмөндөнүү маанисин берет, анын жүзөгө ашышына көз жетпегендикти билдирет. Бул модалдык сөз айкашы катышкан сүйлөмдүн баяндоочу дайыма арсар келер чактагы этиштен болот жана сүйлөм тизмегине көбүнчө болжолдоо маанисиндеги балким модалдык сөзү катышып айтылат: Кайран күндөр бекер кеткен экен деп, ойлоп-ойлоп өкүнөрсүң, ким билет (А.Осмонов).

Ким билет, балким, ал эртең эле келип калар.

Ким билсин, клубдун курулушу, балким, быйыл эле бүтүп калар.

Буга чейин белгиленгендей, кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн көпчүлүгү айтылуучу ойго бекемдөө, ырастоо жана күмөндүүлүк, божомолдоо маанисин берет. Ушуну менен бирге, бир катар модалдык сөздөр жана модалдык сөз айкаштары дагы төмөнкүдөй модалдык маанилерди туюндурат:

Ооба модалдык сөзү айтылып жаткан ойду же бирөө тарабынан айтылган пикирди, фактының чындыгын бекемдейт, ырастайт. Дайыма сүйлөмдүн башында келет (кээде сөз - сүйлөм катары колдонулат). Өзүнөн кийинки сөздөн кыска тыныш аркылуу белүнүп айтылгандыктан; сүйлөмдүн башка мүчелөрү менен грамматикалык жактан байланышпагандыктан, үтүр менен ажыратылып жазылат: Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында айыл жатат, эл жатат (Ч.А.). -Жыйналыш болот бекен? -Ооба, болот экен (Н.Б.). -Дагы эле өкүрө беришеби? - Ооба, өкүрө беришет (К.Ж.). -Жайлоонун чөбү бышып калыптырбы? - Ооба (Н.Б.).

Бар модалдык сөзү баяндоочтук функцияда келип, чындыктагы кандайдыр бир заттын, көрүнүштүн бар экендиги тууралу кабар берет: Эркектен менден кичүү бир иним бар (Т.С.). Сизде бир аз жумушум бар (Р.Шук.). Каныбектин элүү көздүү үч тузагы бар (К.Ж.).

Суроо-жооп иретинде айтылган сүйлөмдөрдө сөз - сүйлөм катары да колдонулуп калат. Бул модалдык сөздөн кийин тиешелүү жак мүчө жалгана берет:

- Алым, сенде Ч.Айтматовдун чыгармаларынан барбы?

- Бар. - Керим, үйдө барсыңбы? -Бармын.

Кээде бар модалдык сөзү субстантивдешип, зат атоочтук мааниде колдонулуп калат: Ырысы бардын ити чеп жейт (макал) ("ырыстуу кишинин" деген мааниде). Бардын малын чачты, жоктун абийирин ачты (макал) ("байдын", "сокаттуу кишинин" деген мааниде).

Жок модалдык сөзү бир нерсенин жоктугун билдирет, ошондой эле тануу, макул эместик, жокко чыгаруу маанисин берет.

Бул модалдык сөз сүйлөмдүн башында колдонулганда, ал сүйлөмдөгү терс маанини баса белгилеп көрсөтөт же мурунку сүйлөм-

де айтылган ойду жокко чыгарып, андай эместигин туюндурат, сүйлөмдүн этиштик баяндоочу дайыма терс формада айтылат: Жок, бул бойдон жеңилип калууга болбойт (Ч.А.). Жок, мен али көнүлдөгүнү табалекмин, иштин баары алдыда (Ч.А.).

- Жолдон чыгып кеттик көрүнөт. - Жок, чыккан жокпуз (К.Ж.).

- Тиги биздин чабдар ат го? - Жок, биздин жээрде ат көрүнөт. (К.Ж.).

Ушуну менен бирге, бул модалдык сөз кандайдыр бир нерсенин жоктугун, тиги же бул иштин болбогондугун туюндурат. Мындай учурда ал сүйлөмдүн баяндоочу катарында келет же баяндоочтун тутумунда айтылат; тиешелүү жак муче калгана берет:

Ал жөнүндө Каныбектин эч кандай кабары жок (К.Ж.).
Бирок Каныбек ал жерде адамдар отурганын сезген жок (К.Ж.).
Мен малчылардын кеңешмесине катышкан жокмун.

Кээде бул модалдык сөз сөз - сүйлөмдүн маанисинде да колдонулуп калат: - Уктадыңбы, кагылайын берекем? - Жок (Н.Б.)
- Тоого кеткендерден кабар алдыңбы? - Жок ("ЛЖ").

Кээде жок модалдык сөзү субстантивдешип, зат атоочтук мааниде да колдонулат: Жок издеп жүрөм ("жоголгон нерсе" деген мааниде). Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет (Макал) ("жокчулук" деген мааниде). Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу (Макал) ("кедейдин, кембагалдын" деген мааниде).

Кана, кана эмесе модалдык мааниде колдонулганда, өзүнүн сурама ат атоочтук маанисинен биротоло алыстап, бир нерсени иштөөгө чакыруу, көнүлүн буруу, бир нерсени аткарууга түрткүлөө маанисин берет: - Кана, Каныбек, менин чоорум менен тартып көрчү (К.Ж.). Кана, Чүкө, нанга, этке караңыз (К.Б.)
- Кана, Зуннахун бек, каалаган байгени алыңыз! (К.Ж.).
- Кана эмесе, ишке киришели! ("СК").

Эгерде кана сөзү суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу каражат катары пайдаланылса, анда ал өзүнүн сурама ат атоочтук маанисинде колдонулат: - Кадимки кайратың кана? (К.Ж.).
- Кана атамдын каты? (Ч.А.).

Мына, мынакей, ана - көрсөтүү маанисиндеги модалдык сөздөр. Булар чыгышы жагынан албетте, ошол эле шилтеме ат атоочтор менен байланыштуу. Ал эми модалдык сөздүк мааниде колдонулганда, аз да болсо бир нерсени көрсөтүү маанисин берип, угуучунун көңүлүн ошол айтылып жаткан ойго бурат: Мына, түштүк жакта думуреңуп тоо жатат (Н.Б.). Мынакей, колхозчулар шаңдана өстөн казып жатышат (Т.С.). Айдаган арпа, сулулар, мына, жайкалып калды (Н.Б.). Ана, жүрбөй калган жүктүү ат теңселип-ыргалып кала берди (Т.С.). Ана, Ормоштун үнү чыкты (Н.Б.).

Эгерде бул сөздөр конкреттүү бир затты көрсөтүү маанисинде колдонулса, анда алар шилтеме ат атоочтук маанини туюндуруп калат: Сенин берген белегиң мына (К.Ж.). Колхоздогу шайыр жаштар мынакей (Ж.Т.). - Ой, Мендирман башкарма, көптүн казынасына кошор менин энчим ана (Т.С.).

Мейли модалдык сөзү улуксат берүү, айтылып жаткан ой менен макул болуу маанисин берет, жак мүчө улана берет: -Мейлиң, барып иштеп кер, Нурбек (Ч.А.). Мейли, бир куурчак жүрө турсун (Т.С.). - Айланайын апа, мейли, сенин айтканың эле болсун (Ч.А.).

Айрым учурларда бул модалдык сөз болуп жаткан ишке кайдыгер, кош көңүл мамиле кылуу маанисин берет: Мейли, эмне десе, ошо десин (Ч.А.). Мейли, кетсе кете берсин. Бука болсо - мейли, сүтү болсо болду (Макал).

Кээде бул сөз татаал баяндоочтун составында да айтылышы мүмкүн: Асан кетсе мейли. Китепти алсаң мейлиң.

Макул – араб тилинен оошуп кирген сөз. Айтылып жаткан ой менен макул экендикти туюндурат:

– Кокус киши көрүнсө эле кыйкыргыла! –Макул, аке! – дешип экөө аттарга карай бастырышты (К.Ж.).

Макул, мен да Жапарга телефон урайын (К.Б.). Макул, китебиңди эртең келип берейин.

Бул модалдык сөз кээде баяндоочтук функцияда келет, бул учурда ага тиешелүү жак мүчөсү улана берет; айрым учурда татаал баяндоочтун тутумунда айтылат: Сенин айтканыңа макулмун. Бул айтылган сөзгө ал макул болду.

Демек, мисалы, керсе – булар алдыда айтылган ойду корутундулоо, бир ойдон экинчи ойго өтүү же бир ой менен экинчи ойду байланыштыруу маанисин берет. Мисалы: Быйыл жаз жаанчыл болду, демек, эгинден мол түшүм алабыз. Согушкан эгин айдабайт, демек, ал бардык адамдардын насибине кол салат, демек, ал бардык адамдардын душманы (Ч.А.).

Мындай учурда демек модалдык сөзү эки сүйлөмдү өз ара тутумдаштыруучу байламталык функциянын да аткарат.

Керсе, Майсалбегим аны мага таштап кеткен турбайбы! (Ч.А.). Керсе, бардык эле чыгарма турмуш талабына дайым эле жооп бере бербейт тура (Т.С.).

Быйыл колхозубуз эгиндин мол түшүмүн камсыз кылды. Мисалы, Ормоштун бригадасы бүудайдын ар бир гектарынан 60 центнерден түшүм алды. Мисалы, сенин эненди карачы, кермаралдай керилген кандай кыйын киши (К.Ект.).

Биринчиден, экинчиден, үчүнчүдөн ... модалдык сөздөрү саналып айтылуучу ойдун иретин билдирет: Биринчиден, жайыт кеңейип, экинчиден, ары бери айдалып мал убара болбойт (Н.Б.).

Тескерисинче - айтылуучу ойдун ортосундагы өз ара карама-каршылык маанини туюндурат:

Муну менен биз кандайдыр бир ийгиликке жетише албайбыз, тескерисинче, кеп нерсени уттурабыз ("СК"). Биз, тескерисинче, мурункудан да жигердүү эмгектенүүбүз керек ("СК").

Менимче // менин оюмча, биздин оюбузча деген сыяктуу модалдык сөздөр, модалдык сөз айкаштары сөз болуп жаткан ойдун кимге тиешелүүлүгүн, же кандайдыр бир иш кимдин айтуусу боюнча аткарылгандыгын билдирет: Менимче, ал киши экөөбүз жалпы тил табарбыз (Ч.А.). -Биздин оюбузча, Сансыздын карызын Карыпка төлөтүү керек (К.Ж.).

Бир катар модалдык сөздөр жана сөз айкаштары ойду түшүндүрүүнүн бир түрүнөн экинчи бир түрүнө өтүүну, айтылган ойду мурункудан башкача сүйлөмдүн жардамы менен тактап түшүндүрүүнү билдирет: башкача айтканда, тактап айтканда, мындайча айтканда ж.б.: Алар, башкача айтканда, кедейлерди эзгиси, аларды пайдаланғысы келет (К.Е.). Тагыраак айтканда, Кара-Суу шаарындагы автомашина айдоочу Маткеримовдун үйүн бутуруп бердик ("КТ"). Айганыштын турмушу эң жаман, мындайча айтканда, ээтке эле берсин (К.Е.).

Айрымдары жалпылоону, корутундулоону туюндурат: кыскасы, кыскача айтканда, бир сөз менен айтканда, айтор; жалпы айтканда, жалпы алганда, жыйынтыктап айтканда, корутундулап айтканда:

Кыскасы, эки күндөн кийин жолго чыга турган болдук (К.Ж.). Кыскасын айтканда, Алайдын кыргыздары көрсөткөн меймандостукту эч качан унута албайм (М.Абд.). Бир сөз менен айтканда, ал өндүрүштүн чыныгы командири ("СК"). Жалпы алганда, кош айдоонун жүрүшү жаман эмес ("СК").

Айтор деген модалдык сөз да "кыскасы", "эмнеси болсо да" деген маанини туюндурат, алдыда айрылган ойдон жалпыланган жыйынтык чыгаруу маанисин берет: Айтор, аппак курулуштуу татынакай кыштак жемиш багына төгөт (Т.С.). Айтор, менин акым күйүп кетпесе болду (К.Ж.).

Кээде бул модалдык сөз айтылган ойго кандайдыр бир белгисиздик, күмөндүүлүк маани берет: Айтор, Чаргын ордунан турду да, башкалардан мурда эшикке чыкты (Т.С.). Айтор, алар түн жарымына чейин укташкан жок, кобур-собур эле үн чыгып жатты. Бул сүйлөмдөрдө Чаргындын эмне үчүн эшикке чыккандыгы же тигилердин түн ортосуна уктабай эмне кылып жаткандыгы белгисиз, күмөндүү экендиги сезилип турат.

Алдыда айтылган ойдон жыйынтык чыгаруу, ал ойду кыскача кортундулоо, жыйынтыктоо мааниси андай болсо, ушинтип, ошентип деген модалдык маанидеги сөздөр аркылуу да берилет:

-Бирок Каныбектин өзүн иштетип аламын деп ойлобо, -деди да, Түлкүбек жантая кетти.

-Андай болсо, башкача бийлик кылыңыз, бек! - деп, Атабек өтө кичи пейилдик менен эпилдей баштады (К.Ж.).

-Андай болсо, атаңдын аттарын өзүң ал (Ч.А). Ушинтип, Нуртай бай бизди айлына жолотпой куубадыбы! (К.Б). Ошентип, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңгени турат.

Булардын ичинен ушинтип, ошентип дегендер кээде модалдык жыйынтыктоо, корутундулоо маанисин бербестен, өзүлөрүнүн толук маанисинде колдонулат калат. Мындай учурда алар сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара берет: Ал ошентип ойлойт экен, Ушинтип да иштейсиңби?

Алсак, айталы деген модалдык сөздөр алдыда айтылган ой

кийинки сүйлөмдө да улантылып, толукталарын туюндурат: Согуштун, эмгектин ардагерлери өндүрүштөн биротоло четтеп калышкан жок. Алсак, Турдубай ата эртели-кеч колхоздун ишине кол кабыш кылып жардамдашып турат ("СК").Шаардагы мекемелердин, ишканалардын коллективи менен райондогу колхоздордун ортосундагы иштиктүү байланыш жылдан-жылга кеңейүүдө. Айталы, Ош университетинин студенттери жылыга Ноокен районунун пахтачыларына жардам берип турушат.("КТ"). Айталы, кыз да сизге боруудан оолак эмес (М.Аб). Бирок бул сөздөр кээдеөзүнүн толук маанисинде , тактап айтканда, шарттуу жана калоо ыңгайдын маанисинде да колдонула берет: Эгинден мол түшүм алсак, план да ашыгы менен аткарылат. Бул сөздү башкаларга да айталы.

Ошондой эле, анын үстүнө деген модалдык сөз айкаштары алдыда айтылган ойго дагы кошумча иретинде айтыла турган ой бар экендигин билдирет:

Ошондой эле, буларды кайра иретке келтирүү да биздин милдетибиз (М.Аб). Анын үстүнө ал кишинин бизге кудалык жайы да бар эле (К.Ж). Анын үстүнө аны кооперативдин башчысы кылып да шайлап коюшту.

Айтмакчы, унутпасам, жаңылбасам, баса.Булардын ичинен алдынкы үчөө модалдык мааниде колдолунганда өзүнүн этиштик маанисин алыстап, болгон, боло турган иштин же болбосо айтылган же айтыла турган ойду кайрадан эске түшүрүү маанисин берет: Айтмакчы, Танабай, бир күнү көчөдө келатып, сенин тамыңа көзүм түштү (Ч.А.). Сиз менен, унутпасам, былтыр жайлооодон жолуксам керек эле. Самтыр, жаңылбасам, армиядан былтыр эле келген болуш керек эле. Баса модалдык сөзү кандайдыр бир себептер менен эстен чыгып, айтылбай турган болуп калган ойду чукулунан эске

түшүрүү маанисин берет: Баса, жумуштагы студенттер качан келет экен? Баса, аны шаардан алып кетүү жөнүндө жашыруун буйрук бар болучу (Т.К).

Айтпаса модал сөзү да кандайдыр бир ойду сүйлөдү чукулунан эске эске түшүрүп айта салгандыгын туюндурат: Айтпаса, Жолдош баягы ишти бүтүрүптүрбү?

Кокус модалдык сөзү болсо, кандайдыр бир иштин, фактынын күтүлбөгөн жерден боло калышы мүмкүн экендигин билдирет: Кокус, айылдагылар көрүп шек албасын (К.Ж). Кокус, Шаршелер да келип калбасын.

Айрым модалдык сөз айкаштары айтылып жаткан ойдун сандык өлчөмүн, деңгелин туюндурат: көп болсо // көп эле болсо, ашып кетсе // ашып эле кетсе, аз дегенде // аз эле дегенде. Мен бул жерде көп болсо беш күн болом. Салык меңден ашып кетсе эки жаш улуудур. Күздүк буудайды аз дегенде үч жолу сугаруу керек.

Бир катар модалдык сөз айкаштары айтылуучу ойго күчөтүү маанисин берет, айтылган ойду өзгөчө белгилеп көрсөтөт: эң болгондо эң эле болгондо, болбоду дегенде болбоду эле дегенде эң эле болбоду дегенде, жок дегенде, куру дегенде, жадаганда жадагалса, ал турсун, ал тургай, ал түгүл, алгана эмес.

Быйыл, эң болбогондо, үйдүн дубалын көтөрүп коелу. Буудайдын аргектарынан, болбоду дегенде,40 центнерден түшүм алабыз. Жок дегенде, кабарын айтса болмок экен. Куру дегенде, баласын өңөрүп алса (Н.Б.). Жадаганда, дарбазасы да темирден (А.Т) Ал турсун, Тургунбайцы да билем ("КТ"). Ал тургай, Аскар кулагына чейин кызара түштү (Т.С). Ал турмак, ушуга окшогон сөздөрдү пагы айтышын эңседи (Н.Б). Тууганбай, ал түгүл, айылдаш туугандары менен да жакшы катышчу эмес. Осмон, ал гана эмес,

комузда да жакшы ойнойт.

Айрым модалдык сөздөр, сөз айкаштары тигил же бул жыйынтыкка айласыздан келгендикти, андай ой-пикир менен амалсыздан макул болгондукту туюндурат: кантебиз, кантейин, кантесиң, кантмек элек, кантмек элең, амал канча, эмне кылабыз, эмне кыласың, эмне кылмак элек.

Кантебиз, тагдырдын жазганына көнөбүз да! ... (К.Ж). Кантет элек, аштын чыгымын эптеп төлөйбүз да ... (К.Ж). Эмне кылабыз, колдон келген кошумчабызды беребиз да, агайынчылыктан чыгып калмак белек. Айла канча, базар деген ушул тура деп, амалсыздан макул болосуң ("КТ").

Баары бир деген модалдык сөз айкашы айтылып жаткан ойго чечкиндүүлүк маанисин берет: Күн алай-дүлөй болуп жаап турат. Бирок, баары бир, жолго чыгабыз ! Каражат маселеси кыйын болсо да, баары бир, экспедицияны уюштурабыз.

Кээде сөз болуп жаткан иштин аткарылышына кайдыгерлик, көңүл коштукмамилени билдирет: Бул иш бүтөбү, бүтпөйбү-мага баари бир.

Айрым модалдык сөздөр угуучуга кайрылып, анын көңүлүн бир нерсеге буруу маанисин туюндурат :
билесиңби, ишенесиңби , кечиресиз. Билесиңби, алардын кылмышынын бетин ачууга Султан да активдүү катышыптыр. Ишенесиңби , ал кол менен күнүгө 100 килограмдан пахта терет экен. Кечиресиз, сизде Ч.Айтматовдун чыгармаларынан барбы?

Эгерде билесиңби, ишенесиңби деген модалдык сөздөр угуучунун көңүлүн бир нерсеге буруу маанисинде эмес, тиги же бу нерсени билерин же кандайдыр бир нерсеге ишенерин суроо иретинде келсе, анда алар өзүнүн толук этиштик маанисинде кол-

донулуп калат: Асандын үйүн билесиңби? Окууга өтөрүнө ишенесиңби?

Кээ бир модалдык сүйлөөчүнүн ар түрдүү кырдаалдан келип чыккан ички сезимин (эмоциясын) туюндурат: бактыга жараша, тилекке каршы. Бактыга жараша, анын келбей калганын карачы! (А.Т). Тилекке каршы, бир катар жерлерде олуттуу кемчилдиктерге жол берилүүдө ("СК").

Ар түрдүү ички сезимди (толкунданууу, коркутуу, кекетүү ж.б) эмне деген, сениби, муну кара, мунукөр, тигини кара, тигини көр, деген сыяктуу модалдык сөздөр да билдирет. Мисалы: Эмне деген кооз жер! Сениби! Үйгө кайрылып келерсиң! Муну кара, (Тигини кара), такылдап каяша сүйлөп койот!

Ошондой болсо да, ошентсе да деген модалдык сөз айкаштары ойго кайчылаш, карама-каршы маани берет: Ошондой болсо да, биз аларга жардам көрсөтүүбүз керек. Ошентсе да, ал жолдошторун жамандыка кыя албады.

Канткен менен модалдык сөз айкашы кийинки сүйлөмдө мурунку айтылган ойдун себеби чечмеленип, такталып берилерин туюндурат: Керим математика боюнча татаал маселелерди жеңил эле чыгарып коет. Канткен менен, жогорку билимдүү да. Ал жол кырсыгынан майып болгон агасына катуу кайгырды, канткен менен, бир тууганы да!

Кээде айтылып жаткан ойго кортундулоо маанисин берип калат: Канткен менен, бүгүн көп эмгектенип койдук.

Кыргыз тилинде дагы бир катар туркту сөз айкаштары учурайт. Алар да семантикасы боюнча абстракцияланган түшүнүктү туюндуруп, айтылуучу ойго ар түрдүү кошумча маанилерди берет: Грамматикалык жагынан сүйлөм ичиндеги башка сөздөр менен бай-

ланышпай, алдыдан бөлүнүп айтылат. Ушул себептен аларды ҳда модалдык сөз айкаштарынын тобуна кошуга болот. Алар төмөнкүлөр:

Ырахмат-сүйлөмгө ыразычылыкты билдирүү маанисин кошумчалайт: Ырахмат, чоң жардам бердиңиз! -Тилегине ырахмат!(А.Т). Кээде бул модал сөз ырааздычылыкты туюндурган атоочтук маанияде да колдонулуп калат: Ал ырахмат да айтып койбоду.

Куш келипсиздер - айтылып жаткан ойго куттуктоо маанисин берет: Куш келиңиздер, урматтуу достор!

Кудай билет - сөз болуп жаткан ойго белгисиздик, күмөндүүлүк маанисин берет: Кудай билет, бети дуулдап кеткен чыгар (Ч.А.). Алардын келгенин кудай билет. Кудай сактасын -кандайдыр бир нерсе көрүнүштү каалабагандыкты, терс көрүнүштөн коргоо жөнүндөгү ниетти туюндурат: Кудай сактасын, андай жаман ишке барбайт. Ушул сыяктуу, күтүлбөгөн кырсыктан кудай сактасын.

Кудай жалгасын - жакшы тилек каалоодо айтылат: Кудай жалгасын, чоң жигит бол !

Кудай үчүн - бир нерсе тууралуу өтө сурануууда колдонулат: Кудай үчүн ушул балага жардам берип койгула!

Кудайга шүгүр - бир нерсеге ырааздылыкты билдирет: Кудайга шүгүр, фермерлик ишибиз жаман эмес.

Кудай бар, кудайурсун, кудай акы, кудайга кой - булар айтылып жаткан ойго ишендирүү үчүн колдонулат: Кудай бар, мен ал ишке катышкан эмесмин. Кудай акы, анычы азыр жанымда жок (Т.С) Кудай урсун, мен ал китебиңизди алган эмесмин.

Кээде бул кудай урсун деген модалдык сөз айкашы нааразылыкты билдирүү маанисин да берет: Аны кудай урсун, ишинен дагы бошоп калыптыр. Кудай алсын, шайтан алгыр, кудай алгыр, кудай

аткыр - нааразы болуу, жемелөө, кекетүү маанисин берет: Кудай алсын, ал ишти бүтүрбөй кетип калыптыр .

-О, кудай аткыр , кечээ эмне келбей калдың?

Шайтан алгыр, такыр тил албай койду!

Айрым учурларда бир сүйлөмдө эки модаль сөз катышып, бири-бирининн маанисин толуктап, тактап турат: Ырас, жамандык-жакшылыкты тең айтыш керек (К.Ж). Мында керек модалдык сөзү сүйлөмгө милдеттүүлүк маанисин берип турса, ырас ал маанини дагы да чыңдап, бекемдеп турат. Кыязы , уулу Эркинбек бүгүн үйгө келген өңдөнөт ("Ала-Тоо"). Мына өңдөнөт модаль сөзү айтылып жаткан ойго болжолдоо маанисин берип турса, кыязы модалдык сөзү ага дагы кошумча болжолдоо маанисин берип турат.